Досбол Нур уулу

КЫРГЫЗСТАН АКАЕВДИК БАШКАРУУ МЕЗГИЛИНДЕ



КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ

Академик Б.Жамгырчинов атындагы тарых,
археология жана этнология институту

Досбол Нур уулу

КЫРГЫЗСТАН АКАЕВДИК БАШКАРУУ МЕЗГИЛИНДЕ

1990 – 2005-жж.

(Азыркы Кыргызстандын саясий тарыхы)

Бишкек – 2024

УДК 321/324
ББК 3(5Кир)
Н 90

Кыргыз Республикасынын түптөлгөнүнүн 100 жылдыгына арналат.

Редактор:
Асанканов А.А. – академик, тарых.илим.доктору, профессор

Рецензенттер:
Жуманалиев А.Ж. – тарых.илим.доктору, профессор
Жапаров А.З. – тарых.илим.доктору, профессор
Кубатова А.Э. – тарых.илим.кандидаты., доцент

Досбол Нур уулу
Н 90 КЫРГЫЗСТАН АКАЕВДИК БАШКАРУУ МЕЗГИЛИНДЕ. 1990 – 2005-жж. (Азыркы Кыргызстандын саясий тарыхы) – Б.: 2024. – 992 б.
ISBN 978-9967-9361-8-8

Китеп тарыхый фактылардын негизинде жөнөкөй, жатык тил менен жазылды. Кыргызстандын соңку отуз жылдык тарыхында өлкөнүн саясий жана социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө, мамлекеттик саясий ишмер катары автор активдүү аралашып, республиканын абалын ичтен билген, тарыхчы окумуштуу катары, акаевдик башкаруу мезгилине терең анализ жүргүзүү менен документалдуу фактылардын негизинде тарыхый чындыкты жазууга аракет жасады. Эгемендүүлүктүн алгачкы он беш жыл ичиндеги жетишкен ийгиликтерге караганда, албетте, кетирилген кечиримсиз кемчиликтерге кеңири орун берилди.

Бул эмгек, автордун ою боюнча, коомдук илимдердин жана өлкөнүн саясий элитасынын өкүлдөрүн эле эмес, окурмандардын кеңири чөйрөсүн да өзгөчө кызыктырат.

УДК 321/324
ББК 3(5Кир)
© Досбол Нур уулу, 2024

ISBN 978-9967-9361-8-8

Жеген ичкен башчың болоор,
Акыры барып качкын болоор.
Калыгул Бай уулу (1785-1855)

Коом деген сени менен мен.
Сен таза болсоң, мен таза болсом коом да таза болот.
Искак Раззаков (1910-1979)

КИРИШ СӨЗ

1991-жылдын 26-декабрында дүйнөлүк улуу держава аталган СССР[1] Совет мамлекетинин президенти М.Горбачевдун[2] жүргүзгөн чыккынчы-

---

1. **СССР - Советтик Социалисттик Республикалар Союзу (1917-1991-жж.).** СССР 1980-жылы өнөр жай жана айыл чарба продукциясын өндүрүүнүн көлөмү боюнча Европада биринчи, дүйнөдө экинчи орунду ээлеп турган улуу держава болгон. – Щербаков В.И. Гибель советской империи глазами последнего председателя госплана СССР. – М.: "Наше завтра", 2022. – С. 11.

2. **Горбачев Михаил Сергеевич (Гарбер)** (1931 – 2022-жж.), — советтик жана россиялык мамлекеттик саясий жана коомдук ишмер. 1966 – 1968жж. КПСС Ставрополь шаарынын компартиясынын 1-секретары, 1968 – 1970-жж. Ставрополь крайкомунун 2-жана 1970 – 1981-жж. 1-секретары. 1978 – 1985-жж. КПСС БКнын секретары. 1985—1991-жж. КПСС БКнын акыркы Генералдык катчысы. 1988—1989-жж. СССР Жогорку Советинин Президиумунун Председатели, 1989 —1990-жж. СССР Жогорку Советинин биринчи председатели. 1990—1991-жж. СССРдин биринчи жана акыркы президенти. 1990-ж. Нобель Тынчтык сыйлыгынын лауреаты. Горбачевдун Советтер Союзунда мамлекет башчысы жана КПССтин жетекчиси болуп иштеген мезгилинде Бүткүл дүйнөгө таасир эткен жана төмөнкү тарыхый окуялардын кесепети болгон олуттуу өзгөрүүлөр болгон: советтик системаны реформалоо боюнча масштабдуу аракети ("Перестройка"); СССРде айкындык (гласность) саясаты, "жаңыча саясий ой жүгүртүү", сөз эркиндиги жана ММКнын эркиндиги, демократиялык шайлоолорду киргизүү;

лык саясатынын натыйжасында дүйнөлүк саясий картадан биротоло өчүрүлгөн. Советтер Союзунун курамында турган Кыргыз ССРи, башка союздук республикалардай эле, "жылан чакпай, жылкы теппей", бир кишинин мурду канабай, эгемендүүлүккө ээ болгон. Кыргыз элинин кылымдап умтулган, эңсеп келген тилеги кокусунан кабыл болуп, мылтыктын үнү жаңырбай, эркиндик журтубузга белек катары берилген. Үч миң жылдык тарыхы бар кыргыз эли үчүн мамлекеттин эгемендигинен, элдин эркиндигинен өткөн баалуулук да, байлык да, бакыт да жок экенин ар бир жаран жүрөгү менен туйууга жана өлкөнүн жаркын келечеги үчүн өз эмгегин сиңирүүгө милдеттүү.

1991-жылдын 31-августунда, республиканын Жогорку Совети Кыргыз Республикасынын мамлекеттик көз карандысыздыгынын декларациясын кабыл алып, дүйнөнүн саясий картасында жаңы, Эгемендүү Кыргыз Республикасы пайда болгон. Кыргыз Республикасы мамлекет катары түптөлүп, саясий, социалдык-экономикалык жана маданий жактан гүлдөп өнүгүүсү мамлекет башчысы президентти жана депутаттарды шайлаган жалпы элдин колунда болгон.

социалисттик экономиканы рыноктук экономикалык моделге карай реформалоо; кансыз согуштун аякташы; Афганистандан советтик аскерлердин чыгарылышы (1989); СССРдин жана Варшава блогунун кулашы.

Горбачев апасы жагынан еврей болгон. Анын аялы Хабада (Раиса) еврей. Горбачевдун уулу Андрей чыныгы аты Абрам Израилде еврей раввини. Путинди, Сталинди жана православ динин жек көрөт. 1992-жылы жайында Израилдин парламентинде (Кнессет) сүйлөгөн сөзүндө Горбачев: "Мен Советтер Союзунда эмнени кылсам, ошонун бардыгын Кудайыбыз Мусанын (Моисейдин) атынан жасадым" – деп айткан. (https://malech.org/4/ibr16.html)

Бирок Кыргызстан эгемендикке ээ болгондон бери отуз үч жылдан ашуун убакыт өтсө да журт башына келишкен президенттердин өлкөгө каршы жүргүзгөн саясаттарынын айынан мамлекет "калагы жок кайыктай", саясий багыты белгисиз, экономикасы начар КМШ өлкөлөрүнөн артта калып келе жатат. Болжолу, миң жылдап эңсеп келген элибизге белекке берилген эгемендүүлүктүн куну, татыктуу президент тандалбай, кымбатка турат өңдөнөт.

Мамлекеттин тагдыры, биринчи кезекте, кыргыз эли илгери үмүт, чоң ишеним менен мамлекет башына тандап шайлаган адамдын инсандык парасатына, дилинин тазалыгына, келечекти көрө билген акылмандыгына, уюштуруучулук жөндөмдүүлүгүнө жана эң негизгиси, анын мамлекетчилдигине жараш болот. Тилекке каршы, кыргыз калкынын менталитетине, саясий деңгээлине жараша өлкөнүн жүгүн көтөрүп кетүүчү мамлекетчил журт башчы бүгүнкү күнгө чейин тандаланбай келе жатканы өтө өкүнүчтүү.

1990-жылдын 27-октябрында Кыргыз ССРинин Жогорку Советинин депутаттары А.Акаевди[3]

---

3. Акаев Аскар Акаевич (10-ноябрь 1944-жыл) – советтик жана кыргыз мамлекеттик, саясий жана илимий ишмер. 1990-жылдын 27-октябрынан 1991-жылдын 31-августуна чейин - Кыргыз ССРинин Президенти. 1991-жылдын 31-августунан 2005-жылдын 11-апрелине чейин – Кыргыз Республикасынын Президенти. Төрт жолу (1990, 1991, 1995 жана 2000-жылдары) президенттик шайлоодо жеңген. Ал 1994 – жана 2003-жылдардагы жалпы элдик референдумда ыйгарым укуктарын узарткан. Анын президенттик мөөнөтү бир жагынан салыштырмалуу саясий стабилдүүлүктүн доору катары бааланса, экинчи жагынан өлкөнү жоогазын революциясына алып келген массалык коррупция жана жумушсуздук менен коштолгон (андан кийин ал Орусияга качып кеткен). Ал учуп кеткенден кийин республиканын Башкы прокуратурасы ага жана анын үй-бүлө мүчөлөрүнө кылмыш ишин

президент кылып шайлаганда Кыргызстандын көп улуттуу эли аны окумуштуу, академик, таза жана интеллигент катары мамлекеттин саясий жана социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө чоң салым кошоруна ишеним көрсөтүшкөн. 1991-жылдын 12-октябрында болгон президенттик шайлоодо да ага Кыргызстан эли 95,3% добуш берген.[4]

А.Акаев президент болуп шайлангандын алгачкы жылдары Кыргызстанды 3 жылда экинчи Швейцария болорун убадалап, иши алга жылып, калктын алкоосуна татыган. А.Акаев президенттик кызматка чейин, СССР эл депутаты мезгилинде, батыштын цивилизациясынын чакырыктарына таасирленип, горбачевдук башкарууга каршы уюшулган союздук депутаттардын оппозициялык маанайдагы ельциндик-сахаровдук диссиденттер тобун пассивдүү колдогондордун бири болгон. Акаев президенттик "такка" отурган соң диссиденттерден алган таасиринин негизинде кыргыз коомчулугуна

козгоп, Россия Федерациясына экстрадициялоо боюнча тиешелүү өтүнүчтөрдү жөнөткөн, бирок Орусия аны өткөрүп берүүдөн баш тарткан. Ал президенттик креслодон кулатылгандан бери Москвада аргасыз эмиграцияда болуп, илимий ишмердүүлүк менен алектенет. 2021-жылдын 2-августунда 16 жылдан бери биринчи жолу Кыргызстанга кайтып келген. Келгенден кийин УКМКга жеткирилип, Кумтөр алтын кени боюнча сурак берген. Профессор, физика-математика илимдеринин доктору, ядролук физик. КР УИАнын академиги (1984). 1989-1990-жылдары Кыргыз ССР Илимдер академиясынын президенти болгон. 2006-жылдын май айынан бери Россиянын Илимдер академиясынын чет өлкөлүк мүчөсү. Эл аралык инженердик академиясынын ардактуу мүчөсү.

4. ПолитКлиника. 3 years(жыл) мурун, 20.09.2023. Эгемендүү Кыргызстандын тарыхындагы президенттик шайлоолор. https://pk.kg/news/inner/20695/

батыштын демократиясын таңуулаган аракетинен майнап чыкпай, тескерисинче кыргыз коомчулугун анархияга кабылтып, регионализм жана трайбализм кеңири жайылтылып, мамлекетти коррупциялашкан, бандиттик өлкөгө айлантты.

Кыргызстанды кыска убакыт ичинде май көл, сүт көлгө айландырам деп, калк алдында ооз көптүрө убада берген Акаев тез эле антынан жанып, мамлекеттин кызыкчылыгын үй-бүлөсүнүн убактылуу жыргалчылыгына алмаштырып алгандыгынын жыйынтыгында журтка батпай "эл душманы, чыккынчы" аталды. "Эр жигитти намыс, коёнду камыш өлтүрөт" – дейт, болжолу эл ырыскысын уурдаган президентте ал сапат да жок өндөнөт.

Акаев бийликтин күчү менен байлыктын таттуу даамын сезген соң, анын чыныгы жүзү даана көрүнгөн. Президент мамлекеттин Кудайдан кийинки жалгыз кожоюну экенин сезген соң, ал өлкөгө өзүнүн диктатурасын орнотконго жетишкен. Акаев мамлекетти каалагандай башкарууга укук алган, бирок президенттик кызматта турганда жасаган мыйзамдуу жана мыйзамсыз иштери боюнча эч кандай жоопкер-чилиги жок болгон. Ал эч кимге отчет берүүгө милдеттүү болгон эмес. Акаев Жогорку Кеңешти президенттик администрациянын бир бөлүмүнө айландырганга жетишкен. Мамлекеттин тагдыры жалгыз президенттин колуна өткөн.

Акаевдин кыргыз мамлекетин башкаруудагы эгоисттик аракеттеринен кооптонгон Т.Усубалиев: "Акаев, сыягы, өзүн кыргыз мамлекети – бул менмин, ал эми Кыргызстандын элинин байлыгын жеке мен гана каалагандай башкарам

деп эсептейт...",[5] – деп жузуу менен анын чыныгы жүзүн көрсөткөн.

Акаевдик башкаруу мезгилинде бийлик структураларында тууганчылыктын жана кланчылыктын жайылышы, меценат-кардар түйүндөрүнүн түзүлүшү, уюшулган коррупциянын күчөшү сыяктуу терс тенденциялар кеңири кулач жайган. Аймактык жана кландык элита мамлекеттик курулуш процесстерине ачык таасир этүүгө мүмкүнчүлүк алган. Жыйынтыгында Акаев СССР мезгилинде калыптанган туруктуу коллективдүү башкаруу системасын түп-тамырынан бери жоюп, анын ордуна архаикалык аң-сезимге негизделип, модернизацияланган кыргыз коомунун кландык, коррупциялашкан башкаруу моделин киргизген.

Кыргызстан эли мамлекеттин келечеги үчүн Акаевге чоң ишеним артып, илгери үмүт менен аны президенттикке шайлаган. Бирок өлкөнү башкарууда анын ролу тез эле экинчи орунга түшүп, мамлекеттик башкаруунун бардык рычагдарын үй-бүлө мүчөлөрү менен тууган-туушкандары колго алышып, республика алардын толук контролунда калган. Кыргыз Республикасында акаевдик саясий үй-бүлөлүк кландык, авторитардык система бекем орнотулуп, кийинки президенттерге мурас катары өткөрүлүп, мамлекет бандиттик өлкөгө айланып, үч революцияны баштан кечирди.

Акаев президент болгондун алгачкы жылдары эле республикада авторитардык режимди

5. Архив Усубалиева Т.У. О запасах, хранении и реализации золота Кыргызстана, 22-б. https://usubaliev.files. wordpress.com/2020/11/o-zapasah-hranenii-i-realizacii-zolota-kyrgyzstana.pdf

орнотууну көздөгөн. Ага мисал катары 1993-жылдын январында Израилдин эл аралык мамилелер боюнча Советинде сүйлөгөн сөзү далил болот. Анда ал өлкөнү реформалоо боюнча өзүнүн саясий концепциясын кеңири баяндаган.

Акаевдин чет өлкөдөгү баяндамасы коомчулукка кеңири белгилүү болгон эмес. Ошондуктан анын негизги мазмунун котормосуз, оригиналында берүүнү туура таптык:[6]

"...Бесспорно, в Кыргызстане, как и других государств бывшего Союза, разрушается самым радикальным образом тоталитарный режим. Я веду речь о разрушении, при котором государство регламентировало все сферы общественной жизни, все ее грани, при котором была убита свобода человеческой мысли и свобода человеческой деятельности. Переход от тотолитарного режима к демократии осуществляется у нас по такой схеме. Вначале – свобода информации, свободная пресса, свобода общения. Заметьте, при отсутствии политической культуры. Затем – свобода политическая. При отсутствии политических партий, среднего класса, класса собственников. И только затем – свобода экономическая. При отсутствии развитых отношений собственности вообще и отношений частной собственности – в особенности.

Отсутствие сильной государственной власти в таких случаях может привести к хаосу и

6. Кара: Джаманкулов Ж.М. Конституция Кыргызской Республики 1993 года: Возрождение суверенного государства. – Бишкек: Изд-во ДА МИД КР, 2009. – С. 177-178; Бакиев К. Мартовская революция: исторический выбор народа. – Бишкек, 2010. – С. 33-35

даже к тотальной катастрофе. На политическую сцену выходят силы, за спиной которых стоят мафиозные структуры и люмпенизированные слои населения, начисто отученные советским режимом честно работать. Кредо этих сил: власть над толпой дает власть над улицей, а власть над улицей дает власть над страной. Подогреваются националистические настроения, ищут демократов и прежде всего инородцев, ответствен-ных за все беды народа.

Все более в силу этого прихожу к выводу: пока будет формироваться гражданское общество в духовной и экономической областях, чрезвычайно важно, чтобы в политической сфере сохранялась сильная власть. Желательно с харизматическим лидером. Как же должна совмещаться эта власть с демократией? Ответ на такой вопрос приводит в область социологических парадоксов.

Первый парадокс. *Авторитарная власть в переходный от тоталитарного коммунистического режима период должна говорит народу правду о необходимости временного ограничения демократии, убедить народ в этом.*

Второй парадокс *состоит в том, что авторитарная власть должна заниматься в этот период созданием демократического политического механизма, вовлекая в него представителей различных институтов гражданского общества.*

Еще один парадокс. *Авторитарный режим утверждает демократические институты путем укрепления силовых структур общества, таких как армия, полиция (милиция), Служба национальной безопасности. Тем самым авторитарный режим отрицает себя, сам организует свой уход со сцены.*

Весма характерно и тоже в известной мере парадоксально, что в определенный, довольно длительные по времени моменты переходного периода силовое давление государственной власти поддерживают и широкие предпринимательские круги. И их антидот – люмпенизированные массы.

Общественный порядок, правопорядок являются в эти моменты теми крепкими нитями, которые сшивают пеструю ткань политической жизни в единое полотно. Дело в том, что реальный правопорядок делает жизнь людей собственной от страха. А это, согласитесь, одна из основных человеческих потребностей".

Демек, башынан эле Кыргызстанда авторитардык бийликти куруу боюнча Акаевде императивдик идея болгон. Аны өлкөнүн ичинде ачык айтууга батына алган эмес, принципиалдуу түрдө бул мүмкүн да болгон эмес, бирок аны ишке ашырууга умтулган.

Авторитардык режимдин өзгөчөлүгү абсолюттук саясий, экономикалык жана идеологиялык бийликтин пирамидасы болгондугунда, анын чегинде мыйзам чыгаруу, аткаруу, контролдоо жана сот функциялары Президенттин жана анын "үй-бүлөсүнүн" контролунда болот. Жогорку эшелондогу мамлекеттик кызматтагы жетекчилер канайымдын контролунда болгон. СССР мезгилинде КПССтин саясий бюросунун чечими кыйшаюусуз аткарылууга милдеттүү болгон болсо, акаевдик башкаруу мезгилинде үй-бүлөлүк авторитардык режим "саясий

бюронун" ордун ээлеп, канайымдын айтканы айткан, дегени деген деңгээлге жеткен.

Акаевдик башкаруунун алгачкы он жылдыгында жүргүзүлгөн менчиктештирүү саясатынын негизинде мамлекеттик жана коомдук менчиктин олуттуу бөлүгү "прихватташтырылып", жакын кишилерге жана акаевдик чиновниктердин жеке менчигине өтүп, кыска убакыттын ичинде алар капиталисттик буржуазиянын өзгөчө кастасына айланышкан. Мамлекеттик байлыкты уурдап, тоноонун математикалык эрежелерин бийлик башындагыларга киргизгендин автору Акаев болгон. Акаевге чейин Кыргызстанды жетектеген кыргыздын улуу уулдары И.Раззаков,[7]

7. **Раззаков Исхак Раззакович** (25-октябрь 1910-жылы Коросон айылы, Фергана области, Россия империясы – 19-март 1979-жыл, Москва ш. КСРБ) – кыргыз элинин улуу жетекчиси, мамлекеттик жана партиялык саясий ишмер. 1918-жылдан Худжанттагы (Тажикстан) балдар үйүндө тарбияланган. 1931-жылы Ташкенттеги педтехникумун, 1936-жылы Москвадагы пландоо институтун бүтүргөн. 1939 – 1940-жж. Өзбек ССРинин Эл Комиссарлар Кеңешинин алдындагы Мамлекеттик пландын төрагасы; 1940 – 1944-жж. Өзбек ССРинин Эл Комиссалар кеңешинин төрагасынын орун басары; Өзбек ССРинин агартуу эл комиссары; 1944 – 1945-жж. Өзбекстан КП (б) БКнын катчысы; 1945 – 1950-жж. Кыргыз ССР Министрлер Советинин төрагасы; 1950 – 1961-жж. Кыргыз ССР КП БКнын биринчи секретары; 1961 – 1962-жж. СССРдин Мамлекеттик экономикалык кеңешинин мүчөсү; 1962 – 1965-жж. СССР Министрлер Советинин алдындагы Мамлекеттик илимий-экономикалык советтин бөлүм башчысы; 1965 – 1967-жж. СССР Министрлер Советинин Мамлекеттик пландоо комитетинин бөлүм башчысы. Ал 1967-жылдан баштап пенсияда болгон. 1940-жылдан ВКП(б)нын мүчөсү. 1952—1961-жылдарда КПСС Борбордук Комитетинин мүчөсү. СССР Жогорку Советинин 2-5-чакырылышынын депутаты. 1979-жылы 19-мартта Москвада каза болуп, сөөгү Кунцево көрүстөнүнө коюлган. 2000-жылы кайра Ала-Арча көрүстөнүнө коюлган.

Т.Усубалиев[8] жана А.Масалиев[9] мындай шермендечилике жол беришкен эмес. И.Раззаков:

8. **Усубалиев Турдакун Усубалиевич** (6-ноябрь 1919-жылы Кочкор, Түркстан АССР – 7-сентябрь 2015-жылы Бишкек) – мамлекеттик, партиялык саясий ишмер. Кыргызстан КП БКнын 1-секретары (1961.09.05 - 1985.02.11). Кыргыз Республикасынын Баатыры (1999) «Ак Шумкар» өзгөчө белгиси, 3 Ленин, Эмгек Кызыл Туу, Октябрь Революциясы, Достук (РФ) жана 1-даражадагы «Манас» ордендери менен сыйланган. 1941-ж. партиянын Кочкор райкомунда бөлүм башчынын орун басары; 1941-1945-жж. Кыргызстан КП БКнын (1941–45) инструктору; 1945-1955 КПСС БКнын инструктору; 1955-1956-жж. Республикалык «Советтик Кыргызстан» гезитинин редактору; 1956–1958-жж. Кыргызстан КП БКнын бөлүм башчысы; 1958-1961-жж. Кыргызстан КП Фрунзе шаарком унун 1-секретары; 1961.09.05 - 1985. 02.11 Кыргызстан КП БКнын 1-секретары; 1961-ж. тартып КПСС БКнын мүчөсү; СССР Жогорку Советинин 6–11-чакырылыштарынын депутаты; Кыргыз ССРинин Жогорку Советинин 5–9-чакырылыштарынын депутаты; 1995-ж. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 1-2-чакырылыштарынын эл өкүлдөр жыйынын депутаты; 2008-ж. "Бирдиктүү Кыргызстан" партиясынын түптөөчүлөрүнүн бири болгон.

9. **Масалиев Абсамат Масалиевич** (10-апрель 1933-жыл Алыш айылы, Кадамжай району – 32-июль 2004-жыл, Бишкек ш.) – советтик жана кыргызстандык партиялык жана мамлекеттик ишмер. КПСС Компартиясынын Таш-Көмүр шаардык комитетинин биринчи катчысы (1969 – 1971), Кыргызстан КП БКнын өнөр жай-транспорт бөлүмүнүн башчысы (1971 – 1972), Бишкек шаардык Эл депутаттар советинин аткаруу комитетинин төрагасы (1972 – 1974), Кыргызстан КП БКнын катчысы (1974 – 1979), Кыргызстан КП Ысык-Көл обкомунун биринчи катчысы 1979 – 1985). КПСС БКнын инспектору, Москва ш. (1985), Кыргызстан КП БКнын биринчи катчысы (1985 – 1991). Ошол эле учурда Кыргыз ССР Жогорку Кеңешинин төрагасы (1990 – 1991). КПСС БКнын идеология бөлүмүндө консультант, Москва ш (1991). Кыргыз Республиканын мамлекеттик тоо-кен техникалык көзөмөл комитетинин директору (1993 – 1996). СССР Жогорку Советинин депутаты (1979 – 1991), Кыргыз ССРинин Жогорку Советинин депутаты (1971 – 1994). Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты (1995 – 2004). Кыргыз Республикасынын Баатыры (2005), Октябрь Революциясы ордени, эки жолку Эмгек Кызыл Туу ордендери, "Содружество" ордени (КМШ ПАА), Манас ордени жана медалдар менен сыйланган.

"Коом деген сени менен мен. Сен таза болсоң, мен таза болсом коом да таза болот!"[10] – деп айткан.

Акаев президент болуп шайланганда кыргыз элине ак дилден, таза иштеп берүүгө ооз көптүрө ант берген. Бирок эки, үч жыл ичинде бийлик менен байлыктын эч нерсеге алмаштыргысыз таттуу даамына манчыркаган президент элге берген аты унутулуп, акырындап Эгемен Кыргызстан анын үй-бүлөсүнүн менчигине айлана баштаган. Алгачкы жылдары президенттин жубайы Майрам Дүйшөновна өлкөнүн ички жана тышкы бардык иштерине түздөн-түз кийлигишсе, 90-жылдардын экинчи жарымынан тартып, бой жеткен кызы Бермет жана эр жеткен уулу Айдар мамлекеттин реалдуу башкаруу бийлигине аралаша башташкан. Кыргызстан толугу менен "Үй-бүлөлүк башкаруунун" желесинде калып, мамлекеттин саясаты менен бизнеси жана республикадагы негизги кызмат орундар президенттин айланасындагы тар чөйрөдө бөлүштүрүү салтка айланган.[11] Мамлекеттин бюжетине киреше келтирүүчү Кыргызстандагы эң ири 42 объект президенттин жеке үй-бүлөсүнө тиешелүү экендиги аныкталган.[12] Акаев коомчулукка бирди айтып, иш жүзүндө башканы жасоосу көнүмүш адатка айланган. Кийинчерээк ал өмүрүнүн акырына чейин түбөлүк президент бойдон калуу идеясына келген – деп айткан коомдук ишмер И.Абдразаков.[13]

Акаевдик башкаруу мезгили өлкөгө үй-бүлөлүк, трайбалисттик-регионалдык башкаруунун, коррупциянын жана криминалдык-бандитизмдин көп жылдык үрөөнүн сээп, өнөр жай өндүрүшүн жана айыл чарбасын пайдубалына чейин талкалап, кыргыз элине чыккынчылык кылып кетти. Кийинки президенттер да Акаев салган "даңгыр жол" менен мамлекетти тоношуп, өлкө байлыгын "куржундарына" түйүп кетишти.

Отуз жылдын ичинде Кыргызстандын калкы алты президентти баштан кечириди. Алардын биринин да мамлекетти башкаруунун өтө кылдат искусствосунан түшүнүгү жок, катардагы эле "өз көмөчүнө күл тартышкан" өзүмчүл, көкүрөгү сокур пенделер болуп чыгышты. Өлкөдөгү саясий кырдаалдарга байланыштуу, айрыкча субъективдүү трайбализмдин, регионализмдин жана финансылык мүмкүнчүлүктөрдүн аркасы менен кокусунан бийликке келишкен эргүлдар. Алардын мамлекетке сиңирген эмгектерине караганда, келтирген зыяндары арбын.

---

10. Ак иштеген адам акыры жамандык көрбөйт! Исхак Раззаковдун учкул сөздөрү. 16:39 05.06.2019. https://sputnik.kg/20190605/iskhak-razzakovdun-kep-kazynasy-1044578686.html

11. Кынаев, А. Кыргызстан до и после «тюльпановой революции»: Бурные события 2005 года еще не означают изменения системы правления в стране. – Бишкек, 2010. http://igpi.ru/info/people/kynev/1128082583.html

12. Приложение № 2 к Указу исполняющего обязанности Президента Кыргызской Республики от 18 апреля 2005 года № 108 ПРИМЕРНЫЙ ПЕРЕЧЕНЬ движимого и недвижимого имущества, подлежащего проверке на предмет принадлежности Первому Президенту Кыргызской Республики Акаеву А.А., членам его семьи и родственникам находящихся в Кыргызской Республике и за ее пределами http://cbd.minjust.gov.kg/act/ preview/ru-ru/43489/20?mode=tekst; https://www.facebook.com/groups/397677790972842/posts/727799684627316/

13. Саралаева Лейла. 26 февраля 2016. Как менялся Акаев с 1993 года. https://www.nlkg.kg/ru/projects/soviet-kyrgyzstan/kak-menyalsya-akaev-c-1993-goda

Отуз жыл ичинде мамлекеттин бюжетине туруктуу киреше алып келе турган бир да ири завод же фабрика курулган жок. Саясий жана социалдык-экономикалык кризис жылдан жылга тереңдеп, жакырчылык ар бир үйгө баш багып турган деңгээге жеткиришти. Өлкөдө коррупция апогейине жетип, уюшулган кылмыштуу топтор жашоонун бардык тармактарын ээлеп алды. Кыргызстандын келечеги деп эсептелген жаш муундар ата-энелерден же мектептен эмес, криминал-смотрящийлерден тарбия алган деңгээлге жетти.[14] Бийлик криминалдык топтор менен кызматташып, аларды өз кызыкчылыгына пайдалануу салтка айланды.

Саткын президенттерден тажаган эл үч жолу революция жасап, аларды бийликтен кууп чыкты. Революциянын күчү менен кызматынан кетишкен президенттердин бири да кетирген кемчиликтерин моюнга алышып, кыргыз элинин астында тизе бүгүп, кечирим сураганга жарашкан жок. Ал эми Акаев Кыргызстанды "экинчи Швейцарияга" айландырып койгонсуп, актануудан тажабай келет.

Кандай гана талаштуу, кайчы пикирлер болбосун, тарыхта талашсыз факт, факт боюнча калат: Акаев СССРден мураска калган Кыргызстандын гигант ресурстары: өнүккөн өнөр жайлуу, алдыңкы айыл чарбасы менен тың республиканы өткөрүп алганы факт. Акаевдин ооз көптүргөн убадалардын бири да иш жүзүнө ашырылган эместиги да тарыхий факт. Ал "прихватташтыруу" саясатын жүргүзүү менен кыска убакыт ичинде мамлекеттин экономикалык кыр аркасы эсептелген завод-фабрикаларды, колхоз-совхоздорду пайдубалына чейин талкалаганы да факт. Ал жеке кызыкчылыгын мамлекеттин кызыкчылыгынан жогору коюп, өлкөгө коррупциялашкан үй-бүлөлүк, жек-жааттык, трайбализттик башкаруу системасын киргизгендиги да факт. Акаев түзгөн мамлекеттик коррупциялашкан саясий система, эстафета катары, кийинки президенттерге өткөрүлүп, эч өзгөртүүсүз, үй-бүлөлүк, жек-жааттык кызыкчылыктарга иштетилип келгени да факт.

Өткөн кылымдын 90-жылдары Кытайдын улуу уулу Дэн Сяопинден "1917-жылдагы Октябрь революциясын кандай баалайт элеңиз?" – деп сураганда, ал: "Октябрь революциясына баа берүүгө али эртелик кылат" – деп жооп берген. Демек, Эгемен Кыргызстандын биринчи президенти А.Акаевдин ишмердүүлүгүнө да тарыхчылар, политологдор жана саясатчылар тарабынан полярдык көз караштагы эмгектердин жазылуусу мыйзам ченемдүү. Анын ишмердүүлүгүнө карата карама-каршылыктуу көз караштардын кагылышы улантыла береринде шек жок.

Жыйынтыктап айтканда, тарыхый чындык ачуу болот. Аны жазуу опурталдуу, татаал, түйшүктүү жана жооптуу иш. Болуп өткөн тарыхый окуялардын тарыхый чындыгы конкреттүү фактыларга таянылган, документалдык материалдардын негизинде тастыкталып жазылат. Тарыхый фактылардын негизиндеги документалдуу материалдар менен жазылган тарыхый эмгектер тарыхчынын көз

14. Атамбаев - крестный отец криминальной революции в Кыргызстане. 11 октября 2023.https://www.vb.kg/doc/432803_atambaev_krestnyy_otec_kriminalnoy_revolucii_v_kyrgyzstane.html

карашына, саясий деңгээлине жараша жазылышы мыйзам ченемдүү. Ал эми ак үйдүн көзөмөлүндө жазылган мамлекеттин тарыхы бийликтин жүргүзгөн саясатынын рамкасында, бийликтин "чоорун" тартышкан тарыхчылар тарабынан жазылып, өлкөдө болгон негативдүү кемчиликтер, көп мезгилде, көмүскөдө калат. Албетте, автордун профессионалдуулугу, тажырыйбасы, саясий жана идеологиялык көз карашы жана мамлекетчилдиги чоң роль ойнойт.

Акаев бүгүн канчалык актанбасын, кыргыз журтчулугу үчүн ал эл аралык аферист-бандиттер менен байланышкан, Эгемендүү Кыргызстандын бийлик бутактарына уюшулган коррупциянын үрөнүн сепкен, кыргыз мамлекетине кыянаттык кылган, эл душманы эсептелген адам катары тарыхта кала берет.

Президенттик тактыга кокусунан "Вертолёттон түшүрүлгөн" А.Акаев, орустун улуу акыны А.Пушкиндин жомогундагы алтын балык кармаган абышканын байбичесинин тагдырын кайталап, элге батпай, качкын аталып, четте күн кечирүүгө мажбур. Журт атасы аталган адамга, эгерде намысы болсо, мындан артык жаза жок.

Кыргызстандын эгемендүүлүгүнүн чыныгы тарыхы жазылганда, Акаевдин башкарган жылдары эң булганычтуу, корруциялашкан жана негативдүү мезгил катары тарыхтан орун алары шексиз.

СССР КЫЙРООГО КАРАЙ
(1985 – 1991)

Брежневдик башкаруунун акыркы жылдарында СССР терең системалык саясий жана социалдык-экономикалык кризистин кучагында болгон. Өнөр жайдын өсүү темпи 60-жылдардын аягына салыштырмалуу 80-жылдардын башында 8,4%дан 3,5%га төмөндөгөн, ал эми эмгек өндүрүмдүүлүгү болсо ушул мезгил ичинде салыштырмалуу 6,3%дан 3%га түшүп кеткен.[15] Дүйнөлүк жарыша куралдануунун натыйжасында бюджеттин негизги бөлүгү согуштук тармакка сарпталган. Ал эми экономиканын өнүгүүсүнө, социалдык тармакка, илим жана маданиятка каражат калдык (остаточный) принцибинде бөлүнгөн. Калктын реалдуу кирешеси киши башына 80-жылдардын башында 1966-1970-жылдарга салыштырганда 2,8 эсе кыскарган.

1982-ж. ноябрда Л.И.Брежнев[16] кайтыш болгондон кийин СССРдин КГБсын көп жыл жетек-

15. СССР в годы перестройки (1985 - 1991 гг.). 13.11.2001. http://www.km.ru/referats/d9391431c60341d2875a4a0b9fa3945c

16. **Брежнев Леонид Ильич** (1906 – 1982-жж.) – советтик партиялык жана мамлекеттик ишмер, 18 жыл бою СССРдин эң жогорку жетекчилик кызмат ордун ээлеген (1964 – 1982). СССР Жогорку Советинин Президиумунун Председатели (1960 – 1964 жана 1977 – 1982). КПСС БКнын Биринчи катчысы (1964 – 1966), КПСС БКнын Генералдык секретары (1966 – 1982). СССР Жогорку Советинин депутаты (1950 – 1982). Советтер Союзунун маршалы (1976), Социалисттик Эмгектин Баатыры (1961), Советтер Союзунун Баатыры (1966, 1976, 1978, 1981).

теген Ю.В.Андроповдун[17] КПСС БКнын Генералдык катчысы болуп шайлануусу, биринчиден, Батыштын башчыларынын кооптонууларын жаратса, экинчиден, өлкө ичиндеги эң жогорку партиялык-советтик жетекчилердин тынчын кетирип, чочутуу сезимин жараткан. Анын ысымы Советтер Союзунун агонияга түшүп калган коомдук системасын реанимациялоо боюнча жасалган биринчи аракет менен тыгыз байланыштуу. Андропов 1967-1982-жылдары СССРдин КГБсын жетектеген жана өлкөдөгү чыныгы, оор кырдаалды жогорку эшелондогу партиялык-чарбалык жетекчилерге караганда ичтен, эң жакшы билген. Брежневдик башкаруунун акыркы жылдары Советтер Союзунда бийликтеги коррупция эң жогорку деңгээлге жетип, эмгек тартиби болуп көрбөгөндөй төмөнкү деңгээлге түшүп кеткен. Өлкөдө аракечтик рекорддук деңгээлге жеткен. Ал эми экономикадагы абал кандай абалда экендиги коомчулукка белгилүү болгон. Союздагы бир жетишкендик бийлик структурасында оппозициянын жоктугу болгон.

Ю.В.Андропов бийликке келгендин алгачкы күндөрүнөн тартып эмгек тартибин чыңдоодон, коррупцияга каршы күрөшүүдөн, жумуш мезгилиндеги ичкиликке чара көрүүдөн жана олуттуу кадрдык өзгөрүүлөрдөн ишин баштаган. Жүргүзүлгөн чараларды коомчулук жактыруу менен кабыл алган, бирок баштаган иштерин аягына чыгууга

17. **Андропов Юрий Владимирович** (1914 – 1984-жж.) – советтик мамлекеттик жана партиялык ишмер, СССРдин жетекчиси. КПСС БКнын генералдык катчысы (1982 – 1984). СССР Жогорку Советинин Президиумунун Председатели (1883 – 1984). СССРдин мамлекеттик коопсуздук Комитетинен Председатели (1967 – 1982). Социалисттик Эмгектин Баатыры (1974).

тагдыр ага буюрган эмес. Анын бийлиги болгону 15 айга гана созулган. Ю.Андропов кайтыш болгондон кийин анын бийлигин Брежневдин көлөкөсүндөй болгон, эски үзөңгүлөш соратниги, 73 жаштагы оор формадагы оорулуу-астматик К.У.Черненко[18] алмаштырган.

Черненконун үчүнчү класстык деңгээлдеги билими болгон. Аны партиялык уюштуруучулардын мектебинде билимин кеңейтип, кийинчерек Кишиневдеги педагогикалык институтун сырттан окуу бөлүмүн бүтүргөн. Ал Брежнев менен Молдавияда жолугуп, анын "командасына" кошулуп БКда, Жогорку Советте сөздүн түз маанисинде Брежневдин көлөкөсүндөй ээрчип жүрүп, акыры 1965-жылы Борбордук Комитеттин Жалпы бөлүмүнүн башчылыгына дайындалган. 1978-жылы КПСС Борбордук Комитетинин Саясий бюросунун мүчөлүгүнө шайланган. Кремлде Брежневдин мураскери (переемник) Черненко болот деп эсептешкен. Жаңы генеральный секретарь жана анын сезимтал аппараты бардыгын мурдатан жакшы тапталган жана ыңгайлуу брежневдик колеяга түшүүгө аракет жасалган. Тартипти чыңдоого, аракечтикти жоюуга жана коррупцияга каршы жүргүзүлгөн күрөштөр кан буугандай токтотулуп, эски нугуна түшкөн. К.Черненко да генсекретарь болуп иштегенине араң жыл айланып, 1985-жылдын мартында оо дүйнөгө сапар тарткан. Бийликтин мындай жол менен тез алмашуусу КПСС

18. **Черненко Константин Устинович** (1911 – 1985-жж.) – советтик партиялык жана мамлекеттик ишмер. КПСС БКнын Генералдык секретары (13-февраль 1984 – 10-март 1985). Социалисттик Эмгектин үч жолку баатыры (1976, 1981, 1984).

БКнын бюро мүчөлөрүнүн кадыр-баркын союздун элдерине эле эмес, дүйнөлүк коомчулукта да кетирип, өлкөнүн беделин кошо түшүргөн. Натыйжада 80-жылдын башынан баштап, СССР дүйнөлүк аренада экинин бири эсептелген державалык улуу статусунан ажырай баштаган.

80-жылдардын биринчи жарымына карата өлкөнүн социалдык-экономикалык жана саясий мамилелердин кескин өзгөрүүсүнө болгон муктаждыктар жаралган. Мындай зарылчылык, бир жагынан, экономикадагы оор кырдаалга, экинчи жагынан, советтик саясий элитадагы кескин өзгөрүүлөргө байланыштуу болгон. 1980-жылдардын биринчи жарымында сталиндик башкаруу мезгилинде калыптанышып, саясий кызматтарды ээлешип, социализмдин 40 – 60-жылдардагы моделине карата коргонуучу позицияларды ээлешкен лидерлердин акыркы кагорталары – А.Н.Косыгин,[19] М.А.Суслов,[20] Л.И.Брежнев, А.Я.Пельше,[21]

19. **Косыгин Алексей Николаевич** (1904 — 1980-жж.) – советтик партиялык жана мамлекеттик ишмер. РСФСРдин Эл Комиссарлар Советинин Председатели (1943 – 1946) РСФСР Министрлер Советинин Председатели (март 1946). СССР Министрлер Советинин Председатели (1964 – 1980). СССР Жогорку Советинин депутаты (1946 – 1980). Социалисттик Эмгектин эки жолку Баатыры (1964, 1974).

20. **Суслов Михаил Андреевич** (1902 – 1982-жж.) – советтик партиялык жана мамлекеттик ишмер. КПСС БКнын Саясий бюросунун мүчөсү (1952 – 1953, 1955 – 1982), КПСС БКнын Катчысы (1947 – 1982).

21. **Пельше Арвид Янович** (1899 – 1983-жж.) – советтик партиялык жана мамлекеттик ишмер, илимпоз-тарыхчы, Социалисттик Эмгектин эки жолку Баатыры (1969,1979). 1941-жылдан — Латвия Компартиясынын Борбордук Комитетинин

Ю.В.Андропов, Д.Ф.Устинов,[22] К.У.Черненко биринен сала бири кайтыш болушкан.[23]

1985-жылы Черненко кайтыш болгон күнү, 10-мартта, КПСС БКнын Саясий бюросунун эң улуусу жана кадырлуу мүчөсү, тышкы иштер министри А.А.Громыко[24] менен Саясий бюронун эң жаш мүчөсү, БКнын секретары М.Горбачевдун жең ичинен "бирдикте аракеттенүү" келишими түзүлгөн.[25] 11-мартта, маркумдун "сөөгү сууй" электе, БКнын Саясий бюросунун шашылыш жыйыны болуп,

секретары, 1959—1966-жылдары — биринчи секретары. 1966—1983-жылдары КПСС Борбордук Комитетинин Саясий бюросунун мүчөсү, КПСС Борбордук Комитетинин алдындагы партиялык контроль комитетинин председатели. Латвия ССРинин ИАнын мүчө-корреспонденти (1946).

22. **Устинов Дмитрий Фёдорович** (17 (30 октябрь) 1908, — 20 декабрь 1984) – советтик аскер башчасы жана мамлекеттик ишмер. Советтер Союзунун Маршалы (1976). Социалисттик Эмгектин эки жолку Баатыры (1942,1961), Советтер Союзунун Баатыры (1978). СССРдин эң жогорку сыйлыгы – Ленин орденинин он бир жолку кавалери. СССРдин куралдандыруу Эл комиссары жана министри (министр вооружения) (1941 – 1953), СССРдин коргоо өнөр жай министри (1953 – 1957), СССРдин коргоо министри (1976 – 1984). КПСС БКнын мүчөсү (1952 – 1984) жана катчысы (1965 – 1976), КПСС БКнын Саясий бюро мүчөсү (1976 – 1984).

23. История России. 1917—2004: Учеб. пособие для студентов вузов / А. С. Барсенков, А. И. Вдовин. — М.: Аспект Пресс, 2005. – 575 с.

24. **Громыко Андрей Андреевич** (1909 – 1989-жж.) – советтик дипломат жана мамлекеттик ишмер, СССРдин тышкы иштер министри (1957-1985), СССРдин Жогорку Советинин Президиумунун председатели (1985-1988). Бириккен Улуттар Уюмундагы жана БУУнын Коопсуздук Кеңешиндеги СССРдин туруктуу өкүлү (1946-1948). СССР Жогорку Советинин Союздар Советинин 2- (1946-1950) жана 5-11– (1958-1989) чакырылыштарынын депутаты. Экономика илимдеринин доктору (1956).

25. Филиппов А.В. Новейшая история России, 280-б.

мурда макулдашылгандай сөздү Громыко алып, ал генералдык секретарлыкка Горбачевдун талапкерлигин сунуш кылган. Саясий бюронун мүчөлөрү бул сунушту бир добуштан колдошкон. Ошол эле күнү КПСС БКнын пленуму М.С.Горбачевду партиянын лидерлигине бир добуштан шайлашып, мамлекеттин жетекчилиги ага өткөзүлүп берилген.

Советтер Союзунун жаңы жетекчиси М.Горбачевдун ысымы менен социализмди жаңыртуу аракети катары кайра куруу саясаты менен тыгыз байланышта болгон. Ал өлкөдө көптөн күткөн өзгөрүүлөрдү баштаган. Бирок Горбачев СССРдин кайра жаралуусуна эмес, кыйрашына багыт алганын, иш жүзүндө, эриш-аркак болуп, бирге иштешкендердин басымдуу көпчүлүгү капарларына алышкан эмес.

Эмне себептен мындай болгону боюнча кызуу талкуу бүгүнкү күнгө чейин улантылып келүүдө. Бул талаш маселени азырынча бир четке калтырып, М.Горбачевдун бийликке кимдердин колдоосу менен, кантип келип калганы жөнүндө жана анын ишмердүүлүгү боюнча кеңири маалыматка токтолуу туура болот.

Горбачевдун бийликке келүүсү жөнүндө көптөгөн кызыктуу тарыхый документалдык материалдарды анын эң жакын соратниги, башкы идеологу эсептелген А.Яковлевдин[26] жазган

26. **Яковлев Александр Николаевич** (1923 – 2005-жж.) — советтик жана россиялык саясий ишмер, публицист, РАНдын академиги, кайра куруунун эң башкы "архитекторлорунун" бири. Улуу Ата Мекендик согуштун катышуучусу. 1944-1991-жылдарда Коммунисттик партиянын мүчөсү жана КПСС БКнын секретары (1986-1990), КПСС БКнын Саясий бюросунун мүчөсү (1987-1990). 1958-1959-жж. Колумбия университетинде (АКШ) стажировкада болгон. Илимий жетекчиси Д.Трумэн – антикоммунисттердин жана политологдордун көрүнүктүүлөрүнүн бири, саясий плюрализм концепциясынын автору. А.Яковлев 1967-жылы: "АКШнын саясат илими жана америкалык империализмдин тышкы саясий доктринасынын негиздери (1945-1966-жылдардагы согуштук, тынчтык жана эл аралык мамилелер боюнча согуштан кийинки саясий адабияттарга критикалык анализдер)",- деген темада докторлук диссертациясын коргогон.

"Сумерки"[27] китебинде кеңири баяндаган.

1982-жылы Яковлев СССРдин Канадада элчилик мезгилинде КПСС БКнын секретары М.Горбачевду атайын Канадага эмгек сапарына чакырууну уюштуруп, Канаданын премьер-министри Пьер Трюдо[28] менен кантип таанышкан жана Горбачев аңглосаксон өлкөлөрүнүн лидерлерине кандай таасир калтырганы жөнүндө кеңири баяндалган. Яковлев кандай максат менен Горбачевду Трюдого таанышкаргандыгы түшүнүксүз, бирок СССРдин келечектеги бирден бир лидери катары ага көрсөтүп, "байдын кызындай мактаган". Яковлев Горбачевго көрсөткөн кызматы жөнүндө

27. Яковлев, А. Н. Сумерки: [Размышления о судьбе России] / Александр Яковлев. – Изд. 2-е, доп. и перераб. – М.: Материк, 2005. – 672 с

28. **Трюдо Жозеф Филипп Пьер Ив Эллиотт** (1919 – 2000-жж.) – көрүнүктүү канадалык мамлекеттик жана саясий ишмер. Канаданын он бешинчи премьер-министри (1968 – 1979 жана 1980 – 1984-жж.). Ал мыйзам чыгаруу органынын борборун Британ парламентинен Оттавадагы общиналар палатасын көчүрүп, Канаданы мурдагы метрополиядан толук өз алдынча жана көз карандысыз кылган. Трюдо өлкөнүн тарыхындагы эң белгилүү саясатчылардын бири, аны "азыркы Канаданын атасы" деп аташат. 20-кылымдагы Канададагы эң популярдуу адам болуп эсептелген.

өзүнүн мемуарында: "Менин оюмча, Батыштын саясий элиталары дал ушул Канадага болгон сапарында Горбачевду келечектеги союздун лидери катары жакындан көрө башташкан. Кийинчерээк, Улуу Британиянын мурдагы тышкы иштер министри Джеффри Хоу мага болочоктогу советтик лидерин Британияга чакыруу маселеси өкмөттө талкууланганын жана ага карата Советтер Союзунан алынган карама-каршы маалыматтар келгенин айтты. Британия өкмөтүндө Горбачевдун, Гришиндин,[29] Романовдун[30] кандидатуралары талкууланганын кабарлады. Мен Трюдо менен кеңешүүнү чечтим. Трюдо Горбачевду колдоо боюнча пикирин билдирди. Канадалыктардын сунушун Англиялыктар колдошкон" – деп жазган[31].

Россиялык белгилүү журналист С.Брилев: "1984-жылы күзүндө Лондондо Маргарет Тэтчер[32]

29. **Гришин Виктор Васильевич** (1914 — 1992-жж.) — советтик партиялык жана мамлекеттик ишмер, КПСС БКнын Саясий бюросунун мүчөсү (1971-1986). 1967—1985-жылдарда КПСС Москва шаардык комитетинин биринчи секретары. 1956—1967-жж. Профсоюздардын Бүткүл союздук Борбордук Советинин председатели. КПСС Борбордук Комитетинин мүчөсү (1952-1986). СССР Жогорку Советинин депутаты (1954-1987).

30. **Романов Григорий Васильевич** (1923 – 2008-жж.) - советтик партиялык жана мамлекеттик ишмер. КПСС Борбордук Комитетинин Саясий бюросунун мүчөсү (1976—1985), КПСС Ленинград обкомунун биринчи катчысы (1970-1983). КПСС Борбордук Комитетинин секретары (1983-1985). Социалисттик Эмгектин Баатыры (1983), беш Ленин орденинин (1963, 1969, 1973, 1981, 1983) ээси.

31. **Почепцов Г.** Перестройка в СССР как вариант виртуальной войны. https://www.researchgate.net/publication/324532441_Perestrojka_v_SSSR_kak_variant_virtualnoj_vojny

32. **Тэтчер Маргерет, баронесса Тэтчер** (англ. Margaret Hilda Thatcher, Baroness Thatcher. (1925 – 2013-жж.) – британиялык мамлекеттик жана саясий ишмер. Улуу Британиянын Премьер-Министри (1979 -1990).

менен жолугушууга чакырыла турган Саясий бюронун мүчөлөрүнүн ичинен эки талапкер каралган: Гейдар Алиев[33] жана Михаил Горбачев. Мындай маалымат жакында Британиянын өкмөттүк каттарынын жашыруун материалдарын ачыкка чыгаргандан кийин белгилүү болгон", – деп жазган.[34] Андан ары С.Брилев Горбачевго суроо менен кайрылат:

" - 1984-жылдын аягында Лондонго сиз эмес, Гейдар Алиев барышы мүмкүн экендиги боюнча билдиңиз беле?

- М.Горбачев: Жок. Мен муну билген эмесмин.

- С.Брилев: Британ өкмөтүнүн кат алмашууларынын жашыруундуулугу алынып салынды. Алар байланыш түзүү максатында Саясий бюронун жаш мүчөлөрүн караштырган. Эки кандидатураны: Гейдар Алиевди жана сизди карашкан.

- М. Горбачев: Кызык. Бизди британдыктар издешкени"– деп жооп берген.[35]

"Жашыруун жарыяланган корреспонденцияларга ылайык, СССРден Улуу Британияга баруучу делегациянын башында Горбачев болушун Лондон

33. **Алиев Гейдар Алирза оглы** (азербайжанча Heydər Əlirza oğlu Əliyev, СССРдеги Гейдар Алиевич Алиев; (1923 - 2003-жж.) - советтик жана азербайжандык мамлекет, партия жана саясий ишмер. Азербайжандын үчүнчү президенти (1993-2003). Эки жолку Социалисттик Эмгектин Баатыры (1979, 1983).

34. Султанов Ч.А. Последний удар Империи: Баку, 20 января 1990 г. – Баку: – Нафта-Пресс, 2004. – 316 с. http://www.sultanov.azeriland.com/books/istorich.rassled/pages/part-8.html

35. Султанов Ч.А. Последний удар Империи, http://www.sultanov. azeriland.com/books/istorich.rassled/pages/part-8.html

талап кылган. Ошентип, СССРге жаңы жетекчиликти Батыш таңуулаганбы? Ал эмнеси, Батышта жаңылануу иштелип чыкты беле?" – деп сураган С.Брилев[36].

Британ өкмөтү ошол иш сапарга даярдануу боюнча 400 документтин жашыруун сырын 2013-жылы ачыкка чыгарган.

1984-жылы 5-июнда Улуу Британиянын премьер-министринин жардамчысынын билдирүүсүндө М.Тэтчер Гейдар Алиевди, Михаил Горбачевду же Андрей Громыкону Лондонго чакырууга макул болгонун жазган. 28-июнда премьер-министрдин администрация башчысы Пауэл Саясий бюронун эки гана мүчөсүн: Алиев менен Горбачевду эскерген.

Бирок Оксфорд университетинин профессору, белгилүү советолог Арчи Браун М.Тэтчерге жазган катында Горбачевду чакырууну сунуш кылган.

А.Браун: "Мен ага 1978-жылы, ал КПСС БКнын катчысы болуп дайындалгандан баштап көңүл бургамын. Менин досум – Батышка качып келген Чехословакиянын Коммунисттик партиясынын Борбордук Комитетинин секретары Зденек Млынарж менен сүйлөшкөндөн кийин менде Горбачевго өзгөчө кызыгуу пайда болгон. Алар МГУда бирге окушкан. Мен Млынарждан Горбачевдун көз карашы тууралуу сураганымда, анын жообу: ал жаңы идеяларга ачык, интеллигент жана антисталиндик көз карашты бекем карманган-

36. Султанов Ч.А. Последний удар Империи, http://www.sultanov. azeriland.com/books/istorich.rassled/pages/part-8.html.

дыгын белдирген. Биздин оюбузча, бул брежневдик команда үчүн адаттан тыш сапаттардын жыйындысы. Ошондон баштап Горбачевго абдан көңүл буруп келе жатам", – деп жазган профессор.[37] Демек, антисоветтик протекция менен Советтер Союзунун жетекчиси – Генералдык секретарь Батыштын лидерлери тарабынан тандалып калынганы өтө өкүнүчтүү!

Британиялыктар Горбачевду КПСС БКнын катчысы катары эмес, СССР Жогорку Советинин Эл аралык иштер боюнча комиссиясынын төрагасы катары чакырышкан. Батыштын лидерлерине Горбачевду СССРдин болочок лидери катары "соодалап", жогорку деңгээлде жашыруун жолугушууларды уюштуруп, ортомчулук ролду ийкемдүү аткарган Яковлев, албетте, делегациянын катарында болгон.

1984-жылдын 16-декабрында Лондондо, Чекерс резиденциясында Тэтчер Горбачев менен Яковлевди кабыл алып, үчөөнүн жашыруун жолугушуусу өткөн.[38] Так ушул үчөөнүн жашыруун сүйлөшүүлөрүндө Горбачевдун союзга жетекчи болуучу "тушоосу" кесилген.

Горбачевдун Тэтчер менен болгон тарыхый жолугушуусунан баштап СССРдин кыйроосу башталган.

Тэтчердин сунушуна ылайык Советтер Союзунун болчок жетекчилигине Горбачевдун кандидатурасына Батыштын лидерлеринин токтолуусу

37. Султанов Ч.А. Последний удар Империи, http://www.sultanov. azeriland.com/books/istorich.rassled/pages/part-8.html

38. О чем говорили Горбачев и Тэтчер 16 декабря 1984 года 3 января 2014. https://www.bbc.com/russian/uk/ 2014/01/140103_history_uk_ archive_gorbachev

көкусунан болгон эмес. Горбачевго гарант катары Тэтчер Батыштын башчыларына: "Биз биргелешип иштеше алабыз", – деп ишендирген.[39] Горбачев социалисттик саясий түзүлүштү түп-тамырынан бери өзгөртүүнү "кайра куруунун" алкагында ишке ашыруу боюнча болжолдуу тезиси менен Батыштын колдоочуларын тааныштырып, аларды ишендирип, "батасын" алган.

Горбачевдун жүргүзгөн саясатын жактаган изилдөөчүлөр советтик экономика терең кризиске кабылгандыктан, коом шашылыш, радикалдуу өзгөрүүлөрдү талап кылган, өлкөнү жок болуп кетүүдөн сактап калууну көздөгөндөр М.С.Горбачевду бийликке көрсөтүшкөн деген пикирде болушкан.[40] Ал эми изилдөөчүлөрдүн басымдуу бөлүгү Горбачевдун артында СССРди реформалоо эмес, жок кылуу максатын көздөшкөн тышкы күчтөр болгонун далилдүү документалдык материалдар менен жазышкан.[41]

Горбачевдун башкаруу мезгилинде СССРдин ресурстарына эл аралык көзөмөлдү орнотуу процесстерин изилдөө менен белгилүү болгон экономика илимдеринин кандидаты, публицист, жазуучу А.К.Цикуновдун изилдөөсү өзгөчө кызыгууну

39. Гунеев С. 2019 4 мая. Нержавеющая леди. Как Тэтчер помогла Советскому Союзу рухнуть. https://ria.ru/20190504/1552980089.html

40. Яковлев А.Н. «Советский строй можно было взорвать только изнутри» // Литературная газета. 2001. № 41.10–16 ноября; Пихоя Р. Г. Советский Союз: история власти. 1945–1991. -М., 1998. С. 412.; Рыжков Н.И. Перестройка: история предательства. С. 46.

41. Кара: Островский А.В. Кто поставил Горбачёва? – М.: «Алгоритм-Эксмо», 2010. – 5-б.; Кара-Мурза С.Г. Потерянный разум. – М.: Алгоритм Эксмо, 2006. – 574-б.; Видьманов В.М. Кто виноват? И что делать? –М.: ЗАО «Газета «Правда», 2003. – 34-б.

жараткан.[42] Горбачевдук башкаруу мезгилинде анын активдүү катышуусу менен ""Дүйнөлүк өнөр жай өндүрүштөрүн кайра түзүү жана Чыгыш Европа өлкөлөрүнө кубаттуу өнөр жайларды жайгаштыруу" боюнча ЮНИДОнун[43] 1985-жылдагы №339 доклады" кабыл алынганы.[44] Докладга ылайык, Советтер Союзун кайра куруу беш этап менен жыйырма жылга созулуусу эсептелген:

- 1985 – 1987-жылдар – СССРдин тонолуусунун эсебинен баштапкы капиталды топтоо мезгили;
- 1987 – 1990-жылдар – жерди жана өндүрүштү ээлеп алуу;
- 1991 –1992-жылдар – ТНКларды (Транснациональная компания (корпорация) бириктирүү жана биргелешип өндүрүү;
- 1992 – 1995-жылдар – Россияны биротоло сиңирүү (окончательное поглощение России);
- 1995 – 2005-жылдар – Дүйнөлүк Өкмөттү түзүү.[45]

СССРдин КГБсы боюнча Ю.В.Андроповдун мурдагы соратниги А.Г.Сидоренконун билдирүүсүнө караганда, бул "долбоордун" 1982-жылга шилтеме берген акыркы версиясы "үч бөлүктөн турган:

42. Кузьмич А. Россия и рынок. В свете советского и международного права // Молодая гвардия. 1991. № 2. С. 211.

43. ЮНИДО – англисче UNIDO - Бириккен Улуттар Уюмунун Өнөр жай Өнүктүрүү Уюму.

44. Кузьмич А. Россия и рынок. В свете советского и международного права // Молодая гвардия. 1991. № 2. С. 211.

45. Островский А.В. Кто поставил Горбачёва?. – 5 – 6-б.; Кузьмич А. Россия и рынок. В свете советского и международного права / Молодая гвардия. 1991. № 2. 211-б.; Кузьмич А. Заговор Мирового правительства. Россия и «Золотой миллиард». Б.м., [1994]. 10-б.

"Кайра куруу", "Реформалар", "Аяктоо" жана "СССР-деги социалисттик системанын жок кылынышын" болжолдонгон.[46]

М.Тэтчер премьер-министр кезинде, 1980-жылдардын аягында, СССРдин келечеги жөнүндө айтып жатып: "СССРдин аймагында 15 миллион адамдын жашоосу экономикалык жактан ылайыктуу"[47] деп айткан. Премьер-министрдин бул сөздөрүн биринчи жолу 1997-жылы англис тилиндеги түп нускага шилтемесиз дароо орус тилинде, публицист Андрей Паршев "Эмне үчүн Россия Америка эмес" деген китебинде келтирген.[48]

Тэтчердин бул пландарын ишке ашыруу үчүн Горбачев СССРдин жетекчилигине идеалдуу ылайык фигура болуп эсептелген.

Батыштын лидерлеринин "элегинен" өтүп, алардын колдоосуна ээ болгон соң, Горбачевду генсектикке колдоо кампаниясына старт берилген. Борбордук Комитеттин көпчүлүк мүчөлөрү майда буржуазиялык көз караштагы, принципсиз, протекциянын арты менен ийгиликке жетишкендер болушкандыктан, аларды батыштын атайын кызмат адамдары тарабынан ар кандай мыйзамсыз жолдор

46. Островский А.В. Кто поставил Горбачёва?. – 7-б.; Сидоренко А.Г. Таким мы знали Ю.В. Андропова //В кн.: Команда Андропова. -М., «Русь», 2005. - 256 с. – 20-21-б.

47. 17 июня 2018.Тэтчер и 15 млн целесообразных русских. https://echo.msk.ru/blog/currenttime/2223186-echo/

48. Тэтчер и 15 млн целесообразных русских. Российский МИД сослался на фейковую цитату британского премьера. 15 июня 2018 года 21:30 мск. Настоящее Время. https://www.currenttime.tv /a/29292463.html; Султанов Ч.А. Последний удар Империи. http://www.sultanov.azeriland.com/books/istorich. rassled/pages/part-8.html

менен керектүү добуштарды алдын ала соодалап, камсыз кылып койгон.

КПССтин жетекчилигине "үчүнчү муундун" жаш өкүлү катары эсептелген 54 жаштагы М.С.Горбачевдун келиши менен, Совет элинин келечекке болгон үмүтү кайра жанган. Горбачевдун генералдык секретарь болуп шайланышы кокустук болгон эмес. Кремлде мурдагыларга салыштырмалуу жаш жетекчинин келүүсүн партия зарыгып күткөн. 1917-жылы Ленин[49] бийликке келгенде 47 жашта, Сталин[50] генсекретарь болуп шайланганда

49. Ленин (Ульянов) Владимир Ильич (10(22)-апрель 1870 – 21-январь 1924-жж.) – россиялык революционер, марксизмдин көрнүктүү теоретиги, советтик саясий жана мамлекеттик ишмер. Россиянын социал-демократиялык жумушчулар партиясын (большевиктер) (РСДРП(б) түзүүчүсү, 1917-жылдагы Россиядагы Октябрь социалисттик революциянын негизги уюштуруучусу жана жетекчиси. РСФСРдын Эл Комиссарлар Советинин жана СССР Эл Комиссарлар Советинин биринчи председатели жана дүйнөлүк тарыхта биринчи социалисттик мамлекетти куруучу. Үчүнчү (Коммунисттик) интернационалдын түзүүчүсү, СССРдин (Советтик Социалисттик Республикалар Союзун) негиздөөчүсү.

50. Сталин (Джугашвили) Иосиф Виссарионович, (6 [18]-декабрь 1878 — 5-март 1953-жж.) — россиялык революционер, советтик саясий, мамлекеттик, аскердик жана партиялык ишмер. 1913-жылга чейин анын псевдоними көп болгон, мисалы, Рябо, Василий, Васильев, бирок тарыхка эки ат менен – Коба жана Сталин болуп кирген. 1913-жылдан баштап Сталин деген ат менен тарыхта калган. 1924-жылдын 21-январынан 1953-жылдын 5-мартына чейин — Совет мамлекетинин жетекчиси. Социалисттик Эмгектин Баатыры (1939), Советтер Союзунун Баатыры (1945), бирок мен согушта баатырдык көрсөткөн жокмун деп, Баатырдык белгини алган эмес. Советтер Союзунун Маршалы (1943), Советтер Союзунун Генералиссимусу (1945). Сталин Лениндин соратниги жана туруктуу ишин улантуучусу болгон.

1928-1933-жылдардагы партиялык ички күрөш Сталиндин жеңиши менен аяктаган. 1928-жылдан өлкөнү индустриялаштыруу, коллективдештирүү жана маданий революция курсуна багыт алган. Сталиндин жетекчилиги менен биринчи эки беш

жылдыкта өлкөдө жогорку эффективдүү пландуу мамлекеттик советтик экономика түзүлүп, улуттук киреше болуп көрбөгөндөй жыйынтык берген. Ал жылдары **ар бир он күндө тогуз завод** ишке киргизилип, жылдык экономикалык өсүү **30%га** чейин жетип турган. 1934-жылы ВКП(б)XVII съездинде Сталин: "Бизде өлкөнү индустриялаштыруунун негизи болгон темир өнөр жайы болгон эмес. Бизде азыр бар. Бизде трактор өнөр жайы болгон эмес. Бизде азыр бар. Бизде автомобиль өнөр жайы болгон эмес. Бизде азыр бар. Бизде станоктор куруу өнөр жайы жок болчу. Бизде азыр бар. Бизде олуттуу жана заманбап химиялык өнөр жай болгон эмес. Бизде азыр бар" – деп айткан.

1937-1938-жылдар ичинде бийлик ичиндеги айыгышкан күрөш тарыхта "Чоң террор" же "Ежовчулар" деген ат менен кирип, кандуу кармашууда партиялык-советтик жетекчилердин жоон тобу репрессияланып, Сталиндин жеңиши менен аяктаган. Репрессиядан Кыргыз ССРи да четте калган эмес.

СССРдин тарыхында биринчи жолу советтик тракторлор, автомашиналар, самолёттор жана танктар чыгарыла баштаган. И.Сталиндин жетекчилиги астында Советтер Союзу кыска мөөнөттүн ичинде Улуу Ата Мекендик согушка даяр болгон. Согуштун астында СССР улуттук продукталар боюнча АКШдан кийин дүйнөдө экинчи орунга чыккан. 1949-жылы Сталиндин тапшырмасы менен атомдук бомба ийгиликтүү сыноодон өтүп, СССР атомдук агрессияга каршы өз коопсуздугун камсыз кылган.

1959-ж. 21-декабрда, И.В.Сталиндин туулган күнүн 80 жылдыгына байланыштуу, лорддор Палатасында У.Черчилль сөз сүйлөп, мындай деген: *«Большим счастьем для России было то, что в годы тяжёлых испытаний Россию возглавил гений и непоколебимый полководец И.В.Сталин. Он был выдающейся личностью, импонирующей жестокому времени того периода, в котором протекала вся его жизнь. Сталин был человеком необычайной энергии, эрудиции и несгибаемой воли, резким, жёстким, беспощадным как в деле, так и в беседе, которому даже я, воспитанный в английском парламенте, не мог ничего противопоставить. Сталин, прежде всего, обладал большим чувством сарказма и юмора, а также способностью точно выражать свои мысли. Сталин и речи писал только сам, и в его произведениях всегда звучала исполинская сила. Эта сила была настолько велика в Сталине, что он казался неповторимым среди руководителей всех времён и народов. Сталин производил на нас величайшее впечатление. Его влияние на людей было неотразимо. Когда он входил в зал Ялтинской конференции, все мы, словно по команде, встали и, странное дело, почему-то держали руки по швам. Он обладал глубокой, лишённой всякой паники, логической и осмысленной мудростью. Сталин был непревзойдённым мастером находить в трудные минуты пути выхода из самого безвыходного положения. В самые трудные моменты, а также в моменты торжества, он был одинаково сдержан, никогда не поддавался иллюзиям. Он был необычайно сложной личностью. Он создал и подчинил себе огромную империю. Это был человек, который своего врага уничтожал руками своими и заставил нас, которых открыто называл империалистами, восстать против империалистов. Сталин был величайшим, не имеющим себе равных в мире, диктатором. Он принял Россию с сохой, а оставил оснащённой атомным оружием. Нет! Что бы ни говорили о нём, таких лидеров история и народы не забывают».*

42 жашта, Хрущев биринчи секретарлыкка 59 жашында, Брежнев 58 жашында келген. Андропов бийликке 68 жашында, ал эми Черненко 73 жашка чыкканда келген.[51]

1985-1986-жылдар ичинде Горбачев өзүнүн "командасын" түзүп, мурдагы жетекчилерди пенсияга кетирген. 1985-жылдын сентябрында Н.А.Тихоновдун[52] ордуна Н.И.Рыжков[53] СССР Министрлер Советинин Председатели болуп дайындалган. 1987-жылдын башына карата кадрдык

51. Геллер М.Я. Горбачев. Победа гласности и поражение перестройки. // Советское общество: возникновение, развитие, исторический финал: В 2 т. Т. 2. Апогей и крах сталинизма / Под общ. ред. Ю.Н. Афанасьева. -М.: Российск. гос. ун-т. 1997. – 546-б. http://you1917-91.narod.ru/geller_gorbachev.html

52. **Тихонов Николай Александрович** (1905 – 1997-жж.) советтик мамлекеттик жана партиялык ишмер. СССР Министрлер Советинин Председатели (1980 – 1985). Социалисттик Эмгектин эки жолку баатыры. (1975, 1982). Техникалык илимдердин доктору (1961). СССР Жогорку Советинин 5 – 11-чакырылыштарынын депутаты.

53. **Рыжков Николай Иванович** (1929-жыл) – советтик, россиялык партиялык жана мамлекеттик ишмер. СССР Министрлер Советинин Председатели (1985 – 1991). СССР мамлекеттик сыйлыктын эки жолку лауреаты (1969, 1979). Россия Федерациясынын Эмгек Баатыры (2019). Арменияның Улуттук Баатыры (2008).

өзгөрүүлөр Саясий бюронун мүчөлөрүнүн 70%ын, обкомдордун жана крайкомдордун секретарларынын 60%ын, партиянын Борбордук Комитетинин мүчөлөрүнүн 40%ын түзгөн.[54]

КПСС БКнын бюросунун составына Генералдык секретардын идеясын колдошкон, пикирлеш жаңы мүчөлөр киргизилген. Алар: Е.К.Лигачев,[55] В.М.Чебриков,[56] Э.А.Шеварнадзе,[57] ал эми БКнын катчылыктарына: Б.Н.Ельцин[58] жана А.Н.Яковлев болгон.

---

54. Соколов А.К., Тяжельников В.С. Курс советской истории, 1941-1991. -М.: Высш. школа, 1999. - 415 с. http://studlib.com/content/view/855/19/

55. **Лигачёв Егор Кузьмич** (1920-ж.) — советтик жана россиялык мамлекеттик жана саясий ишмер, КПСС БКнын секретары (1983—1990). КПСС БКнын Саясий бюросунун мүчөсү (1985—1990). СССР Жогорку Советинин Союз Советинин 7-11-чакырылыштарынын (1966-1989) депутаты, СССР эл депутаты (1989-1992). РФнын Мамлекеттик Думасынын 1-3- чакырылыштарынын депутаты (1999-2003).

56. **Чебриков Виктор Михайлович** (1923 – 1999-жж.) - СССР КГБсынын төрагасы (1982-1988), КПСС БКнын катчысы (30. 9. 1988 - 20. 9. 1989), КПСС Борбордук Комитетинин Саясий бюросунун мүчөсү (23-апрель, 1985-жыл — 20-сентябрь, 1989-жыл). СССР Жогорку Советинин депутаты (1974-1989), армиянын генералы (1983), Социалисттик Эмгектин Баатыры (1985), СССР Мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты (1980)

57. **Шеварднадзе Эдуард Амвросиевич** (1928 – 2014-жж.) – советтик жана грузиянын партиялык жана мамлекеттик ишмери. Грузин ССРнин ички иштер министри (1965 – 1972), Грузия КП БКнын биринчи секретары (1972 – 1985), СССРдин тышкы иштер министри (1985 – 1990), СССРдин тышкы байланыштар министри (ноябрь – декабрь 1991). Социалисттик Эмгектин Баатыры (1981). КПСС БКнын Саясий Бюросунун мүчөсү (1985 – 1990), Горбачев-дун эң жакын соратниги. Грузиянын Президенти (1995 – 2003).

58. **Ельцин Борис Николаевич** (1931 – 2007-жж.) – россиялык партиялык жана мамлекеттик ишмер. Россия Федерациясынын биринчи президенти (1991-1999). СССР Жогорку Советинин Союз Советинин 10- жана 11-чакырылыштарындагы депутаты (1979-1989). СССРдин эл депутаты (1989-1990). РСФСРдин эл депутаты жана РСФСРдин Жогорку Советинин председатели (190-1991).

М.С.Горбачев өзүнүн “кайра куруучулар” командасы менен жаңы, радикалдуу “жаңыланган социализм” идеясын алып чыккан. Мезгилдин талабына жараша Советтер Союзу кыска мөөнөттүн ичинде кескин өзгөрүлүүсү керектигин жар салышып, социализимге көбүрөөк демократия (больше демократия) берип, “эң мыкты социализмди” орнотуу идеясын көтөрүп чыгуу менен, өлкөнүн бардык социалдык катмарларынын колдоосуна ээ болгон. Анын алгачкы, чечкиндүү аракеттеринен СССРдин элдери келечекте, жакынкы жылдары көп жакшылыктар болорунан үмүттөнүшкөн. Өлкөдө идеологиялык, саясий, экономикалык жана социалдык чоң өзгөрүүлөрдү “дүңүнөн” (“оптом”) жасаганга болгон аракети менен элди өзүнө тарткан, ага болгон ишеним ого бетер ашкан. Бирок горбачевдук топтун “кайра куруу” саясатын ишке ашыруу механизми терең талдалып, иликтенип жана иштелип чыккан эмес. Административдик-буйрукчул, волюнтаристик, мажбурлоо методдору менен ишке ашыруу аракеттери колдонулган.

СССРдин акыркы жетекчиси М.Горбачевдун ишмердүүлүгүнө тарыхчылар менен политологдор жана саясатчылар тарабынан ар түрдүү реакция жасашып, полярдык көз караштагы эмгектердин жазылуусу бүгүнкү күнгө чейин улантылып келүүдө. Окумуштуулардын бир тобу анын коомдук турмушту жана экономиканы либералдаштыруудагы чечкиндүү кадамдарын жогору баалашса, башкалары анын ыраатсыз, баш аламан иш алып барган-

дыгына жана мамлекетти башкарууга жөндөмсүз болгондугуна күнөө коюшуп келет. Үчүнчүлөрү, Советтер Союзунун талкаланышынын эң негизги күнөөкөрү М.С.Горбачев болгон деп эсептейт. СССРдин жоюлушу дүйнөлүк цивилизациядагы эң негизги жетишкендик деп да баалаган окумуштуулар тобу жок эмес.

Азыркыга чейин Горбачевдун ишмердүүлүгүнө, СССРдик түзүлүшкө жана Горбачевго чейинки мамлекет башындагылардын жүргүзгөн иштерине берилген баалар, ар башка жана карама-каршылыктуу. Бир бүтүмгө келүү да мүмкүн эмес. Тарыхты түзгөн улуу инсандардын өмүрлөрү, жасашкан эмгектери, жүргүзүшкөн саясаттары ар башка болуп, дайыма талаш-тартыштарды жаратып, алар жөнүндө талкуу көп жылдар бою улантыла бермекчи. Демек, көз караштар кагылышы улантыла береринде шек жок.

Кандай гана талаштуу, кайчы пикирлер болбосун, тарыхта талашсыз бир факт, факт боюнча калат: дүйнөнү дүңгүрөтүп, жар салып, Горбачев баштаган советтик жетекчилер "кайра куруу курсунун" негизинде 1985-жылдан баштап коюлган, ооз көптүргөн милдеттердин бири да иш жүзүнө ашырылган эместиги бул тарыхый факт. Кетирилген кемчиликтер жөнүндө болсо, сөз алдыда.

М.С.Горбачев башында турган жаңы бийликтин алдында союзда түзүлгөн оор социалдык-саясий кырдаалда экономикалык темптин өнүгүүсүн жана өлкөдөгү илимий-техникалык прогресстин артта калууларын жеңип чыгуу милдеттери коюлган. КПСС БКнын Апрель (1985) Пленумунда "өлкөдө социалдык-экономикалык өнүгүүнү тездетүү

жана советтик көмдү жаңы сапаттык абалга жеткирүү"[59] багыты жарыяланган. Пленумда партиянын саясий багыттарынын жаңы, 3 базистик принциби: **Тездетүү, Айкындык, Кайра куруу** биринчи жолу жарыя кылынган. Мындай лозунг-чакырыктар менен өлкөнүн социалдык-экономикалык абалын кыска мөөнөттүн ичинде өзгөртүп, өнүктүрүү жолуна коюу каралган.

Тездетүү – ишканаларда, айрыкча, машина куруу ишканаларында илимий-техникалык жетишкендиктерди пайдаланып, интенсивдүү темп менен кыска мөөнөт ичинде өндүрүштү 1,5 – 2 эсеге жогорулатуу пландаштырылган.

Айкындык – ошол учурдагы коомчулуктагы көтөрүлгөн маселелер боюнча массанын пикирин билүү максатында түзүлгөн кошумча байланыш.

Кайра куруу – ишке болгон мамилени өзгөртүү менен партиялык иштерге, өндүрүштүн жетекчилик кызмат орундарына жаңы, жаш кадрларды кеңири тартуу.

Бирок, чечим кабыл алышкан Коммунисттик партиянын жана Совет мамлекетинин Кремлдеги төбөлдөрүнүн дээрлик бардыгы дүйнөлүк экономикалык өнүгүүнүн рыноктук жол-жоболору боюнча сабаты жок болушкан. Советтик коомду каптаган чыныгы кризистин түпкү маңызы жөнүндө жеткиликтүү түшүнүгү жок болгондугуна байланыштуу, жүргүзүлгөн экономикалык реформалар оң натыйжа берген эмес. Демек, кабыл алынган чечимдер "жогортон" "ылдыйкыларга" таңууланган

59. Ежегодник БСЭ. М. Советская энциклопедия 1986 – 36-б.

буйрукчул документ болгондуктан, анын келечеги жок болгон.

"Кайра куруу мамлекеттик жана партиялык түзүлүштөрдөгү калыптанып калган көптөгөн структураларды талкалады. Азырынча анын ордуна иштиктүү жана натыйжалуу эч нерсе түзүлө элек. Анын үстүнө бул мезгилде аткаруу бийлигинин көптөгөн вертикалдык структуралары өз ишин токтотту. Экономикада, укук тартибинде, улуттар аралык мамилелерде жана коомдун моралдык абалында терс көрүнүштөргө кескин түрдө алып келген негизги проблемалардын тамыры так мына ушунда", – деп констатациялаган Н.Рыжков өзүнүн "Башкы күбө. СССРдин кулашы жөнүндөгү иш" ("Главный свидетель. Дело о развале СССР") деген китебинде.[60]

1985-жылы апрель Пленумунда кабыл алынган реформалар ишке ашпай калгандан кийин Горбачев менен бирге иштешкен эң жакын соратниктери аны сынга ала башташкан. Маселен, Н.Рыжков жогоруда аталган эмгегинде: "Ачыгын айтуу керек, өлкөнү реформалоону баштаган соң, ал үчүн зарыл болгон ич ара байланышкан бардык кадамдарды жана анын узак мөөнөттүү кесепеттери жетекчилик тарабынан туура эсептелген эмес. 1980-жылдардагы реформаторлордун иш-аракеттеринин так программасы жок болгон деп сындашып жаткандар, тилекке каршы, туура деп ойлоймун. Тактап айтканда, горбачевдук кайра куруунун

60. ОкуневД. 23.04.2020 Преодолевали предрассудки»: как Горбачев начал Перестройку. 35 лет назад Горбачев провозгласил курс на Перестройку https://www.gazeta.ru/science/2020/04/23_a_13058977.shtml

баштапкы планында, негизинен, өлкөнүн экономикасын реформалоо катары кабыл алынган," – деп жазган.[61]

Горбачевдук "кайра куруу" компаниясы башталгандан бир нече жыл мурда КПСС БКнын Генералдык катчысы Ю.Андропов өзүнүн соратниктерине: "Машинанын эскилиги жетип, оңдоого муктаж. Аны экономикадан баштоо керек...," – деген.[62] Өлкөгө өзгөрүү керектиги ошондо эле белгилүү болгон. 1978-жылы Андропов рыноктук мамлелер боюнча Брежневге кызматтык кат киргизген. Батыштын экономиканы башкаруу тажрыйбасын анализдеп, анын керектүү жактарын пайдалануу белгилеп, "ар кандай тапшырмаларды статистикалык цифраларга толтуруп жазышкан "адистердин" ордуна профессионал саясий жетекчилерди" колдоону сунуштаган.[63]

Пленумунда өлкөнү кризистик абалдан чыгаруу үчүн социалдык-экономикалык өнүгүүнү тездетүү, акыркы илимий-техникалык жетишкендиктерди колдонуунун натыйжасында ишканаларды жаңы техникалар менен кайрадан жабдууну камсыз кылуу; аракечтик, алкоголизм, наркомания ж.б. жат көрүнүштөрдүн тамырын кыркып, өлкөдө

61. ОкуневД. 23.04.2020 Преодолевали предрассудки»: как Горбачев начал Перестройку. 35 лет назад Горбачев провозгласил курс на Перестройку https://www.gazeta.ru/science/2020/04/23_a_13058977.shtml

62. СапроновоУ. 8 апреля в истории. https://www.golos-ameriki.ru/a/us-day-in-history-april-8-2011-04-07-119428879/231210.html.

63. КречетниковА. Би-би-си, Москва. 13 ноября 2012 Юрий Андропов: новый Сталин или советский Дэн Сяопин? https://www.bbc.com/russian/russia/2012/11/121112_andropov_reforms.shtml

тартипти орнотуу; партиялык жана советтик аппаратты жаңылоо маселелери кызматтык катта каралган.

"Тездетүү концепциясынын" авторлорунун башында академик А.Г.Аганбегян[64] турган. Эл чарбасын жана социалдык тармактарды өнүк-түрүүнүн багыттары белгиленген. Илимдин жана техниканын жетишкендиктерин активдүү колдонуу менен, эл чарбасын башкарууну де-централизациялоо, ишканалардын укуктарын кеңейтүү, хозрасчетту (эсептик чарба) киргизүү, өндүрүштү иретке келтирип, тартипке салуу менен тездетүүнүн ийгиликтерине жетүү каралган. Экономикалык реформаны ишке ашыруунун натыйжасында социалдык тармактын эң маанилүү деп эсептелген турак жай жана азык-түлүк маселелерин чечүү пландаштырылган. Академик А.Г.Аганбегяндын айтканы боюнча өлкөнү кайра өзгөртүү экономикада эле эмес саясий системада, идеологияда, партиялык иштерде, кыскасы, мамлекетти түп тамырынан бери кайра куруу керек, – деп белгиленген[65].

Айкындуулук саясатын жүргүзүү менен коомдук жана саясий тармактарда өзгөрүүлөр башталган. 1862-жылы орустун улуу ойчулу Н.Чернышевский: "Айкындуулук – "сөз эркиндиги"

64. **Аганбегян Абел Гезевич** (1931-ж) – советтик жана россиялык экономист. СССР ИА, РИАнын академиги. Кайра куруу жылдарында (1985 1991) КПСС БКнын генералдык секретары М.Горбачевдун экономикалык маселелер боюнча кеңешчиси болгон.

65. Кара: Аганбегян А.Г. Советская экономика. – взгляд в будущее. -М., 1988, 13-б.

деген сөздү алмаштыруу үчүн ойлонулган бюрократиялык билдирүү", – деп айткан[66].

Басылмаларга болгон цензура алынып салынып, жаңы газета, журналдардын эркин чыгуусуна уруксат берилген. Бул калктын социалдык-саясий активдүүлүгүн күчөткөн. Өлкөдө жүргүзүлүп жаткан "кайра куруу" саясатындагы көтөрүлүп жаткан маселелерди талкуулоолор кеңири жүргүзүлүп, горбачевдук саясатты колдоо максатында коомдук уюмдар түзүлгөн. М.Горбачев болсо региондорду кыдырып, партиялык-чарбалык активдер менен жолугушууради өткөрүп, "тездетүүнүн" стратегиялык маңызын кеңири түшүндүрүү аракеттерин жүргүзгөн. Калктын бардык социалдык катмарларынын талкуусунда "тездетүү" идеясын колдогондор да, каршы болгондор да болгон. Жаңы курска партиялык жана мамлекеттик жетекчи кызматкерлердин арасында да каршы чыккандар болгон. М.Горбачев: "Кимде ким жаңылануга даяр болбосо, ал жолтоо болбой кетүү керек"[67]– деп жолугушууларда, партиялык жыйындарда айтканын кызматкерлер ар кандай кабыл алышкан.

Кайра куруудагы коюлган маселелерди ишке ашыруу боюнча партиялык, советтик жетекчилердин көпчүлүк бөлүгүн алмаштыруу процесси жүргүзүлгөн. КПСС БКнын секретары А.Яковлев идеология, информация жана маданият тармагын жетектеп, көзөмөлдөгөн. Ал киши реформация

66. Всемирная история - Новейший период (1939-2007 гг). http://ukrmap.su/ru-wh11/1308.html

67. Кара-Мурза С. Между идеологией и наукой. – М.: Научный Эксперт, 2013. – 33-б.

(кайра курууну А.Яковлев ушундай атаган[68]) жүргүзүүгө тоскоол жаратпаш үчүн кадрларды тоталдык алмаштырууларды жасаганы белгилүү болгон. Америка Кошмо Штаттарынын ошол мезгилдеги СССРдеги посолу Д.Мэтлок[69] 1986-жылды эскерип, төмөндөгүдөй жазган: "Ошол мезгилдин жайында дагы бир: "Айкындык" деген сөз мода болгон. Кайра куруу фронтунда негизги ролду КПСС БКнын Пропаганда бөлүмүнүн башчысы А.Яковлев ойногон. Ал XXVII съездинин астында жалпыга маалымдоо каражаттарынын жетекчилик курамын жаңыртканы. 1986-жылдын жайында Яковлев БКнын Саясий бюросунда: "бул сферанын 90% жетекчи кадрлары алмаштырылды", – деп доклад кылган[70].

Горбачевдун "кадрдык революциясы" акырындык менен тепм ала баштаган. Хрущевдук-брежневдик башкаруу мезгилинде кызматка келишип, улгайышкан партиянын когорталары менен мамлекеттик ишмерлерди тазалоо кампаниясы жүргүзүлгөн. 1985 – 1986-жылдар ичинде жогорку кызмат орундарынан кол жуушкандар: Г.Алиев,

68. Кара-Мурза С. Между идеологией и наукой. – М., 2013. 33-б.

69. Мэтлок Джек (англ. Jack Foust Matlock Jr.; (1929-ж.) - америкалык отставкадагы дипломат, дипломатиялык кызматта 35 жыл иштеген (1956-1991); 1981-1983-жылдары Чехословакиядагы посолу, 1987-1991-жылдары АКШнын СССРдеги элчиси. PhD, профессор, Америка Философиялык Коомунун мүчөсү (1998)

70. Мэтлок Д.Ф. Смерть империи. Взгляд американского посла на распад Советского Союза. -М.: Рудомино, 2003. С. 55; Кара-Мурза, С. Между идеологией и наукой. -М., 2013. С. 33; Как Яковлев и Заславская организовывали перестройку. http://ss69100. livejournal.com/2551064.html

В.Гришин, Д.Кунаев,[71] Г.Романов, Н.Тихоновдор болушкан[72]. Ушул эле жетекчи кадрларды тазалоо компаниясында союздук республикалардын жетекчилери, анын ичинде Кыргызстан КП БКнын биринчи секретары Т.Усубалиев да кызматтан четтетилген.

1987-жылга чейин БКнын Саясий бюросунун мүчөлөрүнүн курамынын 70%ы жаңыртылган. Областтык партиялык уюмдардын секретарларынын 60%ы, КПСС БКнын мүчөлөрүнүн 40%ы алмаштырылган[73]. Өзгөртүлүү жогортон ылдый карай жүргүзүлгөн. 1986 – 1988-жылдар ичинде шаркомдор менен райкомдордун деңгээлиндеги жетекчилердин 70%ы алмаштырылган. Чарба жетекчилерин алмаштыруу мындан да жогору темпте жүргүзүлгөн. 1985-жылга чейинки дайындалышкан СССР Министрлер Советинин 115 мүчөсүнүн үчтөн бири Горбачев бийликке келген биринчи жылы эле алмаштырылган. 1988-жылы эски составдан 22 гана кызматкер калган[74]. Ротациянын улантылуусу токтотулган эмес. Кадрдык тазалоо бардык деңгээлде такай жүргүзүлүп турган. Мисалы, 1989-жылы февралда Генералдык катчы:

71. Кунаев Динмухамед Ахмедович (Минлиахмедович) (1912 – 1993-жж.) – советтик партиялык жана мамлекеттик ишмер. Казакстан Коммунисттик партиясынын БКнын биринчи секретары (1960 – 1962-жж. жана 1964 – 1986-жж), КПСС БКнын Саясий бюросунун мүчөсү (1971 – 1987-жж.), Социалисттик Эмгектин үч жолку Баатыры (1972, 1976, 1982). Казак ССРинин ИАнын академиги (1952). СССР Жогорку Советинин 4 – 11-чакырылыштарынын депутаты (1954 – 1989).

72. История России. 1917—2004: Учеб. пособие для студентоввузов / А. С. Барсенков, А. И. Вдовин. -М.: Аспект Пресс, 2005. – 591-б.

73. История России. 1917—2004. – 591-б.

74. История России. 1917—2004, 591 – 592-б.

"ортонку жана ылдыйкы деңгээлдеги партиялык секретарлардын кайра шайлоо мезгилинде 89 миң жетекчи алмаштырылды", – деп билдирген.[75] Жер-жерлерде көп жылдар бою "майлуу орунда" отурушкан жетекчилер кадрдык тазалоого аябагандай каршылык көрсөтүүнүн негизинде жүргүзүлгөн. Айрыкча, союздук республикалардын жана социалисттик өлкөлөрдүн коммунисттик партияларынын жетекчилеринин алмашуулары өтө кыйынчылык менен жүргүзүлгөндүгүн Горбачев моюнга алган[76].

Кадрларды алмаштыруу андан ары улантылып, союз боюнча париялык-советтик, чарбалык жетекчилерди жана укук коргоо органдарынын кызматкерлерин алмаштуруу күч алган. Мисалы, "1986 – 1989-жж. 82,2 пайыз КПССтин райкомунун, шаарком унун жана окружкомунун секретарлары алмаштырылган." "1986-1989-жж. дээрлик 90 пайыз обкомдун, крайкомдун жана союздук республикалардын коммунисттик партияларынын БКнын секретарлары алмаштырылган".[77] "Райкомдордун, шааркомдордун жана окружкомдордун инструкторлор корпустарындагы кадрлар сферасында алмашуу рекорддук деңгээлге жеткен. Бул тармактарда төрт

75. Геллер М.Я. Горбачев. Победа гласности и поражение перестройки. // Советское общество: возникновение, развитие, исторический финал: В 2 т. Т. 2. Апогей и крах сталинизма / Под общ. ред. Ю.Н. Афанасьева. -М.: Российск. гос. ун-т. 1997.- 546-б. http://you1917-91.narod.ru/geller_gorbachev.html

76. Геллер М.Я. Горбачев. Победа гласности и поражение перестройки, 547-б.

77. Кара: Островский А.В. Глупость или измена? Расследование гибели СССР. -М.: Форум, 2011 //reeed.ru/lib/books/glupost_ili_ izmena_rassledovanie_gibeli_sssr/.; Кара-Мурза, С. Между идео-логией и наукой. -М., 2013. http://kara-murza.ru;

жылга жетпеген мезгилдин ичинде кызматкерлерди алмаштыруу 123,1%га жеткен".[78] Бир эле мезгилде мамлекеттик аппаратты тазалоо кеңири кулач жайган. Үч жылдын ичинде "80% прокурорлор, 60% - соттор алмаштырылган. Милиция кызматына 400 миң жаңы адам тартылган".[79]

СССРдин Мампланынын Председатели, СССРдин ички жана тышкы министрлери, Борбордук Комитеттин секретарлары, көпчүлүк союздук, автономиялык республикалардын, обкомдордун жетекчилери жана чарба кызматкерлери эч себепсиз кызматтан четтетилген. 1986-жылы октябрда Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комтетинин биринчи катчысы Т.У.Усубалиев да так ушул "тазалоонун" негизинде кызматтан четтетилип, ордуна А.М.Масалиев дайындалган.[80] Ушул эле жылдын декабрында Казакстан компартиясынын биринчи секретары Д.Кунаевди Г.В.Колбин алмаштырган.[81] 1982 – 1985-жылдар ичинде 14 союздук республиканын КП БКнын биринчи катчыларынын 8и алмаштырылган. Автономиялык республикалардын, крайком жана обкомдордун партиялык биринчи катчылары тездик темп менен дээрлик көпчүлүк бөлүгү алмаштырылган.[82] 1985-91-жылдар

78.Трушков В. Фальшивый мед перестройки // Правда России. 1995. 18 мая; Островский А.В. Глупость или измена? Расследование гибели СССР. М., 66-б.

79. Черняев А.С. Совместный исход. С. 725.

80. Ежегодник БСЭ. 1986 год. – М., 1986. С. 563.

81. Кунаев Д.А. От Сталина до Горбачева. (В аспекте истории Казахстана). – Алматы: "Санат", 1994. – С. 290.

82. Островский А.В. Глупость или измена? Расследование гибели СССР. -М.: Крымский мост-9Д — ФОРУМ. 2011, 52-53-б.

ичинде КПСС БКнын мүчөлөрүнүн 85%ы жаңыланган.[83]

Союздун мезгилинде кызматка коюунун же кызматтан кетирүүнүн өзүнчө өзгөчө татаал эрежелери боло турган. Т.Усубалиевди кызматтан алуу үчүн КПСС БКнын өкүлү жетектеген атайын партиялык комиссия түзүлүп, жыйынтыгы Кыргызстан КП БКнын кезексиз пленумунда "репрессивдүү" жол менен, башкача айтканда, ал кишинин жасаган да, жасабаган да иштери боюнча өзү тарбиялап өстүрүп, үзөңгүлөш болуп бирге иштешкен партиялаш шакирттери аркылуу сын-пикирлерди айттыртып, "айыпка" жыгышып, кызматтан кетиришкен.

Борбордон атайын горбачевдук "десанттар" тобу жөнөтүлүп, республикалык партиялык жана мамлекеттик жооптуу кызматтарга эч каршылыксыз дайындалган. Борбордон бардык союздук республикаларга жөнөтүлгөн жетекчи кадрлар горбачевдук саясаттын жүргүзүлүшүн көзөмөлдөөчү, Генсектин ишенимдүү "тыңчылары" болушкан. Мисалы, РСФСРдин Магадан областынын Чукотка округунун партиялык комитетинин 1-секретары Г.Киселев Кыргызстан Компариясынын БКнын экинчи катчылыгына, ал эми БКнын өнөр жай боюнча секретарлыгына М.Горбачевдун жердеши Н.Семенов дайындалган. Экинчи жердеши М.Василенко кадрларды тандоо жана орноштуруу тармагын ээлеген. Кыргызстандын МККсын (КГБ)

83. "Кыргызстан" улуттук энциклопедиясы: 3-том. -Б.: 2011. 784-б.

В.Рябоконь жетектесе, эң чоң, республиканын теңин түзгөн Ош областтык аткаруу комитетинин председателдигине КПСС БКнын инспектору Н.Чепелев шайланган.[84]

Бул "десанттардын" бардыгы Кыргызстанга айдан түшүшкөндөй, биринчи жолу келишкен. Республиканын социалдык-экономикалык жана маданий шарты боюнча түшүнүктөрү, кыргыз калкынын улуттук менталитетинен кабарлары жок, горбачевдук "бөрк ал десе, баш алышкан", "революциячыл кадрлар" болушкан. Практика жүзүндө, алардын көзөмөлүндөгү республиканын бардык областтарынын, райондорунун жетекчилери, кала берсе ири чарба жетекчилерине чейин усубалиевдик кадрлар катары алмаштырылган.

Союздук республикалардын дээрлик бардыгында "кадрдык революциянын" "салтанаттары" бирдей сценарийде жүргүзүлгөн. Партиялык-мамлекеттик жана чарба жетекчилерин алмаштырууда горбачевдук "революциялык жалпы кайра куруу" саясатын колдошкондор, айрыкча, орус улутундагы кадрлардын массалык түрдө дайындалуусу улуттар ортосундагы ынтымакка доо кетирип, жергиликтүү элдердин наарызычылыгын жараткан. Ага мисал катары, Казахстан КП БКнын биринчи катчысы, Социалисттик Эмгектин үч жолку баатыры

84. Плоских В.М., Жунушалиев Дж.Дж. История кыргызов и Кыргызстана: Учебник для вузов. -Б.: 2009, 275-б; Осмонов Ө., Мырзакматова А. Кыргызстандын тарыхы: уруттуу учурлар (XIX к. ортосунан азыркы мезгилге чейин). Орто мектептин 11-кл. үчүн окуу китеби. - Тол., онд. 2-бас. — Б.: «Билим-компьютер», 2012. – 167-б.

Д.А.Кунаевди кызматтан кетирип, ордуна борбордон жөнөтүлгөн Г.Колбиндин дайындалышы[85] жергиликтүү элдин нааразычылык акциясын жаратып, толкуган элди "Москвалык куралдуу десанттардын" аёосуз кандуу куралдуу күчү менен баскан. Горбачевдук "кадрдык революциянын" жыйынтыгы кандуу "Жел токсан" деген ат менен Казакстандын тарыхында кара тамгалар менен түбөлүк жазылып калган.

Адам баласы, ким болбосун, ал улуу залкар адамбы же катардагы жөнөкөй пендеби, жаратылышынан керт башынын кызыкчылыгын ойлогон, жеткен эгоист болот. Тарыхта, кыйын кырдаалдарда, улуу мамлекет башчыларынын башына "кара булут" айланган мезгилде, дайыма анын эң жакын ишенген шакирттери биринчи болушуп, чыккынчылык менен сатышкан. Казактын улуу уулу Д.Кунаевди да өзү тарбиялап өстүргөн Н.Назарбаев[86] М.Горбачевдун тапшырмасы менен 1986-жылы 5 – 6-февралда болгон Казактан

85. Кунаев Д.А. От Сталина до Горбачева. В контексте истории Казахстана. -Алматы, 1994. 290 б.

86. **Назарбаев Нурсултан Абишевич** (1940-ж.) - советтик жана казакстандык мамлекеттик жана саясий ишмер, 1989-2019-жылдары Казакстанды башкарган. Казак ССРинин Президенти (1990-1991). 1991-жылдын 16-декабрынан 2019-жылдын 20-мартына чейин Казакстан Республикасынын Биринчи Президенти. Ал мамлекет башчы болуп 1991, 1999, 2005, 2011, 2015-жылдары шайланган. 2010-жылдан бери ал Казакстан Республикасынын Биринчи Президенти - Элбашы (Улут лидери) деген расмий наамга ээ болгон, акыры 2023-жылдын январында Казакстан Республикасынын парламентинин отурумунун жыйынтыгында андан ажыратылган. Постсоветтик мейкиндикте бийликте болуу узактыгы боюнча рекордсмен-29 жыл, 8 ай. (1989-жылдын 22-июнунан 2019-жылдын 19-мартына чейин)

Компартиясынын съездинде сындап чыккан.[87] Кунаев менен Назарбаев жөнүндөгү материалдарды "facebook" кеңири жарыялаган.[88]

1986-ж. февраль айында КПССтин XXVII съезди өтүп, анда М.Горбачев баштаган жетекчиликтин жүргүзүп жаткан ички жана тышкы саясаты жактырылып, тандап алынган жол туура экендиги белгиленген. Съездде партиянын программасынын "жаңы редакциясы" кабыл алынып, анда 1980-жылга карата коммунизмдин негизин куруу ишке ашпаганына байланыштуу жаңы "жакшырган (совершенствование) социализмди" куруу курсу менен алмаштырылган.

М.С.Горбачевдун 1985 – 1988-жылдардагы эң негизги иш-чараларынын бири антиалкоголдук кампания болгон. 1985-жылы 7-майда КПСС Борбордук Комитети менен СССР Министрлер Совети "Аракечтикти жана алкоголизмди жоюу жана самогон кайнатууну жок кылуу боюнча чаралар жөнүндө" токтом кабыл алышкан. Өлкөдө өкүм сүрүп, күчөп бара жаткан терс көрүнүш болгон "аракечтик" социалдык оор ооруга айланганына каршы күрөшүү боюнча жер-жерлерде иш-чаралар

87. Назарбаев Н.А. Без правых и левых. Страницы автобиографии, размышления, позиции. Ответы на вопросы издательства. -М., 1991. С. 155–163; Островский А.В. Глупость или измена? Расследование гибели СССР. -М.: Крымский мост-9Д — ФОРУМ. 2011. – 114 – 128-б. (Раздель: Операция «МЕТЕЛЬ – 1986).

88. Кара: Дінмұхамед_қонаев.Ол КІМ, Бұл НЕ?. 2020, 2 декабрь, 15:06. Как Назарбаев и Горбачёв предали Кунаева. https:// www.facebook.com/hashtag/дінмұхамед_қонаев; https://www.facebook.com/hashtag/желтоқсан_1986;https://www.facebook.com/hashtag/%D0%B4%D0%B5%D0%BA%D0%B0%D0%B1%D1%80%D1%8C_1986

иштелип чыккан. Кабыл алынган чечимге ылайык алкоголь ичимдиктери социалдык объектилерге (бала бакчалар, мектептер, ооруканалар, коомдук эс алуучу жайлар ж.б.) жакын жерлерде сатылуусуна тыюу салынып, арак-вино сатылуучу дүкөндөр кыскартылып, сатуу убактысына да чектөөлөр киргизилген.

Аракечтикке каршы катуу штраф салуу, кызмат адамдарын иштен бошотуу жана партиядан чыгаруу менен күрөш жүргүзүлгөн. "Сергектик — жашоонун нормасы" деген ураандын астында советтик пропаганда жүргүзүлгөн. Алкоголсуз банкеттер, үйлөнүү үлпөттөрү тренд болуп, кино тасмалардан алкоголдук көрүнүштөр кыркылып салынган. Жогортодон бул ичимдиктин түрүнө тыюу салынуусу өлкөдө кескин баш аламандыкты жараткан. Дүкөндөрдө спирт ичимдиктерине болгон учу-кыйры жок кезек күтүүлөр, жашыруун самогон кайнатышкан кызыл кулактар, наркомандар, таксикомандар көбөйгөн. Техникалык спирттен, ар түрдүү уулуу заттардан пайдаланган таксикомандар отравление болушуп, жаны кыйылгандардын саны өскөн. Ал эми советтик экономика ондогон миллиард сом (рубль) кирешеден айрылган.[89]

Ошол эле учурда бул көмүскө экономиканын кескин өсүшүнө күчтүү түрткү берген. Самогон өндүрүү кескин өскөн. Мисалы, союз боюнча самогон

89. 36 лет назад в СССР ввели последний и самый жесткий сухой закон. Вспоминаем, как в Советском Союзе боролись с пьянством и постоянно проигрывали (в архивных фото, плакатах и карикатурах) 08:00, 7 мая 2021. https://babel.ua/ru/texts/63280-36-let-nazad-v-sssr-vveli-posledniy-i-samyy-zhestkiy-suhoy-zakon vspominaem-kak-v-sovetskom-soyuze-borolis-s-pyanstvom-i postoyanno-proigryvali-v-arhivnyh-foto-plakatah-i-karikaturah

кайнатууга 1985-жылы 7850 миң тонна карт сарпталса 1987-жылы 9280 миң тоннага чейин (18%ке) өскөн. БФ клейин сатуу 1985-жылдагы 760 тоннадан 1987-жылы 1000 тоннага чейин өскөн; айнек тазалоочу суюктуктар - 6,5 миң тоннадан 7,4 миң тоннага чейин; дихлофос - 115тен 135 миллион баллонго чейин.[90]

СССР КГБнын Председатели В.М.Чебриков 1986-жылдын 27-октябрында: "Тиш жуугуч пастасын дүңүнөн сатып алып, анан пастаны нанга сүйкөп, нан пастадагы спиртти сиңирип алгандан кинин тазалап, ошону менен алкоголдун ичкиликке болгон муктаждыгын канааттандырып жатканы тууралуу бизде далилдерибиз бар. Мына ушундай абалга жеттик" – деп айткан.[91]

М.С.Горбачевдун экс-кеңешчиси Г.Х.Шахназаров "алкоголдук ичимдиктерге каршы кампания өлкөгө 100 миллиард рубль зыян келтирди" деп жазган.[92]

Алкоголдук ичимдиктерге каршы кампаниялар Советтер Союзунда бир нече жолу – 1920, 1950, 1970-жылдары жүргүзүлгөн. Методдор стандарттуу болгон: алар спирт ичимдиктерин сатууга, өнөр жай ишканаларынын жана транспорт терминалдарынын жанында арак сатууга тыюу салышкан, спирт ичимдиктерин өндүрүүнү чектеп, үгүт иш-

90. Известия ЦК КПСС № 1, 1989 г., "О некоторых негативных явлениях в борьбе с пьянством и алкоголизмом (информация)"

91. В Политбюро ЦК КПСС... По записям Анатолия Черняева, Вадима Медведева, Георгия Шахназарова (1985–1991) Сост. А.Черняев, А. Вебер, В. Медведев. Издание 2-е, исправленное и дополненное. — М.: Горбачев-Фонд, 2008. С. 93

92. Шахназаров Г. Х. С вождями и без них. М., 2001. С. 296.

терин активдүү жүргүзүп, аракечтерди уят кылышкан. Бирок бири да оң натыйжа берген эмес.

1985 – 1988-жылдар ичинде шарап чыгаруучу заводдор кыскартылып, жүзүм өстүргөн чарбалар өндүрүш тармагын өзгөртүүгө мажбурланган. Кыргызстанда шарап өндүрүүчү атайын совхоз-комбинаттар иштеп турган. Ал чарбаларда жүзүмдүн өзгөчө шарап жасалуучу сорттору өстүрүлгөн. Горбачевдук реформанын негизинде жүзүм айдалган аянттар талкаланган. Минтип көп жылдык жумушчулардын эмгектери партиянын чечими менен кыска убакыт ичинде талаага кетип, жүзүмдөр түп тамыры менен жулунуп, ордуна башка эгиндер айдалган. Натыйжада, өнүккөн алдынкы миллионер винсовхозкомбинаттар банкрот болуп, заводдун тетиктери талоонго түшүп, республика эгемендүүлүккө ээ болуп, акаевдик башкаруу мезгилинде текейден арзан баага "прихватташтырылып", чарбалар жеке менчиктерге айланып, багытын өзгөртүп, Кыргызстан көп жылдык жүзүмдөрдүн уникалдуу өзгөчө сотторунан кол жууган.

Аракечтик менен күрөшүүнүн натыйжасында мамлекет казынага жыл сайын стабилдүү берип турган каражат булагынан ажыраган. Союздук бюджетке алкоголдук ичимдиктеринен түшүүчү жылдык каражаттын көлөмү ар башка булактарда ар кандай көрсөтүлгөнү менен, өлкө болжолдуу 37 миллиард рублден 200 миллиард рублге чейинки накталай киреше түшпөй калган.[93] Алкоголизмге каршы күрөшүүнүн жалпы жыйынтыгы оң натыйжа

93. Мухин М. Почему распался СССР? Журн.: "Актуальная история". http://actualhistory.ru/ussr-breakup-4

бербегени менен, кандайдыр бир деңгээлде калктын социалдык абалын өзгөртүүгө түркү болгон. Ичкичтердин саны кыскарган, араккорлуктун айынан ажырашкан үй-бүлөлөрдүн катары азайган, травматизм, өлүм, тентектик ж.б. жат көрүнүштөрдүн саны кескин кыскарган. 1989-жылы горбачевдун бул саясаты иш жүзүндө токтотулган.

1986-жылы "тездетүү" курсу толугу менен үзгүлтүккө учураган. Союз боюнча ишканалардын төрттөн бири өндүрүштүк пландарын аткара алышкан эмес, ал эми алардын 13%ы жылды чыгаша менен аяктаган. СССР жылдын жыйынтыгын болуп көрбөгөндөй бюжеттик дефицит менен аяктап, анын суммасы 17 млрд. рублди түзүп, ал геометриялык прогресс менен өсүүсү улантылган. Нефтинин дүйнөлүк баасынын көтөрүлүүсүнөн үмүттөнгөн М.Горбачев, кыйын кырдаалды жеңилдетүү үчүн Батыш өлкөлөрдөн кредит алууга мажбур болгон. Рублдин реалдуу баасынын кескин төмөндөөсүнө байланыштуу четтен алган кредиттин куну кескин өскөн. Мисалы, валюта менен карызга алынган кредиттин өлчөмү 1985-ж. 27,2 млрд. доллар болгон болсо, 1988-ж. – 40,8 млрд., ал эми 1990-ж. - 57,6 млрд. долларга өсүп жеткен.[94] СССРдин жалпы тышкы карызы 1990-ж. аягында 76 млрд. долларды түзүп, алтындын запасы 1985-ж. салыштырганда 10 эсеге, башкача айтканда, 300 тоннага чейин кыскарган.[95]

94. Соколов А.К., Тяжельников В.С. Курс советской истории. 1941-1991. -М.: Выс.школа, 1999. С., 186

95. Перестройка Горбачева. Общественно-политический кризис и государственной переворот 1991 г. Разрушение СССР и

1987-ж. январынан тартып өндүрүштүн төмөндөөсү башталып, аны токтотуп, жөнгө салууга мамлекеттин чамасы келбей, өлкө терең экономикалык кризистин кучагында калган. Реформаны жандандырууга болгон аракет улантылган. Ушул эле жылы хозрасчеттук социализм концепциясынын негизинде экономикалык реформаны ишке ашыруу улантылган. Жеке секторлордун өсүп чыгуусуна реформа түрткү берген. 1988-жылы кооператив жөнүндө жана жеке эмгек ишмердиги жөнүндө мыйзамдар кабыл алынган. Бул мыйзамдар арендалык мамилелердин өнүгүүсүнө түрткү берген. Бирок жерди жеке менчикке берүү мыйзамы кабыл алынган эмес.

Тездетүү концепциясы күткөндөй натыйжа берген эмес. Өлкөдө кризис маселеси күч алгандыктан бир канча топ белгилүү экономист-окумуштуулар менен чарбада иштеген кесипкөйлөр антикризистик программаларды иштеп чыгып, аны бийликке сунушташкан. С.Шаталин менен Г.Явлинский жетектеген экономисттер тобу 500 күндүн ичинде экономикалык кризистен алып чыгуу программасын сунушташкан. “500 күндүк” программа консерваторлор тарабынан документ иретсиз жана чала даярдалган деген аргументтер менен М.С.Горбачевду андан баш тартууга мажбурлашкан.

Бирок СССР ИАнын экономика Институтунун директору, академик Л.И.Абалкин жетектеген топтун программасы кабыл алынган. Бул про-

провозглашение СНГ. http://histerl.ru/otechestvennaia_istoria/noveishee_vremia/perestroika_gorbacheva.htm

граммага СССР Министрлер Советинин председатели Н.И.Рыжков да активдүү катышкан. Н.И.Рыжковдук—Л.И.Абалкиндик программа менен мамлекеттик экономикалык сектордо реформа жүргүзүү 5-6 жылга эсептелип, жеке менчик сектору мамлекеттин көзөмөлүндө болуусу каралган. Кредит, баа саясаттары, борбордук камсыздандыруу системалары ж.б. боюнча практика жүзүндө реформалар жүргүзүлгөн эмес. Өндүрүштүн кескин кыскаруусу өнөр жайында эле эмес, айыл чарба продукцияларына болгон тартыштыктын да күч алышына себеп болгон. Калктын кирешеси кризисттик абалда калып, эл чарбасындагы экономикалык реформаларды ишке ашырууга мүмкүнчүлүк нөлгө барабар болуп калган.

СССРдин жалпы калкы негизинен радикалдашкан экономикалык реформага даяр эмес болгон. Союздун элинин басымдуу көпчүлүгү кайра куруудан эч нерсе уткан жок. Тескерисинче, экономиканын рыноктук мамилеге өтүүсү жашоодогу көнүмүш болуп калган баалуулуктардын бузулууларына алып келген. Маселен, жашоодогу көнүмүш болгон стабилдүү, коопсуз, тынч шарттардын жана социалдык адилеттүүлүктүн бузулуулары менен коомдо негативдүү көрүнүштөр кеңири кулач жайган. 1990-жылга чейин тамак-аштын тартыштыгынан эл азап тартып келсе, эми айлык акынын өтө эле төмөндүгү жана бардык товарларга болгон баанын жогорулугу совет калкынын көкөйүн кескен.

Реформалардын жүрбөй калгандыгынын эң негизги себептери болуп, биздин оюбузча: программалар илимий-практикалык жактан терең изилденип, иштелип чыкпагандыгы; тажрыйба

жүргүзүлүүчү атайын чарбалардан экспертизалык сыноолордон өтпөгөндүгү; административдик-буйрукчул бийликтин жогортодон ылдыйкыларга күчтөп таңуулоосу; региондордун ортосундагы айырмачылыктардын, өндүрүштүк чарбалардын өзгөчөлүктөрү эске алынбагындыгы; реформа жүргүзүлүүчү субъектилердин жумушчу коллективдеринин моралдык-психологиялык, идеологиялык жана теориялык жактан даярдыгы жоктугунун натыйжалары эсептелет.

Ар кандай реформа этап этабы менен ар бир тармактын өзгөчөлүктөрүнө жана даярдыктарына карата өтө этияттык менен өтүлүүсү абзел. Мындан тышкары, экономикалык реформа жүргүзүүдөн мурда өлкөдө агитатор-пропагандисттердин чоң армиясын атайын окуу курстарынан өткөрүп, аларга реформаны жүргүзүүнүн маани-маңызы, максаты, келечеги, жыйынтыгы боюнча, ошону менен катар социалисттик өндүрүштү өнүктүрүүнүн жолдору менен капиталисттик өндүрүштү өнүктүрүүнүн жолдорунун айырмачылыктары, рыноктук экономиканын негизги мыйзамдары жөнүндө кеңири түшүнүк берилип, аларды региондорго реформа өткөрүүгө коомду даярдоо үчүн жөнөтүү милдет болчу. Кандай гана мыкты жөрөлгө болбосун коомчулук кабыл албаса, анын ишке ашуусу күмөн болот. Мамлекетте мыйзамдуулук толук кандуу иштеп, өлкө башындагылар жүргүзүлүүчү реформалардын себептерин жана максаттарын коомчулукка жеткиликтүү түшүндүрүү менен, алардын колдоосуна ээ болсо, ар кандай реформанын ишке ашырылуусу жеңил болот.

Горбачевдук башкаруу мезгилиндеги СССР Министрлер Советинин Председатели Н.Рыжков 2014-жылы “Известияга” интервью берген. Интервьюсунда ал өлкөдө кардиналдуу экономикалык реформаны жүргүзүү Андроповдон башталганын белгилейт. Ал: “БКнын Генкатчысы болуп дайындалгандан бир айдан кийин Горбачевду, Долгихти жана мени өзүнө чакырды. Реформанын зарылдыгы жөнүндө өтө көп айтылууда, – деди. Экономикада принципиалдуу маселелер чогултулду. Мамлекеттик деңгээлде реформалардын концепциясын жана аны турмушка ашыруунун программасын иштеп чыгуу зарыл. Ушул маселелердин үстүндө иштөөнү бизге тапшырды”, – деп айткан.[96] Тилекке каршы Андропов максатына жетпей дүйнө салган.

Андан ары журналисттин: “...Горбачев өлкөдөгү өзгөрүүлөрдүн демилгечиси катары атак-даңкка татыктуубу?” – деген суроосуна Рыжков: “Эгерде сөз өзгөрүүлөр жөнүндө болсо, анда демилгечи баары бир Андропов болгон деп эсептөө керек. Партиянын БКнын апрель пленумундагы Горбачевдун белгилүү докладында айтылган өлкөгө реформанын зарылчылыгы жөнүндөгү тезиси, жаңы Генсектин билдирүүсү эмес. Бул доклад толугу менен 1983-жылдан баштап биз иштеп, даярдаган концепциялардын жоболорунан турат. Горбачевдун докладын даярдаганга жардамды биз бергендигибизди белгилегим келет. Горбачевдун докладынан кийинки ага карата болгон атак-даңкка

96. Давтян Паруйр. Интервью, 26 сентября 2014. «Горбачева не страна интересовала, а то, как он выглядит на ее фоне» Николай Рыжков — об «отцах перестройки», золоте партии и предательстве. https://iz.ru/news/575877

андан кийинки окуялар себеп болду деп ишенем. Горбачев жөн гана реалдуулук сезимин жоготкон. Ал Мессиямын[97] деп өзүн эсептеген. Аны өлкөнүн келечеги кызыктырган эмес, ал анын фонунда кандай көрүнөрү кызыктырган...

Горбачевдон жакшы диний үгүттөөчү же марксизм-ленинизмдин окутуучусу чыкмак, ал эми бийлик ага карама-каршы келет (противопоказана)..." – деп айткан.[98]

Горбачевдук кайра куруу боюнча мамлекеттик деңгээлде эч кандай иштелип чыккан программа болгон эмес. Рыноктук механизмге "калтаароо (шоковая) терапиясын" киргизүү менен проблеманы чечүүгө аракет жасашкан. Рыжков интервьюсунда: "Волынский дачасында" иш башталган. Горбачев Яковлев жана Медведевдер менен кезектеги пленумга даярданышкан. Мени чакырышып, идеяны билдиришип, – "рынок өзү бардыгын жөнгө саларын" айтышты. Бир эле мезгилде өлкөгө рыноктук системаны киргизүү мүмкүн эместигин, болгону эки эле банк бар экендигин – Борбордук банк менен Промстройбанк бардыгын айтып, далилдей баштадым. Рынокту түзүү үчүн акырындык менен, оболу мыйзамдарды, биринчи кезекте салыктарды ылайыкташтыруу зарылдыгын

97. Мессия - адамзатты куткаруучу Кудайдын элчиси. Иудаизмде - "машаяк" деген сөз, каймана мааниде "духовный лидер" деген маанини билдирет жана "падыша".

98. Давтян Паруйр. Интервью, 26 сентября 2014. «Горбачева не страна интересовала, а то, как он выглядит на ее фоне». Николай Рыжков — об «отцах перестройки», золоте партии и предательстве. https://iz.ru/news/575877

жана баа саясатын түзүү керек экендиктерин айтып, мен катуу турдум".[99]

Өлкөдө аномалдык абал түзүлгөн. Эл үчүн эң маанилүү маселелер божомолдорго таянуу менен чечилип, эч ким ачык айтууга батына алган эмес. Бирок массалык жалганчылыктан радикалдуу этикалык нигилизм пайда болгон. Кайра куруу "Көп (арбын) социализм! (Больше социализма!) жана Көп социалдык адилеттүүлүк! (Больше социальной справедливости!)" деген лозунгдун астында жүргүзүлгөн.

Башкача айтканда, горбачевдук командандын өлкөгө таңуулаган кайра куруунун жыйынтыгы менен советтик коомду батыштын тибиндеги буржуазиялык коомго айлантууну А.Яковлев алдын ала көргөн.[100] "Эгерде мен: "Жигиттер, бүттү, башка доор башталат", – деп айткан болсом, мени дубалга такап атып салмак. Кайра куруунун алгачкы мезгилдеринде бизге анча-мынча калп айтууга, эки жүздүүлүк, арамдык кылууга туура келген. Башка жол жок болгон. Тоталитардык түзүлүштүн өзөгүнө – тоталитардык коммунисттик партияга карата биз аракетибизди мобилизациялообуз керек болгон, кайра куруунун өзгөчөлүгү ушунда", – деп айткан Яковлев "Вечерняя Москвага" берген интервьюсунда.[101]

2003-жылы кайра куруунун идеологу академик А.Яковлев ачык эле мындай эскерген:

99. Ошонун өзүндө.

100. Яковлев А.Н. Омут памяти. / Александр Яковлев. – Москва: Вагриус, 2001. – 250-251-б.

101. Яковлев А.Н. Нам приходилось лгать и лицемерить / Вечерняя Москва. 2001.11 июля. Островский А.В. Глупость или измена? Расследование гибели СССР. –М.: Крымский мост-9Д — ФОРУМ. – 2011, 55-б.

"Иштин кызыкчылыгы үчүн чегинүүгө да, эки жүздүүлүк кылууга да туура келген. Мен өзүм да күнөөлүүмүн, бир топ жолу арамдык, эки жүздүүлүк кылгамын. "Жаңыланган социализм" жөнүндө айтканмын, бирок өзүм билгенмин, иштин кайда бара жатканын... Документалдуу далилдер бар – 1985-жылдын декабрында Горбачевго жазылган менин запискам бар, б.а., кайра куруунун эң башында. Анда баары жазылган: альтернативдүү шайлоолор, айкындык, көз карандысыз сот өндүрүшү (судопроизводство), адам укуктары, менчиктин плюрализминин формалары, Батыш өлкөлөрү менен интеграция... Михаил Сергеевич окуду да али эрте деп айтты. Менин оюмча, советтик түзүлүштү жок кылууга убакыттын жеткенин ал ойлогон жок".[102] Запискадагы идеяга ал тарабынан каршылык болгон эмес, бирок аларды турмушка ашыруунун "убактысы келе элек", – деп эсептеген ал.[103] Эгерде Яковлевдин берген интервьюсундагы айтканына ишенсе, ага Горбачев: "Эрте, Саша, эрте", – деп айткан.[104]

Горбачев менен мамилесин жакшыртып, Генсектин ишеничине толук киргенден кийин көп баракта турган запискасын ага бергенин Яковлев биринчи жолу ачыкка 1994-жылы "Общая газетасына" жарыялаган. Кийинчерек "Сумерки"

102. Яковлев, А. Н. Сумерки: [Размышления о судьбе России] / Александр Яковлев. – Изд. 2-е, доп. и перераб. –М.: Материк, 2005. – 35-б, (672 с.). - Источник: http://www.yeltsincenter.ru/books/sumerki;

103. Яковлев А.Н. Сумерки. 250-б.

104. Жирнов Е. Он хотел обвести партию вокруг пальца // Коммерсант - Власть. 2000. №10. 14 марта. С. 53-56 (интервью А.Н. Яковлева).

аттуу китебинде ал записка жөнүндө кеңири түшүнүк берүү менен жарыялаган. Яковлев катка "Саясий өнүгүүнүн императивдери" – деген тема менен Горбачевго жиберилгени айтылып, анын негизги жоболору жөнүндө мындай жазылган:

а) тышкы сооданын монополиясын трансформациялоо;

б) соода менен тейлөө тармактарын кооперативдик башталышка өткөрүү;

в) толук хозрасчетко өтүү;

г) демонстрацияларга чыгуу, сөз эркиндиги, абийир, басма сөз, чогулуштарды өткөрүү укуктарын кеңейтүү;

д) личностукка, мүлккө жана турак-жайга кол тийбестик;

ж) сот бийлигинин реалдуу көз карандысыздыгы;

з) альтернативдүү шайлоо;

и) КПССти эки партияга бөлүү"[105] маселелери каралганды белгилейт.

Горбачевго жазган катында Яковлев Советтер Союзун марксизмден баш тартууну сунуштап, анын ордуна "кайра куруунун негизги шарттары" катары: "рыноктук экономиканы", жеке

105. Яковлевдин Горбавчевго жиберген "Саясий өнүгүүнүн императивдери" аттуу запискасынын жаралуу тарыхы жана текстин түп нускасы, коментарийлери менен кенен таанышуу үчүн караңыз: Яковлев А.Н. Сумерки. 9-12-б.; Наивность демократии беспредельна. Фрагмент из новой книги А.Н. Яковлева «Реформация в России и большевизм» // Общая газета. 1994. №4. 28 января - 3 февраля. 4-б. Кара: Яковлев А.Н.: 1) Горькая чаша. 205-212-б.; 2) Омут памяти. 246-251-б.; 3) Перестройка: 1985-1991. Неизданное, малоизвестное, забытое . М, 2008. 28-38-б.

менчикти жана "демократия менен айкындыкты" киргизүүнү сунуштаган.[106]

Реформанын чыныгы долбоору граждандарга белгисиз болгон, ал эми ойлонууга убакыт болгон эмес, тынымсыз келип түшүп жаткан жаңжалдар жөнүндөгү кабарлар, катастрофалар менен кылмыштуулуктун болуп көрбөгөндөй күч алуусу, алардын "эстерине келүүсүнө мүмкүнчүлүк берген эмес". Кайра куруунун идеологуна "калп айтууга жана эки жүздүк кылууга" туура келгендигин Яковлев ачык моюнга алып келген.[107] Ал өзүнүн "Сумерки" аттуу эмгегинде: "Кырдаал эки жүздүүлүккө мажбурлаган. Айрым нерселерди эбин таап буйтап, унчукпай, жашырууга туура келген. Бирок коюлган максатка жетишүүдөгү "таза" күрөштө, баарынан мурда, аягы абак, лагерь, өлүм, түбөлүк даңк же түбөлүк каргыш менен бүтмөк. Албетте, бул жерде нравалык конфликт турган иш, бирок да айла жок, ушундай болгон. Кимдир бирөө ысык-суугуна күйүп, бок-сактарына жуурулуу керек болгон. Ансыз Россияда реформа жүрмөк эмес... Айтчы, мисалы, ошол мезгилдеги жогорку саясий деңгээлде индустриялаштырууну талкалаган милитаристтик багыт жөнүндө, кейпи бузук коллективизация тууралуу, талкаланган идеология жөнүндө, мамлекеттин жана партиянын террористтик мүнөзү жөнүндө. Андан эмне чыкмак? Андайларды айтышкан авторлордун "айыштарын ачуу" боюнча кезектеги спектаклден башка жолдуу эч нерсе болмок эмес", – деп жазган.[108]

Горбачев жана анын командасы кайра куруу процессин эч кандай программасыз жүргүзүшкөндүктөрүнүн натыйжасы СССРдин кыйроосу менен аяктаган. "Кайра куруунун" архитектору катары Яковлевден программа жөнүндө сураганда, ал: "Кызык, "кайра куруунун" планын сиз өзүңүз кандай элестетесиз? Бул эмне, министрликтер менен ведомстволордун, МККны кошуп макулдашылып, саясий бюродо бекитилген иш-чаралардын тизмесиби? Андай план чындыгында болгон эмес жана болушу да мүмкүн эмес. Ким сунуш кыла турган болсо, ошол замат дубалга такалып, жазаланмак", – деп жооп берген.[109] Яковлев 2005-жылы жарыкка чыккан "Сумерки" деген китебинде: "...1985-жылы кайра курууну эч кандай плансыз жана ал турсун идеясыз башташкан деп, мазаны алып тастыкташкан сынчыларга жооп берүү азыр орундуу деп эсептеймин.

Ал эми планга келсек, анда ал болушу да мүмкүн эмес. Коомдук системанын алмашуусуна байланыштуу кескин коомдук өзгөрүүлөр мезгилинде белгиленген так программа, ал турсун аракеттенүүнүн расписаниеси да болуусу мүмкүн эмес...," – деп жазган.[110]

---

106. Яковлев А.Н. Сумерки. 9-12-б.; Тезисы А.Н. Яковлева об основных слагаемых перестройки // Александр Яковлев. Перестройка: 1985-1991. 63-69-б.

107. Яковлев А.Н. Нам приходилось лгать и лицемерить / Вечерняя Москва. 2001, 11 июля.

108. Яковлев А.Н. Сумерки: [Размышления о судьбе России] – 2005. – 35-б. - Источник: http://www.yeltsincenter.ru/books/sumerki; Кара-Мурза С. Русский путь. Вектор, программа, враги. -М., 2014. 14-б. https://unotices.com/ book.php?id=4.

109. Яковлев А. О перестройке, демократии и «стабильности».// — Независимая газета. — 2003. — 2 дек.

110. Яковлев, А. Н. Сумерки: [Размышления о судьбе России] – 2005, 5-б.

СССРдин КГБнын председатели В.Крючков[111] өзүнүн жазган "Личное дело" – деп аталган китебинде: "Кайра куруунун эч кандай программасы болгон эмес. Адамдар түшүнүүгө кыйын болгон бул ураан эмнени билдирерин жоромолдошуп, чаташтырып да калышкан. Горбачевдун көп сүйлөгөн сөздөрүн унчукпай уга бербестен биз эмнеге бара жатабыз, кайсы максатты көздөйбүз, конкреттүү жана келечектүү кайсы маселелерди чечерибизди билүүгө аракеттенгенбиз", – деп жазган.[112]

Чындыгында, программа боюнча иш-чараларды Горбачевдун жакын соратниктер тобу: Яковлев, Болдин, Лукьянов,[113] Вольский, Медведев, Биккенин, Абалкин, Заславская, Смирнов жана башкалар дүрбөлөңгө түшүшүп, тездик менен Волынское – 2 мамлекеттик дачасында иштелип жатканын жана ага Яковлевдин жетекчилигинде иш жүргүзүлгөндүгүн алар өздөрүнүн мемуарларында жазышкан.[114] Тарыхчы, окумуштуу А.Островский чоң топтомдогу документалдык

111. **Крючков Владимир Александрович** (1924 – 2007) – советтик мамлекеттик ишмер. СССР КГБнын председатели (1988 – 1991). Ю.Андроповдун жакын соратниктеринин бири. Армиянын генералы(1988). 1991-ж., август СССР ГКЧПнын мүчөсү.

112. Крючков В.А. Личное дело. / Владимир Крючков. – М.: Изд-во Эксмо, 2003. – С.257.

113. **Лукьянов Анатолий Иванович** (1930 – 2019) – советтик жана россиялык партиялык жана мамлекеттик ишмер. КПСС БКнын секретары (1987 – 1988), КПСС БКнын Саясий бюросунун мүчөсү (1988 – 1990) СССР Жогорку Советинин акыркы председатели (1990 – 1991).

114. Смирнов Г.Л. Уроки минувшего. – М., 1997, 164-б.; Черняев А.С. Совместный исход. Дневник двух эпох. 1972–1991. – М., 2008, 657-б.

материалдардын негизинде кайра куруу боюнча изилдөөлөрүнө таянып: "Эч кандай программа болгон эмес, өзгөртүлүүнү тобокелчиликке салуу менен, көздү жумушуп иштешкен деп, бир жактуу бүтүм чыгаруу чындыкка дал келбейт. Ошондой болсо да программа болгон эмес деген көз караштагылар менен макул болуучу бир жагдай бар. Чындыгында кайра куруунун концепциясы боюнча бир да документ партиянын съездинде же КПСС БКнын пленумунда, жок дегенде КПСС БКнын Саясий бюросунда каралып, бекитилген эмес. Мындан тышкары, кайра куруу жөнүндө аталган концепциянын иштелип чыкканы тууралуу партиялык органдардын бирине да кабарланган эмес", – деп жазган.[115] Документ жогорку партиялык жыйындарда кайра куруунун концепциясы каралып, бекитилбегени менен коомчулуктун аң-сезимин өзгөртүү максатында партиялык-мамлекеттик агитациялык жана пропагандалык күчтүү машина толук кандуу тынымсыз иштетилген.

Советтер Союзунда көп жылдар бою партиялык-мамлекеттик бийлик башындагылар үчүн ыйык милдет болуп калыптанып калган эреже болгон. Ал эреже эл чарбасын өнүктүрүүнүн планы менен кийинки жылдын бюжети биринчи кезекте КПСС БКнын Саясий бюросунда каралып жактырылгандан кийин, бул эки маселе БКнын пленумуна чыгарылып, бекитүү үчүн СССР Жогорку

115. Кара: Островский А.В. Глупость или измена? Расследование гибели СССР. -М. 2011. — 864 с. http://www.pseudology.org/people/Ostrovsky_Glupost_ili_Izmena2.pdf; Кара-Мурза С. Русский путь. Вектор, программа, враги. -М. 2014. – 14-б. https://unotices.com/ book.php?id=4;

Советине жиберилип, сессияда бекитилген. Бул эрежени Горбачев 1985-жылдын күзүнөн баштап өзүм билемдик менен бузгандыгын кремлдик жетекчилер билишсе да, кызмат орду кымбат болгондуктан, үн катышканга жарашкан эмес. Ал эми коомчулук тарабынан көп деле маани берилбей калган.

1986-жылдын планы менен бюджети 1985-жылы КПСС БКнын пленумунда каралбастан[116], Жогорку Советтин сессиясы тарабынан бекитилген.[117] Ушундай эле жолдор менен бул эки маанилүү маселелер 1986,[118] - 1987[119] - жана 1988[120]-жылдары формалдуу түрдө бекитилген. Ал эми 1989-жылы мамлекеттик маанилүү бул эки документ партиянын пленумунда эле эмес, КПСС БКнын Саясий бюросунда да каралбастан, түз эле СССР Жогорку Советинде бекитилген.[121]

116. Информационное сообщение о пленуме Центрального Комитета Коммунистической партии Советского Союза // Правда. 1985, 16 октября.

117. Четвертая сессия Верховного Совета СССР (одиннадцатого созыва), 26-27 ноября 1985 г. Стенографический отчет. -М., 1985. 292-298-б.

118. Шестая сессия Верховного Совета СССР (одиннадцатого созыва), 17-19 ноября 1986 г. Стенографический отчет. -М., 1986. 361 – 367-б.; Информационное сообщение о Пленуме ЦК КПСС // Правда. 1986, 7 марта.

119. Восьмая сессия Верховного Совета СССР (одиннадцатого созыва), 19-20 октября ноября 1987 г. Стенографический отчет. -М., 1987. 259-266-б.; Информационное сообщение о Пленуме ЦК КПСС // Правда. 1987, 22 октября

120. Одиннадцатая сессия Верховного Совета СССР (одиннадцатого созыва), 27-28 октября 1988 г. Стенографический отчет. -М, 1988. 286-293-б.; Информационное сообщение о Пленуме ЦК КПСС // Правда. 1988, 1 октября.

121. Ненашев В. Последнее правительство СССР. Личности. Свидетельства. Диалоги. -М, 1993. 40-б. (интервью Н.И. Рыжкова);

1985-жылы Горбачев партиянын Генкатчысы болуп шайлангандан кийин, партиялык жана мамлекеттик бийликти өз алдынча бөлүү боюнча биринчи кадамды баштаган, тагыраак айтканда, бийликтен партияны четтетүүнүн алгачкы аракеттери жүргүзүлгөн.[122] Генералдык катчы Горбачевдун КПССтин XXVII съездинде жасаган докладында биринчи жолу партиялык аппараттын ишин "жеңилдетүү" зарылчылыгы жөнүндө өтө этияттык менен болсо да, жетишерлик түрдө так маселени койгон. "Партиялык комитеттердин функцияларын мамлекеттик жана коомдук органдардын иштерине аралаштырууга партия чечкиндүү каршы чыгат".[123] "Партия, – деген, Горбачев докладында, – саясий жетекчиликти ишке ашырат, өнүгүүнүн генералдык келечегин аныктайт... Конкреттүү чарбалык жана социалдык-маданий маселелерди чечүү жолдору менен ыкмаларына карата айта турган болсок, анда бул жерде башкаруунун ар бир органына, эмгек коллективдерине, чарбалык кадрларга кеңири тандоо эркиндиги берилет", – деген.[124] Ушуну менен, иш жүзүндө КПСС мамлекеттик башкаруудан четтетилүүгө алып баруучу жол аныкталган.

Партиянын съезди аяктагандан кийин, 12-мартта КПСС БКнын катчылары менен СССР Министрлер Советинин председателинин орун

Кеңири кара: Островский А.В. Глупость или измена? Расследование гибели СССР. 53 – 54-б.

122. Островский А.В. Глупость или измена? Расследование гибели СССР. С.53.

123. XXVII съезд Коммунистический партии Советского Союза. 25 февраля - 6 марта 1986 года. Стенографический отчет. Т. 1. С. 105.

124. XXVII съезд Коммунистический партии Советского Союза.

басарларын чогултуп, Горбачев жыйын өткөрүп, ишти ящикке катып, көпкө кармабай, тез арада "экономиканы децентрализациялоо маселесин биринчи планга чыгаруу" боюнча тапшырма берген.[125] Яковлев мыдайча эскерген: "XXVII съезддан кийин 1986-жылдын 13-мартында Саясий бюронун жыйынында менин абдан реалдуу, жеке запискама ылайык, Горбачев өзүнүн Кайра куруу программасын баяндаган".[126]

14-мартта массалык маалымат каражаттарынын жетекчилери менен БКда жыйын өткөрүп, Горбачев кең доклад менен чыгып сүйлөп, СССР илимий-техникалык революция тармагынан артта калганын белгилеп, СССР өнөр жай өндүрүшүндө эмгек өндүрүмдүүлүгү "өнүккөн капиталисттик өлкөлөрдөн" дээрлик 2,5 эсе, ал эми айыл чарбасында 5 эсе артта калгандыгын айткан. "Ошондуктан, – деп констатациялаган Генералдык катчы, – социализм – андай түзүлүш эмес, өнүгүүнүн ылдам темпин камсыз кыла тургандай..." – деген.[127] Ал эч бир камырабастан: "социализмдин рамка-сынан сырткары бышып-жетилген маселелерди чечүү боюнча сунуштарды караштыруу мүмкүн-чүлүгү түзүлдү... Балким, мен өтө эле курч баа берип жаткандырмын, бирок кандай болбосун, бул багытка ыктоо көбүрөөк каралууда" – деп, капиталисттик түзүлүшкө карата маселелер партиянын БКда

125. Из выступлений на совещании секретарей ЦК КПСС и заместителей председателя Совета министров СССР по выполнению решения XXVII съезда КПСС // Горбачев М.С. Собр. соч. Т. 3. 419-420-б.; Горбачев М.С. Понять перестройку. 80-б.

126. Яковлев А.Н. Сумерки. 474-б.

127. Горбачев М.С. Собр. соч. Т. 4. - М.: Весь мир, 2008. – 428-б.

каралып жаткандын билдиген Горбачев.[128] Демек, бийликке келгенге чейин эле Горбачевдун көз карашы советтик түзүлүшкө каршы калыптанган. СССРдин "эки чылбыр, бир тизгини" колго тийгенден баштап, Горбачев тегерегине өзүнө окшогон антисоветтик көз караштагы санаалаштарын топтоп, советтик түзүлүштүн пайдубалын уратуу максатында "революциялык кайра куруу" саясатынын арты менен түпкүрдөгү максатын жүзөгө ашыруунун үстүндө иш жүргүзгөн.

Брежневден кийин өлкөдө өкүм сүргөн дүйнө таанымдын вакууму менен идеологиялык солгундоонун ордун толтурууда горбачевдук бригада (Горбачев, Яковлев, Шеварнадзе) учурду ийкемдүү пайдаланышып, коомчулукка, айрыкча, интеллигенцияга тымызын антисоветизмди кеңири жайылтууга багыт алышкан. Советтик түзүлүш "туура эмес" болгон, ал эми марксизм-ленинизмдин окуусу туңгуюкка алып баруучу догма деген түшүнүктү калктын аң-сезимине бекемдөө 1986-жылдан баштап официалдуу киргизилип, коомдук түзүлүштү радикалдуу өзгөртүүдө кайра куруу революциялык ролду ойногон деп билдиришкен.

1986-жылы 23-июнда БКнын секретарлары, бөлүм башчылары жана жардамчылары менен өткөрүлгөн жыйында Горбачев: "Кайра куруу – Революция. Революция акыл-эсте, өндүрүштө, өндүргүч күчтө, өндүрүш мамилелеринде, бардык надстройкаларда, бардык жерде", – деген.[129] Ал эми

128. Горбачев М.С. Собр. соч. Т. 4. - М.: Весь мир, 2008. – 428-б.

129. В Политбюро ЦК КПСС...: По записям Анатолия Черняева, Вадима Медведева, Георгия Шахназарова (1985-1991) / Сост. А. Черняев (рук. проекта), А.Вебер, В. Медведев; Горбачев-

31-июлда Хабаровск крайынын партиялык активинде ал: "Азыркы кайра куруу экономиканы эле эмес, ошондой эле коомдук турмуштун башка тараптарын да: социалдык мамилелерди, саясий түзүлүштү, духовноидеологиялык тармактарды, партиялык иштердин стилин жана методдорун, биздин бардык кадрларды кучагына алат. Кайра куруу көлөмдүү сөз. Мен кайра куруу менен революция деген сөздөрдүн ортосуна барабардык белги коймокмун. Кайта түзүүлөр, реформалар, партиянын Борбордук Комитетинин апрель Пленумунун жана КПССтин XXVII съездинин чечимдеринде белгиленгендей, – бул коомдун бардык системаларындагы, элдин акыл-эсиндеги жана жүрөгүндөгү биздин революция..."[130]

Горбачев жана анын соратниктери кайра курууга жамынып алышып, союздун калыптанып калган пайдубалын талкалоону токтотушкан эмес. Өлкөдө социалдык-экономикалык абал күн санап оордошо берген. Кайра куруу саясаты коомчулукка анархияны жана хаосту алып келген, каршы турушкан советтик жетекчилер ар кандай себептер менен кызматтан четтетилген.

Советтик мамлекеттик аппаратты тазалоо маховиги барган сайын күч алган. 1987-жылы 1-июлда Саясий бюронун жыйынында Горбачев

Фонд. –М.: – 2006, 53-б.; Черняев А.С. Шесть лет с Горбачевым. 89-90-б.; Островский А.В. Глупость или измена? Расследование гибели СССР, 70-б.

130. Островский А.В. Глупость или измена? Расследование гибели СССР, 70-б. Газ.: "Правда" 1986, 2 августа. Перестройка неотложна, она касается всех и во всем. Речь М.С. Горбачева на совещании актива Хабаровской краевой партийной организации 31 июля 1986 г. // Правда. 2 августа;

мамлекеттик мекемелерде, айрыкча, бардык министрликтерде штаттар чектен тыш, өтө эле кеңейтилгенин белгилеп, аппараттык кызматкерлерди 50%га кыскартууну талап кылган, "бир эле министрликтерде эмес, анын айланасындагыларды" да кыскартуу керектигин белгилеген.[131] Иш жүзүндө бул чакырык мамлекеттик бийлик органдарында кадрларды тоталдык кыскартууга карата болгон.

Бир жылдан кийин Горбачев: "Бизде 66% жаңы министрлер, 61% - обкомдун биринчи катчылары жана областтык аткаруу комитеттеринин председателдери, 63% - партиянын шаркомдору жана райкомдору жаңыланган" – деп кабарлаган.[132]

1987-жылы 28-майда 18 жаштагы немецтик любитель-учкуч Матиас Руст өзүнүн жеңил самолету менен эч кандай тоскоолдуксуз Москванын Кызыл аянтына конгон.[133] Ушунун шылтоосу менен Горбачев жогорку чиндеги советтик аскер кызматкерлерин тазалаган. А.Черняевдин билдирүүсүндө 150 генерал отставкага кетирилген.[134] О.Гриневскийдин билдирүүсүндө 300 генерал менен офицерлер

131. В Политбюро ЦК КПСС...: По записям Анатолия Черняева, Вадима Медведева, Георгия Шахназарова (1985-1991) / Сост. А. Черняев (рук. проекта), А.Вебер, В. Медведев; Горбачев-Фонд. –М., 2006, 200-б.

132. Через демократизацию к новому облику социализма. Встреча в ЦК КПСС // Правда. 1988, 12 мая.; Кара: Черняев А.С. Шесть лет с Горбачевым: По дневниковым записям. — М.: Прогресс-Культура, 1993. – 208-б.

133. Сел на красной площади. Самолет на красной площади. https://ishvetsov.ru/sel-na-krasnoi-ploshchadi-samolet-na-krasnoi-ploshchadi-u-tebya/; https://ru.wikipedia.org/wiki/%D0% A0%D1% 83%D1%81%D1%82,_%D0%9C%D0%B0%D1% 82%D0% B8%D0%B0

134. Черняев А.С. Шесть лет с Горбачевым: По дневниковым записям. — М.: Прогресс-Культура, 1993.– 160-б.

ээлеген кызмат орундарынан кол жуушкан.[135] 1987-жылы 30-майда БКнын Саясий бюросунун жыйынында С.Соколовду отставкага кетирүү чечими кабыл алынып, жаңы коргоо министри болуп Д.Язов дайындалган.[136] Горбачев: "1200 генералды пенсияга жөнөткөнбүз", – деп жазган.[137] Горбачев өзүнүн санаалаштарына: "Горбачевго оппозиция болушкан, мени жакында кетиребиз дешкен, мен дайым эле аларды кылчактап караган бакырчаак аскер адамдарынын жаактары жап болду", – деген.[138] М.Руст болбосо, горбачевдук башкарууга нааразы маанайдагы генералдарды тазалоо максатында атайы ойлоп табылган шылтоо болгон.

1987-жылы 17-апрелде Саясий бюронун жыйынында "Советтик коомдун жашоо турмушунун бардык тараптарын демократиялаштыруу" жаңылануунун өзөгүн түзүү керек, бардык саясий институттарда реформацияланууунун негизинде коомдук жаңы модели – "социализм – адамзаттын жүзү менен", – деген урааны көтөрүп чыгуу менен, анын маанисин ачыктап, Горбачев: "Таза социализм эмес, булганганын курууга туура келет". Ленин кандай ойлогон? Ири өнөр жайлар менен бийлик бизде, ал эми калган бардыгы – граждандардын

135. Гриневский О.А. Перелом. От Брежнева к Горбачеву. М.: Олма Медиа Групп, 2004. – 560-б.

136. Зенькович Н.А. Самые закрытые люди. От Ленина до Горбачева: Энциклопедия биографий. – М.: ОЛМА-Пресс, 2004. – 673-677-б.; Островский А.В. Глупость или измена? Расследование гибели СССР. 146-б.

137. Горбачев М.С. Жизнь и реформы. / Михаил Горбачев. – В двух книгах. – Кн. 1. – М. : Изд-во «Новости», 1995. – 358-б.

138.Черняев А.С. Шесть лет с Горбачевым.159-б.

толук демилгесинде, ишкерчиликке эркиндик берүү керек. Бул социализм дегенди билдирет", – деген.[139]

Генкатчынын социализм жөнүндөгү риторикалык сүйлөгөн сөзүнө терең ой жүгүртүп анализдегенде, 1987-жылы жүргүзүлүүчү экономикалык реформаны ал көп укладдуу рыноктук экономикага, башкача айтканда, НЭПке кайтарып келүү жөнүндө маселе козгогон. Анын пикиринде мамлекеттин колунда жалаң "ири өнөр жайлар" гана калуусу жетиштүү деп эсептеген. Ошондуктан ооз көптүрүп, "социализм – адамзаттын жүзү менен" деген чакырыктык билдирүүсү көз боёгон, көшөгө гана болгон. Чындыгында, ал экономикалык реформа жүргүзбөй эле, социалисттик деп аталган системаны демонтаждоону көздөгөн.[140]

1987-жылы 23-апрелде БКнын Саясий бюросунун жыйынына өлкөдөгү экономиканын абалы жана экономикалык реформа жөнүндөгү маселе чыгарылган.[141] 30-апрелде бул маселе боюнча талкуу улантылган.[142] Жыйында финансы министри Б.Гостев чыгып, өлкөдөгү финансылык кырдаалды төмөндөгүдөй баалаган: "Финансылык абал кризистин чегине жетип, инфляциялык процесс башталды. Киреше менен чыгашанын ортосундагы диспропорция – 300 миллиард. Сапатын жакшыртууга жамынышып, чекене бааларды жогорулатуу жашыруун жүгүзүлүүдө. 1982-жылдан баштап калктын реалдуу кирешеси токтотулган.

139. В Политбюро ЦК КПСС..., 169-б.

140. Островский А.В. Глупость или измена? Расследование гибели СССР, 148 – 149-б.

141. В Политбюро ЦК КПСС..., 169 – 172-б.

142. В Политбюро ЦК КПСС..., 169 – 172-б.

...Дүкөндөрдө май 3 руб.40 коп., ал эми мамлекет үчүн анын өздүк наркы – 8 руб. 20 коп., уйдун эти – 1 руб. 50 коп., аны өндүрүү – 5 руб. Эгерде эч нерсе өзгөрбөсө, дотациянын суммасы азык-түлүккө гана 100 млрд. рублге чейин өсөт", – деген.[143]

Тарыхчы-окумуштуу А.Островский статистикалык маалыматтардын негизинде: "Тилекке каршы Б.Гостевдин баяндамасынын тексти азырынча белгисиз. Бирок бул жерде көрсөтүлгөн бюджеттин тартыштыгынын көлөмү шек келтирүүдө. Анткени министрдин келтирген цифраларында же опечатка кетирилген, же абал иш жүзүндө аң-сезимдүүлүк менен бурмаланган. 1986-жылы чыгымдын жалпы көлөмү 420 миллирад рублди түзгөн. Бюджеттин дефицити 300 миллиард рублди түзүп, өлкөнүн абалы болжолдуу 75% "кризистин чегине" жетпей эле, экономикалык катастрофага келип калган", – деп жазган.[144]

Мамлекеттин экономикалык көрсөткүчү катастрофалык абалга бара жатканы батыш өлкөлөрүнө да жашыруун сыр болгон эмес. АКШнын Президенти Р.Рейган: "1986-жылдын башынан баштап советтик экономика бүлүнүү абалында болгонуна биз баарыбыз көбүрөөк ишенгенбиз. Мен түшүнгөмүн, кокусунан эле бир керемет болбосо, экономиканын кезектеги төмөндөөсү Горбачевду куралдарды кыскартуу жөнүндөгү келишимге кол

143. Черняев А.С. Шесть лет с Горбачевым. 145-б.; В Политбюро ЦК КПСС. 169-б.

144. Островский А.В. Глупость или измена? Расследование гибели СССР, 148 – 149-б.; Народное хозяйство СССР в 1988 г. С. 624.

көюуга мажбурлайт" деп...", – деп жазган.[145] Советтик экономиканын бүлүнүүсү Рейганды кубандырган. Ал мындан ары Вашингтон Москва менен жалаң күч позициясында сүйлөшүүсү керектигин айткан[146].

1987-жылдын 25–26-июнунда КПСС БКнын Пленуму болуп, анда эки маселе каралган: 1) "Экономиканы башкарууну түп-тамырынан бери өзгөртүү боюнча партиянын милдеттери", 2) XIX партконференция.[147]

СССР Министрлер Советинин Председатели Н.Рыжковдун билдирүүсүнө караганда, июнь пленумунда көп укладдуу рынок экономикасына өтүүгө карата чарбалык эсептерге жана өзүн-өзү каржылоого өтүүнүн биринчи кадамдары каралган.[148]

Советтик калктын көпчүлүгү июнь пленумунан жашоонун жакшы жагына өзгөрөрүнө үмүт арткан. Бирок кабыл алынган экономикалык реформанын маани-маңызын Генсекретардын жардамчысы А.Черняев таразалап, мындай жазган: "Горбачевдун демилгесинин негизинде киргизилген жаңы жөрөлгө менен чарбаларды пландаштыруунун советтик методдорунан кетүүнүн натыйжасы экономикалык абалды, аны менен бирге өлкөдөгү психологиялык атмосфераны кошо кескин

145. Рейган Р. Жизнь по-американски. – М.: Новости, 1992. 665-б.

146. Рейган Р. Жизнь по-американски. -М., 1992. 665-б.

147. Информационное сообщение о Пленуме Центрального Комитета Коммунистической партии Советского Союза // Правда. 1987, 27 июня.

148. Островский А.В. Глупость или измена? Расследование гибели СССР, 157-б. Запись беседы с Н.И. Рыжковым. -Москва. 22 июня, 2008 г. http://www.k2x2.info/istorija/ glupost ili izmena rassledovanie gibeli sssr/p5.php

оордоткон".[149] Ал эми ишканалар жөнүндөгү кабыл алынган мыйзам, балким, экономиканын кыйроосуна карата алгачкы түрткү болуусу мүмкүн.[150]

Горбачев экономикалык реформанын ишке ашпай калганынын себептерин партиялык-мамлекеттик наменклатуралардын каршылыктарынан көргөн. Генсекретарь эми массанын активдүүлүгүнө таянып аракет жасоону чечкен. Горбачев баш болгон бийликтин жетекчилери Советтер Союзунун саясий системасында чечкиндүү кардиналдык реформа жүргүзүлмөйүн экономикалык реформаны ийгиликтүү иш жүзүнө ашыруу мүмкүн эмес деген жыйынтыкка келишкен. Натыйжада, экономикалык реформаны аягына чыгарбай жатып, өлкөнүн жетекчилиги саясий реформага өткөн. 1988-жылы февралда саясий системаны реформалоого үндөп жатып Горбачев: "Саясий системаны реформалоонун негизги маселеси – партиялык жана мамлекеттик органдардын функцияларынын чектелүүлөрүнө тийиштүү", – деп билдирген.[151]

1988-жылдын 28-июнунан 1-июлуна чейин КПССтин XIX конференциясы болуп, саясий системаны реформалоо жөнүндө чечим кабыл алынган. Партконференцияда негизги докладды М.С.Горбачев жасап, анда экономикалык реформанын ишке ашпай калганынын негизги себептерин партаппаратка, бюрократизмге, администра-

149. Черняев А.С. Был ли шанс у России? Он последний. Собрание. 2003г. 69-б.

150. Черняев А.С. Шесть лет с Горбачевым. 129-б.

151. Революционной перестройке - идеологию обновления. Речь Генерального секретаря ЦК КПСС М.С. Горбачева на пленуме ЦК КПСС 18 февраля 1988 г. // Правда. 1988, 19 февраля.

тивдик-буйрукчул системага байланыштуу экенин белгилеген. Өлкөдөгү саясий системага радикалдуу реформа жүргүзүлмөйүн, эски көз караштагы бюрократиялык партуюмдардын "тоскоолдук кылуу (тормоздоо) механизминен" арылуу мүмкүн эместигин белгилеп, ал тоскоолдуктарды өлкөдөгү саясий системаны радикалдуу реформалоонун жардамы менен жеңүүгө болот, – деп айткан.[152]

СССРдин Конституциясына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү зарылдыгы жөнүндөгү жобого эки резолюция киргизилген: "Советтик коомду демократиялаштыруу жана саясий системаны реформалоо жөнүндө" жана "Өлкөнүн саясий системасын реформалоону иш жүзүнө ашыруу боюнча кечиктирилгис чаралар жөнүндө".[153] Партконференция СССРдин саясий негизин жана мамлекеттик аппараттын өзөгүн түзгөн Советтердин системасын реформалоо боюнча токтом кабыл алган.

Конференция беш: "Советтик коомду демократиялаштыруу жана саясий системанын реформасы жөнүндө",[154] "Бюрократизм менен күрөшүү жөнүндө",[155] "Улуттар аралык мамилелер жөнүн-

152. Соколов А.К., Тяжельникова В.С. Курс советской истории, 1941-1999. -М.: Высш. школа, 1999. – 188-б. https://studfile.net/preview/4353226/page:188/.

153. Филиппов А.В. Новейшая история России, 293-б

154. XIX Всесоюзная конференция Коммунистической партии Советского Союза. Стенографический отчет. Т. 2. – М., 1988. – С. 135-144.

155. XIX Всесоюзная конференция Коммунистической партии Советского Союза. Стенографический отчет. – С. 147 – 152.

дө",[156] "Айкындык жөнүндө"[157] жана "Укуктук реформа жөнүндөгү"[158] резолюцияларды кабыл алган.

Конференцияда негизги орунду "Советтик коомду демократиялаштыруу жана саясий системанын реформасы жөнүндөгү" резолюция ээлеп, саясий системанын реформасын ишке ашырууну баштаганга кеңири жол ачкан. СССРдин Конституциясына кечиктирилбей өзгөртүүлөр киргизилген. Кабыл алынган жаңы мыйзамдардын негизинде 1989-жылдын апрелинде СССРдин эл депутаттардын шайлоосу өткөрүлгөн. Ал эми 1989-жылдын күзүндө союздук республикалардын шайлоолорун өткөрүү боюнча чечим кабыл алынган.[159]

Горбачевдун сунушу менен резолюцияга киргизилген "Демократиялаштыруу жөнүндөгү" жобонун негизинде КПССтин Генералдык секретарынан баштап, эң ылдыйкы тепкичтеги партиянын катчылыгы Советтердин председателдик кызмат ордун кошуп алууга кеңири жол ачылып, "эки тизгин, бир чылбыр" партиялык "босстордун" колуна өткөн.

1988-жылдын октябрында М.Горбачев КПСС БКнын Генералдык катчылыгы менен СССР Жогорку Советинин Президиумунун председателдик кызмат орундарын кошо ээлеп, партиялык-мамлекеттик бардык бийлик вертикалын контролдогонго жетишкен. Горбачев баштаган бул жөрөлгө эң ылдыйкы партиялык-советтик структурага чейин жүргүзүлгөн.

156. XIX Всесоюзная конференция Коммунистической партии Советского Союза. Стенографический отчет. – С. 156 – 160.

157. XIX Всесоюзная конференция Коммунистической партии Советского Союза. Стенографический отчет. – С. 166 – 170.

158. XIX Всесоюзная конференция Коммунистической партии Советского Союза. Стенографический отчет. – С. 172 – 174.

159. XIX Всесоюзная конференция Коммунистической партии Советского Союза. Стенографический отчет. – С. 185 – 186.

Конференцияда партиянын функцияларын жана советтик органдарынын иштерин чектөө маселелери талкууланган. Партиялык жыйында бийликтин эң жогорку органы болгон жаңы структура сунушталган. Мындай орган Советтер болуусу менен, ал партиянын кийлигишүүсүз, альтернативдик негизде куралып, жаңы шартта иш алып барууга тийиш болгон. СССР Жогорку Советинин съезди эң жогорку мамлекеттик орган болуу менен, СССРге тийиштүү болгон бардык маселелерди карайт жана чечет. СССР Жогорку Совети мыйзам чыгаруучу жана контролдоочу мамлекеттик жогорку орган катары үзгүлтүксүз иштөөсү үчүн депутаттардын ичинен тандалып, съездде шайлангандар туруктуу иш алып баруусу чектелген.[160]

Түзүлгөн бул схема да идеалдуу болгон эмес. Анткени жаңы саясий институттардын компетенциялык жана функциялык сфералары баш аламан чатышып, бирин – бири кайталап калган. Үч жыл бою жүргүзүлүп жаткан өлкөдөгү горбачевдук реформалардан ич жылытар жыйынтык болбой, калктын турмуш деңгээли төмөндөгөндөн төмөндөп, күндөлүк керектелүүчү товарлардын тартыштыгы күчөп турганда, партиянын жетекчилик ордун сактап калууга жасалган акыркы аракеттеринин бири Советтердин ролун көтөрүү болгон.

1988-жылдын 29-ноябрында СССР Жогорку Советинин 11 – чакырылышынын кезексиз чакы-

160. Авакьян С.А. Конституция России: природа, эволюция, совре-менность. -М.: РЮИД, 1997, С. 87-90.

рылган XXII сессиясында эки: "СССРдин Конституциясына (Негизги Мыйзамына) өзгөртүүлөр жана толуктоолор жөнүндөгү"[161] жана "СССР эл депутаттарын шайлоо жөнүндөгү"[162] мыйзамдарды кабыл алган. Кабыл алынган ушул мыйзамдардын негизинде Советтер Союзунун бардык жогорку бийлик бутактары ылайыкташтырылган.

Ушул максат менен СССР Жогорку Советинин съездине 2250 кишиден турган эл депутаттарын шайлоо чечилген. Эл депутаттарынын үчтөн экиси территориялык округдардан, калган үчтөн бир бөлүгү башка, ар кандай коомдук уюмдардан шайлануусу каралган. КПССке квота берилип, 100 депутаттык орун мыйзам менен бекитилип берилген. 1989-жылы мартта партиянын Борбордук Комитетинин Пленумунда кандидатуралар тандалып, такталып, бекитилген. Тизмеге негизинен эң жогорку партиялык жана мамлекеттик жетекчилер тандалып, аз санда чыгармачыл интеллигенциянын өкүлдөрү – Д.Гранин, В.Белов, Ч.Айтматов, академик Л.Абалкин жана алдынкы жумушчу-куруучулар, айыл чарба кызматкерлери киргизилген. 1988-жылдын декабрь айында, XIX партконференциянын чечимин ишке ашыруу максатында, СССР Жогорку Советинин кезексиз чакырылган 12-сессиясы СССРдин Конституциясына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндөгү мыйзамды кабыл алган. Өзгөртүүлөр

161. Закон Союза Советских Социалистических Республик «Об изменениях и дополнениях Конституции (Основного Закона) СССР». 1 декабря 1988 г. // Правда. 1988, 3 декабря.

162. Закон Союза Советских Социалистических республик «О выборе народных депутатов». 1 декабря 1988 г. // Правда. 1988, 4 декабря.; Филиппов А.В. Новейшая история России, 293-б.

шайлоо системасына, Советтердин съезддер институтуна киргизилген.[163]

СССР эл депутаттарын шайлоосу 1989-жылдын мартына дайындалып, ага даярдык көрүү процесси жана жалпы эле элдин жаңыча шайлоого болгон активдүүлүгү тарыхта болуп көрбөгөндөй жогоруку деңгээлде өткөрүлгөн. Айрыкча, депутаттыкка талапкерлерди көрсөтүү мезгилинде жана өз кандидаттарын сүрөөдө агитация, пропаганда иштерин жүргүзүүдө инициативалык топтор, ар кандай формалдуу эмес кыймылдар менен бирикмелер жана көптөгөн саясий клубдар уюштурулуп, активдүүлүктөрүн көрсөтүшкөн.

Үгүт иштерин жүргүзүү мезгилинде КПСС БКнын жана Совет бийлигинин адрестерине, ички жана тышкы саясатка, жетекчилерге карата сын-пикирлер биринчи жолу үстүртөн, жумшак болсо да ачык айтыла баштаган. Сындын арты менен ошол мезгилде өлкөгө көп белгисиз бир топ депутаттар шайланышкан. Ушул толкун менен А.А.Собчак, Ю.Н.Болдырев, С.Б.Станкевич, А.Д.Сахаров, Г.Х.Попов ж.б. СССР Эл депутаттыгына шайланышкан. М.С.Горбачевго оппозиция болгондугуна байланыштуу москвичтер эң жогорку активдүүлүктү көрсөтүшүп, Б.Н.Ельцинди 80%дан ашуун добуш менен шайлашкан. 32 областтык партия комитеттеринин биринчи катчылары шайлоодо жетишерлик добуш

163. Ведомости Съезда народных депутатов СССР и Ведомости Верховного Совета СССР. 1988. №49. – 727,729-б.

ала алышпай, депутаттыкка шайланбай калышкан.[164]

Кайра куруунун алгачкы жылдары М.Горбачевдун рейтинги жетишерлик жогору болгону менен, реформалардын жыйынтыгы оң натыйжа бербегендигине байланыштуу жана саясий айдында ойлонулбаган кадамдарды жасап, каталарды көп кетире баштагандыктан, Генсектин кадырбаркы күн санап ылдыйлап, оомат андан оолактап, бутунун астынан тездик темпте жер көчүп, "командасы" менен кошо партиянын да авторитети элдин көз алдында кете баштаган.

1989-жылы 5-мартта СССРдин эл депутаттыгына шайланышкандардын тизмеси жарыяланган.[165] 28-мартта БКнын Саясий бюросунда шайлоонун жыйынтыгы каралган.[166] СССР Эл депутаттарынын жалпы санынын төрттөн үч бөлүгүн КПССтин мүчөлөрү түзгөнү[167] белгиленген. Бирок КПСС Борбордук Комитетинин 301 мүчөсү шайлоого катышып, депутаттык мандатка 93ү гана ээ болгон, башкача айтканда, 30%га жакыны. КПСС БКнын мүчөлүгүнө кандидаттардын ичинен 157си шайлоого катышып, депутаттык мандатка ээ болгону – 41,

164. Соколов А.К., Тяжельникова В.С. Курс советской истории, 1941-1999. -М.: Высш. школа, 1999. (415 с)– 191-б. http://www.studfiles.ru/preview/4353226/page:191/

165. Кара: Островский А.В. Глупость или измена? Расследование гибели СССР, 318-б.; Список народных депутатов СССР, избранных от территориальных, национально-территориальных округов и от общественных организаций // Известия. 1989, 5 апреля. 2-12-б.

166. Горбачев М.С. Жизнь и реформы. Кн. 1. 426-430-б.; В Политбюро ЦК КПСС, 460-466-б.

167. Шахназаров Г.Х. С вождями и без них. – М., «Вагриус», 2001. – 331-б.

(болжол менен 25%). Ал эми КПССтин жетекчилик кызматтарында иштешкен 458 партиялык чиновниктердин мандатка жеткени – 134 (29%).[168] Шайлоодо 35 обкомдун биринчи катчылары жеңишке жетпей калган.[169] Партиянын авангарддык ролу жөнүндө Горбачев: "Жетектөөчү катмар шайлоонун жыйынтыктарын партиянын жеңилүүсү катары кабыл алган", – деп жазган.[170]

СССР Жогорку Советине Кыргызстандан А.Масалиев, А.Жумагулов,[171] Т.Акматов,[172] А.Акаев-

168. Сенин В.Т. Признание в соучастии. / Виктор Сенин. – М.: ЛИК, 2016. – 205-б.

169. «Я прошел конституционный путь до конца»: Михаил Горбачев о событиях пятилетней давности и о том, что последовало за ними // Независимая газета. 1996, 25 декабря.

170. Горбачев М.С. Жизнь и реформы. Кн. 1. 426-б.

171. **Джумагулов Апас Джумагулович** (1934- ж.т., Чуй облусу, Аламүдүн р-ну, Арашан айылы) – партиялык жана мамлекеттик ишмер. Кыргыз Республикасынын Министрлер Советинин председатели (1986 – 1991), Кыргыз Республикасынын Премьер-министри (1993 – 1998). Геология – минералогия илимдеринин доктору (1999). Кыргызстан КП БКнын өнөр жай, транспорт бөлүмүнүн башчысы (1973– 1979), КП БКнын катчысы (1979 – 1985), Ысык-Көл обкомунун 1-катчысы (1985 – 1986). Чүй областык эл депутаттар кеңешинин төрагасы (1991– 1992), Чүй областык мамлекеттик администрацясынын башчысы (1992 – 1993), СССР Жогорку Советинин депутаты (1986– 1991). Кыргыз Республикасынын Германиядагы элчиси (1998 – 2003), КРнын Россиядагы элчиси (2005–2007). Кыргыз Республикасынын Токтогул атындагы мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты (1978). Манас, Эмгек Кызыл Туу, «Ардак Белгиси» ордендери менен сыйланган.

172. **Акматов Таштанбек** (1938, Тоң району, Көк-Сай айылы) — мал чарба өндүрүшүнүн новатору, мамлекеттик ишмер. Кыргыз ССРинин мал чарбасына эмгек сиңирген устаты (1974). Кыргыз ССР Жогорку Кеңешинин Президиумунун төрагасы (1987 – 1990). 1991-жылдан Тоң районундагы "Ак-Булуң" дыйкан чарбасынын жетекчиси. Эки жолку Социалистик Эмгектин Баатыры (1976, 1986). Кыргыз Республикасынын Баатыры (2013). СССР мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты (1982). СССР Жогорку Советинин депутаты (1974 – 1989), СССР эл депутаты (1989 – 1991), Кыргыз ССР Жогорку Кеңешинин депутаты (1987—1990).

дер баш болгон жүздөн ашуун эл депутаттары шайланышкан.

СССР эл депутаттарынын съезди өз ишин 1989-жылдын 25-майынан 9-июнуна чейин жүргүзүлгөн. Съездде СССР Жогорку Советинин Председателдигине М.С.Горбачев шайланып, анын орун басарлыгын А.Лукянов ээлеген. Ал эми СССР Министрлер Советинин председателдигине Н.Рыжковду бекиткен. Съезд мамлекеттик бийликтин мыйзам чыгаруучу, башкаруучу жана контролдоочу органы катары 2250 депутаттын ичинен туруктуу иш алып баруу үчүн Жогорку Советтин курамына 544 депутатты шайлаган. Ал саны жана укуктары боюнча бирдей болгон эки палатага: Союздар Советине жана Улуттар Советине бөлүнгөн. СССР Жогорку Советинин Президиумунун председателдик кызмат орду жоюлган[173].

25-майынан 9-июнуна чейин, 16 күн бою, Кремлде, Съезддер дворецинде депутаттар топтопко бөлүнүшүп, "кызыл чеке" болушуп, ички бууларын чыгарышкан. Телеберүүлөрдөн түз алып көрсөткөнүнө байланыштуу Съездер двореци чоң саясий театрдын сахнасына айланган. Партиялык, мамлекеттик кызмат адамдарынан баштап, жумушчу, колхозчу, бекерпоз, аракечтерге чейин, а түгүл мектеп окуучулары да чоң саясатка аралашып, эки кишинин башы бириккен жерде көз караштардын кагылыштары кызуу жүрүп, талаш-тартышты жараткан мезгил болгон. Тигил же бул депутаттык группаны колдогондор ич ара бөлүнүшүп, жаак-

173.Филиппов А.В. Новейшая история России 1945—2006, 293-б.

ташып, мушташканга чейин жетишкен. Элдин талашканы – баягы эле түбү жок саясат. Союзда жумуш аткарган адам жоктой.

Радикалдуу маанайдагы азчылыкты түзүшкөн депутаттар: Б.Ельцин, А.Сахаров,[174] Г.Попов,[175] А.Собчак,[176] Ю.Афанасьев[177] жана башкалар башында турушкан саясий оппозиция съезддин акыркы күнү Региондор аралык депутаттар тобун (РДТ) түзүшкөн.[178] Алар СССРде саясий жана экономикалык кайра курууну тездетүүнү жана советтик коомду радикалдуу реформалоо талабы

174. **Сахаров Андрей Димитриевич** (1921 – 1989) – советтик физик-теоретик, СССР ИАнын академиги, советтик биринчи водород бомбасын түзүүчүлөрдүн бири. Коомдук ишмер, диссидент жана укук коргоочу, СССР эл депутаты. Европа жана Азия Советтик Республикалар Союзу конституциясынын проектисинин автору. Нобель сыйлыгынын Тынчтык боюнча лауреаты (1975-жыл).

175. **Попов Гавриил Харитонович** (1936) – советтик экономист жана россиялык саясатчы. 1980-жылдардын аягында жана 1990-жылдардын башында СССРде жана Россияда демократиялык кыймылдын көрүнүктүү лидерлеринин бири. СССР эл депутаты (1989). Москва шаардык эл депутаттарынын Советинин төрагасы (1990-1991), Москванын биринчи мэри (1991-1992).

176. **Собчак Анатолий Александрович** (1937 – 2000) – советтик жана россиялык саясий ишмер, Санкт-Петербургдун биринчи жана акыркы мэри (шаардын башка бардык башчылары губернатор болушкан). СССР эл депутаты (1989). Укук таануучу-окумуштуу.

177. **Афанасьев Юрий Николаевич** (1934 – 2015) – советтик жана россиялык саясатчы жана тарыхчы. Москвадагы мамлекеттик тарых жана архив институтунун ректору (1986-1991), Россиянын мамлекеттик гуманитардык университетинин негиздөөчүсү, ректору (1991—2003) жана президенти (2003 – 2006).

178. Герасимов Г. И. История современной России: поиск и обретение свободы. 1985–2008 годы. -М.: 2008, 46-б.; Ратьковский И.С., Ходяков М.В. История Советской России. –М.: 2001. – 416-б. https://www.gumer.info/bibliotek_Buks /History/Rat/index.php

менен чыгышкан. Топтун программалык максаттары: эркиндик, жеке менчик, бийликти децентрализациялоо, экономикалык өз алдынчалык жана республикалардын реалдуу чарбалык суверенитети болгон.[179] Оппозициялык маанайдагы депутаттарды колдоо массалык мүнөзгө айланган-дыктан алардын катары тездик темп менен өскөн. Съезддин башында оппозициянын катары 60 киши болсо, съезд аяктаганга чейин алардын саны 100гө жеткен.[180] Күзүндө болжол менен 400 болгон.[181]

Оппозициялык күчтөр ачык, курч популисттик лозунгдар менен көпчүлүк советтик элдердин көңүлүн өздөрүнө тартууга жетишишкен. Бийликти ар тараптуу сынга алуу советтик коомчулукка "майдай" жагып, оппозициялык маанайдагы депутаттардын рейтинги кыска убакыттын ичинде болуп көрбөгөндөй жогорулаган.

Оппозиция КПССтин жетектөөчү ролун аныктаган 6-статьяны СССРдин Конституциясынан алып салуу талабы менен чыгышып, өлкөдө көп партиялуулукту киргизүү үчүн шарттарды түзүүнү талап кылышкан. Кырдаал партиялык контролдон чыгып кеткен. Академик А.Д.Сахаров сындоону андан ары тереңдетип, "Бийлик жөнүндө Декреттин" проектисин иштеп чыгып, съездге сунуштаган. "Декретте" КПСС өз ишин токтотуп, "отставкага кетүүсүн" жана өлкөдөгү реалдуу бийлик бардык

179. Герасимов Г.И. История современной России: поиск и обретение свободы. 1985 – 2008 годы. – М.: 2008 – 46-б.

180. Попов Г.Х. Снова в оппозиции. –М.: Галактика. – 1994. – 67-б.

181. Островский А.В. Глупость или измена? Расследование гибели СССР, 344-б.

деңгээлдеги Советтерге өтүү талабын койгон.[182] Саясий реформа так ушуга багытталганы менен, Горбачев ал сунушту добуш берүүгө чыгарган эмес.[183]

Оппозиция: 1) 1989-жылдагы Тбилиси окуясы жөнүндө,[184] 2) 1939-жылдагы жашыруун протокол жөнүндө[185] жана 3) Т.Х.Гдлян менен Н.И.Ивановдун иштери жөнүндө[186] үч маселени көтөрүп чыгып, бардык маселелерге парламенттик комиссия түздүрүүгө жетишкен.[187] Биринчи комиссияны А.Собчак,[188] экинчисин – А.Яковлев,[189] үчүнчүсүн – Р.Медведев[190] жетектеген.

Яковлев жетектеген экинчи маселе боюнча түзүлгөн парламенттик комиссия Сталинди дискредитациялоо жана сталинизмди мүмкүн болушунча коомчулукка каралоо кампаниясын баштоого шарт түзүүгө аракет жасалган.

СССР эл депутаттарынын биринчи съездинен кийин КПСС жетектеген массалык маалымат

182. Первый съезд народных депутатов СССР. 25 мая - 9 июня. Стенографический отчет. Т. 3. 325–328-б.

183. Первый съезд народных депутатов СССР. 328-б.

184. Первый съезд народных депутатов СССР. 25 мая - 9 июня. Стенографический отчет. Т. 517 – 549-бб. Т. 2. 241 – 247-бб.

185. Первый съезд народных депутатов СССР. 190 – 201-бб.

186. Первый съезд народных депутатов СССР. Т. 1. 550 – 566-бб.

187. Первый съезд народных депутатов СССР. Т. 2. 112 – 120-бб. (Тбилисские события); 250 – 266-бб (дело Гдляна-Иванова); 375 – 377-бб. (пакт 1939 г).

188. Собчак А.А. Тбилисский излом, или Кровавое воскресенье 1989 года. — М., Сретение, 1993. 24 – 26-бб.

189. Первый съезд народных депутатов СССР. 25 мая - 9 июня. Стенографический отчет.. Т 2. 375 – 377-бб.; Яковлев А.Н. Омут памяти. 280-б.

190. Первый съезд народных депутатов СССР. 25 мая - 9 июня. Стенографический отчет. Т. 2. 250 – 266-бб.

каражаттары тарабынан Сталинге жана сталинизм менен ленинизмге, жалпы эле советтик түзүлүшкө кутургандай каршы күрөш башталган. "Өз кезегинде, – деп жазат Горбачевдун жардамчысы, мамлекеттик ишмер, тарыхчы А.Черняев, – бул "социализмди деформациялоого", "Лениндин чегинүүгө" карата сындоого түртку берип, марксизм-ленинизмдин идеология жана теория катары кадырын кетирүүгө, жалпы эле социалисттик түзүлүштөн күчтөп чегинтүүнүн башталуусу болгон", – деп жазган.[191]

Кайра куруунун идеологу Яковлев баш болгон горбачевдук "үркөрдөй" болгон топ, ар кандай тарыхый шарттарга ылайык советтик түзүлүшкө каршы чыгышкан В. Гроссман, А.Солженицынге окшогон адабиятчылар менен публицистистерди өз кызыкчылыктарына ийкемдүү пайдаланышкан. Алардын антисталиндик жана антисоветтик чыгармаларын, мамлекеттин эсебинен бекер, миллиондогон тираж менен чыгартып, таратууга шарт түзгөн.

1989-жылы "Октябрь" журналына В.Гроссмандын "Все течет", повести жарык көргөн. Автор Сталинди Гитлер менен бир катарга койгон. Демек, анын пикири боюнча совет мамлекети башынан эле өзүнүн табияты боюнча фашисттик болгон.[192]

"Новый мир" журналынын 1989-жылы августта жарыкка чыккан жетинчи номеринен баштап, сандан санга А.Солженицындын антисталиндик, антисоветтик "Архипелаг ГУЛАГ" чыгармасы басылып чыгарыла баштаган.[193] Ошентип, советтик система түзүлгөндөн тартып, концентрациялык лагерь катары мүнөздөгөн чыгарманын жарыялануышына старт берилген. И.В.Сталиндин мезгилинде лагерлерде 15 – 20 миллион киши болгон, жыл сайын бир миллион киши атылып турган деп тастыктаган Солженицын. Советтик бийлик кырк жыл ичинде 110 миллион адамдын өмүрүн алган, анын ичинен 66 миллиону кыйноолор менен өлтүрүлгөн деген тыянак чыгарган.[194]

Келтирилген бул цифралар тарыхый, статистикалык чындыкка ылайык келген эмес. Бирок эч кандай комментарийсиз, алар окурмандарга жиберилген. "Архипелаг" басылып чыккан августтагы "Новый мирдин" тиражы бир миллион алты жүз экземпляр менен таратылган. Чыгарманы көптөгөн журналдар: "Даугава", "Волга" жана башка, анын ичинен "Литературный Кыргызстан" да басып чыгарган.[195]

Сталиндик террор жөнүндө жазуучулар менен журналисттер эч кандай тарыхый документтерге негизделбеген, бирине-бири дал келбеген фантастикалык цифраларды жазышканына карата горбачевдук бийлик, укук коргоо органдары тарабынан эч кандай реакция болгон эмес. Демек,

---

191. Черняев А.С. Совместный исход. Дневник двух эпох. 1972–1991, 777-б.

192. Островский А.В. Глупость или измена? Расследование гибели СССР, 349-б.

193. Новый мир. 1989. №7. 272-б.; Островский А.В. Глупость или измена? Расследование гибели СССР, 350-б.

194.Островский А.В. Солженицын: прощание с мифом. -М.: Яуза, 2006. – 452-б.

195. Сараскина Л. Александр Солженицын. – М.: 2008. 796 – 798-б.; Островский А.В. Глупость или измена? Расследование гибели СССР, 350 – 351-б.

советтик түзүлүштү коомчулукка жек көрсөтүү максатында жана марксизм-ленинизм идеологиясына негизделип түптөлгөн социализмдин келечеги жок, туңгуюкка алып баруучу коомдук түзүлүш экендигин көрсөтүүгө горбачевдук топтун жасаган пландуу аракеттери болгон.

Официалдуу изилденген тарыхый документалдык материалдар боюнча 1924-жылдан 1953-жылга чейин саясий кылмышка негизделип камакка алынгандардын саны 4 миллионго жакын киши болгон, анын 0,8 миллиону атууга кеткен.[196] Бул цифра да жүрөктүн үшүн алган өтө чоң көрсөткүч. Бирок 0,8 миллион – Солженицын жазган 66 миллион эмес. Демек, 1989-жылы Горбачев башында турган КПССтин жетекчилиги сталиндик башкаруунун жана советтик системанын кадыр-баркын биротоло түшүрүү жана СССРдин элдеринин тарыхка болгон көз карашын бузуу максатында акыл-эстүүлүк менен, пландуу түрдө Солженицынге, Гроссманга жана башка союздук системаны жек көрүшкөн адабияттын, маданияттын жана илимдин өкүлдөрүнө тарыхый чындыкты бурмалап, фальсификациялоосуна мүмкүн болушунча кеңири шарт түзүшүп, аларга ар тараптуу колдоолор көрсөтүлгөн.

Бул деген, жарыя кылынган советтик системаны реформалоодон, эми КПССтин жетекчилери ал системаны талкалоого өтүштү дегенди түшүндүргөн.[197]

196. Пыхалов И. Время Сталина: факты против мифов. -Л., 2001. С. 18.

197. Островский А.В. Глупость или измена? Расследование гибели СССР, 350 – 351-б.

1989-жылдын октябрында орустун жазуучусу жана акыны В.А.Солоухиндин "Акыркы баскыч" ("Последняя ступень") аттуу китебинен фрагмент макала иретинде "Ленинди окуп" ("Читая Ленина") деген ат менен "Родина" журналында жарык көргөн. Анда автор В.И.Ленинди жана ал жетектеген большевиктер партиясын 1917-жылы бийликти басып алышып, алар "өлкөдө оккупациялык режимди орнотушкан" жана массалык геноцидди баштоого негиз салган[198]- деп жазган.

СССР Жогорку Советинин эл депутаттарынын биринчи съездинен кийин БКнын Саясий бюросунун мүчөсү, БКнын катчысы, академик-америкачыл Яковлевдин көзөмөлүндө турган союздун бардык массалык маалымат каражаттары аркылуу советтик системаны жана СССРдин негиздөөчүлөрү – Ленин менен Сталинди коомчулукка жек көрсөтүү максатында пландуу иш жүргүзүлгөн. Жакшы ойлонуштурулуп ишке ашырылган горбачевдук бийликтин саясатын төмөнкү факты тастыктайт. 1989-жылы 22-августа СССРдин элге билим берүү боюнча Мамлекеттик комитети "Жогорку окуу жайларында коомдук илимдерди окутууну кайра куруу жөнүндө" (№685) буйрук чыгарган.[199]

Ушул буйруктун негизинде "Маркстык-лениндик философия" предмети жөн гана "Философия" предметине алмаштырылган, "Маркстык-лениндик саясий экономиясы" "Саясий эконо-

198. Островский А.В. Глупость или измена? Расследование гибели СССР, 352-б.; Солоухин В. Читая Ленина // Родина. 1989. №10. С. 59-63.

199. Вопросы истории КПСС. 1989, №12. 152-б.

мияга", ал эми "Илимий коммунизм", "Азыркы социализмдин теориялык проблемалары" жана "КПССтин тарыхы" "XX кылымдагы социалдык-саясий тарых" болуп өзгөртүлгөн.[200] Мындай иш-чаралар бардык мамлекеттик структураларда пландуу түрдө жүргүзүлгөн.

СССР Жогорку Советинде эл депутаттарынын биринчи съезди болуп өткөн эки жуманын ичинде, коомдогу аң-сезимдин радикалдашуу процесси жана анын полярдашуусу укмуштуудай тездик темп менен өзгөргөн. 1989-жылдын жай айларынан баштап ири шаарларда ар кандай өкмөттүк эмес кыймылдардын демонстрацияга жана забастовкага чыгуулары кеңири кулач жайган.

Съезддан кийин коомдо саясий кырдаал конфронтациялык сценарийде тездик темпте өсө баштаган. Радикалдуу мүнөздөгү демократтар менен Горбачевду жактаган тараптар ортосундагы күрөш ачыкка чыгып, өз тараптарына элди тартуу аракеттери активдүү башталган. Региондор аралык депутаттык топтун активисттери катарын кеңейтүү максатында мүмкүн болушунча депутаттарды топко тартуу аракеттери жүргүзүлгөн. Көп узабай алардын саны 388ге жеткен. Топтун духовный жетекчиси А.Сахаров болгон., Советтик экономист, эл депутаты М.Бронштейндин эскерүүсү боюнча Сахаров эл депутаттарынын биринчи съездинде "Советтер Союзун Европалык Союздун моделинде реформалоо сунушу менен чыккан", башкача айтканда, иш жүзүндө СССРди талкалоо идеясы

200. Вопросы истории КПСС. 1989, №12. 145-б.

менен.[201] Сахаровдун съезддеги аракеттерин көпчүлүк депутаттар жеке, энтузиасттик сунуш катары эсептешкен.

Бирок съезддин жүрүп жаткан мезгилинде Сахаров Горбачев менен тыгыз байланышта болгонун жана алардын ортосунда челноктук кызматты Эстониянын элдик фронтун негиздеген депутат В.Пальм болгондугун Бронштейн өзүнүн эмгегинде тастыктап жазган.[202] Горбачевдук бийлик советтик системаны талкалоо үчүн радикалдуу оппозициянын кол кабышын ийкемдүүлүк менен пайдаланган. Региондор аралык депутаттык топтун бардык беш тең төрагалары Эски аянттагы (КПСС БКнын жайгашкан имараты) жана Кремлдеги СССРдин тагдырын чечишкендер менен тыгыз байланышта болушкан. Бул фактыны 2009-жылы 5-ноябрда Горбачевдук окууда уюштурулган тегерек столдо Горбачев өзү да тастыктаган.

Италиялык тарыхчы Мария Ферреттинин: "Михаил Сергеевич, ошол мезгилдеги (1989) демократтар, Региондор аралык депутаттык топтун (РДТ) мүчөлөрүнөн Сиздин күткөнүңүз жана сактануунуз кандай болгон?"– деген суроосуна Горбачев: "РДТ Горбачев тарабында болушкан. Мен алар менен ачык да (түз эле залда) жана жабык да (ачыгын айтканда, шыбырашып) тыгыз контактта болгомун... Мени менен РДТнын ортосунда айрым

201. Бронштейн М. На рубеже эпох. – Таллинн: Издательство КПД, 2002. – 53-б.; Островский А.В. Глупость или измена? Расследование гибели СССР. 348-б.

202. Бронштейн М. На рубеже эпох. 90–91-б.; Островский А.В. Глупость или измена? Расследование гибели СССР. 348-б.

башка секторлор менен түзүлгөн мамилеге караганда, абдан жөнөкөй, абдан жакшы мамиле түзүлгөн", – деп айткан.[203] Андан ары айткандарын конкреттештирип: "Мен Андрей Дмитриевич Сахаров менен абдан тыгыз байланышта болгонмун... Гавриил Попов менен менде такай байланыш болгон. Борис Николаевич Ельцин менен аз сүйлөшкөнбүз, бирок да сүйлөшчүбүз", –деген.[204]

Генсек РДТнын мүчөлөрүнөн оозеки эле информация албастан, жазуу түрүндө да жыйындын жыйынтыгы менен кабардар болгону жөнүндө: "РДТнын мүчөлөрү мага... өздөрүнүн жыйындарынын протоколдорун жөнөтүп турушкан", – деп, өзү тастыктаган.[205] Бул оппозициялык демократтар тобу менен горбачевдук бийликтегилердин ичинен эң тыгыз байланышта Яковлев болгон.[206]

Демократтар батыш өлкөлөрүнүн элчиликтери менен да тыгыз байланышта болушкандыгы жөнүндө АКШнын СССРдеги элчиси Д.Мэтлок: "Меймандар, негизинен советтик, биздин Спасо-Хаус резиденциябызда концерттерге, фильмдерге, сүрөт көргөзмөлөргө, эртең мененки жана түшкү тамактанууларга, андан кийин саясий жана

203. Горбачевские чтения. 1989 год в российской и мировой истории. Первый съезд народных депутатов СССР: 20 лет спустя. 1989-2009: пути Европы. -М., 2010. 232-б.

204. Горбачевские чтения. 1989 год в российской и мировой истории. Первый съезд народных депутатов СССР: 20 лет спустя. 1989-2009: пути Европы. -М., 2010. 232-б.

205. Горбачевские чтения. 1989 год в российской и мировой истории. 232-б.

206. Островский А.В. Глупость или измена? Расследование гибели СССР. 369-б.

экономикалык проблемаларды талкууларга бир жумада он жана андан көп чогулушчу",– деп жазган.[207]

Демек, Горбачевдук бийлик оппозиция менен максатташ жана киндиктеш болгон. Саясий жана экономикалык реформаларды жүргүзүүдөгү курч маселелерди съезддин талкуусуна оппозициянын колу менен чыгаруу бийлик үчүн ыңгайлуу шарттарды түзгөн. АКШнын элчилигиндеги Спасо-Хаус резиденциясында съездде каралуучу негизги маселелер америкалык дипломаттардын болжолдуу "обработкасынан" өткөндөн кийин, региончулардын колу менен съездге чыгарылып тургандыгын элчи Мэтлок да, МКК (КГБ) да тастыктаган.[208]

СССРдеги саясий баш аламандуулуктан Союзду ичтен талкалоо планын ишке ашыруу максатында АКШнын разведкасы Горбачев менен РДТнын жетекчиси Ельциндин ортосуна "чок" таштап, экинчисин көкүтүп, "колтугуна суу бүркүп", келишпес каршылыкты жаратып, ал аркылуу коомчулуктун нааразычылыгын күчөтүүнү көздөгөн. Ушул максатта Б.Ельцинди лекция окуп келүү үчүн деген жашыруун шылтоо менен АКШга чакыруу уюштурган. Чындыгында, ал официалдуу эмес, саясий консультацияга чакырылган. Ал 9 – 17-сентябрларда АКШда болгон[209].

207. Мэтлок Дж Ф.. Смерть империи: Взгляд американского посла на распад Советского Союза / Джек Ф. Мэтлок; Пер. с англ. Т. Кудрявцевой, В. Мисюченко. – М.: Рудомино, 2003. – 16-б.

208. Красильников Р.С. Новые крестоносцы. ЦРУ и перестройка. -М., 2003. 355-б.

209. Суханов Л. Три года с Ельциным: Записки первого помощника / Лев Суханов; лит. запись А. Ольбика. – Рига: Вага, 1992. 157-б.; Как Ельцин ездил "на смотрины" в США. («Главная

Ельцин тогуз күндүн ичинде АКШнын он бир шаарында ар кандай социалдык катмарлардагылар менен жана ар кандай деңгээлдеги аудиторияларда көптөгөн жолугушууларды өткөргөн.[210] Ал бир топ чуулгандуу билдирүүлөрдү да жасаган. Жолугушууларда СССРдин курамынан республикалардын чыгуу укугуна ээ болуусун жана көп партиялуулукту колдоорун билдирип, эмки жылы М.Горбачев өзүнүн ээлеген кызмат ордунда болбойт, деп америкалыктарды ишендирген.[211]

Американын президенти Буш менен жолукканда Ельцин ага "он пункттан" турган кандайдыр бир сырдуу документ берген.[212] Ал эмне болгон документ, азырга чейин сыр боюнча калган.[213] Ельцин АКШда "бизди катастрофа күтүп турат", "Горбачевго жарым жыл калды", – деп билдирген.[214] Америкадан келгенден кийин 24-сентябрда Ельцин РДТга өзүнүн сапары жөнүндө информация берип, саясий системаны өзгөртүү керектигин, ушул

моя цель политическая: посоветоваться с вашими лидерами»). https://vk.com/ @ posledniepionery-kak-elcin-ezdil-na-smotriny-v-ssha-osenu-1989-goda-glavnaya.

210. Губарев В.С. Президент, или Уотергейт по-русски: [О Б. Н. Ельцине]. – М.: МНО «Форум учёных и специалистов за сов.-амер. диалог». Секция прогностики: Тропа ГХП «Путь», 1990. 147-б.

211. Губарев В.С. Президент, или Уотергейт по-русски. 8, 12, 14-б.; Островский А.В. Глупость или измена? Расследование гибели СССР. 374-б.

212. Губарев В.С. Президент или Уотергейт по-русски. 11-б. Буш Д.. Скоукрофт Б. Мир стал другим. // Пер. с англ. – М.: Международные отношения, 2004. – 136-б.

213. Островский А.В. Глупость или измена? Расследование гибели СССР. 375-б.

214. В Политбюро ЦК КПСС. 510-б.

максатта "Горбачевго каршы кампаниянын мохавигин жүргүзүүнү күчөтүү" керектигин айткан.[215]

1989-жылы декабрда Сахаров кайтыш болгондон кийин, региондук топтун жетекчилиги Б.Ельцинге өткөн. Алгач алар өздөрүнүн программасындагы 5 "де": децентрализация, демонополизация, департизация, деидеологизация, демократизация талаптарын съездге алып чыгышкан. Оппозициялык 388 депутат жогоруда сунуштаган маселелерин съездде өткөрө албагандан кийин, алар завастовкачыларга жана шаардын тургундарына кайрылуу менен чыгышкан.[216] Регионалисттердин ичинде да биримдик жоктугунан чакырык колдоо тапкан эмес.[217]

Саясий оппозиция, анын ядросу болгон региондор аралык депутаттар тобу забастовкалык кыймылдардын жетекчилери менен контакт түзгөнгө жетишип, алардын тилин табышып, идеялык жетекчиликти колго алышкан. 1990-жылдын жаз айларынан баштап, ири өнөр жайлуу шаарларда саясий талаптар менен чыгуулар башталган.

1989-жылдын 12–24-декабрында СССР эл депутаттарынын II съезди болуп өткөн.[218] Демократ-

215. Островский А.В. Глупость или измена? Расследование гибели СССР. 378-б.; Андриянов В. Черняк А. Одинокий царь в Кремле. Ельцин и его команда. Кн.1. 229-б.

216. Попов Г.Х. О революции 1989-1991 гг. -М., 2004. (800 с.) С. 602-603.; Островский А.В. Глупость или измена? Расследование гибели СССР. 406-б.

217. Мурашев А. Межрегиональная депутатская группа // Огонек. 1990, №32. С. 8.

218. II Съезд народных депутатов СССР https://ru.wikipedia.org/wiki/II_Съезд_народных_депутатов_СССР; Жуков В.Ю. Новейшая история России: Перестройка и переходный период. 1985–2005. 20-б.

тар "Сахаровдун Конституциясын" – радикалдуу проектисин: КПССтин жетекчилик ролу жөнүндөгү Конституциядагы 6-статьяны алып салуу; улуттук мамлекеттик түзүлүштү кайрадан карап чыгып, СССРдин иерархиялык структурасын жоюу менен, Союздук субъектилерге айландыруу; рыноктук принциптерди токтоосуз киргизүү жана менчиктин ар кандай формалары менен аралаш экономиканы түзүү боюнча программалык талаптарын ушул II съезддин күн тартибине киргизүүгө аракет жасашкан, бирок колдоо табышкан эмес. Съезд СССР Жогорку Советинин иш тартиби жөнүндө токтом кабыл алган, СССР Министрлер Совети түзүлгөн, комитеттер менен комиссиялардын мүчөлөрү шайланышкан жана бекитилген.[219]

Экономикалык реформанын программасы менен СССР Министрлер Советинин Председатели Рыжков съездде доклад жасап, рынокко өтүүнү ишке ашыруу үч жылда эмес, эки этап менен ар бири үч жылга туура келерин съездден талап кылган.[220]

Съездде Б.Ельцин сүйлөп, мамлекеттин жетекчилери үч жыл мурда реформа ишке ашары айтылганын эске салып, өзүнүн сунуш-талаптарын баяндап, ал: "1990-жылы эмне кылуу керектигин айларына чейин жазып, так аныктоо – эң башкы маселе. Зарыл болгон саясий шарттарды түзүү. Коллективдер, кооперативдер, жеке менчик – негизги өндүрүүчүлөр. Жер дыйкандарга берилсин.

219. Жуков В.Ю. Новейшая история России. 21-б.; Филиппов А.В.Новейшая история России 1945—2006. 296-б.

220. Второй съезд народных депутатов СССР. 12-24 декабря 1989 г. Стенографический отчет. Т. I. 217-б.

Министрликтер жоюлуп, Мамплан (Госплан) кайра уюштурулсун... Баа реформасы, Мамбанк Совминден чыгарылсын, Жогорку Советке баш ийген эмиссиялык жана резервдик банк түзүлсүн. Чет өлкөлүк инвестициялык фронт ачылсын. Автономияга өз алдынчалык берилсин. Армияда, ИИМде, МККда реформа жүргүзүлсүн", – деп айткан.[221]

Рыжков өзүнүн корутунду сөзүндө Ельциндин атын атабай, мындай сунуштарды "шок терапиясы" катары мүнөздөп, ал "элге кымбатка түшөрүн" белгилеген.[222] Рыжков сунуштаган рыноктук экономикага өтүү планын Эл депутаттарынын съезди көпчүлүк добуш менен колдогон.[223]

Эл депутаттарынын II съездинин чечими менен, СССРдеги Конституциялык реформанын биринчи этабы аяктаган, анын жүрүшүндө бийликти партиядан Советтерге, КПСС БКдан СССРдин Жогорку Советине акырындык менен өткөрүү жүргүзүлгөн. Эски аянт (БКнын имараты) Кремлге ордун бошоткон. Экинчи этабында бийлик үчүн күрөш Кремлдин ичинде кулач жайган. Оппозиция жер-жерлерде коомчулуктун нааразычылык акцияларын уюштурууну колго алган.

1989-жылдын жети айында эмгек коллективдеринин 500дөн ашуун забастовкасы болгон.[224] Алгачкылардан болуп көмүр кендеринин шахтёр-

221. Второй съезд народных депутатов СССР. 12-24 декабря 1989 г. Стенографический отчет. Т. II. 193, 196-б.

222. Второй съезд народных депутатов СССР. 12-24 декабря 1989 г. Стенографический отчет. Т. II. 354-б.; Островский А.В. Глупость или измена? Расследование гибели СССР. 408-б.

223. Второй съезд народных депутатов СССР. 12-24 декабря 1989 г. Стенографический отчет. Т. IV. 555 – 560-б.

224. Второй съезд народных депутатов СССР. Т. IV. 555 – 560-б.

лору чыгышкан. Забастовка акырындык менен ири шаарларга жайылтылган. Алгач экономикалык талаптар менен гана чектелишсе, 1990-жылдын июнунан тартып, забастовка, митинг, демонстрациялар саясий талаптар менен чыга баштаган.[225]

Президенттик кызматты киргизүү боюнча чечим жөнүндө Горбачев: "1989-жылы күзүндө эле бышып жетилген, бирок ал узак убакыт бою ички кругда көпкө талкуу жүргүзүлүп, андан кийин адистер менен кеңешилгенден кийин, менин тапшырмам менен юристтер тобу (Шахназаров, Кудрявцев, Топорнин жана башкалар) тийиштүү документтерди даярдоого, биринчи кезекте СССРдин Конституциясына өзгөртүүлөрдү киргизүү боюнча мыйзамдын долбоорун даярдоого киришишкен", – деп жазган.[226]

1990-жылы 28-январда Яковлев Горбачевго даярдаган катын берген. Запискада кайра куруунун жүрүшүндөгү негизги тоскоолдук – бул БК менен Саясий Бюро. Ошондуктан, алардан баш тартуу зарыл. Кутулуунун бирден-бир жолу – президенттик бийликти кечиктирбей түзүү зарылдыгы жазылган. Катта: "Ошондо Сиз өз колуңузга бийликти чогултуу менен Саясий Бюрону сүрүп чыгасыз жана сүйлөөк Жогорку Советтин реалдуу рычагдарынан кутуласыз. Андан кийин жакынкы күндөрү 5 – 6-февралга дайындалган БКнын Пленумуна чейин телевидение аркылуу элге түз эфирден кайрылып: жер – дыйкандарга, фабрика – жумушчуларга, республ-

225. Второй съезд народных депутатов СССР. Т. IV. 555 – 560-б.

226. Горбачев М.С. Жизнь и реформы. Кн. 1. 485-б.

ликаларга – реалдуу көз карандысыздык, союздук мамлекет эмес, өз алдынча мамлекеттердин биримдиги, көп партиялуулук жана КПССтин бийликтеги монополиесинен баш тартуу, аппаратты кескин кыскартуу жана ар кандай Батыштын ири карыздарын кыскартуу, аскер реформасын (генералдарды кууп кетирүү, алардын ордуна подполковниктерди отургузуу, Чыгыш Европадан куралдуу күчтөрдү чыгаруу) жүргүзүү, өнөр жай министрлигин жоюу, өтө шашылыш чаралардын ичинен жеке ишкерлерге эркиндик, – деп жарыялооңуз тийиш. Слюньков тарабынан ушундай система иштелип чыккан", – деп жазылган Яковлевдин катында.[227]

1990-жылы 29-январда БКнын Саясий Бюросунун жыйынында өлкөдөгү экономикалык абал жөнүндө маселе каралган.[228] Ушул эле жыйында улуттук маселе да талкууланган. Горбачев: "СССРден чыгуунун механизми жөнүндөгү" – мыйзам керек. Аны так ушундай атоо керек" – деген.[229] Бирок күн тартибинде негизги орунду Конституциянын 6-статьясынын редакциясына өзгөртүү жана президенттик бийликти киргизүү маселеси ээлеген.[230]

Ушул эле жылдын 5 – 6-февралында КПСС БКнын Пленуму болуп, Горбачевдун жүргүзүп жаткан саясатына каршы өтө курч сындар айтылганы

227. Черняев А.С. Шесть лет с Горбачевым. 330-331-б.

228. Пленум ЦК КПСС – 5 – 7 февраля 1990 г. Стенографический отчет // Известия ЦК КПСС. 1990. №3. 41 – 115-б.; Островский А.В. Глупость или измена? Расследование гибели СССР. 430-б.

229. Островский А.В. Глупость или измена? Расследование гибели СССР. 562-б.

230. Черняев А.С. Шесть лет с Горбачевым. 333-б.

менен, андан ары эч кандай аракеттер болбой сөз боюнча калган.[231] 4-февралда КПСС БКнын мүчөлөрүнүн олку-солку болуп тургандарына кысым көрсөтүү максатында демократтар Москванын көчөлөрүнө 200 миңден ашуун демонстрантты алып чыгышкан.[232] Демек, демонстранттар СССРдин Конституциясындагы КПССтин жетекчилик ролу жөнүндөгү 6-статьяны алып салуу боюнча Горбачевдун чечим кабыл алуусуна чоң көмөк көрсөтүшкөн. РДТнын активдүү мүчөсү Ю.Афанесьев бул окуяны: "1990-жылдагы тынчтык Февраль революциясы",– деп атаган.[233]

СССРдин Конституциясына керектүү өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү үчүн эл депутаттарынын съездин чакыруу керек болгон. Бирок СССРдин Жогорку Советинин мурдагы жыйынында бул маселе өтпөй калган. Маселени съездин күн тартибине киргизүүдө өтпөй калуу коркунучу дале оор бойдон калган. Горбачев менен РДТнын активдүү мүчөлөрү тыгыз байланышта болушуп, максатка жетүү үчүн оппозициялык күчтөрдүн жардамы менен депутаттарга басым жасоого биргелешкен массалык акцияларды Москва шаарында эле эмес, союздун ири шаарларында да өткөрүүнү пландаштырышкан. Пландаштырылган иштин деталдарын тактоо максатында РДТнын өкүлдөрү СССР Жогорку Советинин председатели

231. Островский А.В. Глупость или измена? Расследование гибели СССР. 431-б.

232. Мэтлок Д.Ф. Смерть империи: Взгляд американского посла на распад Советского Союза / Джек Ф. Мэтлок; Пер. с англ. Т. Кудрявцевой, В. Мисюченко. – М.: Рудомино, 2003. – 261-б.

233. Мэтлок Д. Смерть империи. 262-б.

А.Лукьяновго жолугушкан. Ал демонстрацияларды уюштуруучуларга: "Чоң масштабдагы демонстрациянын өтүүсүн Горбачев да кубаттайт", – деген.[234]

1990-жылдын 11-мартында КПСС БКнын Пленуму СССРдин президенттик постун кубаттоо эле эмес, бул кызмат орунга М.Горбачевдун кандидатурасын да сунушташкан[235].

1990-жыдын 12 – 15-мартында СССР эл депутаттарынын кезексиз III съезди болгон.[236] 14-мартта эл депутаттары "СССРдин Президенттик кызмат ордун уюштуруу жана СССРдин Конституциясына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө"[237] мыйзам кабыл алган. Саясий чөйрөдө Мыйзамдын негизги жоболору төмөнкүдөй жагдайларга: күчтүү президенттик институттун түзүлүүсүнө; саясий системанын өзөгү катары эсетелген КПССтин жетектөөчү ролу жөнүндөгү Конституциянын 6-статьясынын алынып салынуусуна; көп партиялуулук жөнүндөгү жобонун киргизилүүсүнө алып келген.

234. Харт, Гери Россия потрясает мир. Вторая русская революция и ее воздействие на Запад. -М. 1992. 131-б.; Островский А.В. Глупость или измена? Расследование гибели СССР. 432-б.

235. Пленум ЦК КПСС 11, 14, 16 марта 1990 года. Стенографический отчет // Известия ЦК КПСС. 1990. №5. 32 – 59-б.

236.https://ru.wikipedia.org/wiki/ III Съезд народных_депутатов СССР

237. Ошонун өзүндө; Внеочередной Третий съезд народных депу-татов СССР. 12- 15 марта 1990 г. Стенографический отчет. Т. I. -М., 1990. С. 11-26; Т. II. С. 387.; Закон СССР об учреждении поста Президента СССР и внесении изменений и дополнений в Конституцию (Основной Закон) СССР, 14 марта 1990 г. http://raritety.ru.sarchives.ru/dokumenty/zakon-sssr-ob-uchrezhdenii-posta-prezidenta-sssr-i-o-vnesenii-izmeneniy-i-dopolneniy-v-konstituciyu

Кабыл алынган мыйзамга ылайык СССР Жогорку Совети башкаруу функциясынан ажырап, мыйзам чыгаруу жана контролдоо функциялары менен калган. Мыйзам менен Президент аткаруу бийлигинин структурасына интеграцияланып, министрлер Советинин иштеринин көпчүлүк бөлүгү ага бекитилген. Мыйзам СССРде президенттик башкаруу формасын түзгөн эмес, ал жөн гана совет бийлигинин алкагында жана анын негизинде парламенттик жана президенттик республикалардын белгилеринин айкалышуусун белгилеген, башкача айтканда, башкаруунун аралаш формасы киргизилген.[238]

15-мартта СССР Эл депутаттарынын кезексиз чакырылган III-съездинде М.Горбачев альтернативасыз СССРдин биринчи жана акыркы Президенти болуп шайланган.[239] Конституция боюнча СССРдин Президенти кеңири ыйгарым укуктарга ээ болуп, ал бүткүл элдик добуш менен шайланууга тийиш болгон. Бирок эл депутаттары өздөрү кабыл алган мыйзамды бузуу менен Горбачевду съездде президент кылып шайлоосу, албетте, мыйзамдуу түрдө анын легитимдүүлүгүнө

238. Кара: Закон СССР об учреждении поста Президента СССР и внесении изменений и дополнений в Конституцию (Основной Закон) СССР, 14 марта 1990 г. http://raritety.ru/archives.ru/ dokumenty/zakon-sssr-ob-uchrezhdenii-posta-prezidenta-sssr-i-o-vnesenii-izmeneniy-i-dopolneniy-v-konstituciyu.

239. Постановление Съезда народных депутатов СССР "О Президенте Союза Советских Социалистических Республик".15 марта 1990 г. http://projects.rusarchives.ru/statehood/09-30-postanovlenie-prezident.shtml

күмөндүүлүктү жараткан. СССР Жогорку Советинин Председателдигине А.Лукьянов шайланган.[240]

23-мартта СССРдин президенти Президенттик Советтин курамын аныктаган. Ага: Ч.Айтматов,[241] В.Бакатин, В.Болдин, А.Каулс,

240. Постановление Съезда народных депутатов СССР от 15 марта 1990 г. N 1367-I "О Председателе Верховного Совета СССР". 15 марта 1990 г. https://web.archive.org/web/20131219005404/http://bazazakonov.ru/doc/?ID=1897880

241. **Айтматов Чыңгыз Төрөкулович** (Кыргыз Чыңгыз Төрөкул уулу Айтматов; 12-декабрь, 1928-ж. – 10.06.2008) – кыргыз жана орустун улуу жазуучусу; дипломат. Социалисттик Эмгектин Баатыры (1978), Кыргыз Республикасынын Баатыры (1997), Кыргыз ССРинин Эл жазуучусу (1968), Кыргыз ССР Илимдер академиясынын академиги (1974), Ленин ордени (1963) жана СССРдин Мамлекеттик сыйлыгынын үч жолку лауреаты (1968, 1977, 1983).

1990-жылдан бери СССРдин Люксембургдагы элчилигин (1992-жылдан Россиянын элчилиги), 1994-2006-жылдары Кыргызстандын Бенилюкс өлкөлөрүндө – Бельгияда, Люксембургда жана Нидерландыда, Францияда, НАТОдо жана ЮНЕСКОдо элчиси болуп иштеген.

2006-жылы Россиядагы гуманитардык иштер боюнча жардамчысы Фарход Устаджалилов менен бирге Чыңгыз Айтматовдун "Чек арасыз Диалог" эл аралык кайрымдуулук фондун негиздеп, анын өмүр бою президенти болгон. Фонддун миссиясы мурдагы СССР өлкөлөрүндө орус тилин өнүктүрүү жана колдоо болгон. Кыргыз ССРинен СССР Жогорку Советинин Улуттар Советинин 7-11-чакырылышынын (1966-1989) депутаты. Кыргыз ССРинин Жогорку Советинин 9-чакырылыштагы депутаты, Улуттар Советинин тышкы иштер боюнча комиссиясынын мүчөсү, СССР эл депутаты (1989-1991). СССРдин Президенттик Советтин мүчөсү, Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин мүчөсү, СССР ЖС жана СССР КС катчылыгынын мүчөсү, Кыргыз ССРинин КС башкармалыгынын төрагасы, Азия жана Африка өлкөлөрү менен тилектештик советтик комитетинин жетекчилеринин бири, "Иностранная литература" журналынын башкы редактору, «Ысык-Көл форуму» эл аралык интеллектуалдык кыймылынын демилгечиси. СССР Жогорку Советинин мүчөсү болгон. 2008-жылы Казакстандын «БТА Банкынын» Директорлор кеңешинин мүчөсү болуп шайланган.

В.Крючков, Ю.Маслюков, Ю.Осипьян, Е.Примаков, В.Распутин, Г.Ревенко, Н.Рыжков, С.Шаталин, Э.Шеварднадзе, А.Яковлев, В.Яриндер[242] киришкен.

27-мартта Кремлде, Президенттик Советтин заседаниеси болуп,[243] жыйында СССРдин Президенти Горбачев сөз сүйлөп: "Биздин кайра куруубуз күч колдонулбаган, кансыз социалдык кайра куруулардын доорунун башталышы болуусу мүмкүн. Албетте, ойлонуштурулган идеяны турмушка ашырууга чейинки аралык абдан чоң. Аны басып өтүү жеңил жана жөнөкөй болбойт. Бирок менин көңүлүмдү жибиткени азыркы муундар өткөндөн сабак алышып, учурдагы реалдуулукту туура баалашып, өтө маанилүү жаңы коомдук-тарыхый чечимди кабыл алууда кайрат-күчтөрдү жыйнап, биздин астыбызда күтүп турган саясий, экономикалык, психологиялык шумдуктуудай кыйынчылыктарга карабай, жоопкерчиликти өз моюнга алгандыгында. Дале эң негизги кыйынчылыктар алдыда",– деп айткан,[244]

1990-жылдын аягында (17 – 27-декабрь) СССР эл депутаттарынын IV съезди өтүп, негизги маселелердин бири союздук республика катары СССРди сактап калуусу каралып, Президенттик

Айтматовдун китептери 176дан ашык тилге которулуп, 128 өлкөдө басылып чыккан. Жазуучунун чыгармалары боюнча 20дан ашык фильм тартылган.

242. Известия. 1990. 26 марта.

243. Первое заседание Президентского совета // Правда. 1990. 28 марта.

244. По пути решительных преобразований. Выступление М.С. Горбачева на Президентском совета 27 марта 1990 г. // Правда. 1990. 28 марта.

Совет жоюлган.[245] СССР Министрлер Совети жоюлуп, Министрлер Кабинети түзүлгөн. Кабинет Президент тарабынан түзүлгөн жана түздөн-түз анын карамагында болгон. СССР Жогорку Советинин ролу Министрлер кабинетинин башчысы жөнүндөгү маселе боюнча макулдук берүү менен гана чектелген. "Эгемендүү тең укуктуу республикалардын жаңыртылган федерациясы" катары мамлекеттин өзүн сактап калуу жөнүндө референдум өткөрүү тууралуу съездде жарыяланып, ушул максатта СССРде бүткүл элдик добуш берүү (референдуму) жөнүндө мыйзам кабыл алынган.[246] Съездде вице-президенттик кызмат орун уюштурулуп, ага Г.И.Янаев[247] шайланган.[248]

СССРдин эл депутаттарынын V съезди 1991-жылы 2 – 5-сентябрда болуп өтүп, акыркы съезд катары тарыхка кирген. СССРдин жоюлушу менен съезд өзүнүн жашоосун токтоткон.[249]

Горбачевдун жүргүзгөн кайра куруу, айкындык, тездетүү, көбүрөөк демократия (больше демократии), көбүрөөк социализм (больше социализма) саясатынын жыйынтыгы көп жылдар бою тынч жаткан каргашалуу "бөтөлкөдөгү жиндин" чыгуу-

245. IV Съезд народных депутатов СССР. https://ru.wikipedia.org/ wiki/IV Съезд народных депутатов СССР.

246. IV Съезд народных депутатов СССР. https://ru.wikipedia.org /wiki/ IV_Съезд_народных_депутатов_СССР.

247. **Янаев Геннадий Иванович** (1937 — 2010) — советтик партиялык жана мамлекеттик ишмер. СССРдин Вице-президенти (27-декабрь 1990 – 4-сентябрь 1991). СССРдин өзгөчө абал боюнча Мамлекеттик комитеттин жетекчиси.

248. IV Съезд народных депутатов СССР. https://ru.wikipedia.org/ wiki/ IV Съезд народных депутатов СССР.

249. IV Съезд народных депутатов СССР. https://ru.wikipedia.org/ wiki/VСъезд_народных_депутатов_СССР#cite_note-1

суна шарт түзүп, баш-аягын жыйнаганга алы жетпей калган Кремлдик башкаруунун алсыздыгынан пайдаланышкан ультра-националист-шовинисттер жана кыйчалышып, татаалдашкан кырдаалдан жеке кызыкчылыгына пайдалануу көздөшкөн ультра-улутчул-саясатчылар улуттун намысын козгогон, канын кызыткан ураандар менен тынч жаткан элге бүлүк салышып, улуттук маанайдагы ар түрдүү коомдук, өкмөттүк эмес уюшулган кыймылдарды түзүүгө жетишишкен.

СССРде улут маселелери эбак эле чечилген деп эсептелинип, советтик "адам – адамга дос жана бир тууган", – делген жасалма идеология менен жашап келген советтик калк айкындыктын ыргагы жана коомдун демократиялашуусу менен мезгилин күтүп, уйкуда жаткан улуттук эгоизм кайрадан жанданып, улуттар аралык карама-каршылык союз боюнча кеңири кулач жайган. М.Горбачевдун кайра куруу жана тездетүү саясаты өлкөдөгү экономикалык өсүү темпин СССРдин тарыхында болуп көрбөгөндөй эң төмөнкү деңгээлге түшүрүп жиберген. Албетте, мындай социалдык-эконо-микалык кризистин мезгилинде калктын турмуш-тиричилик деңгээлинин өсүүсүнө негативдүү таасирин тийгизип, коомчулуктун нараазычылык кыжырдануусун пайда кылган.

Улуттук кыймылдардын лидерлери өлкөдө жүргүзүлүп жаткан айкындуулук кырдаалынан пайдаланып, өз тагдырыбызды өзүбүз чечүүчү мезгил келди деген догматикалык саясат менен союздун ар кайсы жерлеринде баш көтөрө башташкан. Улуттук маселенин курчушуна бийлик өзү да түртүү берген.

1986-жылдын 16 – 18-декабрларында, СССР ИИМи тарабынан иштелип чыккан "Метель-1986" коддук аталышта демонстранттардын чыгууларын басуу боюнча атайын ыкчам планы"[250] Алма-Атада биринчи ирет колдонулуп, куралдын күчү менен борбордук бийликтин жүргүзгөн империялык саясатына каршы чыгышкан казак улутундагы жаштардын массалык нараазычылык акциясын аёосуз, кандуу басып, ал окуя "Кандуу желтоксан" деген ат менен тарыхка кирип калган.[251]

Демонстрацияда курман болгондордун саны бийликтин билдирген официалдуу маалыматы боюнча алты киши, ал эми кандуу кагылыштын арасында жүргөндөрдүн билдирүүсүндө көз жумгандардын саны жүздөгөн кишиге жеткен.[252] "Желтоксандын" материалдары "Өтө жашыруун" деген гриф менен бүгүнкү күнгө чейин ачылбай, Москванын жана Алма-Атанын архивинде сакталуу.[253]

250.Кара: Желтоксан. Декабрь 1986. Документальная хроника. / под ред. Берика Абдыгали. — Алма-Ата: «Арыс», 2021; Смирнов В. 22 декабря 2019. Желтоксан: что произошло 33 года назад в Алма-Ате. Операция «Метель-1986»: жестокий эксперимент. https://total.kz/ru/news/den_v_istorii/zheltoksan_chto_proizoshlo_33_goda_nazad_v_almaate_date_2019_12_22_19_08_35

251. Кеңири кара: «Желтоксан. Декабрь 1986. Документальная хроника» / под ред. Берика Абдыгали. — Алма-Ата: «Арыс», 2021. — 880 с.; Декабрьские события в Алма-Ате (16 — 18 декабря 1986 года). http://www.tarih-begalinka.kz/ru/timetravel/page3272/

252. Смирнов В. 22 декабря 2019. Желтоксан: что произошло 33 года назад в Алма-Ате. Операция «Метель-1986»: жестокий эксперимент. https://total.kz/ru/news/den_v_istorii/zheltoksan_chto_proizoshlo_33_goda_nazad_v_almaate_date_2019_12_22_19_08_35

253. Смирнов В.22 декабря 2019, Желтоксан: что произошло 33 года назад в Алма-Ате. Операция «Метель-1986»: жестокий эксперимент.

Союздук бийлик тарабынан Алма-Ата окуясына жасалган күч колдонуудагы жүргүзүлгөн биринчи тажрыйба болуп, Кремлдик бийликтин түпкүрдөгү максаты демонстранттарды жөн эле кууп, таратуу жана каршы чыгышкан оппозицияга тиешеси барын да, жогун да дүңүнөн камоо жана жергиликтүү жетекчи кызматтагыларды жазалоо менен чектелүү эмес, союздук республикалардын "үшүн" алып коюу тактикасы болгон. Бул тактика Грузияда, Азербайжанда, Литвада чыккан демонстранттарды ырайымсыз кууп, таратууда пайдаланылган.[254]

1988-жылы февралдын аягында Азербайжан республикасына караштуу Тоолуу-Карабах Автономиялык областынын Армения республикасы менен кошулуу кыймылы башталган. Бул автономиялык областтында жашашкан калктын басымдуу көпчүлүгү (80%) армян улутундагылар. Конфликт кандуу формага өтүп, узукка созулган согушка айланган. Республикалар ортосундагы жаңжалдын айынан улуттардын качкындарынын саны 1989-жылы 300 миңден ашкан. 1990-жылы январда Бакудагы бунтту басуу үчүн аскер күчтөрү киргизилген. Кагылышуудан 200дөн ашуун карапайым жарандар набыт болгон.[255]

254. Смирнов В. 22 декабря 2019. Желтоксан: что произошло 33 года назад в Алма-Ате. Операция «Метель-1986»: жестокий эксперимент. https://total.kz/ru/news/den_v_istorii/zheltoksan_chto_proizoshlo_33_goda_nazad_v_almaate_date_2019_12_22_19_08_35

255.Карабахский конфликт. https://ru.wikipedia.org/wiki/Карабахский_конфликт; Филиппов А. В. Новейшая история России. 1945—2006 гг. 302-б.

Союздук эки республиканын ортосундагы территориялык талаш маселесин Кремль тынчтык жол менен чечүүгө жараган эмес. Көз карандысыз Азербайжан жана Армения мамлекеттеринин ортосундагы чечилбей калган жаңжалдуу маселе 30 жыл өткөн соң, 2020-жылы октябрь-ноябрь айларында, эки өлкө ортосунда болуп өткөн согуштун натыйжасында Арменияның жеңилүүсү, Азербайжандын жеңиши менен аяктаган.[256] Бирок эки мамлекет ортосундагы миң жылдап келген чек ара карама-каршылыгы түбөлүк чечилди деген-дикке жатпайт. Согуштун оту кайра жаңыруу коркунучу дале сакталууда.

Союздук бийлик конфликти токтотууга алсыздык кылганын көргөн улуттук ультра-сепаратисттер союздун башка точкаларынан жаңжалдардын отун тутандырууга жетишишкен.

1989-жылдын май-июнунда Өзбек ССРинин Фергана өрөөнүндө от алган улуттар аралык конфликт Кремль үчүн күтүүсүз болгон. Анда өзбек улутундагылар менен месхетин-түрктөрүнүн[257] кагылышуусу болгон. Июндун башында түрктөргө карата кеңири масштабдуу погром башталган. Жаңжалды

256. Армения проигрывает последний бой за Карабах. 9 ноября 2020. https://vz.ru/world/2020/11/9/1069698.html

257. 1944-жылы СССРдин коопсуздугуна байланыштуу Грузия ССРинин Месхетия (Турция менен чектеш) аймагында туруктуу жашашкан месхетин түрктөрү Өзбекстан, Казакстан жана Кыргызстанга депортацияланган. Жердин атына байланыштуу "месхетиялык түрктөр" же "месхетин түрктөрү" – деп аталган. 1989-жылдагы эл каттоодо 106,7 миң түрк улутундагылар Өзбек ССРинде, анын ичинен 17 миңге жакыны Фергана областында жашашкан. Жирохов М. А. Семена распада: войны и конфликты на территории бывшего СССР. https://military.wikireading.ru/14387

басуу үчүн СССРдин ИИМинин ички аскерлери киргизилип, баш аламандыкты 12-июнда күч менен араң баскан.

1989-жылы июнь айында Кыргызстандын Баткен району менен Тажикстандын Исфара районунун ортосунда чек ара чыры чыгып, СССР ИИМдин аскерлер бөлүмүнүн күчү менен басылган. Туура бир жылдан кийин, 1990-жылдын июнь айында Ош коогалаңы оор жоготуулар менен болуп өткөн. Ош окуясынын чыгуу себептери жана анын жыйынтыктары жөнүндө китептин тийиштүү бөлүмүндө кеңири орун берилди.

Кайра куруу жылдары СССРдин бардык аймактары кандуу окуяларга жык толгон: Якутск, Алма-Ата, Карабах, Сумгаит, Фергана, Жаңы Өзөн, Сухуми, Анжиян, Душанбе, Тирасполь, Дубоссары, Цхинвали, Тбилиси, Баку, Ереван, Наманган, Ош, Вильнюс, Рига, Мядининкай, Түндүк Осетия (шаардын четиндеги район)[258]...

Жыйынтыктап айтканда, М.Горбачевдун тездетүү курсуна багыт алуусунан кийин, советтик жетекчилер аны ишке ашыруу үчүн активдүү киришкен. Бирок башталган горбачевдук реформалардын баш-аягы жок, терең ойлонуштурулбаган, плансыз иш болгондуктан, союз боюнча бюджеттик туруксуздук жаралган. Баштаган иши жакшылыктуу жүрбөй жатып, 1986-жылдын экинчи жарымынан тартып М.Горбачев коомдук турмуштун бардык тармактарында кайра куруу кампаниясын

258. Горянин А. 08.12.2016. Беловежское соглашение 25 лет спустя: СССР умер от свободы слова. http://russkiymir.ru/publications/218086/-

баштаганы да чоң жаңылыштык болгон. КПСС БКнын Генералдык секретарынын баштаган кайра куруусунун жыйынтыктары оң натыйжа бербей, биринин артынан бири кыйроого учураган. Демек, калыптанып калган советтик коомдук жашоо образын кыска мөөнөттүн ичинде өзгөртүүгө болгон аракеттери объективдүү жана субъективдүү себептер менен ишке ашпаганы аз келгенсип, 1985-1988-жылдар ичиндеги болуп өткөн Чернобылдагы атомдук электростанциядагы катастрофа, социалдык тармактагы реформалардын ишке ашпай калуусу, айыл чарбасындагы баш аламандык, антиалкоголдук компания, пландык-директивалык системанын стабилдүүлүгүнүн бузулуусу, нефтиге болгон дүйнөлүк баанын алты эседен да ашык төмөндөп кетүүсү, мамлекеттик бюджеттин дефицитинин кескин өсүүсүнө алып келип, СССРдин социалдык-экономикалык абалын оор абалга кабылтып, калктын нааразычылыгын курчуткан.

Өлкөдө түзүлгөн татаал кырдаалдан чыгуу үчүн М.Горбачев башында турган Советтер Союзунун жетекчилери жүргүзүлүп жаткан реформалардын стратегиясын өзгөртүүнү чечишет да, негизги багытты саясий системаны реформалоо сферасына багыттайт. Жыйынтыгында, горбачевдук командандын совет өлкөсүндө жүргүзүшкөн "эксперименталдык" реформалары толугу менен кыйроого дуушар болот.

Социалисттик принциптердин негизинде күчтүү экономикалык, илимий-техникалык жана социалдык өнүгүүнү ишке ашыра албаганы менен, горбачевдук-яковлевдик бийлик совет элинин аң-сезиминде, психологиясында кескин, революциялык өзгөрүүлөрдү пайда кылып, аларды колдогон "ради-

калдуу демократтардын" пландуу жүргүзгөн агитациялык, пропагандалык саясатынын натыйжасында социализмге жана анын окуусуна каршы күчтүү көз караштык агым өсүп чыгуусуна шарт түзүлүп, советтик системанын бардык тармакарында кайра артка кайтарылгыс өзгөрүү процесстерин ишке ашырганга жетишишкен. Пландаштырылбаган мындай кадамдар менен, келечектеги СССРдин жоюулуусуна карата калыбына келтирилгис негиз түзүлгөн.

Демек, СССРде шашылыш түрдө, ойлонуштурулбаган кардиналдык реформа жүргүзүүгө эч кандай объективдүү да, субъективдүү да негиздер болгон эмес экендигин мезгил өзү далилдеген. Анткени 1985-жылга карата Советтер Союзунун экономикалык өнүгүүсү жана согуштук кубаттуулугу боюнча, жалпысынан алганда, дүйнөдө экинчи орунда турган. Мисалы, 11-беш жылдыкта (1980 – 1985) улуттук киреше орто эсеп менен 16,5%га, өнөр жай продукциясын өндүрүүнүн көлөмү 20%га, ал эми айыл чарба продукциясынын көлөмү 11%га өскөн[259].

"Кайра куруу" – Советтик Социалисттик системага каршы (идеологиялык, экономикалык моделдерине, саясий моделине) кыйраткыч реформанын мезгили болгон. Горбачевдук-яковлевдик план боюнча, кайра куруу мезгил ичинде, акырындык менен өлкөнү экономиканы кризистик деңгээлге жеткирүү менен улуттук национализм менен сепаратизмдин отун тутандырып, өнүгүүнүн социа-

259. Сергей Шевченко. Хроника перестройки как разрушения СССР. http://xn--80auhofkt.xn--p1ai/post134.html

листтик моделинен баш тартып, өлкөнү ичтен кыйроого жана буржуазиялык революцияга (контрреволюция) даярдоо болгон. "Кайра куруу" – буржуазиялык идеологияга багыт алган горбачевдук элиталардын жана алардын батыштык манипуляторлорунун ойлоп тапканы болгон.[260]

Советтик улуу державанын өнүгүү курсун түп-тамырынан бери өзгөртүү максатында "кайра курууну" үч этапка бөлүшкөн:[261]

Биринчи этап (1985-1986). Административдик кампаниялар тарабынан – "алкоголизмге каршы", "иштебеген кирешелерге каршы күрөш" ("борьба с нетрудовыми доходами"), "мамлекеттик кабыл алуу" ("госприёмка"), "коррупцияга каршы" күрөшүү жүргүзүлгөн. Горбачев брежневдик эски кадрларды активдүү "кайра курууучулар" – А.Н.Яковлев, Е.А.Шеварднадзе, Е.К.Лигачев, Н.И.Рыжкова, Б.Н.Ельцин, А.И.Лукьянов жана башкалар менен алмаштырган.

Экинчи этап (1987-1988). Реформаларды баштоо. Идеологияда – "айкындык", ММКдагы цензураны жумшартуу, Сталинди жаман атты кылуу. Жеке ишкерчиликтерди (предпринимательство), кооперативдерди мыйзамдаштыруу жана биргелешкен ишканаларды түзүү менен социалисттик пландуу экономиканын механизмдерин талкалоону активдүү ишке ашыруу башталган. Эл аралык саясатта – "Жаңыча ойлоо" (Новое мышление)", таптык мамилелерден баш тартуу (отказ от классового

260. Шевченко С. Хроника перестройки как разрушения СССР. http://xn--80auhofkt.xn--p1ai/post134.html

261. Сергей Шевченко. Хроника перестройки как разрушения СССР. http://xn--80auhofkt.xn--p1ai/post134.html.

подхода). Эл аралык позициялардан акырындап четтөө. Экономикалык кырдаалдын начарлоосу, республикаларда сепаратисттик маанайлардын өсүүсү жана улуттар аралык алгачкы чыр-чатактардын чыгуусу өлкөдө социалдык туруксуздуктун өсүүсүнө алып келген.

Үчүнчү этап (1989-1991). Саясий кырдаалды кескин дестабилдештирүү менен экономикадагы кыйынчылыктар: товарлардын тартыштыгы, дүкөндөрдүн текчелеринин бошотуу кризистин терең-деөсүнө кабылткан. Кайра куруунун башталышындагы калктын эйфориясы көңүл калуу менен алмашылып, нааразычылыктар күчөгөн. 1990-жылдан баштап бийлик "социализмди өркүндөтүү" ("совершенствование социализма") лозунгунун ордуна "демократия" жана "рыноктук экономика" жөнүндө сөз болуп, капитализм тууралуу унчугушкан эмес. "Жаңыча ой жүгүртүү" менен эл аралык позицияны бир тараптуу Батышка өткөрүп, чыккынчылык менен Европадагы социалисттик өлкөлөрдүн да түбүнө горбачевдук команда жетип, СССРдин дүйнөлүк кадыр-баркы кетип, улуу державалык атынан да ажыраган. Союздук республикаларда улутчулдар менен сепаратисттердин баш көтөрүүсү күчөгөн. Союздук республикалардын "суверендүүлүктүн парады" башталган. КПСС жоюлуп, СССРдин "көз жумулуусуна" шарт түзүлгөн.

КПСС БКнын 1989-жылдагы сентябрь пленумунда экономикалык маселелер каралып, республикаларды хозрасчетко жана өзүн өзү каржылоого

өткөрүү чечими кабыл алынган[262]. Пленумдун чечими менен республикалар өздөрүнүн аймагындагы жер-сууларга, кен байлыктарына, республикалардын деңгээлиндеги бардык өнөр жай ишканаларына толук ээлик кылуу менен, республикага "экономикалык методдор менен чарбачылыктын формаларын" өз алдынча аныктоо укуктары берилген. Ошондой эле республикалар аралык экономикалык мамилелерди түзүү жана республикалар менен Борбордун ортосунда келишимдердин негизинде, рыноктун алгачкы элементтерине ылайык иш алып баруу каралган[263].

Социализмдин келишкис душманы, партиянын идеологу, академик Яковлев 1989-жылы октябрда, партиянын пленумунан кийин, америкалык журналист Х.Смитке берген интервьюсунда өзүнүн көз карашын жашырган эмес:

"Суроо: *Союз урабаш үчүн, бардык союздук республикаларга өз алдынчалыкка жол берилүүгө мүмкүнбү?*

Жооп: Бир эле региондорго эмес, областтарга, крайларга жана райондорго да. Ар бири кандай иштесе, ошондой жашасын. Ал кошунам багат деп, үмүттөнбөсүн".[264]

---

262. Постановление Пленума ЦК КПСС «Национальная политика в современных условиях». 20 сентября 1989 г. // Советская Россия. 1989. 24 сентября

263. Постановление Пленума ЦК КПСС «Национальная политика в современных условиях». 20 сентября 1989 г. // Советская Россия. 1989. 24 сентября

264. Стенограмма беседы А.Н. Яковлева с американским журналистом Х. Смитом. Октябрь 1989 г. // Александр Яковлев: перестройка. 1985—1991. -М., 2008. 361-б.; Островский А.В. Глупость или измена? Расследование гибели СССР. 360-б.

Яковлев андан ары: "Республикалар... өздөрүнүн конституцияларынын чегинде өз алдынча иш жүргүзүшөт. Борбордук бийлик органдарынын чечимдерин алар жокко чыгарууга чейин бара алышат, эгерде чечим алардын компетенциясына кийлигишкен катары чечмеленсе. Иш жүзүндө бардык маселелер өз алдынча чечилет. Борбордук бийликте болгону "коргонуу маселеси" жана тышкы саясаттын негизги маселелеринин жүргүзүүсү гана калат", – деген.[265]

1990–1991-жылдардагы СССР Жогорку Советинин председатели А.Лукьяновдун эскерүүсүндө: "Кайра куруу – татаал, көп маанилүү жана талаштуу сөз.., бул терең ойлонуштурулбаган жана ыраатсыз өзгөрүш, болгондо да чукул өзгөрүш, кандайдыр бир деңгээлде оптимистик жана ошол эле мезгилде миллиондогон элдер үчүн терең трагедиялуу болгон өзгөрүш...", – деп жазган.[266]

Брежневдик "сенектик" мезгилден кийин дүйнөлүк өнүгүү процессинен артта калбай, советтик коом өзгөрүүнү, жаңылануу талап кылган. Советтик түзүлүштүн радикалдуу өзгөртүлүү муктаждыгы жаралгандыгы талашсыз. Бирок, Лукьянов андан ары: "Көп тармактуулук, тең укуктуулук жана менчиктин ар кандай түрүндөгү демократиялык эркиндиктерге, саясий плюрализм, инсандын эркиндиги – мунун бардыгы мезгилдин талаптары болгон. Бирок ачыктан-ачык капиталисттик модерндештирүүнүн алкагында эмес,

265. Стенограмма беседы А.Н. Яковлева с американским журналистом Х. Смитом. 362-б. Островский А.В. Глупость или измена? Расследование гибели СССР. 361-б.

266. Сергей Шевченко. Хроника перестройки как разрушения СССР.

бардыгы социалисттик рамканын чегинде иш алып болуусу тийиш болчу", – деп жазган,[267] ал 1991-жылы августта болгон ГКЧПга[268] (путчка) чейин горбачевдук командада союзду талкалоого активдүү кол кабыш кылган адамдардын бири болгон. Албетте, горбачевдук башкаруу мезгилинде эң жогорку кызмат орун ээлеп турганда "күнү үчүн күл ташып", пендечилик кылып, команданын "камчысын" чабууга мажбур болгон. Кеч болсо да эсине келип, намысы ойгонуп, калктын каргышынан чочулап, союзду сактап калуу үчүн путчисттер тарабына өткөн.

Кайра куруунун "архитектору", ленинизм-сталинизмдин келишкис, коркунучтуу душманы, СССР илимдер Академиясынын академиги А.Яковлев 1999-жылы советтик идеологияны жана экономиканы кандайча талкалагандыгынын планын жарыялап ачыкка чыгарган. Ал: "...Жалган эмес, чыныгы реформаторлордун группасы төмөндөгү пландыиштеп чыкканбыз: Лениндин авторитети менен Сталинге, сталинизмге сокку уруу. Эгерде ийгиликтүү болсо, андан кийин Плеханов жана социал-демократия менен Ленинди согуу, либерализм жана "нравалык социализм" менен жалпы революционаризмди.

"Сталиндин керт башына сыйынуунун" бетин ачуунун жаңы айлампасы башталган. Бирок муну Хрущев жасагандай эмоционалдык айкырык менен эмес, жөн гана даана, так подтекст менен:

267. Сергей Шевченко. Хроника перестройки как разрушения СССР.

268. ГКЧП – Государственный комитет по чрезвычайному положению в СССР.

кылмышкер Сталин эле эмес, системанын өзү да кылмыштуу...

...Ошону менен бирге социализмдин өсүп, өнүгүүсүнүн кызыкчылыгына жамынып, советтик тоталитардык режимди жана партиянын тоталитардык дисциплинасын айкындык аркылуу гана талкалоого мүмкүн болгон.

Амалдуу ойлонуштурулган, бирок өтө жөнөкөй тактика – тоталитардык системага каршы тоталитаризмдин механизмдери – ишке ашканын мен, артка кылчая карап, сыймыктануу менен айта алам", – деп жазган.[269]

Кийинчерээк, Горбачев СССРди талкалап, максатына жеткенден кийин: "Биз социализмди жакшыртуу иллюзиясында болгонбуз", бирок "андан баш тартуубуз керек болгон", – деп жарыялаган.[270]

Демек, Горбачев жана анын бирге аракеттенишкен максатташтары бийликке келишкенден кийин, социализмди андан ары өнүктүрөбүз деген "иллюзия" менен "кайра куруу" реформасына жамынышып, бийик трибуналардан ант беришкени менен, алардын түпкүрдөгү максаттары – советтик системаны талкалоо болгонун тануунга мүмкүн болбогон тарыхый чындык.

1991-жылдын 8-декабрында Белоруссиянын Беловежие токоюндагы өкмөттүк резиденцияда союздун, үч славян республиканын жетекчилери: РСФСРдин Президенти Б.Н.Ельцин, Украинанын

269. Яковлев А.Н. Сумерки. Изд. 2-е, доп. и перераб. – М.: Материк, 2005; Сергей Шевченко. Хроника перестройки как разрушения СССР. http://xn--80auhofkt.xn--p1ai/post134.html.

270. Горбачевские чтения. Становление демократии в современной России: от Горбачева до Путина. Перестройка двадцать лет спустя. Взгляд молодых ученых. – М., 2004. – с. 121.

Президенти Л.М.Кравчук жана Белорусь ССРинин жогорку Советинин председатели С.С.Шушкевичтер жолугушуп, Көз карандысыз Мамлекеттеринин Шериктештигин (КМШ) (Содружество Независимых Государств (СНГ)) түзүү келишимине кол коюшуп, башка союздук республикалардын кошулуусуна "эшикти" ачык деп жарыялашат. 1991-жылы саясатчылар СССРдин тагдырын "чүкө" ойногондой, алгач Союз, андан кийин конфедерация, аягында шериктештик түзүү чечими менен токтолушкан. Борбордук "Известия" газетасына басылып чыккан СССРдин үч славян республикаларынын жетекчилеринин кол коюшкан сепаратисттик келишимдин тексти берилди.[271]

ПОДПИСАНО СОГЛАШЕНИЕ О СОДРУЖЕСТВЕ

8 декабря в Беларуси руководителями Республики Беларусь, Российской Федерации и Украины подписано соглашение о создании Содружества Независимых Государств.

«Мы, Республика Беларусь, Российская Федерация (РСФСР), Украина как государства—учредители Союза ССР, подписавшие Союзный договор 1922 года, далее именуемые высокими договаривающимися сторонами, констатируем, что Союз ССР как субъект международного права и геополитическая реальность прекращает свое существование»,— говорится в преамбуле этого документа.

Руководители трех государств, отмечается далее, сделали этот шаг, основываясь на исторической общности народов и сложившихся между ними связях, стремясь построить демократические правовые государства и развивать свои отношения на основе взаимного признания и уважения суверенитета друг друга, принципов равноправия и невмешательства во внутренние дела, считая, что дальнейшее развитие и укрепление дружбы и взаимовыгодного сотрудничества отвечает коренным интересам их народов, служат делу мира и безопасности.

Стороны подтвердили свою приверженность целям и принципам Устава ООН, хельсинкского Заключительного акта, обязались соблюдать международные нормы о правах человека и народов, гарантировали своим гражданам независимо от их национальности равные права и свободы, обязались способствовать сохранению и развитию культурной, языковой и религиозной самобытности национальных меньшинств.

С целью развития равноправного и взаимовыгодного сотрудничества народов и государств решено заключить специальные соглашения в области политики, экономики, культуры, образования, здравоохранения, науки, торговли, окружающей среды и других сфер. Заявлено о признании и уважении территориальной целостности подписавших соглашение государств и нерушимости существующих границ, их открытости и свободе передвижения граждан.

Члены Содружества намерены сотрудничать в обеспечении международного мира и безопасности, осуществлении мер по сокращению военных расходов и вооружений. Они будут стремиться к ликвидации ядерного оружия, полному разоружению под международным контролем. В то же время стороны будут уважать стремление друг друга к достижению статуса безъядерной зоны и нейтрального государства. Решено сохранить объединенное командование общим военно-стратегическим пространством, единый контроль над ядерным оружием.

К сфере совместной деятельности стороны относят: координацию внешнеполитической деятельности, формирование и развитие общего экономического пространства, европейского и евразийского рынков, таможенную и миграционную политику, развитие систем транспорта и связи, охрану окружающей среды и экологическую безопасность, борьбу с организованной преступностью.

Осознавая взаимный характер чернобыльской катастрофы, участники соглашения договорились объединить и координировать свои усилия по преодолению ее последствий. По этой проблеме будет подписан специальный документ.

С момента заключения соглашения на территориях подписавших его государств не допускается применение норм третьих стран, в том числе бывшего СССР, деятельность органов прежнего Союза прекращается. Гарантировано выполнение международных обязательств, вытекающих из договоров и соглашений, подписанных Союзом ССР.

Соглашение открыто для присоединения всех членов бывшего Союза ССР, а также иных государств, разделяющих цели и принципы документа. Официальным местом пребывания координирующих органов Содружества избран город Минск.

Документ подписали: за Республику Беларусь Станислав Шушкевич и Вячеслав Кебич, за РСФСР — Борис Ельцин и Геннадий Бурбулис, за Украину — Леонид Кравчук и Витольд Фокин.

Выступая на короткой пресс-конференции для журналистов, Председатель Верховного Совета Республики Беларусь Станислав Шушкевич сказал: «Мы вдвойне обеспокоены положением, сложившимся в результате развала Союза. Поэтому в начале конституционно предоставленным нам прав мы взяли на себя инициативу и подписали соглашение об учреждении Содружества трех независимых государств. Подписание этого документа влечет за собой определенные структурные и властные изменения, поэтому мы договорились продолжить нашу работу».

Три народа решили действовать сообща, констатировал Президент России Борис Ельцин.

271. «Известия» 1991-жыл, 9-декабрь

Үч славян республикасынын жетекчилери "кылгылыкты кылып, кыл жип менен буун", келишимдин жыйытыгы боюнча ошол замат сүйүнчүлөп, Б.Ельцин АКШнын Президенти Дж.Бушка телефон чалып, кабарлайт: "...Господин Президент, мен сизге ишенимдүү айтуум керек, азырынча бул жөнүндө Президент Горбачев билбейт. Ал биз чогулуп жолугушарыбызды билген, ага жолукканда мен өзүм айткамын. Албетте, биздин келишимдин текстин биз ага токтоосуз жөнөтөбүз, анткени ал өз деңгээлинде чечим алары бышык. Господин Президент, бүгүн мен сиз менен абдан, абдан ачыкмын. Биз – төрт мамлекет, бул оор кырдаалдан чыгуунун жалгыз жолу экендигин сезебиз. Жашыруун эч нерсе жасоону каалабайбыз, биз басма сөздөргө билдирүүнү азыр жасайбыз. Биз Сиздин түшүнүүңүзгө үмүттөнөбүз... Кымбаттуу Джорж, мен бүттүм. Бул артыкча, өтө маанилүү. Экөөбүздүн ортобузда түзүлгөн салт боюнча, мен дароо сага он мүнөткө жетпеген убакыт ичинде чалдым".[272]

"Буштун алдында Ельциндин жасакерленип, жагынуусу жийиркеничтүү сезим калтырган... Ельцин биринчи кезекте кимге телефон чалуу керектигин билген. Парижге же Пекинге, ал турсун Москвага да эмес, так Вашингтонго. Анткени СССРдин кыйроосуна баарынан көбүрөөк АКШ кызыкдар. Мындан тышкары, Ельцин кимге өзүнүн берилгендигин билдирүү (заговордун башкы координатору сыяктуу) максатында, ошол эле учурда,

272. Буш Дж., Скоукрофт Б. Мир стал другим. /Перевод с английского./ -М., 2004. 492 – 493-б.; Костин А. Заговор Горбачева и Ельцина. Кто стоял за хозяевами Кремля? 192-б.

кырдаал күтүлбөгөндөй татаалдашып кеткен учурда, анын колдоосуна ээ болууга" далалаттанган деп жазат россиялык финансист, банкир, публицист А.Костин[273].

Ельцин Буш менен сүйлөшкөндөн бир топ убакыт өткөрүп, С.Шушкевич СССРдин Президенти М.Горбачевго Советтер Союзунун жоюлушун кабарлаган.[274] Бул келишим "Беловежьелик келишим" деген ат менен дүйнөлүк тарыхка кирген.

Славян республикаларынын жетекчилери өздөрүнүн саясий амбицияларын канааттандыруу максатында СССРди бөлүштүрүшкөн. Ал эми СССРдин Президенти Горбачев саясий эрктүүлүктү көрсөтүп, "төңкөрүшчүлөрдү" камакка алуунун ордуна жөн гана билдирүү менен чектелген. Беловожьелик келишимге карата СССРдин Президентинин 9-декабрдагы билдирүүсү 10-декабрда борбордук газеталарга жарыяланган. Анда: "Көп улуттуу мамлекеттин тагдырын үч республиканын жетекчилеринин эрки менен эле аныктоого мүмкүн эмес. Бул маселе Конституциялык жол менен суверендүү бардык республикалардын жана андагы элдердин эркин эсепке алуу менен чечилүүгө тийиш", – деп айтуу менен чектелген.[275]

9-декабрда М.Горбачев официалдуу түрдө билдирүү жасап, анда үч өлкөнүн Көз карандысыз Мамлекеттеринин Шериктештигин (КМШ) түзүү

273. Костин А. Заговор Горбачева и Ельцина. Кто стоял за хозяевами Кремля? 192-б.

274. Всемирная история - Новейший период (1939-2007 гг). http://ukrmap.su/ru-wh11/1308.html

275. В. Андрианов, А. Черняк. Одинокий царь в Кремле. М.: «Правда», 1999. 414-б.;Костин А. Заговор Горбачева и Ельцина. Кто стоял за хозяевами Кремля?194-б.

боюнча келишимине кол коюлган документтин легитимдүүлүгүн иш жүзүндө тааныгандыгы белгилүү болгон. Билдирүүдө: "...Бул келишим позитивдүү моменттерге ээ. Ага Украинанын жетекчилиги катышты, ал акыркы мезгилде келишимди иштеп чыгуу процессинде активдүүлүгүн көрсөткөн эмес. Документте макулдашылган принциптер боюнча бирдиктүү валюта жана финансы – банк системалары менен иштей турган бирдиктүү экономикалык мейкиндикти түзүү зарылдыгы баса белгиленген. Илим, билим берүү, маданият жана башка тармактарда кызматташууга даяр экендиги көрсөтүлгөн..."[276]

Беловежье келишими жөнүндө билгенден кийин, М.С.Горбачев СССРдин Президенти катары тез арада, кечиктирбей СССР Жогорку Советине, БУУга, Коопсуздук Советине билдирүүгө милдеттүү болгон, – деп туура жазган Н.И.Рыжков.[277]

Бирок СССРдин Президенти тарабынан аларга карата эч кандай чара көрүлгөн эмес. Үч союздук республиканын жетекчилери чогулушуп жасашкан келишим мыйзамсыз жана антиконституциялык мүнөздө болгондуктан, Горбачев Президент катары, Конституциянын жана мыйзамдуулуктун гаранты катары, Беловежьедеги уюшулган кылмыштуу бүтүмдөргө карата кылмыш ишин козгоону Генералдык прокуратурадан талап кылууга милдеттүү болгон.

276. Костин А. Заговор Горбачева и Ельцина. Кто стоял за хозяевами Кремля? 194-б.

277. Рыжков Н.И. Я из партии по имени «Россия». -М., 1995. 108-б.

Горбачев республикалык парламенттерде мыйзамсыз келишимди ратификациялоого каршы туруп, СССР Жогорку Советинин кезексиз сессиясын чакыруу демилгеси менен, бул маселени депутаттардын талкуусуна алып чыгууга милдеттүү болгон.

Бирок Горбачев үч союздук республикалардын жетекчилерине карата бир да мыйзамдуу аракет жасабаган эмес. Ал Конституцияны сактоого жана коргоого берген президенттик антынан тайып эле калбастан, Конституциянын өзүн одоно бузган.

Горбачевдун ушундай жолго атайлап баруусу 24-декабрда белгилүү болгон. Ушул күнү СССРдин Президенти катары М.Горбачев "Комсомольская правда" газетасына эң акыркы интервьюсун берген. Ал: "Менин жашоомдогу эң негизги жумуш аткарылды" – деп, көп жылдар бою көкүрөгүндөгү купуя максатын билдирген.[278]

Таң каларлык. Советтик державанын лидеринин саясий сахнадагы күнү аяктап бара жатканда ММК аркылуу бүткүл дүйнөгө өлкөнү жок кылуу өзүнүн жашоосундагы "эң негизги жумуш", – деп жар салуусу, чындыгында, таң каларлык.

Келишимдин мыйзамсыз экенин, СССРдин тагдырын үч араккор токойдо торопойдун этин жеп отуруп, чечип коет дегенге Горбачевдун баш ийип, ал чечимди совет элинин атынан тааануусу, үчөө

278. Муратов Д., Фронин В. Горбачев уходит и остается. Интервью с первым и последним президентом СССР // Комсомольская правда. 1991. 24 декабря.; Островский А.В. Глупость или измена? 658-б.

менен байланышта экенине шек санатпай койбойт.[279]

1991-жылдын 25-декабрында Эй-би-синин кабарчысы Теда Коппелага берген М.Горбачевдун акыркы интервьюсунда: "Бүгүн кандайдыр бир кульминациясына жетти. Мен өзүмдү толугу менен абдан жайбаракат жана бүт бойдон эркин сезем... Менин ролум гана өзгөрүп жатат. Мен саясий да, коомдук да ишмердүүлүгүмдү калтырбаймын. Бул, балким, ушул учурда биринчи жолу болуп жатат. Ошентсе да, мен мында да пионер болуп чыктым. Бул деген, биз байкап жаткан процесстин демократиялуу экендигин билдирет. Менин президенттик кызматтан кетишим саясий өлүктүктү билдирбейт.." – деп айткан.[280]

М.Горбачев президеттик полномочиеси токтоордон бир нече саат мурда, АКШнын Президенти Дж.Бушка жеке, коштошуу катын жолдойт. Ал катта: "Бүгүн мен СССРдин Президенти катары өз милдетимди аяктап жатып, Сиз менен айрым ойлорум жана сезимдерим менен бөлүшкүм келди... Сиз жана мен кырдаалдын өнүгүүсүн туура жолдо кармап туруу үчүн чечкиндүүлүк жана жоопкерчиликтүүлүк менен аракет кылдык...

Сиз жана мен ишенимдин жана кызматташтыктын негизинде мамилелерди өнүктүрүү үчүн бекем пайдубал орноттук, бүткүл дүйнөнүн тынчтыгы үчүн биз чоң жоопкерчиликти түшүнүү менен

279 Островский А.В. Глупость или измена? 658-б.

280. Бешлосс М., Тэлботт С. Измена в Кремле. Протоколы тайных соглашений Горбачева с американцами. -М., 2010. 190-191-б. (электрондук версия);http://www.x-libri.ru:8005/elib/ bestl000/ 00000190.htm

жүзөгө ашырдык. Биз тарабынан жылдар бою маанилүү маселелерди бирге иштеп чыккан жеке достугубуз мындан ары да улана берет деп мен үмүттөнөм... ".[281]

СССРдин элине теле-радиодон официалдуу кайрылуусунун астында чыдамы кеткен М.Горбачев өзү жетектеп келген өлкөдө арка-бел тутар адамы жок, ырайым үмүт этип, Дж.Бушка телефон чалат: "Кымбаттуу менин Жоржум, салам! Кубанычтуу нерседен баштаганга мага уруксат берсеңиз... Мен бул маселе боюнча (президенттик полномочияны токтотуу боюнча – Н.Д.) жарлыкка кол койдум, ал менин акыркы билдирүүмдөн кийин дароо күчүнө кирет. Ошондуктан Сиз жайбаракат майрамдай аласыз...

– Биздин кызматташтыгыбызды, өнөктөштүгүбүздү жана достугубузду мен абдан жогору баалай турганымды билишиңизди мен каалайм. Биздин ролдорубуз өзгөрүшү мүмкүн. Чындыгында, алар белгилүү бир деңгээлде өзгөрөт. Бирок биз өнүктүргөн өз ара мамилелерибиз жана биздин биргелешип жасаган иштерибиз түбөлүккө калат..."[282] – деп арманын айтат, ара жолго калтыра көрбөгүн сыңары.

Горбачевдун колу менен Союзду талкалаган Буш кызматтан шыпырылып жаткан Президенттин көңүлү үчүн тил эмизип: "Менин сиз менен болгон

281.Бешлосс М., Тэлботт С. Измена в Кремле. Протоколы тайных соглашений Горбачева с американцами. М., 2010. 190-191-бб.(элекрондук версия);http://www.x-libri.ru:8005/elib/bestl000/00000191.htm

282. Бешлосс М., Тэлботт С.Измена в Кремле. Протоколы тайных соглаше-ний Горбачева с американцами. -М., 2010. С. 191-192; http://www.e-reading.club/book.php?book=1013295; http://www.x-libri.ru:8005/elib/bestl000/00000192.htm

достугум окуялардын өнүгүшүнө карабастан калат жана кала бермекчи. Бул боюнча эч кандай шек жаралбашы керек" – деп, көңүл жооткон.[283]

Горбачев Буш менен телефон аркылуу сүйлөшүп, жаткан мезгилин америкалык Эй-би-си радиокомпаниясынын кабарчысы Коппелага жана анын командасына толук видеопленкага жазып алганга мүмкүнчүлүк берилген. Буш сүйлөшүү пленкага тартылганын кийинчерээк билип, таң калуу менен: жадагалса, акыр-аягында бул мастер эл аралык аудиториянын алдында уят болбош үчүн кармана албай спектакль уюштурган экен – деген.[284]

М.Горбачев Дж.Буш менен телефон аркылуу сүйлөшкөндөн эки сааттан кийин 1991-жылдын 25-декабрында, Москва убактысы боюнча саат 19.00дө, Советтер Союзунун Президенти М.С.Горбачев өзүнүн ыйгарым укуктарын официалдуу түрдө токтотуу тууралуу борбордук телевидение жана радио аркылуу СССРдин элине кайрылуу жасаган.

Кайрылуудан үзүндү: "Урматтуу мекендештер! Жарандар! Көз карандысыз Мамлекеттердин Шериктештигинин түптөлгөн кырдаалына байланыштуу, мен СССРдин Президенти катары ишмердүүлүгүмдү токтотуп жатам. Бул чечимди принципиалдуу себептерге байланыштуу кабыл алдым. Мен элдердин өз алдынчалыгы, көз карандысыздыгы, республикалардын эгемендиги үчүн бекем турдум. Бирок бир эле учурда Союздук мамлекеттин сакталышы, өлкөнүн бүтүндүгү үчүн. Окуялар башкача жол менен өттү. Өлкөнү бөлүү жана мамлекетти майдалап ажыратуу жолу үстөмдүк кылды, мен буга кошула албайм. Алма-Атадагы жолугушуудан жана ошол жерде кабыл алынган чечимдерден кийин, буга карата менин позициям өзгөргөн жок. Мындан тышкары, менин ишенимимде, мындай масштабдагы чечимдер жалпы элдин каалоосунун негизинде кабыл алынуусу керек болчу. <...> Мен кызмат ордумдан тынчсыздануу менен кетип жатам. Ошондой эле үмүт менен, силердин акылмандыгыңардын жана духуңардын күчтүүлүгүнө, силерге ишеним менен. Биз улуу цивилизациянын мураскорлорубуз, эми ал жаңы жана заманбап жашоо кайрадан жаралышы баарыңардын жана ар бириңердин аракетиңерге байланыштуу болот. <...>".[285]

Кайрылууда жүргүзгөн өзүнүн саясатын коргоо боюнча көп сөздөр жана "ич күптү", арман күүлөрү атаандаштарына таарыныч тар айтылган. Кайрылуу бүтөр замат, саат 19дан 38 мүнөт өткөндө Кремлдин Чоң дворецинин үстүндөгү СССРдин

283. Буш Дж., Скоукрофт Б. Мир стал другим. Пер. с англ. -М., 2004, 496-б. Бешлосс М., Тэлботт С. Измена в Кремле. Протоколы тайных соглашений Горбачева с американцами. -М., 2010. С. 191-192;

284. Бешлосс М., Тэлботт С. Измена в Кремле. Протоколы тайных соглашений Горбачева с американцами. -М., 2010. С. 191-192; http://www.e-reading.club/book.php?book=1013295;http://www.xlibri.ru: 8005/elib/bestl000/00000192.htm; Буш Дж., Скоукрофт Б. Мир стал другим. Пер. с англ. -М., 2004, 496-б.

285. В Политбюро ЦК КПСС...743–746-б.; Союз можно было сохранит. Белая книга. 548 – 552-б.; Российская газета. 1991-жыл, 27-декабрь.

кызыл желөгү түбөлүккө түшүрүлгөн.[286] Эл аралык коомчулук, айрыкча, АКШ баш болгон батыш өлкөлөр кубануу менен кабыл алып, мурдагы СССРдин союздук республикаларынын көз карандысыздыгын биринен сала бирин таанып башташкан.

Советтер Союзунун кыйрашы менен, АКШ дүйнөдө жалгыз супер держава болуп калды. 1991-жылы декабрда Америкалын Президенти Буш өз элин "кансыз согуштагы" жеңиши менен куттуктаган.[287]

Горбачевдук башкаруу мезгилинде СССРдин эң жогорку партиялык жана мамлекеттик бийлик эшелонундагы кызматкерлер баш болушкан чиновниктер АКШ башында турган Батыш өлкөлөрүнүн жетекчилеринин айдагына киришип, коррупциялык каракчылык жол менен өлкө байлыгын жеке жана үй-бүлөлүк кызыкчылыктары үчүн уурдашып, ал байлыктарды өлкөдөн чыгарып кетишип, чет өлкөлөрдүн банктарына жалган, подставной кишилердин аттарына салышкан.

Горбачевдук башкаруу мезгилинде Советтер Союзунун эң жогорку эшелонундагы партиялык-советтик чиновниктердин уюшулган коррупциялык жолдор менен СССРдөн жана Россиядан мыйзамсыз чыгарылып кеткен жана чет өлкөлөрдүн банк-

286. Союз можно было сохранить. Белая книга. 553-б.; Филиппов А.В. Новейшая история России 1945—2006. 324-б.

287. Филиппов А.В.Новейшая история России 1945—2006. 325-б.

тарында сакталып турган каражаттардын жалпы суммасы **116 триллион АКШ долларын түзгөн.**[288]

Астрономиялык бул сумма СССРдин ондогон жылдык бюджетин түзөт.

116 триллион долларлык бул астрономиялык суммага Кыргызстандын эли бел оорутуп эмгектенбей, тер төкпөй, жүздөгөн жылдар бою "бейиштин төрүндө" жашоого кенен жетчү каражат. 2022-жылга карата Кыргызстандын республикалык бюджетинин, мамлекеттик инвестициялардын гранттарын эске алуу менен, киреше болгу **282,1 миллиард сом (3,3 миллиард доллар)** суммасында бекитилген. Ал эми республиканын чыгымдардын жалпы колому **291,2 миллиард сомдун (3,4 миллиард доллар)** деңгээлинде бекитилген.[289]

Салыштыруу иретинде: горбачевдук башкаруу мезгилинде СССРден тонолгон **116 триллион долларлык** каражатты Кыргызстандын бир жылдык **3,4 миллиард долларлык** чыгашасына болуштургөндө **338 жылдан ашын** кетүүдө.

Чет өлкөлөрдүн банктарында мыйзамсыз коррупциялык көмүскө жолдор менен катылган

288. СПРАВКА о разграблении России. «Пятая газета», №38-39 от 12.09.2019 года. http://kprf121.ru/spravka-o-razgrablenii-rossii/; Закат неприкасаемых. Часть I Серия публикаций из доклада «Рабочей группы по борьбе с коррупцией в высших эшелонах власти» 2011-08-09 https://gorojanin-iz-b.livejournal.com/40305.html

289. Соответствующий закон подписал президент Кыргызстана Садыр Жапаров 19.01.2022. https://www.aa.com.tr/ru/%D0%BC%D0%B8%D1%80/%D0%B2%D0%BA%D1%8B%D1%80%D0%B3%D1%8B%D0%B7%D1%81%D1%82%D0%B0%D0%BD%D0%B5%D1%83%D1%82%D0%B2%D0%B5%D1%80%D0%B6%D0%B4%D0%B5%D0%BD%D0%B1%D1%8E%D0%B4%D0%B6%D0%B5%D1%82%D0%B2%D1%80%D0%B0%D0%B7%D0%BC%D0%B5%D1%80%D0%B5-6-7-%D0%BC%D0%BB%D1%80%D0%B4/2479599

миллиарддаган, триллондогон долларлык Советтик байлыктар, биздин оюбузча, бир гана чети. Россия Федерациясынын Госдумасынын алдында атайын түзүлгөн бийликтин эң жогорку эшелондорундагы коррупцияга каршы жумушчу топ менен Антитеррор союзу СССРдин байлыктарынын мыйзамдуу да, мыйзамсыз да тонолууларын изилдөөсү токтотулбай улантылып келет.

Жыйынтыктап айтканда, СССР кулагандан бери 30 жылдан ашык убакыт өтсө да, дүйнөдөгү экинин бири болгон Советтик империянын "жылан чакпай, жылкы теппей" кыйроосун, тагыраак айтканда, процесс жөнүндө түшүнүүбүз таң калыштуу түрдө бүдөмүк бойдон калып келет. Өткөн кылымдын эң ири геосаясий трагедияларынын бирине айланган СССРдин кулашы/бузулушу тарыхчыларды жана коомдук-саясий илимдин башка өкүлдөрүнүн кызыгуусу жана ар түркүн көз караштагы илимий эмгектердин жазылуусу мыйзам ченемдүү. Бул ички себептерден улам болгон коллапспы, же кайсы бир саясий күчтөрдүн провокациясынан улам болгон коллапспы деген суроо бүгүнкү күндө да талаш бойдон калууда. Жалпысынан алганда, бул маселенин бүткүл тарыхнамасы Советтер Союзунун кыйрашы/ыдырап кетүү процессиндеги "объективдүү" жана "субъективдүү" факторлордун өз ара байланышынын тегерегинде жүрүп келет.[290]

290. Зенькович Н. А. 1991. СССР. Конец проекта. — М.: Олма Медиа Групп, 2009. — 576 с.; Рой Медведев. Советский Союз. Последние годы жизни. — М.: Время, 2015. — 416 с.: Стивен Коэн. «Вопрос вопросов»: почему не стало Советского Союза? / перевод Ирины Давидян. — М.: АИРО-XXI, 2007. — 200 с.; Лигачёв Е. К. Кто предал СССР? — М., «Алгоритм», 2015: Мяло К. Г. Россия и последние войны XX века (1989—2000). К истории падения сверхдержавы. М.: Вече, 2002. 480 с.; Рыжков Н. И. Главный свидетель: дело о развале СССР — М. : Алгоритм, 2015; Сэттер Д. Век безумия: распад и падение Советского Союза. — М.: Объединённое гуманитарное издательство, 2005. — 397 с.; Черняев А. С., Вебер А. Б., Палажченко П. Р., Славин Б. Ф., Логинов В. Т., Пучкова Л. Н., Королева Н. Ф., Александрова Т. А. Союз можно было сохранить. Белая книга: Документы и факты о политике М. С. Горбачёва по реформированию и сохранению многонационального государства. — 2-е изд., перераб. и доп. — М.: АСТ, 2007, ж.б.

Саясий анекдот: "Поезд жаркын келечекке карай бара жатат. Аны Ленин башкарат. Кокусунан жол түгөнүп, поезд токтойт. Ленин ишембилик жарыялайт. Поезд жолун улайт. Поезди Сталин айдайт. Кайрадан токтойт. Сталин кондукторлордун жана жүргүнчүлөрдүн жарымын атууга буйрук берип, калгандарын андан ары рельс салууга мажбурлайт. Поезд жолун улайт. Хрущев Сталиндин ордуна келет, рельстер түгөнүп калганда, аларды арт жактан чечип, алдына коюуга буюрат. Хрущевду Брежнев алмаштырат. Жол түгөнүп, поезд токтойт. Анда жүргүнчүлөргө поезд жылып бараткандай сезилтүү үчүн ал терезелерди жаап, вагондорду термелтүүнү буйрат. Ал эми Горбачев болсо: "Биз туура эмес багытта баратыптырбыз" – деп маршрутту өзгөртөт. Ельцин маршрутту тактап, поездди релиси жок ачык талаага айдаган".

КЫРГЫЗСТАН КАЙРА КУРУУ МЕЗГИЛИНДЕ

1985 – 1991-жж.

1985-жылы 10-мартта КПСС Борбордук Комитетинин Генеральный секретары К.У.Черненко көз жумган. 11-мартта КПСС БКнын пленумунда партиянын лидерлигине М.С.Горбачев бир добуштан шайланган. Ошол эле жылдын июлунда А.А.Громыко СССР Жогорку Советинин Президиумунун Председатели болуп шайланган, ал эми сентябрда СССР Министрлер Советинин Председатели Н.А.Тихоновдун ордун Н.И. Рыжков алмаштырган. Советтик жаңы жетекчилик өзүнүн ишмердүүлүгүндө биринчи орунга саясий маселелерди коюу менен баштаган. Саясий меселелердин чечилүү формасын жана формулировкасын эң алды менен Горбачев өзү аныктаган. "Аттанганда эле ээрге кыйшык отурган" сыңары, ошол мезгилдеги анын көз караштары жана жасаган аракеттери иретсиз, карама-каршылыктуу болуп, мамлекеттин жана коомдун тагдырына трагедиялуу таасирин тийгизген.

1985-1986-жылдар ичинде Горбачев өзүнүн "командасын" түзүп, мурдагы жетекчилерди пенсияга кетирген. КПСС БКнын бюросунун курамына Горбачевдун идеясын колдошкон, пикирлеш жаңы

мүчөлөр: Е.К.Лигачев, В.М.Чебриков, Э.А.Шеварднадзе, ал эми БКнын катчылыктарына: Б.Н.Ельцин менен А.Н.Яковлев киргизилген. 1987-жылдын башына карата кадрдык өзгөрүүлөр Саясий бюронун мүчөлөрүнүн 70%ын, обкомдордун жана крайкомдордун секретарларынын 60%ын, партиянын Борбордук Комитетинин мүчөлөрүнүн 40%ын түзгөн.[291]

Кайра куруудагы коюлган маселелерди ишке ашыруу боюнча партиялык, советтик жетекчилердин көпчүлүк бөлүгүн алмаштыруу процесси жүргүзүлгөн. КПСС БКнын секретары А.Яковлев идеология, информация жана маданият тармагын жетектеп, көзөмөлдөө менен катар реформация (кайра курууну А.Яковлев ушундай атаган[292]) жүргүзүүгө тоскоол жаратпаш үчүн кадрларды тоталдык алмаштырууларды жасаган. Ошол мезгилдеги АКШнын СССРдеги посолу Д. Мэтлок 1986-жылды эскерип, төмөндөгүдөй жазган: "Ошол мезгилдин жайында дагы бир: "Айкындык" деген сөз мода болгон. Кайра куруу фронтунда негизги ролду КПСС БКнын Пропаганда бөлүмүнүн башчысы А.Яковлев ойногон, ал XXVII съездинин астында жалпыга маалымдоо каражаттарынын жетекчилик курамын жаңырткан. 1986-жылдын жайында БКнын Саясий бюросунда ал: "бул сферанын 90%

291. Соколов А.К., Тяжельников В.С. Курс советской истории, 1941-1991. -М.: Высш. школа, 1999. - 415 с. http://studlib.com/content/view/855/19/

292. Кара-Мурза С. Между идеологией и наукой. – М., 2013. 33-б.

жетекчи кадрлары алмаштырылды", – деп кабарлаган.[293]

Горбачевдун "кадрдык революциясы" акырындык менен тепм ала баштаган. Хрущевдук-брежневдик башкаруу мезгилинде кызматка келишип, улгайышкан партиянын когорталары менен мамлекеттик ишмерлерди тазалоо кампаниясы жүргүзүлүп, 1985 – 1986-жылдар ичинде: Г.Алиев, В.Гришин, Д.Кунаев, Г.Романов, Н.Тихоновдор болушкан.[294]

СССРдин Мампланынын Председатели, СССРдин ички жана тышкы министрлери, Борбордук Комитеттин секретарлары, көпчүлүк союздук, автономиялык республикалардын, обкомдордун жетекчилери жана чарба кызматкерлери эч себепсиз кызматтан четтетилген. 1986-жылы октябрда Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин биринчи катчысы Т.У.Усубалиев да так ушул "тазалоонун" негизинде кызматтан четтетилип, ордуна А.М.Масалиев дайындалган.[295]

1961-жылы И.Раззаковду да так ушундай сценарий менен кызматтан кетирип, Кыргызстан КПнын биринчи секретарлыгына Т.Усубалиев дайындалган. Кремлдин кадрларды каалагандай "калчаганынын" жыйынтыгы улуттук республика-

293. Мэтлок Д.Ф. Смерть империи. Взгляд американского посла на распад Советского Союза. -М.: Рудомино, 2003. С. 55; Кара-Мурза, С. Между идеологией и наукой. -М., 2013. С. 33; Как Яковлев и Заславская организовывали перестройку. http://ss69100.livejournal.com/2551064.html

294. История России. 1917—2004: Учеб. пособие для студентоввузов / А. С. Барсенков, А. И. Вдовин. -М.: Аспект Пресс, 2005. – 591-б.

295. Ежегодник БСЭ. 1986 год. – М., 1986. С. 563.

лардын жетекчилеринин ички, инсандык мамилелерине терс таасирин тийгизген. Усубалиевдин Раззаков менен мамилеси кескин сууп, саламга эле эмес, анын Кыргызстанга конок катары келүүсүнө да тоскоол болгон. Ал эми Усубалиев менен Масалиевдин ортолорунда "кара мышык" өткөнсүп, мамилелери аягына чейин өтө салкын болуп өтүштү, жарыктык журт жакшылары. Журт башчыларынын арасында мындай жат көрүнүш салтка айланып, Кыргызстан эгемендүүлүккө ээ болон соң мамлекет жетекчилеринин ич ара жек көрүү, кек алуу күрөшү кыргыз журтчулугунун ынтымагына доо кетирип, регионалисттик-тайбализмдин күчөшүнө алып келүүсү өлкөнүн саясий, социалдык-экономикалык жана маданий өнүгүүсүнө терс таасирин тийгизип келүүдө.

1985-жылы М.Горбачев Л.Брежневдин тушунда иштешкен, жергиликтүү элитадан өздөрүнө ылайыктуу кадрлар командасын түзүшүп, кандайдыр бир деңгээлде коомчулуктун колдоосуна ээ болушкан. Орто Азия республикаларынын Коммунисттик партияларынын Борбордук Комитетинин биринчи катчыларын бирин калтырбай кызматтан кетирген. Маселен Т.Усубалиевдин ордуна партиянын биринчи секретары болуп А.Масалиев, Түркмөнстанда – М.Гапуровдун[296] ордуна С.Ниязов,[297] Тажикстанда – Р.Набиевдин[298]

296. **Гапуров Мухамедназар Гапурович** (1922 – 1999) – советтик партиялык жетекчи, Түркмөн ССРинин КП БКнын 1-катчысы (1969-1985).

297. **Ниязов Сапармурат Атаевич** (1940 – 2006) Түркмөнбашы титулунун ээси жана Түбөлүк Улуу Сапармурат Түркмөнбашы – советтик жана түркмөндүн партиялык, мамлекеттик жана саясий ишмери. Түркмөн ССРинин КП БКнын

ордуна К.Махкамов[299] дайындалган. Масалиев менен Ниязов КПСС БКнын секретары Е.Лигачев менен жакшы мамиледе болушкандыктан, экөөнү тең биринчи секретарлыкка Лигачев көрсөткөн.[300]

Ал эми Ниязов түздөн-түз Е.Лигачевдун карамагында КПСС Борбордук Комитетинин партиялык иштердин уюштуруу бөлүмүнүн инструктору болуп иштеген.

Көп жылдар бою Казакстандын компартиясынын биринчи катчылыгын жетектеп келген Д.Кунаевди кызматтан четтетип, анын ордуна Г.Колбиндин[301] дайындалуусу Алма-Атада улуттук нааразычылык болуп, демонстрацияга чыгышкан элдерди борбордон жөнөтүлгөн өзгөчө даярдыктагы аскерлердин куралдуу күч колдонуусу менен кандуу

биринчи секретары (1985 – 1991), Түркмөнстандын президенти (1990 – 2006). 1999-жылдан – өмүрүнүн аягына чейин официалдуу президент.

298. **Набиев Рахмон Набиевич** (1930 – 1993) – советтик жана тажиктик партиялык жана мамлекеттик ишмер. Тажик ССРинин КП БКнын биринчи секретары (1982 – 1985), Эгемен Тажикстандын биринчи президенти (1991 – 1992).

299. **Махкамов Кахар Махкамович** (1932 – 2016) советтик жана тажиктик партиялык жана мамлекеттик ишмер. Тажик ССРинин Министрлер Советинин Председатели (1982 – 1986, 1990 – 1991), Тажикстан КП БКнын биринчи секретары (1985 – 1991), Тажик ССРинин Жогорку Советинин Председатели (1990), Тажик ССРинин биринчи жана акыркы президенти (1990 – 1991).

300. Усубалиев, Т.У. Надо знать прошлое, чтобы не ошибаться в будущем. – Бишкек: Шам, 1996. – С. 86; Международная аналитика 12 (1): 2021 Исследовательские статьи. **Влияние перемен периода перестройки на становление политических систем стран Центральной Азии: чувство угрозы и авторитаризм.** Томохико Уяма, Университет Хоккайдо, Саппоро, Япония. file:///C:/Users/Admin/Downloads/329-808-2-PB.pdf

301. **Колбин Геннадий Васильевич** (07.05.1927 – 15.01.1998) – советтик партиялык ишмер, Казакстан КП БКнын биринчи секретары (1986 – 1989).

басып, казак эинин тарыхында кара так калтырган **“жел токсон”** деген ат менен дүйнөлүк тарыхта жазылып калды.

Т.Усубалиев кызматтан четтетилгени жөнүндө мындай эскерген: “Горбачев Башкы катчы болуп келери менен, – деп жазган Турдакун Усубалиевич, – анын мага карата жактырбаган мамилеси ошол замат күчөп, анан калса ачык сезиле баштаган... Ага телефон чалсаң, трубканы өзү албайт, анын катчысы: “Михаил Сергеевич такыр бош эмес”, – деп жооп берет. “Михаил Сергеевичке менин чалганым жөнүндө жана мен аны менен сүйлөшүүнү каалаганым жөнүндө айтып коюңуз”, – дейм мен. Катчы, албетте, айтпай коймок эмес... Мен Генсек Горбачев менен сегиз ай иштештим. Ал бара-бара мактанчаак, кекирейген боло баштаган...”.[302]

Кремлдин жергиликтүү улуттук кадрларга ишеничи төмөн болгондуктан, республиканын партиялык жана мамлекеттик аппараттарындагы эң маанилүү кызмат орундар Москва тарабынан атайын “десанттар” тобу жөнөтүлүп дайындалышкан. Кыргызстанга, деги эле бардык союздук республикаларга жөнөтүлгөн кадрлар горбачевдук саясаттын жүргүзүлүшүн көзөмөлдөөчү, Генсектин ишенимдүү “тыңчылары” болушкан. Мисалы, Кыргызстан Компартиясынын БКнын экинчи катчылыгына Г.Киселев, ал эми БКнын өнөр жай боюнча секретарлыгына М.Горбачевдун жердеши Н.Семенов дайындалган. Экинчи жердеши М.Василенко кадрларды тандоо жана орноштуруу тармагын ээлеген.

302. Ибраимов О.И. Турдакун Усубалиев: өмүрү жана тагдыры. – Б.: Турар, 2019, 189-б.

Кыргызстандын МККсын (КГБ) В.Рябоконь жетектесе, эң чоң, республиканын теңин түзгөн Ош областтык аткаруу комитетинин председателдигине Н.Чепелев шайланган.[303]

Бул "десанттардын" бардыгы Кыргызстанга айдан түшүшкөндөй, биринчи жолу келишкен. Республиканын социалдык-экономикалык, климаттык жана маданий шарттары боюнча түшүнүктөрү жана кыргыз калкынын улуттук менталитеттик өзгөчөлүктөрүнөн кабарлары жок, "бөрк ал десе, баш алышкан" горбачевдук "революциячыл кадрлар" болушкан. Горбачевдук башкаруу мезгилинде республиканын бардык областтары менен райондорунун партиялык секретарлары, кала берсе ири чарба жетекчилерине чейин алмаштырылган.

Горбачев бийликке келген соң көп жылдар бою СССРде калыптанган социалдык-экономикалык саясатты "сенектик" деп чанып, жаңы саясатты – кайра куруу жана тездетүү саясатын жар салып, жарялаган. Кайра куруунун максаты — коомдук турмуштун бардык жактарын жаңылоо, токтоп калган процесстерди чечкиндүүлүк менен жөнгө салуу, өлкөнүн социалдык-экономикалык өнүгүшүн тездетүү үчүн бардык шарттарды түзүү болгон.

1986-ж. февраль айында КПССтин XXVII съезди өтүп, анда М.Горбачев баштаган жетекчиликтин жүргүзүп жаткан ички жана тышкы саясаты жактырылып, тандап алынган жол туура экендиги белгиленген. Съездде партиянын программасынын "жаңы редакциясы" кабыл алынып, анда 1980-жылга карата коммунизмдин негизин куруу ишке ашпаганына байланыштуу жаңы "жакшыртылган (совершенствование) социализмди" куруу курсу менен алмаштырылган.

303. Плоских В.М., Жунушалиев Дж.Дж. История кыргызов и Кыргызстана: Учебник для вузов. -Б.: 2009, 275-б.

Горбачев башында турган советтик башкаруу бийлиги сталиндик-брежневдик башкаруу мезгил ичиндеги социалисттик өнүгүү жолунда орчундуу, одоно катачылыктар кетирилгенин кескин сынга алуу менен кыска мөөнөт ичинде гумандуу, демократиялык социализмди курууга багыт алынганы белгиленген.

Тилекке каршы, советтик чиновниктик менталитетте бийликке келишкен мамлекеттик жетекчилер өлкөнүн өнүгүү процессиндеги кетирилген бардык кемчиликтерди мурунку жетекчилерге жүктөй салуусу көнүмүш көрүнүшкө айланган. Мисалы, хрущевдук башкаруу мезгилинде сталиндик доордогу оош-кыйыштарды "сталинизмдге", ал эми советтик бейкуттук мезгилдеги өнүгүү темпинин басаңдоосун Горбачев "коммунизм" менен "тоталитаризмге" жүктөй салган.

Бирок "коммунисттик идея", "коммунисттер" жана "коммунизм" ар кандай категориялар. Коммунисттик идея жалпы адамзаттын жыргалчылыгынын коомун түзүү идеясы болуп саналгандыктан бул идея бүгүнкү күндө да талап кылынуучу идея болгондуктан прогрессивдүү адамзат коому бүткүл дүйнөлүк жыргалчылыкка умтулууда. Коммунисттер негизинен экиге бөлүнөт. Биринчиси, коммунизм идеясына берилген чыныгы коммунисттер. Алар албетте, сейрек, ал эми экинчиси, карьера жасоого умтулушкан "партиялык кызматкерлер". Генералдык катчылар баш болушкан

КПССтин мүчөлөрүнүн 99%ы, экинчи топтун өкүлдөрү. Партиялык кызматкерлер тобуна киришкендер, иш жүзүндө, эч кандай коммунисттик идеологиянын илимий теориясы менен тааныштыгы жок, жеке кызыкчылыктары "башынан ашкан", кариеристтик көз караштагы лжекоммунисттер.

"Коммунизм" — идеология катары Советтер Союзунун элинин үмүтүн актаган жок. Анткени коммунизм идеологиясы "коммунисттик кызматкерлердин" жетекчилиги менен партиялык бюрократиянын кызыкчылыгына пайдаланылган лжекоммунисттердин идеологиясына айланып калган. Жыйынтыгында коммунисттик идеологияны догматизмге, вульгаризацияга алып келишкен. Идеология өнүгүүнүн конкреттүү шарттарын эсепке албаган, өзгөрүлбөс жоболор менен иш алып барган схемалык ой жүгүртүүгө айланып, тоталдык болуп калган.

Тоталитардык системага тең салмак – албетте, бул демократиялык система, эгерде демократияны анархия катары түшүнбөсө. Демократиянын котормосу элдик бийлик. 1863-жыл АКШнын президенти Авраам Линкольн граждандык согушта Геттисбергдогу салгылашууда баатырларча курман болгондордун зыйнатында атн берип жатып, демократия жөнүндө төмөнкүдөй айткан: "Бул элдик бийлик Кудай тарабынан берилди жана бул эреже элге таандык, эл тарабынан ишке ашырылып, элге кызмат кылуу жер жүзүндө эч качан жок болбойт" – деген.[304] Демократия жөнүндө байыркы

304. Баранов, Н.А. Современная демократия: эволюционный подход / Н.А. Баранов; Балт. гос. техн. ун-т. – СПб., 2007. – С. 17; Даль Р. Демократия и ее критики. – М., 2003. – С. 358.

авторлор – бул бийликтин формасы деп айтышкан. Демократия коомду уюштуруунун формасы катары коом алдында белгилүү милдеттерге, мисалы, эркин жарандардын өмүрүн, эркиндигин коргоодо бирдей укуктарга ээ деп эсептешкен. Бул милдеттенмелердин аткарылышы бюрократизмди жөнгө салууга жардам берет. Бирок, демократиянын тоталдык жалгыз бир моделинин отургузулуусу да тоталитаризм деп аталат. Демократияга жамынып бийликке келишкен КМШ өлкөлөрүндө тоталитаризмдин үстөмдүк кылуусу ага далил.

Горбачев баштаган "айкындык", "арбын демократия" ("больше демократия") өлкөдө тездик темп менен ар түркүн социалдык күчтөргө сиңип, күчтүү агымга айланып, аны горбачевдук бийлик белгилүү бир рамкада ооздуктай албай калган. Алгач "айкындык" компаниясын кезектеги партиянын үгүтү катары коомчулук көп деле маани берип, кабыл алган эмес.

Горбачев ММКлар аркылуу айкындыктын мезгилинде социалисттик түзүлүштүн өнүгүүсүнө тоскоол болгон, социалисттик баалуулуктарга "көлөкө түшүргөн" бардык кемчиликтер тууралуу коомчулукту ачык сүйлөшүүгө чакырган. Коомду демократиялаштыруу процесси тездик темп менен күч алган. Буга чейин сыртка чыгарылбай, жалаң ич ара айтылып келген пикирлер ачыкка чыга баштаган. Союз боюнча тездик темпте формалдуу эмес клубдар жана бирикмелер пайда болуп, аларда саясий жана коомдук турмуштун дээрлик бардык маселелери боюнча дискуссиялар өткөрүлүп, өлкөнүн социалдык-экономикалык өнүгүүсүндөгү көкөй кескен ар түрдүү маселелер талкуулана баштаган.

Элдер өз пикирлерин тайманбастан айта башташып, социалдык маселелерди чечүүгө активдүү катыша баштаган. Айкындык күч алган. Массалык маалымат каражаттарында коомдук турмуштагы терс көрүнүштөргө оперативдүү көңүл бурулуп, кемчиликтерди чагылдырууга кенен орун бериле баштаган.

Айкындыктын арты менен социалдык-экономикалык жана саясий проблемалар тууралуу жаңыча ой жүгүртүү бардык жерде кызуу талкуу жүргүзүлө баштаган. Бирок, ал кезде көп нерсе түшүнүксүз болгон. Жүргүзүлүп жаткан реформалардын так программасы, пландаштырылган кайра куруунун түпкү максаты коомчулукка эле эмес, партиялык-мамлекеттик чиновниктерге да түшүнүксүз болгон. Алдыга коюлган милдеттерди аткаруу үчүн илимий жактан негизделген стратегия жана так такталган тактика болгон эмес.

Горбачевдук кайра куруу компаниясы эч кандай илимий теориялык негизде иштелип чыкпаган, мамлекеттик программа катары кабыл алынбаган, уюштуруучулук даярдыгы жок, стихиялуу баш аламан башталган. Мунун баары бүткүл өлкөнүн, анын ичинде Кыргызстандын маалымат каражаттарынын иштерине терс таасирин тийгизген. Мындан тышкары, партиянын съезддеринин, конференцияларынын жана пленумдарынын материалдарында КПССтин Директиваларын милдеттүү түрдө ишке ашырууга багытталган массалык маалымат каражаттарына партиялык жетекчиликти борборлоштуруунун линиясы бекем бойдон калган.

М.С.Горбачевдун 1985 – 1988-жылдардагы эң негизги иш-чараларынын бири антиалкоголдук кампания болгон. Өлкөдө өкүм сүрүп, күчөп бара жаткан терс көрүнүш болгон "аракечтик" социалдык оор ооруугa айланганына каршы күрөшүү боюнча партиянын БК тарабынан: "Аракечтик менен алкоголизмди жеңүү боюнча иш чаралар", – деген атайын токтом кабыл алынган. Чечимге ылайык алкоголь ичимдиктери социалдык объектилерге (бала бакчалар, мектептер, ооруканалар, коомдук эс алуучу жайлар ж.б.) жакын жерлерде сатылуусуна тыюу салынып, арак-вино сатылуучу дүкөндөр кыскартылып, сатуу убактысына да чектөөлөр киргизилген.

Алкоголдук ичимдиктерге аралашкан кызмат адамдарынын шеги билинип калса партиядан өчүрүлүп, кызматтан кол жуушкан. Жогортодон бул ичимдиктин түрүнө тыюу салуу өлкөдө кескин баш аламандыкты жараткан. Дүкөндөрдө спирт ичимдиктерине болгон учу-кыйры жок кезек күтүүлөр, жашыруун самогон кайнатышкан кызыл кулактар, наркомандар, таксикомандар көбөйгөн. Техникалык спирттен, ар түрдүү уулуу заттардан пайдаланган таксикомандар отравление болушуп, жаны кыйылгандардын саны өскөн.

1985 – 1988-жылдар ичинде шарап чыгаруучу заводдор кыскартылып, жүзүм өстүргөн чарбалар өндүрүш тармагын өзгөртүүгө мажбурланган. Кыргызстанда шарап өндүрүүчү атайын совхоз-комбинаттар түзүлүп иштетилген. Ал чарбаларда жүзүмдүн өзгөчө шарап жасалуучу сортторун өстүрүшкөн. Минтип көп жылдык жумушчулардын эмгектери партиянын чечими менен кыска убакыт

ичинде талаага кетип, жүзүмдөр түп тамыры менен жулунуп, ордуна башка эгиндер айдалган.

Натыйжада, өнүккөн алдынкы миллионер винсовхозкомбинаттар банкрот болуп, заводдун тетиктери талоонго түшүп, республика эгемендүүлүккө ээ болуп, акаевдик башкаруу мезгилинде текейден арзан баага "прихватташтырылып", чарба менчикке айланып, багытын өзгөртүп, Кыргызстан көп жылдык жүзүмдөрдүн уникалдуу өзгөчө сотторунан кол жууган.

Аракечтик менен күрөшүүнүн натыйжасында мамлекет казынага жыл сайын стабилдүү берип турган каражат булагынан ажыраган. Союздук бюджетке алкоголдук ичимдиктеринен түшүүчү жылдык каражаттын көлөмү ар башка булактарда ар кандай көрсөтүлгөнү менен, өлкө болжолдуу 37 миллиард рублден 200 миллиард рублге чейинки накталай киреше түшпөй калган.[305]

Алкоголизмге каршы күрөшүүнүн жалпы жыйынтыгы оң натыйжа бербегени менен, кандайдыр бир деңгээлде калктын социалдык абалын өзгөртүүгө түркү болгон. Ичкичтердин саны кыскарган, араккорлуктун айынан ажырашкан үй-бүлөлөрдүн катары азайган, травматизм, өлүм, тентектик ж.б. жат көрүнүштөрдүн саны кескин кыскарган. 1989-жылы горбачевдун бул саясаты иш жүзүндө токтотулган.

Советтик башкаруу стилинде институционалдык подход өнөкөткө айланган көрүнүш болгон.

305. Мухин М. Почему распался СССР? Журн.: "Актуальная история". http://actualhistory.ru/ussr-breakup-4

Эгерде өлкөнүн алдында проблема турса, ал маселени чечүү үчүн сөзсүз мамлекеттик жаңы бир орган түзүү муктаждыгы келип чыккан. 1985-жылы ушундай максат менен СССР Мамлекеттик Агропром түзгөн, ага илимдин акыркы жетишкендиктерин жана алдынкы агротехникалык ыкмаларды пайдалануу менен интенсивдештирилген айыл чарба системасын түзүү милдеттендирилген. Агропромдун курамына беш министрликти жана бир мамлекеттик комитет кошулуп, башкарууга ыңгайсыз болгон монстрдык ведомство түзүлгөн.

Кыргыз ССРинин Мамагропром комитетинин составында 1987-жылы 178 колхоз, 291 совхоз, 43 чарбалар аралык, жана башка айыл чарбасына тиешеси бар чарбалык ишканалар кирген. Мындан тышкары 6 айыл чарба продуктыларын иштетүүчү ишканалар, 104 тамак-аш өнөр жай ишканалары жана 142 айылдык курулуш уюмдары кирген.[306] Айыл чарбасын системалык түрдө жолго салуу менен чарбалык өз алдынчалыкка өтүүнү киргизүү жеңилге турган жок.

Республикадагы кайра иштетип чыгаруу өнөр жайларынын сырьелору жана керектүү шаймандар сырттан ташылып келинген. 1988-айыл чарба жылында республикада киши башына 413 кг дан азыктары, 78 кг картошка, 10,6 кг тамеки, 5кг тазаланган жүндүн жана 6,6 кг пахтанын булалары, 51 кг эт (тирүү салмагы), 156 л. сүт жана 150 даана жумуртка өндүрүлгөн. Ошону менен катар, республиканын улуттук кирешеси 5 262 млн. руб. түзгөнү

306. Нур уулу Д., Осмонов Ө., Алимова К. Кыргызстан тарыхы. -Б., 2014. 219-б.

менен бюджет кошумча 1 149 млн. руб. дотацияга муктаж болгон.[307] Союздук агро-өнөр жай комитети өзүнө жүктөлгөн милдеттерди аткарууга жөндөмсүз болгондуктан, 1989-жылы жоюуга туура келген.

1986-жылы ушундай эле принцип оор өнөр жай жана информациалык технология тармагында да жайылтылып, машина куруу өнөр жайы менен эсептеп чыгаруучу техника жана информатика боюнча СССР Министрлер Советинин бюросу түзүлгөн. Ушул эле жылдын апрелинде Чернобыль АЭСинде болгон катастрофалык кырсык советтик экономикага кошумча оордук кырдаалды түзгөн. Кырсыкты жөнгө салуу үчүн кеткен алгачкы эле каражат ондогон миллиард рублди түзгөн. Ансыз да экономика тармагында жүргүзүлүп жаткан реформалардын жыйынтыктары ойдогудай натыйжа бербей жатканда, АЭСтин жарылуусу өлкөдөгү оор кырдаалды ого бетер курчуткан.

1986-жылы "тездетүү" курсу толугу менен үзгүлтүккө учураган. Союз боюнча ишканалардын төрттөн бири өндүрүштүк пландарын аткара алган эмес, ал эми алардын 13%ы жылды чыгаша менен аяктаган. СССР жылдын жыйынтыгын болуп көрбөгөндөй бюжеттик дефицит менен аяктап, анын суммасы 17 млрд. рублди түзүп, ал геометриялык прогресс менен өсүүсү улантылган.

Нефтинин дүйнөлүк баасынын көтөрүлүүсүнөн үмүттөнгөн М.Горбачев, кыйын кырдаалды жеңилдетүү үчүн Батыш өлкөлөрдөн кредит алууга

307. Плоских В.М., Джунушалиев Д.Д. История кыргызов и Кыргызстана: Уч.для вузов. -Б. 2009. 281-б.

мажбур болгон. Рублдин реалдуу баасынын кескин төмөндөөсүнө байланыштуу четтен алган кредиттин куну кескин өскөн. Мисалы, валюта менен карызга алынган кредиттин өлчөмү 1985-ж. 27,2 млрд. доллар болгон болсо, 1988-ж. – 40,8 млрд., ал эми 1990-ж - 57,6 млрд. долларга өсүп жеткен.[308] СССРдин жалпы тышкы карызы 1990-ж. аягында 76 млрд. долларды түзүп, алтындын запасы 1985-ж. салыштырганда 10 эсеге, башкача айтканда, 300 тоннага чейин кыскарган.[309]

Горбачевдук башкаруу мезгилинде Кыргызстандын социалдык-экономикалык өнүгүүсүндө, айрым мүчүлүштүктөр болгонуна карабай, статистикалык маалыматтарга караганда, аздыр-көптүр өсүү темпи токтогон эмес. XI беш жылдыктын (1981 – 1985-жж.) эки жылында айыл чарбасынын дүң продукциясынын орточо өсүүсү темпи 1,5%ды түзсө, бул көрсөткүч XII беш жылдыкта (1986 – 1990-жж.) 3,6%га өскөн. 1986 – 1987-жылдары айыл чарбасында эмгек өндүрүмдүүлүгү 5,9 пунктка өсүп, республиканын 225 миң жашоочусу жашоо шарттарын жакшыртса, 1985-жылга караганда бир жарым эсе мектептер жана мектепке чейинки мекемелер курулуп, ишке берилген. Өнөр жай товарларын өндүрүүнүн көлөмү да бир топко өскөн. Айрыкча эл керектөөчү товарлардын, больницалардын, поликлиникалардын жана башка социал-

308. Соколов А.К., Тяжельников В.С. Курс советской истории. 1941-1991. -М.: Выс.школа, 1999. С., 186

309. Перестройка Горбачева. Общественно-политический кризис и государственной переворот 1991 г. Разрушение СССР и провозглашение СНГ. http://histerl.ru/otechestvennaia_istoria/noveishee_vremia/perestroika_gorbacheva.htm

дык жана коммуналдык объектилердин саны өскөн. Маданият, илим жана билим берүү өнүккөн. Республиканын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн орточо жылдык өнүгүү темпи төмөнкү таблицада көрсөтүлгөн:[310]

Көрсөткүчтөр	1981 – 1985-жж.	1986 – 1990-жж.
	процент менен	
Коомдук дүң продукция	4,3	2,8
Өндүрүлгөн улуттук кирешe	4,2	3,8
Өнөр жайдын дүң продукциясы	4,8	3,4
Айыл чарбасынын дүң продукциясы	1,5	3,6
Капиталдык салым	4,1	5,7
Коомдук эмгектин өндүрүмдүүлүгү	1,9	2,3
Калктын реалдуу кирешеси (жан башына)	2,4	7,6
Мамлекеттик жана кооперативдик сооданын чекене товар жүгүртүүсү	3,6	5,6

Төмөнкү таблицада XII беш жылдыкта социалдык объектилерди ишке киргизүүнүн орточо жылдык көлөмү XI беш жылдыктын ушул эле көрсөткүчтөрүнө салыштырыган маалыматтары келтирилген:[311]

310. Народное хозяйство Киргизской ССР в 1987 году. Фрунзе, 1988; Нацстаткомитета Киргизской ССР за 1991 год; Джумагулов А. Что отдано взамен. Воспоминания. – Б.: Бийиктик, 2008. с.152.

311. Джумагулов А. Что отдано взамен. Воспоминания. – Б.: Бийиктик, 2008. с.155.

Аталышы	XI беш жылдык	XII беш жылдык	Орточо жылдык өсүү темпи, % менен
Пайдаланууга берилген турак-жай, бардык булактар боюнча, жылына миң кв.м	1045	1346/1520*	129
Пайдаланууга берилген мектептер, жылына миң окуучу орун	15,3	35,1/41,6	229
Пайдаланууга берилген мектепке чейинки балдардын мекемелери, жылына миң орун	5,14	7,74/7,2	151
Пайдаланууга берилген ооруканалар, койка орундар	515	979/1025	190
Ишке киргизилген поликлиникалар, жылына сменада кароодон өткөндөрдүн саны, миң менен	1,03	2,5/2,98	242

*Знаменатель – 1990-жж.

КПССтин бардык региондук звенолору сыяктуу эле Кыргызстан компартиясынын борбордук комитети да горбачевдук бийликтин жогортон таңуулаган “кайра куруу” реформасын ар дайым колдоо көрсөткөн сыяктуу эле кызуу колдоого алган. Республикада эл чарбасын башкаруунун Генералдык схемасы иштелип чыгып, ага ылайык иштеп жаткан уюмдар чыңдалып, жаңы соода-өнөр жай, долбоорлоо-өндүрүштүк-курулуш жана башка уюмдар жаңыдан түзүлүп, адистештирүү жана кооперациялоо тереңдетилип, бюрократиянын уюштуруу структураларынын түзүлүүсү кайра каралып,

кескин кыскартылган. Эл чарбасында чарба жүргүзүүнүн экономикалык методдорун киргизүү жана хозрасчетторду жайылтууну ишке ашыруу боюнча маселелери каралып, жалпы экономикалык билим берүү жарыяланган.

Кайра куруу реформасынын ыргагы менен республикада партиялык жана чарбалык иштер жанданып, капиталдык салымдардын кескин өсүүсү менен өлкөдө социалдык-экономикалык абалдын жакшыруусуна ыңгайлуу шарттар түзүлгөн. Бирок, республиканын экономикасында көптөгөн көйгөйлүү маселелер жаралган. Эң негизгиси калктын керектөө рыногундагы туруксуздуктун болгондугу, айрыкча тамак-ашка, кийим-кечелерге, тиричилик техникаларына суроо-талаптардын кескин өсүүсү менен аталган товарларга таңкыстыктын көбөйүшүн жаратып, көп мезгилдерде ажиотажды, нааразычылыктарды жараткан.

Региондук чарбалык өз алдынчалыкка, жана хозрасчетко өтүүнүн башталышы менен чарбалар ортосундагы продукцияларды жөнөтүү же келүү боюнча түзүлгөн келишимдик тартиптердин бузуулары башталган. Кыргызстандын өнөр жай ишканаларынын дээрлик көпчүлүгү импорттук сырьёлорго жана тетиктерге багытталган. Сырьёлордун өз мезгилинде келбей, үзгүлтүккө учуроосу, биринчи кезекте, өндүрүштүн үзгүлтүксүз иштөөсүнө терс таасирин тийгизген. Өз кезегинде Кыргызстан да сырьёнун тартыштыгынан товарларды мөөнөтүндө жөнөтүү "унутулуп", дүңгүрөтө кабыл алынган: "Бир тууган республикаларга бардык жеткирүүлөр өз убагында жана эң мыкты сапатта!" урааны үзгүлтүккө учураган.

1989-жылдан баштап "кайра куруунун" кризиси тереңдей баштаган. Алгачкы жылдары эл чарбасында өнүгүү процесси байкалганы менен, экономикалык кризис каптап, ал кайра калыбына келгис болуп тереңдеген. 1989-жылдын декабрында башталган өнөр жай өндүрүшүнүн туруктуу төмөндөөсү 1991-жылы тездик темпте ылдамдаган. Натыйжада республиканын ар бир төртүнчү ишканасы келишимдик милдеттенмелерди аткарууга жөндөмсүз болгон абалга жеткен.

Айыл чарбасын рыноктук мамилелерге өткөрүү кайра куруунун негизги багыты болгон. 1986-1990-жылдар ичинде жер жөнүндө, арендага берүү, жерге менчик укугун жана жерди пайдалануу жөнүндө мыйзамдар кабыл алынган. Ушул мыйзамдардын негизинде республиканын айыл чарбасында реформа жүргүзүү каралган. Ошентип, республикада колхоз-совхоздор менен катар чарба жүргүзүүнүн жаңы формалары: дыйкан чарбалары, арендалык жана кооперативдик ишканалар, ошондой эле коллективдүү бригадалык подряддар түзүлүп, алар чарбалык хозрасчет жана өзүн өзү каржылоо методдору менен иш жүргүзүү шарттары каралган. Продукцияларды өндүрүүдө жана аларды реализациялоодо атаандаштыктар жаралган.

Жүргүзүлгөн реформалардын натыйжасында алгачкы жылдары колхоздор менен совхоздордун экономикалык абалы бир аз жакшырган. 1986—1989-жылдарда айыл чарба тармагында эмгек өндүрүмдүүлүгүнүн жогорулоосунун натыйжасыда түшкөн кирешелер 47 пайызга өскөн. Эң негизгиси республиканын калкы жетиштүү өлчөмдө азык-түлүк менен камсыз болгон.

1990-жылы Кыргызстанда 1 миллиондон ашык бодо мал, 10 миллионго жакын кой-эчки, 400 миң чочко, 300 миңден ашуун жылкы, 14 миллион тоок болгон.[312] Бирок, малдын санынын өсүшү менен жайыттардын абалы кескин деградацияга айланып, айрым жайлоолор мал жайууга жараксыз абалга келген. Малдын санынын артынан сая түшүп көбөйүүсү, өндүрүлгөн айыл чарба продукциясынын сапатын төмөндөткөн. Мунун өзү айыл чарба продукцияларын өндүрүүнүн өздүк наркынын кымбатташына алып келген. Айыл чарба тармагында экономикалык кайра куруу процесси өтө жайбаракат жүргүзүлгөн. Социалисттик чарбалык системанын үстөмдүк кылган шартында кооперативдик кыймыл да, дыйкан-фермердик ишканалар да ийгиликтүү өнүгө алган эмес.

Кайра куруу процесси коомдук активдүүлүктүн тез өсүшүнө алып келген. 1987-жылы КПССтин жүргүзгөн саясатына каршы пикирде болгондугу жана Батыштын жашоосун пропаганда жүргүзгөндүгү үчүн кылмыш жоопкерчилигине тартуу практикасы СССРде токтотулган. 1987-жылдан тартып саясий аренада ондогон "бейформал" (башкача айтканда, КПССтен көз карандысыз) уюмдары түзүлүп, алар иштерин активдүү жүргүзө башташкан.

"Бейформалдар" демократиялык социализмди колдошкон же либералдык демократияны жактап, ич ара дискуссия кеңири кулач жайып,

312. История кыргызстана. Кыргызстан в годы перестройки. Https://www.open.kg/about-kyrgyzstan/history/kyrgyzstan-during-the-soviet-period/570-kyrgyzstan-v-gody-perestroyki.html

КПССтин жүргүзүп келген саясатын ачык сындай башташкан. Алар алгачкы жылдары бийлик менен тикелей конфронтацияга барышпай, диссиденттерге караганда этияттык менен иш алып барышкан.

Бирок бейформалдардын талаптары диссиденттерге караганда бир топ радикалдуу болгон. Алар акырындык менен позицияларын өзгөртүшүп, эми граждандардын укуктарын коргоо жөнүндө эмес, коомдук түзүлүштү түп-тамырынан бери өзгөртүү жөнүндө маселе көтөрө башташкан.

1987-жылдын 20 – 23-августунда Москвада бейформалдардын бүткүл союздук биринчи ачык конференциясы болуп өткөн. Конференция КПССтин идеологиясынан айырмаланган, өз идеологиясы бар, биринчи бүткүл союздук укуктук саясий уюмдун – Социалисттик коомдук клубдардын федерациясынын (Федерации социалистических общественных клубов (ФСОК) түзүлүүсү менен аяктаган.

Алгачкы жылдары Горбачевдун көптөгөн сүйлөгөн сөздөрү коомчулук тарабынан сенсация катары кабыл алынып, анын баштаган жупуну реформалары Генералдык секретарга популярдуулук алып келсе, андан кийин 1987-жылдын экинчи жарымынан баштап, калктын олуттуу бөлүгү кремлдиктердин сөзү менен иши эки башка болуп жатканын туюшкан.

Бейформалдар акырындап партияга жана анын жетекчиликтерине кысым көрсөтүүгө өтүшкөн. Бул күрөштө бейформалдар партиянын борбордук комитетинде иштешкен реформисттик көз караштагы партчиновниктердин колдоосуна ишенишип, алар менен тыгыз байланышта болушкан. Бейформал оппозициячыл бирикмелерди колдошкон партиялык "реформатор"-чиновниктерге иште-

ген жеринде көз карашына карата кысым көрсөтүлсө, аларды коргоо максатында көчө демонстрациялар жана митингдердин жардамы менен колдоого даяр экендиктерин билдиришкен. Анын үстүнө бейформалдар көчөдө гана элге өз оюн айта алышкан – алар расмий маалымат каражаттарына дээрлик мүмкүнчүлүк алышкан эмес.

СССРдин калкынын көпчүлүк бөлүгү көп жылдар бою оппозициялык маанайда өтүлгөн митингдердин өтүүсүн эч качан көрүшкөн да, катышкан да эмес. Андыктан бейформалдардын митингдерине активдүү катышуу менен алардын көтөрүп чыккан идеяларын угуу көпчүлүк үчүн кызыктуу болгон. Мындай ыңгайлуу жагдай оппозициялык уюмдардын сан жагынан өсүүгө кеңири шарт түзгөн.

Оппозиция өздөрүнүн материалдарын миңдеген тираж менен чыгарууга жетишип, бийликтин жүргүзүп жаткан иштериндеги катачылыктарды жана коомдук турмуштагы кетирилип жаткан кемчиликтерди кеңири көрсөтүү менен басып чыгарышып, элге таркатышкан. Коомчулук социалисттик курулушта кетирилген каталыктардын канчалык олуттуу экендигин кызыгуу менен окушуп, эки кишинин башы бириккен жерде ич ара кызуу талкуу уюшулган. Партиялык турмуштун лениндик нормаларынын чегинишинин жана бузулушунун натыйжасында коом терең кризиске кабылган. Аларды калыбына келтирүү зарыл экендиги жана башка полярдуу пикирлер жайма-жай айтыла баштаган.

Горбачевдук реформалар биринен сала бири ишке ашпай, кризиске кабылуусу өлкөдө социалдык

карама-каршылыктардын күчөшүнө алып келген. Алгач партиялык элиталар арасында саясий күрөш күчөп, ал коомчулуктун кеңири катмарына жайылтылган. Жыйынтыгында "кайра куруу" СССРде коомдук түзүлүштүн чукул өзгөрүүсүнө жана кыйрашына ыңгайлуу шарттарды түзгөн эң негизги факторлордун бири болгон.

1989-жылдын жайынан баштап горбачевдук "кайра куруу" өзүнүн чегинен өтүп, "жогортодон" план-программасыз таңууланган "социалдык революциясы" бийликтин контролунан чыгып, миллиондогон элдин колуна стихиялык түрдө өткөн. "Кайра куруу" саясаты өзүнүн жашоосун практика жүзүндө токтоткон. Ага байланышкан келечекке болгон үмүт да өчүп, социализмди өнүктүрүү жана ага "экинчи дем" берүү саясаты, тескерисинче социалисттик системаны алмаштыруу маселеси курч мүнөзгө ээ болгон.

Батыштын каражаттарына күчтөнүшүп алышкан демократтар менен жаңыдан уюшулушкан ар кандай өкмөттүк эмес, коомдук кыймылдар социализмди чанышып, коммунисттик бийлик системасына каршы элди митингдерге, демонстрацияларга үгүттөшүп, ак үйдүн астында ачарчылык жарыялоо менен республикадагы калыптанган саясий жашоо турмушун өзгөртүүгө жетишишкен.

Өлкөдөгү азык-түлүккө жана өнөр жай продукцияларына болгон тартыштык, баалардын туруксуздугу, ар кандай объективдүү жана субъективдүү себептер менен ишканаларда иштер толук же жарым токтотулуп, жумушчу орундар кыскартылып, миңдеген жумушчулар иштерин айласыз таштоосу, айлык маяналардын тартыштыгы жана

башка толгон проблемалар да, "бакан ооз" демократтардын элди көчөгө алып чыгуусуна шарт түзгөн.

1988 – 1989-жылдар ичинде СССРде биринчилерден болуп Балтика республикалары: Латвия, Литва жана Эстония союздан бөлүнүү маселесин көтөрүп чыгышкан. Бул республикаларда формалдуу эмес бирикмелер, элдик-демократиялык революциялык кыймылдар түзүлүп, натыйжада алар коммунисттик партиянын режимин жок кылуу талабы менен ачык чыгышкан.

Латвияда Latvijas Tautas fronte, LTF (Элдик майданы), Эстонияда Eestimaa Rahvarinne (Элдик майданы), Литвадагы "Саюдис" (Lietuvos Sajūdis) блогу жана башка уюмдар демократиячыл саясий талаптарды байма-бай көтөрүп чыгышкан. Албетте, бул бирикмелер менен кыймылдардын артында акыл үйрөтүп, колтугуна суу бүркүп, каражат менен камсыз кылып турушкан АКШ баш болгон Батыш өлкөлөрүнүн "акылман агенттери" турушкан.

Батыштын турмушун көксөгөн бийлик бутактарында кызмат өтөшкөн кызматкерлер, партиянын борбордук комитеттеринин айрым секретарлары баш болушкан "коммунисттер", чыгармачыл интеллигенциянын өкүлдөрү, СССР жана союздук республикалардын эл депутаттарынын топтору тарабынан мындай жөрөлгөлөр колдоо таап, тез эле бүткүл өлкөгө жайылтылган.

Москвада түзүлгөн ар кандай аталыштагы формалдуу эмес коомдук уюмдардын, бирикмелердин жана кыймылдардын жүргүзүп жаткан ар кандай аракеттери жогорудагы аталгандар тарабынан колдоо тапкан. Мындай аракеттер бардык союздук республикаларда ар түрдүү формаларда, өкмөттүк

эмес кыймылдар тарабынан чечилбей келген проблемаларды көтөрүп чыгып, бийликтен талап кылуу кеңири жайылтылган.

Кайра куруу жылдары, айрыкча, 1987-жылдан кийин ар кандай жыйындар талаштартыш, дискуссия, жандуу талкуулар менен өткөрүлө баштаган. КПССтин жүргүзгөн айкындуулук жана демократиялашуу чакырыгы коомдун аң-сезимине чоң таасирин тийгизгендиктен, союз боюнча коомдук саясий дискуссиялык клубдар, көп өтпөй демократиялык бирикмелер, элдик фронттор пайда болгон.

1989-жылдын аягында жана 1990-жылдардын башынан тартып Кыргызстандын саясий майданында биринин артынан бири уюшулган формалдуу эмес саясий дискуссиялык клубдар пайда боло баштаган. Алардын мүчөлөрү мамлекет тарабынан көп жылдар бою чечилбей келген көптөгөн курч проблемаларды көтөрүп чыгышып, активдүү талкуулашкан жана терең саясий жана экономикалык реформалардын зарылдыгын белгилешип, акырындап советтик чындыкты сынга ала башташкан.

Алгачкылардан болуп "Комсомолец Киргизии" газетасынын алдында "Демос" дискуссиялык клубу, ЭВМ заводунун астында "Современник", КМУда (азыркы Баласагын атындагы КУУ) "Замандаш", Миң-Куш шаарчасында "Демилгечил жаштардын Ассоциациясы", Мамлекеттик пландоонун алдындагы экономика институтунда "Позиция" жана көз карандысыз "Эколог", "Мемориал" коомдору, "Кыргызстан шайлоочулар Ассоциациясы", "Ашар" үй-куруучулар бирикмеси,

Политехникалык институтта, сельмаш заводунда кыймылдар уюшулган.[313]

Алгач уюшулган бул коомдук кыймылдардын бири да бийликке оппозиция болушкан эмес, алар жөн гана союздагы жүргүзүлүп жаткан реформалар, саясий жана социалдык-экономикалык кырдаал жана башка ошол мезгилдеги турмуштук абалдар жөнүндө талкуу уюштуруп турушкан. Бул уюмдардын курамы негизинен орус тилдүү шаардык жаштардан турган.

1988-жылдын күзүндө "Демос" клубунун активисттери өздөрүнүн ишин активдештирүү максатында республиканын коомдук-саясий күчтөрүнүн Элдик фронтунун программалык долбоорун иштеп чыгышкан. Долбоор бийликтин терс реакциясын жаратып, клубдун мүчөлөрү күч органдарынын кара тизмесине киргизилип, куугунтукка кабылган. "Радикалдуу" темаларды талкуулоону андан ары улантуу мүмкүн болбой калган. Эң негизгиси, клубдун активдүү мүчөлөрү башташкан иштеринин жалаң талаш-тартыш формалары менен чектелүүсү аларды канааттандырган эмес.[314] Ошого карабастан, ал "каршы пикирлердин калыптанышында

313. История Кыргызстана: XX век. Уч.для вузов. Под общ.редакц. У.Чотонова и Д.Нур уулу. –Б.: Кыргызстан. 1998. С. 210; Анарбаева Г.А. К 20-летию независимости: Начальный этап партогенезе суверенного Кыргызстана. http://www.sayasat.kg/29-tsitata/1404-%_D0%BA-20-%D0%BB%D0%B5%D1%82%D0%B8%D1%8E%D0%BD%D0%B5%D0%B7%D0%B0%D0%B2%D0%B8%D1%81%D0%B8%D0%BC%D0%BE%D1%81%D1%82%D0%B8%D1%81%D1%83%D0%B2%D0%B5%D1%80%D0%B5%D0%BD%D0%BD%D0%BE%D0%B3%D0%BE-%D0%BA%D1%8B%D1%80%D0%B3%D1%8B%D0%B7%D1%81

314. Пономарев В. Самодеятельные общественные организации Казахстана и Киргизии 1987 – 1991 (опыт справочника). – М.,1991. – 86 – 87-б.

абдан маанилүү роль ойноп, Фрунзедеги (Бишкектеги) орус тилдүү оппозициялык уюмдардын көптөгөн лидерлери саясий ишмердүүлүгүн так ушул клубга катышуудан башташкан".[315]

1989-жылы апрелде "Демос", "Эколог" жана "Поиск" киноклубу "Мемориал" тарыхый-агартуу коомунун негиздөөчүсү болушкан. Коомдун негизги максаттары: сталиндик репрессиянын курмандыктарынын элесин түбөлүккө калтыруу, сталинизмдин кайталануусуна каршы күрөшүү, ошондой эле "бардык саясий жана экономикалык кыйынчылыктарды социализмге жүктөө менен аны системалуу түрдө сындоо"[316] калк ичинде кеңири жайылтылган.

Ошол эле учурда жаңыдан уюшулган коомдук-саясий уюмдардын жүргүзүшкөн иштерин апыртып жазууга да болбойт. Биринчиден, алар КПССтин идеологиялык диктаты астында жашап келишкен, ошондуктан коомдук пикирди калыптандыруудагы алардын ролу али начар болгон. Экинчиден, орус тилдүү клубдар басымдуулук кылган. Үчүнчүдөн, борбордон тышкаркы клубдардын акциясын массалык түрдө коомчулук тарабынан колдоо болгон эмес. Анын үстүнө 1989-жылдын жазында дебат клубдарынын кризиси башталган. Алардын ордуна кыргыздын нукура маданиятын жана тилин кайра жаратуу үчүн күрөшкөн бирикмелер пайда болгон, мисалы,

315. Пономарев В. Самодеятельные общественные организации Казахстана и Киргизии 1987 – 1991, 86-б.

316 Пономарев В. Самодеятельные общественные организации Казахстана и Киргизии 1987 – 1991, 86-б.

"Кыргызстандын улуттук демократиялык фронту" жана "Ош аймагы".[317]

Жаңыдан уюшулган коомдук-саясий кыймылдардын иш-аракеттерин партиялык атка минерлер чочулоо менен абдан негативдүү кабыл алышып, телчиге элегинде тыйып коюуну чечишкен. Мисалы, эң эле активдүү, информацияга бай "Демос" саясий клубунун ишине Компартиянын БКсынын агитация жана пропаганда бөлүмүнүн башчысы Ж.Сооданбековдун, анын орун басары А.Малеваныйдын жана партиянын шааркомунун биринчи катчысы У.Чыналиевдин түздөн-түз кийлигишүүсү менен кыймылдын жетекчи активисттерине тарбиялык мааниде "саясий окутуу" жүргүзүү менен кошо "ормон опузасын" да жасашып, мындай көрүнүштөрдүн аягын эртерээк тыйып коюу үчүн маселени партиянын шааркомунун бюросунда карашкан.

Ал эми Кыргызстандын ЛКЖС БКнын Бюросу "Демос" саясий клубуна жетекчилик кылуудагы "Комсомолец Киргизии" редакциясынын ишиндеги кемчиликтер жөнүндө" деген атайын токтом кабыл алып, редакциянын бир топ журналисттерин иштен кетирүүсү сунушталган. Кыргызстандагы алгачкы уюштурулган саясий коомдук кыймылдар жана алардын активдүү иш жүргүзүүлөрү партиялык жетекчилердин үшүн алып, чочулаткан. Кыргызстан Компартиясынын

317. Анарбаева Г.А. К 20-летию независимости: Начальный этап партогенезе суверенного Кыргызстана...; Мамытова Э. Политическая борьба в Кыргызстан в 1916-1999 гг. // Политическая история Кыргызстана. – Б.,2001. – С. 214-215.

секретары М.Шеримкулов[318] баш болгон Ж.Сооданбеков жана А.Малеваныйлар аталган орус тилдүү кыймылдардын жетекчилерин жана активисттерин республикадагы этникалык карама-каршылыктарды күчөтүп, улуттар ортосунда от жагып, интернационалдык достукка доо кетирип жатканыңар боюнча мыйзам алдында жоопко тартыласыңар деген коркутуу, үркүтүү менен, коомдук саясий кыймылдардын көпчүлүгүн жаптырууга жетишишкен.[319]

Кыргызстанда демократия жана эркиндик үчүн уюшулган алгачкы кыймыл 1989-жылы жаз айларында негизинен кыргыз жаштарынын арасында уюштурулуп, алар өз өлкөсүндө жерге болгон укуктарын көтөрүп чыгышкан. Жерге ээлик кылуу маселесин көтөрүп чыгуунун эң негизги себеби болуп, республиканын ири, өнөр жайлуу шаарларында, айрыкча Бишкек менен Ошто, кыргыз жаштарынын менчик үйгө же квартирага ээ болуу укугу мыйзамдар менен чектелгендиги болгон.

318. **Шеримкулов Медеткан Шеримкулович** (17-ноябрь 1939-жыл) – кыргыздын саясий жана мамлекеттик ишмери. 1976 – 1980-жж. Кыргызстан КПнын Ысык-Көл обкомунун биринчи секретары. 1980 – 1985-жж. Кыргызстан КП БКнын агитация жана пропаганда бөлүмүнүн кызматкери. 1985 – 1986-жж. физкультура институтунун ректору. 1986 – 1987-жж. Кыргызстан Текшерүү комиссиясынын председатели. 1987 – 1990-жж. Кыргызстан КП БКнын идеология боюнча секретары. 1990 – 1993-жж. Кыргызстан Жогорку Советинин ("легендарлуу" парламенттин) спикери. 1995 – 1998-жж. КУУнун профессору. 1998 – 2002-жж Кыргызстандын Турциядагы Атайын жана Ыйгарымдуу элчиси. 2002 – 2007-жж. КУУнун профессору. 2007 – 2012-жж. Кыргызстандын Ирандагы Атайын жана Ыйгарымдуу элчиси. Саясий илимдеринин доктору, профессор. Кыргыз Республикасынын Баатыры (2022-ж. 1-сентябрь).

319. Князев А. А. Векторы и парадигмы киргизской независимости. (Очерки постсоветской истории). – Б., 2012. С. 15.

Бирок кыргыз жаштарынын жерге жана үйгө болгон муктаждыктары кайра куруу мезгилинде эле жарала койгон эмес.

Бул маселе тээ 1960-жылдардан бери келе жаткан жергиликтүү калктын өтө орчундуу проблемасы болгон. Улуу Ата Мекендик согуштан кийин, 50-60-жылдары калктын жашоо шарты жакшырып, кыргыз жаштары ири шаарлардан билим-илимге жана ар кандай кесиптерге ээ болушуп, завод-фабрикаларда, курулуштарда жана окуу жайларда кызмат өтөгөндөрдүн саны жыл санап өскөнүнө байланыштуу, турак жай проблемасы курч бойдон калып, бийлик тарабынан көңүл бурулбай келген.

Жергиликтүү элдин өкүлдөрү 20-30 жыл бою батирлерден батирлерге көчүп жүрүп иштешип, шаардын өнүгүүсүнө салымдарын кошуп, пенсияга чыккандан кийин жашаганга ылайыктуу менчик үйү жок, айласыздан айылдарына кайра кетүүгө мажбур болушкан. Алардын кезекке туруп квартира алуусу, иш жүзүндө, мыйзамга ылайык, мүмкүн эмес болгон. Батир алууга кезеке гана туруу үчүн сөз сүз түрдө бери дегенде үч жылдык шаарда катталган "прописка" болуу милдетүү болгон. Ал эми кезек жетип, батир алуу 5 – 10 жыл аралыгында жетет. "Прописка" болгондугуң үчүн бери дегенде 10 - 15 жыл катталган жериңе "налогун" төлөп туруу да милет болгон.

Жергиликтүү калкты шаарлардан обочо кармоо Союздун тымызын саясаты болгон. Борбордук региондордон келишкен улуу элдин өкүлдөрү, жогорку класстагы кесипкөйлөр деген жана башка ар кандай шоона эшпеген шылтоолор менен кезексиз үй-жайга ээ болгонго кеңири шарт түзүлгөн. Жогорку класстагы жергиликтүү кесип ээлери андай жеңилдиктерге татышпай, өз жеринде "квартирант" аталышып, көрүнгөндүн үйүндө кор болушуп, "националы" деген аталыштарга кайыл болушуп, өмүр сүрүп келишкен.

Кайра куруунун учурунда М.Горбачевдун ишенген кадрлары бардык керектүү кызмат орундарга мыйзамсыз эле дайындалган. 1987-жылы июлда, Кыргыз ССРинин Илимдер Академиясынын академиктигине жана президенттигине борбордон Н.П.Лаверов Кыргыз ССРинин ИАнын уставын одоно бузуу менен "шайланган". Ал өзү менен кошо Новосибирскийден үч-төрт "классный кесипкөй" аталган илимдин докторлору менен кандидаттарын ээрчите келген. Алар үчүн океанология боюнча атайын лаборатория ачып, шаардын чок ортосу болгон Өкмөт үйүнүн жанынан, жаңы бүткөрүлгөн, элиталык үйдөн квартиралар берилген. Ошол эле мезгилде жергиликтүү академиктер квартираларын кеңейте алышпай, балдар-неберелери менен бирге турушса, илимдин докторлору, кандидаттары квартира алуу үчүн он жылдап кезек күтүшүп, көчүп, конуп жүрүшкөн, ижараларда жашоого ылайыктуу батир таба алышпай.

Кыргыз жаштарынын чыдамы "айкындуулуктун" шарапатында чегине жетип, үй-жай салуу үчүн шаардын четинен жер бөлүп берүү өтүнүчү менен бийликке кайрылышкан. Бирок бийлик алардын өтүнүчүн канааттандыруудан баш тарткан. Себеби СССРдин мыйзамдары боюнча союздук республикалардын борборлорунан менчикке үй-жай салуу үчүн жер бөлүп берүүгө тыюу салынган. Ал тизмеде Фрунзе шаары да болгон.

Бирок 1989-жылдын май-июнь айларында Өзбекстанда этникалык өзбектер менен месхетиндик-түрктөрдүн кагылышынын айынан жер которууга мажбур болушкан качкындарына Москванын көрсөтмөсүнө ылайык Кыргызстан Компартиясынын БКсынын санкциясы менен Фрунзе шаарраткому шаардын четинен жер тилкесин бөлүп берүү чечими прецедент болгон. Өзбекстандын Фергана областынан улуттар ортосундагы жаң-жалдан улам ооп келген месхетиндик түрктөргө жер бөлүнүп берилди деген ушак шаардын жаштарына детонатор катары чагылгандай тарап, ансыз деле араң турган жергиликтүү жаштардын бүйүрүн ого бетер кызытып, чечкиндүү кадамдарга барууга түрткү болот. Үй куруучулар шаардын четиндеги колхоз-совхоздордун айдоо аянтынан, алгач 200 гектар жерин басып алышып, аны мыйзамдаш-тырууга жетишишкен.

Республикада саясий жана социалдык-экономикалык кырдаал күн санап оордошуп турганда жергиликтүү партмамчиновниктер туура эмес кадамдарга барышып, Москванын оозеки тапшырмасын аткаруу үчүн борбор шаардын чегинен четтен келген качкындарга жер бөлүп берүү чечими кырдаалды ого бетер курчуткан.

Улут, жер, суу, ички жана тышкы чек-ара маселелери ар заманда, ар дайым курч болуп келген. Аталган оор проблемаларды өз учурунда туура чечүүнүн ордуна бийликтегилер "катыным сокур, жаным тынч" принцибинде көз жумушуп, улуттар ортосундагы жасалма достукту майрамдашып, жер, суу жана чек ара маселелеринде ички эле эмес, кошуна республикалар ортосундагы

жасалма "бир-туугандыкты", "ынтымактуулукту" жана "түбөлүк достукту" пропагандалап, талаш-тартыш маселелеринин жоктугун даңазаланып келген.

"Ооруну жашырсаң, өлүм ашкере кылат" сыңары, улуттар ортосундагы жер, суу жана чек ара проблемалары боюнча 1989-жылдын жаз айларында Ош областынын Баткен районундагы этникалык кыргыздар менен кошуна, Тажикстан Республикасынын Исфара районунун тажиктеринин ортосунда чоң жаңжал чыккан. Кошуна эки республиканын элдеринин ортосундагы жаңжалдын чыгуусуна суу талашы себеп болгон.

Баткен районунун "Лениндин 100 жылдыгы" атындагы совхоздун (азаркы Ак-Сай, Ак-Татыр жана Самаркандек айыл өкмөттөрү) элине жана эгинине суу өтүүчү чоң арык кошуна өлкөнүн Исфара районунун "Октябрь" (азыркы Хожаи Аъло) кыштагын аралап өткөрүлгөн. 1970-жылдарга чейин канал чек аранын белгиси катары эсептелген. 70-жылдан тартып "Октябрь" кыштагынын калкы каналдын Кыргызстан тарабына акырындап үй салышып, жайгаша башташкан. Жыйынтыгында суу өтүүчү "Ак-Татыр" чоң каналы тажиктердин кыштагынын ортосунда калган.

1989-жылы эрте жаздан баштап Кыргызстандын чарбасы менен калкында суу проблемасы жаралган. Тажикстандык туугандар райондун жана чарбанын эле деңгээлинде Кыргызстандын "Лениндин 100 жылдыгы" совхозунун жетекчилигине: "силер жер бөлүп берсеңер, биз силерге суу беребиз", – деген талап менен чыгышып, сууну бөгөп салышкан. Маселени тез арада чечип берүүсүн талап

кылып, совхоздун жетекчилиги бийликтегилерге кайрылат, бирок Кыргызстандын да, Тажикстандын да бийлик өкүлдөрүнөн эч кандай реакция болбогондон кийин, жергиликтүү эл маселени өздөрү чечүүнү колго алышат.

Оболу эки чарбанын жетекчилери, андан кийин айыл аксакалдарынын ортосунда сүйлөшүүлөр жүргүзүлөт, бирок сүйлөшүүлөрдөн оң натыйжа чыкпай, абал курчуп, улуттар ортосунда күч колдонуу башталганда гана, республика жетекчилери түшүнөн чочугансып, Москванын жардамы менен Өзбекстандын Фергана шаарынан ОМОНдор менен аскер күчтөрүн киргизүүгө аргасыз болушкан. Кыргыз-тажик этникалык улуттар ортосундагы кагылышуудан 19 киши оор жаракат алып, бирөө кайтыш болгон.[320]

Кыргызстан менен Тажикстандын ортосундагы проблемалар бүгүнкү күнгө чейин чечилбей, эми эки өлкө ортосундагы чоң чатакты жараткан маселеге айланып, мамлекеттер ортосундагы сүйлөшүүлөр оң натыйжа бербей, чек арада жайгашкан элдердин ортосунда кагылышуулар тез-тез кайталанууда.

Ал эми чек арада турушкан аскерлердин куралдуу кагылышууларынын дайыма кайталануусунун натыйжасында окко учуп, курман болгон аскерлердин саны өсүүдө. Чек арага чукул жайгашкан Баткен жана Лейлек райондорунун айылдарынын элдери согуштук, коркунучтуу абалда күн кечиришүүдө.

320.Князев А. А. Векторы и парадигмы киргизской независимости (очерки постсоветской истории). – Б.: 2012. – с. 17.

2021-жылы 29-апрелде Тажикстандын куралдуу күчтөрү күтүүсүз согуштун отун жандырып, Кыргызстандын территориясына чабуул жасаган. Кыска мөөнөтүк согушта 200гө жакын кыргыз жарандары ар кандай жаракат алып, 36 киши курман болгон. 100гө жакын үйлөр, ондогон социалдык жана чарбалык объектилер өрттөлүп, тоноло гон.[321] Тажикстандын ок атуулар менен коштолгон "Ормон опузасынын" кайталанууусу айына бир-эки жолудан миномёддун жана автоматтын үнү коштогон жаңыруусу өнөкөткө айланып, жашаган элдин тынчын алууда.

2022-жылы 14 – 18-сентябрда Кыргызстандын Баткен областынын Баткен жана Лейлек райондорунун, Ош областынын Чоң-Алай районунун калк жайгашкан Тажикстан менен чектеш аймактарына Тажикстан куралдуу агрессия жасаган. 20-сентябрда президент С.Жапаров[322] БУУнун

321. Шамбетов Токтосун 3-Май, 2021 дүйшөмбү, Бишкек убактысы 22:27. Бишкек-Дүйшөмбү: Чек араны чечүү айласы. https://www.azattyk.org/a/31235682.html

322. **Жапаров Садыр Нургожоевич** (1968-жыл) – кыргызстандык саясатчы жана мамлекеттик ишмер. 2021-жылдын 28-январынан тартып Кыргыз Республикасынын президенти. (2020-жылдын 15-октябрынан 14-ноябрына чейин милдетин аткаруучу). 2020-жылдын 10-октябрынан 2021-жылдын 21-январына чейин Кыргыз Республикасынын премьер-министри. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңештин депутаты (2005-ж. – 2007). Кыргыз Республикасынын Президентинин кеңешчиси (2007 – 2009). Кыргызстандын Коррупцияга каршы күрөшүү боюнча улуттук агенттигинин комиссары (2008-2009-жж.). Кыргызстандын Мамлекеттик кадр кызматынын алдындагы Коррупцияга каршы күрөшүү агенттигинин директору (2009-2010). «Ата-Журт» партиясынын тизмеси боюнча Жогорку Кеңештин депутаты (2010 – 2013). Ал саясий көз карашынан улам төрт жыл чет өлкөдө жашоого аргасыз болуп, 2017-жылы мекенине кайтып келген. Бирок ал 2017-жылдын 25-мартында кыргыз-казак чек арасынан өтүп жатканда кармалып, 11 жыл 6 айга эркинен ажыратылган. 2020-

Башкы ассамблеясынын 77-сессиясынын жалпы дебаттарында сүйлөгөн сөзүндө Тажикстан Кыргызстанга агрессия жасады деп, официалдуу билдирген.[323]

Тажикстан тараптан пландалган куралдуу кол салуудан Кыргыз Республикасынын 62 жараны набыт болуп, 200 адам ар кандай деңгээлдеги жаракаттарды алып, 140 миңден ашык жергиликтүү тургун эвакуацияланган. Кыргыз-тажик чек арасындагы куралдуу кагылыштан улам Баткен, Лейлек райондоруна караштуу жети айылдын жана Ош облусунун Чоң-Алай районундагы Жекенди айылынын тургундары үйлөрүн таштап кетүүгө мажбур болушкан. Ошондой эле 374 турак жай, 171 чарбалык объект, 10 социалдык объект (5 мектеп, 2 бала бакча, 3 медициналык мекеме), 153 турмуш-тиричилик объектилери талкаланган жана бузулган.[324]

Эки өлкөнүн бийлик өкүлдөрүнүн сүйлөшүүлөрү туңгуюкка капталып, республикалар аралык чыр дүйнөлүк коомчулуктун тынчын алган, Борбордук Азиядагы эң кооптуу, проблемалуу, согуштун оту тутануучу, коркунучтуу точкага айланган.

1989-жылдын жаз-жай айларында Бишкекте өздүк турак-жайы жок жарандардын стихиялуу

жылдын октябрындагы төңкөрүштүн натыйжасында абактан бошотулган.

323. "Ар бир сантиметр жер үчүн кашык каныбыз калганча күрөшүүбүз керек". Садыр Жапаровдун кезектеги маеги. 23/09/22 11:28 HTTP://KG.KABAR.KG/NEWS/AR-BIR-SANTIMETR-ZHER-CH-N-KASHYK-KANYBYZ-KALGANCHA-K-R-SH-B-Z-KEREK-SADYR-ZHAPAROVDUN-KEZEKTEGI-MAEGI/

324. Главы дипмиссий и представители международных организаций посетили разрушенные Таджикистаном села Баткена. 19:10, 22 сентября 2022. https://kg.akipress.org/news:1806533/ ?from=portal&place=nowread&b=1

кыймылы республикада социалдык чыңалуунун күчөшүнө алып келген. 1989-жылдын апрель-май айларында бийликтин каршылыгына карабай уюшулган жаштар Бишкек шаарынын айланасындагы айдоо жерлерди уруксатсыз стихиялуу түрдө ээлей башташып, жаштардын саясий активдүүлүгү күчөгөн.[325] Убакыттын өтүшү менен бул кыймыл уюшкан формага өтүп, үй куруучулар ыктыярдуу "Ашар" ("Взаимопомощь") коомдук-саясий кыймылынын тегерегине биригишип, алгач социалдык-экономикалык маселелерди өз алдынча чече башташкан. 1989-жылдын 15-июлунда "Ашарчылардын" уюштуруу конференциясы болуп, ага 32 баштапкы топтордон 250дөн ашык делегат катышкан.[326]

1980-жылдардын аягында СССРдин бийлигинин "тизгини" бошошуп, союздун ар кайсы региондорунда бийликке каршы чыгышкан кыймылдарды токтотууга же басып коюуга алы келбей калган мезгил болгон. Жерди басып алышкан кыргыз жаштары менен сүйлөшүүгө бийлик барышпай, оболу "Ормон опузалап", кысым көрсөтүшкөнү жана күч колдонуу менен куугунтукка алышканы тескерисинче, провокациялык реакция берип, жаштардын биригүүсүнө жана алардын коомдук-саясий уюмдарды түзүүсүнө түрткү берген.

Бийликтин кысымы күчөй баштагандыктан, стихиялык уюшулган топтор өз укуктарын коргоо максатында 1989-жылдын июнь айында түзүлгөн

325. Асанканов А. Кыргызы: рост национального самосознания. – Б.,1997. – С.31-32

326. Чотонов У. Суверенный Кыргызстан: выбор исторического пути. – Б.,1995. – С.35.

"Ашар" коомдук-саясий кыймылы менен катар эле бир топ кыймылдар уюшулган. Маселен, "Асаба", "Ош аймагы", "Атуулдук демилге" "Акыйкат", "Ак кеме", "Эне тил", "Кыргыз эл" ж.б...[327]

1990-жылдын башынан тартып кыргыз жаштарынын массалык митингдери коммунисттик бийликке каршы нааразылыктын жана күрөштүн жаңы формасынын көрүнүшү катары башталган.[328] Жаштардын митингдери улуттук демократиялык уюмдардын түзүлүшүнө алып келген: «Асаба» (апрель 1990) жана «Атуулдук демилге» (Жарандык демилге).[329] «Асаба» негизги программалык талаптар катары төмөнкүлөрдү көтөрүп чыккан: коомдук турмушту демократиялаштыруу; жергиликтүү калк менен башка элдердин ортосундагы социалдык-экономикалык турмуштук жашоо айырмачылыктарын теңдөө; шаардык мектептерде жана мектепке чейинки мекемелерде кыргыз тилин окутууну жайылтуу ж.б.[330]

1990-жылдын 25-26-май күндөрү республиканын территориясында уюшулган 30дан ашык коомдук-саясий уюмдарды бириктирүү максатында

327. Жумагазиева Н.М. Особенности развития советской государственности в кыргызстане. Вестник барнаульского юридического института МВД россии. 2013, Номер: 1(24), С.20-24; https://ru.wikipedia.org/wiki/%D0%98%D1%81%D1%82%D0%BE%D1%80%D0%B8%D1%8F_%D0%9A%D0%B8%D1%80%D0%B3%D0%B8%D0%B7%D0%B8%D0%B8.

328. Асанканов А. Кыргызы: рост национального самосознания... – С.32-33.

329. Джаныбекова З. Об особенностях развития политического плюрализма в Кыргызстане // Демократические процессы в Центральной Азии: опыт и перспективы. – Б.,1998. – С.52.

330. Пономарев В. Самодеятельные общественные организации... – С.93.

уюштуруу жыйыны өткөрүлүп, жыйынтыгында "Кыргызстан демократиялык кыймылынын" ("КДК") түзүлгөндүгү официалдуу жарыяланган.[331] КДКнын уюштуруу конференциясына ар кандай демократиялык уюмдардан, клубдардан, коомдордон (Асаба, Ашар, Көк-Жар, Мемориал ж.б.) 301 делегат катышкан.[332] А.Элебаева менен Б.Бешимовдун[333] изилдөөлөрүнө ылайык, КДКга 30дан ашык уюм кирген жана ал уюмдардын жарымына жакыны Бишкек шаарында[334] болуп, саны 10 миң адамга жеткен. "КДКнын" уюштуруу жыйынында анын беш тең төрагасы: Казат Акматов, Төлөн Дыйканбаев, Жыпар Жекшеев, Кадыр Матказиев жана Топчубек Тургуналиевдер шайланышкан.[335] Мындан тышкары КДКнын Кеңешин жана Башкармалыгын шайлашат. Кыймылдын Уставы жана Программасы кабыл алынат.[336] Ал программада Кыргызстандын эгемендүүлүгүн чыңдоо, республикада саясий көп партиялуулук системасын түзүү-

331. Слово Кыргызстана, 2 февраля 1991, 6 апреля 1991.

332. Эркин Тоо, 30 июля 1997.

333. Элебаева А., Бешимов Б. Современные гражданские движения в Кыргызстане: Аналитический обзор // Гражданское движение в Кыргызстане. – М.,1991. – С.56.

334. Джаныбекова З. Об особенностях развития политического плюрализма в Кыргызстане... – С.53. Чоротегин Т. Кыргызстан дагы демократиячыл күрөштүн карлыгачы - КДКга чейрек кылым. https://www.azattyk.org/a/ kyrgyzstan democratic movement 25th anniversary blog/27029594.html; Анарбеков А. Политические партии в Кыргызстане (1991-1999гг.). – Б.,1999. – С.8.

335. Анарбеков А. Политические партии в Кыргызстане (1991-1999 гг.). – Б.,1999. – С.8.; Чоротегин Т. Кыргызстандагы демократиячыл күрөштүн карлыгачы - КДКга чейрек кылым. https://www.azattyk.org/a/kyrgyzstan democratic movement 25th anniversary blog/27029594.html

336. Элебаева А., Бешимов Б. Современные гражданские движения в Кыргызстане... – С.94.

гө жетишүү, ар түрдүү менчиктин формаларын киргизүү жана башка учурдун талаптары каралган.[337]

КДК биринчи жолу мындай олуттуу саясий акцияларды ишке ашырган: 1916-жылдагы кыргыз кыргыны болгон жерлерге жөө жүрүш; 200дөн ашык адам катышкан саясий ачкачылык акциясы; Кыргызстандын көз карандысыздыгынын официалдуу Декларациясынын негизи катары кабыл алынуучу Көз карандысыздык Декларациясынын долбоорун даярдоо ж.б.[338]

Республикада түзүлүп жаткан кыймылдарды колдогон республиканын аттуу-баштуу кишилери, кызмат адамдары, депутаттар жана борбордон таасир алышкан интеллигенттердин айрым топтору болушкан. Укук коргоо органдары кыймылдардын жетекчилерин кысымга алып, куугунтуктай баштаган. 1989-жылы декабрь айында "Ашарчылардын" нааразычылык жыйыны өткөрүлөт. Алардын чыгууларын укук коргоо органдарынын күчү менен басууга жасаган бийликтин аракеттери коомдук кыймылдардын активдешүүсүнө түрткү берген. 1990-жылдын январынан баштап, ашарчылар нааразычылык акцияларын күчөтүшүп, митингдерге чыга башташкан. Бийлик менен кыймылдардын ортосундагы

337. Кененбаева К. Процесс демократизации в Кыргызстане // Гражданское общество Центральной Азии в поисках партнеров. Книга 5 – Б.,1993. – С. 101-102.

338. Анарбаева Г.А. К 20-летию независимости: Начальный этап партогенезе суверенного Кыргызстана. http://www.sayasat.kg/29-tsitata/1404-%D0%BA-20-%D0%BB%D0%B5%D1%82%D0%B8%D1%8E%D0%BD%D0%B5%D0%B7%D0%B0%D0%B2%D0%B8%D1%81%D0%B8%D0%BC%D0%BE%D1%81%D1%82%D0%B8%D1%81%D1%83%D0%B2%D0%B5%D1%80%D0%B5%D0%BD%D0%BD%D0%BE%D0%B3%D0%BE-%D0%BA%D1%8B%D1%80%D0%B3%D1%8B%D0%B7%D1%81

эрегишүү улам курчуп, коомдук кыймылдын талаптары барган сайын саясий мүнөзгө ээ боло баштаган.

Нааразылыктын жаңы формасы катары КДКнын активисттери тарабынан 1990-жылдын октябрында өкмөт үйүнүн астында массалык ачкачылык жарыялашкан. Ачкачылыкта отургандар А.Масалиев менен Р.Кулматовду кызматтан кетирүү; коомдук уюмдарды каттоого жетишүү; республиканын толук мамлекеттик суверенитети жөнүндө Декларацияны кабыл алуу; басма сөздүн жана массалык маалымат каражаттарынын чыныгы эркиндигин камсыз кылуу; партиялык жана мамлекеттик бийлик органдарынын бөлүнүшүн камсыз кылуу жана башка талаптарды коюшкан.[339]

КДК кыргыз жаштарынын топтолгон курч социалдык көйгөйлүү маселелерин чечүүнүн башатында туруп, массалык демонстрациялардын, митингдердин уюштуруу процесстеринин баштоочусу болгон.[340] Демек, КДКнын ишмердүүлүгүнүн натыйжасында кыргыз коомчулугунун демократиялашуусунун сапаттык жаңы этабына көтөрүлүүсүнө салым кошуп, 1990-жылдары Кыргызстандагы саясий партиялардын түптөлүшүнө жана саясий кырдаалдын өзгөрүшүнө жол ачкан коомдук-саясий уюм болгон.

"Асаба" жана "Эркин Кыргызстан" – Кыргызстандагы алгачкы саясий партиялар – республиканын көп партиялуулук системасынын пайдубалын түптөшкөн. 1990-жылдын апрелинде

339. Вторая сессия Верховного Совета 12-го созыва. Стенограмма. 24 октября 1990. – С.179; Советская Киргизия, 30 октября 1990.

340. Слово Кыргызстана, 7 октября 1992.

"Асаба" демократиялык кыймылы уюштурулуп, ушул эле жылдын октябрь айында "Асаба" Улуттук кайра жаралуу партиясы болуп кайрадан түзүлүп, декабрда Юстиция министрлигинен официалдуу каттоодон өткөн.[341] Партия өзүнүн программалык негизги милдети катары кыргыз элинин саясий, социалдык-экономикалык жана маданий кызыкчылыктарын коргоону алдыга койгон.

1991-жылдын 9-10-февралында Эркин Кыргызстан (ЭрК) демократиялык партиясынын уюштуруу съезди болуп өткөн. Партиянын пресс-релизинде Эрк партиясы "империалисттик тоталитаризмге" каршы турушкан 9 "радикалдык-демократиялык партиялардын" биригүүсүнүн негизинде түзүлгөндүгү белгиленген.[342] Жарандын кызыкчылыктары мамлекеттик кызыкчылыктан жогору коюлуп, республикада жашашкан элдердин конституциялык укуктарын коргоо; экономикалык эркиндик; менчиктин бардык формаларынын тең укуктуулугу; социалдык багыттагы рыноктук коомду түзүү партиянын негизги милдеттери катары белгиленген.[343] Эрк партиясынын тең төрагалары болуп: Ө.Текебаев,[344] К.Кененбаева жана Т.Тургуналиевдер

341. Чотонов У.Суверенный Кыргызстан... – 36-б.; Мамытова Э.А. Политическая борьба в Кыргызстан в 1916-1999 гг... – 218-б.

342. Кыргыз Туусу, 26 июля 1991. // ЭрК. Пресс-релиз.

343. ЭрК. Пресс-релиз // Кыргыз Туусу, 26 июля 1991; Молодежная газета, 4 декабря 1991; Ибраимов Т., Искакова Г. Политические партии Кыргызстана. Справочник. – Б.,2000. – 93-б.; Кененбаева К. Современное состояние демократизации в Кыргызстане... – 104-б.

344. **Текебаев Өмүрбек Чиркешович** (22.12.1958-ж.) - кыргыз саясатчысы. Жогорку Кеңештин алты чакырылышынын депутаты. "Ата-Мекен" партиясынын жана "Реформа үчүн!" кыймылынын лидери; Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген юристи, мамлекеттик кызматтын 1-класстагы мамлекеттик кеңешчиси. 2022-жылдын 3-февралынан баштап Кыргызстандын Германиянын Федеративдүү Республикасындагы элчиси

шайланышкан.[345]

1992-жылы 7-ноябрда өткөн партиянын үчүнчү курултайында лидерлердин идеологиялык көз караштарынын карама-каршылыктарынан улам ЭрК бөлүнүүгө дуушар болгон. ЭрК партиясынын саясий кеңешинин төрагалыгына Т.Тургуналиев шайланган. Радикалдуу жолдон либералдык, центристтик жолго өтүүнү талап кылышкан Ө.Текебаев, К.Кененбаева, У.Орозалиевдер башында турушкан партиянын мүчөлөрүнүн жоон тобу съезддан чыгып кетишип, партиянын Ө.Текебаев башында турган либералдык маанайдагы бөлүгү жаңы, "Ата-Мекен" партиясын түзүшкөн.[346] "Ата-Мекен" партиясы өзүнүн негизги тактикасы катары туруктуу коомдук атмосфераны жана жарандык ынтымакты сактоо үчүн элдин бардык физикалык жана руханий күчтөрүн консолидациялоо (конфронтациялоонун ордуна) жолун тандап алган...[347] Партиянын программалык негизги максаттары: мамлекеттин кызыкчылыгына эмес, мыйзамдуулукка жана адам укуктарына негизделген жарандык коомду куруу жана башкалар белгиленген.[348]

Республикада партиялардын түзүлүшү жана партиялык системанын калыптанышы Кыргызстан

345. Анарбаева Г.А. К 20-летию независимости: Начальный этап партогенезе суверенного Кыргызстана.

346. Кененбаева К. Современное состояние демократизации в Кыргызстане... – 104-б.

347. Слово Кыргызстана, 14 ноября 1992.

348. Слово Кыргызстана, 10 ноября 1992.

эгемендүүлүктү алганга чейин эле башталганын тарыхый документтер далилдейт. Республикалык партиялардын жаралышынын алгачкы этабы коомдук кыймылдар менен бирикмелерден башталып, алар саясий партияларга жана саясий кыймылдарга өсүп жетилген.

1990-жылдын февраль-апрель айларында Кыргызстан Коммунисттик партиясынын лидери А. Масалиев жана жогорку эшелондогу партиялык-мамлекеттик чиновниктер менен кыргыз жаштарынын бир нече ирет жолугушуулары өтүп, жолугушууда ачык дискуссия жүргүзүлүп, партиянын биринчи катчысына, аны коштоп келишкен республиканын жетекчилерине партиянын жүргүзүп жаткан саясатын кыргыз жаштары сынга алышып, экономикалык реформанын кемчиликтерин, маданият жана экологиялык маселелер тууралуу курч талаптарды чечүүнү талап кылышкан. Натыйжада Кыргызстанда да коммунисттик режимге каршы күрөшкөн саясий күчтөр телчиге баштаганы байкалган.

Кыргызстандагы коомдук-саясий кыймылдын активдүү мүчөлөрү Москва, Ленинград (Санкт-Петербург) шаарларына жана Балтика боюндагы республикаларга барышып, ал жердеги өкмөттүк эмес бирикмелердин, коомдук-саясий уюмдардын жана ар кандай кыймылдардын иштери менен таанышышып, алардын активисттери менен тыгыз байланыш түзгөнгө жетишишкен. 1988-жылдын башында жаштар тобу: А.Акматалиев, Р.Төлөгөнов, М.Эшимкановдор алгачкы ирет Латвия Республикасына барышып, Рига шаарында мамлекеттик эмес "Саюдис" коомдук-саясий уюмунун жетекчилери жана активисттери менен жолугушушат. "Саюдис" уюму союзда биринчилерден болуп Латвиянын көз карандысыздыгын талап кылганы менен белгилүү болгон.

1989-жылы экинчи ирет жаштар тобу Балтика боюндагы республикаларга, Ленинградга барып, коомдук-саясий уюмдар менен жолугушууларды өткөрүшүп, ал жактан коммунисттик режимге жана СССРге каршы көптөгөн материалдар алып келишкен. Бишкекке кайтып келгенден кийин, ал жактан алган таасирлери менен бөлүшүшүп, бийликке конкреттүү саясий жана экономикалык талаптарды коё башташкан. Жыйынтыгында, бийликке каршы оппозиция түптөлүп, саясий талаптар басымдуулук кылып, акырындык менен республиканын көз карандысыздыгына үндөгөн чакырыктар күч ала баштаган.

1989-жылы жай айларында коомдук кыймылдын жаштарынан, Кыргызстан комсомолдорунун активисттеринен, студенттерден, газета жана телерадио кызматкерлеринен турган чоң үгүт бригадасы Ош областынын жаштары менен жолугушууга барган. Алар борбордо жүргүзүлүп жаткан саясий-социалдык жана экономикалык абал тууралуу, "ашарчылар" уюмунун түзүлүүсү, алардын басып алынган жерлерде жүргүзгөн иштери жөнүндө областтын жана райондордун жаштары менен жолугушуу учурунда кеңири пикир алышуулар болгон.

Ош шаарынын кыргыз жаштары бул жолугушуудан кийин 1989-жылдын сентябрында өз алдынча формалдуу эмес уюшулган топ "Кыргызстан элдик-демократиялык фронтун" (КЭДФ) түзүшөт. Ушул эле жылдын октябрында

өзбек улутундагы жаштар уюшулуп "Адолат" кыймылын түзүшөт[349].

Кыргыздын жаштары менен өзбек улутунун жаштарынын ортосундагы тымызын атаандашуу акырындап тирешүүгө өтүп, 1990-жылдын июнундагы Ош окуясынан бир жыл мурда маселе курчуй башталганы тууралуу информация КГБнын чалгынчыларына эле эмес, укук коргоо органдарына жана бийлик төбөлдөрүнө да жеткен. Кызмат адамдарынын кайдыгерлигинен, жөндөмсүздүгүнөн жана улуттар арасындагы идеологиялык иштердин жоктугунан өлкөдө жүргүзүлүп жаткан "айкындуулук" партиялык-комсомолдук жетекчилердин айласын кетирип, алар эмне кыларын билишпей, алдастап калгандыктарынан улуттар ортосунда "оюндан от чыгып", кан төгүлүп, регулярдуу армиянын күчү менен басылган. Чалгынчылардын билдирүүлөрүнө караганда, бийлик адамдары оперативдүү иш жүргүзүп, эки улуттун жаштары менен бирдей тыгыз иш алып барышканда, Ош алааматы болмок эмес.

Комсомолдук уюмдардын кызматкерлери функционалдык милдеттерин жетишерлик деңгээлде аткарышпай, партиянын чабармандык кызматын аркалап, комсомолдор арасындагы идеологиялык тарбиялык, агитациялык жана пропагандалык иштери кагаз бетинде гана жүргүзүлүп, практикада иш жүргүзүлбөгөндүгүнүн кесепеттери да себеп болгон. Анын үстүнө, партиялык жана комсомолдук уюмдардын кадыры кетип, катарлары ыдырап,

349. Разаков Т. Ош коогалаңы КГБнын маалыматтары боюнча. (Ошские события по материалам КГБ). – Бишкек: Ренессанс, 1993. – С. 83–89; http://lib.rus.ec/b/510672/read

бузула баштаган жана партиялык-комсомолдук мүчөлүктөрдөн баш тарткандардын саны арбып, билеттерин демонстративдик түрдө өрттөө, тытуу жана комсомолдук уюмдарга өткөрүү мезгили болгон. Ал эми Ош окуясы боюнча сөз алдыда.

Коомдо жаңыча демократиячыл, жаңылануу көз караштарды жайылтууда КДКнын мүчөлөрү жана жаш, жоон топ активдүү журналисттер менен публицисттер өзгөчө роль ойношкон. КДК 1991-жылдан баштап өздөрүнүн "Майдан" аттуу гезитин негиздешип, башкы редакторлукка белгилүү акын, сынчы, котормочу Аман Токтогуловду дайындашкан. Учурдун талабына ылайык жаш журналист-публицисттер республикалык: "Асаба", "Res Publica", "Бишкек шамы", "Эркин Тоо", "Кыргыз Туусу", "Кыргызстан маданияты" ж.б. газета-журналдарга республикадагы чечилбей жаткан көйгөйлүү, курч макалаларды жазып турушкан.

Республикалык партиялык-советтик жетекчилерге карата сын-пикирлер газета беттеринде байма-бай чыгып, ондогон жылдар бою чечилбей келе жаткан көйгөйлүү проблемалардын тез арада чечилүүсүн талап кылган материалдар жарык көрүп турган. Айрыкча, үйсүз жаштарга шаардын четинен жер бөлүп берүү процесстерин тездетүүнү, "ашарчылардын" активист-жетекчилерине болгон кысымдарды жана куугунтуктоолорду токтотууну, кыргыз тилине байланышкан проблемалардын оң чечилүүсүн жана башка саясий-социалдык жана экономикалык маселелер газеталардын беттеринде үзгүлтүксүз чагылдырылып турган.

1989-жылы үй куруучуларга борбор шаардын күн түштүк-батыш тарабынан, Дыйканчылык (земледелия) илим изилдөө институтуна жакын

эгин айдалган аянтынан жер бөлүнүп берилип, "Ак-Өргөө" конушу пайда болгон. Акырындап шаардын айланасында жаандан кийин чыккан козу карындай, жаңы конуштар: "Ала-Тоо", "Ак-Босого", "Маданият", "Келечек", "Ак-Бата", "Калыс-Ордо", "Заводской поселок", "Дордой-1", "Дордой-2", "Ак-Ордо", "Жеңиш", "Алтын-Казык", "Ак-Жар", "Кара-Жыгач" ж.б. өсүп чыккан.

Жер бөлүнгөн алгачкы жылдары жаңы конуштардын проектилери чийилип, архитектуралык обликтери бекитилип, үй куруучуларга кредиттер жана ссудалар бериле баштаган. Ошол жылдары СССРде кырдаал кескин курчуп, союздук республикалар өз алдынча эгемендүүлүктү эңсешип, "суверенитеттүүлүктүн парады" башталып, көп узабай Совет өлкөсүнүн "жаназасы" окулган. Үй куруучулардын эле эмес, бүткүл союздун калкы оор абалга дуушар болгон. СССР боюнча чарбалык байланыштар жана келишимдер үзүлүп, завод менен фабрикалар биринин артынан бири сырьелордун жетишсиздигинен жана мурдагыдай бирдиктүү жетекчиликтин жоктугунан токтоп жатты. Россиядан жана башка республикалардан келүүчү курулуш материалдары кескин кыскарды же токтотулду. Цемент тартыш болуп калды. Акча девальвацияга учурап, өлкөнү инфляция каптады. Ак сарай салам деп кыялданган куруучулардын басымдуу көпчүлүгү саман менен эптеп-септеп үйүн бүтүрүүгө өтүштү. Шаардын архитектуралык көркүн сактоо эрежеси унутта калып, "кой деген кожосу жок, ай деген ажосу жок" ар ким өз билген "намазын" окуй баштаган. Айыл чарбасында колхоз-совхоздор жоюла баштап, байлыгы талоонго түшүп,

майда ишканалар жабылып, жумушсуздук көбөйгөн. Колунда анча-мынча тыйыны барлар жакшы жашоо издешип, ички миграцияны күчөтүшүп, Бишкек менен Ошко агыла башташкан.

Мындай баш аламан мезгилде "Кудайдан жөө качкан" шылуундардын жолу ачылып, жер саткандар, бирөөнүн жерин экинчисине соодалаган соодагер-далдалчылар көбөйүп, далай үй-бүлөлөр алардын кылтагына илинип, тапкан-ташынганынан ажырашып, "сызга" отуруп калышты. Укук коргоо кызматкерлери да шылуундар менен тил табышып, жошоонун жеңил жолдорун тандашып, "менин милициям мени коргойттон, менин милициям мени тонойт" принцибине өтүшүп, алардын кадыр-баркы калк ичинде кетип, ишеничтен ажырашты. Акыркы жылдары алар бийликтин "кызыл камчысына" айланышты.

Жер басып алуу, мыйзамсыз үйлөрдү салуу өнөкөткө айланып, мындай жат көрүнүштөр 2012-жылга чейин созулду. Натыйжада, 2017-жылга чейин борбор калааны эки ирет курчаган, орто кылымды элестеткен, саман дубалдар менен тургузулган 50 жаңы конуш өсүп чыкты, анын 48и мыйзамдаштырылса, эки айыл дале мыйзамдаша элек.

2017-жылы Кыргыз Республикасынын Омбудсменинин болжолдуу изилдөөлөрүнүн жыйынтыгы төмөндөгүдөй айрым фактыларды келтирет. Расмий маалыматтар боюнча, Бишкекти курчап турган 47 турак жай массивинде 223 258 адам жашайт, бул борбор калаанын калкынын

27,9% түзөт.[350] Официалдуу эмес маалыматтар боюнча жаңы конуштардагы калктын саны көрсөтүлгөн цифралардан 2 – 2,5 эсе көп деп эсептелет.

Акыйкатчынын докладында конуштардын эң чоң проблемаларынын бири жашоочулардын улуу-кичүү дебей, өзүн күбөлөндүргөн документтеринин жоктугу белгиленген. Мисалы, "Дордой" базарынын тегерегиндеги 11 жаңы конушта жашагандардын 16 жашка чейинкилеринин 98%ында туулгандыгы тууралуу күбөлүгү жок, ал эми 16 жаштан жогору жарандардын 38%ынан ашуунунда паспорту жок болуп чыккан.[351] 2013-жылы "Вечерний Бишкек" 11 жаңы конушка журналисттик тандалма (выборочно) изилдөө жүргүзгөндө 1577 кишинин өздөрүн күбөлөндүрүүчү эч бир документи жок болуп чыккан. Токтолуп калган 406 кишинин өмүрүндө паспорту болгон эмес. Мындай адамдар мамлекет тарабынан эсепке алынбай, "көмүскөдөгү көрүнбөгөндөр" же унутта калган пенделер катары жашоого болгон атуулдук бардык укуктарынан ажырашып, өмүр сүрүүгө аргасыз болуп келген.[352] XXI кылымда борбор калаада мындай жат көрүнүш бийликтин тийиштүү органдарынын кызматкерлеринин түздөн-түз кечиримсиз, кылмыш жоопкерчилигине тартылуучу, күнөөлүү иш болуп эсептелет.

350. В жилмассивах проживает более четверти населения Бишкека. 18 июня 2017. https://rus.azattyk.org/a/ 28561157.html

351. В жилмассивах проживает более четверти населения Бишкека. 18 июня 2017.

352.http://www.vb.kg/doc/287754_jizn_za_granu:_ludi_nevidimki_jivyt_na_svalke_bolee10_let.htmlhttp://www.vb.kg/287754

Бишкек шаарын коргон кылып курчаган жаңы конуштардын пайда болгонуна бүгүн 30 жылдан ашса да, бул айылдар жашоого ылайыкталбаган, орто кылымды элестеткен элементардык шарты жок абалды баштан кечирип келишет. "Жилмассивде" жашашкан миңдеген үй-бүлөлөр газдын, элекроэнергиянын тартыштыгынын же жоктугунун азабын тартышса, таза суу менен толук камсыз болбогон, канализациясы жок, бала-бакча, мектеп, турмуш-тиричиликке керектүү социалдык объектилердин жетишсиздигин, айрык-ча, жолдун жоктугун калк жон териси менен кечирип келет.

Жер басып алуулардын натыйжасында Бишкектин айланасында стихиялуу түрдө пайда болгон көп сандаган турак-жай комплекстерин кимдир бирөө "саман дубал курчалган шахид" деп таамай атаган. Мындай катаал аныктама бул жаңы курулуштар потенциалдуу коркунучту жаратып, эртеби-кечпи социалдык жана үй-бүлөлүк баш аламандыкка алып келүүсү толук ыктымал.

Мына ушундай ой жүгүртүүнүн жөндүү экенин жакында эле ушундай "микрорайондордун" бири "Ак-Жар" көрсөттү – дейт журналист Орешкин Андрей.[353]

2011-жылы августта шаардын мэри И.Өмүркулов "МСН" газетасына берген интервьюсунда жаңы конуштардын курулуштары башталгандан бери алардын өнүгүүсүнө жана жакшылануусуна (благоустройствосуна) – электрлештирүүгө, суу менен камсыз кылууга, жол курууга, мектеп, поликлиникага жана башка объектилерди

353. Орешкин Андрей. 25 августа 2011. Новостройки: когда рванет пояс шахида? https://www.msn.kg/ru/news/35863/

курууга 2,7 миллиард сом жумшалганын кабарлап, жыл сайын конуштардын өнүгүүсүнө мэрия тарабынан орто эсеп менен 200 млн. сом сарпталарын билдирген[354]. Мындан тышкары жаңы конуштар республикалык бюджеттен жана ар кандай финансылык булактардан, кредиттер менен гранттардан каржыланат. Бирок каралган каражат туура пайдануудабы же ортомчул шылуундардын чөнтөгүнө кетип жатабы, ал да чоң көйгөй жаратууда.

Ошол эле 2011-жылдын октябрь айында мэриянын коомдук-мамлекеттик капиталдык курулуш башкармасынын башчысы Р.Сүймкулов ИА "24 kg"ге берген интервьюсунда бул тармакта коррупция укмуш "гүлдөп" калганын кабарлап, учкай мисалдарды келтирген. Бул кызматта иштей баштаганыма 4 ай болгонуна карабай, төрт: "Мурас-Ордо", "Рухий Мурас", "Ак-Босого" жаңы конуштарын ревизияладым, – дейт. Жыйынтыгында, 20 млн. сомдун изи жок. "Мурас-Ордонун" суу кампасына коргон куруу үчүн 2,3 млн.сом бөлүнгөн, ал акчадан дайын жок. "Ак-Ордодо" алты трансформаторлук подстанция орду-түбү менен жок. "Рухий Мураска" подряддык уюм суу түтүктөрүн салуусу керек болсо, анын үчтөн бири да аткарылган эмес. Ал эми "Ак-Ордого" 6 километр труба жаткыруу керек болсо, 2 километри чала аткарылып, калган 4 километри унутта калган. Бардык объектилерге каражат толук бөлүнгөн.[355]

354. Орешкин Андрей. 25 августа 2011. Новостройки: когда рванет пояс шахида?

355. Павлова Ирина. 10/10/11. Р.Суйумкулов: Жилмассивы (фавелы) Бишкека - потерянные миллионы. http://www.centrasia.ru/newsA.php?st=1318313820.

Подрядчиктердин ар биринин артында "ак үй", "боз үйдө" коргой турган "кожолору" бар дейт. Ишти толук аткарбаган ишканалар менен мэриянын сот-тошуулары жылдап улантылып, практика жүзүндө иш ордунан жылбай, созуктурулуп келет.

Жаңы конуштардын проблемаларынын оперативдүү чечилүүсү үчүн жылына капиталдык салым 2 миллиард сомдон кем эмес сарпталышы керек, – дейт экс-мэр И.Өмүркулов[356]. Ондогон мектептер, поликлиникалар, ооруканалар, бала бакчалар, турмуш-тиричиликтерди тейлөөчү соц-объектилер, жолдор, таза суу, газ, электроэнергия жана башка шаардын жашоосуна ылайыкталган өтө зарыл объектилер кыска мөөнөттө бүткөрүлүүсү тийиш.

Өлкөдөгү башкаруу системасынын баш аламан жүргүзгөн саясатынын натыйжасында, ички миграция күчөп, кыска мөөнөттүн ичинде Бишкектин тегерегинде пайда болгон жаңы конуштарда бир областтын калкы жайгаштырылган. Бул конуштардын инфраструктураларын белгилүү бир деңгээлге көтөрүү үчүн чоң каражат талап кылынары бышык.

Мамлекет бүгүнкү социалдык-экономикалык жана саясий оор абалына карабай, конуштарды тартипке келтирип, шаардык-архитектуралык өң, түз берүүгө милдеттүү. Курулган үйлөрдүн дээрлик көпчүлүгү архитектуралык жана сейсмологиялык талаптарга жооп бербеген, саман менен тургузулган. Сейсмологдордук эскертүүлөрүнө караганда стихиялуу курулган үйлөр жердин орточо

356. Орешкин Андрей. 25 августа 2011. Новостройки: когда рванет пояс шахида? http://www.msn.kg/ru/news/35863/

төрмөлүүсүнө туруштук бербей, фаталдуу аяктоосу мүмкүн экендигин билдиришет. Кыргызстан жогорку баскычтагы сейсмологиялык активдүү зонада экени белгилүү. Бүгүнкү күнү талапка жооп бербеген үйлөрдөн жашоочуларды чыгарып, аларды буздуртуп, кайрадан курдуруу мүмүн эмес жана аларды азыркы абалында калтырып коюу да кооптуу. Маселенин оперативдүү чечилүүсү үчүн, биздин оюбузча, кыргыз өкмөтү жаңы конуштардын толгон-токой проблемаларын шаардык мэрияга жүктөп тим болбостон, айылдык абалдан шаардын деңгээлине жеткиргенге чейин мамлекеттик убактылуу, өзгөчө административдик-чарбалык структура түзүлүүсү абзел.

Ашарчылар, КДКчылар, жерди басып алгандардын "кор башчылары", алардын укугун коргоп Ак-үй астында ачарчылык жарыялагандар жаңы бийлик менен курууучулардын ортосунда "далдалчылык" кылып, биринин тебетейин экинчисине кийгизишкен "суу куйду", шылуундар бийликтен бирден портфелге ээ болушуп, максаттарына жетишкен соң, алардын камчысын чабышып, четке чыга беришти, үй курууучулардын толгон токой-чечиле элек проблемаларын үй курууучулардын өздөрүнө калтырышып.

Кайра куруу жылдарындагы айкындыктын жана коомдун демократиялашуусунун агымы менен союздун көп улуттуу калкынын коммунисттик доордо идеологиянын күчү менен кармалып турган улуттардын аң – сезимдери ойгонуп, ар бир эл өздөрүнүн коомдогу ордун издешип, улуттар ортосундагы көз караштар жана мамилелер өзгөрүлүп,

улуттун тилин, тарыхын жана маданий мурастарын сактоо маселелери курч көтөрүлө баштаган.

Мындай орчундуу, курч маселелердин көтөрүлгөнүнө бардык негиздер болгон. Анткени союзда "сенектик" мезгилден тартып улуттардын көкөй кескен маселелери, айрыкча, орус эмес элдердин тилдери, алардын тарыхы жана маданияты акырындап, унутта кала баштаган. Кыргызстанда, мисалы, союздун акыркы жылдары, кыргыз тили мамлекеттик тил болуудан сүрүлүп калган. Шаарларда кыргыз тилдүү мектептерге, бала бакчаларга практика жүзүндө жол берилген эмес. Окуу жайларда тарых сабактарында улуттардын тарыхын окутууга сааттар бөлүнбөй, улуу орус элинин тарыхы окутулган.

Учурунда И.Раззаков орус мектептерине кыргыз тил предметин киргизгендиги үчүн кызматынан бошотулгандыгы кийинки жетекчилерге чоң сабак болуп, улуттук маселелерди чечүү эмес, козгогондон кооптонушкан. Ал гана эмес, жогору жакка жасакерлик кылып, жагынуу үчүн республиканын партбоссу Т.Усубалиев орус тилин экинчи эне тил катары кабыл алуу маселесин көтөрүп чыкканда, коомчулукта ар кандай кайчы пикирлер жаралган. Орус улутунун өкүлү окумуштуу, академик К.К.Юдахин: "эне тили бирөө эле болот, баланы эки эне төрөбөйт. Орустун тилин коргоп, ага кам көрүүгө муктаждык жок", – деп каяша айтканы үчүн куугунтук көргөн. Улуу элдин экинчи өкүлү, белгилүү окумуштуу, тарыхчы-этнограф, профессор С.М.Абрамзон кыргыз элинин тарыхын, этнографиясын жана маданиятын изилдөөгө элүү жылдан ашуун эмгек өтөгөн. Кыргыздын этно-тарыхын терең изилдегени үчүн ал өткөн кылымдын 70-

жылдарынын башында республиканын партиялык биринчи катчысынын катуу сынына кабылып, сынды көтөрүү оор болгондуктан, окумуштуунун көз жумуусуна себеп болгон[357].

Кыргыз ССРинин ар бир жасаган кадамы жогору жактагы жетекчилердин тыкыр контролунда турган, ал эми кыргыздын жетекчилери, айрыкча, "сенектик" мезгилден бери, борбордон келген көрсөтмөлөр менен буйруктардын кылын кыйшайтпай, кың дебестен аткарганга көнүшкөн. Республикалык деңгээлдеги жетекчилерди Москва дайындаган. Жергиликтүү жетекчилер Москвадагы "ажолору" менен "кожолорунун" оту менен кирип, күлү менен чыгып турушкан. Кокус, алардын көңүлүн таппай калышса, кызматтан шыпырылышып, алардын ордуна ийкемдүүлөрү келишкен. Республика өз алдынча пландаштырып иш жүргүзгөнгө, практика жүзүндө укугу жок болгон. 2 млн. рублден жогору сумманы талап кылган курулуш объектилери Москвадан чечилип, каржыланган. Республиканын муктаждыктарына зарыл болгон объектилердин проектилерин коргоп, борбордун "батасын" алып, алардын планына киргизүүнүн жең ичинен жүргүзүлүүчү коррупциялашкан жол-жоболору болгон.

Кыргыз ССРи өз алдынча маанилүү бир да маселени чечкенге алы келбей, көз каранды мамлекетке айлана баштаган. Борбордун союздук республикаларга жасаган империялык саясатынын натыйжасында көп улуттардын тарыхын орус окумуштуулары партиянын саясатына ылайыкташтырып жазылып, таңууланган. Таңууланган саясаттан

357. См.:Google. Новая литература Кыргызстана. literature.kg.

чыга албай, кыргыз улуту да өзүнүн тарыхынан, тилинен жана маданиятынан акырындык менен ажырап, көп баалуулуктардан кол жуун, жоготууларга душар боло баштаган. Мисалы, Сибирде жашашкан аз калктар Хрущевдук-Брежневдик саясий жана социалдык саясатынын айынан, улуттук көп баалуулуктарынан ажырап, тилдерин унутуп калышты.

Мамлекеттик мекемелерде жана башкаруу органдарында ар кандай деңгээлдеги иш-чараларды өткөрүүдө, жыйындарда кыргыз тили колдонулуудан "өгөйлөнүп", четке сүрүлүп калган. Орус тилин билбеген же жетишерлик деңгээлде билбеген кадрлар кызматка тартылган эмес. Кагаз иштеринин 90%ы орус тилинде даярдалган. Эгемендүүлүккө жеткенибизге чейрек кылым ашса да, ошол инерция менен орус тилин "эне тил" катары пайдаланып, тилибиздин, дилибиздин, динибиздин, тарыхыбыздын жана салт-санаа, маданиятыбыздын баалуулуктарына жетишерлик көңүл бурулбай, унутта калып, ким экенибизди деле жеткиликтүү тааныш-биле албай, калкыбыздын кадырына жетпей келебиз, орус тилдүү өлкө башчыларынын айынан.

Мамлекетте тил маселесинин оң чечилүүсү түздөн-түз журт атасына байланыштуу болот. Анткени өлкөдө саясат жүргүзгөн мамчиновниктер журт атасына карата түздөнүшүп, ал кайсы "динде" болсо, ошол динге киришип, анын "намазын окушуп", ал сүйлөгөн тилинде сүйлөөгө мажбур болушуп, "ырын ырдашат". Кыргыздын мамчиновниктеринин дини да, дили да, тили да жок, алар кызматта турушканда "Дөнөнбайдын балдарындай", "кожоюндун" кареги менен тең айланышат. Мындай

"кул мүнөз" салт союздан энчиленип калган. Жогорку Кеңештин сессиясынан башкасы, борбордо өтүлүүчү бардык жыйындар дале орус тилинде өткөрүлөт. Тил – адамдын жүзү. Тил – улуттун негизги белгиси, мамлекеттин бедели, кадыры. Кадыр-баркы жок мамлекет гана башка тилде сүйлөшөт. Тил – адамдын канаты. Тил – дүйнөнүн каалаган жерине жеткирет. Көп тил билүү – түгөнгүс байлык. Өз тилин чануу - маңкурттук.

1989-жылы, айкындыктын жели менен коомдук кыймылдар кыргыз тилинин өнүгүүсүн жана ага мамлекеттик статус берилүүсүн көтөрүп чыгып, бийликтен талап кылуулары өлкөдө кеңири кулач жайган. Тил маселеси көтөрүлүп чыгып, коомдук кыймылдар тарабынан учурдун күн тартибине курч коюлуусу эгемендүүлүккө умтулуунун алгачкы бир формасы болуп, көпчүлүктүн колдоосуна ээ болгон. Тил маселесинин артында кыргыз улутунун келечектеги тагдыры тургандыгын ар бир кыргыз жараны жеткиликтүү түшүнүүгө милдеттүү.

Коомчулуктун кысымы жана учурдун талабы менен 1989-жылдын 23-сентябрында Кыргыз ССРинин Жогорку Советинин депутаттары тарабынан кызуу талкуудан кийин "Мамлекеттик тил жөнүндө" мыйзам кабыл алынып, мамлекеттик кыргыз тили менен катар, республикада жашашкан башка улуттардын тилдеринин эркин өсүүсүнө да шарт түзүлгөн. Кыргыз жана орус тилдерине мамлекеттик статусун берүү маселеси талаш-тартыштан кийин, парламент тарабынан четке кагылган. Тил жөнүндөгү мыйзамдын кабыл алынуусу менен кыргыз эли эгеменүүлүккө, башкача айт-

канда, көз карандысыздыкка дагы бир кадам алдыга жасалган.

1987-жыл СССРдин саясий майданында дагы бир бурулуш мезгил болгон. КПСС Борбордук Комитетинин январь Пленумунда М.С.Горбачев өлкөдө саясий реформа жүргүзүү идеясы менен чыгат. Анда ал шайлоо мыйзамдарына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жана ошону менен катар, мыйзамдын долбоорун жалпы элдик талкууга чыгарууну сунуштайт. Мындай сунуш Советтер Союзу үчүн, чындыгында, жаңылык болгон. Анткени советтик практикада буга чейин мыйзамдардын долбоорлору жалпы элдик талкууга чыгарылган эмес. 1936-жылы "сталиндик" Конституциянын долбоору кеңири элдик талкууга чыгарылып, кабыл алынган. Мындай жөрөлгөнү Сталин колдоп, орчундуу мыйзамдардын долбоорлорун алын ала талкууга чыгарууну сунуштаган. Бирок, тилекке каршы, ошол мезгилдеги тышкы жана ички саясий кырдаалдардын тереңдеп кеткенине байланыштуу сунуш белгисиз мөөнөткө жылдырылган.

КПСС БКнын январь Пленумунда козголгон эң негизги маселе Советтерге шайлоолор боюнча мыйзамдарга өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү менен, депутаттык мандатка бир кандидатура эмес, мындан ары бир нече кандидатуралар өздөрүнүн талапкерлигин көрсөткөнгө укук алары белгиленген. Мындай жаңы жөрөлгө аркылуу партиянын ички турмушунда да партиялык жетекчилерди альтернативалык жол менен бир канча кандидаттардын ичинен тандалып шайлануусу керектиги белгиленген. Бул сунуш, чындыгында, совет эли үчүн сенсациялык жаңылык болгон.

1987-жылдын февраль-март айларында айрым союздук республикалардын Жогорку Советтеринин Президиумдары, мисалы РСФСР, жергиликтүү Советтерге эл депутаттарын шайлоо жөнүндө Указдарды кабыл алышып, ага ылайык көп мандаттуу шайлоо округдарынан эл депутаттарын шайлоонун эксперименттик жол-жоболорун бекиткен токтомдорду кабыл алышкан.

Жергиликтүү Советтерге депутаттыкка талапкерлерди көрсөтүү укуктары баштапкы коомдук уюмдарга: айыл-кыштактарга, көчөлөргө, кварталдык жана үй комитеттерине, аялдар советтерине, согуштун жана эмгектин ардагерлерине, райондук керек-жарак коомдоруна, "Знание" коомуна жана башка уюшулган коллективдерге берилген. Эмгек жамааттары талапкерлерди көрсөтүү укугуна ээ болгон эмес, анткени территориялык шайлоо округдарына ишканалар кирбей калган. Талапкер жашаган жеринен же белгилүү бир округдан талапкерлигин жылдыруусу каралган. Эмгек жамааттарынын талапкерлерди көрсөтүү укуктары СССР эл депутаттарын шайлоолору боюнча мыйзамды даярдоо мезгилинде киргизилип, ал көптөгөн талаш-тартыштарды жараткан.

1988-жылдын 28-июнь – 1-июль айларында өткөн КПССтин Бүткүл союздук XIX конференциясы "Советтик коомду демократиялаштыруу жана саясий системаны реформалоо жөнүндө"[358] кабыл

358. Кеңири кара: Резолюции XIX Всесоюзной конференции КПСС. "О демократизации советского общества и реформе политической системы». http://www.ru90.ru/content/%D1%80%D0%B5%D0%B7%D0%BE%D0%BB%D1%8E%D1%86%D0%B8%D0%B8-xix%D0%B2%D1%81%D0%B5%D1%81%D0%BE%D1%8E%

алынган резолюциясында эл депутаттыгына талапкерлердин санын чектөөлөрдү жоюу, кеңири жана эркин талкуу жүргүзүү, талапкерлердин санынын көптүгүнө карабай шайлоо бюллетенине киргизүү, шайлоону өткөрүү процедураларын кыйшаюусуз сактоо, шайланган депутаттардын отчеттуулугу жана аларды чакырып алуу укуктук механизмдери ж.б. шайлоо системасына байланышкан маселелер каралып, тийиштүү бийлик орган-ведомстволоруна табышталган.[359]

Советтик мезгилде партиянын жетектөөчү ролу жогору болгон. Ошол себептен бардык ишканаларда, уюмдарда жана мекемелерде саясий агартуу иштери (политпросвещение) жүргүзүлүп, лекциялар өткөрүлүп, жума сайын өтүлүүчү саясий информацияларда, чогулуштарда партиянын жана өкмөттүн чечимдерин түшүндүрүү иштери жүргүзүлүп турган. Ички жана тышкы саясат боюнча да информациялар билдирилип турган. Партиялык уюмдар болсо пленум, конференция жана съезддердин чечимдерин талкуулоо жана партиянын чечимдерин элге жеткирүү боюнча партжыйындарды өткөрүп турушкан. Союзда атайын коомдук деп аталган "Общество "Знание" деген уюм иштетилип, ал уюмга ар кандай кесиптеги лекторлор тартылып, алар ар түрдүү темаларда лекцияларды окуп турушкан.

D0%B7%D 0%BD%D 0%BE%D0%B9-%D0%BA%D0%BE%D0%BD%D1%84%D0%B5%D1%80%D0%B5%D0%BD%D1%86%D0%B8%D0%B8-%D0%BA%D0%BF%D1%81%D1%81

359. Кара: Резолюции XIX Всесоюзной конференции КПСС. "О демократизации советского общества и реформе политической системы».

1988-жылы сентябрдын аягында КПСС БКнын Саясий Бюросунда Конституцияга өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду кароо сунушталып, жана СССР эл депутаттарын шайлоо маселелери талкууланган. Бул маселелер СССР Жогорку Советинде каралып жактырылгандан кийин, жалпы элдик талкууга чыгарылууга милдеттендирилген. Талкуу союз боюнча кызуу жүргүзүлүп, жеке атуулдардан, эмгек жамааттарынан, коомдук уюмдардан, илимий жана окуу жайлардан, ММКдан 120 миңден ашуун сунуштар жана пикирлер түшкөн.

1988-жылы 1-декабрда СССР Жогорку Советинин 11-чакырылышынын кезексиз 12-сессиясында "СССРдин Конституциясына (Негизги мыйзам) өзгөртүүлөр жана толуктоолор жөнүндө" жана "СССР эл депутаттарын шайлоолор жөнүндө" мыйзамдар кабыл алынуу менен катар, "Мамлекеттик курулуш тармагында саясий реформаларды ишке ашыруунун мындан аркы кадамдары жөнүндө" токтому кабыл алынган[360].

Кабыл алынган мыйзамдар менен чечимдерден кийин шайлоолордун мыйзамдары эле өзгөрбөстөн, Советтер Союзунда бийлик органдарынын системасы да өзгөргөн.

СССР Эл депутаттарынын съезди – курамы 2250 эл депутаттарынан туруп, эң жогорку мамлекеттик бийлик органы болуп эсептелинип, анын жылына бир, зарылчылыгына карата эки жолу жыйынга чогулуусу мыйзам менен бекитилген. Съезд мыйзам чыгаруу, башкаруу жана мамлекеттик органдарды көзөмөлдөө үчүн Жогорку Советке эл депутаттарынын ичинен туруктуу иштөөгө 544 кишини шайлайт. Жогорку Совет эки палатадан: Союз Совети жана Улуттар Советинен түзүлүп, алардын курамы жана укуктары да бирдей болгон. СССР Жогорку Советинин Президиумунун председателдик кызмат орду жоюлган. Ал эми Жогорку Советтин Президиуму сакталып калган. Анын негизги милдеттери болуп эл депутаттарынын съездинин жана Жогорку Советтин үзгүлтүксүз иштөөсүн камсыз кылуу иштери жүктөлгөн. Жаңы Президиумдун укуктары чектелүү болуп, мыйзамдарга өзгөртүүлөрдү жана нормативдик указдарды чыгаруу укуктарынан ажыратылган. Съезд эл депутаттарынын ичинен СССРдин Жогорку Советинин Председателин жана Председателдин биринчи орун басарларын шайлаган. Эл депутаттарынын съезди СССРдин карамагына тиешелүү болгон бардык маселелерди чечүүгө укуктуу болгон.

Съезддин эң негизги чечүүчү маселелерине төмөнкүлөр кирген:

- ✓ СССРдин Конституциясын кабыл алуу жана ага өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү;
- ✓ СССРдин ички жана тышкы саясатынын негизги багыттарын аныктоо;
- ✓ Улуттук-мамлекеттик маселелер боюнча чечим кабыл алуу;
- ✓ СССРдин мамлекеттик чек арасын аныктоо;
- ✓ Союздук республикалардын чек араларынын өзгөрүүлөрүн бекитүү;
- ✓ СССР Жогорку Советин жана анын Председателин шайлоо;

360. ВЫБОРЫ "ПО ГОРБАЧЕВУ". Когда возник замысел политической реформы? http://www.agitclub.ru/vybory/gor89/ gor02. htm.

✓ СССР Министрлер Советинин Председателин, СССР Жогорку Сотунун Председателин, СССРдин Генеральный прокурорун, Жогорку Арбитраждын Председателин бекитүү, СССР Конституциялык көзөмөл комитетин шайлоо.

Съезд 2250 депутаттан туруп, 5 жылга шайланышкан, алар үч негизги бөлүктөн түзүлгөн:

✓ 750 депутат территориялык округдардан шайланышкан (шайлоочулардын бирдей саны менен);

✓ 750 депутат улуттук-территориялык шайлоо округдардан шайланышып, төмөнкүдөй бөлүнгөн:

- ар бир союздук республикадан 32 депутат;
- ар бир автономиялык республикадан 11 депутат;
- ар бир автономиялык областтан 5 депутат;
- бирден депутат ар бир автономиялык округдан.

✓ 750 депутат "СССРдин эл депутаттарын шайлоо жөнүндөгү" Мыйзамы менен аныкталган квоталар боюнча бүткүл союздук коомдук уюмдардан:

- 100дөн депутат КПССтен, ВЦСПСтен (профсоюз) жана кооперативдик уюмдардан (колхоздор жана керек-жарак кооперациясынан);
- 75тен депутат ВЛКСМдан, аялдар советинен, согуштун жана эмгектин ардагерлер уюмунан, илимий мекемелерден, чыгармачыл союздардан;
- 75 депутат бүткүл союздук маанидеги башка коомдук уюмдардан шайланышкан.[361]

361.https://ru.wikipedia.org/wiki/%D0%A1%D1%8A%D0%B5%D0%B7%D0%B4_%D0%BD%D0%B0%D1%80%D0%BE%D0%B4%D0%BD%D1%8B%D1%85_%D0%B4%D0%B5%D0%BF%D1%83%D1%82%D0%B0%D1%82%D0%BE%D0%B2_%D0%A1%D0%A1%D0%A1%D0%A0#:~:text=%D0%A1%D1%8A%D0%B5%D0%B7%D0%B4%20%D0%BD%D0%B0%D1%80%D0%BE%D0%B4%D0%BD%D1%8B%D1%85%20%D0%B4%D0%B5%D0%BF%D1%83%D1%82%D0%B0%D1%82%D0%BE%D0%B2%20%D0%A1%D0%A1%D0%A1%D0%A0%20%E2%80%94%20%D0%B2%D1%8B%D1%81%D1%88%D0%B8%D0%B9,%D0%BF%D0%BE%20%D0%BF%D1%80%D0%B5%D0%B4%D0%BB%D0%BE%D0%B6%D0%B5%D0%BD%D0%B8%D1%8E%20%D0%BF%D1%80%D0%B5%D0%B7%D0%B8%D0%B4%D0%B5%D0%BD%D1%82%D0%B0%20%D0%A1%D0%A1%D0%A1%D0%A0%20%D0%9C.

362.https://ru.wikipedia.org/wiki/%D0%92%D1%8B%D0%B1%D0%BE%D1%80%D1%8B_%D0%BD%D0%B0%D1%80%D0%BE%D0%B4%D0%BD%D1%8B%D1%85_%D0%B4%D0%B5%D0%BF%D1%83%D1%82%D0%B0%D1%82%D0%BE%D0%B2_%D0%A1%D0%A1%D0%A1%D0%A0_(1989)

363. **Аманбаев Жумгалбек Бексултанович** (1945 – 2005) – советтик жана кыргыздын партиялык жана мамлекеттик ишмери, Кыргызстан КП БКнын биринчи секретары (1991-жылдын 6-апрель – 26-апрель аралыктарында), КПСС БКнын Саясий бюро мүчөсү (1991-жылдын 25-апрелинен – 23-августуна чейин).

СССР эл депутаттарын шайлоо биринчи жолу альтернативдик негизде, талапкерлер шайлоочулар менен эркин жолугушуу мүмкүнчүлүктөрүнө ээ болушуп, кызуу талкуулардын коштоосу менен өткөрүлгөн. Ал учурда шайлоо астындагы агитациялык иштерге акча төлөө талапкердин да, агитатор-ишенимдүү кишилердин да оюна эле эмес, түшүнө да кирген эмес. Мындай нерсе коомчулукта жат көрүнүш болуп, жеткен маскарачылык, абийирсиздик катары кабылданган.

Добуш берүү 1989-жылдын 26-мартында болуп өтүп, шайлоого 89,8% шайлоочулар катышкан.[362]

Кыргызстандан СССРдин эл депутаттыгына жоон топ республиканын белгилүү атуулдары ар кандай квоталар аркылуу шайланышкан. Алардын ичинде: А.Масалиев, А.Акаев, Ч.Айтматов, Т.Акматов, А.Жумагулов, Ж.Аманбаев,[363]

Ү.Сыдыков,[364] Ж.Асанкулов,[365] М.Миррахимов,[366] К.Молдобасанов,[367] К.Үсөнбеков,[368] Т.Океев[369] ж.б. болушкан.

Шайлоолордун саясий теориясы жана практикасы боюнча бул мезгилге чейин ар кандай шайлоо системаларында, анын ичинде конкурстук негизде шайлоолорду өткөрүүдө дүйнөлүк чоң

364. **Сыдыков Үсөн Сыдыкович** (1943 – 2021) – Советтик Кыргызстандын партиялык жана мамлекеттик ишмери, Кыргызстан КПнын Ош обкомунун биринчи секретары (1990 – 1991), Кыргыз Республикасынын президентинин Администрациясынын жетекчиси (2005 – 2006). СССР эл депутаты (1989 – 1991).

365. **Асанкулов Жумабек Асанкулович** (1927 – 2007) – Кыргыз совет мамлекеттик коопсуздук органдарынын кызматкери, генерал лейтенант. Кыргыз ССРинин КГБнын Председатели (1989 – 1991). СССР Жогорку Советинин 9-чакырылышынын депутаты (1974 – 1979), СССР эл депутаты (1989 – 1991).

366. **Миррахимов Мирсаид Мирхамидович** (1927 – 2008) – врач-терапевт, Кыргыз Республикасынын УИАнын жана СССРдин медициналык Академиясынын академиги. Кыргыз ССРнын илимине эмгек сиңиирген ишмер (1972), Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген врачы (1962). Илим менен техника тармагы боюнча СССР Мемлекеттик сыйлыгынын лауреаты, СССР Жогорку Советинин жана Кыргыз ССРинин Жогорку Советинин бир канча чакырылышынын депутаты. Социалисттик эмгектин Баатыры (1987).

367. **Молдобасанов Калый Молдобасанович** (1929 – 2006) – советтик жана кыргыз композиторы, дрижёр, коомдук ишмер. Социалисттик эмгектин Баатыры (1991). СССРдин эл артисти (1979). СССРдин Мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты (1976).

368. **Үсөнбеков Калыйнур Үсөнбекович** (1921 – 2003) – советтик аскердик саясий ишмер. Улуу Ата Мекендик согуштун катышуучусу, Советтер Союзунун Баатыры (31.05.1945). Генерал-лейтенант (1985). Кыргыз ССРинин Жогорку Советинин 9-, 10-, жана 11-чакырылышынын депутаты (1975 – 1990). СССР Жогорку Советинин депутаты (1989 – 1991).

369. **Океев Төлөмүш Океевич** (1935 – 2001) – советтик жана кыргыздын кинорежиссёру, сценарист. СССР эл артисти (1985). СССР Жогорку Советинин депутаты (1989 – 1991). Кыргыз ССРинин // Кыргыз Республиаксынын (Легендердуу Парламентин) депутаты (1990 – 1994).

тажрыйба топтолгон. Шайлоо системасы боюнча белгилүү адис, Калифорния университетинин профессору Р.Таагепера мындай деп жазат: ..."бир канча кандидатура менен эркин шайлоо өткөрүүгө шашылбастан, жай жана акырындык менен, эң кеминде беш жыл даярдыктан кийин киргизүү керек. Бир орунга бир канча кандидаттар менен даярдыксыз шайлоого кирүүнүн жыйынтыгы иренжитип, көңүл калууга алып келет, анткени кандидаттар да, шайлоону өткөрүүчү официалдуу өкүлдөр да, кыйын кырдаал түзүлгөндө кандай аракеттенишерин билишпейт. Мындай абалдын жыйынтыгы баш аламандыкты, анархияны, эркин шайлоого болгон шайлоочулардын көңүл калуусун жаратат жана аскердик төңкөрүшкө алып келет", – деп жазган.[370]

Жаңы шайланган СССРдин эл депутаттарынын биринчи съезди өз ишин 1989-жылы 25-майда баштап, 9-июнда жыйынтыктаган. Съезд борбордук жана республикалык телевидениелерден түз алып көрсөтүлгөн. Бүткүл совет эли бул күндөрү жашоо токтоп калгансып, баарын: жашоо, турмуш, жумуш, үй-тиричилигин унутушуп, телевизорлордун түбүндө казыкка байлап койгонсуп, бир минутасын да текке кетирбей съезддин жүрүшүн көрүшкөн. Телевизору жоктор (ал мезгилде элдин баарында эле телевизору болгон эмес) радиодон угушкан.

370. Таагепера Р. Некоторые проблемы проведения выборов по многомандатным округам // Политические институты и обновление общества. -М., 1989; Журнал о выборах 2014, № 6. С. 38; file:///C:/Users/User/Downloads/Guravlev.pdf

Жыйындын жүрүшүндөгү он алты күндүн ичинде коомчулуктун бардык катмарларында аңсезимдерге жана көз караштарга тездик темп менен радикалдуу өзгөрүү процесстери жүргүзүлгөн. Эки кишинин башы бириккен эле жерде өлкөдө жүргүзүлүп жаткан социалдык-экономикалык, саясий жана маданий процесстер боюнча кызуу талкуу жүргүзүлүп: радикал-демократтарды, коммунист-реформаторлорду жана консеваторлорду колдошуп, эл ичи эки-үчкө бөлүнүшкөн.

Өлкөдө Советтердин бийлиги калыбына келтирилип, парламентаризм жаралып, сөз эркиндиги кеңейтилген. Мындан ары советтик калктын басымдуу көпчүлүгү КПСС БКнын түзгөн план, программалары менен жашоону каалашпай радикал-демократтарды колдогондордун катары арбыган. Советтер Союзунда бийлик бутактарын "менчиктеп" алган Коммунисттик партия акырындап четке сүрүлүп, алар эл ичинде өгөйлөнүп, жек көрүндү боло баштаган мезгил болгон. Совет өлкөсүндө бийликтин башкаруусуна ээ-жаа бербей, кырдаал тездик темп менен өзгөрүлүп жатты. Коммунисттик партиянын да, советтик бийлик органдарынын да, кадыры күн санап кетип, башкарууга алдары келишпей, өлкөнү анархия жана ээн баштык каптап, мамлекет чоң театрдын сахнасына айланган. Кремлдик партиялык-советтик бийликтин кадырынын кетирүү планы "Кайра куруу" реформасына ылайык жүргүзүлүүгө тийиш болгон, бирок реформанын акыркы жылдары коомдогу өзгөрүү эч кандай мыйзамга баш ийбей, өлкөнү башкарууга Горбачевдун алы келбей, алдастап калган.

СССР эл депутаттарынын биринчи съездинен кийин, 1989-жылдын жай айларынан баштап, өлкөдө күндөлүк эл керектөөчү товарлардын жетишсиздиги тездик темп менен өсө баштаган. Мисалы, "кант кризиси", кир жууган самын, порошоктордун тартыштыгы, "чай кризиси", "тамеки кризиси" жана башка күнүгө керектелүүчү товарлардын, айрыкча азык-түлүк товарлары (эт, сүт, май, арак ж.б.) дүкөндөрдө "уй жалагандай" биринин артынан бири дефицитке айланып, кезекке тургандардын санынын өсүүсү саясий кырдаалды күчөтүп, жумушчулардын толкундоолорун пайда кылган. Алардын массалык забастовкаларга чыгууларына радикал-демократтардын ролу чоң болгон.

СССРдин Жогорку Совети өлкөдө бийликтин структурасын өзгөрттү. Туруктуу иштеген Жогорку Советтин укуктук полномочиелеринин кеңейүүсү менен, союздук республикалардын да Жогорку Советтерине кеңири жол ачылган.

"ЛЕГЕНДАРЛУУ" КЫРГЫЗ ПАРЛАМЕНТИ

Парламент (англ. parlament, франц. parlement, parler дегенден – сүйлөө деген сөз) – мамлекеттик бийликтин бөлүштүрүү системасындагы эң жогорку өкүлчүлүктүү жана мыйзам чыгаруучу орган.

СССРдин тарыхында 1917-жылдагы Октябрь революциясынан кийин мамлекеттик бийликтин курамындагы парламенттин функцияларын жумушчу-дыйкан депутаттарынын Советтери аткара баштаган. 1922-жылы 30-декабрда Бүткүл союздук Советтердин 1-съездинде СССР түзүлгөн учурдан тартып 1936-жылы 25-ноябрь – 5-декабрда Советтердин кезексиз 8-съезди СССРдин 1936-жылдагы Конституциясын бекиткен. Конституцияга ылайык СССР Жогорку Совети СССРде мамлекеттик бийликтин эң жогорку органы болуп саналган.

Кыргызстандын тарыхында алгач 1924-жылдын 21-октябрында Революциялык комитет түзүлүп, Кыргыз Автономиялуу областынын бардык бийлик бутактарынын милдеттерин Ревком аткарган. Ревкомду Иманалы Айдарбеков[371] жетектеген.

371. **Айдарбеков Иманалы** (1894-1938) – Совет доорундагы кыргыз мамлекеттик жана коомдук ишмери, саясатчы. 1918–1920-жылдары Бишкек уездик-шаардык кеңеш аткомунун, 1920–1921-жылдары Каракол уездик ревкомунун мүчөсү. 1921–1923-жылдары Бишкек уездик аткомунун төрагасы. 1924-жылы Кара-Кыргыз автономия облусунун ревкомунун төрагасы. 1925–1926

1927-жылы 27-мартта Борбордук Аткаруу Комитети (БАК) түзүлүп, аны Абдыкадыр Орозбеков[372] жетектеген. 1936-жылы Кыргыз Советтик Социалисттик Республикасы (Кыргыз ССРи) болуп түзүлгөн. Кыргыз парламентинин ыйгарым укуктарын 1937-жылдагы Конституцияга ылайык 1938-жылдын 18-июлунан 1994-жылга чейин түз шайланган бир

жылдары Ташкентте «Орто Азия» кеңсесинде башкармалыктын мүчөсү болгон. 1927–29-жылдары Кыргыз АССРнин жеңил өнөр жай жана соода эл комиссары, 1930–31-жылдары Кыргыз айыл чарба банкынын башкармалыгынын мүчөсү, Кыргыз АССР Юстиция эл комиссары, Кыргыз АССРнин башкы сотунун төрагасы. 1938-жылы жалган жалаа менен атылган. 1991-жылы сөөгү Атабейит көрүстөнүнө кайра коюлган.

372. **Орозбеков Абдыкадыр** (1889-1938) – Кыргызстандын совет доорундагы ири мамлекеттик ишмери, кыргыз совет мамлекетин негиздөөчүлөрдүн бири. 1907 – 1916-жылдары наабайчыга жалданып иштеген. 1917 – 1920-жылдары Түркстандагы жумушчу кыймылына катышкан. Кыргызстанда Совет бийлигин орнотууга жана чыңдоо үчүн активдүү күрөшкөн, граждандык согуш мезгилинде катардагы жоокерден отряд командирине жана саясий жетекчиге чейин көтөрүлгөн. 1920 – 1923-жылдары айылдын, болуштун, райондун революциячыл комитеттерин башкарган. 1924 – 1925-жылдары Ош округдук эмгекчилер советинин жер бөлүмүнүн башчысы, катчысы болгон. 1925-жылы Тоолуу Кара-Кыргыз областынын жумушчу, дыйкан жана солдат депутаттар советинин уюштуруу съездине делегат болуп, анда Тоолуу Кара-Кыргыз областтык Аткаруу Комитетинин төрагалыгына шайланган. 1925-жылдын 31-мартында Кара-Кыргыз Автономиялык областынын биринчи уюштуруу курултайында Кара-Кыргыз Автономиялык областынын Төрагалыгына шайланган. Ошентип, бүгүнкү эгемен Кыргыз мамлекетинин биринчи Президенти Абдыкадыр Орозбеков болгон десек акыйкат кеп болот. 1926-жылы Кыргыз АССР Борбордук Аткаруу Комитетинин Төрагасы болуп депутаттар тарабынан шайланган. Кыргыз АССР Конституциясын иштеп чыгууга чоң салым кошкон. 1936-жылы Кыргыз ССР Борбордук Аткаруу Комитетинин төрагасы болуп шайланган. 1938-жылы май айында жалган жалаа менен атылган. Сөөгү Ала-Арча көрүстөнүнө түн жамына башка Кыргыз интеллигенциясы (Жусуп Абдрахманов, Төрөкул Айтматов) менен кошо коюлган. 1956-жылы 21-майда партиялык жагынан акталган.

палаталуу Кыргыз ССР Жогорку Совети ишке ашырган. 1993-жылы 5-майда Кыргыз Республикасынын жаңы Конституциясына ылайык Кыргыз ССР Жогорку Совети Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши болуп өзгөрүлгөн.

1938-жылдын 24-июнунда республикада мамлекеттик бийликтин жогорку органы — Кыргыз ССР Жогорку Советине биринчи жолу бүткүл элдик шайлоо болуп, 284 депутат шайланган. 1938-жылы 18-июлда Кыргыз ССРинин Жогорку Советинин биринчи сессиясында Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун председателдигине Асаналы Толубаев[373] шайланган.

Горбачевдук кайра куруу мезгилинде СССРде депутаттарды шайлоонун системасы түп тамырынан бери өзгөрүү менен бирге, Жогорку Советтердин ыйгарым укуктары да кеңейтилген. 1988-жылы 1-декабрда СССР Жогорку Советинин 11-чакырылышынын кезексиз 12-сессиясында "СССРдин Конституциясына (Негизги мыйзам) өзгөртүүлөр жана толуктоолор жөнүндө" жана "СССР эл депутаттарын шайлоолор жөнүндө" мыйзамдары кабыл алынуу менен катар, "Мамлекеттик курулуш тармагында саясий реформаларды ишке ашыруунун мындан аркы кадамдары жөнүндө" токтому кабыл алынган.[374]

373. Толубаев Асаналы (1896-1962) – мамлекеттик жана коомдук-саясий ишмер. ВКП(б)нын XVIII съездинин делегаты (1939), Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун төрагасы (18-июнь 1938-ж. – 22-март 1943-ж.). Кыргыз ССРнин республикалык маанидеги персоналдык пенсионери (1952).

374. ВЫБОРЫ "ПО ГОРБАЧЕВУ". Когда возник замысел политической реформы? http://www.agitclub.ru/vybory/gor89/gor02.htm.

Кабыл алынган мыйзамдар менен чечимдерден кийин шайлоолордун мыйзамдары эле өзгөртүлбөстөн, Советтер Союзунда бийлик органдарынын системасы да өзгөртүлгөн. Кабыл алынган жаңы жоболорго ылайык Жогорку Советтерге депутаттарды шайлоо СССРдин тарыхында биринчи жолу мажоритардык-пропорционалдык жана альтернативдик-атаандаштык негизде өтүүсү чечилген.

1989-жылдын 23-сентябрында Кыргыз ССРинин Жогорку Совети СССР Жогорку Советинин тийиштүү чечимдерине негиздеп, "Кыргыз ССРинин Конституциясына (Негизги Мыйзамга) өзгөртүүлөр жана толуктоолор жөнүндө", "Кыргыз ССРнин эл депутаттарын шайлоо жөнүндө" жана "Кыргыз ССРинин эл депутаттарынын жергиликтүү Советтерине эл депутаттарын шайлоо жөнүндө"[375] мыйзамдарын кабыл алуу менен, Кыргызстанда жаңы Конституциялык реформага жол ачылып, натыйжада Кыргыз ССРинин Жогорку Совети өзгөчө статуска ээ болуу менен бирге, такай мыйзам чыгаруучу, тескөөчү жана контролдоочу мамлекеттик эң жогорку бийлик органына айланып, ошого жараша полномочиеси да кеңейтилген.

Кыргыз ССРинин Конституциясына ылайык шайлоо системасынын абалы да түп-тамырынан бери өзгөртүлгөн. Шайлоолорду өткөрүүнүн жаңы мыйзамы боюнча эл депутаттарына кандидаттарды көрсөтүүдө чектөөлөр алынып салынган. Кыргыз ССРинин Жогорку Советинин XII чакырылышына (1990-ж.) чейин депутаттыкка кандидаттар райондук жана областтык партиялык уюмдар тарабынан

375. Ведомости Верховного Совета Киргизской ССР. - 1989. - №17. С. 135, 137, 138.

тандалып, алардын тизмелери Кыргызстан Коммунисттик партиясынын Борбордук Комитетинде электен өткөрүлүп, кимдин кайсы округдан депутат болору күн мурунтан республикалык партиялык жыйында бекитилип чечилгенден кийин, алардын тизмеси ММКга жарыяланып, шайлоодо альтернативасыз, жалгыз талапкер катары шайлоо тизмесине киргизилип келген.

Партиянын "бакма" талапкерлери шайлоодо дайыма 98 – 99%дан жогору добушка ээ болуп келишкен. А кокус шайлоо округдарынан 97 – 98%дан кем добушка ээ болуп калса, тийиштүү партиялык-советтик жетекчилер керт баштары менен жооп беришкен. Мындай формалдуу шайлоолорду өткөрүү, айрыкча, "сенектик" мезгилден башталып, көнүмүш адатка айланган. Эл депутаттыгына партиянын "элегинен" өткөн талапкер шайлоочулар менен жолугушуу учурларында, бийлик тарабынан күн мурунтан даярдалып, пландалган бирин-серин "наказдарды" убада катары беришип, формалдуу түрдө өздөрүнө "милдеттенме" катары алышкан.

СССР мезгилинде шайлоо компаниялары формалдуу өткөрүлгөнүнө карабай, советтик шайлоочулардын шайлоодо добуш берүүгө карата активдүүлүгү болуп көрбөгөндөй жогору болуп, добуш бергендердин саны 97 – 99%дан кем болгон эмес. Албетте, шайлоо өнөкөтүн өткөрүү түздөн-түз КПССтин көзөмөлүнүн астында өткөрүлгөн. Шайлоо белгиленген күнү шайлоо участкаларында элге керектүү товарлардын жана азык-түлүктөрдүн ярмаркалары уюштурулган. Соода түйүндөрү элге керектүү дефицит товарларды чыгарышкан. Шайлоо участкаларында майрамдык маанай тартууланып, музыка

жаңырып, ыр жана бийдин коштоосунда салтанаттуу өткөрүлүп келеген.

1989-жылдын 26-мартында СССР Жогорку Советине өткөрүлгөн эл депутаттарын шайлоо СССРдин тарыхында акыркы шайлоо катары эсте калды. Горбачевдук шайлоо системасы түп-тамырынан бери өзгөртүлгөндүгүнө байланыштуу, шайлоочулардын шайлоого жана талапкерлерди тандоого болгон мамилелери кескин өзгөрүп, калктын саясий активдүүлүгү болуп көрбөгөндөй өскөн. Шайланышкан эл депутаттарынын курамы мурдагыдай партиялык тизмедегилер менен толукталбастан, советтик түзүлүшкө каршы диссиденттердин жоон тобу да мандатка ээ болгон.

СССР Жогорку Совети формалдуу түрдө мамлекеттин коллегиалдуу башчысы болуп эсептелген (сессиялардын ортосундагы мезгилде Жогорку Советтин функцияларын анын Президиуму аткарган). 1989-жылдан тартып СССР Жогорку Советинин Председатели жалгыз мамлекеттин башчысы, 1990-жылдан тартып СССРдин Президенти болгон. 1991-жылы 5-сентябрда СССРдин эл депутаттарынын V съездинде «Өткөөл мезгилде СССРдин мамлекеттик бийлиги жана башкаруу органдары жөнүндө» мыйзамы кабыл алынып, СССРдин Президенти М.Горбачевдун сунушу менен съезд, иш жүзүндө, өзүн өзү таркаткан.[376]

376. V Съезд народных депутатов СССР. https://ru.wikipedia.org/wiki/V_%D0%A1%D1%8A%D0%B5%D0%B7%D0%B4_%D0%BD%D0%B0%D1%80%D0%BE%D0%B4%D0%BD%D1%8B%D1%85_%D0%B4%D0%B5%D0%BF%D1%83%D1%82%D0%B0%D1%82%D0%BE%D0%B2_%D0%A1%D0%A1%D0%A1%D0%A0#cite_note-Torkunov-5

Кабыл алынган мыйзамдарга ылайык 1990-жылдан баштап Кыргыз ССРинин Жогорку Советинин эл депутаттыгына талапкерлерди көрсөтүү КП БКнын тандалма тизмелеринен башка, биринчи жолу депутаттыкка кандидаттарды жылдыруу укугу эмгек коллективдерине, коомдук уюмдарга: согуштун жана эмгек ардагерлеринин уюмдарына, аялдар комитеттерине, керек-жарак коомдоруна жана шайлоочулардын жашаган жериндеги айылдык, кварталдык жыйындарга берилген.

Ал эми республикалык Жогорку Советтин эл депутаттыгына "алдыңкы саанчы", 100 тубар койдон 100%дан эгиз төл алган "белгилүү чабан" жана мыкты жумушчу деген партиянын тизмеси менен шайлануучу норма алынып салынган. Конституциянын жаңы, өзгөрүүсүндөгү көрсөтүлгөн норма боюнча Өкмөт мүчөлөрү, жергиликтүү Советтердин аткаруу комитеттеринин мүчөлөрү (Председетелдеринен башкасы), ведомстволордун жетекчилери, соттор жана мамлекеттик арбитрлер депутат болуу укугунан ажыратылган.

Конституцияга ылайык Кыргыз ССРинин Жогорку Совети республикадагы эң жогорку мамлекеттик бийлик органы болуп эсептелип, бирок такай иштөөчү орган болбой, мыйзам боюнча Жогорку Советтин кезектеги сессиялары жылына экиден кем эмес өтүп туруусу каралган. Кыргыз ССРинин Жогорку Советинин Президиуму сакталып калып, Жогорку Советтин сессиялар аралык жумуштары жана сессияда бекитилген функциялардын негизинде Президиум өзүнүн ишин жүргүзгөн.

Дагы бир жаңылык болуп, Конституциялык көзөмөлдөө комитети түзүлүп, анын курамы жана

комитеттин мүчөлөрү Жогорку Советтин сессиясында он жылдык мөөнөт менен шайланган. Комитеттин ыйгарым укуктарына, негизинен, Жогорку Советтин мыйзамдык актыларынын, чечимдеринин жана мыйзамдардын долбоорлорунун мыйзамдуулуктарын, ошондой эле Министрлер Советинин чечимдеринин жана башка жергиликтүү Советтердин жана мамлекеттик органдардын чечимдеринин мыйзамдуулугун текшерип, чечим кабыл алууга укуктуу болгон.

Кыргыз ССРинин Жогорку Советинин XII чакырылышына эл депутаттарын шайлоосу 1990-жылдын 25-февралына дайындалган. Кыргыз парламентинин тарыхында өзгөчө шайлоо болору күн мурунтан белгилүү болуп калган. Бул шайлоонун жүрүшүнө, албетте, бир жыл мурдагы, 1989-жылдын мартында альтернативдик негизде болуп өткөн СССРдин Жогорку Советине эл депутаттарын шайлоолору чоң таасирин тийгизген. Анда шайлоочулардын активдүүлүгү болуп көрбөгөндөй жогору болгон жана депутаттык мандат үчүн талапкерата-аандаштар менен аларды колдогон топтор ортосундагы күрөш аябагандай курч өткөн. Бул шайлоо совет өлкөсүндө өкүлчүлүк демократиясынын өнүккөнүнөн кабар берип, анын бир канча кадам алга кеткенин ырастайт.

Эл депутаттыгына талапкерлер шайлоо алдындагы өздөрүнүн программалары менен жолугушууга чыгуулары, алардын келечектеги ишмердүүлүгүнө чоң таасирин тийгизген. Өкүлчүлүк органында биринчи жолу ар кандай фракциялар, коомдук группалар, блоктор жана бирикмелер түзүлүүсүнө шарт түзүлгөн. Саясий плюрализмдин,

эркиндиктин жана демократиянын келүүсү менен, республикада шайлоо кампаниясынын кеңири форматта өтүүсүнө мүмкүнчүлүк түзүлгөн.

Кыргыз ССРинин Жогорку Кеңешине эл депутаттарын шайлоону өткөрүү боюнча Борбордук шайлоо комиссиясы уюштурулуп, анын составына 15 киши бекитилген. Комиссиянын председателдигине тажрыйбалуу партиялык жана советтик кызматкер М.И.Ибраев шайланган.[377] Жогорку Кеңешке эл депутаттарынын шайлоосун өткөрүү үчүн республика 350 бир мандаттуу территориялык шайлоо округдарга бөлүнүп, ар бир округда округдук шайлоо комиссиялары түзүлгөн.

Эл депутаттыгына талапкерлерди көрсөтүү процесси башталып, бийлик тарабынан күн мурунтадан даярдалган партиялык-советтик кызматкерлер өздөрүнүн талапкерликтерин көрсөтүүсү башка коомдук уюмдарга жана эмгек жамааттарына да түрткү берип, өз кандидаттарын жылдырышкан. Республика боюнча 350 мандаттык орунга 1040 талапкер көрсөтүлүп, анын 878и эл депутаттыгына талапкер болуп округдук шайлоо комиссиясынын катоосунан өткөн.[378]

Шайлоо алдындагы депутаттыкка кандидаттардын күрөшү массалык маалымат каражаттары аркылуу кеңири чагылдырылып берилүүсү шайлоонун демократиялашкан процесси канчалык деңгээлде жүргүзүлүп жатканын аныктаган. Талапкерлер арасында, саясий упай топтоо максатында,

377. Шеримкулов М.Ш. Парламент независимого Кыргызстана. -Б.: КГУ. 1998. С.240.

378. Газ.:" Советская Киргизия". 7-март, 1990.

ишке ашпаган куру убадаларды берүү менен шайлоочуларды өзүнө тартууга аракет жасашкан куру чечендер да болгон. Калктын саясий активдүүлүгү өсүп, талапкерлер менен жолугушуулары кызуу талкуулар менен жүргүзүлгөн.

Ал эми шайлоочулардын шайлоого катышуусу өтө жогору болгондугу катталган. 1990-жылдын 25-февралындагы добуш берүү күнүндө, тизмеге киргизилген шайлоочулардын 91,9%ы катышканы белгилүү болгон. 84 шайлоо округунда кайра добуш берүү менен, башкача айтканда, экинчи тур менен шайлоо өткөрүлгөн. Ал эми 16 округда кайрадан, жаңы шайлоо болгон.[379] Кыргызстанда шайлоонун эң активдүү жана эң таза өтүүсү тарыхта биринчи жолу болгон жана мындай шайлоо кайра кайталанбай келет.

Кыргыз ССРинин Жогорку Советине шайланышкан депутаттардын үчтөн бири Кыргызстан Компартиясынын он экинчи съездинде бекитилген тизме боюнча шайланышкан, дагы үчтөн бири – комсомолдун жана профсоюздун тизмеси менен 60 – 80-жылдарда өткөрүлүп жүргөн шайлоолордой эле өндүрүштүн жетекчилери, завод-фабрикалардын алдыңкы жумушчулары, саанчы, чабандар жана дыйкандар толуктаган, ал эми калгандары жалгыз мандаттуу округдардан шайланышкан. Жогорку Советтин он экинчи чакырылышындагы эл депутаттарынын катарлары партиялык-чарбалык, илимий жана чыгармачыл интеллигенциянын өкүлдөрү менен катар, өнөр жай ишканаларынын жана

379. Газ.:" Советская Киргизия". 7-март, 1990; Шеримкулов М.Ш. Парламент независимого Кыргызстана. – Б.: КГУ, 1998. – С. 240.

айыл чарба секторунун өкүлдөрү менен толукталган.[380]

Жогорку Советтин эл депутаттарынын составы 14 улуттун өкүлдөрүнөн түзүлүп, депутаттардын жалпы санынын 81%ын биринчи жолу шайланышкандар түзгөн. КПССтин мүчөлөрү дале басымдуу көпчүлүк болуп, алардын саны 306 же 89,5%ын түзгөн. Депутаттык корпустун составында 107 партиялык-советтик чиновниктер болгон, 27 аял, илим жана билим берүү тармагынын өкүлдөрүнөн 22, саламаттыкты сактоо кызматкерлеринен 11 киши, маданият жана искусство тармагынан 5 инсан, массалык маалымат каражаттарынын өкүлдөрү 4, укук коргоо органдарынан 9, аскер кызматкерлеринен 8 киши болушкан. Жогорку Советтин он экинчи чакырылышынын сандык жана сапаттык курамы мурдагы чакырылыштардан кескин айырмаланган[381].

Кыргыз ССРинин Жогорку Советинин 12-чакырылышына шайланып келишкен депутаттардын сапаттык курамы, башкача айтканда, билиминин жана кесиптик даярдыгынын деңгээли жетишээрлик жогору экендиги менен айырмаланган. Маселен, жогорку билимдүү депутаттар парламенттик корпустун 79,5%ын, орто билимдүү депутаттар парламентарийлердин жалпы санынын 20,2%ын түзгөн. Калган 0,3%ы башталгыч билим-

380 Год 1994. Минус правительство и парламент, плюс герб и паспорт. 09:14, 3 Марта 2016. http://www.nlkg.kg/ru/projects/soviet-kyrgyzstan/god-1994-minus-pravitelstvo-i-parlament_-plyus-gerb-i-pasport

381. Караңыз: Шеримкулов М.Ш. Парламент независимого Кыргызстана. – Б.: КГУ, 1998. – С. 240 – 241.

дүү, башкача айтканда, бир депутатка туура келген. Ошол эле учурда депутаттардын 8%дан ашыгында илимий даражасы болгон. Анын ичинен 9 илимдин докторлук жана 21 илимдин кандидаттык наамы бар депутаттар болгон.[382]

Бул өкүлчүлүк орган жогорку билимдүүлөрдүн көбүрөөк келгени менен айырмаланып, депутаттардын 79,5%ы же 272 киши жогорку маалыматтуулар, анын ичинен 30унун илимий даражасы болуп, интеллигенциянын өкүлдөрүнүн санынын өскөндүгү байкалса, ошол эле мезгилде өнөр жай ишканаларынын жумушчуларынын жана агроөнөржай тармагынын кызматкерлеринин саны кыскарган. Альтернативдик шайлоодо аялдардын саны да азайган. Ошентип, депутаттык мандат үчүн күрөшүүдө эркин, альтернативдик жана көп талапкерлердин арасынан атаандаштарын жеңип чыгуу жеңилге турбагандыгы белгилүү болгон.

1990-жылы 10-апрелде Кыргыз ССРинин Жогорку Советинин он экинчи чакырылышынын биринчи сессиясы өз ишин баштап, сессия башталган күнгө чейинки шайланышкан 342 депутат, анын ичинен атайын партиялык квота менен дайындалган 100 орун, калган 242 орун жеке мандаттуу альтернативдик округдардан шайланышкан депутаттардын полномочиелерин тааныу чечими кабыл алынган. 8 округдун шайлоосу жыйынтыктала электигине байланыштуу, алар кийинкиге калтырылган.

382.Новикова Е.А. Интеллигенция в парламенте Кыргызской Республики: Исторический ракурс вестник крсу. 2011. Том 11. № 6. – с. 52.

Конституцияга ылайык Жогорку Советтин Президиумунун Председателдигинин кызмат орду жоюлганына байланыштуу Жогорку Советтин председателдигине Компартиянын Борбордук Комитетинин биринчи катчысы болуп А.Масалиев шайланган. Партиялык жана мамлекеттик эң жогорку бийликти бир кишинин колуна топтоо салты жогортодон, мурдатан Л.Брежневден жана М.Горбачевдон башталып, бардык союздук республикалардын партиялык лидерлери Жогорку Советтердин Председателдине шайлануулар жайылтылган.

Ушул эле сессияда Жогорку Советтин председателинин орун басарлыгына М.И.Логвинов шайланган. Сессия мындан тышкары тогуз туруктуу комиссия жана Жогорку Советтин Президиумун түзүп, анын составына Жогорку Советтин председатели жана анын орун басары, ошондой эле тогуз комиссиянын председателдери кирген. Туруктуу комиссиялардын такай иштөөсү үчүн сессия экиден депутатты: бири комиссиянын председателдигине, экинчиси орун басарлыгына шайланышкан.

Жогорку Советтин Председатели ээлеген кызматына ылайык мамлекет башчысы эсептелинип, конституция боюнча анын полномочиеси да абдан кеңейтилип, өлкөнүн ички жана тышкы саясатын жүргүзгөн. Мындан сырткары анын конституциялык укуктарына ылайык: өзү жетектеген мыйзам чыгаруу органынын иштерин уюштуруу; парламенттин сессиясынын жыйындарын алып баруу; Жогорку Советтин Президиумунун ишине жана анын аппаратына жетекчилик кылуу милдеттери жүктөлгөн.

Кыргыз ССРинин Жогорку Советинин жетекчи органдарына шайлоолор жүрүп жаткан мезгилде, айрым депутаттар маселе көтөрүшүп, сессиянын аягына чейин республиканын Президентин шайлоо боюнча жана президенттик институтту киргизүү үчүн республиканын Конституциясына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү сунуштары менен чыгышкан. Айрым депутаттар бул маселенин терең изилденип, кийинки сессияларда кабыл алынуусун сунушташкан. Президенттик кызмат орунду киргизүүгө туруктуу каршылык көрсөткөн республиканын жетекчиси А.Масалиев болгон. Ал сессияда: "Биздин оюбузча, бизге азыр Президенттин кереги жок". "Бул - тамаша маселе эмес. Бизге Президенттин кереги жок", – деген.[383]

А.Масалиев өзүнүн позициясын мындайча негиздеген: "Биз бул маселени талкууладык, биздин чакан республикабыз үчүн Президенттин кереги жок, анын айрым полномочиелерин Жогорку Советке берүү керек жана бул боюнча биз бул маселени азырча токтотолу. Бул маселе боюнча биз көрүнүктүү юристер менен акылдаштык. Алар биздин мындай позициябызды туура деп эсептешет".[384]

Демократиялык маанайдагы депутаттар кошуна Өзбекстанда И.Каримов Президент болуп шайланганын, Казакстанда даярдык көрүлүп

383. Караңыз: Шеримкулов М.Ш. Парламент независимого Кыргызстана. -Б.: КГУ. 1998. С. 253; См.: Первая сессия Верховного Совета Киргизской ССР двенадцатого созыва. Стенографический отчет (на кырг яз.). -Ф. 1990. С. 55. 162.

384. Первая сессия Верховного Совета Киргизской ССР двенадцатого созыва. Стенографический отчет (на кырг яз.). – Ф. 1990. – С. 162; Шеримкулов М.Ш. Парламент независимого Кыргызстана, С.253.

жатканын мисалга келтирүү менен, Президенттик институтту киргизүүнү эртелетүү керектигин сессиядан талап кылышкан. Бирок сессияда көпчүлүк депутаттардын каршы болуусу менен, бул маселе колдоо таппай, өтпөй калган.

Жетекчилердин чечкинсиздиги, кырдаалга карата чечим кабыл ала албай, Москвадан көрсөтмө күтүп кылчактаганы, көпчүлүк депутаттарды эле эмес, радио-теле берүүнү үзбөй угуп, көрүп отурган элдерди да иренжитип, бийлик өзүнүн кадырын, рейтингин жогото баштаган. Ошентсе да бул маселе сессиянын күн тартибинен алынып салынган эмес. Депутаттардын басымдуу көпчүлүгү учурдагы кырдаалга баа бергенге даяр эмес болуп, саясий активдүүлүгү али бышып жетиле электиги байкалган.

Жогорку Советтин аппараты жетимиш кызматкерден[385] туруп, алардын милдеттерине: мыйзам чыгаруу органынын бардык иш аракеттерин камсыз кылуу; парламенттин сессиялык жана сессиялар аралык иштерин жүргүзүү; Жогорку Советтин Президиумунун жана туруктуу комиссиялардын иштери, ошондой эле шайлоочулардын эл депутаттарынын ар бирине берилген наказдарын ирети менен аткаруу жүктөлгөн. Жогорку Советтин уюштуруу иштери, башкача айтканда, "кара" жумуштары толугу менен аппараттын жетимиш кызматкерине жүктөлгөн.

Конституцияга ылайык сессия республикалык өкмөттү түзүп, Кыргыз ССРинин Министрлер

385.http://www.easttime.ru/analytics/kyrgyzstan/rol-legendarnogo-parlamenta-v-stanovlenii-suverennoi-kyrgyzskoi-respubliki-chas

Советинин Председателдигине А.Жумагуловду бекиткен. А.Жумагулов өкмөт башчысы болуп шайланганга чейин эле ушул кызматты аркалап келген тажрыйбалуу, өтө этият жетекчи болгон.

Кыргыз ССРинин Жогорку Советинин он экинчи чакырылышынын эл депутаттары төрт жыл ичинде 14 жолу сессия өткөргөнгө жетишишип, миңге жакын ар кандай маселелерди карашкан. СССР жоюлганына байланыштуу кыргыз парламенти 148 жаңы улуттук мыйзамдарды кабыл алып, 105 жаңы жана мурда кабыл алынган мыйзамдарга өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизип, 964 токтомдорду бекиткенге жетишкен.[386]

1990-жылдын апрелинен 1994-жылдын сентябрына чейин иштеген он экинчи чакырылыштагы Кыргыз ССР Жогорку Советинин (1993-жылдын май айынан тартып — Жогорку Кеңеш) эл депутаттарынын эгемендиктин пайдубалын түптөлүүсүнө чыгармачылык менен кошкон салымын баалоо кыйын. Советтик доордун акыркы жылдарынын шарттарында жана союздун мыйзамдарынын негизинде түзүлгөн парламент жаңыдан түптөлө баштаган Кыргызстандын эгемендүү мамлекет катары иш алып барышынын укуктук негизин камсыз кылган көптөгөн тагдыр чечүүчү, фундаменталдык чечимдерди кабыл алган.

Жогорку Советтин XII чакырылышынын эл депутаттарынын курамы, жалпысынан, сапат жагынан алганда билим деңгээли да, саясий жана профессионалдык даярдыктары да мурдагы чакырылыштардын депутаттык курамдарына салыш-

386.История кыргызского парламента. 15-06-2017. http://www.kenesh.kg/ru/article/show/38/kirgiz-parlamentinin-tarzhimali

тырмалуу алда канча жогору болгон. Депутаттык мандат үчүн күрөштө алардын көпчүлүгү саясий, социалдык-экономикалык жана маданий жактан даярдыктары бар, ар тараптуу такшалышкан талапкерлер тандалып, жеңишке жетишкен.

Депутаттардын басымдуу көпчүлүгү КПССтин мүчөлөрү жана мүчөлүгүнө кандидаттар (89,5%)[387] экендигине карабастан, адамзаттын тарыхында кылымда, а балким миң жылда бир жолу кабыл алына турган тарыхый чечимдерди ишке ашыруу вазийпасы дал ушул XII чакырылыштын депутаттарынын тагдырына туш келип, ал милдеттерди эң жогорку деңгээлде, абийирдүүлүк менен аткарышкан.

1991-1994-жылдары «легендарлуу парламент» кыргыз мамлекеттүүлүгү үчүн тагдыр чечүүчү, эң маанилүү болгон чечимдерди кабыл алган: Мамлекеттик көз карандысыздыгы жөнүндө Декларация (декабрь 1990) жана Коммунисттик партиянын ишмердүүлүгүнө тыюу салуу жана анын мүлкүн улутташтыруу жөнүндө Декрет, Кыргыз мамлекетинин көз карандысыздыгын жарыялоо (1991-жылдын 31-августу); Эгемен Кыргызстандын биринчи Президентин шайлоо (1991); Кыргыз Республикасынын жаңы Конституциясы (1993-жылдын 5-майы); улуттук валютаны – сомду жүгүртүүгө киргизүү жөнүндө (1993-жылдын 3-майы). Мындан тышкары Кыргызстандын мамлекеттик символ-

387. Караңыз: Шеримкулов М.Ш. Парламент независимого Кыргызстана. – Б.: КГУ, 1998. – С. 240 – 241; Год 1994. Минус правительство и парламент, плюс герб и паспорт. 09:14, 3 Марта 2016.http://www.nlkg.kg/ru/projects/soviet-kyrgyzstan/god-1994-minus-pravitelstvo-i-parlament_-plyus-gerb-i-pasport

дорун: желегин (1992-жылдын 3-марты); гимн (1992-жылдын 18-декабры) жана гербди (1994-жылдын 14-январы) кабыл алган.[388]

Жогорку Советтин он экинчи чакырылышынын биринчи сессиясынын күн тартибине Кыргыз ССРинин негизги мыйзамына – Конституциясына өзгөртүүлөр жана толуктоолор жөнүндө маселе да киргизилген. Кептин бардыгы СССРдин жана союздук республикалардын, анын ичинде Кыргыз ССРинин Конституциясынан 6-статьяны – КПССтин жетектөөчү ролун алып салуу маселеси көтөрүлгөн.

1990-жылдын башында, союздук республикалардын Жогорку Советтерине шайлоолор жүрүп жаткан мезгилинде, айрыкча, Москва жана Ленинград шаарларында өтүп жаткан жыйындарда, саясий дискуссияларда СССРдин Конституциясынан КПССтин жетектөөчү ролун алып салуу маселеси курч көтөрүлүп, митингдерде жалпы массанын колдоосуна ээ болгон.

СССРдин Жогорку Советинде эл депутаттарынын ичинен радикал-демократтар биригишип, региондор аралык депутаттык (РАД) тобун түзүшүп, анын тең төрагалары болуп: Б.Ельцин, А.Сахаров, Ю.Афанасьев, Г.Попов, В.Пальмдар шайланышкан. Жогорку Советтин съездинде бул топ СССРдин Конституциясынан 6-статьяны алып салуу маселесин курч көтөрүшүп чыгышкан. Союздун ири

388. Шеримкулов М.Ш. Парламент независимого Кыргызстана. – Б.: КГУ, 1998. – С. 244; УКУШОВ Мурат «Легендарный» парламент. (апрель 1990г. — сентябрь 1994г.). http://www.pr.kg /gazeta/number438/743

шаарларында, айрыкча, борбордо митингдерди жана ар кандай саясий акцияларды уюштуруш-кандардын ана башында ушул топтун мүчөлөрү жана демократ-саясатчылар турушкан. Съездде, митингдерде "Жогорку Совет БКдан жогору, эл депутаттарынын съезди партиянын съездинен жогору!" – деген чакырыктар массанын бүйүрүн кызыткан.

1990-жылдын февралда КПСС БКнын Пленуму болуп, кызуу талкуудан соң партиянын монополиялык бийлигинен баш тартуу чечими кабыл алынган. Жогорку жана жергиликтүү советтерге болгон шайлоолордо мындан ары көп партиялуулук системасынын рамкасында бийлик үчүн күрөшүүгө кеңири жол ачылган. 1990-жылдын мартында СССРдин эл депутаттарынын кезексиз чакырылган Үчүнчү Съездинде СССРдин Конституциясынан 6-статья алынып салынган. Ушул эле кезексиз Үчүнчү Съездин негизги маселеси болуп СССРде Президенттик бийлик институтун киргизүү чечими кабыл алынган. Конституция боюнча СССРдин Президенти мамлекет башчысы болуу менен, анын полномочиеси абдан кеңейтилип, бүткүл элдик добуш менен шайлануусу киргизилген.

Демек, борбордо чечилген маселени республикалык деңгээлде мыйзамдаштыруу салты менен республикалык Жогорку Советтин сессиясында Конституцияга өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизүү маселеси каралып, эл депутаттарынын кызуу талкуулоолорунан жана талаш-тартыштардан кийин Конституцияга өзгөртүү киргизилип, анын жаңы редакциясы кабыл алынып, каргашалуу болгон 6-статья алынып салынып, Кыргызстандын

Коммунисттик партиясы жетекчилик жана багыт берүүчүлүк ролунан ажыратылган.

1989-1990-жылдар СССРдин, анын ичинде Кыргыз ССРинин тарыхында кескин бурулуш мезгил болду. Горбачевдук "кайра куруу", "айкындуулук", "тездетүү", "больше социализма" (социализмдин молдугу, арбындыгы), "больше демократии" (демократиянын арбындыгы) жана башка реформалардын жыйынтыгы Советтер Союзун башкарууга мүмкүн болбой турган деңгээлге алып келген. 1990-жылы союздук республикалардын Жогорку Советтерине өткөрүлгөн демократиялык-альтернативдик шайлоолор калыптаныш калган советтик коомдогу жашоону түп-тамырынан бери өзгөрткөн. Шайлоолордун жыйынтыгы депутаттык корпустарда радикалдуу өзгөрүүлөргө алып келген. Союздук айрым республикаларда, мисалы: Латвияда, Литвада, Эстонияда, Грузияда жана Арменияда Коммунисттик партиядан көрсөтүлгөн талапкерлер толугу менен жеңилүүгө учуроосу[389] союздагы саясий күрөштүн андан ары курчушуна түрткү берген.

СССРдеги саясий жана социалдык-экономикалык кырдаалдын кардиналдык өзгөрүүлөрү КПССтин "шал" болуу процессин тездетти. Катары 20 миллион монолиттик деп эсептелген КПСС 1990-жылдары майдаланып, ар кандай саясий агымдарга топ-тобу менен кире баштаган. Демек, коммунисттердин миллиондогон мүчөлөрү КПСС БКнын Саясий Бюро мүчөлөрүнөн тартып колхоздук деңгээлдеги майда чиновниктерге чейин коммунисттик идея үчүн партияга мүчө болбостон, керт башынын

389. Всемирная история - Новейший период (1939-2007 гг): СССР от застоя к распаду. http://ukrmap.su/ru-wh11/1308.html.

кызыкчылыгы, карьера үчүн партиянын катарына коррупциялык, ар кандай булганыч жолдор менен жалаң митаамдар, мансапкорлор, саткын элементтер өтүшкөнүн партиянын абалы оордоп турганда далилденген.

Эл ичинде партиянын мүчөлөрүн бекеринен экиге бөлүп караган эмес тура: **коммунисттер** жана **партократ-карьеристтер** деп. **Коммунисттер** - булар Ленин менен Сталин башында тургандар. Алар коммунисттик улуу идеяны ыйык тутуп, ал үчүн ойлонбой туруп жанын кыйганга даяр адамдар. **Партократ-карьеристтер** – Хрущев менен Брежнев башында турган майда буржуазиялык көз караштагылар. Алар үй-бүлөлүк, жеке кызыкчылыгына кам көргөндөр. Лжекоммунисттик агымдын башаты Хрущевдон башталып Брежнев мезгилинде апогейине жеткен. Лжекоммунисттик идеологиянын түшүмүн жыйнашкан **карьерист (коньюктурщик)-партократтар** – Горбачев менен Ельциндин мезгилиндегилер эсептелет. Бул топтогулар өтө коркунучтуу, анткени алар коррупциялашкан, мансапкор, ач көз жана жеткен мытайым, максатына жетүү үчүн мамлекетти эле эмес, үй-бүлөсүн да курмандыкка чалган, өзүнүн кызыкчылыгынан башка ыйык эч нерсе жоктор болушкан. Большевиктик идеология өзгөрбөгөн, катып калган идеология эмес, ал дайыма өнүгүп турууга муктаж болгон илим, дүйнөлүк интеграциялык өнүгүү процессине карата бул илимди өнүктүрүп, өстүрүп, ага өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү менен мамиле жасаса болмок. Тилекке каршы, большевиктерден баштап бийликке мектепти бүтпөгөн, сабатсыз, демагогиялык принципти туу туткандар келишкен.

Легендарлуу парламенттин депутаттарынын толук кандуу иштөөсүнө тоскоол болуп, алардын мөөнөтүнөн мурда таркатууга А.Акаев президенттик бардык мүмкүнчүлүгүн пайдаланган. Анын бирденбир, негизги себеби болуп Кумтөр алтын кенин иштетүү боюнча А.Акаевдин түздөн-түз көрсөтмөсүнө ылайык, эч кандай тендерсиз, мыйзамды одоно бузуу жолу менен чет өлкөлүк "Камеко" (Канадалык) компанияга жеке кызыкчылыгын көздөө менен өкмөттүк келишим түзүлгөндүгү болгон. ЖКтин Т.Усубалиев башында турган депутаттык комиссиясы КРнын өкмөтү "Камеко" корпорациясы менен түзүлгөн келишим коррупциялык кызыкчылыктардын негизинде түзүлгөнүн, анын себебинен эгемендүүлүккө жаңыдан ээ болгон Кыргыз Республикасы өтө чоң экономикалык-финансылык зыянга кириптер кылганын көтөрүп чыккан. Алтын келишими эл аралык деңгээлде чоң чырга айланарын туйган Акаев мөөнөтүнөн мурда Жогорку Кеңешти күчкө салуу менен мыйзамсыз таркатып, депутаттык комиссиянын айрым "ээн баш" мүчөлөрүн куугунтукка ала баштаган.

Жогорку Кеңештин төрагасы М.Шеримкулов алдын ала Акаев менен макулдашкандыктан кезексиз сессияга чакырылган депутаттарды чогултууга эч кандай аракет жасаган эмес. Шеримкулов саясий карьерасында бийлик башындагылардын туура эмес жүргүзгөн иштерине каршы эч качан иш жүргүзгөн эмес. Ал кызмат орду жогорулардын тапшырмасын дайыма кыйшаюусуз аткарып көнгөндүктөн, президенттин аракетине каршы турууга

алсыздык кылган. Төраганын чечкинсиздигинен Жогорку Кеңештин сессиясында Кумтөр маселеси каралбай, парламент таркатылган.

Жогорку Кеңештин сессиясы өтпөй, кризиске учуроосун "Кумтөр" алтын кени боюнча депутаттык комиссиянын төрагасы, профессор Ш.Мамбетов мындайча эскерет: "Акаев алтын маселесин кароого каршы турду. Бул ишти иликтеген комиссиянын курамына тогуз депутат киргенбиз: Турдакун Усубалиев, Кубанычбек Идинов, Рамазан Дырылдаев, Бейше Молдогазиев, Анатолий Ежов, Жамал Ташибекова, Бекмамат Осмонов ж.б. "Алтын комиссиясы" 9 ай бою иштеп, ийне-жибине чейин баарын изилдеп чыкты. Справка даяр болду. Акаевдин күнөөсү талашсыз аныкталды.

Мен Жогорку Кеңештин спикери Медеткан Шеримкуловго кайрылып: "Биз ишти бүттүк. Президент менен премьер-министрдин катышуусунда отчетту кантип угасыңар?" – дедим. Ал президентке чуркап, барып келип: "Келгиле, үчөөбүз угалы" – деди. Төртүнчү күн болчу. Жума күнү Шеримкулов: "Президент даярдалган материалдарды баарына таратууну суранып жатат", – деди. Мен макул болуп баарына таратып бердим. Ал эми дүйшөмбү күнү президент "Эл мага ишенеби?" деген суроону койгон референдум жарыялады. Менимче, ал коркуп кеткен. Анан мен Шеримкуловго барып: "Демек, силер отчетту укпайт турбайсыңарбы. Мен маселени сессияга алып чыгам", – дедим. Ал эми сессия болбой калды. Акаев амалкөйлүк кылып,

Турсунбек Чыңгышевди[390] (ошол кездеги премьер-министр) садага чаап, өкмөттү отставкага кетирүүгө буйрук берип, кутулуп кетти. Мен кырдаалды талдап чыктым. Чындыгында өкмөттү президент башкарат. Андыктан жоопкерчиликти президент алышы керек болчу. Анын кызматтан кетишине толук негиз бар болчу".[391]

Ал эми легендарлуу парламенттин төрагасы Шеримкулов маалымат каражаттары аркылуу өзүнүн эскерүүлөрүн мындайча бөлүшөт: "Легендарлуу парламентти Акаев таратканын элдин баары айтып жүрүшөт. Ал эми аны эч ким тараткан эмес. Депутаттардын ыйгарым укуктарын токтотуу жөнүндөгү президенттин жарлыгы чыккан эмес. Жогорку Кеңештин өзүн өзү таратуу боюнча чечими да жок болгон. Болгону, депутаттарды адегенде басма сөздөрдө каралап, анан күзгү сессияга киргизбей коюшкан. Кворум болбой калган. Күч колдонуу менен уруксат берген эмес. Жогорку Кеңештин Президиуму өз ишин аягына чейин аткарган. Ал эми парламентарийлер депутаттык мандаты менен

---

390. **Чыңгышев Турсунбек** (1942-жыл) кыргыз саясатчысы жана мамлекеттик ишмери. Партиянын Кара-Көл шаардык комитетинин биринчи катчысы (1969-80); Кыргызстан КП БКнын бөлүм башчысынын орун басары (1980-89); Партиянын Токмак шаардык комитетинин биринчи катчысы, шаардык кеңештин төрагасы (1989-91); Кыргызстан Министрлер Кабинетинин статс-катчысы (1991-92); Кыргызстандын премьер-министри (1992-ж. февраль – 1993-ж. декабрь). Кыргыз ССРинин Жогорку Советинин 12-чакырылышынын (легендарлуу парламенттин) депутаты. 1992-жылдын 10-февралынан баштап 1993-жылдын 10-декабрына чейин Кыргызстандын премьер-министри болгон.

391. Год 1994. Минус правительство и парламент, плюс герб и паспорт. 09:14, 3 Марта 2016. http://www.nlkg.kg/ru/projects/soviet-kyrgyzstan/god-1994-minus-pravitelstvo-i-parlament_-plyus-gerb-i-pasport

да кере алышкан эмес. Тосмолордон секирип, жыйынга кирип келгендер да болгон. Президент Акаевдин жана аткаруу бийлигинин Жогорку Кеңешти таркатууга духу жетпесин баарыбыз билчүбүз. Бирок бул жерде кризисти тутандыруу жетиштүү болгон.

Эмне үчүн мындай болду? Биринчиден, Акаев жана башкалар сессияда Кумтөр жөнүндө маселе каралат деп коркушкан. Бирок, чындыгында, Акаев "алтын маселесинде" элдин эмес, жалаң өзүнүн жана үй-бүлөсүнүн гана камын ойлогон. Экинчиден, министрлер, депутаттар жана аткаруу бийлигинин кызматкерлери тарабынан кредит алууда жана алардын менчиктештирүүгө катышууларында мыйзамдын одоно бузулуулары жөнүндө маселелер каралмак.

Мен бир нече мисалдарды келтирейин. Союз убагында биринчи жетекчилерге, райкомдун катчыларына, райондук аткаруу комитеттин төрагаларына жана башка мамлекеттик кызматкерлерге атайын үйлөр курулуп келген. Ал үйлөрдүн баарын жаңы иштешкен мэрлер менчиктештирип алышкан. Айрым жетекчилер кызматтык автомашиналарын 125 сомго гана менчиктештирип алган фактылар катталган. Кредит маселесинде чоң мыйзам бузуулар болгон. Чет өлкөдөн келген кредиттер бийликтегилердин, алардын жакындарынын колуна өтүп кеткен. Биздин тышкы карызыбыздын негизи ошол кредиттерде жатат.

...Коррупция болуп көрбөгөндөй темпте жана көлөмдө өсө баштаган. Эң коррупциялашкан эле-

менттер биринчи кезекте бийликтин эң жогорку эшелонунда отурушкан адамдар болгон".[392]

Акаевден кийин президенттикке аттанышкан журт жакшылары алтын кенин улутташтырууга убада беришип, шайланышкан соң элге берген убада унутулуп, алтынга колу жеткен соң, Акаев салган коррупциялык жолго түшүшүп, канадалык алтын жегичтердин адвокатына айланып кетишти. Алтын кенинин чыры "Чубактын кунундай" 30 жылга созулуп, ызы-чуусу дале уланып, алтынчы президентке жүктөлдү. Коомчулуктун басымы менен алтынчы президенттин учурунда "Кумтөр" алтын кени улутташтырылды. Жапаровдук бийлик кенди кимдин кызыкчылыгына кандай иштеринин жыйынтыгын мезгил көрсөтөт.

392. Год 1994. Минус правительство и парламент, плюс герб и паспорт. 09:14, 3 Марта 2016. http://www.nlkg.kg/ru/projects/soviet-kyrgyzstan/god-1994-minus-pravitelstvo-i-parlament_-plyus-gerb-i-pasport

- Цивилизациянын аягы эмне менен бүтөт?
- Мамлекеттин башчысы ачыктан-ачык уурдап, аны эл баатырга айлантканда.
Артур Кларк[393]

КОРРУПЦИЯЛАШКАН, ЧЫРЛУУ КУМТӨР АЛТЫН КЕНИ

1978-жылы Кыргыз ССРинин "Киргизгеология" геофизикалык экспедициясынын геологдору, союздун алдынкы тоо-кен байлыктарын изилдөөчү адистери менен бирдикте, Кумтөрдүн алтын кенин терең изилдешип, андагы алтындын жана башка баалуу металлдар: палладий, калай, вольфрам, күмүш, сымап, сейрек кездешүүчү бериллийлердин запастарынын болжолдуу көлөмдөрүн аныкташкан.

"Кумтөрзолото" долбоору өз аталышын Кумтөр дарыясынан алган. Дайранын жогорку агымында алтындын ири кени болгонун жергиликтүү элге мурдатан эле бегилүү болгон. 1920-жылдардан баштап СССРдин жана Кыргыз ССРинин геофизиктери жана геологдору, атап айтканда, «Кыргызгеология» өндүрүштүк бирикмеси тарабынан Кыргызстандын бардык аймактарында геологиялык чалгындоо иштерин жүргүзүшүп, Кумтөрдө көлөмү

393. Артур Чарльз Кларк (1917 – 2008), англиялык жазуучу.

жагынан эң чоң алтын кени бар экенин аныктташкан.

Кендин негизги запастары жана ресурстары "Центральный" деп эсептелген аймакта жайгашкан. Андан башка 8 флангалык перспективдүү участкалар: "Түштүк – Батыш", "Сары – Төр", "Түндүк – Чыгыш", "Давыдов мөңгүсү", "Лысый мөңгүсү", "Ак-Бел – Боорду", "Ак-Бел – Түштүк", "Кумтөр – Ирташ" дайранын аралыктарында кендин заспастары болгон.

Кумтөрдүн бардык участкаларындагы алтындын запасын эске алганда, геологдордун жана ар кандай категориядагы адистердин (окумуштуулар, тоо-кен өнөр жай тармагынын адистеринин) баалоосу боюнча 953 тоннадан ашуун өлчөмүндө алтындын кору бардыгы аныкталган.[394]

1978-жылы Кумтөр кенин Кыргыз ССРинин геологиялык чалгындоо кызматынын төмөнкү кызматкерлеринин: Осмонбетов К.О., Шибко В.С., Пахолюк В.П., Эрмизин Ю.Ф., Никаноров В.В., Бурцев В.В., Резников Б.А., Ильченко Г.И., Идрисов Н.Р., Кулик А.П., Абдрахманов К.Ш., Усманов М. ж.б. изилдөөлөрүндөгү эмгектери зор.[395]

394..Отчет Государственной комиссии по проверке и изучению соблюдения ЗАО «Кумтор Оперейтинг Компани» норм и требований по рациональному использованию природных ресурсов, охране окружающей среды, безопасности производственных процессов и социальной защите населения. Бишкек, 2013 год. https://mognovse.ru/qqe-bishkek-2013-god.html

395. Справки Временная депутатская комиссия по проверке и изучению соблюдения ЗАО «Кумтор Оперейтинг Компани» file:///C:/Users/Admin/Downloads/2021-06-01_18-51-38_729064%20(1).pdf; Кумтор Оперейтинг Компани - Kaktus.media. https:// data. kaktus. media › file › file › 2021-06-01 ... PDFhttps://www.google.com/ search?q=2021-06-01_18-51_38_729064+ (1).pdf &sourceid=chrome&ie=UTF-8;

1979-жылдан 1983-жылга чейин геологиялык чалгындоо иштеринин биринчи этабы жүргүзүлүп, геодезиялык изилдөөлөр, өтө терең да, кең да эмес казуу менен изилдөө, жер астындагы кенди аныктоо үчүн бургулоо жана штольни иштери аткарылган.

1984 – 1989-жылдары изилдөөнүн экинчи этабында жер астындагы геологиялык чалгындоо иштери деталдуу жүргүзүлгөн. 77 000 метрден ашуун ар кандай геологиялык бургулоо иштери аткарылып, алтындын болжолдуу көлөмү аныкталган. Он жылдык геодезиялык жана геологиялык жүргүзүлгөн иштердин жыйынтыгы менен 1989-жылы СССР Министрлер Советинин алдындагы Кымбат баалуу металлдар жана алмаздар башкы башкармалыгынын "ГИНАЛМАЗЗОЛОТО" институту тарабынан кенди иштетүүнүн биринчи техникалык-экономикалык негиздемесин (ТЭН) иштеп чыккан.[396]

1978-1990-жылдары геологиялык чалгындоо иштерине жана Кумтөрдү коммерциялык иштетүүгө даярдоого 35,0 млн.советтик рубль же ошол мезгилдин эсеби боюнча (1 АКШ доллары = 0,90 рубль) - 38,9 млн АКШ доллары жумшалган.[397]

Кумтор – крупнейший инвестиционный проект Кыргызстана. https://kg.akipress.org/news: 632550

396. КУМТОР. ИСТОРИЯ. https://www.kumtor.kg/ru/deposit/history/

397. Справки Временная депутатская комиссия по проверке и изучению соблюдения ЗАО «Кумтор Оперейтинг Компани» file:///C:/Users/Admin/Downloads/2021-06-01_18-51-38_729064%20(1).pdf; Кумтор Оперейтинг Компани - Kaktus. media.https://data.kaktus.media › file › file › 2021-06-01 ... PDF https://www.google.com/search?q=2021-06-01_18-51-38_729064+(1).pdf&sourceid=chrome&ie=UTF-8;

Бирок Советтер Союзу кенди иштетүү долбоорунун өтө эле кымбаттыгына, өлкөдөгү саясий жана социалдык-экономикалык абалдын туруксуздугуна, ошону менен катар Кумтөр аймагынын уникалдуу экологиясына орду толгус зыян келтирүү коркунучу бар экендигин эске алууга байланыштуу кенди иштетүү 2000-жылга чейин калтырылган.[398]

Аны иштетүүнүн баштапкы болжолдуу наркы 995,4 миллион советтик рублди түзгөн. Бул сумма ошол кездеги 1,46 миллиард АКШ долларына жакын каражат болгон.[399] Советтер Союзу өз мезгилинде бардык пайдалуу кендердин запастарын ишке киргизип, пайдасын көрүүгө шашылган эмес. Көптөгөн кендер "келечек үчүн" консервацияланып, пландуу ишке ашырылган.

ТЭНдин болжолдуу аныктаган маалыматы боюнча Кумтөрдө пайдалуу деп эсептелген баалуу металдардын кору төмөндөгү болжодуу прогноздолгон запастары бар экендиги аныкталган:

716,21 тонна алтын;
388,66 тонна күмүш;
1508,93 тонна теллур;

Кыдырбеков Ишенбай. 12 февраля 2004. Золото со скандалом перемолото https://www.msn.kg/ru/news/5990/

398. Отчет государственной комиссии по проверке и изучению соблюдения ЗАО «Кумтор Оперейтинг Компани» норм и требований по рациональному использованию природных ресурсов, охране окружающей среды, безопасности производственных процессов и социальной защите населения. – Бишкек, 2013. – 8-б.; Курманалиев Капар 2021-12-30 Обзор, анализ эмпирического опыта горного проекта-золоторудного месторождения Кумтор. https://analitika.akipress.org/news:5660/?from=portal&place=nowread&b=2

399. Отчет государственной комиссии по проверке и изучению соблюдения ЗАО «Кумтор Оперейтинг Компани» норм и требований по рациональному использованию природных ресурсов, охране окружающей среды, безопасности производственных процессов и социальной защите населения. – Бишкек, 2013.

55841,21 тонна вольфрам триоксиди ж.б.

Ачык карьерадагы запастары:

316,57 тонна алтын;

145,2 тонна күмүш;

708,8 тонна теллур;

207 000,0 тонна вольфрам триоксиди ж.б.

Жер астындагы запастар:

399,64 тонна алтын;

243,4 тонна күмүш;

803,1 тонна теллур;

35141,23 тонна вольфрам триоксиди ж.б.

Кыргыз Республикасынын экономикасы үчүн баалуу минералдык ресурстардын мааниси эбегейсиз чоң. Кыргызстанда мамлекеттик баланста турган Кумтөр кенинен башка төмөнкү пайдалуу кендердин болжолдуу запастары бар (2013-жылдын 1-мартына карата мамлекеттик баланс боюнча маалыматтар): [400]

Чалгындалган алтындын запасы – 566 тонна (68 кени бар аймак);

Күмүш – 481 тонна (1 кени бар аймак);

Жез – 314500 тонна (9 кен);

Темир – 943 800 тонна (1 кен);

Сымап - 39510 тонна (4 кен);

Флюорит - 2 282 300 тонна;

Калай - 186 761 тонна (2 кен);

400 ОТЧЕТ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ ЗА 2013-2014 ГГ., Б. 2015. – 6-б. https://keitiweb.files.wordpress.com/2017/05/eiti-d0bed182d187d0b5d182-d0b8d0bfd0b4d0be_2013-2014__d184d0b8d0bdd0b0d0bb-1.pdf

Вольфрам - 117 233 тонна (2 кен);

Висмут - 5083 тонна;

Коргошун – 30 000 тонна (3 кен);

Цинк - 17600 тонна (2 кен);

Сурьма – 263 968 тонна (7 кен);

Мышьяк - 65 200 тонна;

Молибден – 2523 тонна (2 кен);

Сейрек кездешүүчү жерлер – жаратылышта сейрек кездешүүчү элементтердин (лантаниоддор, лантан, скандий, иттрий) оксиддер тобунун аталышы – 51500 тонна.

Кыргыз Республикасынын аймагында пайдалуу кендердин олуттуу запастарынын болгондугуна карабастан, алардын бир бөлүгү гана өнөр жайлык негизде өздөштүрүүдө. Бирок республикадагы баалуу кендер акаевдик башкаруудан баштап мамлекеттин экономикасын көтөрүү үчүн эмес, көп мезгилде, бийликтеги уюшулган коррупциялык схема менен журт башчылары баш болгон кенди өндүрүүгө тийиштүү айрым чиновниктердин жеке кызыкчылыгы үчүн иштетилүүдө. Өлкө байлыгына туюнгандар оор жазага тартылмайын казына тономой тыйылбайт шекилди.

Алтын кенинин запасы боюнча Кумтөр дүйнөдө **7-орунда** тургандыктан капиталисттик өлкөлөрдүн эл аралык шылуун-бизнесмендери көз артып, сугу түшүп, союздук жетекчилерге чейин өзөрдүнүн “кызмат көрсөтүүлөрүн” сунушташкан. Бирок кремлдик чиновниктер алардын кылтагына эмнегедир илинген эмес. Горбачевдук башкаруу жылдары СССР каражаттан кыйналып турган мезгил болгон. Ошентсе да совет мамлекети Кумтөр кенин иштетүүгө ашыккан эмес.

Балакеттин баары Советтер Союзу ураган соң, Кыргызстан эгемендүүлүккө жетип, өлкө башына вертолёт менен түшкөн Акаевдин жүргүзгөн иш аракеттерине байланыштуу болгон. Миң жылдап тынч жаткан алтын кенин "жоо куугансып", шашылыш иштетүүгө акаевдик башкаруу командасына эмне түрткү болгон? Кумтөр алтын кенин эч кандай тендерсиз, мыйзамды одоно бузуп, өзүм билемдик менен "Камеко" компаниясына карамата бергендин сыры эмнеде? Акаевдик бийликтин "Камеко" менен жең ичинен, мыйзамсыз түзүлгөн келишими Кыргыз Республикасынын кызыкчылыгына каршы келерин далилдүү материалдар менен көтөрүп чыккан Жогорку Кеңештин Кумтөр алтыны боюнча депутаттык комиссиясынын сунуштары кабыл алынбай, тескерисинче парламент мөөнөтүнөн мурда куулп, таркатылышынын себеби эмне? Кыргызстандын кызыкчылыгын ким коргогон – Акаевдик бийликтин чиновниктериби же Жогорку Кеңештин депутаттарыбы?

Алтындын тегерегиндеги толгон-токой суроолор отуз жылдан бери мамлекет тарабынан такталып, жыйынтык чыгарыла элек. Жакынкы жылдары майнап чыгары да күмөн. Анткени алтын маселесинин козголуусуна каршы турушкан, бийликтин эң жогорку эшолонунда иштешкен, чырлуу, коррупциялык ишке аралашкан, өтө таасирдүү чиновникер турары айдан ачык.

Кыргыз ССРинин Жогорку Советинин XII чакырылышынын депутаттары тарабынан алтын маселесин көтөрүп чыгып, акаевдик бийликтин коррупциялык схема менен түзүлгөн кылмыштуу келишиминин бетин ачууга аракет жасашкандыгы

үчүн Жогорку Кеңеш мөөнөтүнөн мурда, мыйзамсыз таркатылган. Т.Усубалиев башында турган депутаттык комиссиянын Кумтөр алтын кени боюнча чет өлкөлүк компания менен түзүлгөн чуулгандуу келишимдин иликтөөсүнүн жыйынтыгы менен президент Акаевди отставкага кетирүүгө 100% гарантиялуу даярдалган материал болгон.

Кумтөр маселеси Жогорку Кеңештин же президенттин "башын" жутмак, эгерде ЖКнын сессиясында каралганда. Акаев "акылдуулук" кылып, озунуп, Жогорку Кеңештин депутаттарын кезектеги сессияга келүүсүнө каршы туруп, мамлекеттик кызматта иштешкен депутат-мамчиновниктерге "Ормон опузасын" көрсөтүп, түштүктүк депутат-мамчиновниктерди Ошто, аэропортто, самолёттон күч менен түшүргөн. Жыйынтыгында Жогорку Кеңештин кезектеги сессиясы кворум жоктугуна байланыштуу үзгүлтүккө учуратып, искусственолук жол менен парламент өзүн-өзү таратууга мажбур кылган. ЖКнын сессиясынын үзгүлтүккө учуроосуна президент менен жең ичинен макулдашкан ЖКнын төрагасы М.Шеримкуловдун да түздөн-түз тийешеси болгон. Алтындын арбаган касиети менен бийликтин кумарына манчыркаган Акаев канадалык өнөктөштөрү менен коюн-колтук иштешүүсү 2005-жылга чейин уланган.

Чуулгандуу Кумтөр алтынын өндүрүүдөгү президент башында турган уюшулган эл аралык коррупциялык иштин бети ачыларын туйган президент Акаев жеңилүү ызасынан чоочулап, Кыргыз ССРинин Жогорку Советинин (1993-жылдын май айынан Жогорку Кеңеш) XII чакырылышынын депутаттарын мөөнөтүнөн мурда мыйзам-

сыз, кара ниеттик жолдор менен таркоосуна мажбур кылган.

Жогорку Кеңештин он экинчи чакырылышынын депутаттары Кыргыз Республикасынын эгемендүүлүгүнүн түптөлүшүнө эбегейсиз чоң салым кошушкан. Алар президенттин "айдагына" кирбей, эрктүүлүгүн көрсөткөнү үчүн Кыргызстандын соңку тарыхында **"ЛЕГЕНДАРЛУУ ПАРЛАМЕНТ"** деген элдик ат менен түбөлүк жазылып калды.

Отуз жылдан бери "кылымдын афёрасы" аталып, коррупциялашкан Кумтөр алтын кенинин тегерегиндеги чуулгандуу, чырлуу масеселе чечилбей келген. Отуз жыл ичинде Кыргыз Республикасы үч революцияны (март – 2005-ж., апрель – 2010-ж., жана октябрь – 2020-ж.) баштан кечирди. Революциянын арты менен келишкен президенттер алгач алтын маселесин мамлекеттин кызыкчылыгына чечүүгө ооз көптүрө убадаларды беришип, комиссия артынан комиссиялар түзүлүп, текшерүүнүн жыйынтыгы менен келишимдер кайрадан, жаңыланып түзүлүп, кыргыз элинин, мамлекеттин кызыкчылыгы унутта калып, кайра эле президенттердин, өкмөт жетекчилеринин жана бир ууч алтынга тийешси бар чиновниктердин кызыкчылыктары эске алынуу менен канадалыктардын пайдасына чечилип келди.

Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигинин 2023-жылдын октябрда берген маалыматында, кенди канадалык "Центерра Голд компани" компаниясы иштеткен 28 жыл ичинде 410 тоннадан ашык алтынды казып, сыртка чыгарып кеткен. 28 жыл ичинде мамлекет үлүштүк кирешеден болгону 100 миллион доллар

алган. Ал эми Кумтөр алтын кени 2023-жылдын тогуз айындагы таза кирешеси 146 миллиондон ашык долларды түзгөн. 2022-жылы компаниянын таза кирешеси 371,7 миллион долларга жеткен.[401]

2022-жылдын 29-июлунда Кыргыз Республикасынын Улуу Британиядагы элчилигинде "Кумтөр" алтын кенин Кыргызстандын менчигине өткөрүү процессин тастыктаган документтерди алмашуу процедурасы болуп өткөн. Ушуну менен "Кумтөр" алтын кенин мамлекеттин менчигине өткөрүп берүү процесси биротоло аяктап, "кылым афёрасы" деп аталган алтын кен биротоло мамлекетке, элге кайтарылган.[402]

Отуз жылда Кумтөр боюнча мамлекеттин кызыкчылыгына каршы кеминде 12 келишим: 1992, 2003, 2007, 2008, 2009, 2013, 2017, 2019, 2021 жана 2022-жылдары түзүлгөн.[403]

Кыргызстандын жетекчилери менен канадалыктардын ортосунда түзүлгөн бардык келишимдер коррупциялык кызыкчылыктардын шарттарында кабыл алынганында күмөн жок, – деп айткан[404]

---

401. Э. Бейшенбек кызы 19-Октябрь, 2023-жыл. Кумтөр өкмөткө өткөн эки жылда эмне өзгөрдү? https://www.azattyk.org/a/kumtorgo-30-jyl-elge-otkon-eki-jylda-emne-ozgordu-/32644960.html

402. "Кумтөрдү" кайтарып алганыбыз тарыхый жактан чоң утуш болду. Газ.: "Эркин-Тоо" 2022-ж. 12-август.

403. Курманалиев Капар 2021-12-30. Обзор, анализ эмпирического опыта горного проекта-золоторудного месторождения Кумтор. https://analitika.akipress.org/news:5660/?from=portal&place=nowread&b=2; Юсупова Диля 2021 12 мая 19:07 Акылбек Жапаров обвинил бывших президентов и премьеров Кыргызстана в госизмене. https://kaktus.media/doc/438254_akylbek_japarov_obvinil_byvshih_prezidentov_i_premerov_kyrgyzstana_v_gosizmene.html

404. Юсупова Диля 2021 12 мая 19:07 Акылбек Жапаров обвинил бывших президентов и премьеров Кыргызстана в госизмене.

акыркы, 2021-жылдагы мамлекеттик комиссиянын төрагасы, депутат А.Жапаров.[405]

А.Жапаровдун билдирүүсүнө караганда 2020-жылга чейин иштешкен Кыргыз Республикасынын президенттери жана өкмөттөрү келишимдерди жана макулдашууларды түзүүдө Кыргызстандын кызыкчылыгын таптакыр коргошкон эмес. Натыйжада Кыргызстан үчүн ачыктан-ачык эле каршы келген шарттар менен келишимдер жана макудашуулар түзүлүп, ал документтерде өлкө башчыларынын жана өкмөт жетекчилеринин аракеттери мамлекеттин кызыкчылыгына каршы келген чыккынчылык кылуунун белгилери болгон. Концессиялар жөнүндөгү конституциялык макулдашуулардын редакциясында канадалыктарга болуп көрбөгөндөй жеңилдетилген салыктык жеңилдиктерди берүү менен бюджетке олуттуу кирешелерден кыргыз тарапты ажыраткан. Мындай макулдашуу салык мыйзамдарына карама-каршы келет – деп белгилейт А.Жапаров.

https://kaktus.media/doc/438254_akylbek_japarov_obvinil_byvshih_prezidentov_i_premerov_kyrgyzstana_v_gosizmene.html

405. **Жапаров Акылбек Үсөнбекович** (1964) – Кыргызстандын мамлекеттик жана саясий ишмери. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин II, V, VI чакырылышынын депутаты. 2005 – 2007-жж. КРнын экономика жана финансы министри; 2007 – 2009-жж. КРнын экономикалык өнүктүрүү жана соода министри; 2009 – 2010-жж. КРнын биринчи премьер-министри; 2011 – 2012-жж. КРнын финансы министри; 2021-ж. КРнын экономика жана финансы министри; 2021-жылдын 13-октябрынан КРнын Министрлер Кабинетинин Председатели. Экономика илимдеринин доктору, профессор. КРдин эмгек сиңирген экономисти, Мамлекеттик кызматтын II класстагы мамлекеттик кеңешчиси.

Анын айтымында, Кыргызстан менен Centerra Gold Inc. ортосундагы келишим Кыргыз Республикасын көз карандылыкка (кабальный) айландырып, Кыргызстан тарап долбоорду башкарууга катышуу укугунан ажыратылып, бирок контракт "юридикалык видимость" түзгөндөй кылып түзүлгөн – дейт А.Жапаров.[406]

Ал: "...Мен дагы бир жолу кайталап айтам, "юридикалык видимость" боюнча түзүлгөн бул долбоорду биз эч качан башкарган эмеспиз. Иш жүзүндө биздин чечим кабыл алуубузга алар тоскоолдук кылышкан. Дал ушундай теңсиздик шарттарда башкаруу чечимдери чет элдик менеджмент тарабынан кабыл алынып, алар ири акционер катары Кыргызстанга зыян келтирилген" – деп айткан.[407]

Алтын комиссиясы Жогорку Кеңештин алтын комиссия тарабынан айтылган маалыматтарды эске алууга жана Кумтөр боюнча 1992, 2003, 2009 жана 2017-жылдардагы түзүлгөн келишимдер Кыргызстан үчүн пайда алып келүү принциптерине жооп бербейт жана мамлекеттик суверенитеттүүлүктү бузууга багытталган деген комиссиянын корутундусун колдоо чакырат – деп, парламет-

406. Юсупова Д. 2021, 12 мая 19:07. Акылбек Жапаров обвинил бывших президентов и премьеров Кыргызстана в госизмене. "KAKTUS.MEDIA". 2021, 12 мая. https://kaktus.media/ doc/438254_akylbek_japarov_obvinil_byvshih_prezidentov_i_premerov_kyrgyzstana_v_gosizmene.html

407. Юсупова Д. 2021, 12 мая 19:07. Акылбек Жапаров обвинил бывших президентов и премьеров Кыргызстана в госизмене. "KAKTUS.MEDIA". 2021, 12 мая.

тин депутаттарына кайрылган комиссиянын төрагасы А.Жапаров.[408]

А.Жапаров 2003-жылдагы келишимде Кыргызстандын биринчи президентинин кызыкчылыгы бар экендигин белгилеп: "А.Акаев 1992-жылы жаш президент катары кандайдыр бир катачылыктарды кетириши мүмкүн деп ойлойбуз, бирок 2003-жылы ал кыргыз элинин кызыкчылыгынан өзүнүн кызыкчылыгын жогору койгон. Муну төмөндөгүлөр далилдеп турат: комиссиянын материалдарында "Centerra Gold" компаниясынын 3,8% акциясын 44,6 миллион долларга сатылып алган "Азия Голд" компаниясы менен үй-бүлөнүн байланышы тууралуу маалыматтар бар. Андан кийин компания Кыргызстандагы алтын кендеринин беш лицензиясын сатып алган, анын бири Талды-Булак Левобережный, анын ээлеринин бири Майрам Акаеванын синдисинин уулу болуп чыккан. "Centerra Gold" компаниясы иштей баштагандан бери А.Акаевдин үй-бүлөсү 55,6 миллион доллар алган. "Камеко" биринчи президенттин үй-бүлөсү менен биргеликте "Centerra Goldду" түзүшүп, өкмөттү Кыргызстанга тиешелүү 33% акцияны сатууга мажбурлаган" – деп айткан.[409]

408.Юсупова Д. 2021, 12 мая 19:07. Акылбек Жапаров обвинил бывших президентов и премьеров Кыргызстана в госизмене. "KAKTUS.MEDIA". 2021, 12 мая. https://kaktus.media/doc/438254_akylbek_japarov_obvinil_byvshih_prezidentov_i_premerov_kyrgyzstana_v_gosizmene.html

409. Юсупова Д. 2021, 12 мая 19:07. Акылбек Жапаров обвинил бывших президентов и премьеров Кыргызстана в госизмене. "KAKTUS.MEDIA". 2021, 12 мая. https://kaktus.media/doc/438254_akylbek_japarov_obvinil_byvshih_prezidentov_i_premerov_kyrgyzstana_v_gosizmene.html

Мыйзам катуу тыюу салганына карабай экс-президент Алмазбек Атамбаев шайлоо өнөктүгү үчүн "Centerra Gold Inc" компаниясынан 10 миллион доллар алган, – деп кошумчалаган А.Жапаров.[410]

Канаданын "Камеко Корпорэйшн" компаниясына Кумтөрдүн алтынын дээрлик отуз жыл бою каалагандай талап-тоногонго, кыргыздын канын канталадай соргонго акаевдик кылмыштуу бийликтин максималдуу шарттарды түзүп бергендеги кетирилген өтө оор катачылыктарды кийинки президенттер: Бакиев,[411]

doc/438254_akylbek_japarov_obvinil_byvshih_prezidentov_i_premerov_kyrgyzstana_v_gosizmene.html

410. Юсупова Д. 2021, 12 мая 19:07. Акылбек Жапаров обвинил бывших президентов и премьеров Кыргызстана в госизмене. "KAKTUS.MEDIA". 2021, 12 мая. https://kaktus.media/doc/438254_akylbek_japarov_obvinil_byvshih_prezidentov_i_premerov_kyrgyzstana_v_gosizmene.html

411. Бакиев Курманбек Салиевич (1949) – Кыргызстандын мамлекеттик жана саясий ишмери. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин II чакырылышынын депутаты. 1985 – 1990-жж. Көк-Жаңгак ш. "Профиль" заводунун директору; 1990 – 1991-жж. Көк – Жаңгак ш. партиянын шааркомунун биринчи секретары, шаардык советтин председатели; 1992 – 1994-жж. Тогуз-Торо райадминистрациясынын башчысы; 1994 – 1995-жж. КРнын Мамүлк фондунун председателинин орунбасары; 1995 – 1997-жж. Жалал – Абад обладминистрациясынын орун басары, председатели; 1997 – 2000-жж. Чүй областынын губернатору; 2000 – 2002 жана 2005-жж. КРнын Премьер-министри; 2005 – 2010-жж. КРнын Президенти. 2010-жылдын 7-15-апрелиндеги ыңкылапта оппозиция бийликтен кулатылып, өлкөдөн чыгып кеткен, Беларуста саясий эмиграцияда.

Отунбаева,[412] Атамбаев[413] жана Жеенбековдор[414] ондоп, кыргыз мамлекетинин кызыкчылыгын

412. **Отунбаева Роза Исаковна** (1950) – советтик, кыргыздын мамлекеттик жана саясий ишмери. Дипломат. 1986 – 1989-жж. Кыргыз ССРинин Министрлер Советинин Председателинин орун басары, тышкы иштер министри. 1989-1991-жж. СССРдин Тышкы иштер министрлигинин коллегиясынын мүчөсү, СССРдин Атайын жана Ыйгарым укуктуу Элчиси, СССРдин ЮНЕСКО иштери боюнча комиссиясынын жооптуу катчысы, 1990-1991-жж. – ЮНЕСКО иштери боюнча СССРдин комиссиясынын председатели. 1992 – 1994-жж. КРнын АКШ жана Канадагы элчиси. 1994 – 1997-жж. КРнын Тышкы иштер министри. 1997 – 2002-жж. КРнын Улуу Британия жана Түндүк Ирландиянын Бириккен Королдугундагы элчиси. 2002 – 2004-жж. БУУнун Башкы катчысынын Грузиядагы/Абхазиядагы жаңжалды жөнгө салуу боюнча атайын өкүлүнүн орун басары. 2005-ж. КРнын Тышкы иштер министринин м.а. КР ЖКнин IV чакырылышынын депутаты. 2010 – 2011-жж. Убактылуу өкмөттүн жетекчиси, КРнын Президенти. 2011-жылдан бери "Роза Отунбаеванын демилгелери" эл аралык коомдук фондунун жетекчиси.

413. **Атамбаев Алмазбек Шаршенович** (1956) – Кыргызстандын мамлекеттик жана саясий ишмери. 1983 – 1987-жж. Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунда редактор жана улук референт. 1987 – 1989-жж. Бишкек шаарынын Биринчи Май райондук аткаруу комитетинин төрагасынын орун басары. 1990 – 1997-жж. «Форум» илимий-өндүрүштүк компаниясынын директору. 1997 – 1999-жж. «Кыргызавтомаш» ААКнын башкы директору. 1999 – 2004-жж. «Форум» өнөр жай тобунун директорлор кеңешинин төрагасы. 2004 – 2005-жж. «Кыргызавтомаш» корпорациясынын директорлор кеңешинин төрагасы. 2005-2006-жж. Кыргыз Республикасынын өнөр жай, соода жана туризм министри. 2007-жылдын мартынан ноябрына чейин - Кыргызстандын премьер-министри. 2010 – 2011-жж. Кыргыз Республикасынын Премьер-министри. 2011 – 2017-жж. Кыргыз Республикасынын Президенти. КРнын Жогорку Кеңешинин I, II чакырылышынын депутаты.

414. **Жеенбеков Сооронбай Шарипович** (1958) – Кыргызстандын мамлекеттик жана саясий ишмери. 1991-1993 — Ульянов атындагы совхоздун директору. 1993-1996 — Кара-Кулжа районундагы Кашка-Жол колхозунун башкармасы. КР ЖКнин 1 чакырылышынын депутаты. 2000-2005 — Жогорку Кеңештин эл өкүлдөр палатасынын төрагасынын орун басары. 2007-ж. КРнын Айыл, суу чарба жана кайра иштетүү өнөр-жай министри. 2010 – 2012-жж. Ош облусунун губернаторунун милдетин аткаруучу. 2012

коргошкондун ордуна, акаевдик афёранын эстафетасын биринен сала бири алышып, канадалыктар менен жылуу-жумшак "тил" табышып, жеке кызыкчылыктары үчүн иштерин улантышкандыктарынын себептери эмнеде деген мыйзамдуу суроо туулат?

Акаевдин өнөктөш-кеңешчиси Борис Бирштейн Кумтөр алтын кенин иштетүү үчүн алып келген "Камеко Корпорэйшин" компаниясына Эгемендүү Кыргызстандын алгачкы премьер-министри Н.Исановдун[415] каршы туруусу өз башын жутуу менен трагедиялуу аяктаган. 1991-жылы ноябрда Исанов менен Бирштейн иш сапарында, табышмактуу жагдайда, автомобиль кырсыгынан кайтыш болгону кыргыз журтчулугунун али эсинде.

Укук коргоо органдары Исановдун өлүмүнө шектүү Бирштейнди кармап, тергөө иштерин жүргүзүшкөндүн ордуна ал эч нерсе болбогонсуп, ошол замат менчик самолету менен Европага учуп кеткен. Тергөө иштери үстүрттөн, формалдуу жүргү-

– 2015-жж. Өкмөттүн Ош облусундагы туруктуу өкүлү. 2015 – 2016-жж. Мамлекеттик кадр кызматынын директору. 2016 – 2017-жж. КР премьер-министри. 2017 – 2020-жж. КРнын Президенти. 2020-жылдын 16-октябрында элдик толкундоонун натыйжасында кызматынан өз ыктыяры менен кеткен.

415. **Исанов Насыридин Исанович** (1943 – 1991) – Кыргызстандын мамлекеттик жана саясий ишмери. 1974 – 1976-жж. комсомолдун Ош обкомунун биринчи катчысы. 1976 – 1983-жж. Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин курулуш жана шаар чарба бөлүмүнүн башчысынын орун басары. 1983 – 1986-жж. Кыргыз ССРинин курулуш министри. 1986 -1988-жж. Кыргыз ССРинин Мамлекеттик курулуш комитетинин төрагасынын биринчи орун басары - Кыргыз ССРинин министри. 1988 – 1991-жж. Ысык-Көл областтык аткаруу комитетинин төрагасы. 1991-жылдын январында Кыргыз Республикасынын Премьер-министри болуп дайындалган. 1991-жылдын 8-октябрынан бери СССР эл депутаты. 1991-жылдын 29-ноябрында жол кырсыгынан каза болгон.

зүлүп, премьер-министрдин өлүмү автокырсыкка шылтанып, кылмыштуу иш жабылган. Кумтөрдөгү алтынды "Камеко" компаниянын иштетүүсүнө каршы турган Н.Исановду канадалыктар курмандыкка чалган деген эл ичинде сөз тарап, анын өлүмүнүн себептери ачылбай, табышмактуу бойдон калган.

"Свободные горы" газетасынын башкы редактору Л.Жолмухамедова Н.Исанов жөнүндө: "Ошол каргашалуу сапардагы сүрөттөрдү редакцияга тымызын алып келишкени менин эсимде. Бул сүрөттөрдү тараткан адам: жарыялаба, антпесе 24 саат да жашабайсың деди. Ошентип, бийлик үчүн күрөш темасы биздин өлкөгө да үрөйдү учурган коркутуу түр менен кирди" – деп эскерип, андан ары: "ошондо "Кумтөр" темасы менен чырмалышкан "алтын" комиссия иштей баштаган. Комиссия менен кызматташ болуу бактысына мен ээ болдум. Депутаттар өздөрүнүн отчеттук баяндамаларынын кээ бир беттерин редакциялоону мага тапшырышчу. Өлкө коркунучта экенине аныкөзүм жетти. Каалаган учурда парламентаризмден ажырап калуу мүмкүнчүлүгү түзүлгөн. Президент болгон күчү менен депутаттардын көзөмөлүнөн чыгып кетүүгө аракет жасап бийликти жалгыз өзүнүн колуна топтоо аракети жасалган. Ал кезде премьер-министр Насирдин Исанов болчу. Акылдуу, жоопкерчиликтүү жана чынчыл адам эле. Көпкө иштеген жок. 1991-жылдын январынан 1991-жылдын ноябрына чейин гана иштеди", – деп эскерген.[416]

416. Людмила Жолмухамедова, бывший главный редактор газеты «Свободные горы». Казнить. Нельзя. Помиловать.15:59, 1 Июня 2016. http://www.nlkg.kg/ru/columnist/kaznit-nelzya-pomilovat

"Камеко" Кумтөр кенин кантип иштете баштаганын жана бул компанияны кыргыз рыногуна кимдер алып келгени кыргыз журтчулугу үчүн табышмактуу да, кызыктуу да. Эмне үчүн "Камеко" тандалган, артында кимдер турган?! Табышмак.

Кумтөр алтын кенинде канадалыктардын иштөөсүнө каршы тургандардын тагдыры кандай болуп бүтөрүн Акаевге эскертүү иретинде атайлап Н.Исановду курмандыкка чалышкан. Жаратылышынан жеткен мытайым, өтө сак жана коркок Акаев канадалык уюшулган эл аралык аферист-бандиттердин кылтагына Бирштейн аркылуу илинип, иш жүзүндө аларга кызмат көрсөтүп, айткандары менен болуп, алардын "кулуна" айланган. Кыргыз президентинин жүрөгүнүн үшүн алган канадалыктар "жер ээн болсо доңуз дөбөгө чыгат" өңдөнүп, биздин өлкөдө каалашынча тайраңдашкан. Кыргызстандын президенти Акаев аларга жомокто да жок, түшкө кирбеген жеңилдиктерди мыйзамдаштырып берилген деген бүдөмүк ой келбей койбойт.

Мисалы, Кумтөр алтын кенинин аймагына канадалыктар кыргыз бийлик бутактарынын бир да өкүлү кирүүгө, текшерүүгө укуксуз болгон. Канадалыктардын транспорттору, анын ичинде самолеттору текшерүүгө жаткан эмес. Алардын жеген тамак-ашы: жашылча-жемиштер, эт, сүт, кала берсе суусуна чейин Канададан ташылган. Мунун баардыгы, албетте, Кыргызстандын эсебинен болгон.

1991-жылдын сентябрынан баштап "алтын" маселелерин Президент менен Премьер-министр өз колдоруна алышкан. Өкмөт мүчөлөрү бул маселеге тийешеси жок, алар үчүн "алтын бизнеси" тыюу салынган аймак болуп, биздин өлкөдө канча алтын

казылып, кайда, кандай колдонулуп жатканы менен кабары жок болушкан. "Алтын маселеси" республиканын мамлекеттик эки жогорку жетекчилеринин монополиясына айланышы ушундан улам болгонбу? – деген мыйзамдуу суроого жооп табылбай келет.

Эгемендүүлүктүн алгачкы жылдарында өлкөдөгү баш аламандыктардан пайдаланышкан өмүр баяны күмөндүү бизнесмен адамдар чет өлкөлөрдөн Кыргызстанга келе башташкан. Кыргызстан союздан ажырап, социалдык-экономикалык абал оордошуп, жаңыдан бийликке отурушкан журт башчыларынын айласы алтыга бөлүнүп турганда, республиканын экономикасын көтөрүү үчүн инвестиция алып келмекпиз дешкен, батыштын "Кудайдан жөө качышкан" шылуун, бизнесмен сөрөйлөрү өлкө жетекчилеринин эшиктерин тытышып, бизнес-проектер менен аларды арбап, башын айландырышкандын саны көйгөн. Алардын Бирштейнге окшогон айрым шылуундары Акаевдин жана өкмөт башчылардын ишеничине киришип, жеке кызыкчылыктарын ишке ашыруу аракетинде болгон.

1991-жылдын февралынан 1992-жылдын ортосуна чейинки мезгилде Кыргыз Республикасынын Өкмөтү белгиленген тартипте Кумтөр алтын кенин иштетүүгө инвестор тандоо боюнча чет өлкөлөрдүн тоо-кен байлыктарын казып иштетүүчү компаниялардан келип түшкөн сунуштарды карап чыккан. Ал компаниялардын катарында:

- "Англо Америкэн" (ЮАР);
- "Ньюмонт" (АКШ);
- "Грайнберг Продакшн Корпорэйшн" (АКШ);
- "Моррисон энд Кнудсен" (АКШ);

- "БМБ" (Турция);
- "Камеко Корпорэйшн" (Канада) (уран казып алуу тармагында) болгон.

Алсак, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн ошол кездеги вице-премьер-министр Э.Өмүралиев башында турган жумушчу тобунун эскерүүсүндө жана 1993-жылдын 4-мартындагы Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн "Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттык комиссиясынын эскертүүлөрү жөнүндөгү" № 348 токтому менен бекитилген материалда (№12 папка, 12-62-беттер) мындай деп жазылган:[417]

«С февраля 1991 года Правительством Кыргызской Республики по рекомендации Гиналмаззолото СССР были начаты переговоры с Южноафриканской корпорацией «Англо Америкэн» по вопросу освоения месторождения «Кумтор». Предложение корпорации было рассмотрено Министерством промышленности республики, Комиссии по инвестициям при Президенте Кыргызской Республики, затем в январе 1992 года – в Правительстве Кыргызской Республики. Корпорация настаивала на участии в сотрудничестве с распределением прибылей в соотношении 51% - себе и 49% - Кыргызстану. Такие же предложения об участии в совместной деятельности по освоению месторождения «Кумтор» вносили корпорация «Ньюмонт», компания «Грайнберг Продакшн». Правительство признало предложения указанных

417. Отчет временной депутатской комиссии по ЗАО "Кумтор". Председатель – Садыр Жапаров. file:///C:/Users/Admin/ Downloads/ 2021-06-01_18-51-38_729064%20(7).pdf

фирм невыгодными и отказало им в сотрудничестве.

Турецкая фирма «БМБ» предлагала сотрудничать с соотношением 80% доходов - Кыргызстану, 20% - фирме «БМБ». Однако, в процессе переговоров выяснилось, что указанная фирма не имеет опыта разработки золоторудных месторождений, расположенных в таких экстре-мальных условиях, как месторождение «Кумтор». К тому же, фирма «БМБ» потребовала передать месторождение в полную концессию. Предложение фирмы «БМБ» также было отклонено (в последующем предпочтение отдано такой же компании, не имеющей опыта разработки золоторудных месторождений, но на более кабальных для республики условиях - «Камеко Корпорэйшн», с соотношением 70% Кыргызстану и 30% в пользу данной компании, и ей же рудник отдан в полную концессию).

Корпорации «Ньюмонт», «Моррисон Кнудсен» и «Камеко Корпорэйшн» соглашались на сотрудничество в соотношениях 2/3 дохода Кыргызской Республике и 1/3 дохода – корпорации».

1992-жылдын 4-декабрында Торонто шаарында (Канада) Кумтөр кени боюнча Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн атынан Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жана Кыргыз Республикасынын "Кыргызалтын" мамлекеттик концернинин (Кыргыз Республикасынын ишканасы) бир тарап, ал эми экинчи тараптан Канаданын корпорациясы "Камеко Корпорэйшин" ортосунда Генералдык келишим түзүлгөн. Макулдашууга кыргыз тараптан премьер-министр Т.Чынгышев менен өнөр

жай министри Э.Өмүралиев, ал эми канадалык тараптан "Камеко Корпорэйшн" корпорациясынын президенти Эндрю Льюис кол коюшкан.[418]

Келишим төмөнкү негизде түзүлгөн:[419]

1. Кыргыз Республикасынын Өкмөтү менен "Камеко" жабык акционердик коом түрүндөгү "Кумтөр Голд Компани" (КГК) биргелешкен ишканасын түзүүнү макулдашты, ишкана Кыргызстанда катталат.

2. Ушул максатта Камеко "Кумтөр Майнинг Компани" (уюштуруучулары Канаданын жарандары болгон) туунду (дочерняя) компаниясын түзүп, "Камеконун" атынан кыргыз тарап менен өнөктөш болуу менен үлүштөр: 33% - 67% бөлүштүрүлгөн, ал эми Директорлор кеңешинин 6 мүчөсүнүн ичинен 2 эсеге азыраак үлүшкө ээ болгон кыргыз тарап Директорлор кеңешинде 2 гана мүчөгө ээ болгон.

3. Тараптар "Камеконун" (дочерняя) туунду компаниясы "Кумтөр Оперейтинг Компани" түзүлөт деп макулдашышты, ал эми менежмент гонорардын негизинде иш алып барат жана биздин мыйзамдарга ылайык Кыргызстандын аймагында өзүнүн ишмердүүлүгү үчүн толук юридикалык, техникалык жана башка жоопкерчиликтерди тартат.

Торонтодогу "Кумтөр" долбоору боюнча Кыргызстан менен "Камеко Корпорэйшн" корпорациясынын ортосундагы Генералдык келишимге ылайык, "Сиабеко" компаниясынын активдүү ортом-

418. Отчет временной депутатской комиссии по ЗАО "Кумтор". Председатель – Садыр Жапаров, 19-б.

419. Отчет временной депутатской комиссии по ЗАО "Кумтор". Председатель – Садыр Жапаров, 19 – 20-бб.

чулук кийлигишүүсүнүн натыйжасында Кумтөр кени баш оту менен "Камеко" компаниясына өткөрүлүп берилген.[420] 1992-жылдын 31-декабрындагы Кыргыз Республикасынын Премьер-министри Т.Чыңгышев кол койгон өкмөттүн токтому менен бекитилген келишимдин[421] натыйжасында "Камеко" корпорациясы Кумтөр кенин толук өзүнүн көзөмөлүнө алган. Кумтөрдү иштетүүгө өкмөттүн эч кандай таасири да, тийешеси да болбой калган.[422]

1993-жылдын 16-январында жана 3-сентябрында Генералдык келишим кайра каралып, өзгөртүүлөр жана толуктоолор менен кайра түзүлгөн. Келишимге кыргыз тараптан премьер-министр Т.Чынгышев менен "Кыргызалтын" ААКтын ошол кездеги төрагасы Д.Сарыгулов кол коюшкан. Мурдагы келишимде арбитр арбитражга колдонулуучу мыйзамды тандап алуу мүмкүнчүлүгү болсо, жаңы келишимге ылайык, бардык талаштар

420. Отчет государственной комиссии по проверке и изучению соблюдения ЗАО «Кумтор Оперейтинг Компани» норм и требований по рациональному использованию природных ресурсов, охране окружающей среды, безопасности производственных процессов и социальной защите населения. – Бишкек, 2013. – 22-б.; Игамбердиев Бахтияр. 4 Марта 2021. "Золотой скандал" и "Золотой" договор: к истокам коррупции в Кыргызстане http://mnenie.akipress.org/unews/un_post:19478

421. О состоянии и мерах по увеличению добычи золота в Республике Кыргызстан: Постановление Правительства КР №648 от 31 декабря 1992 года // Информационно- правовая система "Токтом". – Бишкек, 2015.

422. Игамбердиев Бахтияр. 4 Марта 2021. "Золотой скандал" и "Золотой" договор: к истокам коррупции в Кыргызстане http://mnenie.akipress.org/unews/un_post:19478; Текебаев Ө. По "Кумтору" необходимо вернуться к соглашению 1992 года» // Вечерний Бишкек. 09.10.2013. URL: http://www.vb.kg/doc/ 246841_ tekebaev:_po_kymtory_neobhodimo_vernytsia_k_soglasheniu_1 992_goda.html

Германиянын мыйзамдарына ылайык чечилет деп өзгөртүлгөн.[423]

1994-жылдын 30-майында Генералдык келишим кайрадан каралып, өзгөртүүлөр жана толуктоолор менен түзүлгөн. Кыргыз тараптан ага Чынгышев менен Сарыгулов кол коюшкан. Келишимде жаңы пункт киргизилип, ага ылайык "Камекого" карата арбитрдин чечими Канаданын сотунда же анын аймагында юридикалык күчкө ээ болот. Ушул келишим менен Кыргыз Республикасынын Өкмөтү КГКга жаңы рудалык тулкуларды ачуу, ошондой эле кен байлыктарын өздөштүрүү максатында кендин чек арасынын периметринен 7,5 км радиуста геологиялык изилдөө иштерин жүргүзүүгө жана инвестициялоого артыкчылык укуктар берилген.[424]

1998-жылы Барскоондогу аварияда 1,8 тоннага жакын натрий цианиди дарыяга агып кеткенден кийин, 2002-жылы "Камеконун" жетекчилиги өздөрүнө жана алардын туунду (дочерняя) компанияларында (КОК, КМК) көзөмөлдү сактап калуу максатында долбоорду башкаруунун жаңы "завуалированную[425] формасын" издей баштаган.[426]

423. Мусуралиева Джамиля Кто готовил и подписывал соглашения по Кумтору? ГКНБ будет вызывать их на допрос? 7 июня 2021. https://kaktus.media/doc/439865_kto_gotovil_i_podpisyval_soglasheniia_po_kymtory_gknb_bydet_vyzyvat_ih_na_dopros.html

424. Мусуралиева Джамиля Кто готовил и подписывал соглашения по Кумтору? ГКНБ будет вызывать их на допрос? 7 июня 2021.

425. Завуалированный – и шке ашыруу мүмкүн эмес же өтө кыйын нерсе, атайлап жашырылган...

426. Мусуралиева Джамиля Кто готовил и подписывал соглашения по Кумтору? ГКНБ будет вызывать их на допрос? 7 июня 2021.

Канадалыктар Кумтөр боюнча тиешеси бар кыргыздын чиновниктеринин корпоративдик жана эл аралык укуктук маселелерде, баалуу кагаздар рыногу жаатында тажрыйбасы аздыгынан, компетентсиздигинен жана албетте, түздөн-түз алтынга тиешеси бар, Акаев баш болгон чиновниктердин ач көздүгүнөн жана саткындыгынан пайдаланышып, кыргыз тарапка иллюзордук (көз боёмочулук) пайда келтирүү варианттарын сунуштоо керек болгон.

Мындан тышкары долбоорду башкарууну кыргыз тарапка өткөрүп берүү датасы жакындап калган. Канадалыктар реструктуризацияга чейин эле Кумтөрдөгү алтындын запастары изилденген башка участкаларда жетишерлик мол экенин жакшы билишкендиктен бардык мүмкүнчүлүктөрдү колдонуу менен алтын кенин колдон чыгарбай, узак мөөнөткө сактап калуу КГК үчүн зарыл болгон.

Акаевдердин үй-бүлөлүк кланынын бул долбоордон коррупциялык жол менен түшкөн астрономиялык суммадагы кирешелерин чет мамлекеттердин банктарында жашырууга умтулуусу, эл аралык тажрыйбаны пайдаланып, кылмыштуу жол менен чогулткан арам акчаны ар кандай акционердик компаниялар, брокерлер аркылуу адалдоого аракет кылганы да негизги себептердин бири болгон.

Президенттин тапшырмасы менен Н.Танаев башында турган өкмөт парламенттин, негизги министрликтер менен ведомстволордун терс коругундуларына карабай 2003-жылдын 31-декабрында алтын кенин иштетүү боюнча "Камеко корпорэйшн" корпорациясынын сунушу кабыл алынып, "Кумтөрдү" реструктуризациялоо боюнча "Камеко",

"Камеко Голд", "Кыргызалтын" жана "Центерра Голд" компанияларынын ортосунда акыры келишимге кол коюлган. Келишимде "Кумтөр Голд Компанинин" "Кыргызалтын" (67%) жана "Камеко Голд" (33%) ишканаларынын бардык акцияларын "Центерра Голдго" өткөрүп берүү каралган. "Центерра" 2002-жылдын 7-ноябрында түзүлгөн жана штаб-квартирасы Торонтодо жайгашкан канадалык компания. Реструктуризациялоо жөнүндөгү келишимге ылайык, «Кыргызалтын» «Центеррадан» 28,8%, ал эми «Камеко Голд» Центеррадан 58,5% акцияга ээ болгон.[427]

2012-жылы Кыргызстандын өкмөтү Кумтөр алтын кенинин айланасындагы коррупциялык иштерди иликтөө жана Кумтөр проектисин Кыргызстандын пайдасына иштетүү максатында эки израилдик фирма – "Мушкат" (Muszkat Consultants) жана аудитердик компания "Барлев" (Barlev Investigative Auditing).[428] Бул эки компаниянын иликтөөсүнө караганда 2002-жылы сентябрда "Камеко" "Кумтөр" долбоорун реструктуризациялоо боюнча сүйлөшүүлөрдүн ийгиликтүү жүрүшү үчүн "Кыргызалтындын" эсебине 4 миллион доллар которгон. Келишим канадалыктардын пайдасына чечилбесе түшкөн сумма кайтарылып берилмек

427. Франко Гальдини, Рыскелди Сатке.19 октября 2015. Отчет о Кумторе поднимает вопрос о коррупции. Детальное исследование обвинений в коррупции вокруг кумторского месторождения. https://www.opendemocracy.net/ru/--55/; Мусуралиева Джамиля Кто готовил и подписывал соглашения по Кумтору? ГКНБ будет вызывать их на допрос? 7 июня 2021 г.

428.Франко Гальдини, Рыскелди Сатке.19 октября 2015. Отчет о Кумторе поднимает вопрос о коррупции. Детальное исследование обвинений в коррупции вокруг кумторского месторождения. https://www.opendemocracy.net/ru/--55/;

болгон. Бирок 4 миллион доллар "Камеконун" 2002-жылдагы жылдык отчетунда көрсөтүлгөн эмес. "Мушкаттын" пикири боюнча акчаны адалдоо болгон деп эсептей.[429]

2004-жылдын 22-июнунан 30-июнуна чейин "Центерра Голд" биринчи жолу Торонто фондулук биржасына жалпы суммасы 16,3 миллион акцияны биринчи ачык сунуштоо (IPO) аркылуу чыгарган. Анын ичинен 7,5 миллион акциясы "Кыргызалтын" тарабынан сатылып, "Центерра Голддогу" Кыргызстандын үлүшү 28,8%дан 16,1%га кыскарган. "Центерра" 84,9% акцияга ээ болгон.[430]

Долбоорду реструктуризациялоо канадалык тарап үчүн өтө зарыл болгон жана алар Кыргызстандын чиновниктерине жана республиканын эң жогорку жетекчилигине болгон таасиринин бардык рычагдарын колдонушуп, ачык шантаж жана коркутууларга чейин колдон келгендин баарын жасашып, өз максаттарына жетишкен. "Кумтөрдү" башкаруу аларда калып, алар үчүн абдан ыңгайлуу шарттарда концессия 50 жылга узартылган. Кыргызстан финансы жагынан да, республиканын экономикасы үчүн стратегиялык мааниге ээ болгон өзүнүн улуттук долбоорун

429. Франко Гальдини, Рыскелди Сатке.19 октября 2015. Отчет о Кумторе поднимает вопрос о коррупции. Детальное исследование обвинений в коррупции вокруг кумторского месторождения.

430. Франко Гальдини, Рыскелди Сатке.19 октября 2015. Отчет о Кумторе поднимает вопрос о коррупции. Детальное исследование обвинений в коррупции вокруг кумторского месторождения; Идинов Кубанычбек «Кумтор»: Соглашения и ситуация... "gezitter.org". 25 марта 2022. https://www.gezitter.org/interviews/ 104312_kumtor_soglasheniya_i_situatsiya/

башкаруу жагынан да мүмкүн болгон минималдуу мүмкүнчүлүктө калган.[431]

Бирштейн президент Акаевдин ишеничине кирип, анын башын айландырып, алгач Макмалдын, андан соң Кумтөрдүн алтынына азгырып, "жер ээн болсо, доңуз дөбөгө чыгат" сыңары ал Кыргызстанда каалагандай "тайраңдап" жүрүүсү парламенттин депутаттарын кооптондурган. Айрым депутаттардын акылга чакырганын Акаев кулак сыртынан кетирген.

1993-жылы Макмалдын жана Кумтөрдүн алтын кендериндеги мыйзам бузууларды иликтөө боюнча депутаттык комиссия түзүүгө Жогорку Кеңеш мажбур болгон. Парламенттин жыйынында Кумтөрдө өндүрүлгөн алтындын үлүшүн бөлүштүрүүдө кызуу талаш-тартыш жаралган. Депутаттык комиссиянын төрагасы Т.Усубалиев баш болгон депутаттар тобу өндүрүлгөн алтындын өзүн бөлүү сунушу менен чыгышкан. Мисалы, 100 кг алтын өндүрүлсө анын 70 кг Кыргызстан накталай алтын менен алмак. Алтынды өндүрүүгө кетирилген чыгымдар канадалыктардын үлүшүнүн ичинде болмок. Депутаттардын сунушу четке кагылып, Акаев: "андай болбойт, түшкөн кирешени бөлүштүрүү керек" – деп, каршы чыккан. Өкмөт: "Баары бир алтынды сатуу керек. Алтын менен же доллар менен алуунун айырмасы кайсы" – деп, президентти колдогон. Кыргызстандын үлүшү 70%, ал эми Камеконуку 30% менен жыйынтыкталган. Бирок

431 Мусуралиева Джамиля Кто готовил и подписывал соглашения по Кумтору? ГКНБ будет вызывать их на допрос? 7 июня 2021 г.

келишимде Кыргызстандын үлүшү 67%, алардын үлүшү 33% менен түзүлгөн.[432]

Акаев "Камеко" ишканасынын кызыкчылыгын коргоп, Кыргызстандын үлүшү үчүн өндүрүлгөн продукциядан кызылдай алтын алуудан баш тартуусунун натыйжасында канадалыктар кеткен чыгымды астрономиялык суммага жеткирүүгө аракет жасашкан. Жыйынтыгында Кыргызстандын экономикасы көз-көрүнөө зыян тарткан. Канадалыктар алтын кенине жумушчу күчтү Түштүк Африка Республикасынан тартууна сунушташкан. Депутат Т.Усубалиев: "Кыргызстанда эркектер жумушсуз жүрүшөт, анда эмне үчүн Түштүк Африкадан жумушчуларды алып келишибиз керек?!" – деп айткан. Депутаттар Т.Усубалиевди колдоп, Түштүк Африкадан жумушчуларды алып келүүгө каршы болушкан.[433]

1987 – 1989-жылдары "Гиналмаззолото" компаниясынын изилдөөлөрү боюнча, Кумтөр кенинин рудасындагы пайдалуу компоненттерди алуу: алтын – 91%; күмүш - 80%; күкүрт - 88%; теллур - 90%, болжол менен жылына 40 тоннага чейин теллур жана 2000 тоннага чейин вольфрам өндүрүүгө болот".[434] Кумтөрдө алтындан да кымбат жана

432. Идинов Кубанычбек «Кумтор»: Соглашения и ситуация... "gezitter.org". 25 марта 2022. https://www.gezitter.org/interviews/104312_kumtor_soglasheniya_i_situatsiya/

433. Идинов Кубанычбек «Кумтор»: Соглашения и ситуация... "gezitter.org". 25 марта 2022.

434.Отчет государственной комиссии по проверке и изучению соблюдения ЗАО «Кумтор Оперейтинг Компани» норм и требований по рациональному использованию природных ресурсов, охране окружающей среды, безопасности производственных процессов и социальной защите населения. – Бишкек, 2013. – 37-б; Игамбердиев Бахтияр. 4 Марта 2021. "Золотой скандал" и "Золотой" договор: к истокам коррупции в Кыргызстане http://mnenie.akipress.org/unews/un_post:19478

баалуу, сейрек кездешүүчү металл – палладий болгон. Космостук өнөр жай тармактарында колдонулат. Анын 1 унциясы 3200 АКШ доллары турат.[435] "Камеко" Кыргызстандын өкмөтүнө казылып алынган алтын боюнча гана үстүртөн отчет берип, ал эми калган күмүш, вольфрам, теллур, палладий сыяктуу жана башка баалуу металлдар ойлонбой контролсуз ташылып кеткен же мыйзамсыз казылып алынган.[436] Тоо кендери боюнча көп жылдык тажрыйбалуу адистердин билдирүүлөрүнө караганда "Камеко" компаниясы рудадагы алтындын курамын бир топ эле төмөндөтүп көрсөткөн.

Канадалык компаниянын иштерине кыргыз мамлекети тарабынан көзөмөл жоктугунан пайдаланган "Камеко" кенди өндүрүүгө кеткен чыгымдарды каалагандай ашыкча көрсөтүшкөнүн 2013-жылдын январында Кыргызстандын экономика министри Темир Сариев[437] да билдирген.[438] Анын айткандары "Кумтөр Оперейтинг Компани" ЖАКтын Жаратылыш ресурстарын сарамжалдуу пайда-

435. Идинов Кубанычбек «Кумтор»: Соглашения и ситуация... "gezitter.org". 25 марта 2022. https://www.gezitter.org/interviews/104312_kumtor_soglasheniya_i_situatsiya/

436. Игамбердиев Бахтияр. 4 Марта 2021. "Золотой скандал" и "Золотой" договор: к истокам коррупции в Кыргызстане http://mnenie.akipress.org/unews/un_post:19478

437. Сариев Темир Аргенбаевич (1963) – Кыргызстандын мамлекеттик жана саясий ишмери. Кыргызстандын Убактылуу өкмөтүнүн төрагасынын орун басары, каржы министри, экономика министри, "Ак-Шумкар" саясий партиясынын төрагасы. Кыргыз Республикасынын жыйырманчы премьер-министри (2015-жылдын 2-майынан – 2016-жылдын 11-апрелине чейин).

438. Сариев Темир: Кумтор – самое рентабельное месторождение в мире // knews.kg, 24.01.2013. – URL: http://www.knews.kg/ econom/26949_temir_sariev_kumtorsamoe_rentabelnoe_ mestorojdenie_v_ mire/

лануу, айлана-чөйрөнү коргоо, өндүрүштүк процесстердин коопсуздугу жана калкты социалдык коргоо боюнча стандарттарга жана талаптарга ылайык келишин текшерүү жана изилдөө боюнча мамлекеттик комиссиянын отчетунда" чагылдырылып, алтындын бир унциясы 400 доллардан 700 долларга чейинки деңгээлдеги баада "компания "нормалдуу киреше" чегинде иштегенин" так көрсөтүп турган, качан гана алтындын баасы 700 доллардан ашкан сайын алтындын ар бир унциясына кеткен орточо чыгым кескин жогорулай баштагандыгы белгиленген.[439]

"Камеко" компаниясынын иш-аракеттерине контролдук кылуу мүмкүнчүлүгүн кыргыз өкмөтү өзүнүн чечимдери менен жоготкондугун баса белгилөө керек. Маселен, 1992-жылдын 3-декабрындагы Генералдык келишимде Кыргызстандын Өкмөтүнүн макулдугу менен Кыргызстандын кызыкчылыгын курмандыкка чалынып кол коюлган Макулдашуунун 1.1-пунктуна ылайык Аткаруу комитетинин курамына "Камеко" компаниясы тараптан эки өкүл, ал эми "Кыргызалтындан" бир өкүл киргизилген. Келишимге ылайык бардык "чечимдер аткаруу комитетинин мүчөлөрүнүн

439. Отчет государственной комиссии по проверке и изучению соблюдения ЗАО «Кумтор Оперейтинг Компани» норм и требований по рациональному использованию природных ресурсов, охране окружающей среды, безопасности производственных процессов и социальной защите населения. – Бишкек, 2013. – 28-30-бб.; Игамбердиев Бахтияр. 4 Марта 2021. "Золотой скандал" и "Золотой" договор: к истокам коррупции в Кыргызстане http://mnenie.akipress.org/unews/un_post:19478

көпчүлүгү" менен кабыл алынат, – деп жазылган.[440] Генералдык келишим "Кумтөр Голд Компанинин" 2/3 акциясына ээ болгон Кыргызстандын кызыкчылыгына эле каршы келбестен, акционерлердин чогулушу тарабынан акционердик коомдордо чечимдердин кабыл алынышы боюнча так жазылган "Кыргыз Республикасынын акционердик коомдор жөнүндөгү" Мыйзамына да каршы келген.[441]

Кыргыз өкмөтү "Кумтөр Оперейтинг Компани" ишканасынын киреше мол болорун алдын ала билип туруп, кабыл алынган Макулдашуунун 5.3-пунктуна ылайык, келишимге кол коюлган учурдан тартып (1992) жана "Кумтөр" долбоорунун алкагында коммерциялык комбинат ишке киргенден баштап (1997-жылдан) беш жылга чейин (2003) бардык салыктардан жана жыйымдардан бошотулган жана "Кумтөр Оперейтинг Компани" жалпы чыгымдардын 4,5%ын сый акы катары алгандыктан, ал каражатты каалагандай пайдлануу мүмкүнчүлүктөрүнө ээ болгон.[442]

440. Отчет государственной комиссии по проверке и изучению соблюдения ЗАО «Кумтор Оперейтинг Компани» норм и требований по рациональному использованию природных ресурсов, охране окружающей среды, безопасности производственных процессов и социальной защите населения. – Бишкек, 2013. – 11-б.; Игамбердиев Бахтияр. 4 Марта 2021. "Золотой скандал" и "Золотой" договор: к истокам коррупции в Кыргызстане http://mnenie.akipress.org/unews/un_post:19478

441. Игамбердиев Бахтияр. 4 Марта 2021. "Золотой скандал" и "Золотой" договор: к истокам коррупции в Кыргызстане http://mnenie.akipress.org/unews/un_post:19478

442. Отчет государственной комиссии по проверке и изучению соблюдения ЗАО «Кумтор Оперейтинг Компани» норм и требований по рациональному использованию природных ресурсов, охране окружающей среды, безопасности производственных процессов и социальной защите населения. – Бишкек, 2013. – 11-б.;

2003-жылы налогдук төлөмдөрдүн жеңилдетилген мөөнөтү аяктаган соң президент Акаевдин макулдугу менен канадалыктар "Центерра Голд Инк" компаниясын уюштурушуп, ага "Кумтөр Голд Компани" ишканасын өткөрүп берген. Натыйжада Кыргызстандын үлүшү кескин кыскарып, 67%дан 28,8%га түшкөн. Аны улай, 2004-жылы А.Акаевдин өкмөтү 17% акциясын да сатып жиберип, Кыргызстандын "Центеррадагы" үлүшү 16,1%га түшкөнү белгилүү болгон. 2009-жылы президент К.Бакиевдин өкмөтү "Центерра" менен концессиялык келишимге кол коюп, анда "Центеррадагы" кыргыз өкмөтүнүн үлүшү 33%га өскөн. 2016-жылы А.Атамбаевдик башкаруу мезгилинде "Центерра" компаниясы Түндүк Америкадагы жаңы кенди сатып алуу үчүн кошумча эмиссияларды чыгарган. Бул кыргыз тараптын үлүшүнүн 26,5% түшүп кетишине жол ачкан. Ал эми канадалыктар кыргыз президенттеринин "тилин" таап, өздөрүнүн үлүшүн 33төн 85%га чейин өстүрүп алууга жетишкен.[443]

1994-жылдын 28-декабрындагы Апас Жумагулов кол койгон Кыргыз Республикасынын

Игамбердиев Бахтияр. 4 Марта 2021. "Золотой скандал" и "Золотой" договор: к истокам коррупции в Кыргызстане http://mnenie.akipress.org/unews/un_post:19478; Сарджвеладзе София. **Проклятые рудники.** В Киргизии назревает грандиоз-ный коррупционный скандал. Как в нем замешано золото и четыре президента? 27 августа 2021Бывший СССР https://lenta.ru/ articles/2021/08/27/kumtor/

443. Идинов Кубанычбек «Кумтор»: Соглашения и ситуация... "gezitter.org". 25 марта 2022. https://www.gezitter.org/interviews / 104312_kumtor_soglasheniya_i_situatsiya/; Кумтөр кени Кыргызстандын менчигине өттү 4-Апрель, 2022 https://www. azattyk.org/a/kumtoer-centerra-gold-menen-kyrgyz-biyligi-munasa-tapty/31784676.html

Өкмөтүнүн № 895 токтому менен өкмөт Кумтөрдө объекттерди куруу менен бир убакта жумушчу документацияны иштеп чыгууга уруксат берген, иш жүзүндө өкмөт менен алдын ала макулдашпай туруп, техникалык-экономикалык негиздемеге өзгөртүүлөрдү киргизген.[444] Бул өз кезегинде 1994-жылдын 31-майындагы каралган 276,6 миллион АКШ долларына[445] салыштырганда, техникалык-экономикалык негиздеме (ТЭН) үчүн кошумча 175,6 миллион АКШ долларына кымбаттаган.[446]

Кыргыз өкмөтү канадалык "Камеко" корпорациясына артыкчылык берилгенин мыдайча түшүндүрөт: "Камеко" башка компаниялардан айырмаланып, кен байытуу комбинатынын курулушуна кайтарымсыз, бекер салым (45 млн. АКШ доллары), ошондой эле Ысык-Көл областынын социалдык өнүктүрүү фондуна кайтарымсыз бекер 1 млн АКШ доллар инвестициялоого даяр экенин билдирген.[447]

444. О разрешении компании «Кумтор Оперейтинг Компани» осуществлять разработку рабочей документации и параллельное строительство объектов «Кумторзолото»: Постановление Правительства КР №895 от 28 декабря 1994 года // Информационно-правовая система «Токтом». – Бишкек, 2015.; Игамбердиев Бахтияр. 4 Марта 2021. "Золотой скандал" и "Золотой" договор: к истокам коррупции в Кыргызстане http://mnenie.akipress.org/unews/un_post:19478

445. О технико-экономическом обосновании (ТЭО), дополнениях и изменениях к Генеральному Соглашению по проекту «Кумторзолото»: Постановление Правительства КР №379 от 31 мая 1994 года // Информационно-правовая система «Токтом». – Бишкек, 2015.

446. Игамбердиев Бахтияр. 4 Марта 2021. "Золотой скандал" и "Золотой" договор: к истокам коррупции в Кыргызстане http://mnenie.akipress.org/unews/un_post:19478

447. Отчет временной депутатской комиссии по ЗАО "Кумтор". Председатель – Садыр Жапаров. file:///C:/Users/Admin/Downloads/2021-06-01_18-51-38_729064%20(7).pdf

Бирок, "Камеко" кийинчерээк, "Кумтөр" кенине ээлик кылган соң 45 миллион АКШ доллары кайтарымсыз инвестиция катары эмес, концессиялык төлөм катары өз кызыкчылыгына карата өзгөрткөн.

Ошону менен бирге, республикадагы алтын кендерин иштетүү боюнча Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн бардык иш аракеттери Бирштейн негиздеген "Сиабеко Ю-Эс-Эй Инк" компаниясы менен тыгыз байланышта болгон.

1991-жылы жайында Бирштейн жана ал жетектеген "Сиабеко" комаииясынын бир группасы Кыргызстанга келишип, республиканын жогорку жетекчилери менен жолугушууларды өткөргөн. Жолугушуунун алгачкы минуталарынан эле Бирштейн өлкөнү суверендештирүү, демократиялаштыруу жана капиталдаштыруу идеяларын айтуу менен республиканын али жаш, тажрыйбасы жетишерлик эмес жетекчилеринин башын бир заматта айландырып, суктандырып сыйкырлап салган.

Бирштейн сөзүнүн башында түз эле, биринчи кезекте: "республиканын алтын казып алуу тармагына терең кызыкдар экенин жана ал республика үчүн эбегейсиз пайда алып келе турган бизнес жүргүзүүгө даяр экенин, ошол эле учурда анын компаниясы утулуп калбай, пайда да табуу керектигин" ачык айтып, билдирген – деп жазат Т.Усубалиев "алтындын чыры" боюнча жазган эмгегинде.[448]

448. Архив Усубалиева Т.У. "О ЗАПАСАХ, ХРАНЕНИИ И РЕАЛИЗАЦИИ ЗОЛОТА КЫРГЫЗСТАНА" https://usubaliev.files.wordpress.com/2020/11/o-zapasah-hranenii-i-realizacii-zolota-kyrgyzstana.pdf

Эл аралык аферист Бирштейндин коррупциялык схемасына заматта арбалган, жомоктотуп айткан байлыкка башы айланган А.Акаев Кыргызстандын байлыгы болгон Кумтөрдүн алтын кенин өз менчигиндей, бийлигинен пайдаланып, Б.Бирштейнге тийиштүү "Камеко Корпорэйшн" компаниясына мыйзамда каралбаган, болуп көрбөгөндөй жеңилдиктер менен кармата берген. Деги эле ага мынчалык сый, урмат көрсөткөндөй ал өзү ким?!

Бирштейндин ким экендиги жөнүндө жана анын Кыргызстанда жасаган чуулгандуу афералары жөнүндө республиканын жана чет өлкөлөрдүн басмаларында жетишерлик кеңири жазылган. Турдакун Усубалиев 90-жылдардын башында "легендарлуу" парламенттин алтын комиссиясына мүчө болуп, Кумтөр алтын кениндеги акаевдик-бирштейндик афёранын бетин ачууга катышып, анын жыйынтыгы менен: **"О ЗАПАСАХ, ХРАНЕНИИ И РЕАЛИЗАЦИИ ЗОЛОТА КЫРГЫЗСТАНА"** – деген 70 беттен турган кеңири баяндалган эмгек жазган.[449] Ал эмгегинде Т.Усубалиев Бирштейндин ким экендиги жөнүндө жана анын Кыргызстандын алтын кендерине жасаган вандалдык иштери боюнча жетишерлик деңгээлде, кеңири мүнөздөмө берген.

Бирштейн жөнүндөгү экинчи чоң информация 2012-жылы февралда Жогорку Кеңеш тарабынан түзүлгөн депутаттык комиссиянын мате-

449. Кара: Архив Усубалиева Т.У. "О ЗАПАСАХ, ХРАНЕНИИ И РЕАЛИЗАЦИИ ЗОЛОТА КЫРГЫЗСТАНА" https://usubaliev.files.wordpress.com/2020/11/o-zapasah-hranenii-i-realizacii-zolota-kyrgyzstana.pdf

риалында кеңири мүнөздөлгөн.[450] Ал комиссияны депутат С.Жапаров жетектеген.

Кыргзстанды ызы-чууга салып, өлкө байлыгын "чак түштө" тоноп кеткен Борис Иосифович Бирштейн деген ким?[451]

Борис Бирштейн 1947-жылы Литва ССРинин Вильнюс шаарында төрөлүп, Вильнюс университетинин "юридика" факультетин аяктаган. 1979-жылга чейин СССРде жашаган. Андан кийин Израил аркылуу Канадага эмиграцияланып, Канаданын жараны болгон. 1992-жылдын июлунан баштап Бирштейн Швейцариянын Цюрих шаарында жашаган. Б.Бирштейн ар кандай маалыматтар боюнча АКШнын жана Израилдин атайын жашыруун кызматтарынын агенти болгон. Бирштейн Швейцарияда "Сиабеко" компаниясын негиздеген. "Сиабеко" компаниясынын аты Бирштейндин балдарынын ысымдарынан: Симон менен Алекс жана "Бирштейн энд Компани" деген сөздөрдүн баш тамгаларынан куралган.

Маалымат булактарынын кабарлаганына караганда Бирштейндин бизнес жаатында тажрыйбасы жоктугун, баштаган иштеринин биринин да аягына чыгарбай, башкасына умтулуп, көптөрдү сызга отургузганы айтылат. Ал өзүнүн коммерциялык кызыкчылыктарын ишке ашыруу максатында бийликтин эң жогорку эшелонундагы

450. Отчет временной депутатской комиссии по ЗАО "Кумтор". Председатель – Садыр Жапаров. file:///C:/Users/Admin/Downloads/2021-06-01_18-51-38_729064%20(7).pdf

451. ВикиЧтение. Греченевский Олег. Истоки нашего демократического режима. БОРИС БИРШТЕЙН https://pub.wikireading.ru/127082

таасирдүү адамдарды өзүнө тартып, алардын ишеничине тынымсыз кирүүгө аракет кылган. Мурдагы СССРдин аймагында, атап айтканда, Москвада да ушундай эле аракеттерди жасаган. "Союзагрохим" мекемеси менен болгон мамилесин белгилөөгө болот, анын фактысы боюнча Москванын укук коргоо органдары тарабынан кылмыш иши козголгон. Атап айтканда, 1991-жылдын декабрь айында "Сиабеко Трейд энд Файненс АГ" жана "Союзагрохим" балдар тамак-ашын жеткирүү боюнча 13,5 миллион АКШ доллары өлчөмүндөгү келишимге кол коюшкан. Москва өкмөтү келишимди жактыргандан кийин акча Швейцариядагы "Индосуэц" банкындагы "Сиабеконун" эсебине которулган. Келишим аткарылган эмес, бирок валюта да өлкөгө кайра кайтарылган эмес.[452]

Бирштейн СССРдин Внешэкономбанкы менен Сиабекого 20 тонна алтын сатуу жөнүндө сүйлөшүүлөрдү жүргүзгөн. Бирок, СССРдин тышкы экономикалык байланыштар боюнча комитетинин председатели К.Катушевдин кийлигишүүсү аркасында Бирштейндин шектүү келишими ишке ашпай калган.[453] Бирштейндин ишке ашпаган мындай аракеттери бир топ болгон.

452. Отчет временной депутатской комиссии по ЗАО "Кумтор". Председатель – Садыр Жапаров. file:///C:/Users/Admin/Downloads/2021-06-01_18-51-38_729064%20(7).pdf; Архив Усубалиева Т.У. "О ЗАПАСАХ, ХРАНЕНИИ И РЕАЛИЗАЦИИ ЗОЛОТА КЫРГЫЗСТАНА" https://usubaliev.files.wordpress.com/2020/11/o-zapasah-hranenii-i-realizacii-zolota-kyrgyzstana.pdf.

453. Архив Усубалиева Т.У. "О ЗАПАСАХ, ХРАНЕНИИ И РЕАЛИЗАЦИИ ЗОЛОТА КЫРГЫЗСТАНА" https://usubaliev.files.wordpress.com/2020/11/o-zapasah-hranenii-i-realizacii-zolota-kyrgyzstana.pdf.

СССР тарагандан кийин Б.Бирштейн КМШнын жаңы көз карандысыз мамлекеттерине кызыгуусу башталган. Кыргыз Республикасы менен «Сиабеко Групп» компаниясынын ортосунда өнөктөштүктү түзүүнүн демилгечиси компаниянын жетекчиси Б.Бирштейн болгон. Ал 1991-жылдын 23-сентябрында А.Акаевге "өтө шашылыш" деген гриф менен кат жөнөткөн. Бул документтин алкагында Б.Бирштейн өзүнүн компаниясы аркылуу Кыргызстандын экономикасын өнүктүрүү боюнча мамлекеттик программаны ишке ашыруу үчүн бир катар кызматтарды сунуштоо менен анын компаниясы Кыргыз Республикасына натыйжалуу жардам көрсөтүү максатында бир катар чараларды аткаруу сунушталган, алардын ичинде:

"1) мамлекеттин бардык экономикалык процесстерин, ошондой эле өлкөнүн бардык эл аралык соода мамилелерин башкара турган Кыргызстандын чарбалык башкаруучу органы катары "Кыргыз Республикасынын Экономикалык Жогорку Советин" түзүү;

2) Кеңештин курамына мамлекеттин жогорку жетекчилигинен, ошондой эле «Siabeco Group» компаниясынын өкүлдөрүнөн киргизүү;

3) экономикалык ири долбоорлорду ишке ашырууну камтый турган советтин милдеттерин аныктоо;

4) дүйнөнүн ар кайсы бурчтарында, анын ичинде бир катар Европа өлкөлөрүндө, Канадада, АКШда, Чилиде жана Японияда иштеп жаткан «Сиабеко Групп» компаниясынын филиалдарына Кыргызстандын атынан экономикалык мүнөздөгү өкүлчүлүк функцияларын аткарууга уруксат берүү;

5) Кыргыз Республикасынын Президентинин жарлыгы менен кеңештин ыйгарым укуктарын тариздейт жана аларды мамлекеттин парламентинин чечими менен бекитет;

6) Кыргыз Республикасынын Президентинин жарлыгы менен кеңештин ыйгарым укуктарын аныктайт жана аларды мамлекеттин парламентинин чечими менен бекитет".[454]

Б.Бирштейндин А.Акаевге жолдогон катында да 1991-жылдын октябрынын башында Бишкек шаарында жеке президенттин өзү менен жолугуп, мамлекеттин экономикалык өнүгүү программасын кененирээк талкуулоону каалагандыгы белгиленген. Катты Бирштейндин өкүлү катары Санжарбек Айтматов Акаевге жеткирген.

А.Акаевдин реакциясы чагылгандай тез болуп, ошол эле жылдын 24-сентябрында президент С.Айтматовду атайын тапшырмалар боюнча ыйгарым укуктуу өкүл кылып дайындоо жөнүндө жарлыкка кол койгон. Бул жарлык «Басма сөздөргө жарыялоого жатпайт» деген гриф коюлуп, коомчулуктан жашыруун сыр катары эсептелген. 1991-жылдын аягында А.Акаев өзүнүн жарлыгы менен Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу жаңы структураны – "Кыргыз Республикасынын Экономикасын реконструкциялоо жана өнүктүрүү комитетин" түзүп, анын жетекчиси болуп Б.Бирштейн дайындалып, орун басарлыкка

454. Тронутые золотом и троном // «МСН» – Новости Кыргызстана: интернет-газета. 23.12.2005. URL: www.msn.kg/ru/news/12466/; Игамбердиев Б. А. "Золотой скандал" и "золотой" договор: к истокам коррупции в Кыргызстанею. В журн.: "Проблемы экономики" с.23; http://mnenie.akipress.org/unews/unpost:19478

С.Айтматов, А.Сарыгуловдор дайындоо менен А.Акаев "Сиабеко-Кыргызстан" мамлекеттик-жеке корпорациясын түзүүгө негиз түзгөн.[455]

1991-жылдын аягында канадалык-швейцариялык "Сиабеко" корпорациясынын төрагасы Бирштейн Макмал алтын кен комбинатына келген. 1991-жылы май айында Б.Бирштейн жеке кызыкчылыгын ишке ашыруу максатында республиканын эң жогорку жетекчилигине Макмал заводун түптамырынан бери реконструкциялоонун жана аны "Сиабеко-Кыргызстан" биргелешкен ишканасына айландыруунун зарылдыгы жөнүндө шектүү ойун ортого салган.

Бирштейндин баш айланткан "бал сөзүнө" муюган А.Акаев жана комбинатка тийиштүү мамлекеттик кызмат адамдары макулдуктарын беришкен. 1991-жылдын октябрында ал Акаевдин макулдугу менен "Сиабеко-Кыргызстан" мамлекеттик-жеке (государственно-частный) корпорациясын түзүп, анын президенттигине Б.Бирштейн дайындалган.[456]

1992-жылы 18-февралда корпорациянын ишмердиги жөнүндө келишим (контракт) түзүлүп, келишимге кыргыз тараптан Аскар Сарыгулов (Инвестицияларды тартуу боюнча мамлекеттик комитеттин төрагасы) жана В.Воскобойников,

455. О государственно-частной корпорации «Сиабеко-Кыргызстан» и Комитете по реконструкции и развитию экономики Республики Кыргызстан: Указ Президента КР от 13 октября 1991 года, УП № 340 // Информ. правовая система «Токтом». – Бишкек, 2015.

456. Мусакеев М. Когда афера века "Кумтор" будет работать в интересах Кыргызстана? газета "Багыт.kg" №4 от 09.03.2016. https://www.gezitter.org/economics/48330_kogda_afera_veka_kumtor_budet_rabotat_v_interesah_kyirgyizstana/

"Сиабеко Интернейшнл ЛТД" компаниясы тарабынан кол коюлган.[457] Көрсөтүлгөн келишим 2 этап менен каралган:

"- баштапкы этапта биргелешкен аракеттер менен:

1) кендин өзүнүн жана Макмал кайра иштетүүчү комбинатынын өндүрүмдүүлүгүн, анда колдонулган технологиялык деңгээлди эске алуу менен жогорулатуу;

2) Кумтөр кенин иштетүү боюнча алдын ала изилдөө иштерин жүргүзүүгө;

- экинчи этапта (келишимдин 4-беренеси):

- Кыргыз Республикасынын бардык алтын кендерин, анын ичинде "Кумтөр", "Жерүй" жана "Талды-Булак Сол жээктерин (Левобережный)" иштетүү, ошондой эле алар үчүн тоо-кен жана кайра иштетүүчү комбинаттарды куруу"[458] – иштери келишимде каралган.

Түзүлгөн келишимде Кыргызстандын кызыкчылыгы унутта калып, контракттын пункттарынын басымдуу көпчүлүк бөлүгү швейцариялык компаниянын эркин иш алып баруусуна ылайыкталып, бир жактуу, алардын артыкчылыгын камсыз кылган. Макмал кени толук иштетилип бүткөнгө чейин кен чыккан аймак жана Макмал тоо-кен байытуу комбинаты толугу менен швейцариялык

457. Отчет временной депутатской комиссии по ЗАО "Кумтор". Председатель – Садыр Жапаров. file:///C:/Users/Admin/ Downloads/2021-06-01_18-51-38_729064%20(7).pdf;

458. Кеңири кара: Отчет временной депутатской комиссии по ЗАО "Кумтор". Председатель – Садыр Жапаров. file:///C:/Users/Admin/ Downloads/2021-06-01_18-51-38_729064%20(7).pdf. – С.12.

компаниянын өндүрүштүк башкаруусуна өткөрүлгөн.[459]

"Макмалзолото" комбинатын реконструкциялоо боюнча келишим түзүлүп, ага ылайык "Сиабеко" 22,5 миллион доллар насыя берүү каралган. Тилекке каршы, бардык мөөнөттөр өтүп бүткөнүнө карабай кредит берилген эмес.[460] Бирок Макмалдын тонналаган алтындары Швейцарияга ташылганы токогон эмес.

Бир жыл ичинде, "Сиабеко-Кыргызстан" АКсы уюштурулгандан бери, түзүлгөн келишимдин 1-этабынын бир да пункту аткарылган эмес. Ал эми Бирштейн мырзанын атынан "Сиабеко" фирмасынын түздөн-түз жардамы менен контрактын 2-этабынын бардык пункттары "өтө мыкты" аткарылып, жыйынтыгында Кумтөрдүн алтын кенин биргелешип иштетүү боюнча Кыргыз Республикасынын Өкмөтү менен канадалык "Камеко Корпорейшн" корпорациясынын Макулдашуу келишими түзүлгөн. "Каменко" менен болгон контракт кокустук болгон эмес, анткени "Сиабеко" жана "Камеко" компаниялары өнөктөштөр жана эки фирманын тең артында Акаевдин кеңешчиси, эң жакын досу Б.Бирштейн турган.

Бирштейндин фирмалары салыктын бардык түрлөрүнөн бошотулган. Анын куру убадаларына чындап ишенишкен республиканын жетекчилери

459. Отчет временной депутатской комиссии по ЗАО "Кумтор". Председатель – Садыр Жапаров. file:///C:/Users/Admin/Downloads/2021-06-01_18-51-38_729064%20(7).pdf;

460. Архив Усубалиева Т.У. "О ЗАПАСАХ, ХРАНЕНИИ И РЕАЛИЗАЦИИ ЗОЛОТА КЫРГЫЗСТАНА", 16-б. https://usubaliev.files.wordpress.com/2020/11/o-zapasah-hranenii-i-realizacii-zolota-kyrgyzstana.pdf

ага падышалык сый-урмат көрсөтүшкөн. Бирштейнге көрсөтүлгөн жогорку деңгээлдеги сый-урматты чет элдик басма сөздөр кеңири жазышкан. Анын бир мисалы катары 1993-жылы март айында "The Washington Post" газетасы: "Советтер Союзу ыдырагандан кийин эгемендикке ээ болгон алыскы, экономикалык жактан артта калган, бирок жаратылыш ресурстарына бай Борбордук Азиядагы Кыргызстанга Бирштейндин келүүсүн жогорку деңгээлде көңүл буруп, тосуп алуусу менен аны Россияда жылуу кабыл алынгандагы айырмачылыкты салыштыруу мүмкүн эмес.

Кыргызстанда "Сиабеко" компаниясына чындыгында болуп көрбөгөндөй өзгөчө артыкчылыктар берилген. Кыргызстандын Президенти А.Акаев 1992-жылдын октябрында Бирштейнди реконструкциялоо жана курулуш боюнча республикалык комитеттин төрагасы кылып дайындаган.

Андан көп өтпөй республиканын өкмөтү Сиабеконун жергиликтүү бөлүмдөрүн салык төлөөдөн бошоткон жана Бирштейнге Кыргызстандын чет өлкөдөгү соода өкүлү катары иштөөгө ыйгарым укук берилген. Ал кыргыз өкмөтүнүн тийиштүү мүчөлөрүн өзүнүн менчик самолет менен Батыш Европага жеткирген жана 1992-жылдын февралында Акаевдин Канадага болгон визитин уюштурган.

"Сиабеко" кыргыздар менен болгон тыгыз байланышына эмнелер себеп болуусу толук ачыкталган эмес. Шнайдер (компаниянын вице-президенти) республикадагы өзүнүн компаниясынын иштери боюнча сүйлөшүүдөн баш тарткан. Алтындан башка экспортко сунуш кыла турган анын көп деле товары болгон эмес. Акаев республика парламентинде Кыргызстанга тиешелүү

2 тонна алтын – анын батыштагы базар баасы болжол менен 23 миллион долларды түзгөн – Швейцариядыгы банктардын биринде республиканын алтын запастарынын сакталышын камсыз кылуу шылтоосу астында жөнөтүлгөнүн билдирген. Ал "Сиабеконун" бул алтынды чет өлкөгө жөнөтүүгө тиешеси болгонун же болбогонун тактаган эмес... Компаниянын өзү тараткан маалыматка караганда, компаниянын негизги киреше булактары Россиядагы жана Молдова менен Кыргызстан сыяктуу мурдагы советтик республикалардагы соода операцияларынан келет", – деп жазган "The Washington Post" газетасы.[461] Ал 2 тонна алтындын изи дайынсыз сууган.

Чуулгандуу Бирштейндин афералары жөнүндө интернет сайттарында абдан көп материалдар жарык көргөн. Мисалы, "ВикиЧтение" сайтында ал жөнүндө төмөндөгүдөй маалыматтар жазылган: *"Сиабеко" фирмасы КГБнын тышкы чалгындоо долбоору боюнча уюштурулган саналуу фирмаларынын бири. Бирштейндин мындай күчтүү "крышасы" болгондуктан мурдагы советтик республикаларда гигантттык иш-аракеттерди тайманбай жасаганы таң калыштуу эмес. Молдовадан кийинки ал "менчиктештирип алган" республика Кыргызстан болгон. 1991-жылы күзүндө Бирштейн күтүүсүздөн президент А.Акаевдин эң жакын досуна айланган. Кыргызстандын негизги байлыгы алтын кендер жайгашкан жерлер. Бирштейн ал кендерди толугу менен өзүнүн карамагына алганга жетиш-*

461. Архив Усубалиева Т.У. "О ЗАПАСАХ, ХРАНЕНИИ И РЕАЛИЗАЦИИ ЗОЛОТА КЫРГЫЗСТАНА" https://usubaliev.files.wordpress.com/2020/11/o-zapasah-hranenii-i-realizacii-zolota-kyrgyzstana.pdf.

кен. Бирштейн кээ бир рудниктерди өзү ишкете баштаган, ал эми кээ бирлерин кандайдыр бир түшүнүксүз чет элдик фирмаларга концессияга өткөрүп берген...

Бирштейн Кыргызстандын тонналаган алтынын өздүк учагы менен Швейцариянын банктарына жеткирген. Четке ташылып чыгарылып кеткен алтындын так көлөмү да белгисиз (ал ***болжол менен жүз тонна деп эсептелинет****), алтын үчүн эч нерсе төлөнгөн эмес (ал кезде Кыргызстандын мамлекеттик структураларына практикалык жактан эч нерсе түшкөн эмес).*

Бирок эки жылдан кийин Кыргызстан Бирштейндин бийлигинен капысынан эле бошонуп (ал "президенттин кеңешчиси" катары эсептелген) – 1993-жылы декабрда кыргыз парламенти капысынан бул шылуундун афёрасына кыжыры келип, жыйынтыгында премьер-министр Т.Чыңгышев кызматтан кетирилип, "Сеабеко" фирмасы Кыргызстандан куып чыгарылган.

Ырас, президент А.Акаев көп өтпөй эле парламентти таркатып, мындан ары ар кандай күтүүсүз сюрприздерди болтурбоо максатында өзүнө керектүү тандалган адамдар гана депутат болуп шайланышын катуу көзөмөлгө алган. Бирок мындай ызы-чуулуу жаңжалдан кийин Бирштейн Кыргызстанга кире албай калган...

Бирштейндин ошол жылдардагы эң башкы жетишкендиги бул эки кичинекей республика, Молдова жана Кыргызстан эле болгон эмес. Ал 1993-жылдын башында бүткүл Украинаны өз колуна алууга жетишкен! 1993-жылдын январында премьер-министр Кучманын буйругу менен Бирштейндин жаңы долбоору – AG "Украина" деп

аталган мамлекеттик компания түзүлүп, ал ишке ашырыла баштаган", – деп жазылган.[462]

Кыргызстандан Швейцарияга контрабандалык жол менен ташылган кыргыз алтынын так көлөмү жок. Канча тонна алтын тышка чыгып кеткен маалыматты Акаев менен Бирштейнге гана белгилүү. Улуттук банктын төрагасы К.Нанаевдин 1993-жылдын 24-февралында гана Швейцариянын "Металор" заводунан тазалангандан кийин 1 тонна 634 кг 315,3 гр. алтынды күрөөгө коюп, Швейцариянын "ЮВС" банкына өткөрүп берилген деген маалыматы бар. "Кыргызалтын" мамлекеттик концерндин отчетуна ылайык, тазаланган алтын бир жылдан ашык убакыт "Металор" заводунда жөн эле керексиз жүктөй жатып калган, бул албетте чындыкка дал келбейт.[463]

Т.Усубалиев жетектеген депутаттык комиссия Жогорку Советке "Кыргызалтын" мамлекеттик концернинин, ошондой эле "Сиабеко-Кыргызстан" мамлекеттик-жеке корпорациясынын (жабык типтеги) өндүрүштүк-финансылык ишин текшерген учурда кредиттик линияны одоно бузуулар, алтынды сатуудан алынган валюталык каражаттарды каалагандай ысырап кылуу жана түздөн-түз уурдоо фактыларын документтердин негизинде билдирген.

Комиссия: "Мисалы, 1993-жылдын 24-февралында премьер-министр Т.Чыңгышевдин оозеки

462. ВикиЧтение. Истоки нашего демократического режима. Греченевский Олег. "БОРИС БИРШТЕЙН" https://pub. wikireading.ru/127082

463. Архив Усубалиева Т.У. "О ЗАПАСАХ, ХРАНЕНИИ И РЕАЛИЗАЦИИ ЗОЛОТА КЫРГЫЗСТАНА", 30-б. https://usubaliev.files.wordpress.com/2020/11/o-zapasah-hranenii-i-realizacii-zolota-kyrgyzstana.pdf

буйругу менен "Сиабеко" ишканасына 1 миллион 915 миң 891,47 доллар төлөнгөн. Көрсөтүлгөн сумманы төлөө үчүн бул компания менен алдын ала кандайдыр бир келишим да, эч бир документтер да болгон эмес. Муну Улуттук банктын төрагасы К.Нанаев жазуу жүзүндө тастыктады. Төмөндө анын түшүндүрмөсүнүн толук тексти:

"Кыргызстандын Жогорку Совети. Алтын комиссиясына".

"Алтынды Кыргызстандын Улуттук банкынын эсебине которгондо премьер-министр Т.Чыңгышевдин оозеки тапшырмасы менен мен Сиабеконун пайдасына 1 миллион 915 миң 891,47 доллар төлөп бергем. К.Нанаев."[464]

Таң калыштуусу, өкмөттүн эч кандай чечими жок туруп, өкмөт башчынын өзүм билемдик менен оозеки буйругунун негизинде, чет өлкөлүк компанияга, мынчалык ири суммадагы валютаны төлөп берүү мыйзамсыз эле эмес, чектен тыш каракчылык. Мындай мыйзамсыз иш үчүн премьер-министр Т.Чыңгышев да, Улуттук банктын төрагасы К.Нанаев да кызматтан токтоосуз кетип, мыйзам алдында жооп берүүсү тийш болгон. Бирок экөөнүн тең "баштарынан бир да кыл" түшкөн эмес. Анкени ооз эки буйрук Акаев тарабынан берилгени жаш балага да белгилүү.

"Президент Акаев Бирштейн менен жең ичинен, жашыруун келишим түзүп, контробандалык жол менен кыргыз элинин алтынын Швейцарияга

464. Архив Усубалиева Т.У. "О ЗАПАСАХ, ХРАНЕНИИ И РЕАЛИЗАЦИИ ЗОЛОТА КЫРГЫЗСТАНА", 35-б. https:/ /usubaliev.files.wordpress.com/2020/11/o-zapasah-hranenii-i-realizacii-zolota-kyrgyzstana.pdf.

"Сиабеко" компаниясынын учагы менен криминалдык жол менен алып өтүү боюнча көрсөтмө берген. Акаевдин жасаган мындай кадамын чыккынчылык деп гана айтууга болот", – деп жазган Т.Усубалиев.[465] Ал эми "Республика" газетасы: "Президенттин "кыргыздын алтыны" Россиянын таможныясын айланып өтүү максатында менчик учак менен Швейцарияга ташылган", – деген билдирүүсү бүтүндөй Кыргызстандын коомчулугун дүрбөлөңгө салган", – деп жазган.[466]

Т.Усубалиев: "Премьер-министр Т.Чыңгышевдин алтынды өз менчигиндей иштеткенине дагы бир мисал: комиссияга "Кыргыззолото" ишканасынын мурдагы башкы директору К.Кыдыров төмөнкүлөрдү билдирди: "1992-жылдын декабрь айында "Южполиметалл" өндүрүштүк бирикмесинин башкы директорунун секретары Цюрихтен телефон аркылуу мени өнөр жай министри Э.Өмүралиевдин звоногуна чакырды. Кыска сүйлөшүүдөн кийин телефонду Чыңгышевге берип, ал канча алтын калганын сурады. Мен ага «Южполиметалл» өндүрүштүк бирикмесине 103 кг алтын концентраты аффинажга берилип, дагы 70 кг калганын айттым. Жолдош Чыңгышев 1992-жылдын 7-декабрында премьер-министрдин көрсөтмөсү менен Швейцарияга 67576,7 грамм өлчөмүндөгү

465. Архив Усубалиева Т.У. "О ЗАПАСАХ, ХРАНЕНИИ И РЕАЛИЗАЦИИ ЗОЛОТА КЫРГЫЗСТАНА" https://usubaliev.files.wordpress.com/2020/11/o-zapasah-hranenii-i-realizacii-zolota-kyrgyzstana.pdf.

466. "Республика" гезити, 26-июнь, 1993-ж.

алтын жөнөтүүгө даярдоону тапшырды", – деп жазган.[467]

Швейцарияга алтынды экспорттоо маселеси Кыргыз Республикасынын өкмөттүн жыйынында бир жолу да талкууланган эмес, бул боюнча эч кандай чечим да кабыл алынган эмес, бардыгы терең жашыруун сыр болуп, бул тууралуу президент менен премьер-министрдин ишенимдүү адамдары (А.Сарыгулов – тышкы экономикалык байланыштар боюнча мамлекеттик комитетинин жетекчиси, К.Кыдыров – "Кыргызалтындын" генералдык директору, Ж.Бошкоев – президенттик охрананын жетекчиси, С.Айтматов – "Сиабеко" корпорациясынын жооптуу кызматкери) гана билишкен.

Ошондой эле Швейцариянын "Металор" заводунда кыргыздын алтынын аффинаждоо жана аны банкта сактоо шарттары боюнча макулдашылган келишим да түзүлгөн эмес. Адистердин айтымында, алтынды тазалоо жана сактоо боюнча дүйнөлүк практикада мындай прецедент бир да жолу болгон эмес. Ал эми республиканын эки жетекчисинин биргелешип кыргыз элинин байлыгына жасашкан иштери контрабандалык мүнөздө экенин гана күбөлөндүрөт.[468]

Ушуга байланыштуу президент А.Акаевдин: "алтынды сыртка кантип чыгарам ал менин ишим, менчик учак мененби же төө мененби"[469] –

467. Архив Усубалиева Т.У. "О ЗАПАСАХ, ХРАНЕНИИ И РЕАЛИЗАЦИИ ЗОЛОТА КЫРГЫЗСТАНА", 22-б.

468. Архив Усубалиева Т.У. "О ЗАПАСАХ, ХРАНЕНИИ И РЕАЛИЗАЦИИ ЗОЛОТА КЫРГЫЗСТАНА", 22-б. https://usubaliev.files.wordpress.com/2020/11/o-zapasah-hranenii-i-realizacii-zolota-kyrgyzstana.pdf

469 Архив Усубалиева Т.У. "О ЗАПАСАХ, ХРАНЕНИИ И РЕАЛИЗАЦИИ ЗОЛОТА КЫРГЫЗСТАНА", 22-б.

деп айткан сөзү Турдакун Усубалиевичти өтө таң калтырып: "Акаев, сыягы, өзүн кыргыз мамлекети – бул менмин, ал эми Кыргызстандын элинин байлыгын жеке мен гана каалагандай башкарам деп эсептейт окшойт. Анын жоругу ачык эле демократиялык эмес. Бул жерде француз королунун "мамлекет – бул мен", – деп дайыма бышыктап айтканы эрксизден эске түшөт", – деп жазган Т.Усубалиев.[470]

Тышкы экономикалык байланыштар боюнча мамлекеттик комитеттин мурдагы төрагасы А.Сарыгулов менен Президенттин коопсуздук бөлүмүнүн начальниги Ж.Бошкоевдин Цюрихке менчик самолет менен учуп келгенден кийин чоочун, шектүү кишилердин ким экендигин күбөлөндүргөн удостоверениелерин сурабай, аларга кол койдуруу менен гана алтынды өткөрүп беришкен.

Мындай көрүнүш көп жолу кайталанган. Ал эми алтынды чоочун адамдарга өткөрүп берүүнүн мындай жол берилгис күмөндүү жол-жобосун премьер-министр Т.Чыңгышев өзү түзгөн.

А.Сарыгулов депутаттык комиссиянын мүчөлөрүнө: "Мен 1992-жылдын май айында алтын концентраты салынган жүктөрүн Цюрихтеги (Швейцария) аффинаж жасоочу жерге жеткирүү жана "Металор" фирмасына өткөрүп берүү үчүн коштоп баргамын. Өткөрүлүп берилген алтындан жалпы салмагы 300 килограммдан көбүрөк болчу. Кыргызстандын өкмөтүнүн чечиминин негизинде жеткирилген... "Металор" ишканасы жүктү кабыл алганы тууралуу бардык документтер өкмөттүн

470. Архив Усубалиева Т.У. "О ЗАПАСАХ, ХРАНЕНИИ И РЕАЛИЗАЦИИ ЗОЛОТА КЫРГЫЗСТАНА", 22-б.

жашыруун бөлүгүнө өткөрүлүп берилген." (28-апреля 1993-ж.) – деп айткан.[471]

Жогорку Кеңештин алтын боюнча түзүлгөн комиссиясына Швейцарияга алтынды контрабандалык жол менен кандай ташышкандыгы жөнүндө Ж.Бошкоев, С.Айтматов, К.Кадыров жана башкалар да көрсөтмө беришкени тууралуу Т.Усубалиевдин "Записка сында..." кеңири чагылдырылган.

Комиссия бир нече жолу Өкмөткө алтын концентратын ташуу жана кайра иштетүүнүн шарттары, аффинаждан (тазалоодон) кийин алынган таза алтындын көлөмү боюнча швейцариялык компания менен түзүлгөн документтерди же келишимдерди берүүнү өтүнгөн. Бирок комиссияга мындай маалыматтар түшкөн эмес. Аягында КР Премьер-министри Т.Чыңгышев андай документтер жок деп оозеки жооп берген. Ушундай эле жоопту А.Сарыгулов айткан: "Мен ошол кезде жетектеген Тышкы экономикалык байланыштар боюнча мамлекеттик комитет алтынды аффинаждоо боюнча эч кандай келишимге кол койгон эмес" (28.04.1993).[472]

Бул маселелер боюнча "Кыргызалтын" ишканасынын мурдагы башкы директору К.Кыдыров да эч нерсе айта алган эмес. Кыдыров мындай деп жазат: "...бир жолу мен Сарыгулов, Бошкоевдер менен бирге Швейцарияга барып, биздин бул жакка жиберилген алтын концентраттары жөнүндө бир нерсе билүүгө аракет кылгам. Цюрихке келгенден

471. Архив Усубалиева Т.У. "О ЗАПАСАХ, ХРАНЕНИИ И РЕАЛИЗАЦИИ ЗОЛОТА КЫРГЫЗСТАНА", 27-б. https://usubaliev.files.wordpress.com/2020/11/o-zapasah-hranenii-i-realizacii-zolota-kyrgyzstana.pdf

472. Архив Усубалиева Т.У. "О ЗАПАСАХ, ХРАНЕНИИ И РЕАЛИЗАЦИИ ЗОЛОТА КЫРГЫЗСТАНА", 28-б.

кийин, мен Б.Бирштейн мырзага менин алтынды аффинаждоо заводуна жана банкка баруумду уюштурууну өтүндүм. Бирок Бирштейн жана башка кызматкерлер Израилге кетишип, калган кызматкерлер өтүнүчтү орундатуудан баш тартышты".[473]

Алтынды аффинаждоо боюнча келишимдин иш жүзүндөгү шарттарын жалгыз Б.Бирштейн гана билген жана ал аларды кыргыз тараптан эч ким билбөөсү үчүн терең сыр катары сактаары талашсыз. Президент менен Премьер-министр бул жашыруун сырды кандайдыр бир деңгээлде, үстүрттөн билиши мүмкүн. Кыргыз Республикасынын өкмөтүндө да, "Кыргызалтын" өндүрүштүк бирикмесинде да аффинаждан кийин тазаланып алынган алтындын көлөмү (металл боюнча) боюнча толук маалымат жок экенин кандай түшүнсө болот? Швейцариянын "Металор" заводу алган алтын концентраттарынын эки гана партиясын аффинаждан өткөрүүнүн жыйынтыгы боюнча маалымат берген. Бирок Швейцариянын "Металор" заводу алтын концентраттарынын калган 6 партиясын аффинаждоонун жыйынтыгы боюнча эч кандай маалымат берген эмес.

Ал эми «Кыргызалтын» мамлекеттик концернинин президенти Д.Сарыгулов менен баалуу металлдар бөлүмүнүн башчысы Садыковдун Цюрихтеги "Металор" заводдон эч кандай маалыматы жок туруп, заводго жөнөтүлгөн бардык алтын концентраттарын аффинаждоонун жыйынтыгы

473. Архив Усубалиева Т.У. "О ЗАПАСАХ, ХРАНЕНИИ И РЕАЛИЗАЦИИ ЗОЛОТА КЫРГЫЗСТАНА", 28-б.

боюнча 1992-жылы өндүрүлгөн алтын боюнча ойдон чыгарылган жасалма корутунду чыгарышкан.[474]

Депутаттык комиссиянын иликтөөсүнүн натыйжасында 1992-жылы "Сиабеко" жеке компаниясына таандык участкар менен Макмал кенинен казылып алынган республикалык резервтен 1857 кг 082 г алтын чет өлкөгө чыгарылып кеткени аныкталган.[475] Мындан тышкары, ошол кезде Кара-Балта шаарында алтынды жана башка баалуу металлдарды аффинаждоо менен алектенген ата мекендик ишкана иштеп турганына карабастан, тиешелүү эсепке алынбастан, курамында алтын бар концентраттар Швейцарияга аффинаждоо үчүн Сиабеко аркылуу контробандалык жол менен ташылган.

Президенттин түздөн-түз тапшырмасы менен 1992-жылдын 24-мартында Кыргызстандын Өкмөтү "Кыргызстан-Сиабеко" корпорациясын 1992-1993-жылдары республикалык бюджетке киреше-ден түшүүчү салык төлөөдөн бошотуу жөнүндө"[476] токтом кабыл алган. Демек, президент менен өкмөт башчы макулдашып алышып мамлекеттин мыйзамдарын айланып өтүп, өздөрүнө ылайыктуу кылып, каала-

474. Архив Усубалиева Т.У. "О ЗАПАСАХ, ХРАНЕНИИ И РЕАЛИЗАЦИИ ЗОЛОТА КЫРГЫЗСТАНА", 28-29-бб. https://usubaliev.files.wordpress.com/2020/11/o-zapasah-hranenii-i-realizacii-zolota-kyrgyzstana.pdf

475. Информация Государственной комиссии по определению движимого и недвижимого имущества, принадлежащего первому президенту КР Акаеву А.А., членам его семьи и ближайшим родственникам, а также обеспечению его сохранности о проделанной работе // Слово Кыргызстана. – Бишкек. 24.06.2005.

476. Архив Усубалиева Т.У. "О ЗАПАСАХ, ХРАНЕНИИ И РЕАЛИЗАЦИИ ЗОЛОТА КЫРГЫЗСТАНА", 11-б.

гандай бурмалай алган, – деп жазган Т.Усубалиев.[477]

Бирштейндин жана анын «Сиабеко» компаниясынын уятсыз аракеттери тууралуу массалык маалымат каражаттарында айтылгандары жөнүндө Кыргызстандын жетекчилери тарабынан өтө негативдүү кабыл алынган. Ушуга байланыштуу "Комсомольская правда" газетасынын 1993-жылдын 24-апрелинде жарык көргөн: "Басылып чыккан материалдарга кайтуу" деген макаласы өзүнө көңүл бурдурткан. "...Анда "Президенттин алтын кеңешчиси" деген биздин макалабызда (1993-жылдын 5-февралында) канадалык-швейцариялык "Сиабеко" корпорациясынын КМШдагы ишмердүүлүгүн чагылдырып, Кыргызстан менен Молдованын башкаруучу чөйрөлөрүндө шок жаратты...", – деп жазылган.[478]

"Президенттин алтын кеңешчиси" деген макаланы даярдап жатканда авторго айрым бир адамдар конкреттүү тапшырмалар менен кайра-кайра кайрылышкан: жарыялоону белгилүү бир мөөнөткө чейин жылдыруу жана аны үчүн чоң суммадагы "финансылык компенсация" сунушталган. Макаланын чыгарына эки күн калганда республикага белгилүү адам К.Баялиновдун квартирасына келип, "Сиабеконун" атынан макаланын кол жазмасынын ордуна чоң суммадагы акча сунуш-

477. Архив Усубалиева Т.У. "О ЗАПАСАХ, ХРАНЕНИИ И РЕАЛИЗАЦИИ ЗОЛОТА КЫРГЫЗСТАНА", 11-б.

478. "Комсомольская правда", 24 апрель 1993 г.; Архив Усубалиева Т.У. "О ЗАПАСАХ, ХРАНЕНИИ И РЕАЛИЗАЦИИ ЗОЛОТА КЫРГЫЗСТАНА", 12-б. https://usubaliev.files.wordpress.com/2020/ 11/o-zapasah-hranenii-i-realizacii-zolota-kyrgyzstana.pdf

таган. Баш тартуудан кийин ал адам кабарчынын жакындарынын бири өлтүрөт деп коркуткан". Бирок "Комсомольская правданын" кабарчысы коркпой, чыныгы фактыларга, документтерге, адистердин корутундуларына таянуу менен ал өзүнүн профессионалдык милдетин аткарган – деп жазган Т.Усубалиев.[479]

Президенттик аппараттын каржы жана чарба бөлүмүнүн башчысынын айтымында, 1991 – 1992-жылдар ичинде Б.Бирштейн өзүнүн жансакчылары жана жардамчыларынын коштоосунда Бишкекке 10дон ашык жолу келген. Келген сайын Президенттин көрсөтмөсү менен ал чет мамлекеттердин башчыларын жана жогорку саясатчыларды кабыл алуу үчүн гана курулган өлкөнүн башкы өкмөттүк 3-резиденциясына жайгаштырылган. Ал эми анын жардамчыларына президенттин резиденциясынын конок үйүндөгү комфортабелдүү бөлмөлөр берилген. Алардын келип, кетүүсүнө максималдуу шарттар түзүлгөн.[480]

1991-жылдын 13-октябрындагы президент А.Акаевдин Указы менен Кыргыз Республикасынын экономикасын реконструкциялоо жана өнүктүрүү

479. Архив Усубалиева Т.У. "О ЗАПАСАХ, ХРАНЕНИИ И РЕАЛИЗАЦИИ ЗОЛОТА КЫРГЫЗСТАНА", 12-б. https://usubaliev.files.wordpress.com/2020/11/o-zapasah-hranenii-i-realizacii-zolota-kyrgyzstana.pdf

480. Архив Усубалиева Т.У. "О ЗАПАСАХ, ХРАНЕНИИ И РЕАЛИЗАЦИИ ЗОЛОТА КЫРГЫЗСТАНА" https://usubaliev.files.wordpress.com/2020/11/o-zapasah-hranenii-i-realizacii-zolota-kyrgyzstana.pdf.

Комитети түзүлүп, Бирштейнди аталган комитеттин председателдигине дайындаган.[481]

УКАЗ

ПРЕЗИДЕНТА РЕСПУБЛИКИ КЫРГЫЗСТАН

О государственно-частной корпорации "Кыргызстан–Сиабеко" и Комитета по реконструкции и развитию экономики Республики Кыргызстан

1. Одобрить предложения о создании в установленном законодательством Республики Кыргызстан порядке государственно-частной корпорации "Кыргызстан – Сиабеко".

2. Образовать Комитет по реконструкции и развитию экономики Республики Кыргызстан при Президенте Республики Кыргызстан.

3. Считать целесообразным привлечение на должность председателя Комитета по реконструкции и развитию экономики Республики Кыргызстан на контрактной основе гражданина Канады Бирштейна Бориса Иосифовича.

Президент Республики Кыргызстан А.АКАЕВ

г.Бишкек, Дом Правительства
13 октября 1991 года
№ УП–340

Президент көптөгөн министрлерди, облус акимдерин, өзүнүн кеңешчилерин жана башка кээ бир жетекчи кызматкерлерди комитеттин курамына бекиткен. Комитеттин составына "Сиабеконун" жетекчи кызматкерлери да киргизилген.

Бул Указдан удаа эле жаңы Указ чыгарып, ага ылайык президент Акаев Бирштейнге жана ал чет өлкөдөн ээрчите келген "Сиабеко" фирмасынын

481. Отчет временной депутатской комиссии по ЗАО "Кумтор". Председатель – Садыр Жапаров. file:///C:/Users/Admin/Downloads/2021-06-01_18-51-38_729064%20(7).pdf.

вице-президенти Зейн Алпертке Кыргызстандын чет мамлекеттердеги соода өкүлдөрүнүн ыйгарым укуктарына ээ болушкан. Мындай укуктан пайдаланган Бирштейн өзүнүн адамдарын АКШ, Израил жана Канада мамлекеттеринде Кыргызстандын соода өкүлдөрү кылып дайындаган.[482] Кыргызстанга эч кандай тиешеси жок, чет өлкөлүк ал "өкүлдөр" республикалык бюджеттин эсебинен башка өлкөлөргө сапарларга чыгышып, чоң суммада маяна алышкан.

Кыргыз Республикасынын Президентинин 13.10.1991-жылдагы No УП-340 Указына ылайык республиканын алтын кендерин иштетүүгө чет өлкөлүк фирмаларды тартуу "Сиабеко" компаниясы аркылуу гана ишке ашырылуусу тийиш болгон.

Кыргыз Республикасынын экономикасын реконструкциялоо жана өнүктүрүү комитетинин төрагасы катары, "жемиштүү" иштөөсү үчүн Бирштейнди Ак үйдүн 7-кабатында, президенттин жумушчу кабинетине жакын, вице-премьер-министрлердин биринин абройлуу кабинетине жайгаштырган.[483] Эл аралык шылуун, чет өлкөлүк соодагерге жасаган Акаевдин мындай мамилеси, албетте, Президенттик бийликтин эле эмес, эгемендүү мамлекеттин – Кыргыз Республикасынын беделин түшүрүп, арнамысына шек келтирип, кемсинткен менен барабар болгон. Мындай шермендечилик Акаевдин гана колунан келген.

482. Отчет временной депутатской комиссии по ЗАО "Кумтор". Председатель – Садыр Жапаров. file:///C:/Users/Admin/Downloads/2021-06-01_18-51-38_729064%20(7).pdf.

483. Архив Усубалиева Т.У. "О ЗАПАСАХ, ХРАНЕНИИ И РЕАЛИЗАЦИИ ЗОЛОТА КЫРГЫЗСТАНА", 9-б.

Кыргыз бийлигинин патриархаты Т.Усубалиев өзүнүн "Запискасында" Акаевдин Бирштейнге жасаган сый-урматы жөнүндө: "...суверендүү мамлекет үчүн таптакыр кабыл алынгыс нерсе. Мындай жорук дүйнөнүн бир да өлкөсүндө болгон эмес", – деп жазган.[484]

Бирштейн ортомчулук иш менен алектенген бизнесмен болгондуктан, өз кезегинде бул иш үчүн Канададагы белгисиз Чарльз Макмилланды жалдап, аны өзүнө экономикалык кеңешчи кызматына алган.[485] Бирштейн Макмилланды Бишкекке "кыргыз өкмөтүнө экономикалык оюн көрсөтүү үчүн" алып келген – деп жазган Канаданын "Торонто стар" ("Toronto Star") газетасы.[486] Чынында эле Бирштейн Ч.Макмиллан өзүнө тартып, Кыргыздын өкмөтү менен "мышык-чычкан" оюнун ойноп, сөөмөй учунда ийкемдүү чимирилтип, баш аягы жок "экономикалык концепцияны" бат эле даярдай салган.[487]

Чындыгында, Ч.Макмиллан кыска убакытта өзүнүн экономикалык концепциясын сунуш кылган, аны олуттуу документ катары кабыл алууга болбойт. "Комсомольская правда" газетасы белгилегендей, Макмиллан академик Т.Койчуевдин жана башка кыргыздын көрүнүктүү экономист окумуштууларынын экономикалык программаларынан үзүндүлөр алуу менен өзүнүн концепциясын токуй салган.[488]

Бирштейн жетектеген комитет (КРнын Президентинин 2-декабрь 1991-жылдагы УП № 38215 Жарлыгы менен түзүлүп, КРнын Президентинин 15-июнь 1993-жылдагы РК УП № 158а жарлыгы менен жоюлган) болгону бир жарым жыл "иштеп", бир гана жолу 30 мүнөттүк жыйын өткөргөн. Жыйынга комитеттин мүчөлөрүнүн үчтөн экиси чогулбай, кворумга жетпей, "бирштейндик – макмилландык" экономикалык концепция" формалдуу өттү деп эсептелген.[489] Ал "концепциянын" Кумтөрдөн башка бир да пункты иштеген эмес.

Бирштейн мамлекеттик чиновниктерге өлкө байлыгын тоноонун жол жолбосун окутуп эле тим болбостон, ал байлыкты кайда, кантип сактоону да үйрөтүп кеткен.

Кыргызстандын жогорку эшелондогу жетекчилеринин швейцариялык-канадалык "Сиабеко" компаниясы менен тыгыз байланышы жөнүндө жана ал чиновниктердин чет өлкөлүк, атап айтканда, швейцариялык банктардагы валюталык эсептери тууралуу маалыматтар өз мезгилинде айрым чет өлкөлөрдүн жана республиканын өзүндө массалык маалымат каражаттарында тез-тез чыга

484. Архив Усубалиева Т.У. "О ЗАПАСАХ, ХРАНЕНИИ И РЕАЛИЗАЦИИ ЗОЛОТА КЫРГЫЗСТАНА", 9-б

485. Архив Усубалиева Т.У. "О ЗАПАСАХ, ХРАНЕНИИ И РЕАЛИЗАЦИИ ЗОЛОТА КЫРГЫЗСТАНА", 9-б.; Игамбердиев Б.А. "Золотой скандал" и "золотой" договор: к истокам коррупции в Кыргызстане. В журн.: "Проблемы экономики" с.23; http://mnenie.akipress.org/unews/un_post:19478

486. Архив Усубалиева Т.У. "О ЗАПАСАХ, ХРАНЕНИИ И РЕАЛИЗАЦИИ ЗОЛОТА КЫРГЫЗСТАНА", 10-б

487. Отчет временной депутатской комиссии по ЗАО "Кумтор". Председатель – Садыр Жапаров. 18-б. file:///C:/Users/Admin/Downloads/2021-06-01_18-51-38_729064%20(7).pdf.

488. Отчет временной депутатской комиссии по ЗАО "Кумтор". Председатель – Садыр Жапаров. 18-б.

489. Архив Усубалиева Т.У. "О ЗАПАСАХ, ХРАНЕНИИ И РЕАЛИЗАЦИИ ЗОЛОТА КЫРГЫЗСТАНА", 10-б.; Тронутые золотом и троном // «МСН» – Новости Кыргызстана: интернет-газета. 23.12.2005. URL: www.msn.kg/ru/news/12466/

баштаганы тууралуу Т.Усубалиев өзүнүн "Запискасында" эскерип, ММКдан алынган конкреттүү төмөндөгү мисалдарды келтирген:

"Бишкекте кыргыздын чарба жетекчилеринин чет элдик банктардагы валюталык эсептери тууралуу кептердин айтылуусу таратылууда. Жаңы кыргыз номенклатурасынын балдары эми Москвада эмес, Түркия менен Швейцарияда окууну жактырышат. "Кыргызстан-1" конушунда фешенебелдүү[490] виллалардын курулушу көбөйүүдө...".[491] "Республикада "Сиабеко" компаниясынын өкмөткө болгон өтө чоң таасири жөнүндө, бийлик менен фирманын үй-бүлөлүк байланыштары жөнүндө, Кыргызстандын жетекчилеринин чет өлкөлүк банктардагы валюталык эсептери жөнүндө ар кандай сөздөр айтылууда...", – деп жазган.[492] Бирок, ошол мезгилдеги республикалык жетекчилердин бири да мындай кабарларды үн катып, четке кагышкан эмес жана актанууга да аракет жасашкан эмес.

Акаевдик бийлик жыл санап күчүнө кирип, Эгемен Кыргызстан президенттик үй-бүлөнүн менчигине айлана баштаган. Президенттин жубайы Майрам, кызы Бермет жана уулу Айдар реалдуу башкаруу бийлигине аралашышып, "үй-бүлөлүк башкаруунун" бал даамын татышып, адамдардын тар чөйрөсү саясаттагы жана бизнестеги негизги

490. Фешенебельный – *буржуазиялык коомдо ак сөөктөргө ылайыкталган жасалгалуу көркүү хан сарайлар.*

491. "Комсомольская правда", 5 февраля 1993г.; Архив Усубалиева Т.У. "О ЗАПАСАХ, ХРАНЕНИИ И РЕАЛИЗАЦИИ ЗОЛОТА КЫРГЫЗСТАНА", 12-б.

492. Газета "Азия" № 6 (44), февраль 1993г.; Архив Усубалиева Т.У. "О ЗАПАСАХ, ХРАНЕНИИ И РЕАЛИЗАЦИИ ЗОЛОТА КЫРГЫЗСТАНА", 12-б.

кызмат орундар президенттин айланасындагы тар чөйрөдө бөлүштүрүү салтка айланган.[493]

Мисал катары Кыргызстандын биринчи айымы Майрам Акаева "Мээрим" кайрымдуулук фондун уюштуруп, Кыргызстандын мамчиновниктерин, ишкерлерин жана чет элдик уюмдарды фонддун эсеп-счетуна "кайрымдуулук" көрсөтүүгө милдеттендирген. "Континент" жарнамалык компаниясы, "Берекет Гранд" ири соода борбору анын көзөмөлүндө болгон.

Майрам Акаеванын бир тууган агасы А.Шамбетов Бишкектеги ири базарлардын бири болгон Ош базарын көзөмөлдөгөн; анын башка агасы Кыргызстандын Германиядагы элчилигинде кеңешчи болуп иштеген; Майрам Акаеванын сиңдилеринин бири мамлекеттик кадр агенттигинин статс-катчысы, экинчиси Талас облусунун губернаторунун орун басары, үчүнчүсү Ысык-Көл облусунун губернаторунун орун басары болуп иштешкен (ошону менен катар Каракол шаарынын ири базарын көзөмөлдөп турган); анын жакын тууганы (племянница) Москвадагы элчиликтин экинчи катчысы болуп иштеген; Президенттин бир тууган агасы Кеминдин улуттук паркын башкарган, анын үч баласынын "иштешкен" жерлери:

а) "Бишкек шаарынын эркин экономикалык зонасында", "Манас" аэропортун салыксыз бензин менен камсыз кылып турган;

493 Кынев, А. Кыргызстан до и после «тюльпановой революции»: Бурные события 2005 года еще не означают изменения системы правления в стране. – Бишкек, 2010. http://igpi.ru/info/people/kynev/1128082583.html

б) Тышкы иштер министрлигинде консулдук башкармалыктын начальниги;

в) Кыргыз Республикасынын Бириккен Араб Эмираттарындагы Башкы консулдугунун башчысы болуп иштеген.

Президенттин кызы Б.Акаева Женевадагы "Intracom General Machinary" эл аралык компаниясынын директору болуп иштөө менен бирге Кыргызстандагы Ага Хан Фондун жетектеп, Борбордук Азиядагы Америка университетинин (БААУ) президенти, ошол эле мезгилде "Алга, Кыргызстан" партиясын жетектеген. Анын күйөөсү А.Тойгонбаев Кыргызстандагы бүтүндөй алкоголдук өндүрүштү көзөмөлдөп, "Кыргыз Алко" компаниясына ээлик кылган; ал ошондой эле Кыргызстандагы эң ири Кант цемент-шифер комбинатына ээ болгон, комбинат бүт Кыргызстанды продукция менен камсыз кылган жана Казакстанга экспорттоп турган; Кадамжай сымап комбинаты, Кара-Балта кант заводу, "ШНОС" май кууучу станциялар тармагы, "МИС" ЖЧКсы, анын "Аалам Сервис" компаниясы аркылуу "Манас" аэропортуна жана Американын "Ганси" авиабазасына мунай продуктыларын жеткирүүчү, СЭЗ-Бишкекти кармап турган; ошондой эле "КООРТ" телеканалынан, "Love Radio" радиостанциясынан, "АЙРЕК" жарнамалык агенттигинен жана КыргызИнфо маалымат агенттигинен турган гигант медиа-холдингге ээ болгон. Кошумчалай кетсек, "МСН" гезити жазгандай, ал абдан чоң "Норус" лыжа базасын жана республикадагы эң ири телекоммуникациялык компания "Кыргызтелекомду" башкарган.

Президенттин уулу Айдар Акаев 29 жашында бир эле мезгилде Кыргызстандын Олимпиада комитетинин президенти жана каржы министринин кеңешчиси болуп иштеген. Ал көзөмөлдөгөн түзүмдөрдүн арасында Энергобанк, республикалык масштабдагы АЗС түйүнү "НК-Альянс", "Бител" жана "FONEX" уюлдук байланыш компаниялары, "Ысык-Көл-Аврора" улуттук санаторийи, Кыргыз деңиз жээгиндеги "Кыргызское взморье" санаторийдин бир бөлүгү, "Гүлкайыр" пансионаты, "Silk Way" соода борбору, "Irish Pub" жана "Stars" ресторандары, "First" дискоклубу, Бишкектеги "Народный" ири супермаркеттер тармагы, "Бишкек" мейманканасы, "Кыргыз Темир", "Кумтөр" ишканасы, "ЭлКат" ЖЧК Компаниясы, "НБТ" жана "Пирамида" телекомпаниялары, Токмоктогу "Интергласс" айнек заводу, Жалал-Абад пахта комбинаты; Ал ошондой эле "Түндүкэлектро", "Ошэлектро", "Кыргызгаз", "Кыргызнефтегаз", Улуттук компаниялар "Электр станциялары" жана "Кыргызтелеком" ишканаларында жеке кызыкчылыктары болгон.[494]

Жогоруда көрсөтүлгөн фактылар президенттин үй-бүлөсүнүн мамлекеттик мүлктү "прихватташтырып" алганынын чети гана. Акаев үй-бүлөсү менен 2005-жылы марттагы революцияда өлкөнү таштай качкан соң, ушул эле жылдын 18-апрелинде Кыргыз Республикасынын Президентинин милдетин аткарган К.Бакиевдин УП N 108 жарлыгы[495]

494. Игамбердиев Бахтияр. 4 Марта 2021. "Золотой скандал" и "Золотой" договор: к истокам коррупции в Кыргызстане http://mnenie.akipress.org/unews/un_post:19478; Газовые тайны Кыргызстана // Дело№. – Бишкек. 07.04.2011.

495. УКАЗ ИСПОЛНЯЮЩЕГО ОБЯЗАННОСТИ ПРЕЗИДЕНТА КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ от 18 апреля 2005 года УП № 108. О

менен Президент А.Акаевдин, анын үй-бүлө мүчө-лөрүнүн жана жакындарынын республиканын ичинде жана анын чегинен тышкары жерлердеги кыймылдуу жана кыймылсыз мүлктөрүн аныктоо боюнча Кыргыз Республикасынын вице-премьер-министринин м.а. Д.Усенов башында турган мамлекеттик комиссия түзүлүп,[496] эки айдын ичинде Президенттин жеке үй-бүлөсүнө тиешелүү, мамлекеттик бюжетке киреше келтирүүчү, Кыргызстандагы эң ири 42 объект аныкталган.[497] Ал объектердин айрымдары жогоруда аталды. Мындан тышкары президенттин туугандары менен үй-бүлөнүн "оту менен кирип, күлү менен чыгышкан" жакындарынын республикадагы жана чет өлкөлөрдөгү бардык мүлктөрү, юридикалык компаниялары менен оффшордук зоналардагы субъектеринин болжолдуу жалпы саны 180ге жеткен.[498]

вопросах, связанных с имуществом, принадлежащим Первому Президенту Кыргызской Республики Акаеву А.А., членам его семьи, родственникам и ближайшему окружению. http://cbd.minjust.gov.kg/act/preview/ru-ru/43489/20?mode=tekst

496 СОСТАВ Государственной комиссии по определению движимого и недвижимого имущества, принадлежащего Первому Президенту Кыргызской Республики Акаеву А.А., членам а также обеспечению его сохранности его семьи и ближайшим родственникам, http://cbd.minjust.gov.kg/act/preview/ru-ru/43489/20?mode= tekst

497. Приложение № 2 к Указу исполняющего обязанности Президента Кыргызской Республики от 18 апреля 2005 года № 108 ПРИМЕРНЫЙ ПЕРЕЧЕНЬ движимого и недвижимого имущества, подлежащего проверке на предмет принадлежности Первому Президенту Кыргызской Республики Акаеву А.А., членам его семьи и родственникам находящихся в Кыргызской Республике и за ее пределами http://cbd.minjust.gov.kg/act/ preview/ru-ru/43489/20?mode= tekst; https://www.facebook.com/groups/397677790972842/posts/ 727799684627316/

498. УКАЗ ИСПОЛНЯЮЩЕГО ОБЯЗАННОСТИ ПРЕЗИДЕНТА КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ О вопросах, связанных с

Албетте, 180 объекттин бардыгы 100% президенттин менчиги эмес. Бирок бардык өндүрүш объектилеринде ар кандай пайыздагы үлүштөргө ээ болушкан. Натыйжада бюджетке түшүүчү финансылык каражаттын басымдуу бөлүгү үй-бүлөнүн байлыгын көбөйтүү үчүн түшүп турган.

Бийлик менен байлыкка манчыркаган Акаев мамлекетке убактылуу жетекчи болуп, калк үчүн кызмат өтөп, эртеби, кечпи кезеги келгенде ээлеген ордун бошотуп кетерин унутуп, бийликкте түбөлүк турчудай, Кыргызстандын калкы менен мүлкүнө жеке менчигиндей мамиле кылып, өлкө бюджетин өзүнүн чөнтөгү менен алмаштырып алганын сезбей калган өңдүү.

Бекеринен Т.Усубалиев таң калуу менен: "Акаев, сыягы, өзүн кыргыз мамлекети – бул менмин, ал эми Кыргызстандын элинин байлыгын жеке мен гана каалагандай башкарам деп эсептейт окшойт... Бул жерде француз королунун мамлекет – бул мен, деп дайыма бышыктап айтканы эрксизден эске түшөт", – деп жузуу менен Акаевдин чыныгы жүзүн көрсөткөн.[499]

Мамлекетти тоноонун уюшулган коррупциялык, бандиттик жолдорун Акаев бийликке келишкен кийинки президенттерге мурас катары калтырып кеткен. Бийликке келишкен президент-

имуществом, принадлежащим Первому Президенту Кыргызской Республики Акаеву А.А., членам его семьи, родственникам и ближайшему окружению; Коомдук Бирикме "Элет Көйгөйү" Общественное обьединение. http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/4297?cl=en-ru; http://cbd.minjust.gov.kg/act/preview/ru-ru/43489/20?mode= tekst; https://www.facebook.com/groups/397677790972842/posts/ 727799684627316/

499. Архив Усубалиева Т.У. "О ЗАПАСАХ, ХРАНЕНИИ И РЕАЛИЗАЦИИ ЗОЛОТА КЫРГЫЗСТАНА", 22-б.

тердин үй-бүлөлөрү эле эмес, алардын тууган-туушкандары менен мамлекетти башкаруу үчүн президенттин тегерегиндеги байлыкка жакын чиновниктер да өлкөнү каракчылык менен тоноонун өнүккөн жаңы формаларын жайылтуусу токтобой, мамлекеттин байлыгын кайра бөлүштүрүү менен алектенип келет. Ошол себептен Кыргызстанда президент болгондор баш болгон мамлекеттик чиновниктер менен уюшулган кылмыштуу топтун (ОПГ) мүчөлөрү бай жашашат да, мамлекет карыздан башы чыкпай, "итке мингендей" кедей болуп, жакыр калктын катмары кыскарбай келет.

Кыргызстандын биринчи бай-олигарх, "ак сөөктөрү" акаевдик башкаруу мезгилинин алгачкы жылдары эле жогорку эшолондогу мамлекеттик кызматкерлер өлкө байлыгын көрүнөө да, көмүскө да тоноонун эсебинен жомоктогудай байышып, жаандан кийин жайнап чыккан козукарындай өсүп чыгышкан.

Акаевдик доордо мамлекеттик кызматты аркалашкан мамчиновниктердин 90%ы мамлекеттик мүлктү талап-тоноп, "прихватташтыруунун" эсебинен байлык чогултушкандар бүгүнкү күнү да оокаттуу. 90-жылдары Кыргызстандын калкынын 80%ынан ашууну жакырлыктын азабын тартып, кымбатчылыктын айынан күнүмдүк нан алганга мүмкүнчүлүгү жок, айласыз, кайырчылык кылган оор мезгил болгон.[500]

А.Акаев президенттик милдетин аткарууга киришкендин алгачкы жылдарынан баштап жеке

500. Архив Усубалиева Т.У. "О ЗАПАСАХ, ХРАНЕНИИ И РЕАЛИЗАЦИИ ЗОЛОТА КЫРГЫЗСТАНА", 17-б

кызыкчылыгын мамлекеттин кызыкчылыгынан жогору коюп, эл аралык аферист-шылуундар менен бирдикте өлкө байлыгына коррупциялык жол менен ээлик кылып, кол салуусу албетте, коомчулукту таң калтырбай койгон эмес. Эл ичинде Эгемен Кыргызстан өз алдынча болгон алгачкы жылдардан баштап уюшулган кылмыштуу топтун ана башында президент А.Акаевдин өзү турганы тууралуу ар кандай аңыз сөздөр айтылып келет.

Бир топ мамлекеттерге чуу салган, эл аралык аферист, чет өлкөнүн жараны Б.Бирштейн Кыргызстанга келип эле тим болбостон, эң жогорку мамлекекттик бир нече кызматтарды ээлеп, ага мамлекет тарабынан колдоо көрсөтүлүп, жеке президент Акаевдин камкордугунда болууга жетишүүсү, албетта, коомчулук үчүн таң каларлык! Мындай көрүнүштү дүйнө элдеринин жомокторунан да жолуктуруу мүмкүн эмес.

Балким, Бирштейн президент А.Акаевди баш кылып, өкмөт башчы Т.Чыңгышевди төш кылып жана башка бийлик өкүлдөрүн менчик самолёту менен Канадага, Европага алып барып, аларды эс алдырып, жогорку рангдагы мамчиновниктер үчүн төрт престиждүү "Вольво - 940" жеңил машина белек кылганы үчүндүр? Же, замандын залкар жазуучусу Чыңгыз Айтматовдун кийлигишүүсү менен уулу Санжар Айтматов расмий түрдө "Сиабеконун" Швейцариядагы филиалына ишке орноштурулганы үчүндүр? Кумтөрдүн алтын кени мамлекеттин кызыкчылыгы үчүн иштетилбей, президенттин түздөн-түз чет элдик каракчы инвесторлордун жана үркөрдөй болгон кыргыздын ман-

сапкор жетекчилеринин капчыгын толтуруу үчүн иштетилгени, албетте өтө өкүнүчтүү.

Кандай болгон күндө да, Акаевдин колдоосу менен Бирштейндин Кыргызстанга өтөгөн "өтө үлкөн кызматтары" толук ачылбай сыр боюнча калып келет. Бүгүн Акаев канчалык актанбасын, кыргыз журчулугу үчүн ал эл аралык аферист-бандиттер менен байланышкан, Эгемендүү Кыргызстандын бийлик бутактарына уюшулган коррупциянын үрөөнүн сепкен, кыргыз мамлекетине кыянаттык кылган, эл душманы эсептелген адам катары тарыхта кала бермекчи. Эмнеси болсо да "ат көрбөгөн минип өлтүрөт..." сыңары, президенттик тактыга кокусунан "Вертелёт менен түшүрүлгөн" А.Акаев орустун улуу акыны А.Пушкиндин жомогундагы алтын балык кармаган абышканын байбичесинин тагдырын кайталап, элге батпай, качкын аталып, четте күн кечирип жүрөт.

ОШ ОКУЯСЫ

1985-жылы мартта КПСС БКнын Генералдык секретары болуп шайланып, СССРдин башчылыгына келген М.С.Горбачев жана анын партиялаш соратниктери көп жылдар бою калыптанып калган советтик системаны түп тамырынан бери өзгөртүү максатында идеологиянын жаңы программасын – **"Кайра куруу"** деген жалпы аталыштагы реформалар пакетин жарыялап, аны ишке ашырууда **"тездетүү", "айкындык"** жана **"демократизация"** саясаттарын баш аламан жүргүзүү менен өлкөнү белгисиз тунгуюкка кабылтып, Горбачевдук кайра куруу реформасынын жыйынтыгы 1991-жылы СССРдин жоюлушу менен аяктаган.

Горбачевдук реформалардын натыйжасында граждандардын саясий активдүүлүктөрү жогорулап, коомдук-саясий, анын ичинде ашынган радикалдуу жана улутчул уюмдар массалык түрдө түзүлө баштаган. Кайра куруу процесси өлкөнү экономикалык терең кризиске кабылткан.

Советтер Союзу тездетүү курсунун жүрүшүндө экономиканы жаңы кырдаалга ыңгайлаштыруудагы кыйынчылыктарды жөнгө сала алган эмес. 1989-жылы СССРдин тарыхында биринчи жолу экономикада терең кризис башталганын бийлик официалдуу түрдө моюнга алып, анын дең-

гээлин жарыялаганга аргасыз болгон (экономикалык өсүү төмөндөө менен алмаштырылган).[501]

1986—1990-жылдарда СССРдин экономикалык көрсөткүчтөрүнүн – өнөр жайынын, айыл чарбасынын, калктын кирешелеринин өсүү темптери, өткөн жылга % менен.[502]

1989—1991-жылдарда советтик экономиканын негизги проблемасы — күндөлүк керектелүүчү товарлардын дефицити максимумга жетип, кеңири сатылып жаткан негизги товарлардын дээрлик

501. Кара: 1980-е в экономике СССР. https://dic.academic.ru/dic.nsf/ruwiki/1415647

502. Государственная экономическая политика в СССР в 1980-х годах. http://newsruss.ru/doc/index.php/%D0%AD%D0%BA%D0%BE%D0%BD%D0%BE%D0%BC%D0%B8%D0%BA%D0%B0_%D0%A1%D0%A1%D0%A0_%D0%B2_1980-%D1%85_%D0%B3%D0%BE%D0%B4%D0%B0%D1%85

бардыгы, нандан башка, азык-түлүк дүкөндөрүнүн полкалары "жылан жалмагансып" бош калган. Горбачевдун башкаруу системасын реформалоого болгон аракети да өлкөдө кризистин тереңдешин курчуткан. 1989-жылдан баштап калкты нандан башка күндөлүк керектелүүчү негизги товарлар менен камсыздоо максатында талон формасындагы системаны киргизүүгө аргасыз болгон. Азык-түлүк менен катар өнөр жай товарларынын тартыштыштыгы да жогорку чекке жеткен.

Ушул жылдары кайра куруунун алкагында плансыз, баш аламан жүргүзүлгөн айкындуулуктун, тездетүүнүн жана демократиялашуунун натыйжасында социалдык-экономикалык кризис эң жогорку деңгээлге жетип, Советтик улуу державанын "тигиштери ыдырап", күнү бүтүп, алы кете баштаган. Кырдаалдын оордугунан пайдаланышкан айрым республикалардын амбициялуу, улутчул-демократ, чагымчыл лидерлери: "союздук борбордун буйрукчул-диктаты республиканын саясий социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө кедергисин тийгизип, демократиялык эркиндик чектелип келген" – дешип, тынч жаткан элдердин канын кызытышып, өлкөнүн ар кайсы региондорунда этносаясий жаңжалдарды башташкан. Албетте, мындай баш аламандыкта акыл үйрөткүч, чет элдик кеңешчилер каражаттары менен даяр болгону талашсыз.

Советтер Союзу горбачевдук кайра куруудан баштап улуттар аралык кагылышуулар СССРдин ар кайсы региондорунда биринен сала бири чыгып, 80-жылдардын аяк жагында ал массалык мүнөзгө ээ болуп, дээрлик мыйзам ченемдүү көрүнүшкө айланып калган. М.Горбачев өзүнүн "Турмуш жана

реформалар" деген китебинде: "1989-жылдын жай айларында улуттук проблемалар коомду кооптондуруп, тынчын кетирип турду" – деп, айрыкча баса белгилеп жазган.[503]

СССРдеги кырдаалдын туруксуздугунан пайдаланышкан союздук республикалардын амбициалуу улутчул жетекчилери Советтер Союзунан бөлүнүү аракетинде болгон. Союздун ар кайсы булуң-бурчунда компакттуу жашашкан этникалык азчылык улуттар да санына, социалдык-экономикалык, саясий абалына жана тарыхый, географиялык шарттарына карабастан, өз алдынча болуу үчүн аракеттерин жасашып, ар кандай акцияларды уюштурушуп, этникалык талаптары менен үнү жеткен жерлерге чейин кайрылышып, митингдерди уюштурушкан.

1986-жылдын жаз айларында эң алгачкы этносаясий негиздеги тополоң Якутияда болгон. Ал эми ошол эле жылдын 16-декабрында көп жылдар бою Казак ССРнин Компартиясынын Борбордук Комитетинин биринчи катчылыгын жетектеп келген, улуттун лидери, казак элинин сүйүктүү уулу Д.Кунаевди Москва эч себепсиз кызматтан четтетип, анын ордуна КПССтин Ульянов обкомунун биринчи катчысы болуп иштеген Г.Колбинди таңуулоого болгон аракети Казакстандын мурдагы борбору Алма-Атада шаардык калктын нааразычылыктарын жаратып, казак улутундагылардын демонстрацияга чыгуусуна түрткү болгон. Козголоңчулар

503. Дмитрий Окунев «КГБ предупреждал»: 30 лет резне в Оше 07 июня 2020, 11:55 Наука. https://www.gazeta.ru/science/2020/06/07a13110079.shtml

"варягды"[504] эмес, жергиликтүү элитанын өкүлдөрүнөн, казак улутунан дайындоону талап кылышкан. 1986-жылдын 17 – 18-декабрында куралсыз, тынч демонстрацияга чыгышкан элдерди борбордон жөнөтүлгөн өзгөчө даярдыктагы, ички аскерлердин куралдуу күч колдонуусу менен аёсуз, кандуу баскан. Демонстрацияга чыккандардын басымдуу көпчүлүгү жаш, студенттер болушкан. Куралдуу аскерлердин колунан канча киши набыт болуп, канчасы жаракат алганы боюнча информация сыртка чыгарылбай жашыруун болгондуктан, так маалымат бүгүнкү күнгө чейин жок. СССРдин тарыхында кара так калтырган Алма-Атадагы декабрдагы кандуу окуя "Желтоксон" деген ат менен жазылып калды.

1987 – 1991-жылдар ичинде этникалык чыгуулар союзду каптап, массалык мүнөзгө айланган. Эң чуулгандуусу – 1988-жылы башталган Тоолуу Карабак коогалаңы; 1988-жылдын 27 – 29-февралында Сумгаити погрому; 1989-жылдан башталган Приднестровие конфликти; 1989-жылдын 9-апрелиндеги Тблисидеги баш аламандык; 1989-жылдын 17 – 28-июнундагы Жаңы Өзөндө болгон тополоң; 1989-жылдын 16 – 22-июлундагы Сухумидеги ээн баштык; 1989-жылдын ноябрындагы Цхинвалиге болгон жүрүш; 1989-жылдын 16-майынан 11-июнуна чейинки Ферганадагы кандуу окуя; 1990-жылдын 13 – 20-январындагы Бакудагы армян погрому, анын улундысы болгон "Кара (чёрный) январь" деп аталган каргашалуу окуя; 1990-жылдын февралындагы Душанбедеги баш аламандык; 1990-жылдын июнь айындагы Ош окуясы Анжиян, Фергана, Наманган областарына таасир

504. Варяг – бийликтин позициясын бекемдөө үчүн сырттан чакырылган адам.

берип, Өзбекстандагы кыргыз улутундагылар жапа чегишип, үйлөрү өрттөнүп, Кыргызстанга баш калкалап качышкан. Тарыхта ал "Анжиян погрому" деп аталып калган. 1990-жылдын 25 – 30-октябрындагы Гагаузиядагы жүрүш; 1991-жылдын январындагы Вильнюстагы окуя; 1991-жылдын январындагы Ригадагы баш аламандык; 1991-жылдын 31-июлундагы Мядининкаемдеги таможный пунктына жасалган ОМОНдун чабуулу; Россия Федерациясы менен Чечен республикасынын ортосундагы жаңжал кадимкидей согушка айланган.[505] Кайгылуу окуя Кыргызстанды да кыяп өткөн жок. 1990-жылдын июнунда улуттар аралык Ош трагедиясы болуп, күнөөсүз көп кишилердин өмүрлөрү кыйылган.

1988-жылдан 1991-жылга чейинки мезгил ичинде этникалык негизде СССРдин ар кайсы региондорунда 150дөн ашык ар кандай деңгээлде чыр-чатактар болуп өткөн. Анын ичинде 20га жакыны кандуу кагылышуу болуп, адамдардын өлүмү менен коштолгон.[506]

Кремль улуттук жаңжалдарды күч колдонуу менен басууга аракет жасаган. Бирок советтик бийлик кагылышуулардын алдын алуу боюнча эч кандай жеткиликтүү чара көргөн эмес. Горбачевдук бийликке каршы турушкан Россиянын радикалдуу жетекчилери: "суверендүүлүктү мүмкүнчүлүгүңөр жетишинче алгыла" ("Берите суверенитета столько, сколько сможете") деген лозунг менен чыгышкан.[507]

505. Масалиев А. Советтик доордон үзүндүлөр. – Б. : Учкун. 1996. 253-б.; http://dic.academic.ru/dic.nsf/ruwiki/20586.

506. Мукомель В., Паин Э., Попов А. Союз распался – межнациональные конфликты остались //Независимая газета. – 1992. – 10 января.

507. Здравомыслов А.Г., Матвеева С.Я. Межнациональные конфликты в постсоветском пространстве. / Вестник Российской

Бул ураан союздук республикалардын элиталарына "майдай" жаккан. Бирок СССР кулагандан кийин бул ураан эгемендүүлүккө ээ болгон республикалардын өздөрүнүн бүтүндүгүнө коркунуч туудурган.

Улуттар аралык жаңжалдарга ошол мезгилдеги айрым интеллигенттин алдынкы өкүлдөрү: илимпоздор, маданият жана адабият тармагынын өкүлдөрү, айрым партиялык-советтик кызматкерлер аралашып, чектерди кайра кароо иштери саясатташтырылып, улуттар ортосундагы ынтымак ыдырап, кагылышуулар, кан төгүлүүлөр, айрым жерлерде граждандык согушууларга да айланган алаамат мезгил болгон.

Өлкөдө жүргүзүлүп жаткан айкындуулуктун шарапаты менен Кыргызстанда жашашкан өзбек улутундагылар да, негизинен, "Адолат" коомдук кыймылынын тегерегинде баш кошушуп, өздөрүнүн талаптары менен чыгышкан.[508]

1990-жылдын эрте жазынан тартып Ошто формалдуу эмес кыргыз коомдук "Ош аймагы" уюму активдешип, үйү жок кыргыз улутунун жаштары үй куруу үчүн бийликтен жер тилкелери менен камсыз кылуу талабын коюп чыгышкан. 1990-жылы май айында Фрунзеде (Бишкек) шаарынын борбордук аянтында үй куруучу "самозахватчиктердин" дээрлик тынымсыз митингдери өтүп турган.

Жаштардын бир нече бирикмелери түзүлүп, алардын айрымдары турак-жай маселесин чечүүнү гана талап кылышса, башкалары саясий талаптар менен, үчүнчү группа кыргыздын улуттук мада-

Академии наук, 1995, том 65, №7, с. 580. https://soar.wichita.edu/bitstream/handle/10057/1473/1995-7-1%5B1%5D.pdf?sequence=1

508. Ошские события 1990 года. https://www.fergananews.com/articles/6601; https://military.wikireading.ru/14412

нияты жана тил маселелерин көтөрүп чыгышкан. Майдын аягында түштүктө абал кескин курчуй баштаган. 1990-жылдагы Ош областындагы улуттар аралык кыргыз-өзбек тирешүүсү акыркы жылдардагы республиканын коомдук-саясий турмушунда активдешкен өтө маанилүү терс фактордун бири болгон.[509]

Ош окуясы жергиликтүү кыргыз жаштарына шаардын четинен жер бөлүп берүүдөн эле келип чыккан улуттар ортосундагы каргашалуу кандуу кагылышуу болгон эмес. Анын тамыры тереңде жаткан.

Кыргызстандын түштүк райондорунда компакттуу жашашкан өзбек улутунун сепаратисттик маанайдагы лидерлери өлкөдөгү кырдаалдын оордугунан пайдалануу максатында этникалык тар кызыкчылыктарды ишке ашыруу үчүн күн мурунтан терең пландаштырылып даярдалган акция болгон. Жер бөлүштүрүү коогалаңдын башталуусуна себеп гана болгон.

80-жылдардын аягында улуу держава эсептелген СССРдин күнү батып, алы кетип баратканын, өлкөдөгү социалдык-экономикалык жана саясий курч маселелерди чечүүгө жарабай, башаламандыкка жол берилгенин жакшы түшүнүшкөн этникалык улуттардын радикалдуу лидерлери учурдан пайдаланышып, өз маселелерин чечип алууга аракет жасашкан. Этносаясий кризис Советтер Союзунун бардык аймактарында кеңири жайылтылган.

509. Князев А. А. Векторы и парадигмы киргизской независимости (очерки постсоветской истории). – Б.: 2012. – с. 18.

Ошто болуп өткөн кандуу кагылышуудан бир жыл өткөн соң, Т.Усубалиев өзүнүн 1991-жылдын 3-июлдагы: **"ОШСКУЮ ТРАГЕДИЮ МОЖНО БЫЛО ПРЕДОТВРАТИТЬ"** – деген көлөмдүү макаласында окуяга карата көз карашын терең анализ жүргүзүү менен билдирген.

Кыргыздын кадырман аксакалы ал макаласында: өлкөдөгү чексиз демократия коомду олкусолкулукка кабылтып, башкарууга мүмкүн болбой калганын; кайра куруунун жылдарында өлкөдө демократияга жамынышкан улутчулдар менен шовинисттер баш көтөрүшүп, ээн-эркин социализмди жана элдердин ортосундагы достукту каралоого өтүшкөнүн; деструктивдүү, улутчулдук жана шовинисттик элементтер элдердин биримдигин бузуунун кара пландарын ишке ашыра башташканын; тилекке каршы, Кыргызстанда да улутчул-шовинисттик топтор баш көтөрүшүп кеңири кулач жайганын; бийликтин кадыры кетип, тизгинин бошоңдоосу экстремисттик, улутчул-сепаратисттик элементтердин кеңири кулач жайуусуна ыңгайлуу шарттар түзүлүп, эл ичинде өздөрүнүн булганч иштерин жүргүзө башташканын; алар республикада жашашкан элдердин жана улуттардын биримдигин бузуп, калкты улутчулдук жана шовинисттик вирустар менен ууландырып, адамдардын акыл-эстерин булгап, өздөрүнүн ыплас аракеттерин жүргүзүшкөндүгүн – кеңири баяндап, Т.Усубалив: "...1989-жылы өзбек улутундагы граждандардын улутчул-сепаратист "Адолат" тобу СССР Жогорку Советинин Председатели Лукьяновго жана Кыргызстан Коммунисттик партиясынын Борбордук Комитетинин биринчи секретары Масалиевге кат менен кайрылышкан. Кайрылуу катта ашык, кеми жок 14 талап коюлган. Алардын арасында: Өзбек Ош автономиясын түзүү;

өзбек тилин Кыргызстандын мамлекеттик тили деп жарыялоо ж.б.. Улутчул-сепаратисттер Ош өзбектердин түпкү жери болуп саналат, ошондуктан алардын Кыргызстанда өзбек автономиясын түзүү талабы мыйзамдуу экенин жазышкан..." – деп жазган.[510]

Андан ары, Т.Усубалиев, Кыргыз ССРинин түштүк региону, Ош области, эч качан өзбектердин жери болгон эместигин тарыхый документалдуу булактар менен далилдүү жазган. Улутчул-сепаратисттер өздөрүнүн булганыч, кара ниет максаттарына жетүү үчүн, мамлекеттин бүтүндүгүнө доо кетирүү максатында, карапайым калктын бүйүрүн кызытып, улуттарды бирине бирин каршы тукуруугa болгон аракети. Канатташ болгон бир тууган калк эч качан ынтымактуулугуна доо кетирбей, бир атанын балдарындай жашап келишкен. Өзбекстанда 300 миңден ашуун кыргыз калкы жашайт. Кыргыз калкы эч качан автономия жана тил маселесин көтөргөн эмес жана көтөрбөйт – деп жазган.[511]

Коррупциялашкан жүрт башчыларынын калк ичинде кадыры кетип, бийликтин тизгини бошондогон, ашыкча демократия өнүккөн өлкөлөрдө гана улутчул-сепаратизм кеңири кулач жайып, негативдүү элементтер ачыкка чыгып, мамлекеттин саясий, социалдык-экономикалык жана маданий өнүгүүсүнө жолтоо болору бекеринен белгилүү.

---

510. Турдакун Усубалиев. 3 июля 1991 года. Ошскую трагедию можно было предотвратить. С.7. https://usubaliev.files.wordpress.com/2018/10/d0bed188d181d0bad183d18ed182d180d0b0d0b3d0b5d0b4d0b8d18e-d0bed0bed0b6d0bdd0be-d0b1d18bd0bbd0be-d0bfd180d0b5d0b4d0bed182d0b2d180d0b01.pdf

511. Турдакун Усубалиев. 3 июля 1991 года. Ошскую трагедию можно было предотвратить.

1989-жылдын сентябрь айында Ошто кыргыз жаштары коомдук бейформал "Кыргызстандын элдик-демократиялык фронту" деген кыймылды түзүшкөн. Ушул жылдын ноябрь айында өзбек улутундагылар биригишип "Адолат" бейформал коомдук кыймылын уюштурушкан. Бул эки топ башынан бири-бирине атаандаш, этникалык каршы көз караштагы уюмдар болгон.

"Кыргызстан элдик-демократиялык фронт" кыймылынын негизги максаты Ош шаарында жашашкан үйсүз, 12 миңден ашуун үй-бүлөгө менчик үй куруу үчүн мамлекеттен жер алуу болгон. 1990-жылдын жаз айларында ушундай эле максат менен "Ош аймагы" бейформал коомдук биримкеси түзүлгөн. Бул эки уюмдун негизги көчөчүлөрү КДК кыймылынын лидерлери жана "Ашарчылар" болушкан.

Ал эми "Адолат" кыймылынын талаптары жана түпкү максаттары үй куруучулардан айырмаланган. Алар бир тууган эки элди, коомду бөлүп-жарууга багытталган экстремисттик, этносаясий жана социалдык талаптарды ультимативдик мүнөздө коюу менен чыгышкан.

Алар Өзбекстанда түзүлгөн "Бирлик" бейформал уюму менен тилектеш болгон жана кандайдыр бир деңгээлде идеялык жол көрсөтүүчүсү да болуп эсептелген. Кыргызстандагы өзбек диаспорасы өлкөдөгү бийликтин вакуумдук абалынан пайдаланышып, өздөрүнүн көптөн бери көкөй кесип келе жаткан мүдөөлөрүн расмий түрдө билдиришкен. Алар өзбек тилине официалдуу статус берүүгө, республиканын мыйзам чыгаруу бийлигинде жана административдик органдарда өзбек улутунун өкүлчүлүктөрүн пропорционалдык деңгээлде теңдеш-

тирүүгө жана автономиялык республика статусуна жетишүүнү көздөшкөн.

Маселен, областык, шаардык жана райондук аткаруу комитеттеринде жетекчилердин 71 процентине жакыны кыргыз улутунан болсо, өзбектер он бир процентке жакынын гана түзгөн. Ал эми биринчи жана экинчи катчылардын төрт гана проценти өзбек улутунан, ошол эле учурда областтык керек-жарак союзунда иштегендердин 46,2 проценти, мамлекеттик соода түйүндөрүндө иштегендердин 51,5 проценти, такси айдоочулардын 78,9 проценти, шаардык өнөр жай товарлар соодасында иштегендердин 84 проценти өзбек улутундагылар болушкан.[512] Ушундай айырмачылыктардан пайдаланышкан айрым журт бузарлар эки элди кайраштырып, өзбектер атайлап кемсинтилип жатат дегенге чейин барышып, Ош автономиясын түзүү жана өзбек тилин мамлекеттик деңгээлге көтөрүү талабы менен чыгуу керектиги жөнүндө талкуу өзбек коомчулугунда кызуу жүргүзүлгөн.

Ош коогалаңы башталардан алда канча мурда, 1990-жылдын 2-мартында, Жалал-Абад шаарында жашашкан, ар кандай деңгээлдеги советтик мамлекеттик кызматтарда иштешкен, жыйырма үч өзбек улутунун аттуу-баштуу өкүлдөрү, СССР Жогорку Советинин Улуттар Кеңешинин председатели Р.Н.Нишановдун атына этникалык азчылыкты түзгөн өзбек улутунун негизги максаттары жана талаптары коюлган ачык кат жолдошкон. Көчүрмөлөрүн Кыргызстан КП БКсына, КПСС БКнын журналы "Известияга" жана республикалык

512. Разаков Т. Ош коогалаңы: КГБнын маалыматтары боюнча — Ошские события: На материалах КГБ. – Б.: Ренессанс, 1993. – 6-б.

газетага жиберишкен. Окурмандарга түшүнүктүү болуусу үчүн кайрылуунун тексти толук берилди:[513]

"СССР Жогорку Советинин Улуттар Кеңешинин төрагасы жол. Р.Н. Нишановго, Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин биринчи секретары жол. А.М.Масалиевге Москва ш. "Известия ЦК КПСС" журналынын редакциясына, Фрунзе ш. "Советская Киргизия" газетасынын редакциясына

Кыргыз ССРинин Ош облусунун Жалал-Абад шаарында жашап жатышкан КПССтин мүчөлөрү, Улуу Ата-Мекендик согуштун жана эмгектин ардагерлеринин тобунан

Арыз

Коомдун өнүгүшүнө, Совет элдеринин турмуштук курч көйгөйлөрүнө, адамдын руханий жана ыймандык ал-ахыбалына карата болгон догматикалык, чектеген, айрым учурларда жоопкерчилик

513. Сыдыков Ү. Өлчөсөм өмүр өрүшүн. (Таржымалдык эскерүү китеби). – Б.: 2013. – 257-264-б.; http://nlobooks.ru/sites/default/files/old/nlobooks.ru/rus/magazines/nlo/196/328/378/index.html;http://magazines.russ.ru/nlo/2007/84/m7-pr.html; Кайрылуунун толук орусча варианты жана кыргызча котормосу биринчи жолу коомчулукка 1993-жылы Т.Разаковдун китебинде жарык көргөн. Караңыз: Разаков Т. Ош коогалаңы КГБнын маалыматтары боюнча. (Ошские события на материалах КГБ). – Бишкек: Ренессанс, 1993. – С. 104-108.

мамиле жасоо жана ой жүгүртүү мезгилдери эчак артта калган.

Бүгүнкү айкындуулук, демократиянын бардыгынын бирдей өнүгүүсүнүн татаал шарттарында эзн-эркин дем алып, жеңил ойлонууга шарттар түзүлүп отурат. Саясатчылар, экономисттер жана окумуштуулар революциядан кийинки мезгил менен сенек (застой) учурларда Союздук Федерация жана Союздук республикалардын ичиндеги элдер менен улуттардын теңчилиги менен тең укуктуулугун өз түшүнүгүнүн бардык каналдары боюнча жана бардык деңгээлдерде жеткиликтүү түрдө кеңири жарнакталган, бирок ал теңчилдиктер менен тең укуктуулуктар иш жүзүндө практикалык мазмун менен бекемделбестен, чакырыктар түрүндө гана кала берген. Ошондуктан алар иш жүзүндө элдердин турмушундагы, улуттар аралык мамилелердеги көптөгөн терс көрүнүштөрдүн, экономиканын, билим берүүнүн, маданияттын жана адамдардын коомдук аң-сезиминин бирдей эмес өнүгүшүнүн булагына айланып калган деген пикирге келип жатышат.

Кайра куруу мезгили жана жараяндын өзү эң чоң өзгөрүүлөр менен мүнөздөлүп, өзгөчө көзгө көрүнөрлүк жылыштар КПСС БКнын сентябрь (1980-ж.) Пленумунун "Азыркы учурдагы улуттук саясат жөнүндө" деген чечимдеринин жана Союздук республикалар тарабынан тилдер жөнүндөгү мыйзамдардын кабыл алынышы менен байланыштуу.

Албетте, СССР менен Союздук республикалардын Конституцияларында улуттардын теңчилиги менен тең укуктуулугун камсыз кылуусунун кепилденгени жалпы партиялык ушул документтердин кабыл алынышы менен эле чектелип калбайт.

Айрым жагдайлардагы жаңы көйгөйлөр кабыл алынып жаткан чаралардын таасирсиздигинен улам келип чыгып, мунун натыйжасында Союздук Республикалардын ичиндеги айрым аймактардагы мамлекеттик башкаруунун тутумун кайра түзүп чыгууга байланышкан улут аралык пикир келишпөөчүлүктөр менен ырксыздыктар пайда болууда.

Облустун түпкү калкы катары, иш жүзүндө бул элге мүнөздүү өзгөчөлөнгөн турмуштук ыңгайы бар, кылым түпкүрүнө кеткен кайталангыс каада-салты, үрп-адаты, маданияты жана тили бар өзбектер эсептелишет.

Эгерде өзбектердин саны жалпы республиканын калкынын 30 пайызын түзсө, Ош облусунда алардын тыгыз жашап жаткан тилкесинде 50 пайыздан көбүрөөк үлүштү түзөт.

Республикада тилдер жөнүндө мыйзамдын кабыл алынышына байланыштуу, мамлекеттик тил катары кыргыз тили, адеми улуттар аралык баарлашуу тили болуп, орус тили таанылып, башкача айтканда, бардык иш кагаздар, анын ичинде сот ишин жүргүзүү да кыргыз тилинде аткарыла турган болду. Демек, калктын көпчүлүк бөлүгүн түзүп, тыгыз жашап жатышкан өзбектердин тили белгисиз, кемсинткен абалда калган.

Муну менен бирге, кылымдар бою калыптанган жашоо ыңгайы, каада-салты жана үрп-адаты, сөзүнүн диалектиси менен өндүрүштүк ишмердигинин түрү, үй-бүлөлүк тиричилик жактан айкалышы боюнча кыргыздар өзбектер менен өтө окшош келет, ошондуктан республиканын түндүк районунун кыргыздары өздөрүнүн түштүк

кыргыз тууғандарын тамаша иретинде сарттар деп атап коюшат. Ушул себепке байланыштуу облустагы окутуу өзбек тилинде жүргүзүлгөн бардык 119 мектептерде тил боюнча эч кандай кыйынчылыктарга дуушар болбой эле, кыргыздардын балдары да билим алып жатышат.

Албетте, тилдер жөнүндөгү мыйзамдын ишке киргизилишине байланыштуу, облустун жер-жерлердеги бардык мектептеринде окутууну, анын ичинде, 119 өзбек мектептеринде да окутууну мамлекеттик тилге өткөрүүгө аракет жасаларын күтүүгө болот. Мындай болгондо ушул сыяктуу жаңылыктарды, ал тургай эң эле гумандуу ишчараларды да ишке ашырууда жергиликтүү жетекчилердин аша чабышып, эң эле чечкиндүү кадамдарга баруу мүмкүнчүлүгүн эстен чыгарууга болбойт.

Кыргызстан КП БКнын жакында болуп өткөн Пленумундагы докладында жол. А.М. Масалиев республиканын улуттук курамын мүнөздөп келип: 4,258 миң калтын 2,223миңи же 52,3 пайызы кыргыздар, 917 миң же 21,5 пайызы – орустар, калган улуттар – 1,113 миңин же 26,2 пайызын түзө тургандыгын белгилеп кетти.

Мындан көрүнүп тургандай, өзбек улутундагы калктын аз эмес, болгондо да 37 пайыздын чегинде экендигине карабастан, ал калктын башка этникалык топторуна кошулуп кеткен.

Ушундай эле жол менен алардын катарынан жетекчи кадрларды тандоо да көңүлдөн сырт калгандыктан, алар болгону 7,3 пайызды түзөт, ал эми болжолдуу алганда өзбектердей эле калкы бар орус кадрлары – 24,5 пайызды түзүп турат.

Облустун аймагында 3 жогорку окуу жай же алардын филиалдары, 20дан ашык атайын орто окуу жайлары иштеп жатат, алардын баарында окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлүп, бирок ошолордун ичинде жана республиканын борборундагы башка окуу жайларда карларды даярдоону өзбек тилинде жүргүзүүчү бир да факультет же бир да бөлүм жок.

Кадрларды даярдоодогу ушундай теңсиздикке байланыштуу, өзбек улутундагы жаштар, орто мектепти бүтүргөндөн кийин Кыргыз ССРинин чегинен тышкаркы жактан окууга кетишип, кыргыз улутундагы жаштар биздин облуска келип жатышат. Мына ушундай жол менен өзбек кадрларынын табыгый түрдө бөлөк жакка чыгып кетиши жана кыргыз кадрларынын агылып келиши ишке ашырылып, мунун негизинде бул улуттардын пайыздык катнашы өзгөрүлүп жатат.

Бекем орнок калган ушундай практиканын натыйжасында, республикада окуу китептери, окуу куралдары, илимий эмгектердин адабияттары, башка түрдөгү басылмалар өзбек тилинде чыгарылбай келе жатат. Радио, телекөрсөтүүлөрдүн программалары да жок. Басма басылмаларынын бардык түрлөрү: илимий, окуу, адабий, мезгилдүү жана башка руханий мүнөздөгү адабият республиканын чегинен тышкары Өзбекстандан ташылып келинет.

Жападан жалгыз басылма болуп, облустук "Ленин Йули" ("Ленинский путь") гезити, ал эми массалык маалыматтын булагы болуп, облустан жумасына өзбек тилинде бир гана саат бериле турган радиоуктуруу эсептелет.

Өзбек улутундагы түпкүлүктүү тургундарды, алардын ичинде өзбектердин жаш муундарын

идеологиялык жактан тарбиялоонун бүтүндөй комплекси мына ушулар гана.

Республиканын Илимдер академиясынын бардык баскычтарында, адабият, көркөм өнөр жана архитектура ишмерлеринин арасында өзбек улутунун өкүлдөрүнүн жоктугу жогорку жакта көрсөтүлгөндөй, кадрлардын республиканын чегинен чыгып кетиши, андай адистерди өз мекенине, жашап жаткан жерлеринде даярдоого көңүл бөлүнбөгөндүк менен түшүндүрүлөт.

Түпкүлүктүү өзбек жашоочуларына чек коюп, кыргыз улутундагыларга артыкчылык менен көңүл бөлүү ар бир шаар менен райондо жасалма түрдө түзүлгөн шарттар менен негизделип турат. Буга мисал катары, 75 миң калкы бар Жалал-Абад шаарын эле алып көрөлүчү. Шаардыктардык ичинен өзбектер 22,3 миңди же 27,5 пайызды, кыргыздар 19,5 миңди же 24,1 пайызды түзсө, алардын ичинен орто окуу жайларынын окуучулары, башкача айтканда, убактылуу жашоочулар 10,5 миң адамды түзүп, алардын эсебинен кыргыздардын пайыздык көрсөткүчү кескин түрдө айырмаланып, буга жараша аларга көңүл бөлүү да ошончолук деңгээлде өзгөрүлүп жатат. Калктын мындай динамикасы облустун калган бардык шаарлары менен райондорунун ар бири боюнча да дал эле ушундай.

Ушул сыяктуу факторлор менен жер-жерлердеги бийликтин ишмердигинин бардык чөйрөлөрү шартталып, аларда түпкүлүктүү өзбек жашоочулары өздөрүн Кыргызстандын калкынын ичиндеги чоочун уруудагы этникалык топтор катары гана сезип жатышат.

Мындай диспропорциянын бар экендиги анык жана ал эл чарбасынын бардык тармактарында күн сайын көбөйүп баратат. Өзбек өкүлдөрүнөн партиянын шаардык же райондук комитеттеринин бир дагы биринчи секретарынын жоктугу, аткаруу комитеттеринде болгону бирин-экин гана председателдери бар экендиги, мына ушул себептер менен түшүндүрүлөт. Кыргыз улутундагы кадрлар жетектеген аппараттарда тил боюнча мыйзамдын киргизилиши – медицина, элге билим берүү, соода-сатык, тейлөө жана жергиликтүү өзүн өзү башкаруу чөйрөлөрүндөгү ансыз деле аз сандагы өзбектерди ачык түрдө кысымга алуунун жолуна түшүрүп отурат.

Облус менен республиканын жетекчилеринин жасаган бардык аракеттерине жана каалоолоруна карабай, биздин аймакта кыргыздар менен өзбектердин ортосунда бирин-бири жактырбаган мамилелер орун алган. Алар 1989-жылы Жалал-Абад, Ош, Өзгөн шаарларындагы студенттик жаштардын ортосундагы кагылыштар түрүндө сыртка чыккан. Булар биздин республикабызда жашап жаткан элдердин ортосундагы теңчилдик маселесинде тиешелүү деңгээлдеги кемчиликтердин бар экендигин жана алардын азыркы башкаруу тутумунун алкагында чечүүгө мүмкүн эместигин тастыктап турат.

1924 – 25-жж. Орто Азия республикаларында улуттук жактан чектелүү жүргүзүлгөн учурда бул аймактын элдеринин этникалык, социалдык, улуттук өзгөчөлүктөрү, турмуш ыңгайы, каада-салты, үрп-адаты ж.б.у.с. белгилери эсепке алынбай, негизги талаптар катары экономикалык жана географиялык себептер гана мааниге

ээ болгондугун өткөн мезгилдин тарыхый тажрыйбасы даана көрсөтүп турат.

Биздин терең ишеничибиз боюнча, улуттардын иш жүзүндөгү тең укуктуулугу менен теңчилдигинин түйүндүү маселелерин ийгиликтүү чечиш үчүн республиканын алкагындагы Ош аймагынын автономия түрүндөгү Кыргыз ССРинин чегиндеги мамлекеттик башкаруунун жаңы тетиги керек.

Биз Кыргыз ССРинин алкагында Ош автономдуу республикасын уюштурууну улуттар аралык көйгөйлөрдү өтө акыл-эстүүлүк менен чечүүнүн, муну менен бирге, улуттук маселелер боюнча Эл комиссары болуп турган чакта И.В.Сталин башкарган буйрукчул-административдик бийлик улуттук маселелерди көптөгөн жылдар бою тескеп келген мезгилге таандык болуп, ошондо кетирилген каталарды оңдоонун жолу катары кабыл алабыз.

Бул өңүттөн алып караганда, Каракалпак АССРинин – Өзбекстандын, Абхаз жана Аджар АССРлеринин – Грузин ССРинин, Нахичеван АССРнин – Азербайжан ССРинин курамында жашап жаткандыгы – союздук республикалардын алкагында мындай мамлекеттик түзүлүштөрдүн керек экендигин далилдеп турат.

Ушундай мамлекеттик түзүлүш биздин республикабыздагы элдердин теңчилдигин эң эле демократиялык жол менен чечүүгө көмөк көрсөтмөкчү (ал үчүн турмуштун бардык тармактарында зарыл болгон өбөлгөлөр жетиштүү).

Жогоруда келтирилген ой-пикирлерди кезегинде биз Сиздин алдыңыздагы СССР Жогорку Советинин Улуттар Кеңешинин күн тартибине

Кыргыз ССРинин курамында Ош автономдук республикасын түзүү жана ССР Союзу менен Кыргыз ССРинин Конституцияларына тийиштүү өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндөгү маселени көтөрүүнү мүмкүн деп эсептейбиз. Биздин бул пикирибиз облустун калкы, айрыкча, Ош, Жалал-Абад, Кызыл-Кыя сыяктуу ири шаарлардын; Сузак, Базар-Коргон, Ленин, Араван, Ала-Бука, Кара-Суу, өзгөн ж.б. райондорунда колдоого алынып жатат.

Бул маселени татаалдаштырып жибербей, алдын алуучу шарттар катары социологиялык изилдөөлөрдү жүргүзүү, референдум өткөрүү жолун пайдалануу, өзбек улутундагылар тыгыз түрдө жашап жатышкан райондор менен өлкөнүн башка жерлеринин калкынын арасында бейформал түзүлүштөрдү уюштуруу мүмкүн болор эле деп эсептейбиз.

Биз азыркы шарттарда жаңжалдын дүрт этип чыгып кетиши мүмкүн экендигин күтүп отурбай, бул маселени жогорку жактын өзүнөн көтөрүү эң эле акыл-эстүү кадам болмокчу деп санайбыз.

Биздин ушул ой-пикирлер учурунда Кыргыз ССРинин мындай мамлекеттик түзүлүшү ССР Союзунун Федерациясынын курамында болгонун жана бүгүн биздин өлкөбүздө укуктук мамлекеттин калыптанып жатканын эске алуу менен, Сиз тараптан терең көңүл бөлүүгө жана тийиштүү мамиле жасоого татыктуу болот деп үмүттөнөбүз.

Ушуга карата кол коёбуз:
КПССтин мүчөсү, эмгек жана
Улуу Ата-Мекедик
согуштун (УАМС) ардагери
К.Ганбаев,

КПССтин мүчөсү, эмгек ардагери,
2-топтогу майып, эмгек сиңирген мугалим
С.Акбаров,
КПССтин мүчөсү, эмгек жана УАМСтин
ардагери Ш.Арзыкулов,
УАМСтин 2-топтогу майыбы, эмгек
ардагери А.Абдулазимов,
КПССтин мүчөсү, эмгек жана УАМСтин
ардагери Т.Ахмедов,
КПССтин мүчөсү, эмгек жана УАМСтин
ардагери К.Бадалов,
КПССтин мүчөсү, эмгек жана УАМСтин
ардагери А.Юлдашев,
КПССтин мүчөсү, эмгек ардагери
Н.Кадыров,
КПССтин мүчөсү, эмгек жана УАМСтин
ардагери К.Ибрагимов,
КПССтин мүчөсү, Социалисттик
Эмгектин Баатыры,
колхоз өндүрүшүнүн ардагери
С.Алиев,
КПССтин мүчөсү, эмгек ардагери
А.Якубжанов,
КПССтин мүчөсү,
Советтер Союзунун Баатыры,
Эмгек ардагери
Р.Азимов,
КПССтин мүчөсү, Социалисттик
Эмгектин Баатыры, өндүрүш ардагери
Ф.Тешебаев,
КПССтин мүчөсү, эмгек ардагери
М.Разакулов,
КПССтин мүчөсү, эмгек жана УАМСтин
ардагери Х.Ганиев,

КПССтин мүчөсү, эмгек жана УАМСтин
ардагери Т.Тургунов,
КПССтин мүчөсү, эмгек ардагери
Ибайдуллаев,
КПССтин мүчөсү жана УАМСтин ардагери
Убайдуллаев,
Эмгек ардагери Сатаров,
Эмгек жана УАМСтин ардагери
Х.Хамисов,
Эмгек ардагери
А.Каримов,
Эмгек жана УАМСтин ардагери
Пазылжанов,
Эмгек жана УАМСтин ардагери
А.Файзиев.

2-март, 1990-жыл.
Биз, балким, айрым бир сандык көрсөткүчтөр боюнча ката кетирип коюшубуз ыктымал, анткени ушул убакка чейин республика менен облустун улуттук курамы жөнүндөгү так маалыматтар жарыялана элек.
Жалал-Абад ш. Фрунзе көчөсү, 27. Гаиббаев Камалидин – тел.: 3-22-95.
Арзыкулов Шермамат - тел.: 3-46-26.
Акбаров Сайдулла - тел.: 3-28-38.
Рузи Азимов, Советтер Союзунун Баатыры - тел.: 3-26-04.
Тешебаев Файзулла, Социалисттик Эмгектин Баатыры - тел.: 3-33-05 [514,515]

514. Сыдыков Ү. Өлчөсөм өмүр өрүшүн. (Таржымалдык эскерүү китеби). -Б.2013. 257-264-б.

515. Разаков Т. Ош коогалаңы: КГБнын маалыматтары боюнча — Ошские события: На материалах КГБ. – Б.: Ренессанс, 1993. – 6-б

Арызда статистикага туура келбеген, ойдон чыгарылган, апыртмалуу цифраларга да кеңири орун берилген. Мисалы: *"Эгерде өзбектердин саны жалпы республиканын калкынын 30 пайызын түзсө, Ош облусунда алардын тыгыз жашап жаткан тилкесинде 50 пайыздан көбүрөөк үлүштү түзөт..." – деп жазылган.* Республиканын статистикалык органы 1989-жылдагы Кыргыз ССРинин эл каттоосунун жыйынтыгын официалдуу түрдө гезит беттерине жарыялаган. Ал маалыматтарга караганда өзбек улутундагылар республика боюнча калктын 12 процентин, ал эми Ош областында болсо 26 процентин түзгөн. Салыштырмалуу иретинде Ош областынын (Кыргыз ССРинин түштүгү Ош областына баш ийген) калкынын 70 процентке жакынын кыргыз улутундагылар түзгөн.[516]

Өзбек улутунун аксакалдарынын СССР Жогорку Советине официалдуу кайрылуусу көп нерселерди анализдөөгө түрткү берет. Коюлган талаптар дээрлик 70 жыл бою көтөрүлбөй, так ушул, СССР күч-кубаттан тайып, алсырап, колу кыскарып, 15 союздук республикалар борборду көп тоотушпай, эгемендүүлүккө умтулушуп калган кезде жазылган кайрылуу. Союздук республикалар ичинде чек ара жана улуттар аралык маселелер козголуп, этникалык карама-каршылыктар күчөп, кандуу кагылышууларга чейин жетип жаткан мезгилде Кыргызстанда да этникалык өзбектердин, болгондо да республикага белгилүү, аттуу-баштуу аксакалдар тобу баштап, баш көтөрүп тил, автономия жана башка маселелерди талап кылып чыгуулары тегин жерден чыкпагандыгын бийлик төбөлдөрү чукул

516. Сыдыков Ү. Өлчөсөм өмүр өрүшүн. -Б.2013. 277-б.

чараларды көрүп, өз мезгилинде жыйынтык чыгаруусу милдет болчу.

Өзбек улутунун кадырлуу аксакалдары 1990-жылы 2-мартта СССР Жогорку Советине арыз менен кайрылуусунда: *"Биз азыркы шарттарда жаңжалдын дүрт этип чыгып кетиши мүмкүн экендигин күтүп отурбай, бул маселени жогорку жактын өзүнөн көтөрүү эң эле акылэстүү кадам болмокчу деп санайбыз"* – деп, "жыландын башын" чыгарып, өзбек улутунун ультимативдик талаптарынын аткарылуусун талап кылышып, алдын бийликке эскертүү катары арыз жолдошуп, союздук бийликтин реакциясын күтүшкөн. Коюлган талаптар оң жагына чечилүү маселелери бийлик тарабынан каралбаса, өзбек улутундагылар массалык акцияларды уюштуруу жолу менен республиканын түштүгүндө дестаблизация түзүү маселелери эчак бышып жетилгендиги белгилүү болуп, ыңгайлуу шартты күтүү гана керек болгон.

Кырдаалдын күн санап татаалдашып, "бороондун" болор симптомдорунан кабар берип, өзбек коомчулугу кадимкидей жаңжалга даярдык көрүшүп, ачык да, тымызын да жыйындарды өткөрүшүп жатышканын борбордук жана областтык жетекчилер, укук коргоо органдары, айрыкча, коопсуздук комитетинин кызматкерлери кабардар болушса да жетишерлик көңүл бурушкан эмес. "Тегин жерден өрт чыкпайт" дейт элибиз, маселен, 25-26-май күндөрү Оштогу кыргыздар жашаган үйлөрдүн дубалдарына, дарбазаларына бор, көмүр ж.б. менен атайын белгилер коюган.[517] Май айынын аягында, июндун башында өзбектердин батирлеринде жашашкан 1,5 миң кыргыздын үй-бүлөлөрү

517. Сыдыков Ү. Өлчөсөм өмүр өрүшүн. 277-б.

куулуп чыккандарынын себептери жөнүндө изилденип, алдын ала конкреттүү сунуштар билдирилген эмес.

Коопсуздук комитетинин кызматкерлеринин берген оперативдүү маалыматтарынын дээрлик бардыгы – кайгылуу окуя болгондон кийин, "жоо кеткенден кийин, кылычыңды ташка чап" сыңары, өздөрүнүн профессионалдык милдеттерине көңүл кош, кайдыгерлик менен мамиле кылышкандыктарынын жана профессионалдык иштеринин изин жашыруу иретинде, отчет түрүндө, түшүнөн чочугандай, "түштөн" кийин биринен бири көчүрүп, ар кайсы дистанцияларга информациялар жөнөтүлгөн.

Жазылган докладдык каттарда аналитикалык жыйынтык, конкреттүү сунуштар болгон эмес. Супсак, кандуу кагылышуудан кийин көчөдөн, күмөндүү адамдардан чогултулган маалыматтар. Чекисттер окуя жүрүп жатканда жанын сакташып, "чийинден" чыкпагандай пикир калтырат.[518]

Демек, коопсуздук комитетинин кызматкерлеринин функционалдык милдеттерин аткаруусу солгундап кеткенин мезгил далилдеп койгон. Чекисттердин түштүк бөлүмүндө этникалык өзбек улутунун өкүлдөрүнүн кызматка практика жүзүндө тартылбагандыгы жана улуттардын ичинде чекисттер тарабынан даярдалган информатор-лордун жоктугу иш жүзүндө далилденди. Тыңчы-информаторлорду өлкө ичинде жашап жатышкан бардык этностордун, коомдук ар кандай кыймылдардын,

518. Сыдыков Ү. Өлчөсөм өмүр өрүшүн. 273-б.

саясий уюмдардын арасына жайылтуу – учурдун талабы. Мындай кемчиликтер 2010-жылдагы коогалаңда да кайталанып, бүгүнкү күнгө чейин бул маселе унутта калууда.

Коопсуздук комитетинин кызматкерлери саясатчылардын артынан сая түшүп, аларды аңдууларын кыскартып, өлкөнүн коопсуздугу үчүн чекисттер республикада жашаган бардык элдердин кандай жашап, эмне менен алектенгенин ичтен билип, аналитикалык жыйынтыкталган информацияларды бийликке алдын ала сунуштоосу милдет.

Бүгүнкү коомдун глобалдашкан учурунда өлкө ичинде коомго жат, мамлекеттин бүтүндүгүнө коркунуч келтирген легалдуу эмес ар кандай уюмдар, мисалы, террористтер, сакалчан-хезбутчу-халифатчылар, диний секталар жана уюмдар кеңири кулач жайган учурда – улуттук коопсуздук комитетинин кызматкерлеринин орду жана ролу эң жооптуу да, жогору да болуусу милдет.

Коопсуздукту сактоо органынын жооптуу милдеттеринин бири болуп, керектүү информацияны издөө, табуу жана аны деңгээлине жеткире иштеп чыгуу. Ар бир конкреттүү ишке, окуяга карата анын стратегиясын жана тактикасын оболу иштеп чыгып, кырдаалга жараша ага аяр мамиле кылуу – көп күчтү, энергияны жана убакытты талап кылуучу оор жумуш. Ар кандай информация тийиштүү органдарга жана коомчулукка чыгарылардан мурда көп жолу кайра-кайра жана өтө тыкыр текшерүүдөн өткөрүлөт. Ошондуктан чалгынчылардын билдирүүлөрүндө божомол же шек саноо болбоосу тийиш.

1990-жылдын апрель-май айларында Ош шаарында "Адолат" жана "Ош аймагы" коомдук бирикмелер тарабынан уюштурулган тынымсыз митингдер өз талаптары менен чыгып турушкан. 23-апрелде "Ош аймагынын" жетекчилери обкомдун биринчи катчысы Ү.Сыдыков жана облаткомдун төрагасы Ж. Бекболотовдорго жер берүү маселесин кароо өтүнүчү менен кайрылышкан. Бирок суроо жоопсуз калтырылган.

17-майда гана "Ош аймагынын" өкүлдөрү облаткому менен шааракомунун жетекчилери менен жолугушкан. Бул жолугушууда алар жетекчилерден 25-майга чейин жер маселесин чечип берүүсүн талап кылышкан. Эгер маселе оң чечилбей турган болсо, анда 27-майда "Ош аймагынын" жалпы чогулушун өткөзүп туруп, 1-июнь күнү жерди ар ким өз алдынча бөлүштүрүп алмак болушкан. Бул кезде "Ош аймагынын" мүчөлөрүнүн саны 7 миң кишиге жеткен.

2-май күнү Ош шаарындагы №38 мектептин тегерегине саат 10до 5 миндей киши чогулуп, бийликке жер бөлүштүрүү туурасында катуу талап коюлган. Бул чогулушка областтын жетекчилери келишкен. Чогулгандарга жерди Ош шаарынын "Түштүк" жана "Чыгыш" поселокторунун, ошондой эле Калинин атындагы колхоздун территорияларынан сунуш кылынган. Бирок, "Ош аймагынын" уюштуруу комитети Ленин атындагы колхоздун территориясынан жер бөлдүрүү талабынан көшөрүп кайтышкан эмес.

№ 38 мектептин имаратында Ош обкомунун бюро мүчөлөрү менен Ош шаарынын, Кара-Суу районунун, Ленин атындагы колхоздун жетекчилеринин катышуусу менен Ү.Сыдыковдун төрагалыгы астында жыйын болгон. Бул жыйындын жыйынтыгында "Ош аймагынын" талабына макул болууга аргасыз болушкан. Кабыл алынган чечимди облаткомдун төрагасы Ж.Бекболотов жарыя кылган. Чогулган эл жылкы союп, алынган участоктон кетпөөгө ант беришкен.[519]

Үй куруучулардын кысымы астында областта түзүлгөн өкмөттүк атайын комиссия 27-майда Оштун эки микрорайонунун аймагынан жана шаарга жакын Кара-Суу районунун Ленин атындагы колхоздун пахта айдалган аянтынан 32 гектар жерди бөлүп берүүгө чечим кабыл алынган.[520] Ленин атындагы колхоздун 95% тургундары этникалык өзбек улутундагылардан болгондуктан бул чечимге алар каршы турушуп, нараазычылык акциясына чыгышкан. Өзбек коомчулугунда бул чечим улуттук кемсинтүү катары кабыл алынган. 28-30-майда Ленин атындагы колхоздун талаш болуп жаткан талаасында өзбек улутундагылар чогулушуп митинг өткөрө башташкан. Алар республика менен областтын жетекчилерине 17 пункттан турган талап коюшкан, алардын ичинде өзбек атономиясын түзүү жана өзбек тилине мамлекеттик статус берүү маселелери да болгон.[521]

---

519. Разаков Т. Ош коогалаңы: КГБнын маалыматтары боюнча — Ошские события: На материалах КГБ. – Б.: Ренессанс, 1993. – 9 – 10-бб.

520. Ибраимов О.И. Усубалиев / Осмонакун Ибраимов. – М.: Молодая гвардия, 2019. – С. 161.

521. Разаков Т. Ош коогалаңы: КГБнын маалыматтары боюнча, 10-б.

Мындан тышкары, Оштогу өзбектер ижарада турушкан кыргыздардын үй-бүлөлөрүн массалык түрдө кууп чыгарышкан. Өзбектердин кыргыз-квартиранттарды (айрым маалыматтар боюнча, алардын саны 1,5 миңден ашуун болгон) айдап чыгуусу чыр-чатактын ырбашына гана өбөлгө түзүп, алар да үй куруучуларга кошулган.[522]

Алгач 320 "үй куруучуларга" колхоздун жеринен бөлүп берүү пландаштырылса, жер алуучулардын саны тез эле 10000ден ашып кеткен.[523] Кыргыз ССРинин Министрлер Советинин Председатели А.Жумагулов башында турган республикалык комиссия 31-майда облкомиссиянын чечимин мыйзамсыз деп таап, башка жерден – "Калинин", "Папан" жана "Кеңеш" чарбаларынын айдоо аянттарынан 662 га жер сунуштайт.[524]

Коогалаң башталардан бир күн мурда А.Жумагулов жетектеген республикалык комиссия, областтын жетекчилери, Ош шаарынын активдери жана шаардын өзбектер менен кыргыздын аксакалдары жана кыргыз, өзбек жаштарынын, коомдук бирикмелердин өкүлдөрүнүн жолугушуусу өткөрүлгөн. Маселе көпкө талкууланып, өкмөт сунуштаган иш-чаралар жыйындын катышуучуларын толук

522. Жирохов, М.А. Семена распада: войны и конфликты на территории бывшего СССР / Михаил Жирохов; гл. ред. Е. Кондукова. – Санкт-Петербург: БХВ-Петербург, 2012. – С. 158;

523. Князев А. А. Векторы и парадигмы киргизской независимости (очерки постсоветской истории). – Б.: 2012. – с. 19.

524. Масалиев А. Советтик доордон үзүндүлөр. -Б. : Учкун. 1996. 258-б.; Князев А. А. Векторы и парадигмы киргизской независи-мости (очерки постсоветской истории). – Б.: 2012. – с. 19.

канааттандырып, алар бардык пункттарына макулдуктарын билдиришет да, мындан ары чыр-чатакка жол берилбешине жана эртеси колхоз талаасында митинг уюштурулбай турганына убадаларын беришип, жакшы маанай менен тарашат.

Бирок, "Ош аймагынын" 200гө чамалуу өкүлдөрү Ленин атындагы колхоздун убада кылынган жеринен туура 30 гектар жер бөлүп берүү талабын улантуусу каршылыкты күчөткөн.[525] Жыйынтыгында "Ош-Аймагы" жана "Адолат" кыймылдарынын басымдуу көпчүлүк активисттери өкмөттүк комиссия менен жоон топ этникалык өзбектер жана кыргыздардын компромисттик макулдашууларына каршы экендиктерин билдиришип, түнү менен эки тараптын активисттери эртеңки митингге өз тараптарын үгүттөп чыгышкан.

4-июнда эки тарап тең эртең менен талаш чыккан Ленин колхозунун талаасына келишкен. Кыргыз улутундагылардын көбү автобустар менен жер бөлүнгөн участокторго алынып келинген, эки жүздөй гана киши кепке-сөзгө келбей, орундарынан жылбай коюшкан. Талаш болуп жаткан талаанын экинчи четинде эртең менен өзбек улутундагы адамдар топтоло баштаган. Саат он экилерде алардын

525. Князев А. А. Векторы и парадигмы киргизской независимости (очерки постсоветской истории). – Б.: 2012. – с. 19.; Ош трагедиясы боюнча А.Князевдин жана Т.Разаковдун аталган эмгектери кеңири колдонулду. Мындан тышкары Кыргыз ССРнин КГБнын жана республикалык партиялык органдарынын документтери "Литературный Киргизстан" журналынын "Капля" – Фрунзе, 1990-жылы жарык көргөн тиркемесинде басылып чыккан.;

саны 3-4 миң кишиден ашкан. Кечки саат бештерде он миңге жакын киши чогулган.

Митингиге чогулган эки тараптын тең элдерине Кыргыз ССР Министрлер Советинин председатели А.Ж.Жумагулов, Кыргызстан Компартиясынын секретары М.Ш.Шеримкулов, Ош шаарткомунун председатели Б.А.Фаттахов жана Кыргыз ССРинин ички иштер министри В.В.Гончаровдор, эки улуттун ардагерлери жана дин кызматкерлери келишип, бул жер (Ленин атындагы колхоздун талаш жери) эч кимге берилбесин айтып, эки тарапты тең тынчтыкка чакырып, түшүндүрүүгө аракет жасашты.[526]

Чогулган өзбек улутундагы жаштары өтө агресивдүү маанайда комиссиянын акылга чакырган сөздөрүн угууну каалашпай "автономия!", "автономия!" – деген урааны кайталап кыйкырып жатышты, ичип алышкан жаштардын топтору кагылышууга жол бербей, ортодо тосуп, ажыратып турган ОМОНдун жана милиция кызматкерлерин ташбараңга алышып, колдоруна тийген таш, бөтөлкө жана башкалар менен ургулай баштаган.

"Арачыга алты муш" сыңары ортодо тынчтыкты сактоо үчүн турушкан укук коргоо органдарынын кызматкерлеринин бир тобу ар кандай жаракат алышып, кийимдери тытылган. Чектен чыккандарды эсине келтирүү үчүн кур дүрмөт менен

526. Разаков Т. Ош коогалаңы: КГБнын маалыматтары боюнча — Ошские события: На материалах КГБ. – Б.: Ренессанс, 1993. – 10 – 11-бб.

асманга атышкан. Кур дүрмөт экенин билишкен соң кол салуу күчөгөн. Талаш жараткан жерге 12 миңге жакын өзбек улутундагылар жана 1,5 миңдей кыргыз жаштары чогулган. Кырдаал кечке жуук курчуп, күч органдарынын контролдугунан чыгып кеткен.

Кечки саат жетилерде өзбектер менен кыргыздардын ортосунда кагылышуу башталары шексиз болуп калгандыктан милициянын кызматкерлерине массалык кагылышууну токтотуу максатында асманга жана жерди карай ок атууга буйрук берилген. Натыйжада 6 адам окко учуп, абал кескин курчуган. Өзбектер шаардын борборун көздөй бет алышып, жолдон учураган кыргыздарды сабап, дүкөндөрдү талкалашкан. Ал эми кыргыздар башка маршрут менен жөнөшүп, жолдо учураган өзбектерди сабап, бир топ үйлөрдү өртөшкөн. Ош коогалаңынын кандуу кагылышуусу башталган.[527]

Жер чатагы чырды чыгаруунун шылтоосу гана болгон. Кырдаал кандай өзгөрүлүп, кандуу кагылыштын жүрүшү кандай болгондугу жөнүндө Мамлекеттик Коопсуздук Комитетинин башкармалыгынын башчысы А.Мамеев Ош обкомунун биринчи секретары Ү.Сыдыковго жашыруун докладдык кат жолдогон. КГБнын кызматкерлеринин кызматтык каттары орус тилинде жазгандыктан аларды эч өзгөртүүсүз берүүнү туура таптык:[528]

527. Разаков Т. Ош коогалаңы: КГБнын маалыматтары боюнча, 11-б.

528. Разаков Т. Ош коогалаңы: КГБнын маалыматтары боюнча, 83 – 89-бб.; Жирохов М.А. Семена распада: войны и конфликты на территории бывшего СССР. – СПб: БХВ-Петербург.

"Секретная докладная записка начальника Управления КГБ по Ошской области первому секретарю Ошского обкома Компартии Киргизии У. Сыдыкову.

Секретно

ПЕРВОМУ СЕКРЕТАРЮ ОШСКОГО ОБКОМА КОМПАРТИИ КИРГИЗИИ ТОВ. СЫДЫКОВУ У. С.

24.06.90 г. № 4256

О событиях, приведших к массовым беспорядкам в г. Оше.

Начиная с 1989 года на территории области начали создаваться самодеятельные неформальные группирования: «Народно-Демократический Фронт Киргизии» (НДФК) (сентябрь), объединяющий в своих рядах лиц киргизской национальности, и «Адалат» (ноябрь), состоящий из узбекской части населения. В деятельности этих групп фиксировались проявления, вносящие негативное влияние в межнациональные отношения, в том числе между киргизским и узбекским населением.

В частности, представители «Адалат» все чаще высказывали претензии в отношении

2012. – С. 170 – 180; http://magazines.russ.ru/nlo/2007/84/m7-pr.html; http:// lib.rus.ec/b/510672/read.

киргизов, говорили о необходимости пересмотра территориальных границ Ошской области.

Среди членов НДФК с установлением контактов с неформалами г. Фрунзе стали отмечаться суждения о «прижатии ошских узбеков, которые чувствуют себя несколько вольготно и используют киргизов как подсобную рабочую силу».

Постепенно среди узбеков все шире стали муссироваться разговоры о возможности создания в Ошской области узбекской автономии. Со стороны киргизского населения отмечались высказывания, выражающие недовольство такими суждениями. В эту волну была втянута учащаяся и рабочая молодежь как той, так и другой национальностей.

В начале 1990 года в результате активизации «Адалат» ее представителями была возвращена мечеть, в здании которой размещалась часть историко-краеведческого музея, что отрицательно было воспринято киргизской частью интеллигенции и молодежи г. Ош.

К этому времени в городе появилось новое неформальное группирование «Ош-Аймагы», поставившее перед собой задачу обеспечить земельными участками под индивидуальное строительство лица киргизской национальности, не обеспеченные жильем.

Члены оргкомитета этого группирования открыто стали проявлять национальный эгоцентризм. Особенно четко это выразилось в настойчивом требовании о выделении в их пользование земли на территории колхоза им. Ленина, где они намеревались образовать чисто киргизское

поселение. Это являлось частью содержания предвыборной программы руководителя «Ош-Аймагы» Бектемирова К., нашедшее активную поддержку у представителей киргизской рабочей молодежи, многие из которых прибыли из сельской местности, не имели жилья.

Настойчивость киргизской молодежи негативно была воспринята, прежде всего, тружениками колхоза им. Ленина, состоящего, в основном, из представителей узбекской национальности. С этого момента реально стало просматриваться межнациональное противостояние.

27 мая с.г. под давлением организованного по инициативе лидеров «Ош-Аймагы» на поле колхоза им. Ленина несанкционированного митинга руководство города и области было вынуждено тут же на территории колхоза экстренно провести выездное заседание бюро с участием почти всех его членов и без глубокого учета возможных последствий принять решение о выделении представителям «Ош-Аймагы» 30 га поливных земель колхоза им. Ленина. Однако через несколько дней из-за усилившегося противостояния узбекского населения из колхоза им. Ленина данное решение руководителями области было отменено.

Это обстоятельство болезненно было воспринято членами «Ош-Аймагы», наотрез отказавшимися принять предложенный руководством области альтернативный вариант о представлении им участков земли на другом месте. В ультимативной форме потребовали дать им окончательный ответ 4 июня с.г. В связи с чем,

начиная с 30 мая, ими постоянно на поле колхоза им. Ленина проводились митинги и собрания, что вызывало растущее недовольство у узбекской стороны.

Положение усугубилось и тем, что отрицательно настроенная часть узбекского населения города, начиная с 1 июня с.г., начала выселять квартирантов киргизской национальности из своих частных домов, этому способствовала разжигаемая угроза экстремистов поджечь их дома в случае, если они не выселят своих постояльцев-киргизов.

В результате в городе появились бездомные лица киргизской молодежи в количестве более 1,5 тысячи человек, среди них студенты, рабочие, служащие, которые, в свою очередь, присоединились к членам «Ош-Аймагы» и стали в категоричной форме требовать разрешения земельного вопроса и жилищной проблемы.

В это же время со стороны узбекского населения была предпринята акция «бойкота», выражавшаяся в запрете продажи лепешек всем жителям города.

Складывающейся ситуацией воспользовались лидеры группирования «Адолат» и экстремистски настроенные элементы, решившие возглавить узбекское население на предстоящем митинге. В этих целях узбекской стороной 31 мая с.г. была избрана инициативная группа в составе 24 человек, в число которых вошли народные депутаты Киргизской ССР и местных советов.

На состоявшемся 30 мая на том же колхозном поле митинге наряду с социально-бытовыми вопросами узбекскими жителями были выдвинуты

требования об автономии. В частности, о предоставлении Ошской области самостоятельного статуса, создании узбекского культурного центра, об открытии узбекского факультета при Ошском педагогическом институте, о смещении должности первого секретаря обкома, который якобы защищает интересы лишь киргизского населения. Свои требования они передали руководству области, потребовали дать на них ответ 4 июня с.г.

В свою очередь, аналогичные по своему содержанию требования были предъявлены руководству области представителями «Ош-Аймагы», в числе которых смещение с должности первого заместителя председателя Верховного Совета Киргизской ССР, бывшего первого секретаря обкома партии, который, по их мнению, не решал социальные проблемы молодежи, способствовал тому, что в сфере торговли и обслуживания населения города подавляющее большинство оказались лица узбекской национальности. Требовали от руководства области довести общую численность лиц киргизской национальности в указанных сферах до 50 %, урегулировать внутреннюю миграцию, решить проблемы прописки, трудоустройства и жилья киргизской молодежи.

Утром 4 июня 1990 года на противоположных концах указанного выше поля площадью 30 га началось скопление людей узбекской и киргизской национальностей.

По поступившим данным, лица узбекской национальности уже к 15 часам этого дня забирали своих детей из детских садов и яслей. К

16 часам дня отдельные руководители организаций и предприятий отпустили с работы лиц узбекской национальности.

К местам скопления на колхозном поле выехали руководство города и члены республиканского штаба. Перед собравшимися представителями «Ош-Аймагы» было заявлено, что на настаиваемом киргизской стороной участке земли решено построить киргизский молодежный культурный центр под названием «Кара-Шоро» и 200-квартирный дом для нуждающихся в жилье в первую очередь. Остальные получат земельные участки на другой вполне пригодной территории трех хозяйств Кара-Суйского района, который непосредственно примыкает к черте города Ош.

Данное заявление большинством собравшихся было воспринято одобрительно. Часть участников митинга на 6–7 автобусах направилась для получения земельных участков на территорию колхоза им. Калинина, 450–500 человек также на автобусах на территории совхозов «Кенеш» и «Папан». Часть же (около 500 человек) агрессивно настроенных не пожелала покидать поле, оставшись на месте. Эту категорию лиц составляла в основном молодежь. Прибывшие в указанные места не встретили представителей местных властей для организации выделения земельных участков, что было воспринято отрицательно и с недоверием. Прибывшие получать землю простояли на поле и вдоль дороги Ош-Хорог в течение 1,5–2 часов, а некоторые из них приступили к самовольному разделу земли на посеянном хлопчатником поле. Затем все вернулись обратно к месту митинга на поле колхоза им. Ленина на тех же автомашинах.

К 18 часам туда вернулась другая часть «земле-получателей», выехавших в совхозы «Кенеш» и «Папан», количество собравшихся лиц киргизской национальности достигло до 1,5 тысячи человек.

К тому времени обстановка на узбекской стороне сильно накалялась. Собрались более 12 тысяч человек.

Расстояние между узбекской и киргизской толпами составляло не более 1000 метров. Вдруг из толпы прозвучали провокационные призывы «научить» киргизов, преподать им «урок». Временами толпа экстремистски настроенных молодчиков бросалась в сторону собравшихся киргизов. Однако их с трудом сдерживали цепь сотрудников внутренних дел и кордон ОМОН. С призывом к благоразумию выступил один из руководителей «Адолата», имам мечети, которого молодчики забросали камнями, выступление руководителей республики и города сопровождались со стороны толпы криками и свистом. Толпа иронически потребовала руководителей республики выступить на узбекском языке.

Последним слово взял председатель Ошского горисполкома, который известил толпу о разрешении требований узбекской стороны, выдвинутых на митинге, состоявшемся 31 мая с.г. Он отметил, что почти все пункты требований выполнимы, и рассказал, какие проблемы каким образом будут решаться. Камнем преткновения стал последний пункт требований о создании узбекской автономии на территории Ошской области. Председатель горисполкома в категоричной форме заявил,

что, согласно Конституции СССР, данный вопрос несостоятелен.

После этих слов толпа, выкрикивая слова «автономия», «автономия», стала еще более агрессивной. Она очередной раз атаковала кордон правоохранительных органов с целью прорыва к толпе киргизов. Отряду ОМОН с большими усилиями, при помощи выстрелов в воздух, удалось остановить толпу.

В это время сборище киргизов, услышав выстрелы и почувствовав агрессивность противоположной стороны, стала вооружаться палками, камнями, металлическими прутьями, ломали растущие на краю поля деревья, несмотря на то что в этой толпе находились экстремистски настроенные лица, тем не менее толпа держалась. Прозвучали призывы не поддаваться провокации, не двигаться в сторону узбекской толпы. Некоторые активисты «Ош-Аймагы» призывали собравшихся к спокойствию и отметили, что их цель добиться выделения земельных участков, а не драться с узбекским населением города. Вместе с тем заявили, что если узбеки подойдут к ним и начнут их атаковать, то они получат достойный отпор. Руководители области и аксакалы призывали собравшихся расходиться, чтобы успокоить противо-положную сторону. Если часть митингующих согласилась разойтись, то другая часть останавливала первую, обвиняя ее в трусости.

К тому времени на узбекской стороне обстановка все более накалялась и стала взрывоопасной. Одной из причин этого стало появление одной небольшой и неизвестной толпы людей в

районе пересечения шоссейной дороги, ведущей в аэропорт г. Ош, с кольцевой. Часть узбеков, увидев людей на шоссе, стали кричать о том, что к ним пришла подмога с Андижанской области, и бросились в их сторону, обходя правый фланг цепи правоохранительных органов. Выстрелами в воздух, с использованием дымовых шашек, прорвавшихся удалось вернуть в основную толпу. После этого разбушевавшаяся толпа инспирировала столкновение с силами общественного порядка. ОМОНовцев толпа забрасывала камнями, бутылками и другими подручными предметами. Пьяные молодчики, пританцовывая, кричали, что [в н]их стреляют холостыми патронами, призывали решительнее атаковать кордон ОМОНовцев. В этой ситуации один из сотрудников был затащен в толпу, к нему была применена физическая сила. Стоящими солдатами сзади кордона ОМОН были сделаны несколько предупредительных выстрелов в воздух. Однако и это не остановило толпу.

В этот критический момент ОМОНовцами был открыт огонь. Увидев лежащих раненых, несколько человек узбекской национальности одного раненого подняли на вытянутых руках вверх и с криками «Кровь за кровь» направились в сторону города. За ними хлынула в город часть толпы, в основном молодежь. Остальная часть с криками начала расходиться. Толпа, устремившаяся в город, совершала погромы, двигаясь к центру, переворачивая и поджигая личный и общественный транспорт.

К этому времени удалось уговорить киргизов уйти с поля. Большая часть толпы пешим ходом

шла по улице Касымбекова и по переулку Юбилейный, а затем начала двигаться в сторону Юго-Восточного микрорайона с целью сопровождать студенческую молодежь в студгородок. Но увидев по дороге бесчинства узбекской толпы, она также начала погромы и бесчинства на своем пути.

Узбекская толпа подошла и атаковала студенческие общежития ОГПИ по ул. Ленина. Затем двигалась вверх по ул. Ленина и Свердлова, постепенно следуя по кварталам города. Толпа киргизской молодежи, учиняя погромы, дошла до студгородка, оставив там студентов, обратно направилась в микрорайон ОПХБО.

После начала массовых беспорядков неизвестными лицами в количестве 30–40 человек была совершена попытка нападения на здание Ошского ГОВД, СИЗО № 5, УВД Ошского облисполкома, нападение отражено дежурными нарядами милиции с применением огнестрельного оружия.

К этому времени было задержано 35 активных участников погромов и массовых беспорядков.

Массовые беспорядки начались и в других районах области. 4.06 к 19 часам в с. Кара-Кульджа Советского района прибыли водители рейсовых автобусов, начавшие распространять среди жителей села слухи о происходящих в г. Оше физических расправах узбеков над киргизами. Один из водителей, по фамилии Абдукуров И., был вызван в здание РОВД для профилактической беседы. В это время у здания РОВД собралась толпа и потребовала отпустить Абдукурова.

Часть толпы захватила 4 автобуса местной автобазы и намеревалась выехать в г. Ош для оказания помощи киргизам. Принятыми мерами накалившуюся обстановку на время удалось нормализовать. Однако к 24 часам того же дня в с. Кара-Кульджа стали появляться киргизы, проживающие в Узгенском районе, которые распространяли слухи об избиениях в г. Узгене лиц киргизской национальности. Утром 5.06 с.г. на границе с Узгенским районом собралось большое количество жителей Советского района с намерением напасть на проживающих там узбеков. Настроение толпы активно подогревал Кочкоров К., бывший ответственный работник района. Несмотря на принятые меры, толпа примерно к 17 часам устремилась в г. Узген, совершая на своем пути погромы, поджоги и убийства лиц узбекской национальности. Общее количество прибывших в г. Узген на автомашинах и конным порядком жителей Советского района достигало приблизительно 1 тысячи человек. Первоначальный натиск прибывшей толпы узгенскими узбеками был отражен.

В течение 5–6 июня с.г. хулиганствующие и экстремистские элементы предприняли в с. Кара-Кульджа 8 попыток нападения на здание РОВД с целью захвата оружия, причем в первые ряды людской толпы ими выставлялись женщины. В местном отделении ДОСААФ ими были похищены винтовки. В ночь с 6 на 7 июня вооруженная часть экстремистов из числа киргизской национальности Советского и Узгенского районов совершила в с. Мирза-Аки убийства, изнасилование, грабежи и погромы местных жителей.

Примерно в 12.30 в г. Узген начали прибывать на автомашинах (в основном грузовых и автобусах ПАЗ) группы лиц киргизской национальности, вооруженные ножами, металлическими прутьями и палками, а в ряде случаев – оружием. По показаниям очевидцев, действиями групп руководили конкретные лица. После этого в различных районах города, близлежащих селах начались драки, погромы и грабежи. Местная милиция не смогла взять на себя роль организатора по предотвращению массовых беспорядков. Утром 8 июня организаторы погромов, собрав все киргизское население г. Узгена и с. Мирза-Аки, в том числе раненых и убитых, на угнанных из Узгенской автобазы машинах скрылись. Оставшиеся в г. Узгене киргизы стали подвергаться нападению и преследованию со стороны местных узбеков. Столкновения были пресечены вошедшими в Узгенский район 8.06. частями СА и внутренних войск.

30 мая в с. Гульча из г. Ош прибыли четыре человека (фамилии известны), назвавшие себя членами общества «Ош-Аймагы». Последние во время демонстрации кинофильма обратились к сельчанам с призывом немедленно выехать на помощь киргизам в город Ош, где они «страдают» от узбеков, которых большинство. Принятыми в этот день мерами обстановку удалось локализовать, но поздно вечером и рано утром 5-го июня в с. Гульча и других населенных пунктах Алайского района стали распространяться слухи о насилиях узбеков над киргизами в г. Оше, о зверствах, творимых ими. (Часть лиц, распространявших слухи, установлена.)

К 10 часам утра на площади перед зданием райкома собралась возбужденная толпа около 500 человек, а к 12 часам количество собравшихся превысило 1000 человек. Во время несанкционированного митинга толпа потребовала от руководства района и милиции отправки их в г. Ош и предоставлении им оружия. Руководители района, старожилы села и воины-интернационалисты не смогли облагоразумить толпу.

Согласно полученным данным, с раннего утра, группа молодых людей в селе Журкун Уч-Добоинского сельсовета начала останавливать автомашины, следовавшие в г. Ош, избивать водителей узбекской национальности. Затем, погрузив раненых в кузова, на захваченных автомашинах направились в сторону с. Суфи-Курган. Здесь собравшиеся также потребовали от администрации совхоза транспорт для выезда в г. Ош.

Возбужденная толпа людей захватила еще 8 автомашин совхоза, на которых отправилась в с. Гульча. В связи с прибытием в Гульчу этой группы обстановка там еще более накалилась. Усилились требования предоставить оружие, затем толпа направилась к зданию РОВД, где предприняла попытку его захвата. Не добившись своих целей, хулиганствующие и экстремистские элементы стали учинять погромы и поджоги домов узбеков. 6 июня группы экстремистски настроенных лиц на захваченных автомашинах направились в г. Ош, громя по дороге дома жителей-узбеков, совершая убийства и издевательства над людьми.

К полудню экстремистские элементы Алайского района на машинах и конным порядком

достигли прилегающего к г. Ош района Фуркат, где также совершали избиения и издевательства над лицами узбекской национальности. Прибывшие к месту беспорядков силы СА и внутренних войск пресекли действия бесчинствующей толпы и рассеяли ее.

5-6-7 июня под влиянием событий в г. Ош произошли волнения в Наукатском районе, сопровождающиеся убийством трех узбеков-пасечников Араванского района. Часть киргизского населения Наукатского района приняла активное участие в Ошских событиях, предпринимала попытки с жителями ближайших к г. Ошу киргизских сел прорваться в г. Ош. Отдельные из них были вооружены гладкоствольным и нарезным оружием. Зверское убийство узбеков-пасечников в районе Науката всколыхнуло Араванский район. В результате происшедших здесь столкновений с обеих сторон имелись раненые.

К 18.00 8.06.90 г. у здания райкома партии собралось свыше 1000 лиц узбекской национальности, выдвинувших ряд требований политического и социально-экономического характера. Настроение собравшихся подогревали экстремистски настроенные лица, призывавшие к расправе с проживающими в районе киргизами. Усилиями представителей СА, внутренних войск МВД СССР столкновения удалось предотвратить.

Взрывоопасным оказалось положение в Кара-Суйском районе. Так, ранним утром 6 июня с.г. на 3-м километре памирского автотракта собралось свыше 800 человек киргизской национальности, имевших при себе огнестрельное и холодное оружие. Толпа, подогреваемая подстрекателями,

распространившими слухи о зверствах узбеков в г. Оше, принялась громить в колхозе им. Калинина дома узбекского населения, бесчинства сопровождались убийствами и насилием.

Резкое обострение обстановки произошло и в г. Кара-Суу. 7.06.90 г. на центральной площади города населению были показаны два трупа убитых в г. Оше узбеков, это привело к новой волне беспорядков, столкновениям противоборствующих сторон и человеческим жертвам.

К 7 июня с.г. напряженность в межнациональных отношениях охватила практически всю область и территорию близлежащих районов Андижанской области. Так, в этот день на границе Ошской и Андижанской областей в районе местности «Дустлик» собралось около 15 тысяч лиц узбекской национальности, намеревавшихся прорваться в г. Ош. Принятыми мерами столкновения удалось предотвратить.

Очаг конфронтации отмечался на границе сел Маданият Пахта-Абадского и Бурганды Ленинского районов, где после похорон в с. Маданият погибших в Кара-Суйском районе женщин-узбечек, раздались призывы к отмщению со стороны собравшихся свыше 1000 лиц узбекской национальности. Только благодаря своевременному прибытию войск СА назревающие массовые беспорядки были предотвращены.

В Токтогульском районе местными жителями был блокирован участок дороги Ош-Фрунзе, забрасывались камнями проходящие машины, имелись факты избиения шоферов некиргизской национальности.

Напряженность в межнациональных отношениях возникла в гг. Джалал-Абаде, Майли-Сае, Таш-Кумыре, Сузакском и Базар-Курганском районах.

Поступающие в УКГБ по Ошской области оперативные данные свидетельствуют о том, что после происшедших трагических событий Ошскую область активно стали посещать лица из Узбекистана, в том числе имеющие причастность к «Бирлику». Ими осуществлялись видео-фотосъемки погрома жилых домов, людских трупов, проводилась звукозапись пострадавших и очевидцев насилия. Добытый кино-, фото– и звукоматериал использовался ими среди узбекского населения в г. Оше и на территории Узбекистана, подстрекал их на активные выступления, для оказания помощи узбекскому населению Ошской области. Ими же инспирируются акции по организации торговой блокады, невыходу на работу, отказу от примирения с киргизским населением, которые сопровождаются угрозами расправой в случае неподчинения их требованиям.

Анализ имеющихся в УКГБ по Ошской области материалов свидетельствует о том, что происшедшие 4–8 июня в г. Оше – Узгенском, Алайском, Советском, Кара-Суйском и Наукатском районах трагические события с многочисленными жертвами и разрушениями явились результатом запущенности работы с населением, особенно с молодежью, серьезных просчетов в безотлагательном решении вопросов землепользования, что породило опасную ситуацию и напряженность в межнациональных отношениях.

Вызревающая в г. Оше конфликтная ситуация на почве земельных притязаний между представителями двух народов руководством города и области не была должным образом оценена и локализована. Это послужило поводом для развязывания массовых беспорядков.

Стихийный характер развернувшихся 5 июня с.г. хулиганских столкновений на Узгенском рынке между лицами киргизской и узбекской национальностей перешел в организованные массовые межнациональные столкновения, в которых приняли участие большие группы жителей близлежащего Советсткого района. Провокационным слухам поддалась значительная часть населения, включая и ряд должностных лиц.

К числу первопричин, предопределивших основной очаг трагических событий в г. Узгене, по предварительным данным, относятся: разделение проживающего в нем населения по имущественному и материальному положению, в частности появление (преимущественно из числа узбеков) зажиточных групп, что породило негативное отношение к ним малоимущей части киргизского населения, в основном проживающего в сельской местности Советского района. Сложилось среди узбекского населения недовольство тем, что подавляющее большинство руководящих кадров составляют лица киргизской национальности, существующие пережитки земляческой и местнической психологии проявились в возникшем конфликте. Имеющиеся серьезные социально-экономические проблемы, как в г. Оше, так и районах,

оказали дестабилизирующее влияние на политическую и оперативную обстановку.

Управление КГБ по Ошской области на основе поступающих материалов, начиная с 1990 года, неоднократно (№ 252 от 21.10.90 г.; № 922 от 5.02.90 г.; № 1184 от 13.02.90 г.; № 2034 от 29.03.90 г.; № 2118 от 3.04.90 г.; № 2586 от 20.04.90 г.; № 3256 от 18.05.90 г.; № 3418 от 25.05.90 г. и т. д.) письменно информировало обком партии о вызревании негативных процессов и их возможных последствиях, предлагались конструктивные меры по нормализации обстановки, снятию нараставшего напряжения в молодежной среде. Однако по данному вопросу не было принято ни одного конкретного решения.

В начале апреля УКГБ сообщило о том, что группировка «Ош-Аймагы» намерена осуществить насильственный захват земли. Указывалось, что акция по захвату земли готовится тщательно, по замыслу ее организаторов она должна была быть неожиданной для властей города и области.

Начальник Управления
А. МАМЕЕВ".

4-июнда митингге чыгышкан этникалык өзбек улутундагылар 1990-жылдын 2-мартында СССР Жогорку Советине жолдошкон Жалал-Абад шаарынын өзбек аксакалдарынын катында айтылган маселелердин аткарылышын, ошондой эле улутчулдукка аралашкан жана өз аракеттери менен чыр-чатакты козуткан адамдар катары партиянын Ош обкомунун биринчи катчысы Үсөн Сыдыковдун жана Кыргызстан Борбордук Комитеттин биринчи

катчысы Абсамат Масалиевдин кызматтан кетүүсүн талабы менен чыгышкан.

Мамеевдин Ош обкомунун биринчи секретары Сыдыковго жолдогон жашыруун докладдык катындай эле маанидеги өтө жашыруун докладын Кыргызстан КГБсынын председатели Ж.Асанкулов 1990-жылдын 6-июнунда "Ош шаарындагы массалык баш аламандык жөнүндө" жана 14-июнда "Өзгөн шаарындагы окуялар жөнүндө" аттуу каттарды Кыргызстан КП БКнын биринчи катчысы А.Масалиевге жолдогон.[529]

Секретно.
Первому секретарю
ЦК Компартии Киргизии
товарищ у Масалиеву А.М.

О массовых беспорядках в городе Ош

Начиная с 06 часов 20 минут утра 04.06.90 на поливных землях колхоза имени Ленина происходило постоянное скопление жителей киргизской и узбекской национальностей, количество которых составляло с киргизской стороны около 1,5 тысяч, с узбекской — свыше 10 тысяч. К 18 часам людской поток стал увеличиваться. На разъяснительную работу собравшиеся

529. Разаков Т. Ош коогалаңы: КГБнын маалыматтары боюнча, 77-б.; Князев А. А. Векторы и парадигмы киргизской независимости (очерки постсоветской истории). – Б.: 2012. – С. 21 – 22. Жирохов М.А. Семена распада: войны и конфликты на территории бывшего СССР. -СПб: БХВ-Петербург. 2012. 170-180-б.; http://magazines.russ.ru/nlo/2007/84/m7-pr.html; http://lib.rus.ec/ b/510672/read.

не реагировали, требуя, наряду с разрешением социально-бытовых проблем, решить и другие вопросы, смещение некоторых руководителей. К 17 часам стала поступать информация о прибытии к собравшимся на узбекской стороне групп поддержки из соседних Наманганской, Ферганской и Андижанской областей Узбекской ССР.

В это же время начали отмечаться факты хулиганских действий со стороны находящейся в нетрезвом состоянии части узбекской молодежи, выразившиеся в забрасывании подручными средствами сил по поддержанию общественного порядка. Ими же был осуществлен временный захват двух сотрудников ОМОН, что еще больше обострило создавшуюся обстановку. К 19 часам управление толпой было утеряно. Видя ее агрессивный характер, были произведены выстрелы холостыми патронами.

Увидев идущее подкрепление большого количества узбеков, толпа с целью воссоединения с ними двинулась им навстречу, в результате чего были смяты кордоны правоохранительных органов. В 19.30 боевыми выстрелами в воздух соединившаяся толпа была рассредоточена. Хулиганствующая масса двинулась в город, по ходу своего движения учиняя на улицах погромы и поджоги спецмашин милиции. Неизвестными лицами в количестве 30-40 человек была совершена попытка нападения на здание Ошского ГОВД, СИЗО-5, Ошского облисполкома. Дежурными нарядами милиции с применением огнестрельного оружия нападение было отражено. Всего

задержан 51 активный участник погромов и массовых беспорядков.

По предварительным данным, за прошедшую ночь в медицинские учреждения города обратились за помощью 207 человек, 111 из которых госпитализировано, остальные ушли после оказания медицинской помощи. В числе раненых 21 сотрудник органов внутренних дел. Погибло 6 человек гражданских лиц.

Воинствующей толпой (в основном молодыми людьми и подростками) сожжено 8 автомашин, совершено 7 поджогов индивидуальных домов, подвергнуты разрушению ряд магазинов.

Территория города патрулируется силами органов внутренних дел и Ошского гарнизона. Офицерами и солдатами пограничных войск (100 человек) обеспечивается охрана здания обкома партии и облисполкома.

Руководящий и оперативный состав УКГВ переведен на особое положение, за ночь эвакуированы в безопасные места служебные документы и оружие «НЗ». Осуществляется комплекс чекистских мероприятий согласно разработанному плану по локализации и нормализации обстановки. Оперативно-следственные группы КГБ республики совместно с правоохранительными органами приступили к расследованию фактов совершения преступлений.

Председатель
Комитета госбезопасности
Дж.Асанкулов
6 июня 1990 года

Коопсуздук комитетинин председатели Ж.Асанкулов Өзгөн шаарында болгон баш аламандык жөнүндө да Кыргызстан Борбордук Комитетине кызматтык кат жолдогон.[530]

ЦЕНТРАЛЬНЫЙ КОМИТЕТ КОМПАРТИИ КИРГИЗИИ

О событиях в городе Узгене

Предлогом дли массовых беспорядков послужила драма между группами лиц узбекской и киргизской национальностей (примерно до 300 человек), случившаяся в 11.00 5 июня с. г. в районе Узгенского рынка и автостанции.

Примерно с 12.30 в г. Узген начали прибывать на автомашинах (в основном грузовых и автобусах ПАЗ, всего более 30 автомашин) группы лиц киргизской национальности, вооруженных огнестрельным оружием (МК, ружья), ножами, кусками арматуры и камнями, как отмечают свидетели, группы были соорганизованы. на головах имели красные повязки, их действиями руководили конкретные лица. Имеются показания о прибытии в г. Узген 70-80 человек киргизов на лошадях. В

530. Разаков Т. Ош коогалаңы: КГБнын маалыматтары боюнча, 81-б.; Князев А. А. Векторы и парадигмы киргизской независимости (очерки постсоветской истории). – Б.: 2012. – С. 22.

основном, группы лиц киргизской национальности прибывали со стороны сел Ильичевка, Шерали и Мирза-Аки.

После этого в разных районах города, близлежащих селах начались драки, погромы и грабежи жителей узбекской национальности. По имеющимся данным, особенно жестоко пострадали узбеки из села Мирза-Аки, в котором большинство жителей составили киргизы (отмечены случаи убийств, групповых изнасилований, разбоя). В этом же селе, в помещении конторы совхоза, был создан штаб погромщиков.

События в городе после драки на рынке развивались стремительно, милиция не смогла взять на себя роль организатора по предотвращению массовых беспорядков (милиция якобы в этот день располагала 25 сотрудниками, остальные были направлены в г. Ош, на трассу с целью недопущения прорыва лиц для участия в Ошских событиях).

На 44 человека имеются показания об их участии в конкретных преступлениях (в основном на лиц киргизской национальности). Пока зафиксировано лишь 1 свидетельство об убийстве киргиза лицами узбекской национальности. По списку, полученному из Совстсткого района, число пострадавших у них составляет 4 убитых, 81 человек с различной степенью телесных повреждений, из них 44— с огнестрельными ранениями, 79 лиц киргизской национальности.

На развитие событий в г. Узгене и близлежащих сел большое влияние оказали события, произошедшие - 04.06.90 года и в г. Ош. Заявителями отмечены факты приезда из г. Ош киргизской национальности с целью предупреждения узгенских земляков. Слухи о драках в г. Ош быстро распространились среди населения района.

8 июня с. г. совместное военными в целях нормализации межнациональных отношений был организован выездной намаз, с привлечением религиозных авторитетов обеих национальностей. В состоявшихся беседах жители ряда сел высказывали недовольство руководителями района, указывали на отсутствие разъяснительной работы о случившихся событиях, возмущались необъективным освещением в средствах массовой информации размеров случившейся трагедии.

В настоящее время обстановка в городе стабилизирована, однако имеет место случай мародерства, самовольные расправы. Обида и желание отомстить среди узбекского населения остаётся. Свидетельством этому может служить, то, что к 15.00 часам 12 июня с. г. вокруг здании советских и партийных органов появились группы лиц узбекской национальности с плакатами "Смерть Асапову", "Всю Узгенскую милицию под суд" и другие.

Председатель Комитета госбезопасности
Д.АСАНКУЛОВ

14 июня 1990 года.

Мындан тышкары Кыргызстан Компартиясынын БКсына Совет районунун Алайкуу зонасындагы оперативдик абал жөнүндөгү жашыруун билдирүүнү 1990-жылдын 30-июнунда Кыргызстан

Коопсуздук Комитетинин Председателинин орун басары У.Мукамбаев да жиберген.[531]

Секретно.
ЦК Компартии Киргизии

Об оперативной обстановке в Алайкуйской зоне Советского района Ошской области

...В период с 6 по 9 июня имело место обострение оперативной обстановки, характеризующееся подстрекательской деятельностью отдельных местных жителей, а также лиц, прибывших из тыловых районов области, агитировавших местное население выехать в города Узген и Ош на помощь лицам киргизской национальности, с требованием к начальнику пограничной заставы «Кызыл-Джар» выдать им оружие...

6,7,8 июня с. г. в селе Кызыл-Джар собралось около 200 человек для отправки в места массовых беспорядков. Группа местных жителей до 40 человек осаждала пограничную заставу «Кызыл-Джар»...

На сходе жителей учителем средней школы К. высказана мысль о том, что пойдут в Китай просить оружие. С учетом этого, совместно с руководством комендатуры «Кызыл-Джар», нами определены наиболее вероятные направления нелегального перехода линии советско-китайской границы. Приняты меры по укреплению режима охраны границы, выставлены 4 дополнительных поста... Проведены мероприятия по перепроверке первичных данных о возможном нелегальном переходе государственной границы лицами —участниками массовых беспорядков...

Заместитель председателя
Комитета госбезопасности
У.Мукамбаев
30 июня 1990 года

531. Князев А. А. Векторы и парадигмы киргизской независимости (очерки постсоветской истории). – Б.: 2012. – С. 22.

1990-жылдын 6 – 7-июнь күндөрү Өзбек ССРинин Анжиян областынан Ош шаарынын өзбек калкына жардам көрсөтүү үчүн чек ара тилкесине миңдеген өзбек жаштары агылып келишкен. Ал эми Кыргызстандын формалдуу эмес бирикмелеринин активисттери уюштурушкан жаштар Фрунзеден Ошко келишкен.

Председателю Верховного
Совета Киргизской ССР
Первому секретарю ЦК
Компартии Киргизии
товарищу Масалиеву А.М.[532]

.... Дестабилизирующее влияние на обстановку в молодежной среде города оказало прибытие из города Фрунзе группы студентов киргизов во главе с активистом демократического движения "Киргизстан" с целью ознакомления с обстановкой в городе. Некоторые из них

532. Князев А. А. Векторы и парадигмы киргизской независимости (очерки постсоветской истории). – Б.: 2012. – С. 23 – 24.

настроены экстремистски, занимаются подстрекательской деятельностью, собирают тенденциозную информацию о событиях в городе Оше. Имеются сведения, что аналогичную работу проводят и представители узбекского движения «Бирлик». В городе выявлены случаи постановок меток на квартиры лиц как узбекской, так и киргизской национальности, в том числе – сотрудников КГБ.... В местах компактного проживания узбекского населения распространяются листовки, в которых выдвигаются требования к Верховному Совету Киргизской ССР, включающие в себя 9 пунктов:

- оказание срочной материальной помощи семьям погибших и пострадавших в ходе беспорядков 4 июня и в последующие дни;

- отставка всех членов городского и областного комитетов партии;

- обновление на 100 процентов личного состава милиции и привлечение к уголовной ответственности сотрудников милиции, преступивших закон в ходе массовых беспорядков;

- избрание демократическим путем и в соответствии с национальным составом председателей городских и районных судов, прокуроров, руководителей партийных и советских органов, предприятий, колхозов и совхозов;

- выделение земельных участков в размере 8 сотых га на поливных землях всем желающим;

- открытие в Ошском пединституте и в средних специальных учебных заведениях факультетов и отделений с узбекским языком обучения;

- КГБ республики должен привлечь к ответственности движение "Ош аймагы" как виновника трагических событий 4 июня с.г.;

- полностью оплатить рабочим и служащим дни вынужденных прогулов...

Председатель Комитета госбезопасности Д.Асанкулов 14 июня 1990 года

Ушул, жаңдалдуу оор күндөрү Өзбек ССРинин Наманган жана Анжиян облусттарынан куралданышкан өзбектердин (негизинен жаштар) Ошко жүрүшүн шаардан бир нече километр аралыкта милициянын күчтөрү менен токтотууга аракеттенген. Бирок чогулган толпа милициянын курчоосун талкалап, автоунааларды өрттөшкөн, куралдуу күчтөрдүн аскер бөлүктөрү менен кагылышуулар катталган. Ошко карай жулунушкан он миңдеген куралчан өзбектерге Өзбек ССРинин көрүнүктүү саясий жана диний ишмерлеринин кайрылуусу да кан төгүүлөрдү болтурбоого чоң жардам берген.

Өзбекстандын кыжырданып, жулунушкан он миңдеген жарандарын Кыргызстандын чегине киргизбей, республикалар ортосунда согуштун отун тутанып кетүүсүнөн бир эмес, эки жолу (1990- жана 2010-жылдары) сактап калууда Өзбекстандын президенти И.А.Каримовдун[533] тарыхтагы орду, ролу жана туткан позициясы эбегейсиз чоң болгон.

---

533. Каримов Ислам Абдуганиевич (1938 –2016) – советтик жана Өзбекстандын мамлекеттик жана саясий ишмери, Өзбекстан Республикасынын биринчи президенти, өлкөнү 1991-жылы эгемен-

Ош окуясына карта И.Каримовдун позициясы тууралуу 1990 – 1994-жылдары А.Акаевдин эң жакын соратниги, мамкеңешчиси болгон Л.Левитин өзүнүн: « Узбекистан на историческом повороте » – аттуу китебинде мындайча эскерет:[534] "...Эсиңиздерге сала кетейин, ошондо эки эле күндүн ичинде А.Акаевдин айтымында, улуттар аралык кыргында жүздөгөн өзбектер менен кыргыздар эч себепсиз шейит болушкан. Республика экинчи Карабах болуу коркунучунан бир чуда болуп араң сакталган. Президент Каримовдун туруктуу, так позициясы жардам берген.

Кыргызстандын түштүгүндө алты жүз миңден ашуун өзбек калкы жашайт. Алардын дээрлик ар биринин Өзбекстандын коңшу облустарында тууган-туушкандары бар. Эки республиканын чек арасына куралдуу жана куралсыз он миңдеген

дүүлүк алгандан 2016-жылы каза болгонго чейин башкарган. 1990 – 1992-жылдары Өзбекстандын өкмөтүнүн башчысы. Совет мезгилинде Өзбекстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин биринчи секретары (1989 – 1991), Өзбек ССРинин президенти (1990 – 1991). И.Каримов президенттик шайлоодо төрт жолу жеңишке жеткен (1991, 2000, 2007 жана 2015-жылдары), ар бир жолу расмий маалыматтар боюнча 90%дан ашык добуш алган (1991-жылдагы шайлоону кошпогондо, ал 87% упай топтогон). Республикалык референдум аркылуу эки жолу ыйгарым укуктарынын мөөнөтү узартылган (1995 жана 2002-ж.). Ал расмий эмес "журт башы" титулуна ээ.

534. Левитин Л.И. Узбекистан на историческом повороте. - М.: Вагриус, 2001. Электрондук версия. https://royallib.com/book/levitin_leonid/uzbekistan_na_istoricheskom_povorote.html;http://royallib.ru/book/levitin_leonid/uzbekistan_na_istoricheskom_povorote.html; В Фонде Каримова вспомнили об Ошских событиях 1990 года. https://kun.uz/ru/news/2019/04/25/v-fonde-karimova-vspomnili-ob-oshskix-sobytiyax-1990-goda

адамдар бир туугандарын коргоо урааны менен чогула баштаган. Аларды Россиянын борбордук райондорунан шашылыш түрдө келтирилген аскер бөлүктөрүнүн күчү менен кармап турушкан. Кырдаал саат өткөн сайын курчуп жаткан.

Мына ушундай оор кырдаалда Каримов – "мен президент болуп турганда бир дагы өзбек Кыргызстандын чек арасын арам ой менен кесип өтпөйт жана эч кандай өч алууга жол берилбейт" – деп, кесе билдирген. Ал өзүнүн президенттик бийлигинин болгон бардык мүмкүнчүлүктөрүн пайдаланып, чоң масштабдагы трагедияны алдын алып, болдурбай койгон. Кандай таң каларлык нравалык баатырдык! Мындай чечкиндүүлүк азыркы дүйнөдө сейрек кездешет..." – деп жазган.

Кайгылуу окуя болуп өткөн түштүктүн бардык райондоруна чексттердин оперативдик билдирүүлөрү тийиштүү бийлик органдарына "ат тезегин кургатпай" жиберилип турган. Бирок, "бороондун" болорун алдын ала кабарлаган аналитикалык билдирүүлөр практика жүзүндө жокко эсе болгон. Болсо да областтык жана республикалык тийиштүү органдар тарабынан жетиштүү маани берилген эмес. Жалал-Абаддын өзбек улутундагы аксакалдардын СССР Жогорку Советине жазган арызынан да республиканын тийиштүү бийлик органдары жеткиликтүү жыйынтык чыгарышкан эмес.

Республикалык чекисттердин кызматкерлери этникалык алаамат башталган соң "жан киргенсип", жаңжалдын жүрүшүн тизмектештирип, информациялык билдирүүлөрдү биринин артынан бирин бере башташкан. Жазылган докладдык билдирүүлөрдө Ош областынын райондорунда болуп

өткөн кайгылуу күндөрдөгү оор абалдар жана кырдаалдар жөнүндө кеңири кабарланган.

Ошондой эле Ош окуясына карата Өзбек ССРинин Анжиян, Фергана жана Наманган областтарында түзүлгөн кырдаалдар жана этникалык улуттар ортосундагы болгон кагылышууга карата өзбек улутунун реакциясы жөнүндө да информация берилген. Мындай билдирүүлөр Москванын тийиштүү органдарына да жөнөтүлүп турган.

4-июнь күнү түштөн кийин эки тараптуу беттешкен агрессивдүү топторду кагылыштырбай, контролдоп кармап туруу мүмкүнчүлүгүнөн күч органдары ажырап, ок чыгарууга чейин барышкан. Бирок, курал колдонгон күч органдарынын "Ормон опузасы" этникалык улуттар ортосундагы жаңжалга бөгөт болуу эмес, тескерисинче старт бергендей болгон.

Коркунучтуу абал жаралганы тууралуу А.Жумагулов Борбордук Комитеттин биринчи катчысы А.Масалиевге кабарлаган. Ошол эле замат бул маалыматты А.Масалиев СССР Жогорку Советинин Председатели А.Лукьяновго билдирип, Ош шаарына жана айрым райондорго өзгөчө кырдаалдык абалды киргизүү менен этникалык кагылышууну жөнгө салуу үчүн жардам сураган. А.Масалиев дароо СССРдин ички иштер министри В.Бакатинге, СССР КГБнын председатели В.Крючковго жана СССРдин коргоо министри Д.Язовго кабарлап, абалды терендетпөө үчүн мыйзам чегинде күч органдарынын бөлүкчөлөрүн киргизүүнү өтүнгөн.[535]

535. Масалиев А. Советтик доордон үзүндүлөр... 259-б.

Кыргыз ССРинин Жогорку Советинин Президиумунун чукул чакырылган жыйыны Ош шаарына жана айрым райондорго бөтөнчө абалды 1990-жылдын 4-июнунан тартып киргизүү боюнча чечими кабыл алынган.[536]

Түштүктөгү этникалар аралык конфликт бир нече күнгө созулуп, практика жүзүндө Ош областынын бардык территориясына жайылган. Союздук жетекчилердин тапшырмасына ылайык СССРдин коргоо министрлиги жана СССРдин ички иштер министрлигинин кийлигишүүсүнүн натыйжасында кагылышуу күч менен токтотулган.

Ош областына өзгөчө кырдаал абалы киргизилип, областтын коменданттыгына Кыргыз ССРинин ички иштер министри В.Гончаров дайындалган. Бул күндөрү Фрунзе шаарында да кыргыз жаштары менен КДКнын активисттери түштүккө баруу үчүн бийликтен транспорт менен камсыз кылууну талап кылышкан жана шаардагы этникалык өзбектер менен уйгурлар жашаган кварталдарга коркунуч келген агрессивдүү аракеттер болгон. Ички иштер министрлигинин күчү менен ал аракеттерге жол берилген эмес. Кырдаал Фрунзе шаарында да курч болгондуктан, өзгөчө кырдаал абалы киргизилип, шаардын коменданттыгына Кыргыз ССРинин ички иштер министринин орун басары Ф.Кулов[537] дайындалган.

536. Масалиев А. Советтик доордон үзүндүлөр... 259-б.

537. **Кулов Феликс Шаршенбаевич** (1948) – кыргыздын мамлекеттик жана саясий ишмери, "Ар-Намыс" саясий партиянын председатели. 1987 – 1997-жылдары Кыргыз ССРинин ички иштер министринин биринчи орун басары, Кыргыз Республикасынын ички иштер министри, КРнын улуттук коопсуздук министри, КРнын вице-президенти, Чүй областынын губернатору, Бишкек шаарынын мэри. 2001-жылдын 22-январында Бишкек гарни-

1990-жылдын июнь айындагы Оштогу улуттар аралык кандуу кагылышууну күч колдонуу менен басуу максатында СССРдин Коргоо министрлиги тарабынан атайын десанттык отряддын операциянын жетекчилигине СССРдин Аба-десанттык аскерлердин командачысы генерал-полковник ***Владислав Алексеевич Ачалов*** дайындалган. "Московский комсомолец" газетасынын кабарчылары Наталья Галимова менен Андрей Яшлавский Ош окуясынан жыйырма жыл өткөндөн кийин, 2010-жылы 17-июнда В.Ачаловдон интервью алышкан.[538]

"... Но никто не может дать гарантии, что страшная резня не повторится вновь. Двадцать лет назад представители двух народов уже истребляли друг друга. Руководство Советского Союза направило в очаг конфликта десантников. "МК" нашел непо-

зондук сотунун өкүмү менен Кулов улуттук коопсуздук министри болуп турганда кызмат абалынан кыянаттык менен пайдаланганы үчүн мүлкү конфискацияланып, генерал-лейтенант наамынан ажыратылып, 7 жылга кесилген. Кулов 2005-жылдын 24-мартындагы элдик толкундоолордун арты менен бошотулуп, бийликке келишкен оппозициянын көрүнүктүү лидерлеринин бирине айланган. 2005 – 2007-жылдары КРнын Премьер-министри болгон. 1990 – 2004-жылдары Кыргызстан парламентинин («легендарлуу парламент») депутаты.

538. Наталья Галимова, Андрей Яшлавский. Киргизия: насилие в возвращенной форме. 17.06.2010. 8:20. "МК". Https://www.mk.ru/ politics/interview/2010/06/17/510606-kirgiziya-nasilie-v-vozvraschennoy-forme.html; Генерал Владислав Ачалов: Прийти к власти Бакиеву помогли российские наемники// Московский комсомолец. - М., 2010. - № 25378, 18 июня; Князев А.А. Векторы и парадигмы киргизской независимости (очерки постсоветской истории). – Б.: 2012. – С. 25 – 26.

средственного участника тех событий — генерал-полковник Владислав Ачалов в 90-м году был командующим ВДВ и руководил операцией в Киргизии.

- На каком этапе советское руководство приняло решение направить в Киргизию десант?

- Я находился в Фергане, охранял туркмесхетинцев, у которых произошла резня с узбеками, когда мне позвонил Язов (министр обороны СССР. — Н.Г.) и поручил разобраться с новым конфликтом. В Киргизии, в Новом Узгене, вспыхнула потасовка между киргизами и узбеками. Незначительные стычки между представителями этих двух народов были там и раньше, но власти не уделяли им нужного внимания. И вот вылилось в резню... Там была самая настоящая война. Я никогда не носил бронежилет. Но в Новый Узген надел.

Киргизия: насилие в возвращенной форме

— Сколько десантников было задействовано в операции?

— Более двух тысяч человек. Туда отправили батальон с военной техникой — чтобы локализовать конфликт, надо было отрезать пути подхода как узбекской, так и киргизской стороне. Я по тревоге поднял десантно-штурмовую бригаду, которая как раз находилась в Иолотани (город в Туркмении. — Н.Г.), прибыв туда из Афганистана. Ребята прилетели на вертолетах, высадились на местном стадионе, который, естественно, был окружен, чтобы обезопасить выход и отход машин.

А потом уже командиры подразделений оценивали обстановку, отправляя людей туда, где шла стрельба.

— У вас был приказ стрелять на поражение?

— Это решение принимал я. Указание было такое: если по нам начинают стрелять боевыми патронами, то в ответ надо сразу стрелять на поражение. Говорю вам прямо. Такова военная правда. Сначала, конечно, конфликтующие стороны окружали и предлагали сдаться. Если они отказываются и открывают огонь — им делают кирдык. То есть уничтожают.

— Насколько большие потери понесли десантники?

— Раненые были, а погибших — очень мало. Буквально единицы. Говорю об этом с гордостью.

— Сколько времени вам понадобилось, чтобы остановить резню?

— Сутки. Может, полтора. Нам пришлось увидеть страшные вещи. Я до сих пор помню двух изнасилованных девушек-узбечек, которые валялись на дороге. Жестокость была такая, что у одного нашего десантника крыша поехала... После этого еще около двух недель батальон оставался на месте событий, чтобы поддерживать порядок, а десантно-штурмовая бригада улетела раньше. Я, когда вернулся в Москву, доложил обо всем Язову, составили записку на имя Горбачева, и потом туда на усиление были брошены внутренние войска. Во Фрунзе (нынешний Бишкек. — Н.Г.) перебросили 138-й воздушно-десантный полк — ведь там находилась республиканская власть, ее нужно было тоже взять под защиту. В общей сложности на то, чтобы нормализовать обстановку, понадобилось около шести месяцев.

— Вам известно, удалось ли тогда найти зачинщиков беспорядков?

— Конечно, удалось. Следствие находило главарей, но судили-то их местные суды. А там все куплено. И фактически зачинщики выходили на свободу. Я, кстати, столкнулся с этим не только в Киргизии, а и в других бывших советских республиках — начиная от Прибалтики и заканчивая Таджикистаном, Узбекистаном... Потому что эти люди — назовем их "националисты", многие из которых просто бандиты, — в глазах народа — герои. Хотя, конечно, далеко не всего народа.

— А как относилось население к вам?

— Большая часть приветствовала — в основном молодежь, женщины, старики. Мне, помню, какие только должности не предлагали, лишь бы не уезжал. Когда десантники покидали место событий, нас буквально хватали за костюмы — оставайтесь, и все. Кстати, следствие тоже предпочло покинуть Новый Узген, когда оттуда уехали мы... Ну а оголтелые националисты нападали на солдат, поджигали машины. В основном действовали они по ночам. Был еще такой эпизод: приехали на блокпост местные жители, чтобы угостить солдат пловом. Те поели. А плов оказался начинен наркотиками..."

Ош окуясынын жыйынтыгында эки тараптан тең уюшулган топтордун амбициясы "аттын башындай" болуп, бийлик менен байлыкка умтулушкан, мансапкор, журт бузарлардын айынан катардагы

карапайым калк азап тартып, бир туугандарынан, жакындарынан, үй-жайынан ажырап, кан жутушуп, сызга отуруп калышкан.

1990-жылдын 11-августунда Ош областтык партиянын бюросунда республикалык өзгөчө кырдаалдар комиссиясынын төрагасы, Кыргыз ССРинин Министрлер Советинин Председатели А.Жумагулов кайгылуу Ош окуясы боюнча жыйынтыктоочу доклад жасаган.

Докладында ал:[539] *"...болуп өткөн ээн баштыктын айынан, 9-августка чейинки, толук эмес маалыматтарга карата каза тапкандардын саны 230 киши, анын ичинен: Өзгөндө – 161, Ошто – 23, Кара-Суу районунда – 24, Алайда – 11, Советте – 8, Араван районунда – 3 киши. Кагылышуудан 1371 киши денесинен ар кандай жаракат алган, анын ичинен 1071 адам ооруканаларга жаткырылган. Дайынсыз жоголгон 88 кишиге издөө жүргүзүлүп жатат. Өрттөнгөндөрдүн саны - 573, анын ичинен 411 менчик үйлөр, 54 мамлекеттик мекемелер, 89 автомашина... Болжолдуу эсеп боюнча эл чарбасына келтирилген материалдык чыгым 80 – 85 млн. рублди түзөт.*

Ош шаарына, 4-июндан баштап, 2147 киши-ден турган Советтик Армиянын бөлүкчөлөрү киргизилген, ошондой эле 1171 киши ички аскерлер жана чекара аскерлери менен ички иштер бөлүмүнүн өздүк курамына (личный составы) тартылган. Оштогу жана Өзгөндөгү этникалык кагылышуу аскерлердин күчтөрү менен көпкө созулбай

539. Князев А. А. Векторы и парадигмы киргизской независимости (очерки постсоветской истории). – Б.: 2012. С. 26.

токтотулган. 6-июнда Ош шаарындагы абал көзөмөлгө алынган. 7-июнда областтын бардык аймактарында кырдаал басаңдай баштаган. Кагылышуудан шейит кетип, кайгы тарткандардын саны арбын болуп, республика үчүн орду толгус жоготуу жана кыргыз бийлиги үчүн чоң сабак болууга тийиш абал болгон.

Массалык баш аламандыкты жараткан кылмыштуулуктун бетин ачуу боюнча ССР Союзунун Прокуратурасы менен СССРдин ИИМи тарабынан 331 кишиден турган оперативдүүтергөөчүлөр тобу түзүлгөн" – деп айткан.

Өзгөн шаарында болуп өткөн кандуу окуядагы реалдуу цифра республиканын элине толук жеткен эмес. Кыргызстан Компартиясынын XIX съездинин делегаты, эл депутаттарынын Өзгөн шаардык Советинин председателинин сүйлөгөн сөзүндө төмөндөгүдөй фактылар келтирилген: *"Өзгөн – шаар, чоң шаар урандыга айланып, 250дөн ашык үй өрттөлдү, 160 үй тонолду, 3 дүкөн өрттөлүп, 49у тонолду, 13 турмуш-тиричиликти тейлөө пункттары, эки мекеме, 97 автоунаа, 39 коомдук тамактануу жайлары, 9 мекеме тонолуп, жок кылынган жана өрттөлгөн. Дайынсыз жоголгондордун саны 500дөн ашуун. Жүздөгөн адамдардын өмүрү кыйылган".*[540] Мындай көрүнүш областтын кагылышуу чыккан бардык райондорунда болгон.

А.Князев 2012-жылы Бишкектен чыккан: "Векторы и парадигмы киргизской независимости

540. Айнекенова Ч.Р. Проблемы социально-экономических преобразований в переходные периоды истории Кыргызской Республики. – Б., 2019. – С. 130

(очерки постсоветской истории). – Б.: 2012" монографиялык эмгегинде бир топ документалдуу материалдарды келтирген. Бул документтердин тарыхый баалуулугун эске алынып, өз калыбында берилди.[541]

Из воспоминаний сотрудника КГБ СССР: *"17 июня Узген производил впечатление дотла сожженного города. Наверное, именно так с ним обошлась чингизханская орда в далеком прошлом. Группа наших сотрудников – следователей и оперативных работников КГБ – первым делом прибыла в районную прокуратуру. Там нас встретил руководитель следственного отдела КГБ республики В.П.Фатеев. В районе не одни вы вооружены огнестрельным оружием, сказал он нам.*

Этот момент учтите, прежде всего, и высыпал перед нами приличную кучу автоматных гильз. Разумеется, мы в то время еще не знали, с чьей стороны звучали автоматные выстрелы – с узбекской или киргизской. И хотя следственные работы здесь все решительнее набирали обороты, не прекращала поступать сюда самая противоречивая информация, подтверждающая виновность той или иной стороны..."

Борбордон келишкен СССРдин Генпрокуратурасынын жана КГБнын тергөөчүлөрү кандуу кагылышуунун чыгуу себептерин жана этникалык азчылыктын түпкү максаттарын жакшы түшүнүшкөн. Бирок, куралдуу аскер күчү менен токтотулган этникалык карама-каршылыкты кайрадан ырбатып албоо максатында жана ошол мезгилде бүтүндөй Советтер Союзу боюнча: Ферганада, Бакуда, Молдовада, Тбилисиде, Прибалтикада жана Дүйшөмбүдө улуттар аралык кагылышууларды жана этникалык конфликтерди эске алуу менен, ошону менен катар СССРде түзүлгөн саясий, социалдык-экономикалык, маданий жана эл аралык оор кырдаалды эске алуу менен Ош окуясы боюнча кординалдуу жыйынтык чыгарылбай, "жабылуу аяк, жабылуу" боюнча маселе кийинкиге калтырылган.

Союз боюнча этникалык улуттар аралык кагылышуулардын сценарийлери бирдей, авторлору да бир болушкандыктан коогалаңдын чыгышына кызыкдардын ким экенин билүү көп деле кыйынчылыкты жаратпайт деген тыянак чыгардым – деп айткан КДКны уюштуруучулардын бири жана кийинчерек ЮНЕСКО иштери боюнча Кыргыз Республикасынын Улуттук комиссиясынын башкы катчысы болгон Ж.Жекшеев.[542]

Жекшеев Ош окуясынын чыгуусуна түз эле СССРдин КГБсын жана советтик жетекчиликти айыптаган. Биз Вильнюс, Кишинев, Тбилиси жана Баку окуялары боюнча көптөгөн видео жана башка материалдарды карап чыккан соң коогалаңдын башкы дирижеру Москвада, борбордо отурушкан союзга карата ою бузук, арамза, партиялык жетекчи-саясатчылардын колунан келген иш экенине толук ынандык. Ал эми аткаруучулар "бөрк ал десе,

541. Князев А. А. Векторы и парадигмы киргизской независимости, с. 27.

542. Ошская резня 1990 года. Хронология трагедии. *ИА «Фергана. Ру»*. Дата обращения: 24 июня 2020. Архивировано 27 июня 2020 года. https://ru.wikipedia.org/wiki/%D0%9E%D1%88%D1%81%D0%BA%D0%B8%D0%B5%D1%81%D0%BE%D0%B1%D1%8B%D1%82%D0%B8%D1%8F_1990_%D0%B3%D0%BE%D0%B4% D0% B0

баш алышкан" жер-жерлердеги өтө алысты көрө албаган, кыска ойлуу, улутчул саясатчылар менен шаардык жана облустук деңгээлдеги жетекчилер болушкан. Бул жерде өзбектин да кыргыздын да эч кандай тиешеси жок болгон. Ош окуясынын сценарийи даярдалып, СССРдин КГБсында жашыруун даярдалып жана КПСС БКнын Саясий бюросу тарабынан уруксат берилген (санкцияланган) – деп тыянак чыгарган Жекшеев.[543]

Бирок бул версияны Кыргызстан КГБнын жана УКМКнын ардагери, Кыргызстан Жазуучулар союзунун мүчөсү Талант Разаков четке кагат. Кыргыз ССРинин КГБсы Кыргыз ССРинин жетекчилигине формалдуу эмес улутчул коомдук бирикмелердин аракеттери этникалык негиздеги чырчатактарды козуткан, провокациялык аракеттери жөнүндө бир нече жолу эскерткендигин, Кыргыз ССРинин жетекчилиги улуттар аралык жаңжалды болтурбоо боюнча эч кандай активдүү кадамдарды жасаган эместигин жазган.[544]

СССРдин Президенттик Советинин мүчөсү, кыргыз эли сыймыктанган улуу жазуучусу Чыңгыз Айтматов 1990-жылы 27-июнда "Литературная газетанын" кабарчысы Ирина Ришина менен болгон маегинде Ош окуясы

543. Ошская резня 1990 года. Хронология трагедии. *ИА «Фергана. Ру»*. Дата обращения: 24 июня 2020. Архивировано 27 июня 2020 года. https://ru.wikipedia.org/wiki/%D0%9E%D1%88%D1%81%D0%BA%D0%B8%D0%B5%D1%81%D0%BE%D0%B1%D1%8B%D1%82%D0%B8%D1%8F_1990_%D0%B3%D0%BE%D0%B4%D0%B0; URL: http://www.fergananews.com/article.php?id=6601

544. Разаков Т. Ош коогаланы КГБнын маалыматтары боюнча (Ошские события по материалам КГБ). — Бишкек: Ренессанс, 1993. — С. 78-80.

боюнча мындай деген: *"...Бизди улуттук конфликтерге, конфронтацияларга, кан төгүүлөргө алып келген борбор эмес, борбор күнөөлүү эмес – биз өзүбүз күнөөлүбүз. Мен элге айттым: Ошко аскер жиберүүгө буйрук берген, борбордун бар экенине рахмат айткыла, болбосо курман болгондордун саны 200 эмес, 2000 болмок..."*.[545]

Ош коогалаңы басаңдаган соң Ч.Айтматов Москвадан Ташкентке учуп келип, Өзбек ССРинин эл акыны, мамлекеттик жана комдук ишмер Абдулла Арипов менен Ошко жана Өзгөнгө келишип, жаңжалдан жапа чегишкен этникалык кыргыздар менен да, өзбектер менен да жолугушууларды өткөрүшкөн. Жыйынтыгында Ч.Айтматов этникалык кагылышуунун себепкери да, күнөкөрү да кыргыздар деген тыянакка келген бүтүмүн ММКга билдирген.

Кан төгүү жаңыдан басаңдап, тынчтыкты сактоо үчүн борбордон келтириген куралдуу аскерлер ортодо турган мезгилде, эки тараптын тең каны кайнап, жаны кашайып, көксөсү суув электе улуу жазуучунун бир тараптуу жыйынтык чыгарып, кыргыз журтчулугун айыпка жыгып, намысын сындыруусун албетте, кыргыз коомчулугу өтө негативдүү, тарыныч жана өкүнүч менен кабылдаган.

Этникалар аралык араздашуунун тарыхын, тамырын жана чыгуу себептерин иликтебей туруп, жабыр тартып, боздогон элдер менен жолугушуудан соң бир тараптуу "балп" этире, жалпы кыргыз журтчулугун бир заматта күнөөгө жыга салуу Айтматов айтчу пикир эмес эле.

545. Князев А. А. Векторы и парадигмы киргизской независимости, с. 28.

Улут УЛУУ! Тилине, динине, расасына жана жашоо салтына карабай Улут ЫЙЫК! Улут эч качан күнөлүү болбойт. Улутту бийлешкен мамлекеттик чиновниктер улуттун кызыкчылыгына каршы иш жүргүзүшкөндө жана тынч жаткан калкты кайраштырып, тынчын алган журт бузар, бийликке жетүүнү көксөшкөн лидер сөрөйлөр күнөлүү болушу мүмкүн.

Кыргыз эли туу туткан Айтматов бүтүндөй, жумурай журтту айыпка жыгардан мурда акыл калчап, элди дүрбөткөн, ээн баш, чагымчылардын жана ишинин өйдөсүнөн чыга албаган советтик-партиялык жетекчи сөрөйлөрдүн аттарын так атаса ылайык болмок.

А мүмкүн, ал киши улуттар аралык чыр чыккан өлкөдө дайыма түпкүлүктүү журт күнөлүү болот деген ой менен айткан чыгар...

Чыгыш таануучу, окумуштуу жана публицист А.Князев Ош коогалаңы боюнча бийлик тарабынан областтын биринчи жетекчиси Үсөн Сыдыковдун жана аны менен бир катар партиялык-советтик жетекчилердин, ошондой эле бейформал уюмдардын ана башчылары: Казат Акматовдун, Топчубек Тургуналиевдин чыр-чатактын чыгышына чагымчылдык роль ойногондуктары боюнча терең иликтенбей, эч кандай тийиштүү чара көрүлбөй калган – деп жазган.[546]

Кремлдин көрсөтмөсүнө ылайык Кыргызстандын Коммунисттик партиясынын Борбордук Комитети жана Кыргыз ССРинин Жогорку Совети да Ош

546. Князев А. А. Векторы и парадигмы киргизской независимости, с. 28.

окуясына үстүрттөн гана баа берилип, жеткиликтүү жыйынтык чыгарылбай, компромисттик – "соломоново решение" кабыл алынып, "сен мага тийбе, мен сага тийбеймин" таризде проблемдүү маселе белгисиз мөөнөткө, бейкутчулук заманга калтырылган.

1990-жылдын 25-августунда Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин II пленуму "Ош областындагы кайгылуу окуяларга саясий баа берүү жөнүндөгү" токтомунан:[547]

"...Пленум возлагает определенную ответственность за события, происшедшие в области, на первого секретаря обкома партии т.Сыдыкова У. Но, учитывая непродолжительность работы в этой должности, оказанное ему доверие пленумом Ошского обкома партии и объявленный выговор, потребовать от него принять все необходимые меры по стабилизации обстановки в области...".

Ош окуясына байланыштуу Ош областык партия комитетинин биринчи секретары Ү.Сыдыков жөнүндө А.Масалиев мындайча эскерет:[548]

"...Ырас, Ү.С.Сыдыковду кызматынан бошотуу сунушу болгон. Бирок мен аны колдогон эмесмин.

Мындай сунушту окуядан 4 ай мурда ал кишини биринчи катчылыкка жиберүүнү колдошкондор, сунуш кылышкандар жана жакшы мүнөздөмө жазып беришкендер киргизишкен.

547. Князев А. А. Векторы и парадигмы киргизской независимости, с. 27.

548. Масалиев А. М. Советтик доордон үзүндүлөр. – Бишкек. – "Учкун", 1996. – 266-267-бб.

Ош обкомунун биринчи катчылык постунда Ү.С.Сыдыков бар болгону 1,5 ай гана иштеген болчу.

Ушулардын баары мени ойлонтпой койбоду. Анын үстүнө митингиге катышкандардын, партиялык-чарбалык активдин көпчүлүк бөлүгү, областтын ардагерлери жаңы болгон биринчини жактап, кызматында иштей беришин талап кылышты.

Мындай кырдаалда маселени кызууланбай терең байкаштырып, бардыгынын пикирин угуп, биринчи кезекте оштуктардын өздөрүнүн талабын, Ү.С.Сыдыковдун бир топ райондордо жана республикалык деңгээлде жасаган үзүрлүү эмгектерин, эмгекчи элдин урматтоосуна татыктуу болгон кызматтарын эске алып жыйынтык чыгарбаса болбойт болчу...”

Республикалык комиссиянын материалдарынын негизинде партиянын Ош обкомунун Пленумунда (11-август, 1990-ж.) маселе кеңири талкууланып, областтагы болуп өткөн кайгылуу окуяга тиешелүү баа берилген. Пленум обкомдун биринчи катчысы Ү.Сыдыковдун кызматтан бошонуу арызын талкуулап, ал кызматта болгону 1,5 ай иштегенине байланыштуу жана көптөгөн иштерге жоопкерчиликтүү экени эске алынып, добуш берүү менен кызмат ордунда калтырылган.

1990-жылдын 25-августунда Кыргызстан Компартиясынын БКсынын II Пленуму болуп, анда: “Ош областындагы трагедиялык окуяга саясий баа берүү жөнүндөгү” маселе каралып, республикалык комиссиянын жана Ош обкомунун Пленумунун материалдарынын негизинде кеңири талкуу жүргүзүлүп, Ош областында болуп өткөн окуяга тиешелүү саясий баа берилген.

Компартиянын БКсынын кеңири алынган токтомунда, Ү.Сыдыковдун жоопкерчилиги жөнүндө баса белгиленип: “...Обкомдун пленуму окуянын болушуна белгилүү жоопкерчилик партиянын обкомунун биринчи катчысы Ү.С.Сыдыковго таандык деп эсептейт. Бирок анын бул кызматта бир аз эле мезгилде иштеп жатканы жана Ош обкомунун көрсөткөн ишеними эске алынып, ага сөгүш жарыяланып, андан областтагы абалды стабилдештирүү боюнча зарыл болгон чараларды көрүү талап кылынат. Партиянын Ош областтык комитетинде 1990-жылдын экинчи жарым жылдыгынын жыйынтыгы менен аткарылган иштер боюнча Ү.Сыдыковдун отчету угулуп, ага баа берүү сунуш кылынат”,[549] – деп жыйынтыкталган КП БКнын II пленумунун токтомунда.

СССР Жогорку Советинин Улуттар Советинде Ош окуясы каралып, СССР КГБнын председатели Г.Крючковдун билдирүүсүн угуу менен талкуусуз, отчеттуулук максатында Улуттар Совети да “Соломон чечимин” кабыл алган.

“Постановление Совета Национальностей Верховного Совета СССР от 26 сентября 1990 г. (М 1683-1) “О событиях в Ошской области Киргизской ССР”.[550]

Заслушав и обсудив сообщение группы народных депутатов СССР (тов. Крючков Г.К.), изучавших по поручению Президиума Верховного Совета

549. Масалиев А. Советтик доордон үзүндүлөр... 269-б.

550. Князев А. А. Векторы и парадигмы киргизской независимости, с. 27.

СССР на месте обстановку в Ошской области, Совет Национальностей Верховного Совета СССР постановляет:

1. Согласиться с основными выводами и предложениями, содержащимися в сообщении группы народных депутатов СССР.

Отметить, что трагические события в Ошской области, сопровождавшиеся массовыми беспорядками, бесчинствами, фактами вандализма и повлекшие тяжелые последствия, явились следствием крупных просчетов в национальной и кадровой политике, запущенности воспитательной работы среди населения, нерешенности острых экономических и социальных проблем, многочисленных фактов нарушения принципов социальной справедливости. Руководители области и Киргизской ССР не извлекли уроков из ранее имевших место в республике межнациональных столкновений, проявили беспечность и недальновидность в оценке ситуации в регионе, игнорировали поступавшую информацию об активизации националистических элементов и назревавшем конфликте, не приняли мер для его предотвращения. Обострению ситуации в значительной мере способствовала подстрекательская деятельность таких неформальных организаций, как "Адолат" и "Ош-Аймагы".

2. Принять к сведению заявление Председателя Верховного Совета Киргизской ССР тов. Масалиева А.М., что в республике осуществляются меры по восстановлению разрушенных жилищ и других объектов, возвращению населения в места их постоянного проживания и

созданию необходимых бытовых условий, обеспечению безопасности людей. Возбуждены уголовные дела против непосредственных виновников, совершивших преступления, ведется следствие. Вместе с тем обстановка в Ошской области остается сложной, взрывоопасной. Принимаемые меры по стабилизации являются недостаточ-ными.

3. Предложить Верховному Совету Киргизской ССР дать принципиальную политическую оценку происшедшим событиям в Ошской области. Принять более эффективные, конкретные меры по ускорению ликвидации последствий конфликта, привлечению к ответственности должностных лиц, которые своими действиями, пренебрежительным отношением к нуждам людей, потаканием, заигрыванием с экстремистскими, националистическими элементами фактически способствовали обострению обстановки, что привело к трагическим последствиям. Активизировать разъяснительную и просветительную работу среди населения. Решительно пресекать любые попытки безответственных элементов играть на национальных чувствах людей, на горе, постигшем многие семьи. Исходить из того, что сегодня главное - терпеливая работа с населением, внимание к его нуждам, настойчивое решение всех вопросов в экономике, социальной и духовной сфере, в межнациональных отношениях. Должно быть сделано все для того, чтобы не были нарушены традиционные отношения братской дружбы киргизского, узбекского и других народов, населяющих республику.

4. Рекомендовать Верховным Советам Киргизской ССР, Узбекской ССР, Таджикской ССР

безотлагательно рассмотреть варианты взаимоприемлемого решения спорных вопросов землепользования в приграничных районах этих республик и прежде всего пастбищных угодий.

5. Принять к сведению, что Советом Министров СССР приняты решения об оказании помощи Киргизской ССР в ликвидации последствий массовых беспорядков, а также об изучении перспектив развития производительных сил республики и решения наиболее острых социальных проблем.

6. Генеральному прокурору СССР, Министерству внутренних дел СССР, Комитету государственной безопасности СССР принять дополнительные меры по привлечению к ответственности всех виновных в разжигании национальной розни и совершении других преступлений, а также ускорению следствия и завершению его в установленные законом сроки. Считать необходимым обеспечение надлежащей подготовки и широкой гласности судебных процессов над организаторами и участниками бесчинств в Ошской области.

Советам народных депутатов и подчиненным им органам Киргизской ССР обеспечить необходимые условия для деятельности следственных и оперативных работников, направленных из других регионов страны, а также для военнослужащих Советской Армии и внутренних войск МВД, поддерживающих общественный порядок.

7. Обратить внимание руководителей средств массовой информации на особую важность объективного, взвешенного, тактичного подхода к

освещению событий, связанных с конфликтами на национальной и религиозной почве, не допускать искажения фактов, публикации материалов, могущих способствовать обострению обстановки в отдельных регионах.

8. Поручить Комиссии Совета Национальностей по национальной политике и межнациональным отношениям всесторонне анализировать процессы, происходящие в отношениях между нациями внутри республик и автономных образований, а также между республиками, своевременно вносить эти вопросы на обсуждение Верховного Совета СССР.

Председатель Совета
Национальностей Р. Нишанов

Москва, Кремль
26 сентября 1990 г. N 1683-I

Токтомдо төмөнкүлөр белгиленген: СССРдин эл депутаттар тобунун билдирүүлөрүнө таяныш, алардын негизги кортундулары менен сунуштарына макулдук берилүү. Ош областындагы болгон кайгылуу окуя массалык баш аламандыктардын жана ээнбаштыктын коштоосу менен жүргүзүлгөндүгү; вандализм фактылары орун алгандыгы, аягы оор абалга алып келүүсү; улуттук жана кадр саясатындагы жүргүзүлгөн иштердеги чоң катачылыктардын орун алуусу; калк арасындагы тарбия иштеринин солгундоосу; экономикалык жана социалдык курч проблемалардын көп мезгилден бери чечилбегендиги; социалдык теңчилдик прин-

циптеринин көптөгөн элементтеринин бузулуулары токтомдо белгиленген.

Ошону менен катар, областтын жана Кыргыз ССРинин жетекчилери республикада мурда болуп өткөн улуттар аралык араздашуулардан сабак алган эместиги; региондогу кырдаалды алдын ала көрө билбегендиги жана кайдыгерликтин орун алуусу; улутчул элементтердин активдешүүсү менен конфликттин өрчүп бара жатканын этибарга албагандыгы; кырсыктын алдын ала жөнгө салбагандыгы токтомдо баса көрсөтүлгөн[551].

Аскар Акаев, 2010-жылы 26-июнда, Борбордук Азия жана Кавказ боюнча Би-би-синин кабарчысы, журналист Санобар Шерматовага берген интервьюунда 2010-жылдын июнь айында болуп өткөн Ош окуясына комментарий берип жатып, 1990-жылдагы этникалар аралык Ош коогалаңына да пикирин билдирген.

Ал: "*...События июня 1990 года и июня 2010 года имеют одну и ту же причину. А именно – вмешательство отдельных лиц, преследовавших в регионе корыстные цели. В обоих случаях это происходило на фоне общей слабости власти, ее растущей беспомощности.*

В 1990 году рушилась советская власть, в национальных республиках это уже почувствовали. Вспомните Нагорный Карабах, Сумгаит, Тбилиси... Трудности стали возникать и внутри России. События в киргизской части Ферганской

551. Постановление Совета Национальностей Верховного Совета СССР от 26 сентября 1990 г. № 1683-1 «О событиях в Ошской области Киргизской ССР» // Ведомости Съезда народных депутатов СССР и Верховного Совета СССР. 1990. № 40. С. 804.

долины укладываются в тот же ряд: они произошли, когда до краха Союза оставалось полтора года. Существовавшие на местах партийные органы считались еще всесильными, но, похоже, стали чувствовать надвигающиеся фатальные перемены. Для сохранения уходящей из-под ног почвы некоторые из них начали прибегать к популизму. Недавно генерал Алик Орозов, бывший чекист, входивший какое-то время в команду Бакиева, а потом порвавший с ним, вспоминал, что южане, особенно узбеки, считали главным виновником той трагедии Усена Сыдыкова, говорили, что руки у него по локоть в крови.

Начиналось всё, опять же, с земли, которую стала просить киргизская молодежь. Сыдыков – в то время 1-й секретарь Ошского обкома партии и одновременно председатель областного совета – сказал им: «Выбирайте сами». Они выбрали поле по соседству с узбекским селом, стали делить на нем участки, забивать колышки. Тут возмутились узбеки: «Мы здесь выпасаем скот». Так возник конфликт.

А Сыдыков, как пишет Орозов, предложил представителям киргизской молодежи: «Десять тысяч человек собрать можете? Собирайте и берите землю». Те так и поступили. Начались стычки. Когда власти поняли, что обстановка накаляется, опомнились, решили дать самозахватчикам землю в другом месте. Но поздно – те уже успели «благословение» на строительство получить: лошадь зарезали, кровью землю окропили, «омин» сделали. «Никуда отсюда не уйдем».

Узбеки пошли освобождать поле, милиция встала между противниками, прозвучали выст-

рёлы, в результате было убито шестеро узбеков. Их взбудораженные соплеменники понесли трупы по улицам Оша. По пути перевернули несколько автомашин, подожгли троллейбус. Среди киргизского населения распространились слухи, дошедшие до отдаленных районов: Ош горит, полгорода разгромлено, узбеки якобы насилуют киргизских девушек. Население в эти слухи поверило, пошло спасать Ош. И по пути разгромило город Узген, населенный преимущественно узбеками. Сравните с недавними событиями – те же слухи, будоражащие горячие головы, такие же погромы, убийства.

И причина сходная – безответственное поведение руководителей. Генерал Орозов, он во времена Ошских событий был помощником председателя КГБ Кыргызстана, и суть дела знает хорошо, задается вопросом: чем руководствовался Усен Сыдыков, раздавая землю и провоцируя межнациональные столкновения? Быть может, амбициями, стремлением удержаться у власти любой ценой?..."[552] – деп айткан

Кыргызстандын түштүгүндө болуп өткөн этникалык кагылышуунун жыйынтыгы боюнча А.Масалиев мындайча жазган:[553]

"Ош областындагы кайгылуу окуя Кыргыз ССР Министрлер Советинин төрагасы А.Ж.Жумагулов башында турган республикалык комиссия тарабынан терең текшерилип чыкты. СССР Жогорку Советинин, КПСС Борбордук Комитетинин комиссиялары да аны текшеришти.

Алардын составында өлкөнүн ар кайсы регионунан шайланган СССР эл депутаттарынын тобу, Кыргыз республикасынын эл депутаттары, СССРдин прокуратурасынын жана ички иштер министрлигинин, СССР Мамлекеттик коопсуздук комитетинин тийиштүү кишилери, КПСС Борбордук Комитетинин, СССР Жогорку Советинин, Кыргызстан КП БКнын жооптуу кызматкерлери жана Кыргызстандын административдик органдарынын жетекчилери болушту.

Жыйынтыгы СССР Жогорку Советинин Улуттар Советинде, КПСС Борбордук Комитетинин катчылыгынада, республиканын Жогорку Советинин сессиясында, партиянын Ош областтык комитетинин, Кыргызстан КП Борбордук Комитетинин Пленумдарында жана Кыргызстан Компартиясынын XIX съездинде каралып, окуяга принципиалдуу баа берилди" – деп жазган.

Жогоруда аталган мамлекеттик деңгээлдеги комиссиялардын отчеттору бирине бири коёндой окшош болгондугу кайгылуу окуяга комиссиялар үстүрттөн, формалдуу мамиле жасашкан деген пикир калтырат. Балким, бийлик тарабынан билип туруп, атайын жасалган иштир. Кандуу кагылышуудан каза тапкандардын жана жаракат алгандардын официалдуу саны бийлик органдары тарабынан берилген цифралар менен эл ичиндеги айтылган сандардын айырмачылыгы өтө эле чоң болгондуктан калк арасында ар кандай ушактарды,

552. Аскар Акаев: «События июня 1990 -го и июня 2010-го имеют одну и ту же причину»26.06.2010 12:52 msk.http://www.ferghana....cle.php?id=6633;https://diesel.elcat.kg/index.php?showtopic=4248142& page= 12; Князев А. А. Векторы и парадигмы киргизской независимости, с. 29.http://www.askarakaev.com/news/news_62.html

553. Масалиев А. М. Советтик доордон үзүндүлөр. – Бишкек. – "Учкун", 1996. – 254-б.

божомолдорду жана бүдөмүк ойлорду пайда кылып, элдин бийликке болгон ишеничи кескин төмөндөгөн.

Маселен, СССРдин прокуратурасынын тергөө группасынын билдирген маалыматы боюнча Өзгөн жана Ош шаарларында жана Ош областынын айылдарында өлгөдөрдүн саны болжолдуу 1200 кишини түзгөн, ал эми өзбектер тарабынан билдирилген, такталбаган маалыматтар боюнча набыт болгондордун саны 10 000 кишиге жеткен. Тергөөчүлөр 10 000ге жакын кылмыштуу эпизоддорду аныкташкан. 1500 кылмыш иши сотко жөнөтүлгөн. Коогалаңга катышкандардын саны 30 000 – 35 000 кишиге чейин жетип, 300 киши кылмыш жоопкерчилигине тартылган[554].

Оштогу кайгылуу конфликттин тарыхый тамыры тереңде. Ал түштүк регионунда көп жылдар бою социалдык-тиричилик проблемаларынын чечилбей келгенинин, улуттар аралык ички мамилелердин өнүгүүсүнө жетишерлик маани берилбегендигинин жана горбачевдук анархиялык эркиндиктен, демократиядан башы айланган белгилүү топтогу амбициялуу адамдардын учурдан пайдаланып жасаган иштеринин жыйынтыгы болгон.

Ош области боюнча социалдык-экономикалык көрсөткүчтөр союздук орточо деңгээлден эле эмес, республикалык орточо көрсөткүчтөн да төмөн болгон. Область боюнча жумушсуздардын саны 50 миңден ашып, алардын катарын негизинен жаштар түзүп, утурумдук табылган жана сезондук иштер

554. ООО "НПП "ГАРАНТ-СЕРВИС", 2022. https://base.garant.ru/6323441/; Князев А. А. Векторы и парадигмы киргизской независимости (очерки постсоветской истории). – Б.: 2012. С. 26.

менен жан багышкан. Ош шаарынын өзүндө эле 12 миң үй-бүлө турмуш-тиричиликке эң зарыл болгон шарттары жок абалда жашашып, материалдык-техникалык каражаттар менен камсыз болуусу минималдык талапка да жооп берген эмес[555].

Конфликттин чыгуусунун негизги себептеринин бири болуп областтагы айдоо аянтынын аздыгы эсептелинет. Республика боюнча айдоо жер ар бир жанга 0,35 гадан туура келсе, Ош областында бул көрсөткүч – 0,16 га, анын ичинде сугат аянты салыштырмалуу – 0,22 жана 0,11 га барабар болгон[556]. Ашынган амбициалуу демократтар өз кызыкчылыктарына жетүү максатында областтагы оор турмуш-тиричилик шарттарда жашап жатышкан калкты абдан ийкемдүү пайдаланышкан.

Коогалаңдан жабыр тарткандар республикалык комиссия тарабынан аныкталып, тамак-аштан жардам көрсөтүлгөн. Жоголгон мүлктөрүнө, өрттөнгөн үй, короо жайларына, курулуш иштерине 18 млн. сом, анын ичинен союздук бюджеттен 10 млн. сом акчалай бөлүнүп берилген[557]. Жардам республиканын жалпы эли тарабынан жана кошуна Өзбекстандын Андиян, Фергана областтарынан да берилген.

1990-жылдагы Ош окуясынан кийин республикалык бийлик этникалар аралык чырчатактардын келип чыгуу себептерин терең изилдөө менен, улуттар ортосундагы ар кандай пикир

555. Чотонов У.Ч. Кыргызстан по пути суверенитета. Историко-политический анализ. -Б.: Алтын тамга. 2007. 77-б.

556. Чотонов У.Ч. Кыргызстан по пути суверенитета. Историко-политический анализ, 77-78-б.

557. Масалиев А. Советтик доордон үзүндүлөр... 270-б.

келишпөөчүлүктөрдүн алдын алуу жана аларды кагылышууга жеткирбей, тынчтык жол менен чечүү маселелери иштелип чыккан эмес. Конфликт жөн гана убактылуу "тоңдурулуп" коюлган. Ал эми этникалар аралык мамилелерди козгоп сүйлөөгө жана ал жөнүндө талкууга жөн гана тыюу салынган. Ошентип, мамлекеттин коопсуздугун жана стабилдүүлүгүн сактоодо улуттар аралык проблема эң негизги маселе экендигине маани бүгүнкү күнгө чейин берилбей келе жатат.

Мамлекеттин социалдык-экономикалык абалы жогорулап, калктын жашоосу, турмуш-тиричилик шарттары жакшырган сайын, улуттар ортосундагы пикир келишпөөчүлүктүн себептери да көбөйүп, чыр-чатактын болуу симптомдору күчөй баштайт. Этникалар аралык маселелерди жаңжалсыз чечүү үчүн Президеттин алдындагы Стратегиялык илим-изилдөө институту өлкөдөгү белгилүү илимпоз-адистер менен биргеликте улуттар ортосундагы проблемаларды чечүүнүн механизмдери боюнча мамлекеттик программа иштелип чыгып, анын аткарылуусу бийлик структураларынын такай көзөмөлүндө болуусу абзел.

Оштогу кайгылуу окуя, биздин оюбузча, тегин жерден, кокусунан эле чыгып кеткен бир тууган эки элдин кандуу кагылышуусу эмес. Мунун себептери бир топ. Ал – атайын адистерден – илимпоздор, юристтер, саясатчылар жана тийиштүү мамлекеттик кызматчылардан түзүлгөн жумушчу топтор тарабынан терең изилдөөнү талап кылуучу, мамлекеттик деңгээлдеги, чоң проблема. Кайра кайгылуу окуя кайталанбайт деп эч ким гарантия

бере албайт. Бирок жалпы эле союздагы анын ичинен республикадагы кырдаалдын кыйчалыштап, курчуп турганынан эки элдин тең экстремисттик ультра-улутчул, журт бузар элементтери өз максаттарына жетүү үчүн учурдун оордугунан пайдаланышып, улуттук намысты козгошуп, кан кызытышып, жаңжалды баштап коюп, карапайым калктын канын төгүп, өздөрү эч жазасыз четке чыга беришкен.

Бул – ошол учурдагы укук коргоо органдарынын кызматкерлери менен бирдикте окуяга тиешеси бар республикалык жана областтык жетекчилердин түздөн-түз башкаруудагы жана уюштуруудагы иштеринен кетирилген кемчиликтеринин айынан келип чыккан окуя. Кагылышуунун кара булуту айланып, этникалык өзбектердин күн мурунтадан тыкыр көрүлүп жаткан даярдыктарын көрүп-билип турушуп бийликтегилер да, укук коргоо органдары да көп этибарга албай, маани бербегендиги, жетекчилердин бардыгы үй курууга жер бөлдүртүү боюнча митингиге чыгышкан кыргыз жаштарынын мүдөөсүн кандыруу менен алек болушкандыктары, алардын түздөн-түз алысты көрө билбеген, саясий чоркоктутары жана кырдаалды жөнгө салып башкара албагандыгы болгон.

2010-жылы 26-июнда мурдагы Президент А.Акаев "Фергана" интернет сайтына 1990- жана 2010-жылдардагы Оштогу кайгылуу окуялар боюнча кенен интервью берет. Берген интервьюсунда акылдуу кишиге мүнөздүү болбогон, көкүрөгүндө көптөн бери сакталган өч алуу кегин чыгаргандай оор, ачуу сөздөр айтылат. Ал: 1990-жылдагы окуянын "негизги күнөкөрү чыканагына чейин канга

боёлгон Үсөн Сыдыков" – деп, андан ары А.Акаёв: "Ал Ош обком партиясынын 1-катчысы жана областтык кеңештин председатели болуп туруп, үй куруучу кыргыз жаштарына жерди "Өзүңөр тандагыла"... "Он миң киши чогулта аласыңарбы? Чогултқула жана жерди ала бергиле", – деп интервьюда Ү.Сыдыковго өтө оор айыптоо тагат.[558]

А.Акаев Ош окуясынан кийин көп өтпөй, 1990-жылдын октябрында өлкө Президенти болуп шайланган. Каргашалуу окуя боюнча "чыканагына чейин канга боёлгон" Ү.Сыдыковдун жоопкерчилиги А.Акаевдин президенттик мезгилинде каралган. Тергөө жүрүп жатканда ал киши эмне үчүн үн катып, контролдукка алган жок? – деген жүйөлүү суроо туулат.

А.Акаевдин президенттик мезгилинде укук коргоо органдары тарабынан: "Ү.Сыдыковдо эч кандай күнөө жок" – деген жыйынтык чыгарышкан. Ү.Сыдыков Ош окуясы боюнча, А.Акаев айткандай, күнөөлүү болсо, мыйзам алдында эң катуу жооп берүүсү тийиш. Оор кылмыш иштеринин мөөнөтү болбойт жана эч качан эскирбейт. А.Акаев "колу кандууларды" калкалабай, айткандарында далилдүү чындык болсо, укук коргоо органдарына арыз менен кайрылууга милдеттүү эле.

Ош окуясы калктын массалык аң-сезимдеринин кескин радикалдашуусуна түрткү берген детонатор болду. Айрыкча, Фрунзеде КДКнын активисттери баш болгон бейформал коомдук уюмдар

558. Аскар Акаев: «События июня 1990 -го и июня 2010-го имеют одну и ту же причину» http:www.fergananews.com/articles/6633; http://webcache.googleusercontent.com/search?q=cache:

саясий жана социалдык-экономикалык талаптар менен митингилерди, пикеттерди уюштурушуп, бийликке карата нааразычылык акцияларды күчөтүшүп, Өкмөт үйүнүн алдында ачарчылык жарыялашканга да жетишишти. Аларды саясатчылар, депутаттар, маданият кызматкерлери, журналисттер колдошуп, жаштардын жаңы катмары өсүп чыкты.

Компартиянын кадыр-баркы көз көрүнөө болуп көрбөгөндөй түшүп, жаңы күчтөр акыркы жылдардагы өлкөдөгү болуп жаткан баш аламандыктардын бардыгына партияны күнөөлөшүп, бийликтин алмашуусун, түштүктөгү кагылышуунун күнөкөрлөрүнүн жазаланууусун талап кылышкан. Ошентип, калкты мурдагыдай стиль менен башкаруу мүмкүн болбой калган.

Республикада кырдаал оор мезгилде, 1990-жылы, эки этап менен, 14 – 15-июнда жана 30-августта, Кыргызстан Компариянын XIX съезди өткөрүлгөн. Каралган негизги маселелердин бири жоголуп бара жаткан партиянын позициясын калыбына келтирүү болгон. Бирок жасалган аракет оң натыйжа берген эмес. Съезддан кийин партиянын жетекчилерине айтыган сындар күчөп, ага кошумча экономикалык кризис калктын кыжырын кайнаткан. Коммунисттик партиянын кадыр-баркы республикада эле эмес, Советтер Союзу боюнча башкаруу позициясын жоготкон мезгил болгон.

1990-жылдын июль айында өткөрүлгөн КПССтин XXVIII съезди чоң дискуссия клубуна айланып, партиянын кадыр-баркын көтөрүү боюнча эч кандай кардиналдык өзгөрүүлөр болгон эмес.

Жыйынтыгында, партия республиканы башкаруунун рычагын колдон чыгарып жиберип, областтык, шаардык жана райондук партия комитеттеринин биринчи катчылары массалык түрдө Советтерди башкарууга өтүшкөн. Партия кайра күчүнө кирбесин жана мындан ары анын жардамы тийбесин сезген партиялык-советтик кызматта турушкан лжепартиецтер баш болуп, Коммунисттик партиянын катарынан массалык түрдө чыгуу процесси башталган. 1990-жылдын сентябрынан 1991-жылдын апрелине чейин партиянын катарынан чыгышкан коммунисттердин саны 2,5 миңге жеткен[559].

Советтер Союзунун фундаменти бузулуп, жоюла турганына көздөрү жеткен өлкө боюнча хрущевдук-брежневдик майда буржуазиялык көз караштагы коммунисттер менен горбачевдук партократ-карьерист-жетекчи кызматкерлер КПССти чанышып, чөгүп бара жаткан кораблди таштай качышкан ач келемиштердей, партиялык билеттерин ыргытышып, өз кызыкчылыктарына ылайык келген саясий, жаңы уюмдарга кире качышкандыктарынын жыйынтыгы менен, 1991-жылдын экинчи жарымынан тарта дүйнөдөгү эң чоң өлкөнү башкарып турган КПССтин кадыры кетип, катардагы саясий партиялык уюмдардын бирине айланып калган.

Республикадагы коомдук-саясий абалдын кескин курчушунун жана Ош окуясынан кийинки улуттар аралык мамилелердин оордоп кетүүсүнүн

559. Чотонов У.Ч. Кыргызстан по пути суверенитета... 79-б.

натыйжасында, Кыргыз ССРинин Жогорку Советинин кезексиз экинчи сессиясы 1990-жылдын октябрь айынын үчүнчү декадасында чакырылып, күн тартибинде Ош областындагы болуп өткөн кайгылуу окуя да каралган. Сессияда А.Масалиев информация жасаган. Маселе депутаттар арасында кызуу талкуу жаратып, түштүктөгү болуп өткөн улуттар арылык конфликтке республиканын жетекчилигине жана биринчи кезекте, А.Масалиевдин адресине күнөө коюлган дооматтар айтылган.

Жасалган информация жетишерлик жана объективдүү даярдалбагандыгын, окуяга тиешеси бар республикалык жана областтык жетекчилердин жоопкерчиликтери үстүрттөн, принципсиз, толук каралган эместигин депутаттар белгилешкен. А.Масалиевдин бул маселе боюнча Ош обкомунда, пленумда жана Кыргызстан Компартиясынын XIX съездинде каралып, объективдүү, жетишерлик, тийиштүү жыйынтык чыгарылгандыгы тууралуу билдирүүсү депутаттарды канааттандырган эмес.[560] Жогорку Кеңештин сессиясында жасалган Ош окуясы боюнча информация жана анын кесепеттерин жоюу боюнча бийликтин көргөн иш чаралары жана ал боюнча чыгарылган жыйынтыктары толук эместигине байланыштуу Жогорку Кеңеш бул маселеге кайра кайрылуу чечимин кабыл алган.

1990-жылдын октябрь айында чакырылган Жогорку Советтин кезексиз экинчи сессиясында Ош окуясы боюнча угулган А.Масалиевдин информациясы көпчүлүк депутаттарды, ошондой эле

560. Шеримкулов М.Ш. Парламент независимого Кыргызстана. – Б.: КГУ, 1998. – 275-б.

коомчулукту канааттандырбагандыгына байланыштуу түштүктөгү кайгылуу окуяны ар тараптуу, кеңири изилдөө үчүн Жогорку Советтин үчүнчү сессиясынын 1990-жылдын 14-декабрындагы чечимине ылайык 19 депутаттан турган атайын комиссия түзүлүп, алардын иштөөсүнө толук шарттар уюштурулуп берилген.

Депутаттык комиссия өз ишин төрт ай аралыгында жыйынтыктап, 1991-жылдын 20-апрелинде парламенттин сессиясына чыгарган. Республикадагы коомдук-саясий кырдаалдын дале курч жана оор экени эске алынып, маселе жабык эшик артында каралган. Массалык маалымат каражаттарына комиссиянын материалдары чыгарылбай, Жогорку Советтин Токтому гана жарык көргөн.

Комиссия Ош окуясынын чыгуу себептерине кеңири токтолуу менен, справкада ошол мезгилдеги республикалык жана областтык партиялык-советтик кызматкерлердин шалаакылыктарынын айынан, улуттар аралык мамилелер боюнча эч кандай саясий, социалдык-экономикалык жана идеологиялык иштер жүргүзүлбөгөндүгү, курчуп бара жаткан кырдаалды кагылышууга жеткирбей, алдын ала чечкенге аракет жасалбагандыгы, окуя болуп өткөндөн кийин ага тиешелүү жетекчи кызматкерлерге жеткиликтүү партиялык-административдик чара көрүлбөгөндүгү белгиленген.

Ош областтык партия комитетинин бюросунда, партиянын БКсынын Пленумунда жана Кыргызстан Компартиясынын XIX съездинде да Ош окуясына жеткиликтүү баа берилбей, үстүрттөн, формалдуу каралганы белгиленген. Комиссия партиянын БКсынын биринчи катчысы А.Масалиевдин жана Министрлер Советинин председатели А.Жумагуловдун жана башка жооптуу республикалык жетекчилердин чечкинсиздиги, маселени кечеңдеткендиги жана учурунда туура чечим кабыл ала албагандыгы белгиленип, жыйынтыгында алардын адрестерине сын-пикирлер жетишерлик айтылгандыктан, сессияда экөө тең президенттикке шайлоодон өтпөгөндүгү көрсөтүлгөн.

Айрым республикалык деңгээлдеги улуту башка жетекчилер (Чепелев, Гончаров) жазага тиешеси жоктой, аларга сын, пикир айтылбай, четте калышкан. Иштеген иштериндеги кетирген орчундуу кемчиликтери үчүн мурдагы Ош партиялык обкомунун биринчи секретары, Жогорку Советтин Председателинин биринчи орун басары Кулматов Р. кызматынан четтетилген. Ош областтык аткаруу комитетинин председатели Бекболотов Ж. да иштен бошотулган. Ал эми ошол мезгилдеги обкомдун биринчи катчысы, Ош облсоветтин председатели Сыдыков Ү. Президенттин Жарлыгы менен кызматтан бошотулган.

Депутаттык комиссиянын справкасында Ош окуясына тиешелүү областтык жана райондук деңгээлдеги жетекчилердин улуттар аралык кагылышууга жол беришкендиктеринин жана иштериндеги кетирилген одоно кемчиликтеринин натыйжасында кызматтан четтетилгендиктери белгиленген. Мисалы, париянын Ош шаардык комитетинин биринчи секретары Сыдыков А., Өзгөн райкому Асанов Ж., Кара-Суудан Узаков К., Совет райкомунун экинчи секретары Жалалов А., Кара-Суу райкомунун секретары Хакимова С., Кара-Суу

райаткомунун председатели Сатыбалдиев А., Өзгөн райаткому Эргешов К. кызматтан алынышкан.

Мындан тышкары Ош областтык ички иштер башкармасынын (ИИБ) начальниги Тажибаев Р. жана Ош шаардык ички иштер бөлүмүнүн начальниги Ташматов Х., областык прокурор Брежнев В., УКГБнын начальниги Мамеев А. иштеринен бошотулган. Ош обкомунун экинчи секретары Давыдов Н. жана обкомдун секретары Бахапова С. кызматынан бошотулгандан кийин Кыргызстан Компартиясынын БКсынын мүчөлүгүнөн да чыгарылган.

Кызматынан четтетилген чиновниктердин СССР Жогорку Советинин, республикалык Жогорку Советинин, областтык жана райондук советтердин депутаттарынын депутаттык мандаттарын тапшыруусун коомчулук талап кылган. Бирок Р. Кульматовдон башкасы депутаттык мандаттарын тапшырышкан эмес. Анткени моралдык жоопкерчиликти бири да моюндарына алгысы келген эмес.

Депутаттык комиссиянын справкасында коогалаңдан жабыр тарткандарга берилген материалдык жана моралдык жардамдар кеңири көрсөтүлүү менен, Ош окуясынын натыйжаларын жоюу жана мындан ары болтурбоо боюнча аткарылып жаткан иштердеги жетишкендиктер менен кетирилип жаткан кемчиликтер да көрсөтүлгөн. Сот иштери ачык-айкын өтүлүүсү сунушталган. ММКда кеңири чагылдыруу маселелери да каралган.

Сессияда комиссиянын справкасынын негизинде кеңири талкуу болуп, чечим кабыл алынган.

Кыргыз Республикасынын Жогорку Советинин токтомунда парламенттик комиссиянын 1991-жылдын 5-апрелиндеги жыйынтыктоочу справкасында камтылган негизги жоболор, корутундулар жана сунуштар кабыл алынып, комиссиянын кадр маселелери боюнча сунуштарды президенттин эске алуусу айтылып, министрлер кабинетине Ош облусундагы кайгылуу окуялардын кесепеттерин жоюу боюнча мурда кабыл алынган чараларды сөзсүз аткарууну тездетүүсү милдеттендирилген.[561]

А.Масалиев баш болгон партиянын БКнын бюро мүчөлөрү Ош окуясына тийиштүү партиялык жана мамлекеттик жетекчилердин моралдык жана укуктук жоопкерчиликтерин карооо духтары жеткен эмес. Алар партиялык принциптен тайып, ар бири кызмат ордун жоготуудан чочулашкан. Мындан тышкары, 90-жылдары каргашалуу кагылышууга чейин улуттук намысты козгогон, кан кызыткан чакырыктар менен массалык митингилерди уюштурууга активдүү жетекчилик кылышкан КДК, "Адолат", "Ош аймагы" жана башка өкмөттүк эмес, коомдук бейформал уюмдардын жетекчилеринин жоопкерчилиги да каралбай, көмүскөдө калган.

Ош окуясы боюнча кабыл алынган жогорку партиялык жана советтик органдардын чечимдери СССРдин ыдырай баштоосуна байланыштуу аткарылбай, кагаз бетинде калган.

Этникалык кандуу кагылышуудан туура 20 жыл өткөн соң, 2010-жылы июнь айында Ошто,

561. Ведомости Верховного Совета Республики Кыргызстан. – Б.: 1991, 500 – 501-бб.

этникалык өзбек улутунун лидерлери жыйырма жыл мурдагы талаптарды эч өзгөртүүсүз кайрадан көтөрүп чыгышып, түпкү максаттарын орундатуу үчүн Убактылуу өкмөттүн айрым мүчөлөрү менен жең ичинен келишип, алардын колдоосуна таянышып, кандуу кагылышууну кайрадан баштаалуусунун негизги себепкери болгон.

1990- жана 2010-жылдарда болуп өткөн кандуу кагылышуулардан аны уюштурушкан шыкакчылар да, тынчтыкты жана тартипти сактоого тийиш болгон Кыргызстандын бийлиги да эч кандай сабак алышкан эмес.

Бүгүнкү кыргыз бийлигинин бирден бир, эң негизи ыйык милдети – бул эки бир тууган, кандаш, канатташ жашашкан элдердин ортосунда кандуу кагылышуунун отун кайрадан тутандырбоонун так механизмин, стратегиясын жана идеологиясын кечиктирбей иштеп чыгуусу зарыл. Мамлекеттин саясий, социалдык-экономикалык жана маданий өнүгүүсү үчүн, анын бүтүндүгү, стабилдүүлүгү жана суверендүүлүгү үчүн өлкөдө жашашкан бардык этностогу элдерди мамлекеттин титулдук этносу эсептелген кыргыз улутунун тегерегинде бир үйбүлөдөй баш коштуруп, ынтымакта жашоосуна, алардын ар тараптуу өнүгүүсүнө жана суверендүүлүгүнө максималдуу шарттардын түзүлүүсү зарыл.

Башкача айтканда, албетте, коомдук суверенитеттүүлүк негизги орунду ээлейт. Демек, улуттук проблемаларды чечүү үчүн коомдун консолидацияланууусуна жетишүү зарыл. Бул деген бир өлкөнүн ичинде жашашкан этностордун тарыхына,

маданиятына, тилине, туткан динине сый-урмат менен мамиле кылуу. Коомдук мындай консолидация өлкөнүн өнүгүүсүнүн негизги шарттарынын бири.

Эгерде биз Кыргызстандын элдеринин улуттук маданияттарынын негизги баалуулуктарына таянбасак, анда бизде коомдун консолидациясы болбойт. Коомдо консолидация болбогон кезде мамлекеттин ыдыроосу мыйзам ченемдүү көрүнүш. Ага СССРдин акыркы жылдардагы тарыхы күбө. Бул улуу вазыйпанын аткарылуусун иштеп чыгып, аны ишке ашыруу КРнын Президенти баш болгон аткаруу бийлигинин кечиктирилгис ыйык милдети болуп эсептелет.

БИРИНЧИ ПРЕЗИДЕНТТИ ШАЙЛОО. МАМЛЕКЕТТИК СУВЕРЕНИТЕТТҮҮЛҮКТҮН ДЕКЛАРАЦИЯСЫ

Түштүктөгү болуп өткөн коогалаң менен республикадагы коомдук-саясий жана социалдык-экономикалык кырдаалдын кескин курчушу А.Масалиев башында турган бийликтин кадыр-баркын биротоло түшүргөн.

Республикадагы партиялык-чарбалык элитанын эзелтен келе жаткан "түндүк" жана "түштүк" региондук кландарга бөлүнгөн жагымсыз, мамлекеттин бүтүндүгүнө доо кетирген жат "оорусу" бийликтегилердин ичинде эле эмес, карапайым кыргыз калкынын ичинде да регионалисттик жана трайбалисттик бөлүнүүсүнүн кеңири кулач жайышы эч кимге жашыруун сыр болгон эмес. Коомдогу мындай жат көрүнүш өлкөнүн саясий, социалдык-экономикалык жана маданий өнүгүүсүнө чоң тоскоол эле болбостон, кыргыз улутунун биримдигине, ынтымагына доо кетирип, орду толгус зыянын тийгизип келет. Ынтымагы жок элде эч качан бейкутчулук да, өнүгүү да болбостугуна карт тарых күбө.

Мамлекеттин саясий, социалдык-экономикалык жана маданий өнүгүүсү, биринчи кезекте, өлкөнүн өзөгүн түзгөн титулдук улуттун биримдигине жана башка бардык этностук улуттардын

ынтымакта эмгектенип, эркин жашоосуна жагымдуу жагдайлардын түзүлүүсүнө жараша болот.

Экинчиден, глобалдашкан азыркы заманда өлкөнүн өнүгүүсү үчүн илим менен билим мамлекеттин негизги приаритетине айлануусу абзел.

Үчүнчүдөн, коррупцияны түп, тамырына чейин жок кылуу. Коррупция Мекендин душманы катары эсептелинип, коррупционер коомчулуктун келишкис душманы катары, жети атасына чейинки урук-туугандары мамлекеттик чыккынчы эсептелинип, тукум курут кылынуусу зарыл.

Төртүнчүдөн, мекенчилдик күчтүү сезимди ар бир жарандын көкүрөгүндө жаратуу максатында мамлекеттик күчтүү идеология болуусу зарыл.

Кыргыз ССРинин Жогорку Советинин он экинчи чакырылышынын биринчи сессиясы өз ишин 1990-жылдын 10-апрелинде баштаган. Жыйында 25-февралда, 4-мартта жана 7-апрелде болуп өткөн шайлоо күндөрү шайланышкан 342 депутаттардын ичинен атайын партиялык квота менен 100 депутаттын жана жеке мандаттуу альтернативалык округдардан шайланышкан 242 депутаттын полномочиелери таанылып жана бекитилип, республиканын Жогорку Советинин председателдигине Компартиянын Борбордук Комитетинин биринчи секретары А.М.Масалиев шайланган[562].

Республикадагы эң жогорку эки бийликтин бир кишинин колуна тийүүсү, ал мезгилде таң калыштуу деле нерсе болгон эмес. Анткени "эки чылбыр, бир тизгинди" М.Горбачев баштап, ал бардык союздук республикаларда кайталанган. Анын

562. Шеримкулов М. Парламант независимого Кыргызстана. – Б., 1998: 241,243-бб.

негизги себеби болуп, союз боюнча партиянын кадыры кетип, партиялык жетекчилердин "тактыдан буттары" тайып, позицияларын жогото баштаганда, партиянын биринчи катчылары эми Жогорку Советтердин да председателдиктерине шайланышкан. Жогорку Советтин төрагалык кызмат орду мамлекеттин башчысы катары эсептелинген.

Биринчи сессиянын күн тартибине киргизилген маселелердин негизгилеринин бири болуп Кыргыз ССРнин Конституциясына – Негизги Мыйзамга өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү болгон. СССР Жогорку Советинин сессиясында Конституциянын 6-статьясы алынып салынгандай эле, Кыргыз Республикасынын Конституциясынан да партиянын жетекчилик ролун аныктаган 6-статьяны алып салуу маселеси каралып, кызуу талкуудан кийин, статья алынып салынган. Сессияда бир топ депутаттар Конституцияга толуктоолор киргизүүнү, республикада президенттик институтту жана президентти шайлоону сунуштоо менен чыгышкан. Президенттик постту киргизүүгө туруктуу каршылык көрсөткөн А.Масалиев болуп, ал сессиянын жүрүшүндө бир канча жолу: "Биздин оюбузча, азыр бизге Президенттин кереги жок, бул маселе оончук эмес... Бизге Президенттин кереги жок", – деп маселенин өтүүсүнө тоскоолдук кылган.[563]

СССРдин Президентинин шайлоосунан эки жума өтпөй, 1990-жылы 24-мартта Өзбекстанда президенттик пост киргизилип, И.Каримов Президент болуп шайланат. М.С.Горбачевдун: – "Бул кандай

563. Шеримкулов М. Парламант независимого Кыргызстана. – Б., 1998: 252-253-бб.

болуп кетти? Эч бир макулдашпай, консультатциясыз, өз бет алдынча Өзбекстандын Президенти болуп шайланыш алуу",– деген сөзүнө Өзбекстандын лидери И.Каримов эч бир камырабастан: "калк ушундай каалады", – деп жооп берген. Н.Назарбаев коллегасы И.Каримовду колдоп: "Ооба, бизде да, Казакстандын элдери сураныш жатышат, а эмне үчүн бизде Президент болбошу керек", – деген талапты коюшуп[564]. Жыйынтыгында союздук республикалардын көз карандысыздыгы үчүн күрөшүүгө региондордун элиталары кошумча күч инстурменттерине ээ болушкан.

Сессиянын жүрүшүндө радикалдуу депутаттар кошуна Өзбекстан менен Казакстан президенттерин шайлашкандарын мисалга келтирүү менен, агымдан кечикпей президент жөнүндөгү маселени киргизүү сунуштарын кайра-кайра көтөрүшкөн. Сунуштун кабыл алынбай калуусу республиканын жетекчилигине карата көпчүлүк депутаттардын нараазычылыгын жараткан.

1990-жылы Кыргызстандын укуктук өнүгүү тарыхында бурулуш жылы болгон. Элдердин өкүлчүлүк бийлиги, Жогорку Советке шайлоолордун демократиялык принциптердин негизинде өтүүсүнө биринчи жолу мүмкүнчүлүктөр түзүлүп, парламентке депутаттык мандат үчүн күрөшүү атаандаштык негизде өткөнү жакшы жышаандын, келечектин белгиси деп эсептелген. Жогорку Советтин сессиясынан кийин, республика ишенимдүү укуктук мамлекетти түзүүгө карай кадам таштап, анын негизги атрибуттары болгон мыйзам чыгаруу, ат-

564. Безбородов А., Елисеева Н., Шестаков В. Перестройка и крах СССР. 1985-1993. –СПб.: Норма, 2010, с. 122-123.

каруу жана сот бийликтеринин функционалдык милдеттери аныкталган.

1990-жылдын мартында өткөн парламенттин биринчи сессиясында Жогорку Советтин Председателдигине шайланган А.Масалиев республикада президенттик институтту киргизүү учурдун талабы экенин билдирген депутаттардын сунушуна: "СССРде, эмне, он беш президент болмок беле?" – деп ал караманча каршы болгондуктан, маселе каралган эмес. Эгерде ал киши Жогорку Советтин жыйынында президенттик кызмат ордун киргизүүгө каршылык көрсөтпөй, депутаттардын колдоосу менен өзүнүн кандидатурасын койгондо, Өзбекстан менен Казакстандын президенттериндей А.Масалиев да талашсыз шайланмак да, Кыргызстандын саясий, социалдык-экономикалык жана маданий өнүгүү процесси башка жол менен кетмек.[565]

1990-жылдын октябрына карата СССРде, анын ичинде Кыргызстанда кырдаал кескин өзгөрүлгөндүгүнө жана партиялык бийлик вертикалынын кадырынын түшкөнүнө, албетте, биринчи кезекте, Ош окуясынын жана бейформал коомдук уюмдардын ирилешүүсү менен алардын бийликке каршы жүргүзгөн ар кандай акциялары түздөн-түз таасирин тийгизген.

КДК башында турган өкмөттүк эмес коомдук уюмдар түштүктөгү болуп өткөн алааматка партиялык жетекчилерди күнөөлөшүп, чуу көтөрүшүп чыгуусу коомчулукта чоң импульс жараткан. Ал эми Жогорку Советтин ичинде, негизинен, түндүктүк

565. Фурман, Д., Шерматова, С. Киргизские циклы. -М.: Наука. 2008.11-б.

өкүлдөрдөн түзүлгөн депутаттык, антимасалиевдик "либералдык" "Демократиялык жаңылануу үчүн, Кыргызстан граждандарынын ынтымагы үчүн" фракциясы түзүлүп, алар КДКнын лидерлери менен тыгыз байланышта иштешкен.[566]

Жогорку Советтин сессиясынын жүрүшүнө сырттагы болуп жаткан кырдаалдын таасири өтө чоң болгон. Сессия өтүп жаткан өкмөт үйүнүн тегерегинде А.Масалиевдин жана республиканын башка жетекчилеринин отставкасын талап кылып, ар кандай плакаттар, лозунгдар менен "демократ" – пикетчиктер турушкан.

Т.Тургуналиев баштаган бир топ пикетчиктер саясий ачкачылык жарыялашкан. 22-октябрда, Жогорку Советтин сессиясы башталганда ачкачылык жарыялашкандардын саны 85ке жеткен. Аларды К.Акматов баш болон 114 депутат колдоо көрсөтүп турган.[567]

Алардын койгон негизги талаптары: президенттик башкаруу системасын киргизүү; көп партиялуулук системасына шарт түзүү; Компартияны жетекчилик статусунан четтетүү; өкмөттөгү жана чарбалардагы коммунист жетекчилерди кызматтан кетирүү; Ош окуясына саясий баа берүү; коомдук бейформал бирикмелерди каттоолордон өткөрүү.

Депутаттык топ алардын жүргүзгөн акцияларын колдоо менен, синхрондук түрдө бийликке каршы иш жүргүзүп, президенттик шайлоодо А.Масалиевди өткөрбөөнүн аракеттери көрүлгөн.

566. Фурман, Д., Шерматова, С. Киргизские циклы. -М.: Наука. 2008.13-б.

567. Джумагулов А. Что отдано в замен. Воспоминания. – Б.: Бийиктик, 2008. – 204-б.

А.Масалиевди кызматтан кетирүү боюнча уюшулган топ алдын ала даярдык көрүшүп, ыңгайлуу учурду күтүшкөн.

А.Масалиев өзүнүн "Советтик доордон үзүндүлөр" эскерүү китебинде мындайча эскерет: "Масалиевдин ордуна "өзүбүз" тараптан шайлайбыз деген аракеттер тууралуу мурдараактан эле белгилүү болуп калган. Бул ишти уюштургандар жана аларды жактагандар ич ара кеңешип, ал тургай Москвада иштеп жаткан жердештерибиз менен макулдашып турушкан.

Алдыларына койгон максатка жана мансапка жетүү үчүн ар түрдүү ушактарды таркатышып, кырдаалды курчутуунун үстүндө иш жүргүзүшкөн.

Буга далил катарында республиканын ошол кездеги КГБсынын төрагасы А.Ж.Асанкуловдун "Акаев ачык китептей" деген билдирүү-аңгемесинде айтылгандарынан келтирсек толук жетиштүү болот.

Ал минтип жазат:

"Менимче, 1989-жылдын май айынан баштап республикада коомдук-саясий абал начарлай баштады...

Айтор, бийликтин кризиси күчөп, ал жөнүндө, өзгөчө демократиялык көз караштагы топтордо, кадимкидей сөз боло баштады. Ачык айтканда, республиканын жетекчилерин алмаштыруу керек деген маселе турду. Бирок чоң ишенич менен кимдир бирөөнүн кандидатурасына токтоо кыйынга тургандай...

Чыңгыз Айтматов (анда Президенттик Советтин мүчөсү катары) Горбачевдун тапшырмасы менен Ошко келип, бардык абалды көрүп, бардыгы түшүнүктүү болгондон кийин, биринчи эле күнү республиканын эртеңки жетекчилигине кимди көрсөтүү боюнча өз ара сүйлөшүүлөрдү жүргүздү...

Аскар Акаев менен сүйлөшүү болду. Ал макулдугун берди...

Анча көп өтпөй КПСС БКнын бөлүм башчысы Валентин Александрович Купцов жана СССР КГБсынын бир нече генералдары Фрунзеге келишти. Бардык абал менен таанышышты, бир топ жолугушууларды өткөрүштү, айрым жетекчилердин ойлорун угушту. Кыскасы, жетекчиликти алмаштыруу бышып жетилгенин алар да сезишкен.

Төрт ай бою даярдыктар жүрдү. Ошентип, күзгү сессияда, экинчи турда кеңешилгендей, Президенттикке Акаевдин кандидатурасы да коюлду. Ал өзүнүн атаандаштарынан алда канча көп добуш алып Президенттикке шайланды".[568]

СССРдин жана республиканын коопсуздук комитетинин жетекчилери Ош трагедиясы болордон бир жыл мурда, 1989-жылдын жаз айларында эле кимди президенттикке дайындоо боюнча аракеттер жүргүзүлгөн. А.Акаевдин кандидатурасын СССР КГБнын башчысы В.Крючковго республиканын КГБнын башчысы Ж.Асанкулов сунуштаган. Кандидатура бардык жагынан жеңиштүү деп эсептелген — партократ эмес, академик, СССР эл депутаты.

КГБнын жетекчилери бул идеяны СССРдин президентинин кеңешчиси Ч.Айтматовду ынандырып, макулдугун алганга жетишишкен. А.Акаевдин президенттик кызматка киришүүсүнүн алгачкы күндөрүндөгү ишмердүүлүгүн КГБнын кызматкерлеринин "десанты" камсыздап турган. Асанкулов-

568. Масалиев А. Советтик доордон үзүндүлөр... 276-277-б.

дун жардамчысы, КГБнын офицери А.Орозов: "Акаевдин КГБ менен байланышында кара тактар көп, бирок өткөн күндөрдүн кандайдыр бир оор жүгү Дамоклдын кылычындай анын үстүнө илинип турган. Акаев Асанкуловдон шумдуктуудай (панически) корккон. Августтагы путчта ыңгайлуу шарт түзүлүп, генералды отставкага кетирген. Асанкуловдон кийин Кыргызстандын атайын кызматынын жетекчисинин креслосунда 10 адам алмаштырылган. Алардын бири да профессионал болгон эмес", — деп айткан Алик Орозов.[569]

24-октябрда Жогорку Советтин сессиясында президенттик бийлик институтун түзүү, анын функционалдык милдеттерин жана статусун аныктоо боюнча республиканын конституциясына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү маселелери талкууланып, кабыл алынган. Жогорку Совет "Кыргыз ССРинин Президентинин кызмат ордун түзүү жана Кыргыз ССРинин Конституциясына (Негизги Мыйзамына) өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө"[570] мыйзамы кабыл алынган.

Бул мыйзамдын жоболоруна ылайык тийиштүү мыйзамдар кабыл алынып, анда Кыргыз ССРинин Президентинин кызмат орду негизделген. Мыйзамга ылайык Кыргыз ССРинин Президенти Кыргыз ССРинин мамлекет башчысы болуп эсептелип, ага өлкө башчысы катары өлчөөсүз укуктар берилип, өлкөнү каалагандай калчаганга шарт түзүлүп, жоопкерчилик жагы унутта калып, кокус оор кылмыш иш жасаса гана каралуусу мүмкүн болгон чечим кабыл алынган.

569. Коллектив авторов. Коктейль Полторанина. Тайны ельцинского закулисья / Коллектив авторов — «Алисторус», 2013 – 224 с.; ИА "24.kd", Горбачев И. www.ca-oasis.info/news/?c= 2&id=12951

570. Ведомости Верховного Совета Киргизской ССР. - 1990. - №18. - С. 249.

Ошентип, өлкөдө Кудайдан кийинки эле президент болуп, жоопкерсиздиги жок ченемсиз укуктар берилгендиктин айынан кыргыздын президенттери мамлекетти башкарууда тууган-туушкандары, таяке-жээндери, балдыз-секретарлары, жан сакчы-шофёрлоруна чейин бийлетип, "кой деген Кожо, ай деген Ажо жок" мамлекет колундагы чүкөдөй калчанып, уюшулган коррупция гүлдөп, өлкөнү "коллективдүү" башкарып келишти.

Жогорку Советтин сессиясында (24-октябрь) депутаттардын көпчүлүк добушу менен Кыргыз ССРинин биринчи Президентин шайлоо кийинки күнү, 25-октябрда, өткөрүү чечими кабыл алынган.

Ошол эле күнү, 24-октябрда, кечинде Кыргызстан Компартиясынын БКсынын бюросу болуп, Президенттикке бир добуштан Кыргызстан Компартиясынын БКсынын биринчи катчысы, Жогорку Советтин председатели А.Масалиевдин кандидатурасын көрсөтүү маселеси чечилип, бюронун тапшырмасы менен сессияда талапкерди көрсөтүү Кыргыз ССРинин Министрлер Советинин пердседатели А.Жумагуловго жүктөлгөн.

Ал күндөрдү А.Жумагулов мындайча эскерет: "Борбордук Комитеттин бюросу курч кырдаалда өттү, күн тартибинде Жогорку Советтин сессиясы жөнүндөгү маселе, ошондой эле партиядан Президенттикке кандидатты көрсөтүү жөнүндөгү маселе коюлду. Бул кезде Борбордук Комитеттин бюро

мүчөсү Ж.Б.Аманбаев өзүнүн кандидатурасын көргөзүүгө кызуу даярданып жаткан. Андан кийин төрага талапкерлерди көрсөтүүнү сунуштады, мен пайда болгон паузаны бузуп, А.М.Масалиевдин талапкерлигин атадым, жыйынга катышкандардын бардыгы, анын ичинде Ж.Аманбаев да бул сунушту бир добуштан колдошту" – деп жазган.[571]

24-октябрда, сессиядан кийин, "Демократиялык жаңылануу үчүн, Кыргызстан граждандарынын ынтымагы үчүн" депутаттык топ кабыл алынган чечим боюнча информация сыртка чыгып кетпөө максатында жалаң демократиялык депутаттар тобу чогулушуп, жыйын конфиденциалдуулукта өткөрүлүп, "түндүк наменклатуралык кландын өкүлдөрү" Министрлер Советинин Председатели А.Жумагуловду жана Ысык-Көл областтык партия комитетинин биринчи катчысы Ж.Аманбаевди А.Масалиевдин кандидатурасын президенттикке өткөрбөө максатында ага каршы талапкерликтерин коюу чечимин кабыл алышкан.

А.Масалиевдин көп жылдар бою үзөнгүлөш болуп бирге иштешкен, ишенген эң жакын соратниктери анын кең пейилдигинен жана КП БКнын бюросунун чечиминин кынтыксыз аткарылуусуна толук ишенгендигинен пайдаланышып, анын "артынан сокку урушкан".[572]

Жогорку Советтин сессиясы башталганда эле депутаттар эки топко бөлүнүшкөн. 173 коммунист депутаттардан турушкан партиялык депутаттар

571. Джумагулов Апас. Что отдано взамен. Воспоминания. – Б.: Бийиктик, 2008. – С. 204-205.

572.Фурман Д., Шерматова С. Киргизские циклы. 10-б.

группасы жана составы 114 депутаттан турган "Демократиялык жаңылануу үчүн, Кыргызстан граждандарынын ынтымагы үчүн" группасы түзүлгөн.[573]

Эртең менен, 25-октябрда, сессиянын башталар алдында коммунист-депутаттардын партиялык тобу менен кеңешме өткөрүлүп, анда партиянын БКсынын бюросунун сунушу толук колдоо таап, партиялык топтун атынан А.Жумагуловдун Президенттикке А.Масалиевдин кандидатурасын көрсөтүүсү дагы бир жолу макулдашылган. Депутаттардын партиялык тобунун чечимин А.Жумагулов колдоп, сессияда А.Масалиевдин талапкерлигин сунуштоо менен, ал киши жөнүндө өтө жогору, пафостук сөздөр менен сүйлөп, депутаттарды колдоо көрсөтүүгө үндөгөн.[574] Ал эми А.Жумагуловдун кандидатурасын Ж.Сооданбеков көрсөтүп, тизмени Ж.Аманбаев толуктаган.[575]

Сессиянын тыныгуу маалында М.Шеримкулов Жумагулов менен жолугуп, коммунисттердин ортосундагы макулдашууну жана партиялык этиканы эскертип, талапкерлигин алып салууну суранган. Бирок Жумагулов мындай учурда "Демократиялык жаңылануу үчүн, Кыргызстан граждандарынын ынтымагы үчүн" топтун депутаттары аны сыйлабай турганын айтып, талапкер-

573. Шеримкулов М.Ш. Парламент независимого Кыргызстана... 271-б.

574. Кеңири караңыз:. Шеримкулов М.Ш. Парламент независи-мого Кыргызстана... 265-280-б.

575. Ибраимов Осмонакун. февраля 2016. Кыргызская рулетка – 1990 или Как был избран первый президент. https://rus.azattyk.org/a/27540271.html

лигин алып салуудан баш тарткан. Анын алдына ушундай катаал шарт коюлганын билдирген.[576]

Ал жөнүндө Жумагулов өзү мындайча эскерет: "25-октябрда сессиянын перерыв мезгилинде фракциянын 114 депутаттары: "Биз сиздин талап-керлигиңизди макулдаштык, эгерде сиз аны алып сала турган болсоңуз, сиз бизди өтө жаман абалга калтырасыз", – деп жазат.[577]

Бул парадокс, бирок чындык – биринчи турда үч коммунист лидерлер – биринчи катчы А.Масалиев, Министрлер кеңешинин төрагасы А.Жумагулов жана КПнын Ысык-Көл обкомунун биринчи катчысы Ж.Аманбаев президенттикке ат салышкан. Үчөө тең сөөк чучугуна чейин коммунисттик системанын кадрлары болушкан, ушул системанын ичинде өсүп, жетилген.

Кийинчерээк А.Масалиев "Советтик доордон үзүндүлөр" аттуу китебинде: "А.Жумагулов өз кандидатурасынын сессияда коюла тургандыгын күн мурунтан билген жана БКнын бюросунда айтканына караганда андай сунуштан ал баш тармак болгон. Бирок сессия жүрүп жаткан кезде анткен жок.

...башка республикаларда биздикиндей БКнын бир нече бюро мүчөлөрү Президеттик постко кандидатураларын койгон эмес", – деп эскерген.[578]

576. Мамасалы Апышев 2 Октября 2019.Медетхан Шеримкулов и начало 90-х. Избрание Акаева, ГКЧП, гибель Исанова...http://mnenie.akipress.org/unews/un_post:15226/?from=mnenie&place=authors

577. Джумагулов Апас. Что отдано взамен. Воспоминания. – Б.: Бийиктик, 2008. – С. 205.

578. Масалиев А. Советтик доордон үзүндүлөр... 280-б.

Ошол мезгилде партиялык-советтик наменклатурадагы түндүктүк анын ичинде айрым түштүктүк депутаттар тымызын эки фронтто иш алып барышкан. Алардын эң негизги максаттары А.Масалиевди президенттикке өткөрбөй, кызматтан четтетүү болгон.

Компартиянын БКсынын ошол мезгилдеги секретары М.Шеримкулов: "А.Жумагулов А.Масалиевдин атын өзү атап, анан ага альтернатива болууга өзү макулдугун бергени, абдан түшүнүксүз...

Акыр аягында, А.Жумагулов өзүнүн жасаган иштери үчүн өз абийир соту өзүндө... Бирок фактынын өзү көрсөткөндөй, анын мындай аракети партиялык этиканын талаптарына да, адамдык моралга да ылайык келбеген иш", – деп жазган.[579]

КПССтин арты менен партиялык-советтик жогорку кызмат орундарга чейин өсүп жетишкен кыргыздын жетекчи "коммунисттеринде" коммунисттик морал, принцип жана намыс деген болгон эмес. Андай сапаттарга караганда кылымдап канында ойногон регионалдык трайбализм үстөмдүк кылганы таң калыштуу деле эмес.

СССР мезгилинде советтик-партиялык жетекчи чиновниктердин 99%ы жеке кызматтык карьерасы үчүн КПССтин катарына ар кандай "уурулук" жолдор менен өтүшкөн. Андайлар табыятынан лжекоммунисттер болушкан. Лже-коммунисттер көздөгөн максатына жетүү үчүн эч нерседен кайра тартышпаган, жаратылышынан кекчил, таш боор, алдым-жуттумга жакын коомдун коркунучтуу

579.Шеримкулов М.Ш. Парламент независимого Кыргызстана... 273-б.

катмарына айланышкан. КМШ өлкөлөрүнүн айрым коомдук окумуштуулары лжекоммунисттер менен фашисттерди эгиз бир туугандар катары мүнөздөшкөн. Лжекоммунист-нацисттер биздин коомду башкарып келишкени талашсыз.[580]

Демек, А.Масалиев башында турган Кыргыз ССРинде республикалык деңгээлдеги партиялык-чарбалык жетекчилердин басымдуу көпчүлүгүнө кыргыз мамлекетинин келечеги көп деле кызыксыз экендиги 1990-жылдардагы республикада болуп жаткан оор кырдаал көрсөттү. Кыргыз ССРнин партиялык-советтик жетекчилик кызматтарда "партиянын терисин жамынган" бийлик жана мансап үчүн коммунисттик идеяны жеке, керт-башы менен региондук-кландык-трайбалисттик кызыкчылыктарына алмаштырышкан, феодалдык көз караштагы кызматкерлер чогулушканы, албетте, кыргыз калкы үчүн өтө өкүнүчтүү. Ошентип, горбачевдук карьерист-партократтар жана трайбалист-коньюктурщиктер бийлик наменклатурасына ар кандай коррупциялык, булганч жана эки жүздүүлүк жолдор менен лжекоммунисттердин топтолгондугу иш жүзүндө аныкталган.

Өлкөнүн оор жүгүн көтөрүп, элибиздин келечеги үчүн ынтымакта, "бир жакадан баш, бир жеңден кол чыгарып", биримдикте, бөлүнүп-жарылбай иштешкен журт жакшыларынын жоктугу бүгүнкү күнгө чейин улантылып, элибиз экиге эле

580. Кара: Моченов В., Никулин С., Ниясов А., Савваитова М. Словарь современного жаргона российских политиков и журналистов. — М.: Олма-пресс, 2003.; Гильермо Льона. ABC. 9 июля 2012 г. Коммунисты-нацисты? Да, они существуют на самом деле. https://www.inopressa.ru/article/09Jul2012/abc/nazbol.html

эмес кокту-көктуга бөлүнүп, жаштарыбыз жумуш издеп, дүйнөнүн булуң-бурчунда, ит көрбөгөн кордуктарды көрүп, адам тартпаган азаптарды тартышып күн кечиришүүдө. Журт башчылары өлкө эсебинен байышып, бейиштин шарттарын өздөрү үчүн түзүшүп, калкты курмандыкка чалышып, бийлик менен байлык үчүн жан үрөп келишет...

Жогорку Советтин сессиясы башталган күндөрдөн тартып "Кыргызстан Демократиялык Кыймылдын" уюштуруучулары Ак-үйдүн астында митингдерди уюштурушуп, президенттик кызматты киргизүү, КПССтин жеке бийлигин жоюу, басма сөзгө эркиндик берүү, Ош окуясына саясий баа берүү жана башка ураандарды коюу талабы менен чыгышып, саясий ачкачылык жарыялашкан.

Алардын мындай аракеттерин Жогорку Кенештин реформачыл 114 депутаты колдоого алган.[581] Демократтардын мындай саясий кадамдары коомчулукту да, парламенттин ичиндеги коммунисттик бийликке каршы күрөштү да жандантқан.

Президенттик шайлоонун биринчи туруна А.Масалиевдин, А.Жумагуловдун жана Ж.Аманбаевдин кандидатуралары бюллетенге киргизилип, жыйынтыгында бири да жетишерлик добушка ээ боло алышкан эмес. Добуш берүүгө 337 депутат катышып, талапкерлер төмөндөгүдөй добушка ээ болушкан: А.Масалиевдин талап-керлигине "макул" – 154, "каршы" – 179; А.Жумагуловго "макул" – 96,

581. Чоротегин Тынчтыкбек 22-Май, 2015. Кыргызстандагы демократиячыл күрөштүн карлыгачы – КДКга чейрек кылым. https://www.azattyk.org/a/kyrgyzstan_democratic_movement_25th_anniversary_blog/27029594.html

"каршы" – 237, Ж.Аманбаевге "макул" – 83, "каршы" – 250. Экинчи турга А.Масалиев менен А.Жумагулов чыгышып, А.Масалиев – 171 добушка ээ болуп, "каршы" – 160, ал эми А.Жумагуловго "макул" – 160, "каршы" – 171, жараксыз бюллетендердин саны – 5 болгон.[582]

Жыйынтыгында, Кыргыз ССРинин Президенттик кызмат ордуна республиканын жетекчилеринин өтпөй калуусу, алардын өздөрүнүн эле эмес, партиялык-советтик органдардын кадыр-баркынын да кеткендиги болгон. Партиялык дисциплинанын солгундап, бюронун чечими көз көрүнөө тебеленип жатканы ички биримдиктин, ынтымактын жоктугун билдирип, кызмат, мансап жана кландык кызыкчылык үчүн адам баласына тиешелүү ыйык сапаттарды тепсеп өтүү көпчүлүк партократ-карьерист жетекчилерге мүнөздүү экенин тарых далилдеди.

Шайлоодон өтпөй, "ит жыгылыш" болушкан үч советтик партиялык босстор, Бюро мүчөлөрү менен чогуу, сессиянын жыйыны бүтөр замат биринчи катчы Масалиевдин кабинетине чогулушкан. Масалиев болгон окуяны КПСС БКнын партиялык-уюштуруу бөлүмүнүн башчысына билдирген соң, Бюронун жыйыны болуп, сессияда президенттикке жалгыз Жумагуловдун кандидатурасы менен чыгуу чечилген. Эгерде сессия мындай сунушту кабыл албаса, анда президенттик шайлоону кийин-

582. Внеочередная сессия Верховного Совета Киргизской ССР двенадцатого созыва. Стенографический отчет. Часть 1. Фрунзе. 1990. 376, 391-б; Шеримкулов М.Ш. Парламент независимого Кыргызстана... 273-274-б.

киге жылдырып, жалпы элдин түз шайлоосуна чыгаруу чечими менен тарашкан.

Сессияда кызуу талаш-тартыштан соң партдепутаттардын президентти шайлоону кийинкиге, жалпы элдик шайлоого чыгаруу сунушу четке кагылып, Жогорку Кеңештин сессиясында шайлоо чечими кабыл алынган. Президентти жалпы элдик шайлоого чыгарууда 114 демократиялык депутаттар өздөрүнүн талапкерин өткөрө алышай, уттурарын толук түшүнүшкөн.

СССРдин КГБнын кийлигишүүсүнүн натыйжасында Ч.Айтматов менен макулдашылган Акаевдин кандидатурасы жыл башында эле бышып жетилген. Республикалык КГБнын жетекчиси Асанкулов кабыл алынган чечимди депутаттардын демократиялык фракциясынын тийиштүү лидерлери менен бышыктаганга жетишкен.

1989-жылдын май айынан баштап масалиевдик бийликти алмаштуруу боюнча республикалык КГБнын жетекчилери башында турган көшөгө артында жашыруун жүргүзүлгөн даярдыктар 1990-жылдын жай айларында бышып, жетилгени жөнүндө КГБнын төрагасы Асанкулов: "...Төрт ай бою даярдыктар жүрдү. Ошентип, күзгү сессияда, экинчи турда кеңешилгендей, Президенттикке Акаевдин кандидатурасы да коюлду. Ал өзүнүн атаандаштарынан алда канча көп добуш алып Президенттикке шайланды", – деп эскерген.[583]

Жумагуловду президент болосуң деп көкүтүп, талапкерлигин Масалиевге каршы коюуга макулдаткан, экөө тең өтпөй калуусуна жан үрөп,

583. Масалиев А. Советтик доордон үзүндүлөр, 277-б.

үчүнчү кандидаттын да макулдугун алып көрөшкө түрткөн фракциянын ичинде "серый кардинал" болгонун көпчүлүк фракциянын депутаттары баамдашкан эмес.

Президенттик шайлоонун биринчи турунан үч коммунист лидерлер өтпөй калган соң, демфракциянын лидерлери Москвага, Ч.Айтматовго телефон чалышып президент болуу сунушун билдиришкенде ал киши кескин баш тартып, Акаевди сунуштаган деген пикир коомчулукта жашап келет. Тарых чындагы дайым эле так айтылып, жазыла бербейт тура.

27-октябрда Жогорку Советтин сессиясы Президентти шайлоону кайра башынан өткөргөн. Бул жолу талапкерлердин катары 12ге жеткен. Бирок бюллетенге алты кандидаттын аты-жөнү киргизилген. Шайлоонун биринчи айлампасындагы жашыруун добуш берүүнүн жыйынтыгы төмөндөгүдөй болгон: "макул" талапкер С.Аблесовго – 17, А.Акаевге – 137, Э.Дүйшеевге – 19, Н.Исановго – 74, А.Муралиевге – 31 жана Б.Осмоновго – 16. Экинчи айлампага көп добуш алышкан эки талапкер: А.Акаев менен Н.Исанов киргизилген. Экинчи турдун жыйынтыгы менен басымдуу көпчүлүк депутаттардын добушуна (179) ээ болгон А.Акаев жеңишке жетишет. Ал эми Н.Исанов 62 добушка ээ болгон.[584]

Добуштун жыйынтыгы чыгары менен жаш, физика мугалими, демократ-депутат Ө.Текебаев

584.Внеочередная сессия Верховного Совета Киргизской ССР двенадцатого созыва. Стенографический отчет. Часть II. Фрунзе. 1990. 171, 179-б.; Шеримкулов М.Ш. Парламент независимого Кыргызстана... 275-б.

сыртка, митингчиленге атып чыгып, А.Акаевдин жеңгенин кабарлаган.[585] Ошентип, Кыргыз ССРинин Илимдер Академиясынын президенти, академик А.Акаев Кыргызстандын биринчи Президенти болуп шайланган.

Ошол мезгилдеги кырдаалга карата А.Акаевдин шайлануусу бардык тараптарды канааттандырган. Демократтар аны "жаңы формациянын адамы, демократиялык маданияттын өкүлү"[586] катары кабыл алышкан. А.Масалиев башында турган коммунисттик бийликтин өкүлдөрүнүн шайлоодон өтпөй калганын демократиянын жеңиши катары коомчулук кабылдаган.

Түндүк-кландык наменклатуралык группировкалар А.Акаевдин жеңишин өздөрүнүн жеңиши катары эсептешип, кандайдыр бир деңгээлде алардын реваншы катары кабылдашкан.[587]

Газеталар: "бул жеке А.Акаевдин эле жеңиши эмес. Бул – жаңыдан торолуп келе жаткан демократиянын жеңиши. Бул – кыргызстандыктардын жаңы үмүтү", – деп жазышкан[588].

Жаңы шайланган Президент А.Акаев кийин, 2000-жылдын 21-октябрында "Независимая газе-

585. Фурман, Д., Шерматова, С. Киргизские циклы. -М., 2008.16-б.

586. Эркенбаев А. 1990 год: приход к власти А. Акаева. –Б.: Кыргызстан, 1997. 72-б

587. Фурман, Д., Шерматова, С. Киргизские циклы. -М., 2008.15-б.

588. Мурзахмедова. Г . Президент Киргизии Аскар Акаев: «На вершину власти я опустился на парашюте». Независимая газета. 21.10.2000.

тасына" бёрген интервьюсунда: "Бийлик сересине мен парашют менен түштүм", – деп айткан.[589]

Алгачкы жылдары Кыргызстандын бардык региондорунун эли, жалпы коомчулук А.Акаевге чоң ишенич артып, илгери үмүт менен ар тараптуу колдоо көрсөтүшкөн. Ал мезгилде "Советская Киргизия" газетасына берген интервьюсунда өзү жөнүндө: "Турмушта мен дайыма чектен аша кеткендерден оолак болчумун... Горбачевду мен дайыма колдогом... Бүгүнкү күнү анын линиясы эң туура деп ойлоймун...".[590]

А.Акаев Президент болуп шайланганга чейин илимдин чөйрөсүндө эмгектенип, эл чарбасынан өтө эле алыс болгон. Бийликке келгенден кийин окумуштуу катары мамлекеттин чарбалык-экономикалык жана социалдык-саясий өнүгүү процесстерине да теориялык мамиле жасап, бурмаланган социализмден динамикалуу, гумандуу, демократиялык социализмге өтүү менен калктын турмуш деңгээлин 2 – 3 жылда эң жогорку баскычка көтөрүү мүмкүнчүлүгү бар экендигин эч бир эсепкысапсыз эле жар салып чыккан.[591]

А.Акаев өлкө башына шайланып келгенден кийин, кыска убакыттын ичинде анын аң-сезиминде жана иш стилинде идеологиялык жактан революциялык өзгөрүүлөр болгон. Ал 1990-жылдын октябрындагы Жогорку Советтин кезексиз чакырылган сессиясында Президент болуп шайланган-

589. Мурзахмедова. Г . Президент Киргизии Аскар Акаев: «На вершину власти я опустился на парашюте». Независимая газета. 21.10.2000

590. Газ.: "Советская Киргизия". 1990. 1-август.

591. Фурман Д.Е., Шерматова С.А. Киргизские циклы... 11-б.

дан кийин сүйлөгөн сөзүндө: "биздин мамлекетти негиздеген улуу Лениндин максаты"[592] – бул идеалдуу социализм жана жаңы союз болгон деп айтса, бир жылдан кийин көз карашын өзгөртүп, 1991-жылдын октябрында ал: "Биз, үчүнчү деп аталган жол менен барабыз. Ал капитализмдин да, социализмдин да жакшы жактарына негизделген" – дейт.[593] Ал эми андан бир ай өтпөй, 1991-жылдын ноябрында америкалык Колумбиялык университетте чыгып сүйлөгөн сөзүндө А.Акаев: "коммунизм – бул зордуктап динге киргизүү жана жол берилбөөчүлүк", ошондуктан "СССР мамлекет катары өзүнүн ресурстарын толук сарптап бүткөн", – деп айткан.[594]

А.Акаев Кыргыз мамлекетинин Президенти катары, анын башкаруусунун алгачкы жылдарында кайсы жерде, кандай сүйлөбөсүн, кыргыз элинин ага карата ишеним кредити өтө жогору болгон. А.Акаев Президент болгонго чейин мамлекеттик, чарбалык жетекчилик кызматтарда иштебегендиктин айынан, журт башына келген соң, республиканын экономикасынын кыр аркасын түзгөн завод-фабрикалардын жана кохоз-совхоздордун байлыктары менен мүлктөрүн эч максатсыз кан

592. Речь А. Акаева на внеочередной сессии ВС КССР. "Советская Киргизия". 30.10.1990; Фурман Д.Е., Шерматова С.А. Киргизские циклы, 12-б; текшер: Внеочередная сессия Верховного Совета Киргизской ССР двенадцатого созыва. Стенографический отчет. Часть II. Фрунзе. 1990.

593. Газ.: " Слово Кыргызстана". 1991. 9-октябрь.

594. «Республика Кыргызстан на пути к правовому граждан-скому обществу». (Выступление Аскара Акаева в Колумбийском университете). "Слово Кыргызстана". 12.11.1991; Фурман Д.Е., Шерматова С.А. Киргизские циклы... 12-б .

таламайга түшүрүп, "прихватизация" саясаты менен папке колтукташкан мамлекеттик шылуунчиновниктер менен криминал чөйрөсүндөгү "билеги жоон" "черныйларга" өлкө байлыгын таратып жиберип, карапайым калкты "итке мингизгенден" кийин, эл арасында анын кадыры калбай калган.

Президенттик бийликке келгендин алгачкы жылдарында өзүнүн туруктуу жана бекем позициясынын жоктугу, албетте, өлкөнүн ички жана тышкы саясатына белгилүү бир деңгээлде зыянын тийгизген. 90-жылдарда Кыргызстанда эле эмес, бүткүл КМШ өлкөлөрүндө саясий жана социалдык-экономикалык кырдаалдар өтө оор болгон. Республикалар аралык экономикалык жана өндүү-рүштүк байланыштардын үзүлүүсү да өлкөдөгү экономикалык абалды татаалдаштырган.

Кыргызстанда президенттик башкаруу эң татаал жана оор мезгилде киргизилген, анткени мындай башкарууга каршы антипод болуп турган административдик, партиялык-командалык системанын чынжыры бошоңдогону менен, мамлекеттин башкаруу рычагдары али алардын колунда болгон. Ага кошумча, кайра куруу жылдарында калктын саясий-идеологиялык деңгээли жана нравалык-психологиялык кулк-мүнөзү кескин өзгөрүлүп, коомчулукта башкаруунун бардык системаларына карата негативдүү көз караштар күчөп турган учур болгон.

Кыргызстан Компартиясынын БКсынын республикадагы таасирин басаңдатуу максатында А.Акаев Президеттик кеңеш түзгөн. Президенттин жарлыгы менен Кеңешке мүчөлөр көз карашы боюнча президеттин жүргүзгөн саясатын колдогон,

демократиялык маанайдагы кыргыз интеллигенциянын алдынкы деп эсептелген өкүлдөрүнөн жана кесипкөй адистерден тандалган. Президенттин аппараты түзүлгөн, ал кийинчерээк Президенттин Администрациясы деп кайрадан уюштурулган.

Ал эми Президенттик башкаруу, анын функционалдык милдеттери жана ошону менен катар, президенттердин ишмердүүлүгү боюнча сөз алдыда.

Саясий жана социалдык-экономикалык кырдаал республикада эле эмес, бүткүл союз боюнча тездик темп менен түп тамырынан бери өзгөрүлүп жаткан мезгил болгон. Жаңыдан түзүлүп жаткан бийлик структураларында тоскоолдуктар, каршылыктар, катачылыктар жана кемчиликтер коштолгону менен, акырындап башкаруу системасы калыбына келтирилген.

Ош окуясынан жана президенттик шайлоодо үзөнгүлөш партиялаштарынын аракеттеринен кийин А.Масалиевдин мүнөзүндө кескин өзгөрүүлөр байкалган. Аны көрсөтпөөгө аракет кылганы менен анын башкаруу саясатынан көңүлү суун, республикадагы өтүп жаткан окуяларга катуу тынчсызданганы байкалган. Президенттик шайлоодо үзөнгүлөш иштешкен соратниктеринин ага карата жасашкан мамилелери да ал кишини ойлондурбай койгон эмес. Ноябрдын орто ченинде Масалиев эмгек өргүүсүнө чыгып, Москвага Барвихага эс алганы кетип, ал жакта А.Масалиев Жогорку Кеңештин төрагалыгынан кетүү боюнча чечимге келген.

1990-жылдын декабрында Кыргыз ССРинин Жогорку Советинин III сессиясы чакырылып, ал үч этап менен 10-декабрда башталып, 1991-жылдын январь жана февраль айларында улантылган.

Сессия баш аягы 17 күн иштеп, Жогорку Советтин мамлекет үчүн тагдыр чечүүчү, саясий жана коомдук турмушунда өтө маанилүү болгон 17 чечими кабыл алынган.[595]

10-декабрда, Жогорку Советтин сессиясы башталар менен, А.Масалиев өз арызы менен Жогорку Советтин Председателдик кызмат ордунан бошотуп коюу боюнча депутаттарга кайрылган. Ал өтүнүчүн өлкөдөгү саясий жана социалдык-экономикалык кырдаалдын татаалдашып бара жатканына байланыштуу Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин иштерине күч-аракетин жумшоого байланыштырган. Сессия А.Масалиевдин арызын канааттандырып, Жогорку Советтин төрагалык кызматынан бошоткон.[596]

Жогорку Советтин төрагалыгына шайлоонун биринчи күнүндө үч талапкер: Ч.Баекова, Ж.Сааданбеков жана Б.Сыдыковдор көрсөтүлүп, эч кимиси тийиштүү добуш ала алган эмес. Ошол эле күнү кечинде коммунисттердин депутаттык тобу чогулушуп, спикерликке баруучу 15ке жакын талапкерди талкуулап, М.Шеримкуловдун кандидатурасына токтолушкан. 11-декабрда эртең менен Жогорку Советтин төрагалыгына М.Шеримкуловдун, Ж.Акималиевдин жана Ф.Куловдун талапкерлиги көрсөтүлүп, добуш берүүнүн биринчи турунда

595. Отчет о работе Верховного Совета Киргизской ССР двенадцатого созыва 1990-1994 гг. Б... 1994. 51-б.; Шеримкулов М.Ш. Парламент независимого Кыргызстана. 281-б.

596. Шеримкулов М.Ш. Парламент независимого Кыргызстана... 281-282, 286-б.

эле Шеримкулов 177 добуш менен жеңишке жетишип, төрагалыкка шайланган.[597]

Сессияда каралып алынган маселелердин орчундуулары болуп, 1990-жылдын 14-декабрында сессия "Кыргыз ССРинин мамлекеттик бийлик жана башкаруу органдарынын системаларын кайрадан уюштуруу жана Кыргыз ССРинин Конституциясына (Негизги Мыйзамга) өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү" боюнча Кыргыз ССРинин Мыйзамы кабыл алынган.

Мыйзамга ылайык Кыргыз ССРинин Министрлер Совети Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети болуп кайрадан түзүлгөн. Кыргыз ССРнин Конституциялык көзөмөлдөө Комитетинин ордуна – Кыргыз Республикасынын Конституциялык Соту институту киргизилген.

Ушул эле күнү, 1990-жылдын 14-декабрында республиканын Жогорку Совети "Кыргыз ССРнин областтык бөлүнүүлөрүн жакшыртуу жана жаңы областтарды түзүү жөнүндөгү"[598] мыйзамы кабыл алынып, ал мыйзам боюнча жаңы, төрт область: Жалал-Абад, Нарын, Талас жана Чүй областтары түзүлүп, мурдагы Ош жана Ысык-Көл областтары менен республикада алты административдик-территориялык областтык түзүлүш болуп өзгөргөн.[599]

597. Мамасалы Апышев 2 Октября 2019.Медетхан Шеримкулов и начало 90-х. Избрание Акаева, ГКЧП, гибель Исанова... http://mnenie.akipress.org/unews/un_post:15226/?from=mnenie&place=authors

598. Ведомости Верховного Совета Киргизской ССР. № 21 (977). Ф. 1990. 1197-б.

599. Ведомости Верховного Совета Киргизской ССР. № 21 (977). Ф. 1990. 1197-б.

Жогорку Советтин сессиясында Жергиликтүү өзүн өзү башкаруу жөнүндөгү Мыйзам, Кыргыз ССРинин Жогорку Советинин депутаттарынын статусу жөнүндөгү Мыйзам жана башка маселелер каралган.

15-декабрда Жогорку Советтин сессиясында кыргыз элинин тарыхындагы эң маанилүү окуя болуп, Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик суверенитеттүүлүгү жөнүндөгү декларациянын кабыл алынуусу болгон. Жарлыктын текстинин толук берилүүсү, анын ар бир статьясы кыргыз тарыхын жана мамлекетин сыйлаган атуулдар үчүн ыйык болууга тийиш.

Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик суверендүүлүгү жөнүндө ДЕКЛАРАЦИЯ[600]

Кыргыз Республикасынын Жогорку Совети: Республиканын элинин эркин билдирип, адамдын укуктарын жана эркиндиктерин ар тараптан камсыз кылуу үчүн,

Республиканын элинин эркин, саясий, экономикалык, социалдык жана рухий өнүгүшү жөнүндө кам көрүп,

демократиялык укуктук мамлекетти курууга умтулуп, суверендүү республикалардын жаңы Союзун түзүүнү жактап чыгуу менен,

600. Газ.: "Советтик Кыргызстан" № 300 (19801). 1990, 30-декабрь. Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлиги. Кыргыз Республикасынын укуктук маалыматтардын борбордоштурулган банкы. http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ky-kg/205081?cl=ky-kg; "Советская Киргизия". Фрунзе, 1991, 1 января.

Республиканын мамлекеттик бийлигинин анын бүткүл аймагында жогору турганды-гын жана тышкы байланыштарга көз каранды эместигин туюндурган Кыргыз Республикасынын мамлекеттик суверендүүлүгүн

САЛТАНАТТУУ ТҮРДӨ ЖАРЫЯЛАЙТ

1-статья. Кыргыз Республикасы – Кыргыз улутунун өз тагдырын өзү чечүүсүнүн, Республиканын бардык элдеринин коомдук жана мамлекеттик түзүлүштү эркин тандап алуусунун айырып алгыс укугун жүзөгө ашыруунун негизинде бекемделген жана өнүгүп жаткан Республиканын бардык улуттагы граждандарынын таламдарын билдирген жана коргогон суверендүү мамлекет.

2-статья. Республиканын бардык улуттагы граждандары Республикадагы мамлекеттик бийликтин бирден-бир булагы болуп саналган Кыргыз Республикасынын элин түзөт. Бардык бийлик элден келип чыгат, эл үчүн жашайт.

3-статья. Республиканын аталышын берген, байыркы тарыхы, өзүнө таандык маданияты, өз тили, үрп-адаттары, салттары бар кыргыз улуту интернационализмдин мамлекеттик саясатынын, бардык улуттагы граждандардын кызматташтыгынын жана өз ара сыйлашуусунун негизинде өзүнүн генофондун, этносун, анын улуттук мамлекеттүүлүгүн, маданий жана тилдик мурастарын сактоого кам көрөт.

Кыргыз Республикасы республиканын чектеринен тышкары жашаган кыргыздардын улуттук-

маданий, рухий жана тилдик муктаждыктарын канааттандыруу жөнүндө кам көрөт.

Кыргыз Республикасы республикада жашаган бардык улуттардын улуттук маданиятын, эне тилин, элдик үрп-адаттарын жана салттарын сактоо жана өнүктүрүү жөнүндө кам көрөт.

4-статья. Республиканын эли Жогорку бийликти Кыргыз Республикасынын Конституциясынын жана Республиканын закондорунун негизинде түздөн-түз жана өкүлчүлүктүү органдар аркылуу жүзөгө ашырат.

Элдин атынан Республиканын Жогорку Совети жана Республиканын Президенти гана чыга алат.

5-статья. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик суверендүүлүгү:

коомдук турмуштун бардык чөйрөлөрүндө Республиканын мамлекеттик бийлигинин толуктугу,

өзүнүн граждандыгынын болушу,

элдин Республиканын энчисинин жана менчигинин бардык объектилерине ээ болууга, пайдалануга жана тескөөгө болгон өзгөчө укугу,

өзүнүн аймагында Кыргыз Республикасынын Конституциясынын жана Республиканын закондорунун жогору тургандыгы,

Республика өзү кирген суверендүү республикалардын Союзунун закондорунун ратификациялануышы,

Республиканын азыркы кездеги аймагын өзгөртүүгө өзгөчө укугу,

суверендүү республикалардын Союзуна кирген башка республикалар, чет мамлекеттер жана эл

аралык уюмдар менен мамилелерде өз таламдарын коюу жана коргоо укугу,

келишимдин негизинде суверендүү республикалардын Союзуна ыктыярдуу кирүү укугу,

суверендүү республикалардын Союзунан эркин чыгуу укугу,

өзүнүн мамлекеттик тили, герби, желеги, гимни жана борбору болгондугу менен камсыз кылат.

6-статья. Республикада мамлекеттик бийлик анын закон чыгаруучу, аткаруучу жана соттук болуп бөлүнүшүнүн негизинде жүзөгө ашырылат.

Президент Республиканын башчысы болуп саналат жана жогорку аткаруучу жана тескөөчү бийликке ээ.

Республиканын закондорунун так жана бир түрдүү колдонулушуна жогорку көзөмөл Республиканын Прокурору тарабынан жүзөгө ашырылат, ал Президент тарабынан көрсөтүлөт жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Совети тарабынан дайындалат, анын алдында жооптуу жана ага гана отчет берет.

7-статья. Кыргыз Республикасынын өз граждандыгы болот. Республиканын граждандыгын алуунун жана андан айрылуунун негиздери Республиканын закондору тарабынан аныкталат.

Республиканын граждандарына анын чегинен тышкары жерлерде Кыргыз Республикасынын коргоосу жана колдоосу камсыз кылынат.

Республиканын аймагында жашаган бардык граждандарга жана граждандыгы жок адамдарга адам укуктарынын Жалпыга таандык Декларациясында жана Республиканын закондорунда каралган

укуктар жана эркиндиктер гарантияланат. Алар тегинин, мүлктүн абалынын, расалык жана укуктук таандуулугунун, өңүнүн, жынысынын, билиминин, тилинин, иштеген ишинин түрүнүн жана мүнөзүнүн, жашаган жеринин, динге мамилесинин, саясий жана башка ынанымдарынын, партияларга же Конституцияга ылайык аракеттенген башка коомдук-саясий уюмдарга таандык болгондугунун жүйөлөрү боюнча саясий, экономикалык, социалдык жагынан дискриминацияланышы мүмкүн эмес.

8-статья. Республикада саясий турмуш плюрализм принцибинин негизинде жүзөгө ашырылат.

Бардык саясий партиялар, коомдук саясий уюмдар, элдик-демократиялык жана башка массалык кыймылдар Кыргыз Республикасынын Конституциясынын чектеринде иштейт. Жаңы уюмдарды түзүү Республиканын Конституциясына жана закондоруна ылайык жүзөгө ашырылат. Конституцияга жана коомго каршы максаттары бар саясий жана башка коомдук-саясий кыймылдарга тыюу салынат.

Республикада аскер кызматчылары, ошондой эле укук коргоо органдарында кызмат орундарын ээлеп турган адамдар кызмат ишинде закондордун талаптарын жетекчиликке алат.

9-статья. Кыргыз Республикасынын аймагы азыркы чектеринде эч ким тийгис жана анын макулдугусуз өзгөртүлүшү жана пайдаланышы мүмкүн эмес.

Кыргыз Республикасы өзүнүн административдик-аймактык түзүлүшүн өз алдынча аныктайт.

10-статья. Кыргыз Республикасы өзүнүн экономикалык турмушун өз алдынча уюштурат.

Республикада бирдей укуктук статуска ээ болгон менчиктин ар кыл түрлөрү аракеттенип, алар рыноктук мамилелерди калыптандыруунун жана өнүктүрүүнүн негизи болуп саналат жана алардын иши баарыдан мурда Республиканын граждандарынын таламдарын канааттандырууга багытталат, Закон тарабынан тыюу салынбаган ишаракеттин чектеринде граждандардын кирешелерине чек коюлбайт жана ошону менен катар калктын социалдык жактан корголушунун системасы жүзөгө ашырылат.

Кыргыз Республикасында жер, анын ички байлыкары, аба мейкиндиги, токойлор, суулар, өсүмдүктөр жана жаныбарлар дүйнөсү – бардык жаратылыш ресурстары, маданий жана тарыхый баалуулуктар, ошондой эле Республиканын эли тарабынан түзүлгөн бүткүл экономикалык жана илимий-техникалык дарамет анын улуттук энчиси, өзүнүн гана менчиги болуп саналат. Республиканын өзүнүн макулдугусуз улуттук энчини алууга, ага ээлик кылууга, пайдаланууга жана тескөөгө эч ким укуксуз.

Союздук менчиктин (бардык республикалардын жалпы менчигинин) маселелерин чечүү республикалардын – бул менчиктин субъектилеринин ортосундагы келишимдик негизде жүзөгө ашырылат.

Башка мамлекеттердин жана алардын граждандарынын, эл аралык уюмдардын ишканалары, мекемелери, уюмдары жана объектилери Республиканын аймагында анын закондоруна

ылайык жайгашышы жана Республиканын жаратылыш ресурстарын пайдаланышы мүмкүн.

Кыргыз Республикасы жалпы союздук байлыкта Республиканын элинин кошкон салымына ылайык өз үлүшүнө, анын ичинде алмаз, алтын жана валюта фондуларындагы өз үлүшүнө укуктуу.

Кыргыз Республикасы банктык, баалык, финансылык, салыктык системаларды, мамлекеттик бюджетти өз алдынча түзөт, зарыл учурда өзүнүн акча бирдигин киргизет.

Кыргыз Улуттук банкы Республиканын жогорку кредиттик мекемеси болуп саналат.

11-статья. Кыргыз Республикасы өзүнүн аймагында жаратылышты коргоону, жаратылыш ресурстарын сарамжал пайдалануну, элинин экологиялык коопсуздугун, жаныбарлар жана өсүмдүктөр дүйнөсүнүн генофондун сактоону жана байытууну камсыз кылат. Зарыл учурда союздук жана экологиялык программаларга катышат.

12-статья. Кыргыз Республикасы өзүнүн мамлекеттик таламдарын сактайт жана коргойт, анын ички иштер жана коопсуздук органдары болот, ички аскерлерди түзүүгө укуктуу.

Кыргыз Республикасы өзүнүн граждандарынын аскердик кызмат өтөөсүнүн тартибин жана шарттарын аныктайт, Союздук Келишимдин чектеринде өзүнүн аймагында аскерлерди жана курал-жарактарды жайгаштыруунун маселелерин чечет.

Анын аймагында ядролук, химиялык же массалык жок кылуу куралдарынын башка түрүн

өндүрүүгө жана сыноого, ошондой эле ядролук энергетиканын калдыктарын сактоого жол бербейт.

13-статья. Кыргыз Республикасы эл аралык карым-катнаштын тең укуктуу катышуучусу болуп саналат, тынчтыкты жана эл аралык коопсуздукту чыңдоого активдүү көмөк көрсөтөт.

Республика эл аралык укуктун субъектиси катарында башка мамлекеттер менен түздөн-түз мамилелерди жүзөгө ашырат, алар менен келишимдер түзөт, дипломаттык, консулдук, соода өкүлчүлүктөрү менен катнашат, эл аралык уюмдардын ишине катышат.

14-статья. Кыргыз Республикасы элдердин ортосундагы достуктун жана кызматташтыктын кеңири таанылган принциптерин колдой тургандыгы, өзүнө алган милдеттенмелерди кыйшаюусуз сактай тургандыгы, эл аралык, республикалар аралык, улуттар аралык мамилелерде конфронтацияга жол бербей тургандыгы жөнүндө билдирет.

Союздун карамагына таандык кылынган маселелерди чечүүдө Республиканын катышуусу мамлекеттик бийликтин жана башкаруунун союздук органдарында башка союздук республикалар менен бирдей негиздердеги Республиканын өкүлчүлүгү аркылуу камсыз кылат.

Республика башка союздук республикаларда полномочиелүү өкүлчүлүктөрдү түзүү укугуна ээ.

15-статья. Бул Декларация Кыргыз Республикасынын жаңы Конституциясын, Республиканын закондорун иштеп чыгуу жана кабыл алуу үчүн негиз болуп саналат жана жаңы Союздук Келишимди жана эл аралык макулдашууларды түзүүдөгү Республиканын позициясын аныктайт.

Фрунзе шаары,
1990-жылдын 15-декабрында
Кыргыз Республикасынын Жогорку Совети
Тарабынан кабыл алынган".[601]

Мамлекеттик суверенитеттүүлүк – бул мамлекеттин өз алдынчалыгы жана башка мамлекеттердин бийликтеринин кийлигишүүсүз өлкөгө тиешелүү болгон функциялык иштерди өзүнүн территориясында жана андан тышкары, эл аралык мамилелерде толук кандуу жүргүзүү дегенди билдирет.

Малекеттин суверендүүлүгү мамлекеттик бийликтин үстөмдүүлүгүн жаратып, көз карандысыздыгын жана биримдигин көрсөтөт. "Суверенитет" supraneitas (supra – жогору) деген латын сөзүнөн алынып, эң жогорку бийлик дегенди, б.а., башкарууну билдирет.

Мамлекеттик башкаруунун үстөмдүгү саясий бийликтин жападан жалгыз ээси экендигин билгизет жана суверендүү мамлекеттик бийликтен башка эч кандай саясий бийликтин болушуна жол берилбейт.

Суверендүү мамлекеттик бийликтин негизги маанилүүлүгү – анын көз карандысыздыгы. Көз карандысыз мамлекеттик бийлик башка мамлекеттер менен өз алдынча эркин мамилелерди жүргүзүүсү менен айырмаланат.

601. Декларациянын тексти газетада кандай жарыяланган болсо, ошол калыбында озгертүүсүз берилди.

Жогорку Советтин III сессиясы тарабынан мамлекеттик эгемендүүлүктүн Декларациясы кабыл алынып жатканына жана Кыргыз ССРинде Президенттик башкаруу институту киргизилгендигине байланыштуу сессияда "Кыргыз ССРи" деген аталышты өзгөртүү зарылчылыгы келип чыгып, кызуу талкууну жараткан.

Депутаттардын бир тобу өздөрүнүн аргументтери менен "Кыргыз Советтик Социалисттик Республикасы" деген аталышты сактап калуу сунушу менен чыгышкан. Алардын аргументи Кыргызстан СССРдик түзүлүштөн жамандык көрүп, зыян тарткан жок. Бүгүнкү Кыргызстандын өнүгүүсүнө социализмдин салымы чоң болгондугу талашсыз экендигин белгилешкен.

Бирок сессияда А.Акаев СССРдин ордуна "Суверендүү Республикалардын Союзу"[602] ("Союз Суверенных Республик") түзүлөрүн, жакынкы күндөрү СССР эл депутаттарынын съездинде маселе кабыл алынарын жана өлкө союздук эмес, президенттик болуп өзгөртүлөрүн белгилеген. Көпчүлүк депутаттардын колдоосу менен өлкөнүн официалдуу жаңы аталышы – "Кыргыз Республикасы", орусча варианты "Республика Кыргызстан"? – деген ат менен өзгөртүү чечими кабыл алынган[603].

1990-жыл, чындыгында, СССРдин жоюлуусунун башталган жылы болгон. Бир топ союздук республикалар СССРдин мыйзамдары качан гана

602. Эскертүү: көп убакыт өтпөй "Республикалардын" деген "Мамлекеттердин" деген сөз менен алмаштырылган.

603. Стенограмма третьей сессии Верховного Совета Киргизской ССР двенадцатого созыва. Текущий архив ЖК КР. 235-б.; Шеримкулов М.Ш. Парламент независимого Кыргызстана... 291-292-б.

республикалык жогорку мыйзам чыгаруу органдары тарабынан кабыл алынып бекитилсе гана, ал республиканын аймагында иштетилерин жарыялашкан. СССРдин Конституциясына каршы келерине карабастан, республикалык аскердик формированиелерди мыйзамдаштырышып, айрым республикалардын Жогорку Советтеринин чечимдери менен өздөрүнүн территориясындагы бардык ишканаларды толук же толукка жакын республиканын менчигине өткөрүшкөн.

Мунун бардыгы союздук мыйзамдардын милдеттүү түрдө аткарылуучу юридикалык күчүн жоготконго, ал эми бийликтин эң жогорку органы болгон СССРдин эл депутаттарынын съезди жана СССРдин Жогорку Советинин функцияларынын таасиринин жоктугуна алып келген.

Күн санап союздук бийликтин тизгини бошоп, күчү кетип, анын союздук республикаларды мурдагыдай башкарууга алы келбей калганы советтик коомчулукту тынчсыздандырбай койгон эмес.

СССРдин жоюлуп кетүү маселеси курчуй баштагандыктан, абалды оңдоо максатында 1990-жылдын июль айында өткөрүлгөн СССР Жогорку Советинин Федерациялар Советинин жыйынында бардык союздук республикалардын өкүлдөрүнүн катышуусу менен жаңы Союздук Келишимдин долбоорун иштеп чыгуу үчүн жумушчу топ түзүлгөн.

Бирок союздук келишимдин долбоорунун кайра-кайра иштелип чыгуусу жана ага алымча-кошумча киргизүүлөрдүн чеги жоктугунун натыйжасында бир бүтүмгө келген бирдиктүү вариатты чыгарууга мүмкүндүк болбогондуктан, бирине-бири

каршы келген үч позициядагы вариантты даярдашкан.

Маселен, Орто Азия республикалары менен Азербайжан – федерация позициясында турушса, Балтика жээгиндеги республикалар менен Грузия СССРдин катарынан чыгууну чечишкен. Ал эми славян республикалары: Россия Федерациясы, Украина жана Белоруссия – конфедерациясын түзүүнү сунушташкан[604].

Жогорку Советтин сессиясында Кыргызстандын жаңы аталышында "Советтик Социалисттик" деген аталыштан кеткени саясий жана юридикалык көз караштан, ошондой эле эл аралык калыптанган укуктук норма жагынан алып караганда негиздүү болгон.

Жогорку Советтин үчүнчү сессиясы Суверендүүлүк жөнүндөгү декларациясын кабыл алуу менен, жаңы мыйзамга ылайык президенттин алдындагы министрлер Кабинети А.Акаевге баш ийдирилген, ошону менен катар ага областтык жана райондук аткаруу комитетинин председателдерин (кийинчерээк алар акимдер деген ат менен алмаштырылган) дайындоо жана кызматынан кетирүү укуктарын мыйзамдаштырып берген. Вице-президенттик кызмат орду киргизилген.

Акырындап партиялык-советтик, коллективдүү-бюрократиялык, вертикалдык бийлик жаңыдан шайланган президенттик бийлик менен алмаштырылып, иш жүзүндө бир кишинин колуна эбегейсиз чоң мамлекеттик бийлик өткөрүлүп берилген.

---

604. Чотонов У., Нур уулу Д. История Отечества. Уч.для вузов. -Б.: Учкун. 2000. 186-б.

Ал мезгилде Жогорку Советтин депутаттары бийликтин алмашуу эйфориясы менен өлкөнүн кийинки тагдыры жөнүндө ойлонууга жана анализ жүргүзүүгө чамалары келишпей, кабыл алынган мыйзамдарга жана чечимдерге "дирижёрлук" кылышкан, өз көмөчүнө күл тартышкан, саналуу гана адамдардын даярдаган материалдарын колдоп гана беришкен.

Өлкөнүн ички, тышкы саясатына жана социалдык-экономикалык оор кырдаалдан чыгууга ылайыкталган мыйзамдар менен чечимдер башка, Россия баш болгон "тагдырлаш" республикалардаын мыйзамдарын "көздү жумуп" көчүрүлгөн коёндой окшош документтер болгон.

1990-жылдын 14-декабрында Конституцияга киргизилген өзгөртүүлөр жана толуктоолор боюнча, Кыргыз ССРинин Президенти өлкөнүн эң жогорку кызмат адамы – мамлекет башчысы болуу менен катар, ал башкаруу жана аткаруу бийликтеринин да башчысы болуп эсептелинип, өкмөттүн жыйындарын өткөрүү укуктары Президентте болгон. Мыйзамга ылайык вице-президенттик кызмат орду киргизилген. Министрлер советинин ордуна премьер-министр башында турган министрлер кабинети уюштурулуп, өкмөттүн структурасы менен курамы толугу менен Президент тарабынан түзүп, Жогорку Советтин макулдук берүүсүнө чыгарылып, президенттин жарлыгы менен бекитилген.[605]

Ушул эле күнү Жогорку Советтин сессиясында Президент А.Акаевдин сунушу менен вице-

605. Князев А.А. Векторы и парадигмы киргизской независимости. (Очерки постсоветской истории)... 39-б.

президенттик кызматка Н.Исановду шайлашкан. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети уюштурулгандыгына байланыштуу бир айдан кийин,[606] 1991-жылы 22-январда, Н.Исановдун кандидатурасы Премьер-министрлик кызмат ордуна сунушталып, депутаттардын колдоосуна ээ болгон.[607]

Кыргыз Республикасында президенттик башкаруу акырындык менен толук күчүнө кирип, аткаруу бийлигинин функциялары, кадрларды тандоо жана аларды жайгаштыруу маселелери Президенттин колуна өтүп, эски партиялык-советтик кызматкерлердин ордуна жаңы, жеке Президент тандаган кадрлар, айрыкча, илим тармагында иштешкендер жогорку кызмат орундарын ээлешкен.

А.Акаев Президент болуп иштеген алгачкы жылдарында калктын, коомдук-саясий уюмдардын жана ар кандай бейформал коомдук уюмдардын колдоосуна жана алкоосуна ээ болгон. Легендарлуу парламентти күчкө салып таркатканга чейин А.Акаевдин кадыр-баркы Кыргызстандын калкынын бардык социалдык катмарларында эң жогору болгон.

М.Горбачевдун жүргүзгөн саясий жана социалдык-экономикалык программаларынын ишке ашпай калуулары мамлекетти терең кризиске

606. Закон Киргизской ССР "О реорганизации системы органов государственной власти и управления в Киргизской ССР и внесении изменений идополнений в Конституцию (Основной Закон) Киргизской ССР. г.Фрунзе 14 декабря 1990 года №260-XII// Ведомости Верховного Совета КССР № 21 за 1991 год, статья 305

607. Исанов, Насирдин Исанович. https://ru.wikipedia.org/wiki/% D0%98%D1%81%D0%B0%D0%BD%D0%BE%D0%B2,_%D0%9D%D0%B0%D1%81%D0%B8%D1%80%D0%B4%D0%B8%D0%BD_%D0%98%D1%81%D0%B0%D0%BD%D0%BE%D0%B2%D0%B8%D1%87

кабылткан. 1989-1990-жылдар ичинде союздун ар кайсы булуң-бурчтарында улуттар аралык жаңжалдар тынымсыз чыгып, айрым кагылышуулар кадимки согушка айланган. Союздук республикалар көз карандысыздыктын Декларацияларын жарыялашып, СССРдин курамынан чыгууга жасалып жаткан аракеттерди жөнгө салууга Кремлдин алы келбей калган.

Союзда жүрүп жаткан баш аламандыктын айынан жакынкы мезгилдерде өлкөнүн жоюлуп кетүү коркунучу эч кимдин оюна келген эмес. Совет элдери үчүн Союз эч качан бузулгустай туюлган. Союздук республикалардын СССРдин курамынан чыгуулары боюнча бул мезгилге чейин прецедент болгон эмес жана ал боюнча юридикалык процедуралар да жок болгон. Калк өлкөдө стабилдүүлүктүн болуусун жана социалдык-экономикалык кырдаалды калыбына келтирүүнү бийликтен талап кылып, жакшылыктан үмүт үзбөй күтүшкөн.

Бирок абал күн санап начарлай бергендиктен, 1990-жылдын 24-декабрында СССР эл депутаттарынын IV съездинде Горбачевдун сунушу менен депутаттардын кароосуна: "Бирдиктүү бир мамлекет болгон СССРдин сакталышы зарыл деп эсептейсиңерби?" ("Считаете ли вы необходимым сохранение СССР как единого государства?"), "Жаңыланган Союзда советтик бийликтин сакталышы зарыл деп эсептейсиңерби?" ("Считаете ли вы необходимым сохранение в обновленном Союзе советской власти?"), "СССРде социалисттик түзүлүштүн сакталып калышы зарыл деп эсептейсиңерби?" ("Считаете ли вы необходимым сохранение в СССР социалистического строя?") деген маселелер кезексиз киргизилип, добушка коюлган. Съездде М.Горбачевдун талабы менен СССРди сактоо жөнүндөгү маселе бүткүл союздук референдумга чыгаруу боюнча чечим кабыл алынган.

Референдумга бир эле маселени чыгаруу чечими кабыл алынып, бюллетенге: "***Ар кандай улуттагы адамдын укугу жана эркиндиги толук өлчөмдө гарантиялана турган тең укуктуу суверендүү республикалардын жаңыланган федерациясы катары сиз Советтик Социалисттик Республикалар Союзунун сакталышын зарыл деп эсептейсизби***". Жооп: "***колдоймун***" же "***каршымын***" деп киргизилген[608].

1991-жылдын 17-марттында өтүлгөн СССРдеги референдумга катышуу укугуна ээ болгон граждандардын саны 185,6 миллион, добуш берүүгө 148,5 миллион адам, же 80% катышкан. Добуш берүүнүн жыйынтыгы: "колдоймун" – 113,5 миллион адам, же 76,43%, ал эми "каршымын" – 32,3 миллион адам, же 21,7%ды түзгөн. Кыргыз Республикасы боюнча 2.174.593 (92,9%) киши добуш берүүгө катышып, 2.057.971(96,4%) СССРдин сакталуусуна добуш беришкен.[609]

Алты союздук республика: Литва, Эстония, Латвия, Грузия, Молдавия жана Армения өз алдын-

608. Референдумом «о сохранении СССР» власть обманула народ дважды. https://www.vz.ru/politics/2016/3/17/799850.html. Кыргызстан Туусу. 1991-ж., 30 – 31-апрель.

609. Всесоюзный референдум о сохранении СССР. https://ru.wikipedia.org/wiki/%D0%92%D1%81%D0%B5%D1%81%D0%BE%D1%8E%D0%B7%D0%BD%D1%8B%D0%B9_%D1%80%D0%B5%D1%84%D0%B5%D1%80%D0%B5%D0%BD%D0%B4%D1%83%D0%BC_%D0%BE_%D1%81%D0%BE%D1%85%D1%80%D0%B0%D0%BD%D0%B5%D0%BD%D0%B8%D0%B8_%D0%A1%D0%A1%D0%A1%D0%A0; Кыргызстан Туусу. 1991-ж., 30 – 31-апрель

ча көз карандысыздыкка өтүшкөндүктөрүнө байланыштуу, аталган республикаларда бүткүл союздук референдум практика жүзүндө өткөрүлгөн эмес.[610] Ошондуктан жалпы жыйынтыкка таасирин тийгизе алган эмес.

Референдумдун жалпы жыйынтыгы көрсөткөндөй, советтик граждандардын абсолюттук көпчүлүгү жаңыланган түрдөгү СССРдин сакталуусун каалашкан. Бүткүл союздук референдумдун жыйынтыгынын негизинде борбордук жана союздук республикалардын өкүлчүлүктөрүнөн Ново-Огарево процесси дегендин рамкасында жумушчу топ түзүлүп, 1991-жылдын жаз жана жай айларында "Суверендүү Мамлекеттердин Союзу жөнүндөгү" федеративдүү келишимди түзүүнүн долбоору иштелип чыккан.[611]

1991-жылы 23-апрелде жаңыланган Союзду сактоо жөнүндөгү программалык аракеттер боюнча тогуз союздук республикалардын: РСФСРдин, Украин ССРинин, Белорусь ССРинин, Казак ССРинин, Өзбек ССРинин, Азербайжан ССРинин, Тажик ССРинин, Кыргыз ССРинин жана Түркмөн ССРинин жетекчилеринин биринчи жыйыны өтүп, алар "Бирдиктүү билдирүү" кабыл алышкан. 1991-жылдын 15-августунда "Суверендүү Мамлекеттердин Союзу жөнүндөгү Келишимдин"

610. Итоги голосования на всесоюзном референдуме о сохранении СССР. 09:00. 17.03.2011. https://ria.ru/infografika/20110317/344858037.html

611. Бул процесс 1991-ж. апрелде Подмосковьедеги Ново-Огарёводо М.Горбачевдун резиденциясында 9 союздук республиканын жетекчилери жана Горбачев болуп жаңы келишимди түзүүгө макулдашылган.

долбоору массалык маалымат каражаттарына жарыяланган.

1991-жылдын 20-апрелинде республиканын Жогорку Совети келишимдин долбоорун сессияда кызуу талкуу жүргүзүп, долбоорду колдогон чечим кабыл алынган. Суверендүү Мамлекеттер Союзу жөнүндөгү келишимге кол коюу үчүн жана келишимдин процедуралык иштери боюнча макулдашууларга катышуу үчүн Кыргыз Республикасынан 17 киши делегациянын курамына бекитилген. Ага Республиканын Президенти А.Акаев, Жогорку Советтин Председатели М.Шеримкулов, Премер-министр Н.Исанов, коомдук ишмер, жазуучу Ч.Айтматов, бардык областтардын жана Фрунзе шаарынын жетекчилери жана башкалар кирген[612].

20-августта Ново-Огарёводо Суверендүү Мамлекеттердин Союзун түзүү боюнча келишимге Казак ССРинин, РСФСРдын жана Өзбек ССРинин өкүлдөрүнүн кол коюулары пландаштырылган, калган республикалардын кол коюу тартиби төмөндөгүдөй пландаштырылган: 3-сентябрда – Беларусь ССРи, 17-сентябрда – Азербайжан ССРи менен Тажик ССРи, 1-октябрда Түркмөн ССРи менен Кыргыз ССРи, октябрдын 22синде – Украин ССРи, ушул эле күнү, Молдавия менен Армения республикалары да кошулуп калуусу мүмкүн болгон.[613]

612. Ведомости Верховного Совета Республики Кыргызстан. № 8(986), 1991. 451-455-б.

613. Филиппов А.В. Новейшая история России, 1945—2006 гг. - М.: Просвещение, 2007. 316-б. https://ru.wikipedia.org/wiki/%D09%D0%BE%D0%B2%D0%BE%D0%BE%D0%B3%D0%B0%D1%80%D1%91%D0%B2%D1%81%D0%BA%D0%B8%D0%B9_%D0%BF%D1%80%D0%BE%D1%86%D0%B5%D1%81%D1%81.

Бирок өзгөчө кырдаалды киргизүү боюнча Мамлекеттик комитеттин (ГКЧП), 18-21-августтарда М.Горбачевду СССРдин Президенттик кызмат ордунан күч менен алып салууга болгон аракетинен майнап чыкпай калгандыгы, Союздук келишимдин кол коюлуусун үзгүлтүккө учураткан.

1991-жылы 19-августта Союздук келишимге кол коюу иш чараларынын башталары астында, ГКЧП түзүлүп, аны формалдуу СССРдин Вице-президенти Г.И.Янаев башкарат да, М.Горбачев "ден соолугуна байланыштуу" мамлекеттин жетекчилик кызматын аткара албагандыктан, СССРдин Президентинин милдетин убактылуу аткаруу өзүнө жүктөлгөнү боюнча жарлыкты жарыялайт.

Комитеттин составына Премьер-министр В.Павлов, Коргоо министри Д.Язов, Ички иштер министри Б.Пуго, КГБнын председатели В.Крючков, СССРдин Президентинин алдындагы Коргонуу кеңешинин председателинин орун басары О.Бакланов, СССРдин мамлекеттик ишканаларынын жана өнөр жай объектеринин, Курулуш, транспорт жана байланыш ассоциациясынын президенти, илимий-өндүрүштүк бирикменин "М.И.Калинин атындагы Машина куруу заводунун" генералдык директору А.Тизяков жана колхоздун башкармасы, СССРдин Дыйкандар союзунун председатели В.Стародубцевдер киришкен[614].

19-августта эртең менен Борбордук телевидение аркылуу Янаев, Павлов жана Бакланов-дордун кол койгон "Советтик жетекчилердин бил-

614. Августовский путч ГКЧП. Хроника событий 19-22 августа 1991 года. 19.08.2011.https://ria.ru/spravka/20110819/415632412. html.

дирүүсүндө" 19-августтан баштап "конфронтацияга, хаоско, анархияга" чекит коюу максатында СССРдин айрым жерлеринде 6 айлык мөөнөт менен өзгөчө кырдаал абалынын киргизилгендигин кабарлашат. Ушул мезгил ичинде өлкөдөгү жогорку бийлик ГКЧПнын колуна өтүп, бүткүл СССРдин территориясындагы бийлик органдары кыйшаюусуз чечимдерди аткарууга милдеттендирилген.

ГКЧП Союздун бардык аймактарында СССРдин Конституциясынын жана ССР Союзунун мыйзамдарынын кыйшаюусуз аткарылуусун камсыз кылынуусуна убада кылган. Союздук республикалардагы сепаратизмдин тамырын кыркууга аракет жасашкан. Ушул максатта өздөрү жөнүндө официалдуу түрдө жарыя кыла электе, 19-августка караган түнү РСФСРдин Президентин Подмосковьедеги дачасынан камакка алуу тууралуу көрсөтмө берилип, терроризм менен күрөшүүчү КГБнын атайын "Альфа" тобу тарабынан дача курчоого алынып, операцияны ишке ашыруунун буйругун күтүшөт. Буйрук кандайдыр бир себептер менен келбей, Б.Ельцин камакка алынбай калат. ГКЧПнын өтүмсүз аракеттери Россиянын президенттик командасынын чечкиндүү иштөөсү үчүн ыңгайлуу шарт түзгөн.

19-августта саат 12де, Президент А.Акаевдин иш бөлмөсүндө парламенттин спикери М.Шеримкулов, вице-президент Г.Кузнецов, КГБнын председатели Ж.Асанкулов, Президенттин аппарат жетекчиси Э.Карабаев жана ИИ министри Ф.Куловдор чогулушуп, кырдаал боюнча кыскача жыйын өткөрүлүп, А.Акаев Москвада болуп жаткан окуя боюнча катышып отургандардын ар биринин

сунуштарын жана пикирлерин укқан. Биринчилерден болуп Ж.Асанкулов сүйлөп, армия жана КГБнын органдары азыр ГКЧПны колдоодо, ошону менен катар жумушчу коллективдер да колдоп жатканын белгилеп, эч кандай шашылыш чечим кабыл албай, күтүүнү сунуштаган. Катышып отурган калган жетекчилердин ой-пикирлери негизинен бир болгон.

Республика СССРдин курамында болгону менен, Кыргызстан суверендүү мамлекет, өлкө Президенти кандай чечим кабыл алса, ошондой болууга тийиш болорун, ал эми ГКЧПнын ойлонулбай жасаган аракеттери советтик элдердин жана союздун биримдигине чоң зыян келтиргенин белгилешкен. А.Акаев жыйынтыктоо сөзүндө республикалык Компартиянын БКсынын жетекчилигинин, КГБнын жана аскер башчыларынын путчисттерди колдоого болгон аракеттерин кескин сынга алган.

Ошол күндөгү жыйынды Акаев мындайча эскерет: "19-августта, анын (Аксанкуловдун – Н.Д.) мен ГКНБнын бардык көрсөтмөлөрүн аткаруум керек, аны көзөмөлдөйм деген буйрук үнү мага катуу тийди. Мен дароо жооп бердим: «Жолдош генерал, мен республиканын шайланган президенти болуп турганда, мен команда берем. Ал эми сизди кызматтан алып, бул кызматка өзүмдүн вице-президентим Герман Кузнецовду дайындайм". Анан мен дароо Кузнецовго кайрылып: "Генерал

Асанкулов менен барып, комитеттин жетекчилигин өткөзүп алып, көзөмөлгө алыңыз".[615]

Президенттин тапшырмасы менен ички иштер министри Ф.Кулов өлкө башчысын коргогон КГБнын кызматкерлерин милиционерлер менен алмаштырган. Бардык стратегиялык объектилерди коргоо жана күзөтүү иштери чекисттерден ИИМдин кызматкерлерине өткөрүлүп берилген.

Ушул эле күнү А.Акаев телевидение аркылуу республиканын элине билдирүү менен чыгып, ГКЧПнын мамлекеттик төңкөрүш жасоого кылган аракеттерин кескин айыптаган. Коомчулук мамлекет башчынын позициясын активдүү колдоого алышып, Өкмөт Үйүнүн тегерегине миңдеген кишилер чогулушуп, путчисттердин жоруктарын айыптаган митингдер өткөрүлгөн. Жер-жерлерден нааразычылык менен кыжырданган телефон чалуулар жана телеграммалар жөнөтүлгөн.

Кийинки күнү парламенттин спикери М.Шеримкуловдун билдирүүсү жарыяланган. Билдирүүдө ГКЧПнын мыйзамсыз мамлекеттик төңкөрүшкө жасалган антиконституциялык аракеттерин курч сынга алуу менен, путчисттердин чыгарган директиваларынын күчү Кыргызстандын территориясына мыйзамдуу болуп эсептелбейт деп, ачык путчистерди күнөөлөгөн.

---

615. Анна Круглова 20 августа 2023, 17:27 "Был шанс сохранить Союз": первый президент независимой Киргизии Аскар Акаев — о событиях августа 1991 года. https://russian.rt.com/ussr/article/1190552-putch-godovschina-akaev-kirgiziya-intervyu;K-News . 07:13, 21.08.2023. "Был шанс сохранить Союз": Аскар Акаев рассказал о событиях августа 1991 года. https://knews.kg/2023/08/21/byl-shans-sohranit-soyuz-askar-akaev-rasskazal-o-sobytiyah-avgusta-1991-goda/; Чынгышев Т. Воспоминания: события, люди. –Б.: Бийиктик-Плюс. 2016. 147-б.

Ал учурда ачуу чындыкты тайманбай ачык айтып чыгуу, чындыгында, эрдик болгон. Башка союздук республикалардын бири да путчка каршы чыгышпай, күтүү позициясын ээлешкен.

Путчисттердин күч структураларына таасири күчтүү болгон. Республиканын жетекчилеринин билдирүүлөрү аларга жаккан эмес. СССРдин Коргоо министри, путчист, маршал Язовдун тапшыруусу катары Орто Азиялык аскердик округдун штабынан эскертүү келип, ойлонулбаган, келечеги жок позицияңарды өзгөрткүлө, арты жакшылык менен бүтпөйт кыязында "Ормон опузасын" билдирип, кыргыз бийлигинин ГКЧПнын буйруктарына кыйшаюусуз баш ийүүсүнө туура бир сутка убакыт берилген. Кой-Таш айылында жайгашкан Панфилов дивизиясынын командири Лукьянов: эгерде буйрук аткарылбаса, Өкмөт Үйүн пушка менен атам, – деп коркуткан.

Кырдаал кескин курчуй баштап, десанттык бөлүкчө түшүрүлөрү кабарланган. Балыкчыдагы танктык бөлүктүн келери да билинген. Алдын алуу үчүн бардык чаралар көрүлө баштаган. Танктардын жолун бөгөө үчүн Боом качыгайында таштарды жолго кулатуу чаралары көрүлгөн. Канттагы аскердик самолетторду учурбоо максатында спецназ жиберилген. Кокустан кагылышуу болуп кетсе аэродромду электроэнергиясыз калтыруу жагы да каралган. Манас аэропортун да тыкыр көзөмөлдө кармап туруу пландары иштелип чыккан. Жалаң ички иштер министрлигинин күчү аздык кылгандыктан, демократиялык маанайдагы жаштарды тартууга туура келген. Бактыга жараша кырдаал куралдуу кагылышууга чейин жеткен эмес.

Августтагы путч күндөрү Москвада кырдаал саат сайын өзгөрүп турган. Россиянын жетекчилери бирдиктүүлүктү көрсөтүшүп, тайманбастан үстөмдүк жана чечкиндүүлүк менен аракет кылышканы москвичтердин духун көтөрүп, путчисттерге каршы биримдикте күрөшүүгө даяр турушкан. Ал эми ГКЧПчылар тескерисинче, чечкинсиздигин жана пассивдүүлүгүн, эч кандай пландын жоктугун, ич ара келишпөөлүктөрүн көрсөтүшкөн.

1991-жылдын 22-августунда эртең менен РСФСРдин Жогорку Совети тарабынан СССРдин Президенти М.Горбачевду Форостон Москвага алып келүү үчүн афган согушунун баатыры А.Руцкой баш болгон делегация жиберилет. Тагдырдын тамашасы болуп делегацияга кошулуп Крымга Язов менен Крючков до кошо учушат, М.Горбачевдун бутуна жыгылып, кечирим суроо үчүн. Бирок Горбачев аларды кабыл албай коёт.

ГКЧПнын мүчөлөрү ушул эле күнү камакка алынган. ИИМ министри Пуго өзүн өзү атып өлгөн. Путчисттердин максаттарынын ишке ашпай калуусу советтик саясий системанын талкалануусуна дуушар кылып, Союздун вертикалдык бийлигинин кризисине алып келген. КПСС менен КГБнын колдорунда турган бийликтин рычактары баштан аяк кыйроого учураган.

23-августта РСФСРдин Жогорку Советинин кезексиз чукул чакырылган сессиясында М.Горбачевдун катышуусунда жана анын каршы болгонуна карабай, Россиянын Президенти мамлекеттик төңкөрүштү колдогонуна байланыштуу "РСФСРдин Коммунисттик партиясынын ишмердүүлүгүн токтотуу жөнүндөгү" жарлыкка кол коёт.

Иш жүзүндө бул чечим менен Россиянын территориясында КПССке тыюу салынып, партиянын иши парализовать этилген. 23-августтагы Москвадагы БК жана КПССтин Москва шаардык комитети жайгашкан эски аянттагы имаратын зордоп, күч менен алуу маселеси да жарлыкта каралган. 24-августта М.Горбачев КПСС БКнын Генералдык катчылык кызмат ордунан отставкага кеткендигин жарыялоо менен, партияны өзүн өзү таркатууга үндөгөн. Ельциндин указы менен 6-ноябрда Россия Федерациясынын аймагында КПССтин жана РСФСРдын КПсынын ишмердүүлүгү биротоло токтотулган.[616]

Кыргызстан Компартиясынын БКсынын жетекчилеринин путчисттерди ачык колдогондугуна байланыштуу 22-августта Кыргыз Республикасынын Президентинин "Кыргызстан Компартиясынын БКсынын аппаратынын жана борбордук В.И.Ленин музейинин филиалынын ээлеген имараттарын Кыргыз Республикасынын менчигине өткөрүү жөнүндөгү" жарлыгы жарыяланган[617].

Жарлыкта республикада түзүлгөн саясий кырдаалга байланыштуу Кыргызстандын Компартиясынын БКсынын аппараты жана борбордук В.И.Ленин музейинин филиалы ээлеген имараттарды республиканын менчигине өткөрүү боюнча кечиктирилгис чечим кабыл алынганы белгиленген.

616. Филиппов А.В. Новейшая история России, 1945—2006 гг. 319-б.

617. Кара: Ведомости Верховного Совета Республики Кыргызстан, № 16(994). Б., 1991. 53-54-б; Шеримкулов М.Ш. Парламент неза-висимого Кыргызстана. 346-348-б.

Мындай чечимди кабыл алууга Кыргызстан Компартиясынын БКсынын бюросу тарабынан антиконституциялык төңкөрүштү ачык колдогону жана путчисттердин жетекчилерин ар тараптан колдоо максатында мыйзамдуу мамлекеттик бийлик органдарын басып алууга карата чакырыктары түрткү болгон. Ошондой эле мындан ары БКнын аппараты менен республиканын мамлекеттик эң жогорку бийлик жана башкаруу органдарынын бир имаратта иштешүүсү мүмкүн эместиги белгиленген.

23-августта путчисттер камакка алынгандан кийин, Фрунзе шаарынын борбордук аянтында үч миңден ашуун киши катышкан республиканын демократиялык күчтөрүнүн митинги болуп өткөн. Так ушул митингде борбордук Ленин атындагы аянтты "Ала-Тоо", ал эми Дзержинский бульварын "Эркиндик" бульвары деп аталуусун Жогорку Советтен сурануу чечими кабыл алынган.

ГКЧПнын мүчөлөрү ойлонуштурулбай мамлекеттик төңкөрүш жасаганга болгон аракеттери толук кыйроого учуроосу СССРдин ыдырап, бузулуусуна ыңгайлуу шарт түзгөн. Союздук республикалар мындай баш аламандыктан пайдаланып, өздөрүнүн мамлекеттик суверендүүлүктөрүн жана көз карандысыздыктарын бышыктоо үчүн шашылыш чаралар көрүлө баштаган. Август жана сентябрь айларынын ичинде дээрлик бардык союздук республикалар кезектүү да, кезексиз да, парламенттердин жыйындарын чакырышып, көз карандысыздыктарын жарыялашкан. Эгемендүүлүккө ээ болгон күндөн баштап республикалар Москванын көзөмөлүнөн кутулушуп, ички жана

тышкы саясаттарын өз алдынча, эркин чечүүгө жетишишкен.

Августтагы путчисттердин "жардамы" менен акыркы жылдарда Союзда жүргүзүлүп жаткан суверендүүлүктүн парады жыйынтыкталып, аягына чыкты. Эгемендүүлүк Союздук республикаларда жашаган калктын каалоосуна караганда республиканы жетектеген жетекчилерине көбүрөөк керек болгон. Анткени алардын ар бири көз карандысыз, суверендүү өлкөнүн жетекчиси болууну эңсешип, мамлекеттин чоң-кичинелигине карабай, каалагандай башкарууну көздөшкөн. Ошондуктан путчтан кийин А.Акаевге М.Горбачев СССРдин вице-президенттигин сунуштаганда ал реалдуу бийликте калууну каалап, "менин элим, мага чоң ишеним жүктөгөн", – деген шылтоону бетке кармап, сунушталган кызматтан баш тарткан.[618] Казакстандын Президенти Н.Назарбаевге СССРдин Премьер-министрлик кызматын сунуштаганда ал да ушундай эле шылтоолор менен макулдук берген эмес.[619] Союздун күнү батып бара жатканын ошол мезгилдеги жетекчилердин бардыгы жакшы түшүнүшкөн, бирок Улуу державанын кыйроосу кандайча болуп аяктаарын билишкен эмес.

ГКЧПнын иши ордунан чыкпай ойрон болгондон кийин, республиканын Жогорку Советинин Президиуму жакынкы күндөрү өзүнүн сессиясын

618. А. Акаев. Откровенный разговор. -М., Совершенно секретно. 1998. 56-б.

619. Нурсултан Назарбаев рассказал о предложении возглавить Кабинет министров СССР 21 июня, 2019 г. inform.kz https:// www.inform.kz/ru/nursultan-nazarbaev-rasskazal-o-predlozhenii-vozglavit-kabinet-ministrov-sssr_a3540403

чакыруу чечимин кабыл алган. 31-август күнү кезексиз чакырылган республиканын Жогорку Советинин сессиясы өз ишин баштаган. Сессияда негизинен мамлекеттик төңкөрүштүн сабактары жана Кыргыз Республикасынын суверендүүлүгүн коргоонун иш-чаралары жөнүндөгү; республиканын мамлекеттик көз карандысыздыгы тууралуу Декларациясы жөнүндөгү; Кыргыз Республикасынын Президентин шайлоо боюнча мыйзамдын долбоору жөнүндөгү; Кыргыз Республикасынын Президентин шайлоосун дайындоо жөнүндөгү жана башка маселелер каралган.

Кыргыз Республикасынын Президенти А.Акаевдин демилгеси менен кезексиз сессияда "Кыргыз Республикасынын Президентин шайлоо жөнүндөгү" мыйзамдын долбоору киргизилип, ал негизги маселелердин бири болуп, депутаттардын кызуу дебаттарынан кийин Президенттин укугу чексиз кеңейтилип, ал беш жылга жалпы эл тарабынан шайланып, эч кимге көз каранды болбогон укукка ээ болуусу мыйзамга киргизилген.

А.Акаев өзүнүн кайрылуусунда: "...мага демократиялык кайра курууну ишеничтүү жана чечкиндүү жүргүзүү үчүн Кыргызстандын элинен ишенимдүү мандат алуум керек", – деп айткан.[620]

Президентке мындай чексиз бийликтин берилүүсүнө, биринчи кезекте, августтагы ГКЧПнын мамлекеттик төңкөрүшкө болгон аракеттери таасир берген жана Президенттин кайрылуусу эл өкүлдөрүнө күчтүү таасир берип, долбоорду талкуу

620. Шеримкулов М.Ш. Парламент независимого Кыргызстана. 350-351-б.

мезгилинде депутаттар эмоция менен күчөтүлгөн бийликти бир кишинин, Президенттин колуна топтолгон мыйзамды кабыл алып беришкен. Бирок Президенттин жоопкерчилигинин механизмдери мыйзамда каралбай, унутта калган.

Кабыл алынган "Кыргыз Республикасынын Президентин шайлоо жөнүндөгү" Мыйзамдын негизинде Жогорку Совет Кыргыз Республикасынын Президентинин шайлоосун 1991-жылдын 12-октябрына дайындайт.

Ушул эле мыйзамдын 8-статьясына таянып, Жогорку Советтин сессиясы А.Акаевдин кандидатурасын Кыргыз Республикасынын Президенттигине альтернативасыз көрсөтөт.[621]

Жогорку Советтин сессиясы "Кыргыз Республикасынын Коммунисттик партиясынын ишмердүүлүгү жана анын мүлкү жөнүндөгү" маселени да караган. Кыргызстан КП БКнын жетекчилиги путчту ачык колдогондугу үчүн КПССтин республикалык Коммунисттик партия уюмун жоюу чечими кабыл алынып, анын бардык мүлкү улутташтырылган.

Кыргыз Республикасынын Жогорку Совети республиканын суверендүүлүгүнө, коопсуздугуна жана территориялык бүтүндүгүнө келтирилген коркунучтарга байланыштуу токтом кылган:

"...Кыргыз Республикасынын Компартия уюмдарынын жана органдарынын ишмердүүлүктөрү токтотулсун.

621. Ведомости Верховного Совета Республики Кыргызстан. № 17 (995). – Б. 1991. 69-70-б; Шеримкулов М.Ш. Парламент независимого Кыргызстана. 350-351-б.

Кыргыз Республикасынын Компартиясынын мүлкү, ошондой эле Кыргыз Республикасынын территориясында жайгашкан КПССтин мүлкү Кыргыз Республикасынын менчиги болуп эсептелсин.

3. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети ушул токтомдун аткарылуусу боюнча чара көрсүн...".[622]

Парламенттин чечимине ылайык Кыргызстандын Компартиясы өз ишин токтотконго байланыштуу партиянын Борбордук Комитети ээлеген Өкмөт үйүнүн чыгыш бөлүгүнөн чыгарылып, Президенттин аппараты жайгаштырылган. Ага чейин Президент аппараты менен эски Өкмөт үйүндө иштеген. А.Акаев баш болгон саясий ишмерлер массалык түрдө Коммунисттик партиянын катарынан чыгышып, партиялык билеттерин тапшырышкан[623].

Компартиянын колдоосу менен кызматтын жогорку сересине жеткен, партиянын кечеки Борбордук Комитетинде илим, билим жана социалдык тармакты тейлеген А.Акаев Президент болуп шайланган соң, тонун өзгөртүп, партияга карата: өлкөдөгү тоталитаризмдин акыркы тиреги болгон партияны таркатуу зарылчылыгы боло турган көрүнүш..., албетте, эгерде, партиялык жетекчилер көз караштарын өзгөртүшсө, андай КПССтин мүчөлөрүнө түшүнүү менен мамиле кылынып,

622. Ведомости Верховного Совета Республики Кыргызстан. № 17 (995). – Б. 1991. 73-б; Шеримкулов М.Ш. Парламент независимого Кыргызстана. 351-б.

623. Князев А.А. Векторы и парадигмы киргизской независимости. (Очерки постсоветской истории). 39-б

мамлекеттик башкаруу органдарында аларга ылайыктуу орундар табылат деп билдирген.[624]

1991-жылдын 4-сентябрындагы Президенттин официалдуу билдирүүсүнөн[625] кийин, башка республикалардагыдай эле, Коммунисттик партия "нормалдуу" парламенттик партия катары калыбына келтирилген. Кыргызстанда бир эле мезгилде эки коммунисттик партия пайда болгон. Кыргызстан коммунисттеринин "масалиевдик" партиясы 1992-жылы 22-июнда уюшулуп, 17-сентябрда каттоодон өткөн, кийинчерээк "усубалиевдик" Кыргызстандын коммунисттик партиясы пайда болгон.

Кыргыз Республикасынын Жогорку Советинин кезексиз чакырылган алтынчы сессиясында каралган маселелердин эң негизгиси жана маанилүүсү болуп Кыргыз Республикасынын мамлекеттик көз карандысыздыгынын Декларациясы жөнүндөгү маселенин кабыл алынуусу болгон. Декларациянын проектиси 1990-жылдын 15-декабрында кабыл алынган Мамлекеттин суверендүүлүгүнүн Декларациясы жөнүндөгү документтин негизинде иштелип чыккан.

1991-жылы 31-августа Кыргыз Республикасынын Жогорку Совети "Кыргыз Республикасынын Мамлекеттин көз карандысыздыгы жөнүндө декларациясы тууралуу" кабыл алынган токтом:[626]

624. Слово Кыргызстана. 03.09.1991
625. Кыргызстан Туусу. 05.09.1991.
626. Ведомости Верховного Совета Республики Кыргызстан. № 17 (995). Б. 1991. 352-б.

"КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КӨЗ КАРАНДЫСЫЗДЫГЫ ЖӨНҮНДӨ ДЕКЛАРАЦИЯ

Кыргыз Республкасынын Жогорку Совети 1990-жылдын 15-декабрында кабыл алган "Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик суверендүүлүгү жөнүндө декларацияга" негизделип жана Кыргыз Республикасынын Конституциясын (Негизги Законун) жетекчиликке алып:

1. Кыргыз Республикасын – көз карандысыз, суверендүү демократиялык мамлекет деп жарыялайт.

2. Кыргыз Республикасынын аймагы бир бүтүн жана бөлүнгүс, анда Кыргыз Республикасынын Конституциясы гана колдонулат.

3. Кыргыз Республикасы өзүнүн эл аралык укуктун жалпыга таанылган принциптерин колдой тургандыгын баса белгилейт, элдердин ортосундагы достуктун жана кызматташтыктын принциптерин жетекчиликке алат, эл аралык, улуттар аралык мамилелерде конфронтацияга жол бербөө менен өзүнө алган милдеттемелерди кыйшаюусуз сактайт жана тең бирдей негиздерде суверендүү мамлекеттердин жаңы Союздук Келишимин түзүүнү жактайт.

4. Союздук республикалардын жана дүйнөлүк коомчулуктагы өлкөлөрдүн парламенттерин Кыргыз Республикасынын көз карандысыздыгын таанууга чакырат.

5. Кыргыз Республикасынын экономикалык жана саясий көз карандысыздыгын камсыз кылуучу

квалификациялуу жана оперативдүү чараларды (келишимдердин долбоорлору менен кошо) даярдоо жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Советинин кезектеги сессиясынын кароосуна киргизүү үчүн эл депуттаттарынын, окумуштуу адистердин ичинен комиссия түзүүнү Кыргыз Республикасынын Президентине жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Советинин Президиумуна тапшырат.

Кыргыз Республикасынын Жогорку Совети Кыргыз Республикасынын элдин ушул Декларациянын негизинде биздин мамлекеттик чыныгы суверендүү жана укуктук мамлекетке айландыруу үчүн баш кошууга чакырат.

Кыргыз Республикасынын Жогорку Советинин Председатели

М.Шеримкулов

Бишкек шаары,
1991-жылдын 31-августу
№ 578 – XII".[627]

1991-жылдын 31-августунда Кыргыз Республикасынын Жогорку Советинин кезексиз чакырылган алтынчы сессиясы тарабынан кабыл алынган Кыргыз Республикасынын Мамлекеттин көз карандысыздыгынын Декларациясы жөнүндөгү документ өлкөбүздү толук жана биротоло эркин,

627. Кыргыз Республикасынын Жогорку Советинин Ведомосттору. № 17 (995) – Б.: 1991. 27-б.

суверендүү, демократиялык мамлекет болгонубуздун далили болду.

Жогорку Советтин чечими менен 31-август – Эгемендүүлүктүн күнү – өлкөбүздүн эң негизги, улуу майрам күнү катары бекитилген.

Эркиндиктин бул күнүнө кыргыз эли миң жылдап, кандай гана кыйынчылыктарды баштан кечирип жетти. Мекендин эркиндиги – ар бир кыргыздын жана кыргызстандыктардын эркиндиги. Ошондуктан өлкөнүн ар бир атуулуна бул күн ыйык болуп эсептелүүсү милдет.

1991-жылдын 21-сентябрында Кыргыз Республикасынын Президенти А.Акаев дүйнөлүк мамлекеттердин өкмөттөрүнө Кыргыз мамлекетинин көз карандысыздыгын таануу боюнча кайрылуу жасаган. Анда, Кыргыз Республикасынын Жогорку Совети 1991-жылдын 31-августунда мамлекеттин көз карандысыздыгы жөнүндө Декларациясын кабыл алып, Кыргыз Республикасы көз карандысыз, суверендүү демократиялык мамлекет деп жарыялангандыгы айтылган.

Эгемендүүлүк менен биз рынок экономикасынын мыйзамдарына негизделген демократиялык укуктук мамлекеттин республикасында саясий жана экономикалык көз карандысыздыкты орнотуу шартында түптөлөбүз деп үмүттөнөбүз.

Көз карандысыз мамлекет катары гана биз дүйнөлүк шериктештиктин толук кандуу мүчөсү болуп, андагы татыктуу орунду ээлей алабыз жана мамлекеттин дүйнөлүк саясий, экономикалык жана интеллектуалдык жашоого реалдуу интеграция-

ланышын камсыздай алабыз, – деген кайрылууда.[628]

1991-жылдын 12-октябрында суверендүү Кыргыз мамлекетинде Кыргыз Республикасынын Президентинин биринчи жолку жалпы элдик шайлоосу болуп өткөн.

Бир жыл мурда Кыргыз ССРинин Жогорку Советинен атаандаштыктын негизинде шайланган Президент, бул жолу А.Акаевдин талапкерлиги парламент тарабынан альтернативасыз, жалгыз көрсөтүлдү. Республикалык "Слово Кыргызстана" газетасына: "Аскар Акаевге альтернатива жок!" – деген баш макала жарык көргөн.[629]

Эгемендүүлүктүн шарданы менен өткөрүлгөн шайлоого калк өздөрүнүн болуп көрбөгөндөй жогорку активдүүлүктөрүн көрсөтүшкөн. А.Акаевге кыргызстандыктардын ишеничи өтө чоң болуп, келечекте гүлдөгөн, демократиялык өнүккөн өлкөгө жеткирет деген илгери үмүт менен тизмеге 2 319 780 шайлоочулар киргизилип, шайлоого катышкандардын саны 2 065 318 (83,03%) кишини түзгөн. Добуш берүүнүн жыйынтыгында А.Акаев 95,3% добуш менен Кыргыз Республикасынын Президенти болуп шайланган.[630] Эки айдан кийин, ушул эле жылдын 11-декабрында, А.Акаев кыргыздын жана кыргызстандыктардын тарыхында биринчи жолу жалпы эл тарабынан шайланган туңгуч Президенти катары салтанаттуу түрдө ант берген.

628. Слово Кыргызстана, ,1991 г., 22 сентября.
629. Кара: "Слово Кыргызстана". 11.09.1991.
630. Слово Кыргызстана. 1991. 15 октября; http://www.msn.kg/showwin.php?.type=newsportal&id=3383.

Кыргыз Республикасынын Президентинин Указы менен 1991-ж. 20-октябрда Мамлекеттик коопсуздук жоюлуп, анын ордуна Улуттук коопсуздук боюнча мамлекеттик комитети, ал эми 3-декабрда Кыргыз Республикасынын Улуттук Гвардиясы түзүлгөн[631].

1990-1991-жылдары саясий кырдаал Кыргызстанда эле эмес, союз боюнча күн санап курчуп, социалдык-экономикалык абал оордошуп, улуу державанын тагдыры "бычактын мизинде" турган мезгил болгон. ГКЧПнын жетекчилери камакка алынгандан кийин Россия Федерациясынын жетекчилигинин талабы менен 25-августта М.Горбачев СССРдин Министрлер Кабинетин жоюуга мажбур болгон. Анын ордуна РСФСРдин премьер-министри И.Силаев башында турган СССРдин эл чарбасын оперативдүү башкаруу боюнча Комитети түзүлгөн. Анын курамы 21 кишиден туруп, Балтика боюндагы республикалардан башка Россиядан алты, калган бардык союздук республикалардан бирден өкүлчүлүктөр киргизилген. Ал эми Латвия, Литва жана Эстония республикаларынын өкүлдөрү байкоочу катары киришкен.

Кыргыз Республикасынын атынан өкмөттүн мамлекеттик катчысы (ал мезгилде вице-премьер министрлер ушундай аталган) Т.Чынгышев дайындалган.[632] 21-августтан 1-сентябрга чейинки ара-

631. Национальная гвардия КР отмечает годовщину создания. 20/07/19.16:11.http://kabar.kg/news/natcional-naia-gvardiia-kr-otmechaet-godovshchinu-sozdaniia/;https://ru.wikipedia.org/wiki/ Вооружённые_силы_Киргизии.https://ok.ru/kolduktorchu/topic/63944718032902.
632. Чынгышев Т. Воспоминания: события, люди. -Б.: Бийиктик-Плюс.2016. 153-б.

лыкта Эстония, Латвия, Украина, Беларуссия, Молдавия, Азербайжан, Өзбекстан жана Кыргызстан республикалары мамлекеттик көз карандысыздыктарын жарыялашкан.[633]

1991-жылдын 2-5-сентябрында СССРдин эл депутаттарынын кезексиз чакырылган бешинчи съезди болуп, съезддин делегаттары адам укуктарынын жана эркиндиктеринин Декларациясын кабыл алган. Съезд Суверендүү Мамлекеттердин Союзунун (СМС) түзүлүү принциптери жана өткөөл мезгилди аныктоонун тартиптери жөнүндөгү документтерди кабыл алган. Депутаттар бирдиктүү экономикалык, саясий, укуктук, илимий-техникалык жана маданий байланыштарды сактап калууну сунушташкан.

Съездде СМСге кирген өлкөлөрдүн өткөөл мезгилдеги башкаруу органдары жөнүндөгү маселе атайын каралган. Мамлекеттик Совет түзүлүүсү жана анын курамына республикалардын башкы жетекчилеринен турган аткаруу органы сунушталган. Мыйзам чыгаруу ассамблеясынын милдети өкүлчүлүктөр Советине жүктөлгөн. Бул чечимдерди кабыл алгандан кийин СССРдин Конституциясы одоно бузулуу менен, СССРдин эл депутаттарынын съезди өзүн өзү таркатуу боюнча чечим кабыл алган. Съезддин чечими менен СССРдин мамлекеттик бийлиги толугу менен Мамлекеттик Советке - СССРдин Президенти М.Горбачев баш болгон республикалардын биринчи жетекчилерине өткөрүлүп берилген.

633. Жуков В. Ю. Новейшая история России: перестройка и переходный период. 1985–2005: Учеб. пособие для студ. всех специальностей и форм обучения/ СПбГАСУ, –СПб., 2006. 63-б.

Суверендүү Мамлекеттер Союзунун Конституциясын иштеп чыгып, аны мыйзамдаштыруу максатында республикалардын өкүлчүлүктөрүнөн куралган жаңы Жогорку Совет түзүлгөн. Биринчи сессиясы 21-октябрда чогултулган, бирок ага жети республика гана өздөрүнүн өкүлдөрүн жиберишкен. Практика жүзүндө бул Совет иштеген эмес.

1991-жылдын 2-сентябрында СССРдин Президенти баш болгон 10 Союздук республиканын жетекчилери билдирүү менен чыгышкан. Билдирүүдө СССРдин Конституциясы иш жүзүндө токтотулгандыгы белгиленип, жаңы Конституция кабыл алынганга чейин өткөөл мезгил жарыяланып, өлкөнүн ички маселелерин жана тышкы саясатты жүргүзүү үчүн убактылуу Мамлекеттик Совет түзүлүүсү чечилген. Анын курамына СССРдин Президенти жана 10 республиканын эң жогорку кызмат жетекчилери кирген.

5-сентябрда Мамлекеттик Советтин биринчи жыйыны болуп, СССРдин катарынан чыгуу боюнча СССРдин мыйзамдарын (3-апрель, 1990-жылдагы "Союздук республуликалардын СССРдин катарынан чыгууга байланышкан маселелерди чечүүнүн иреттери жөнүндөгү" СССРдин мыйзамы) одоно бузуу менен Латвиянын, Литванын жана Эстониянын көз карандысыздыктары таанылган.

Россия Федерациясынын Мамдумасынын депутаты Е.Федоров 2012-жылдын 24-майында "Правда.Ру" видеостудиясына берген интервьюсунда М.Горбачев америкалык агент экенин айтып, бийликте турган алты жыл ичинде мамлекеттик

аппаратты талкалаганын, ал эми СССРден бөлүнүү боюнча Прибалтика өлкөлөрү эч кандай саясий да, экономикалык да талаптарды коюшпаса деле, Горбачев аларды кууп кетирүү чечимин кабыл алган деп белгилеген.[634]

Мамлекеттик Советтин мүчөлөрүнүн сүйлөшүүлөрүнүн жыйынтыгы менен Куралдуу күчтөрдүн жана аскердик-стратегиялык аймактардын бирдиктүүлүгүн, бүтүндүгүн сактоо менен армияга, КГБга, ИИМге жана прокуратура системаларына кардиналдык реформа жасоо керектиги макулдашылган.

Мамсоветтин чечимине ылайык Союздук бийлик органдарынын реорганизациялык процесстери жүргүзүлө баштаган. Бирок бул орган көпкө иштеген эмес. Эл депутаттарынын бешинчи съездинин чечими СССРдин жоюлушуна карата нормативдик-укуктук жол ачкан. Ушул эле айда Россия жана башка республикалар СССРдин Жогорку Советинен өздөрүнүн депутаттарын чакыртып алышкан.

1991-жылдын 18-октябрында СССРдин Президенти жана сегиз республиканын жетекчилери Суверендүү мамлекеттердин экономикалык шериктештиги жөнүндөгү Келишимге кол коюшат. Келишимге Балтика боюндагы өлкөлөр, Украина, Молдавия, Грузия жана Азербайжан

634. Кара: Автор Новикова Инна 24.05.2012 15:00. (Обновлено: 08.03.2014. 19:08). Евгений Федоров: Проигравшие победители https://www.pravda.ru/world/1116028-fedorov/; https://www.pravda. ru/world/24-05-2012/1116028-fedorov-0/;http://news.mail.ru/politics/9269010/comments/?thread=95788;https://otvet.mail.ru/question/76593538

республикалары кол коюудан баш тартышып, катышкан эмес. Бирок жаңы Союздун саясий түзүлүшү жөнүндөгү келишими кабыл алынбай калгандыктан, экономикалык келишим декларативдүү мүнөздө кала берген.

Саясий союзду түзүү маселеси эң маанилүү болгонуна карабастан, өтө оор жана карама-каршылыктуу болгон. Балтика боюндагы мамлекеттер, Украина, Молдавия, Грузия жана Армения бул маселе боюнча сүйлөшүү жүргүзүлүүсүнө каршы чыгышып, талкуулоого катышуудан баш тартышкан. Биринчи болжолдуу сүйлөшүүлөр 1991-жылдын ноябрында Ново-Огареводо башталып, ага жети республиканын (Россия, Белоруссия, Азербайжан, Казакстан, Кыргызстан, Түркменстан, Тажикстан) президеттери катышкан.

Президенттердин сүйлөшүүлөрүнүн жыйынтыгында конфедерациялык негизде жаңы мамлекеттердин союзун түзүү зарылчылыгы жөнүндөгү бүтүмгө келишкен. Башкача айтканда, республикаларга максималдуу мүмкүнчүлүктөрдү берүү менен, бул мамлекеттерге жаңы аталышты – Суверендүү Мамлекеттердин Союзу (СМС) дегенди берүү аныкталган. Жаңы Союздук келишимге "жетинин" жетекчилери 1991-жылдын аягына чейин кол коюусу макулдашылган. Кол коюу мөөнөтү 1991-жылдын 25-ноябрына белгиленген.

Бирок республикалардын лидерлери СМС жөнүндөгү келишимдин долбоорун парафировать этүүдөн баш тартышып, жалгыз М.Горбачевдун колу коюлган долбоорду ратификациялоо үчүн жети республиканын парламенттерине жиберилет. 1991-жылдын 1-декабрында Украинада референдум

болуп өтүп, Украинанын толук көз карандысыздыгына 90,3% добуш берилген. Болуп өткөн бул референдумдун жыйынтыгы СССРди сактап калуу боюнча акыркы мүмкүнчүлүгүнөн толук ажыраткан.

1991-жылдын 8-декабрында Брестке жакын Вискуляда (Беларуссия) үч славян республикаларынын – Россия, Беларуссия жана Украинанын жетекчилеринин жыйыны ишке ашырылган факт катары бирдиктүү союздук мамлекеттин (СССРдин) жоюлуусун констатациялоо менен Көз карандысыз Мамлекеттердин Шериктигин (КМШ) түзүү жөнүндөгү Келишимди жарыялашып, башка республикалардын кирүүсүнө эшикти ачык калтырышкан.

Бул антиконституциялык акция "Беловежжик келишим" деген ат менен тарыхта аталып калган. Беловежьялык келишим акыркы учурда түзүлгөн саясий тунгуюктан чыгууга мүмкүнчүлүк түзүп, де-факто жүзүндө көз карандысыздыкты алган мамлекеттер борбордун көрсөтмөлөрүнөн биротоло кутулушуп, өлкөнүн ички жана тышкы иштерин жөнгө салуу мүмкүнчүлүктөрүнө ээ болгон. Үч славян өлкөсүнүн саясий чечими, албетте, СССРдин жоюлуу процессинин эртелөөсүнө түркү берген.

13-декабрда Ашхабадда Борбордук Азия мамлекеттеринин беш жетекчиси жолугушуп, сүйлөшүү мезгилинде Түркстан Мамлекеттеринин Конфедерациясын түзүү варианты каралган. Бирок жыйынтыгында беш өлкөнүнүн лидерлери КМШнын түзүлгөндүгүн куттуктоо менен анын составына кирүүгө даяр экендиктерин билдиришкен.

1991-жылдын 21-декабрында Алма-Атада кеңири форматта мурдагы СССРдин 11 өлкөсүнүн

жетекчилеринин жолугушуусу болгон. Үч славян жана беш Борбордук Азия республикаларына Азербайжан, Армения жана Молдовалар кошулушкан. Мурдагы Советтик республикалардан Балтика боюндагы өлкөлөр менен башынан мамлекеттердин шериктештигинен өзүн оолак кармаган Грузия катышкан эмес. Жолугушууда Алмата протоколу, Декларациясы жана бир топ башка документтер кабыл алынган. "Көз карандысыз Мамлекеттердин Шериктештигинин уюштурулуусу менен Советтик Социалисттик Республикалар Союзу өзүнүн жашоосун токтотот" деп, констатациялаган Алма-Ата Декларациясы. Улуу держава болгон мурдагы СССРге акыркы, кайра калыбына келгис өкүм ушундай жол менен чыгарылган.

СССРдин дүйнөлүк картадан өчүрүлүп, жок болуусуна Советтер Союзунун башында турган жалгыз кишинин – М.Горбачевдун туура эмес, а мүмкүн атайын ойлонуштурулуп, жүргүзгөн саясаты себепчи болгон.

Изилдөөчү-окумуштуулардын бир бөлүгү СССРдин жоюлуусуна түздөн-түз Россиянын Президенти Б.Ельцин себепкер деген бүтүм чыгарышып, аргументтерин келтиришет. Бирок учурунда аны Свердловскийден Кремлге ким алып келген? Ал кимдин кадры? Ельцинди кызматка дайындоодо КПССтин Саясий Бюро мүчөлөрү: "натурасы боюнча бул киши кыйраткыч (разрушитель), созидатель эмес, жогорку кызматка жараксыз" – дешкенине карабай, "мага так ушундай кыйраткыч кадр керек", – деп М.Горбачев аны кызматтан кызматка көтөрүп, аягында Горбачевду Союз менен кошо так ошол кыйраткыч "кыйратып", түбүнө жеткен.

1937-жылы 7-ноябрда Октябрдын 20 жылдыгына карата майрамдык отурушта (К.Е.Ворошиловдун жайган майрамдык дасторконунда) И.Сталин жакын, тандалган соратниктерине карата тост көтөрүп, кыскача сөз сүйлөгөн. И.Сталин өзүнүн сөзүндө падышачылык Россия бийлигинин жаман жактары менен кошо, жакшы жасалган иштерине да токтолуп: "...Орус падышачылыгы көптөгөн жамандыктарды жасады. Алар элди талап-тоноду жана кулчулукка айландырды. Алар помещиктердин кызыкчылыктары үчүн согуш жүргүзүштү жана территорияларды басып алышты. Бирок алар бир жакшы иш жасашты. Камчаткага чейинки эң чоң мамлекетти түзүштү. Биз бул мамлекетти мурастап алдык", – деп, андан ары большевиктердин ийгиликтерине токтолуу менен: "...биз, большевиктер, биринчи жолу помещиктер-дин жана капиталисттердин кызыкчылыктарына эмес, ушул мамлекетти түзүүчүлөрдүн, бардык улуу элдердин, эмгекчилердин пайдасы үчүн мамлекетти бириктирдик, бөлүнгүс мамлекет кылып бириктирдик жана чыңдадык"....

Андан ары Сталин социалисттик мамлекеттин монолиттей бекемдиги жана бөлүнбөстүгү жөнүндө сөзүн улап, а кокус бир бөлүкчөсү бөлүнчү болсо, башкалардын эзүүсүндө каларын кеп кылып, сөзүнүн аягында: "Ошондуктан, – деген Сталин, – бирдиктүү бул социалисттик мамлекетти бузууга кимде ким аракеттенбесин, өлкөнүн өзүнчө бир бөлүгүн жана улуттарды бөлүүгө умтулбасын, ал СССР элдеринин, мамлекеттин барып турган, келишкис душманы. Жана биз андай душмандардын бирин калтырдай жок кылабыз, ал ким болбосун, мейли эски большевик болсун, биз анын үй-бүлөсүнө чейин тукумун курут кылабыз. Кимде ким өзүнүн аракети жана ой-пикири менен бирдиктүү социалисттик мамлекеттин биримдигине чыккынчылык кылса, алардын ар бирин аёосуз жок кылабыз"... Тосттун аягын: "Душмандардын баардыгын аягына чейин жок кылуу үчүн!" – деп, сөзүн бүтүргөн.[635]

СССРде социализм толук жана биротоло жеңген мезгил болгон. Социализмдин жеңишине каршы күрөшүүчү ички душмандар тап катары биротоло жоюлган, ал эми тышкы душманга туруштук берүүчү күч жетишерлик түзүлгөн. Сталин СССРди бузуучу ички да, тышкы да күч жок экенине терең ишенген.

Сталиндик башкаруу мезгилинде Союзга карата эч кандай коркунуч болуусу да мүмкүн эмес болгон. Бирок Сталин кайтыш болгондон 38 жыл өткөндөн кийин Советтик улуу империянын жоюлуусуна түздөн-түз Горбачёв себепкер болгон.

Демек, мамлекетти мамлекет кылып, экономикасын өнүктүргөн да, же тескерисинче, мамлекетти талкалаган да бийлик башына келген личносттун мамлекетчилдигине, анын инсандык улуу парасатына (эгерде болсо) байланыштуу болорун тарых далилдеп келет.

635.К.Е.Ворошиловдун майрамдык дасторконунун үстүндө Сталиндин сүйлөгөн сөзүн Коминтериндин Аткаруу комитетинин генералдык катчысы Г.Димитровдун күндөлүгүнөн алынган. Ср. свидетельство об этой речи в записи адъютанта К. Е. Ворошилова генерала Р. П. Хмельницкого, приведенное в кн. : Такер Р. Сталин у власти: История и личность,1928—1941.М., 1997. С.437—438; Вдовин, А. И. Русские в XX веке. Трагедии и триумфы великого народа / А.И. Вдовин. — М.: Вече, 2013. – 472-б; https://studfiles.net/preview/6321579/page:30/.

СССРдин жоюлуусунун себептерин изилдөө окумуштууларга ондогон жылдар бою актуалдуу тема болуп кала бермекчи. Тарых чындыгын М.Горбачев гана билет, бирок ал сырды ачыкка чыгарбай, өзү менен кошо ала кетти. Анын ким экендиги, мамлекетти жоюудагы түпкү максаты ачыкталбай, өзү менен кошо кетти. Өлкөнүн гүлдөп, өнүгүүсүнө же, тескерисинче, анын өчүп "өлүүсүнө" бир кишинин – мамлекет башында турган адамдын ролу эбегейсиз чоң экендигине карт тарыхтагы көптөгөн улуу державалардын, анын ичинде СССРдин да тарыхы күбө.

Алма-Ата келишиминде он бир өлкөнүн жетекчилеринин атайын макулдашуусуна ылайык Шериктештиктин ишмердүүлүгүн координациялап, жалпы кызыкчылыктарды эске алуу менен, бардык маселелерди ыкчам чечүү максатында эң жогорку орган болгон мамлекет башчыларынын Советин түзүшкөн, ошону менен катар, өкмөт жетекчилеринин Совети да түзүлгөн.

25-декабрда М.Горбачев СССРдин Президенттик кызматын жана СССРдин Куралдуу Күчтөрүнүн Жогорку башкы командачылык полномочиесин токтотуп, ядролук куралды колдонуу укугун (чемоданчик-кутучаны) Россиянын Президенти Б.Ельцинге өткөрүп берген.[636]

Алма-Ата жолугушуусунда КМШнын иштөө принциптери жана тартиптери чечилген. Шериктештиктин эң жогорку органы болгон мамлекет-

636. Распад СССР и образование СНГ: https://www.e-reading.club/chapter.php/1021561/107/Torkunov_Sovremennye_mezhdunarodnye_otnosheniya.html

тердин башчыларынын Совети шериктештик уюмунун ишмердүүлүгүнө тиешелүү болгон бардык чечимдерди кабыл алуу үчүн бир жылда эки жолу жыйынга чогулуп туруу каралган. Ал эми КМШнын өкмөт башчыларынын Совети шериктештикке катышкан өлкөлөрдүн социалдык жана экономикалык иштерге байланышкан маселелерди чечишет. Алар да бир жылда эки жолу чогулушат. Советтердин кабыл алган бардык чечимдери консенсус аркылуу кабыл алынуусу макулдашылган. Бул эки Советке төрагалык кылуу кезеги шериктештик өлкөлөрдүн аталуу алфавити боюнча кабыл алынган.

Суверендүү мамлекеттердин эң жогорку бийлик органдары болуп республикалардын Жогорку Советтери эсептелгени менен, реалдуу бийлик акырындап ал өлкөлөрдүн президенттеринин колуна топтоло баштаган. Кыргыз Республикасында, мисалы, 1991-жылдын экинчи жарымынан тартып, негизги мыйзамдык актылар парламенттин токтомдору менен эмес, Президенттин указдары менен киргизиле баштаган.

Кыргыз Республикасынын Президенти А.Акаевдин бийлигинин башаты СССРдин жашоосунун акыркы жылдарына туура келген. Айрыкча, 1991-жылдын экинчи жарымынан тартып Кыргызстандагы саясий жана социалдык-экономикалык кырдаал бардык КМШ өлкөлөрүндөгүгөй эле, өтө татаал жана оор болгон. Ал мезгилде алдын ала прогноз жасоо кыйын болгондуктан, күндөлүк саясий өзгөрүүлөрдүн ыргагы менен чечим кабыл алынып турган. Айрыкча, ички саясий кырдаал курч бойдон чыңалып турган. Ага кошумча

түштүктөгү улуттар аралык кандуу кагылышуудан кийин этникалар аралык мамилелер толук калыбына келди деп бүтүм чыгаруу да татаал болгон.

Ош окуясынан кийин орус тилдүүлөрдүн динамикалык миграциясы күчөгөн. Айрыкча, өнөр жайында, илим жана билим берүү тармагында, саламаттыкты сактоо, айтор, бардык тармактарда иштешкен жогорку класстагы адистердин массалык миграциясы башталган.

Кыргызстандан орус тилдүүлөрдүн массалык түрдө чыга баштоосунун себептеринин эң негизгиси болуп: союздун жоюлуусу, республикадагы саясий кырдаалдын туруксуздугу, өндүрүштүк байланыштардын үзүлүүсүнүн натыйжасында ишканалардын иштөө ритмдеринин үзгүлтүккө учуроосу, социалдык-экономикалык абалдын күн санап оордоосу, азык-түлүктүн тартыштыгы жана кымбаттоосу, айлык акылардын өз мезгилинде берилбегени жана республиканын эртеңинин бүдөмүктүгү таасир эткен. Ушул эле мезгилде жумушсуздуктун айынан кыргыз жаштарынын ички миграциясы да күч алган. Кыргызстандын бардык аймактарынан, айрыкча, түштүк региондорунан Бишкек шаарына жана Чүй өрөөнүнө карай агылуу процесстери башталган.

1991-1992-жылдары Президент А.Акаевдин жүргүзгөн иштерин колдогон саясий элитанын административдик-башкаруу боюнча тажрыйбалары жетишерлик болгон эмес. Чет өлкөлөр менен эл аралык деңгээлде иш жүргүзүү боюнча тажрыйба иш жүзүндө таптакыр болгон эмес. Эл аралык саясий жана экономикалык байланыштарды жүргүзүүчү дипломаттар жана специалисттер жокко эсе болгон. Президент А.Акаевдин өзү да өлкө башына илимдин тармагынан келгендиктен, имиджи жана психологиясы типтүү постсоветтик президенттерге окшобой, Борбордук Азия республикаларынын президенттеринин арасында ал өзгөчөлөнүп "ак карга" ("белая ворона") болгон[637].

Кыргыз Президенти А.Акаев мүнөзү жумшак, кичи пейил, сөзгө чебер, аудиторияны өзүнө тарта сүйлөгөн, оратор жана кыялкеч киши болгон. Мамлекеттик деңгээлдеги проблемаларды чечүүдөгү анын жетекчилик сапаты көп деле байкалган эмес, бирок элдер менен аңгемелешүүдө өтө кичи пейил, маданияттуу мамиле жасап, алардын ишеничине бат киргендиги менен айырмаланган. А.Акаевдин реформаторлук жөндөмдүүлүгү болгон эмес жана бийликке өлкөнү кардиналдуу өзгөртүүгө даярдыгы таптакыр жок келген. Мамлекетти башкаруунун алгачкы жылдары Президенттин туруктуу позициясынын жоктугунан, өлкө өзүнүн өнүгүү жолун таба албай, Компартияны таштай качышып, жаңы бийликтин колтугуна киришкен карт партократтар жана Акаевдин арты менен жаңыдан бийликке келишкен чиновниктер ортосунда союздан калган байлыктар көз көрүнөө "прихватташтырылып", таланып тонолуусуна президент өзү шарт түзгөн.

1989-жылга чейин А.Акаев алыскы чет өлкөлөрдө такыр болгон эмес.[638] Ошондуктан президенттик кызматтын арты менен чет өлкөлөргө сапарга

637. Фурман Д.Е., Шерматова С.А. Киргизские циклы - М. : Инт Европы РАН : Рус. сувенир, 2010. 15-б.

638. Фурман Д.Е., Шерматова С.А. Киргизские циклы. – М. : Ин-т Европы РАН : Рус. сувенир, 2010. 18-б

чыгып, дүйнөлүк лидерлер менен жолугушуп, алар менен баарлашуу ага абдан жагып, кезектеги чет өлкөлөргө, эч максатсыз "саякаттоону" чыдамсыздык менен күткөн. Жолугушуулардан алган таасирлери жөнүндө академиктин кесиптеши: "...жаш баладай, кубанычын ичине жашыра албай айтчу", – деген.[639]

А.Акаевдин АКШдагы жолугушуусунда Рузвельттин сөзүнөн цитаталарды келтирип: "адам укугун жана эркиндигин так сактоодо биз үчүн маяк катары чыныгы демократияга жаркын жолго так ушул америкалык элдик бийлик үлгү болот"[640]– деп айтса, Турцияда ал: "Кыргызстан түрктөрдүн өнүгүү жолун тандайт"[641]–десе, Швецияда: биз шведдик моделди "эталон катары кабыл алабыз",[642] ал эми Россияда: "Россияны бизге Кудайдын өзү берген", – деген.[643] Березовский Россия Президенти Ельциндин оң колу болуп, күчөп турган кезде Акаев ал тууралуу: "Биз бири-бирибизди айттырбай түшүнүшөбүз... жана да аны Умай-эне колдосун", – деп дүйнөлүк ашынган аферистти ашыра мактаган.[644]

Березовский менен кесип жагынан да, ой жүгүртүү жагынан да, мамлекеттик байлыкка кол салуу жагынан да окшош экендиктери талашсыз. Березовский Россиянын президенти Ельциндин үй-бүлөсүнүн ишеничине кирип, алардын башын айлантып, завод-фабрикаларды каалагандай "соода-

639. Фурман Д.Е., Шерматова С.А. Киргизские циклы.., 18-б.
640. Газета: "Слово Кыргызстана". 26.09.2002
641. Газета: "Независимая газета". 03.01.1992.
642. Газета: "Слово Кыргызстана". 14.03. 2002.
643. Газета: "Слово Кыргызстана". 26.09. 2002.
644. Газета: "Новые Известия". 09.06.1998.

лап" бүткөн соң чет өлкөгө, Англияга качып кеткен. Акаев болсо республиканын өнөр жай ишканалары менен колхоз-совхоздорду пайдубалына чейин талкалап бүткөн соң, Кумтөрдүн алтынын Бирштейн аркылуу четке ташып, айыбы ачылгандан кийин "куйругун түйүп" өлкөнү таштай качкан. Демек, экөөнүн тең кесиптик, ой жүгүртүү жана мүнөздөрү боюнча да окшоштук жактары көп болгондугу талашсыз.

Акаев өзүнүн "окумуштуу-саясатчы" имиджин өтө жогору ардактап, ал: "мен профессионал саясатчы эмесмин, мен окумуштуу-саясатчымын", – деген.[645] Ал батыш өлкөлөрдүн жетекчилери менен жүргүзгөн сүйлөшүүлөрүндө өзүнүн билимдүүлүгүн, кичипейилдүүлүгүн жана маданияттуулун көрсөтүүгө далалат кылып, аңгемелешүүчүнүн ыргагы менен болуп, аңгемелешкен адамдын көңүлүн таап, жылуу сөздөрдү айтууда дайыма дүйнөлүк улуу ойчул-философтор: Платондун, Цицерондун, Жефферсондун жана башка улуу инсандардын эмгектеринен, айткандарынан цитаталарды келтирип, Акаев белгилүү бир деңгээлде батыштын башчыларынын сүймөнчүлүктөрүнө ээ болгонго жетишкен.[646]

1994-жылы АКШнын мамлекеттик катчысынын орун басары Строуб Тэлботт кыргыз Президенти менен аңгемелешүүлөрүнөн кийин ал А.Акаевди "Жефферсондун ишин улантуучусу", –

645. Кара: Койчуев Т., Плоских В. Аскар Акаев. Учёный. Политик. -Бишкек. 1996. 56-б
646. Фурман Д.Е., Шерматова С.А. Киргизские циклы.., 17-б.

деп ашыра мактаган.[647] Ал эми америкалык массалык маалымат каражаттары болсо А.Акаевди "Борбордук Азиянын Жон Кеннедиси" жана "Борбордук Азиянын Демократия Мистери" деп, жазып чыгышкан.[648]

Батыш өлкөлөрдүн ишенимине кирген А.Акаевдин арты менен Кыргызстан көптөгөн жеңилдетилген кредиттер менен гранттарды алууга жетишкен жана Батыштын жардамы менен постсоветтик өлкөлөрдүн ичинен биринчи болуп ВТОго кабыл алынган. Биз башка мамлекеттерге салыштырмалуу киши башына карата эң көп жеңилдетилген кредиттерди алганга жетиштик, – деп А.Акаевдин ооз көптүрө, мактануу менен айткандары бар.[649]

Бирок карызга алынган миллиарддаган долларлык кредиттер менен гранттарды акаевдик башкаруу команда мамлекеттин экономикасына кандай пайдаланып, өндүрүштүн кайсы тармагын бутуна тургузду?! Же, карызга берилген чет өлкөлөрдүн "көк кагаздары" кумга сиңгендей, калктын мойнуна жүктөлүп, кайсы мамчиновниктердин жеке кызыкчылыгына иштетилди?!

Бул чоң, өзгөчө изилдөөнү талап кылган тема.

Союздук ички чарбалык байланыштардын үзүлгөнүнө байланыштуу жана республика баштан

647. Сазерлэнд Онола. 27 Мая 2010. Запад и Кыргызстан: динамика постсоветского восприятия. http://www.akipress.org/comments/news: 1521#start.

648. Фурман Д.Е., Шерматова С.А. Киргизские циклы.., 18-б.

649. Независимая газета. 21.04.1998.

кечирип жаткан саясий жана социалдык кырдаалдын оордошуусу экономикалык терең кризиске алып келген. 1991-жылдын аяк жагында жалпы эле КМШ өлкөлөрүндө инфляция тездик темп менен өсүүсү айына 25-30%га жетип, өнөр жай товарларын жана айыл чарба продуктыларын өндүрүү кескин кыскарган.

Мунун бардыгы жаңы акча чыгарууга алып келип, жылдын аягында дүкөндөрдө өнөр жай товарлары да, азык-түлүк продуктылары да "уй жалмагандай" жоголуп, каатчылык каптаган. Калктын эң керектүү болгон күнүмдүк азык-түлүктөр, айрыкча: нан, картошка, эт, май, сүт азыктары менен касыз кылуу проблемасы оор бойдон калган.

Чет өлкөлүк илимдин доктору Онола Сазерлэнд "Запад и Кыргызстан: динамика постсоветского восприятия" деген макаласында Кыргызстандын эгемендүүлүгүнүн алгачкы жылдары экстремалдык экономикалык төмөндөө болгонун мүнөздөгөн. 1990-жылдан 1996-жылга чейин өлкөдө өндүрүш 75 - 80%га төмөндөп, экономикалык көрсөткүчтөр 60-жылдардын деңгээлине чейин түшүп кеткенин, **орточо айлык маяна болгону 1 (бир) АКШ долларын түзгөнүн** көрсөткөн.[650]

Онола Сазерлэнд: "Аскар Акаевдин Батыштагы аброю Михаил Горбачевдукуна абдан окшош. Экөө тең, менин оюмча, батыштын фавориттери бойдон калууга жана алардын көз алдында пост-

650. Сазерлэнд Онола. 27 Мая 2010. Запад и Кыргызстан: динамика постсоветского восприятия. http://www.akipress.org/comments/news: 1521#start.

советтик мезгилдеги улуу реформаторлордун образын түбөлүккө сактап калат", – деп жазган.[651]

Чындыгында экөөндө окшоштук жактары арбын болгон. Экөө тең өздөрүн эң жогорку интеллектуалдын ээсибиз деп эсептешип, Батыштын экономикалык-рыноктук моделин өлкөгө таңуулаган, талантсыз жеткечилер болушкан. Экөөнө тең Батыштын коррупциялашкан, аферист-реформаторлор кеңешчи болгон.

Жыйынтыктап айтканда, М.Горбачев башында туруп, мамлекеттик-партиялык-советтик жетекчилердин баштаган кайра куруу процесси коомдук турмуштун бардык тармактарында анархо-демократиялык өзгөрүүлөрдү киргизүү менен, болуп көрбөгөндөй кудуреттүү, көп улуттуу Советтер Союзу таркатылып, дүйнөлүк тарыхта СССРдин доору кыйроо менен кайгылуу аяктаган.

Мурдагы союздук республикалардын ордуна президенттик республикалар түзүлүп, ар бири өз алдынча саясий жана социалдык-экономикалык кризистен чыгууга аракеттер көрө башташкан. Кыргыз Республикасында Президент А.Акаев башында турган бийлик органдары жана аларды колдогон демократиялык күчтөр өлкөдөгү саясий жана социалдык-экономикалык оор милдеттерди чечүүнүн үстүндө иш жүргүзө башташкан.

"Аттанганда эле ээрге кыйшык отурган" сыңары, Кыргызстан көз карандысыз мамлекет катары түндүгүнөн түтүн булатып, өз алдынча

651. Сазерлэнд Онола. 27 Мая 2010. Запад и Кыргызстан: динамика постсоветского восприятия. http://www.akipress.org/comments/news: 1521#start.

жашап келе жатканына 33 жылдын жүзү болсо да, өнүгүүдө өз жолун таппай адашып келет. Калыгул олуя: "Улугуң ойчул болбосо, убара тарткан эл карып",– деп айткан сыңары, Кыргызстан 33 жыл ичинде беш президент, 35 премьер-министр алмашылганы менен, республика өнүгүүдө өз жолун таппай, кубаттуу, чоң өлкөлөрдөн алынган карыздын эсебинен жашап келет. Калктын басымдуу бөлүгү жакырчылыктын сазына батты. Эмгекке жарамдуу миллиондон ашуун кыргыз жаштары кара жанын, үй-бүлөлөрүн багуу максатында жумуш издешип, дүйнө мамлекеттерин кыдырып, тентип кетүүгө агасыз болушту.

КЫРГЫЗСТАН – СУВЕРЕНДҮҮ МАМЛЕКЕТ. САЯСИЙ КЫРДААЛ

1991-жылдын аягында эл аралык саясий айдыңда, дүйнөлүк картада, жаңы, суверендүү, демократиялык мамлекет – **Кыргыз Республикасы (Кыргызстан)** пайда болгон. Көз карандысыздыкка ээ болуу менен Кыргызстан өзүнүн мамлекеттүүлүгүн түптөөнүн түйшүктүү жана оор жолун баштаган. Кыргыз Республикасы эгемендүүлүккө ээ болуп, өз алдынча мамлекет болуусу кыргыз элинин жошоосундагы эң орчундуу, тарыхый, улуу окуя болуп эсептелет.

Кыргызстан дүйнөлүк коомчулуктун тең укуктуу өкүлү болуу менен бирге, кыргыз эли улут катары жок болуп кетүү коркунучунан кутулган. Калктын маданиятынын, үрп-адатынын, тилинин кайра жаралуусуна жана өнүгүүсүнө, ошону менен катар улуттук интеллигенциянын калыптануусуна жана өсүүсүнө кеңири жол ачылган шарттар түзүлгөн.

1990-жылдын 15-декабрында Кыргыз ССРинин Жогорку Совети тарабынан кабыл алынган "Кыргызстан Республикасынын мамлекеттик суверенитети жөнүндөгү" Декларациясы жана 1991-жылдын 31-августунда кабыл алынган "Мамлекеттик көз карандысыздыгы жөнүндө" Деларациясы тарыхый документтер Кыргыз Республикасынын эркиндигин жарыялаганы менен Кыргызстандын

"киндигин" Союздан биротоло үзүп, али толук эгемендүүлүккө жете элек болгон. Анткени эркиндиктин документтери кабыл алынган менен СССР өз жашоосун токтото элек мезгил болгон.

Бардык союздук республикалар өздөрүнүн суверендүүлүктөрүн кыска мөөнөттүн ичинде жарыялашкан жана анын негизинде СССРдин ордуна "Суверендүү Республикалар Союзу" ("СРС") жөнүндө келишимди түзүү СССРдин президенти М.Горбачев башында турган республикалардын жетекчилери тарабынан сунушталган. Эркиндиктин Декларациясы кабыл алынганы менен Кыргызстан Москвадан биротоло кол үзүп, эркиндикке толук ээ боло элек мезгил болгон.

1991-жылдын 8-декабрында, Белоруссияда үч славян республикалары: Россия, Украина жана Белоруссиянын жетекчилери СССРден чыгуу чечимин кабыл алгандан кийин, ушул эле жылдын 21-декабрында, кеңири форматта, Казакстандын Алма-Ата шаарында, 11 союздук республикалардын жетекчилери биригишип, КМШ – Көз карандысыз Мамлекеттик Шериктештиги түзүлүп, СССРдин жашоосуна чекит коюлган.[652]

1991-жылдын 25-декабрында Михаил Горбачев телекайрылуусунда СССРдин президенти кызматынан кеткендигин билдирген. Андан кийин Кремлдин үстүндө СССРдин мамлекеттик желеги түшүрүлүп, Советтер Союзу да өз жашоосун токтоткон.[653]

652. История СССР. Причины, последствия и события распада СССР.https://www.grandars.ru/shkola/istoriya-rossii/prichiny_raspada-sssr.html

653. https://ru.wikipedia.org/wiki/Горбачёв,_Михаил_Сергеевич

Ушул күндөн баштап Кыргыз Республикасы жана башка мурдагы союздук республикалар "жылаан чакпай, жылкы теппей", тынчтык жол менен толук жана биротоло эркин мамлекеттерге айланышып, мындан ары өз алынча жашап кетүүнүн татаалдыктарын эске алынуу менен Көз карандысыз Мамлекеттердин Шериктештиги (КМШ)[654] келишими түзүлгөн. Анткени, мурдагы СССРдин курамынан бөлүнгөн мамлекеттер ортосундагы саясий, экономикалык, социалдык жана маданий байланыштары, ал эле эмес калктын кылымдап тыгыз карым-катнашы да эске алынган.

Кыргыз Республикасы суверендүү, көз карандысыз, эркин мамлекет катары өлкөнүн кызыкчылыктарын ар кандай кырдаалдарда жана ар кайсы деңгээлде эл аралык-укуктук негизде коргоого жана башка мамлекеттер менен эл аралык-укуктук мамилелерди жүргүзүүгө жана башка ар кандай эл аралык укуктуктарга ээ болгон.

Суверенитеттүүлүк эл аралык укуктук өз алдынчалуукта (субъективдүүлүктөрдө) мамлекеттин негизин түзөт: мамлекет эл аралык укуктуктарда өз алдынча субъект катары эсептелет, эгерде ал, албетте, суверендүү болсо.

Эл аралык мамилелерде мамлекеттин эркиндиги анын чет мамлекеттердин жана эл аралык уюмдардын бирине да көз каранды болбогондугунда. Эл аралык субъект катары таанылуу үчүн мамлекет реалдуу көз карандысыздыкка ээ болуу менен бирге суверендүү эрки күчтүү болуп, башка,

654. http://ud.gov.kg/index.php/kg/uyumdar-kg/2-uncategorised/196-k-z-karandysyz-mamleketterdin-sherikteshtigi

суверендүү мамлекеттер жана эл аралык уюмдар ал өлкөнү суверендүү мамлекет катары таануусу тийиш. Эл аралык укуктук жаңы субъект катары таанылган өлкө андан ары өзүнүн өнүгүүсүндө башка мамлекеттер менен эркин алака түзүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болуп, ички жана тышкы саясий, социалдык-экономикалык жана маданий өнүгүүсүнө кеңири жол ачылган.

Илимде көз карандысыз мамлекеттин төрт негизги белгилери аныкталган:

1. Эл. Бул түшүнүк жалпы кабыл алынган аныктамаларга тиешеси жок. Кээ бир адистердин пикири боюнча айрым калктар биригип бир элди түзөт, эгерде алардын этникалык теги бир болсо.

2. **Территория.** Суверендүү бир мамлекетке тийиштүү болуп, чеги так аныкталган белгилүү аймак (территория).

3. **Өкмөт.** Тажрыйбалуу адистерден куралып, туруктуу жана эффективдүү болууга тийиш.

4. **Көз карандысыздык.** Өз эркинче, башка мамлекеттердин кийлигишүүсүзүз жана зордуктоосусуз ички жана тышкы саясатты жүргүзүү, айрыкча, чет мамлекеттер менен эки тараптуу жана көп тараптуу ар кандай келишимдерди түзүүгө жөндөмдүү өлкө.

2015-жылга чейин **"мамлекет"** деген терминдин илимде жана дүйнө өлкөлөрүндө таанылган бирдиктүү илимий жана юридикалык так аныктамасы болгон эмес. Эң чоң эл аралык уюм ООН – тигил же бул мамлекеттин түзүлүүсү жөнүндө кандайдыр бир аныктама берип бүтүм чыгарууга полномочиеси жок.

2013-жылдын 15-майында БУУнун кабыл алган официалдуу эмес аныктоосу боюнча "Жаңы мамлекетти же өкмөттү тааануу – бул мамлекеттин жана өкмөттүн өзүн өзү тааныгуучу же андан баш тартуучу акт. Мындай жагдайда дипломатиялык мамилелерди түзүүгө даяр экендиктерин билдирүүлөрү зарыл. Бириккен Улуттар Уюму – мамлекет да, өкмөт да эмес, ошондуктан бул уюм эч бир өлкөнү же өкмөттү тааныу полномочиеге ээ эмес".[655]

Мамлекет деген түшүнүктүн маңызы, жөнөкөйлөтүп айтканда, бул саясий уюм. Мамлекет – үстөмдүк кылуучу таптын (топтун, партиянын ж.б.) саясий бийлиги. Мамлекет, негизги саясий институт болгондуктан, коомду башкарууну, экономикалык жана социалдык структураларды коргоону, коомдук тартипти көзөмөлдөөнү жана бардык социалдык институттардын үзгүлтүксүз иштөөсүн камсыз кылууга чакырылган.

Мамлекет – коомдук эволюциянын ички продуктысы, уюштуруу иштери объективдүү түрдө дайыма өзгөрүүгө муктаж. Ар кайсы доордо, ар кандай шарттарда мамлекетте коомду башкарууну уюштуруу өзгөрөт жана ага карата бийлик жүргүзүүнүн механизимдери да өзгөрүп турат.

Мамлекет жаратылышы боюнча түбөлүктүү эмес, ал алгачкы общиналык коомдо болгон эмес, коомдун өнүгүүсүнө ылайык, көптөгөн себептердин негизинде, биринчи кезекте, калктын өсүүсү менен эмгекти жаңыча уюштуруу нормаларынын өзгө-

655.https://ru.wikipedia.org/wiki/%D0%93%D0%BE%D1%81%D1%83%D0%B4%D0%B0%D1%80%D1%81%D1%82%D0%B2%D0%BE.

рүүсүнө ылайык муктаждыктардын негизинде пайда болгон.

Мамлекет жана анын механизмдери (мамлекеттик органдар системасы) өзгөрүлбөй, бир орунда туруп калбайт. Мамлекет коом менен бирдикте аны уюштуруудагы саясий форма катары дайыма өзгөрүлүп турат. Ага кул ээлөөчүлүк, феодалдык, буржуазиялык жана коммунисттик коомдогу мамлекеттик механизмдеринин өзгөчөлүктөрүн мисалга келтирсек болот. Бул өзүнчө изилдөөнү талап кылган тема.

Азыркы, аалам глобалдашкан заманда мамлекеттин башка түрлөрү өсүп чыккан. Мисалы, авторитардык, тоталитардык, демократиялык мамлекеттерди атасак болот. Демек, мамлекет коомду башкаруудагы саясий бийликти уюштуруу өзгөчөлүктөрүнө карата кандай типтеги мамлекет экенин аныктаса болот.

Мамлекет коомду мажбурлап, ийкемдүү башкаруу үчүн жана эзүүчү таптын (топтун, партиянын) кызыкчылыктарын коргоп, алардын эркин ишке ашыруу үчүн атайын мамлекеттик аппарат түзөт.

Мамлекет коомду жетектеп, бүткүл өлкө аймагында саясий бийлигин жүргүзөт. Аны ишке ашыруу максатында мамлекеттик аппарат пайдаланылат. Мамлекеттик аппарат коомчулуктан обочолонгондуктан бийлик менен калктын ортосундагы пикир келишпөөчүлүктөр дайыма болуп туруусу мыйзам ченемдүү. Элден чогултултулган налогдордун эсебинен мамлекеттик аппарат каржыланып, алар мамлекет тарабынан камкордукка алынат.

Мамлекеттик түзүлүштү изилдешкен окумуштуулар, анын маңызын бир канча теорияга бөлүшөт, айрымдарын мисалга келтирели:[656]

Элит теориясы, мамлекетти элита башкарат. Анткени эл массасы бул функцияны аткарууга жөндөмсүз. Коомду башкаруу функциясын тандалгандар, мыктылардын мыктысы, аристократтар аткарууга тийиш деген саясий элитизм идеясынын тамыры тереңге кетип, байыркы заманда пайда болгону тарыхта белгилүү. Бул идея Конфуцийдин, Платондун, Макиавеллинин, Карлейлдин, Ницшенин эмгектеринде кеңири жана так аныкталып жазылган.

Саясий элита – интеграцияланган жогорку социалдык топ (бирок, бул топто ич ара катаал конкуренция дайыма өкүм сүрүп турат). Бул группа саясаттын, экономиканын, коомдук ресурстардын бир бөлүктөрүнө ээлик кылышып, мамлекеттин саясатын аныктайт, жашоодогу бардык социалдык сфераларды башкарууга таасирин тийгизген эң маанилүү чечимдерди кабыл алат. Коомдук-саясий системаны колдон чыгарбай башкаруу үчүн алар ич ара биримдикте, кызыкчылыктарына карата тыгыз байланышта болуусу алардын коомдогу артыкчылыктарын камсыздап турат.

Технократиялык теория - коомду специалисттер башкаруусу тийиш. Анткени, алар өнүгүүнүн оптималдуу жолдору менен башкарууга жөндөмдүү.

656.https://ru.wikipedia.org/wiki/%D0%A2%D0%B5%D0%BE%D1%80%D0%B8%D1%8F_%D1%8D%D0%BB%D0%B8%D1%82; Кара:http://www.km.ru/referats/24FFE4435EB044F4BDEA72CECEBB9448.

Бул теория өткөн жүз жылдыктын 20-жылдары пайда болуп, 60-70-жылдары кеңири жайылтылган. Анын жактоочулары, негизинен, Т.Веблен, Д.Барнхейм, Г.Саймон Д.Белл жана башкалар болушкан.[657] Чындыгында, булар азыркы интерпретацияланган элит теориясы. Технократиялык теориянын өкүлдөрүнүн ою боюнча коомду специалист – башкаруучулар, менеджерлердин башкаруусу эффективдүү натыйжа берет. Коомдун чыныгы талаптарын, анын өнүгүүсүнүн оптималдуу жолдорун так ушулар аныктаганга жөндөмдүү. Жыйынтыктап айтканда адисттердин башкаруусу илимий негизде болуп, коомдун прогрессивдүү өнүгүүсүн камсыз кылат.

Кыргыз элинин: "чымчыкты сойсо да, касапчы сойсун" – деген макалы жогоруда айтылган технократиялык теорияга дал келет. Кыргызстанды артка тартып, өнүгүүгө мүмкүнчүлүк бербей жаткандын бирден, бир себеби технократиялык башкаруунун ордуна кландык (үй-бүлөлүк), трайбализттик жана криминалдык дүйнөлөр чөйрөлөрүнүн коррупциялашкан саясий элита катмарынын башкаруу системасы Акаев тарабынан киргизилип, бийликке келишкен кийинки президенттер 33 жылдан ашуун мезгилден бери өзгөрүүсүз өркүндөтүп келет.

Мамлекеттик бийликтин мыйзам чыгаруу, аткаруу жана сот бийликтерине бөлүнүүсү алардын компетенцияларынын чектелүүсүнө, бирин-бири көзөмөлдөөсүнө жана тең салмактуулуктун сакталуусуна, бийликтен кыянаттык менен пайдалануга

657.http://www.bibliotekar.ru/index.htm;http://www.bibliotekar.ru/teoria- gosudarstva-i-prava-7/194.htm.

бөгөт болуусуна багытталганы менен иш жүзүндө Кыргызстанда бийлик бутактары жалгыз президентке көз каранды. Мамлекет тоталитардык системага кабылган шартта президенттин буйругусуз "чымын" учууга укуксуз болот.[658]

Эгемендүүлүккө ээ болгон мезгилден бери укуктук жолго түшө элек, коррупция үстөмдүк кылган Кыргызстанда мамлекеттик бийлик калктын өзгөчө катмарын түзгөн, бир уруч "капчыктуу, коррупциялашкан элиталардын" колуна өтүп, мамлекеттик бардык бийлик органдарына жалаң "менчик кадрлар" дайындалып келет акаевдик башкаруудан бери.

Жыйынтыгында мамлекеттик бийлик толугу менен узурпацияланып, диктатордук башкарууга өткөн. Калктын саясий, социалдык-экономикалык жана шайлоо маданиятынын төмөндүгүнөн бийликтин өлкөнү мыйзамсыз башкаруусу улантылып келет.

Коомдук институттардын эл арасында кадыр, баркы төмөн. Саясий партиялар капчыктуу элиталардын менчигине айланган. Оппозициядагы партиялар, бийликке жетүү максатында гана өлкөдөгү коррупция жана мыйзамсыздыктар боюнча сын пикирлер айтылып келет.

Мамлекеттик суверендүүлүктүн ээси жана бийликтин бирден бир туткасы эл – деп, Кыргыз Республикасынын конституциясында жазылган. Бирок коррупциялашкан мамлекеттик машина бийликтин ээси болгон элдин укуктарын эле эмес,

658. Чиркин В.Е. Нетипичные формы правления в современном государстве// Государство и право. — 1994 — № 1. — С. 109.

өздөрүн да "тебелегенге" дайым даяр, эгерде калк бийликтин мыйзамсыз жүргүзгөн коррупциялык иштерине каршы турушса.

Бийлик эч качан элдик болбойт жана болгон да эмес. Коммунисттер, социалисттер, демократтар, республикачылар, улутчулдар, фашисттер жана башка бийликке умтулушкан бардык партиялардын бир уруч тобу бийликке келгенге чейин элге "асмандагы айды этегиңерге салып беребиз" – деген, "тил эмизген" убадаларды беришип, элди ар кандай таза эмес жолдор менен бийликке келгенче, убактылуу, абдан ийкемдүү пайдаланышат.

Элдин жардамы менен бийликке келишкен партиянын лидери баш болгон бир уруч топ, бийликти колдон чыгарбай кармап калуу жана жеке кызыкчылыктарын канааттандыруу максатында, мамлекеттик репрессиялык машинаны ийкемдүү иштетүүгө пайдаланышат. Башкарууга каршы чыгуулардын кандай гана түрү болбосун, аларга карата эзелтен калыптанган ар кандай репрессиялык методдор колдонулат.

Бийлик калктын үнүн угууга жөндөмсүз. Бийликтин жаратылышы ушундай. Журт башындагылар өлкөдөгү болуп жаткан жетишкендиктер менен кемчиликтерди кол алдында иштеп жатышкан кошоматчы-чиновниктердин көздөрү менен көрүп, алардын айткан ушак сөздөрүн угуп, жыйынтык чыгарышат. Ошондуктан элибиз: "бийликтин көзү сокур да, кулагы дүлөй" – деп, бекеринен айтпаган чыгаар.

Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык эң жогорку мамлекеттик бийлик шайлоо жолу менен түзүлгөн өкүлчүлүк органдарына

тиешелүү. Прёзидент жана Жогорку Кеңештин депутаттары жалпы эл тарабынан белгилүү бир мөөнөткө шайланышат.

Постсоветтик республикаларда, анын ичинде Кыргызстанда жалпы калктын шайлоо маданиятынын төмөндүгүнүн жана улуттун саясий-экономикалык дүйнө таанымынын жетишсиздигинин натыйжасында, айрыкча трайбалисттик-регионализмдин үстөмдүгү астында шайлоо процесстери коомго жат, абдан булганычтуу, уюшулган коррупциялык жолдор менен өткөрүлүп келет.

Башкача айтканда, шайлоо өнөкөтү бийликтин жана байлыктын күчү менен өткөрүлүүсү салтка айланып калган. Калк толук бийликке жана байлыкка көз каранды. Эч кандай революция шайлоо демократиясын алып келе албайт. Ал эволюциялык жол менен калктын аң-сезиминин өсүүсүнө жана билим деңгээлинин жогорулоосуна жараша демократия орнотулат.

Кыргызстан Эгемендүүлүккө ээ болгондон бери кыргыз эли 33 жыл ичинде, болуп өткөн референдумдарды эсепке албаганда, тогуз ирет президенттик жана жети жолу Жогорку Кеңешке депутаттык шайлоону баштан кечирди. Шайлоонун "шайтан оюнунун" натыйжасында Кыргыз Республикасында үч жолу (март-2005, апрель-2010 жана октябрь-2020-жж.) төңкөрүш болуп, бийлик алмашылды. 33 жыл ичинде шайлоочулардын шайлоого болгон аң-сезиминде жана маданиятында демократиялык эч кандай алдыга карай өзгөрүүлөр болгон жок.

Шайлоо компаниясы кандайдыр бир деңгээлде мамлекеттин стабилдүүлүгүнө, социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө болгон калктын көз карашы кайдыгерликке айланып, психологиялык кулк мүнөзү өзгөрүп трайбалисттик, регионалдык, партиялык жана улуттук жикке бөлүнүүсү тереңдеди.

Шайлоонун өтө криминалдашып, булганыч өтүүсүн бийлик башындагылардын өздөрүнүн уюштуруусу өнөкөткө айланды. Шайлоо компаниясына старт берилген мезгилден баштап бийлик баш, партиялардын лидерлери төш болушуп шайлоочулардын добушун сатып алуу үчүн аукцион башталып, ага кеткен чыгымдар геометриялык прогресс менен өскөн.

Бийлигин сактап калуу максатында алар уюшулган кылмыштуу топтордун (ОПГнын) кызматтарынан кеңири пайдаланып келишкени да ачыка чыкты. Өлкөдө президент баш болуп, ОПГнын колдоосуна муктаж болот деген эмне шумдук!

Демек, кыргыз эли уюшулган коррупциялык бийлик криминалдашкан бандиттер менен бирдикте мамлекетти башкарган заманда жашап жаткан жокпу деген ой келбей койбойт. КРнын ИИМнин экс-министри, генерал М.Турганбаев "Азаттыкта" болгон маегинде: "1990-жылга чейин уюшулган кылмыштуу топтор көп болчу, бирок саясат менен иши жок болчу. 2000-жылдан баштап алар шайлоого катуу аралашып келатышат... Бийликтегилер уюшкан кылмыштуу топторду өз кызыкчылыктарына, өзгөчө шайлоолордо пайдаланып келген. Биз оперативдүү кызматкер катары маалыматтарды президенттерге чейин берип турганбыз. Алардын колу менен буюртма өлтүрүүлөр көп болду...". Президенттер "саясий опоненттерин ошол кыл-

мыштуу топтордун колу менен тазалашты...” – деп, ачык айткан.[659]

Президент башында турган бийлик шайлоо өнөкөттөрүнө эң көп каражат сарптап келгени да калың журтка белгилүү. Мисалы, 2017-жылы президенттик шайлоодо талапкер С.Жээнбековдун шайлоого сарптаган каражаттары боюнча чогулткан документтерин укук коргоочу Н.Токтакунов ММКга жарыялаган. Ал: “Сооронбай Жээнбековдун штабы Борбордук комиссиясына официалдуу түрдө билдирген каражат, атап айтканда **158 96 175 сомдон** көп сумма иштеткен.” Ал эми Токтакуновдун эсеби боюнча: “Жээнбеков чынында шайлоого **1миллиард 170 265 187 сом жана 6 855 700 АКШ долларын** жумшаган” – деп жазган.[660] АКШ долларын сомго айландырганда: **6 855 700 х 85 = 582 734 500 сом.** Шайлоого кеткен жалпы чыгым: **1 170 265 187х 582 734 500 = 1 752 999 687 сом!!!** Эмне деген астрономиялык суммадагы каражат!? Ким айта алат Жээнбековдордун мандай тери менен табылган адал акча деп!? Шайлоого чыгышкан атаандаштары да миллиондогон каражат жумшашканы факт.

Кыргызстанда акаевдик башкаруудан бери 33 жыл ичинде бир да шайлоо эл аралык стандартка жооп бербей, эң булганычтуу, криминадуу, коррупциялашкан, кан менен коштолгон шайлоолор

659. Орунбеков Б. 13-Август, 2022-жыл. “Бийлик уюшкан кылмыштуу топторду шайлоодо пайдаланчу”. https://www. azattyk.org/a/biylik-uyushkan-kylmyshtuu-toptordu-shayloodo-paydalanchu-/31986515.html

660. Асанов Б. 15-ноябрь, 2018. Шайлоонун акчасы шек туудурду. HTTPS://WWW.AZATTYK.ORG/A/KYRGYZSTAN_JEENBEKOV_ELECTION_POLICY/29602601.HTML

өткөрүлүп келет. 1990-жылы, СССР мезгилинде Кыргыз ССРнин Жогорку Советинин 12-чакырылышына 350 эл өкүлдөрүн шайлоо биринчи жана акыркы жолу альтернативдик негизде, демократиялык жол менен салыштырмалуу таза шайлоо өтөрүлүп, Эгемен Кыргызстандын пайдубалын түптөөгө негиз салышып, кыргыз тарыхында **“ЛЕГЕНДАРЛУУ ПАРЛАМЕНТ”** деген ат менен калды. Ушул шайлоодо талапкерлер тарабынан каражат жумшалбай, белек-бекчек таратылбай, биринчи жана акыркы жолу салыштырмалуу таза шайлоо болуп өткөн.

Шайлоо компаниясынын таза өтпөй, коррупциялашкан, булганычтуу жолдор менен өтүүсү 1995-жылдагы Президенттик жана Жогорку Кеңештин биринчи чакырылышындагы шайлоодон башталган. Кыргызстан Эгемендүүлүккө жетип, өз алдынча түптөлө баштаган алгачкы жылдары республикандагы өндүрүштүк чарбалардын жетекчилеринин басымдуу көпчүлүгү партиялык-советтик кызматкерлер болушкан. СССР жоюлгандан кийин ал жетекчилер өздөрү башкарып турушкан ишканаларды мамлекеттик ачык акционердик коомдорго айлантышып, эмгек коллективдерине таркатылган үлүштүк акцияларды ар кандай жолдор менен өздөрүнө чогултушуп, ишканаларды тымызын “прихватизациялаштырышып”, кечээги коммунист жетекчи, бүгүн “тонун” өзгөртүшүп ири ишканалардын кожоюндарына айланышып, капиталист болуп чыга келишкен. “Прихватташтыруу” процессиндеги ар кандай мыйзамсыз иштеринен коргонуш үчүн ал капиталисттерге депутаттын кол тийбестик мандаты суудай керек болгон.

Легендарлуу парламенттин ишмердүүлүгү парламенттик жыйындарга искусстволук жол менен кворумду болтурбай тараткан президент А.Акаев өзүнүн Жарлыгы менен 1994-жылдын 22-октябрына бүткүл элдик референдум (коомдук добуш берүү) дайындаган.[661]

Референдумдун жыйынтыгы менен 35 депутаттан турган туруктуу иштеген Мыйзам чыгаруу жыйынынан жана аймактык кызыкчылыктарды билдирген 70 депутаттан турган Эл өкүлдөр жыйынынан турган эки палаталуу Жогорку Кеңеш түзүлгөн. Мыйзам чыгаруу жыйынынын депутаттары профессионалдык негизде туруктуу иштей баштаары, ал эми Эл өкүлдөр жыйынынын депутаттары сессияда иштей тургандыгы, ал эми бул палатанын депутаттары депутаттык милдеттерин мамлекеттик кызматтардан башка иштер менен айкалыштыра ала тургандыгы белгиленген.

Коомдогу негативдүү тенденциялар так ушул шайлоодон башталган. Эл өкүлдөр жыйынына депутаттыкка ат салышкан талапкердин басымдуу көпчүлүгү "капиталистке" айланышкан республиканын ири ишканаларынын ээлери "кызыл директорлор" болушкан. Депутаттык мандатка ээ болушкан ири ишкананын ээлери "красный директорлордун" бир тобуна кылмыш иши козголуп, акчанын күчү жана депутаттык мандаттын кол тийбестиги менен алардын бири да жоопко тартылган эмес.

661. Укушов Мурат 09.11.2017. Кыргызстан и парламентская форма правления: опыт разочарования. Часть 2. http://center.kg/article/91

Шайлоо процесси кызуу жүрүп жаткан мезгилде так ушул "капиталист, кызыл директорлор" шайлоочулардын добушун алуу максатында калктын күндөлүк муктаждыктары: ун, кумшекер, картошка, күрүч, чай, кездеме, самын, көлөч, ж.б.у.с. таратылган. 90-жылдары республиканын калкынын басымдуу көпчүлүгү күндөлүк тамакашка зар болуп, көпчүлүк үйгө жокчулук баш багып, ичерге ашы, кийерге кийими жок болуп турган оор мезгил болгон. 5 – 10 кг ун үчүн ойлонбой добушун сатышкан шайлоочулар арбын болушкан. Шайлоо компаниясы жүрүп жаткан мезгилинде Президент А.Акаев: "Талапкерлердин бергенин алып, өзүңөр билгенди шайлай бергиле" – деп, шайлоочуларга батасын берген. Анткени ушул эле жылдын (1995) аягында өзү президенттик шайлоого барыш үчүн пара берүүнүн жолун ачкан.

1995-жылы Жогорку Кеңештин биринчи чакырылышынын депутаттарын шайлоодо калктын кедейчилик жашоо деңгээлине жараша талапкерлердин берген бир тоюмдук уну менен кумшекерине добушун саткан оор мезгил болсо, 2020-жылы шайлоочулардын турмуш-шарты оңолуп, 90-жылдардагы азаптуу турмуш унутулуп, шайлоочунун добуш сатуусу унутулбай өнөкөткө айланып, ставкасы көтөрүлүп, ал: 5 – 10 миң сомго жогорулап, накталай акчага сатылган фактылар ММКда кабарланган.[662]

2000-жылдан тартып Жогорку Кеңешке депутаттарды партиялык тизме (пропорционалдык

662. Бийбосунов Айбек, 24-август, 2020. Добуш сатуунун доорону башталды https://www.azattyk.org/a/kyrgyzstan-election-corruption/ 30799993.html

система) менен шайлоо практикаланып келе жатат. Кыргыздын капчыктуу азаматтары пропорционалдык система менен шайлоодон чоң бизнес жасоого болорун алдын ала көрүшүп, партия түзүүгө киришишкен. Натыйжада саясий партиялардын саны жаандан кийин чыккан козу карындай жайнап, 2020жылдын 7-июлуна карата КРнын Юстиция министрлигинин каттоосунан өткөн партиялардын саны 259га жеткен.[663] Алардын уставы менен программалары да биринен бири көчүрүлүп, коёндой окшош.

Республикадагы партия лидерлери шайлоону кадимки соода-бизнесине айландырышып, шайлоо марафонуна официалдуу старт берилген мезгилден баштап депутаттык тизмеге катталуу үчүн партиялардын лидерлери тарабынан ар бир орунга аукцион жарыялайт. Бийликтин партиясы менен ак үйдүн камчысын чапкан партиялардын Жогорку Кеңешке өтүү мүмкүнчүлүктөрү гарантиялуу кенен болгондуктан, алардын түзгөн тизмелеринин алдынкы катарында болуунун наркы, акыркы жылдары, алты цифралуу көк кагаз менен эсептелип, асман чапчыйт.

Ага мисал катары 2020-жылы октябрда өткөн шайлоодо партиялык: "тизмеде биринчилерден болуу үчүн айрымдар 500 миң, бир миллион доллар беришкен", – дейт талапкер Марлен

663.Список зарегистрированных политических партий Кыргызской Республики на 04.08.2020 г. по данным Министерства Юстиции КР от 07.07.2020г. https://shailoo.gov.kg/media/azamat/2020/08/04/gunzgz.pdf

Маматалиев.[664] Ушул эле жылдын 18-октябрда жарандык активисттер менен депутаттар тегерек стол өткөрүшүп, анда өткөн шайлоону талкуулашкан. Бул жолугушууда "Мекеним Кыргызстан" партиясынан талапкер, депутат Марлен Маматалиев партиянын штабы агитаторлорго айлык акы төлөө менен "параны мыйзамдаштырганын" баса белгилеп, агитаторлордун саны чектөөсүз көп болгонун белгилеп, ал шаардык штабдын жетекчиси катары: "Бишкекте 12 миң агитаторубуз бар болчу, алардын баары айлык алып, 20-25 миң сомдон төлөчүбүз", – деген саясатчы.[665]

Борбордук шайлоо комиссиясынын маалыматы боюнча, 4-октябрга карата "Мекеним Кыргызстан" партиясы шайлоого 116 миллион 108 миң 485 сом короткон. Маматалиевдин айткандарына таяна турган болсок, анда Бишкек шаарындагы партиялык агитаторлордун эле эмгек акысына 240 миллион сом чыгымдалган.[666] Бирок бул чыгымдарга мындан тышкары партиялык баннерлерди жайгаштыруу, телеканалдарда жана сайттарда жарнактар, региондордогу агитаторлорго кеткен чыгымдарды кошкондо бир эле партиянын шайлоого короткон каражаты астрономиялык сумманы түзөт. БШК көрсөткөн 116 108 485 сомго караганда

664. Саралаева Лейла. Третий раз на те же выборные грабли. 12:18, 13 Декабря 2020. http://nlkg.kg/ru/politics/elections-2021/ tretij-raz-na-te-zhe-vybornye-grabli

665. Саралаева Лейла. Третий раз на те же выборные грабли. 12:18, 13 Декабря 2020. http://nlkg.kg/ru/politics/elections-2021/ tretij-raz-na-te-zhe-vybornye-grabli

666. Саралаева Лейла. Третий раз на те же выборные грабли. 12:18, 13 Декабря 2020. http://nlkg.kg/ru/politics/elections-2021/ tretij-raz-na-te-zhe-vybornye-grabli;

партия он эселеп көп каражат сарптарын коомчулук жакшы билет. Мыйзамсыз сарпталган каражаттардын бардыгы шайлоочулардын добушун сатып алууга жумшалат.[667]

2021-жылы парламенттик шайлоодо бир мандаттуу округдарда талапкердин агитация иштерине 10 миллион сомго чейин сарптоо официалдуу түрдө БШК уруксат берген.[668] Ал эми мыйзамсыз, ар бир добушту сатып алууга талапкер 5 – 10 миң сомдон жең ичинен жумшаса, кеткен чыгымдын жалпы суммасы канча жүз миллиондор болот?!

Шайлоо марафону жарыя болгондон баштап партиялык тизмеге катталуу соодасы кызуу жүргүзүлөт. Абройлуу партиялардын тизмесине катталуунун ставкасы да жогору. Жолун тапкан акчалуулар биринчи кезекте бийликтин партиясы менен мандат алууга аракеттенишет. Партиялык тизменин алдыңкы биринчи жана экинчи ондуктардагы ар бир номерлердин наркы жең ичинен бычылып, каттоо жүргүзүлөт. Түптөлүп калган жана жаңы уюшулган партиялардын тизмесине катталуу наркы, базардагыдай эле, ар башка.

Юджин Хаски (Eugene Huskey) – белгилүү америкалык саясат таануучу, Флорида штатындагы Стетсон университетинин (Stetson University (Florida, USA)) профессору, Кыргызстан боюнча адис, 2008-жылы оппозициянын алдыңкы лидер-

667.https://www.facebook.com/watch/live/?v=1631311183708865&ref=externa.

668. Подольская Дарья 14 июля 2021, Бишкек - 24.kg, Новое избирательное законодательство. Как не оказаться в баймаанапском ханстве. https://24.kg/vlast/200988_novoe_izbiratelnoe_zakonodatelstvo_ kak_neokazatsya _vbaymanapskom_hanstve/

леринин бири Ө.Текебаевден интервью алып, мамлекеттик кызматтарга орношуу үчүн канча акча сарпталарын сураганда ал: "Кызмат орундун баасы канча экенин, чиновник бул кызматта жылына канча киреше таба аларын баарын ар бир жаран билет... (айрым учурларда) бул миллиондогон долларларды түзөт" – деген.[669]

Кыргызстанда партиялар, негизинен, бир кишинин менчиги болуп эсептелет. Саясатка умтулушкан капчыктуулар депутаттык мандатты сатып алуу үчүн партиянын казынасына кошкон кошумчасына жараша тизмеге катталат. Партиянын казынасына төккөн каражаттан тышкары жетишерлик добуш алуу үчүн да шайлоо округуна олчойгон каражат жумшалат.

2007- жана 2010-жылдардагы конституциялык реформалардан кийин саясий партиялардын кадыр-баркы кескин өскөндүгүнө байланыштуу, элге тараган маалыматтар боюнча талапкерлер партиялык тизмеден орун сатып алуу башталган. Баасы болжол менен 100 – 300 миң АКШнын долларын түзгөндүгүн, партиялык тизме боюнча мандаттарды сатып алуу парламенттик шайлоолордо эле эмес, жергиликтүү кеңештердин шайлоолорунда да кеңири жайылтылганын чет элдик журналист жазып чыккан.[670]

669. «Государство как инвестиционный рынок: Осмысление коррупции в Кыргызстане». ЙОХАН ЭНГВАЛЛ (шведский политолог) Демилге KG 1 декабря 2019 г. https://www. facebook.com/demilge/posts/1253450234837024/

670.Е.Лазутин: Голосуй, не голосуй - все равно проиграешь. Киргизия в преддверие парламентских выборов. Автор Гость_ Арьергард_*11:53 24.09.2010 http://www.centrasia...p?st=1285314780; https://diesel.elcat.kg/index.php?showtopic=5000725

Шайлоого карата саясий партиялардын тизмедеги орундарды жарыя кылышып "базарга" чыгарышкан нарктары ар башка болгон. Талапкердин "кичи мекениндеги" кадыр-баркы да эске алынган. ММКнын билдирген маалыматтары боюнча "пулуң болсо, кулуңмун" сыңары, эч кандай үгүт иштерине катышпай, партиянын жетекчилигине бир миллион доллар берип, мандат алгандар да болгон.

Бел оорутуп, тер төкпөй, ар кандай криминалдык жолдор менен оңой олжого ээ болушкан, билимди сатып алышкан, эки-үчтөн дипломдуу кыргыздын "байбачалары" интеллектуалдык деңгээлине карабай депутаттык мандат үчүн активдүү аракет кылып келишет. Жыйынтыгында парламенттик корпустун сапаттык составында кескин өзгөрүүлөр болуп, Жогорку Кеңеш бизнесмендер клубуна айланып, депутаттык мандаттын арты менен жеке кызыкчылыктарын чечүүгө жан үрөшөт. Калктын кызыкчылыгын коргоо, мамлекетке кызмат кылуу депутаттардын үч уктаса түшүнө кирбей калган.

Демек, өлкөнүн жүгүн, Жогорку Кеңештин депутаттары көтөрүшөт дегенге ишенүү кыйын. "Көп суур ийин казбайт, казса да терең казбайт" сыңары, парламент бийликтин бир бутагы катары өз алдынча эркин иштөөдөн калып, президенттик администрациянын бир бөлүмүнө айланып калган.

КАДРДЫК САЯСАТ

Мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу чөйрөсүндөгү кадр саясаты - мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлерге талаптарды калыптандыруу, аларды тандоо, окутуу жана алардын кесиптик потенциалын сарамжалдуу пайдалануу боюнча мамлекеттин жана анын бардык органдарынын ырааттуу иш-аракети.

Кадр саясаты мамлекеттик саясаттын негизги курамдык бөлүгү болуп саналат, анткени кадрдык процесстер жана мамилелер уюмдун да, бүтүндөй коомдун да турмушунун бардык чөйрөлөрүн камтыган. Мамлекеттин кадр саясатын калыптандыруу жана ишке ашыруу татаал жана көп кырдуу процесстен турат, анын негизги максаттары эмгекке жарамдуу калкты натыйжалуу иш менен камсыз кылуу жана уюмдарда жана мекемелерде кадрларды сарамжалдуу пайдалануу болуп саналат.

Мамлекеттик кадр саясаты бул саясаттын максаттарын, милдеттерин жана мүнөзүн белгилөөгө багытталган илимий билимдердин, идеялардын, көз караштардын, принциптердин, артыкчылыктардын, мамлекеттик-кызматтык мамилелердин комплекстүү, функционалдык жактан уюштурулган системасын камтыйт.

Окумуштуулар мамлекеттик кадр саясатынын маңызын белгилүү иш-чаралардын жыйындысы катары көрсөтүүнү сунушташуу менен бирге:

мамлекеттик жана муниципалдык кызматка жогорку квалификациялуу адистерди тартуу, камсыз кылуу жана сарамжалдуу пайдалануу, алардын кызматтык милдеттерин ийгиликтүү аткаруу үчүн кесиптик потенциалын ишке ашыруу үчүн шарттарды түзүү жана ошонун негизинде мамлекеттик бийлик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын натыйжалуу иштешин камсыз кылуу.[671]

Кадр саясатынын маңызы кызматкерлердин чыгармачылык потенциалын, алардын күчүн жана бышып жетилген маселелерди чечүүгө жөндөмдүүлүгүн толук пайдалануу менен мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлерге өздөрүнүн чеберчилигин, талантын жана жөндөмдүүлүгүн толук ачууга жардам берүү. Мына ушундай мамиле жасоонун негизинде кызматкерлердин ишинин сапатын жогорулатууга, экономикалык, социалдык, маданий жана башка тармактардагы мамлекеттик эң маанилүү программалардын чечилишин камсыз кылууга болот.

Аткаруу бийлик органдарынын системасындагы кадр саясатынын негизги максаты болуп мамлекеттик аппараттын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын натыйжалуу иштешин жана өнүгүшүн камсыздоого профессионалдык жана ишкердик мааниде мүмкүндүк берүүчү кадрдык потенциалды калыптандыруу саналат.

671. Иванова Е.Ю. Государственная кадровая политика: сущность и Актуальные проблемы // Социально-экономические явления и процессы. - 2011. - №1-2 (023-024). - С. 92-97.

Мамлекеттик кадр саясаты кырдаалга жана мүмкүн болгон оңдоолорго карабастан, анын негизги максаттарына төмөнкүлөр камтылат:[672]

- ар бир кызматкердин жөндөмдүүлүгүн жана билимин көрсөтүү үчүн жагымдуу жана бирдей социалдык шарттарды жана укуктук кепилдиктерди түзүү;

- башкаруунун жана технологиялык процесстин жогорку кесипкөйлүгүн камсыз кылуу, эмгек ишмердигинин бардык участокторун квалификациялуу, активдүү, ак ниет кызматкерлер менен камсыздоо;

- мансапкорлукка жакын татыксыз адамдардын жетекчилик жана башкаруу кызматтарына орношуусуна ишенимдүү тоскоолдуктарды орнотуу.

Ишмердүүлүктүн бардык тармактарында, өзгөчө башкаруу тармагында жогору профессионалдык сапаттар негизги өзөк болуп саналууга тийиш.

Кыргыз мамлекетинин көптөгөн милдеттеринин арасында кадрдык иштин натыйжалуу системасын иштеп чыгуу биринчи кезектеги мааниге ээ болууга тийиш. Анын актуалдуулугу жана татаалдыгы төмөнкү жагдайлар менен аныкталат:

- кадрлар, кадрлар материалдык жана руханий баалуулуктарды жаратуучулар жана өндүрүүчүлөр, коомдук процесстерди башкаруунун субъекттери болуп саналат;

- кадр маселесинин көп кырдуулугу, аны чечүү үчүн уюштуруучулук-башкаруу, социалдык-экономикалык, укуктук, моралдык-психологиялык

672. Черепанов В. В. Основы государственной службы и кадровой политики. М., 2008. С. 576.

билимдерди жана көндүмдөрдү изилдөө жана пайдалануу зарылчылыгы;

- ата мекендик жана чет өлкөлүк тажрыйбаларды эске алуу менен Кыргыз Республикасы бардык социалдык-экономикалык саясатынын жаңыланууусуна ылайык жаңы ыкмаларды колдонуу зарылчылыгы.

Мамлекеттин кадр саясаты улуттук деңгээлдеги кадрлар менен иштөөнүн аныкталган стратегияларынан туруусу абзел, анын максаты өлкөнүн эмгек ресурстарын калыптандыруу, өнүктүрүү жана сарамжалдуу пайдалануу болуп эсептелүүгө тийиш.

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик кадр саясаты СССР ураган соң өнүгүү стадиясын токтоткон. Кадр саясатынын концепциясын иштеп чыгуу, башкача айтканда кадрлар менен иштөөнүн максаттары жана принциптери боюнча көз караштардын системаларын түзүү кагаз жүзүндө калган.

Кыргыз Республикасынын өнүгүү процесстеринин туруктуулугун камсыздоого чакырылган мамлекеттик аппарат 33 жылдан бери коррупциядан арыла албай, экономикалык стагнациядан чыга албай, коомчулуктун ишениминен биротоло чыгып калды. Тилекке каршы, мамлекеттик кадр саясаты боюнча маселелерге мамлекет тарабынан системалуу көңүл бурулбагандыгына байланыштуу бул эң маанилүү багыттын кыйрашына жана мамлекеттик башкаруунун бардык тармактарында **"кадрдык ачарчылыкка"** алып келди.

Бул идеяны иштеп чыгууда акаевдик башкаруу мезгилинин алгачкы жылдары кагаз жүзүндө төмөнкү принциптер аныкталган:

- адилеттүү мүмкүнчүлүктү камсыз кылуу;

- профессионализм;
- татыктуу эмгек акынын шарттарын жана социалдык стимулдарды түзүү;
- талапкерлердин профессионалдык жана моралдык сапаттарынын негизинде гана кадрларды тандоо жана аларды жайгаштыруу;
- абройына шек келтирген адамдарды кызматка дайындоого тыюу салуу;
- тандоонун жөнөкөйлөтүлгөн жол-жобосун эске алып, талапкерлерге жогорулатылган талаптар менен конкурстук тандоо системасын жакшыртуу;
- кадрлардын квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо, ошондой эле ар бир кадрдын адамдык потенциалына аяр мамиле жасоо, башкаруу органдарынын профессионал, келечектүү жаш кадрлардын агымын сактап калуу.

1996-жылдын 10-февралдында референдум аркылуу "Кыргыз Республикасынын Конституциясына өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизүү жөнүндө" мыйзам кабыл алынган. Бул конституциялык өзгөртүүлөр менен Акаев реванш алган: мамлекет башчысынын ыйгарым укуктары түп-тамырынан бери кеңейтилип, бекемделген. Конституцияны кабыл алууда жасаган бардык жеңилдиктер ашыгы менен толукталып, Негизги мыйзамдын акаевдик варианты ишке ашырылган.

Конституцияда белгиленген бийлик бутактарынын балансы бузулуп, кадр тармагындагы дээрлик бардык ыйгарым укуктар Президентке өткөн. Президент өзү каалагандай өкмөттүн структурасын түзүүгө, өкмөт мүчөлөрүн, администрациялык ведомстволордун жетекчилерин, областардын, райондордун жана шаарлардын мамлекеттик адми-

нистрация башчыларын, ар кандай деңгээлдеги судьяларды жана прокурорлорду дайындоого, өзүнүн администрациясын, Коопсуздук кеңешин, Мамлекеттик күзөт кызматын, Улуттук Гвардияны жана башка координациялоочу органдарды өз алдынча аныктоого укуктуу болгон.

Иш жүзүндө, Акаев кадрдык системага туруктуу "мамлекеттик кызмат орундарынын рыногун" киргизип, кызмат орундар президент башында турган жетекчилердин кирешелүү бизнес булагына айланган. Кызмат орундар кадимки базардагыдай; доллар менен сатылуусу өлкөдө кеңири кулач жайган. Ар бир кызмат орундун рангына жараша баасы бычылган. Региондордун өзгөчөлүгүнө карата ставка да ар башка.

Министрлер-кабинетинин башчысынан тартып айыл башчыга чейинки кызмат орундар түз же ортомчулар аркылуу ачык соодага чыгарылып калган заманды өлкө баштан кечирүүдө. Президенттер, министрлер жана ведомствонун жетекчилери алмашкан сайын мамлекеттик структурадагы эмгектенишкен кадрлар да толугу менен тазаланып, кызмат орундар аукционго чыгарылып, профессионал адистердин ордуна "Кудайдан жөө качышкан, динди туу тутушкан", шектүү адистер ар кандай мыйзамсыз жолдор менен кызматка тартылуусу мамлекеттик кадр саясатындагы туруктуу системанын жоюлушуна алып келген. Өлкө терең кадрдык дефицитке кабылган.

"Улутман" саясий партиясынын төрагасы С.Турумалиев А.Акаев жөнүндө: "Акаев кыргызга кандай кыяматтык иштерди жасаганын айтып

түгөтө албайсың. Айтчу болсок каңырыгың түтөйт, кабыргаң кайышат, дилиң муздайт, жүрөгүң титирейт. Анын тушунда ондон ашык премьер-министр алмашты, жүздөгөн министрлер, губернаторлор, акимдер алмашты, жүздөгөн депутаттар алмашты. Кана, бүгүн ошолордун кимиси "мен мамлекет алдында, эл алдында ак иштедим, душмандык кылган жокмун", – деп айта алат. Эч кимиси!!! Анткени, мамлекеттин негизин талкалап, байлыгын талагандар ошолор болду", – деп жазган.[673]

Жыйынтыгында Кыргызстан "банан республикасына" (банановая республика)[674] айланып, мамлекеттик башкарууда акылга сыйбаган көрүнүштөр болуп келе жатат. Азыр ага эч ким деле таң калбайт. Коомчулукта президенттин үй-бүлөсү, туугандар-уруулаштары, шоопуру, жан сакчысы, кабылдамадагы секретары официалдуу үлкөн кызматтарды ээлешип, мамлекетти менчигиндей башкаруусу Кыргызстандын келечегине балта чапкан менен барабар.

---

673. Турдумалиев С. 19.04.21013. Кыргыздын душманы – кыргыз. http://www.sayasat.kg/kg/mmkda-emne-skipper/23418-%D0%BA%D1%8B%D1%80%D0%B3%D1%8B%D0%B7%D0%B4%D1%8B%D0%BD-%D0%B4%D1%83%D1%88%D0%BC%D0%B0%D0%BD%D1%8B-%D0%BA%D1%8B%D1%80%D0%B3%D1%8B%D0%B7.html

674. Банан республикасынын негизги белгилери болуп улуттук продукцияны бөлүштүрүүдө олуттуу теңсиздик, өлкөнүн инфраструктурасы, билим берүүсү жана экономика тармактарынын артта калуусу, чет элдик капиталга толук көз карандылык, инфляциянын жогорулугу, бюджеттин тартыштыгы, улуттук валюта курсунун төмөндөшү, диктатуралык башкаруунун күч алуусу саналат. Башкача айтканда, «банан республикасы» экономикасы өнүкпөгөн, калктын басымдуу бөлүгүн жакырлар түзгөн, улуттук продуктаны бөлүштүрүүдө олуттуу теңсиздик, коррупциялашкан, саткын чиновниктерге толгон өлкөлөрдү мүнөздөйт.

Кадрларды тандоонун, орноштуруунун мындай сасык саясаты А.Акаевдин өлкөгө президент болуп келүүсүнөн башталганы эч кимге жашыруун эмес. Бийликтин жогорку эшелонундагы саясий элиталарды ротациялоо процессин А.Акаевдин мезгилинде башталган.

XX кылымдын 90-жылдары советтик номенклатурада турушкан Кыргызстандын саясий элитасын мамлекеттик кызматтарда мурда иштебеген, башкаруу бийлигинде таптакыр тажрыйбасы жок трайбалисттик – кландык – үй - бүлөлүк принциптер менен кадрларды алмаштыруу процессинин марафону башталган. Президент Акаевдин эң жогорку мамлекеттик бийлик эшелонуна башкаруу элиталарын тандоодогу жана аларды жайгаштыруудагы жүргүзгөн саясатынын өзөгүн үй-бүлөлүк клиентелизм[675] түзгөн.

Клиентардык-патронаждык мамилелер жаратылышынан карама-каршы мүнөзгө ээ. Патрон, башкача айтканда жетекчи бийлик ресурстарын жеке кызыкчылыгы үчүн пайдаланып, клиентин мансаптык өсүшүнө, кызматтык жогорулоосуна кол кабыш кылуу менен мыйзамсыз жасаган иштерин көз жаздымда калтырат. Начальник менен кол астындагы адам колдоочу жана кардар

675. КЛИЕНТЕЛИЗМ – лидер (патрон) менен анын кардарлары (клиенттери) — патронго берилген же ага көз каранды болгон клиенттер ортосундагы мамилелердин өзгөчө түрүнө негизделген коомдун саясий структураланган модели. Үй-бүлөлүк байланыштар жана жеке байланыштар баарынан жогору бааланат. Адамдардын ортосундагы мамилелер тааныш-билиштерге жана алардын өз ара кызматына негизделет. Клиентелизм кызмат көрсөтүүлөрдөн келип чыгат, башкача айтканда, коррупция менен бекем ширетилген өз ара жоопкерчилик..

болушуп, алардын ортосунда кызматтык эле эмес, жеке көз карандылык калыптанат. Клиентардык-патронаждык мамилелер көпкө созулбайт. Патронго клиенттин кереги болбой калганда аны четтетет же кызматтан кетирет.

2000-жылы Жогорку Кеңешке депутаттарды шайлоо мажоритардык жана пропоционалдык системалар менен өткөрүү мыйзамы кабыл алынып, шайлоого карата партиялар жандана баштап, жаңы партиялар түзүлгөн. Шайлоо өткөрүүнүн күңгөй, тескейи өз колунда турган Акаев республикада кландык-үй-бүлөлүк монополияны толугу менен орнотуу максатында уул-кызын Жогорку Кеңештин депутаттыгына аттандырган.

Көптөгөн партиялык структуралардын түзүлүү толкуну менен парламенттик бийликти толук контролдоо максатында президенттин кызы Б.Акаева тарабынан "Алга, Кыргызстан!" партиясы шашылыш түзүлүп, партияга үй-бүлөгө жакын мамчиновниктер жана капчыктуу бизнесмендер тартылган. Бермет менен Айдар Акаевдардын айланасындагы "акылман" консультанттарынын пикирлери боюнча рекрутированиялык жол (ар кандай жолдор менен тарапташтарын тартуу) менен, башкача айтканда, партиялык (келечекте мамлекеттин) органдын башкаруучу элитасын тандоо механизминин жабык формасы аркылуу регионалдык трайбализмдин[676] негизинде ишке ашыруунун генералдык планы иштелип чыккан.

676. Трайбализм (латын тилинен "tribus" – уруу) – 1) калктын башка топторунун кызыкчылыктарына зыян келтирүү менен үстөмдүк кылуучу топтун өкүлдөрүнө жеңилдиктерди берүү саясаты; 2) тууганчылыктын, кландык бөлүнүүнүн негизинде саясий

Мамлекеттин саясий, социалдык-экономикалык жана маданий өнүгүүсүндө кландык[677] башкаруунун тийгизген тескери таасирлери тууралуу көптөгөн илимий эмгектер жарык көргөн. Мамлекеттик башкаруу системасындагы кландык проблеманы изилдөөдө ага тектеш ар түрдүү дискурстарда колдонулуучу көптөгөн түшүнүктөр, мисалы: "уруу жамааты", "чыккан теги (линидж)", "трайбализм", "непотизм", "кумовство (тууганчылык, жоро-жолдош)", Совет мезгилиндеги "номенклатура"; саясий чөйрөдө – "элита" (жабык элиталык топтор маанисинде), патронаттык тармактар, "өздүк", "менталитет" ж.б. аталыштар колдонулат. Ар бир термин илимий жактан терең талданып, алардын маани-маңызы жана айырмачылыктары так аныкталган. Эгемен Кыргызстандын мезгилин-деги өлкөнү кландык башкаруу боюнча жарык көргөн кыргыз тарыхчыларынын айрым эмгектери китепте кеңири орун алды.[678]

үстөмдүккө ээ болуу. Мындай мамлекетте бийлик улуттук традиция менен калыптанат. Кыргыз элинин менталитетинде уруулук-салттык коомдо калыптанып калган айылдаштык, жердештик, бирин-бири көтөрмөлөө, бөлүнүп-жарынуу сыяктуу көрүнүштөр сакталып калган.

677. Клан (саясий клан) – (гэльск. clann – үй-бүлө же тукум (потомство)) мамлекеттик бийлик үчүн же буга чейин ээ болгон колундагы бийлигин сактап калуу үчүн күрөш жүргүзгөн, патриархалдык үй-бүлөлүк (каны бир туугандык, уруулук) же жердешчил, региондук жана азыркы саясий уюмдардын мүнөздөрүн айкалыштырган, башкаруучу элитада туруктуу, формалдуу эмес бирикме.

678. Болпонова А. Политические кланы Кыргызстана: история и современность. // Центральная Азии и Кавказ. Т.18. Выпуск 3 – 4, 2015. – С. 57-71. https://cyberleninka.ru/article/n/politicheskie-klany-kyrgyzstana-istoriya-i-sovremennost; Джунушалиев Дж., Какеев А., Плоских В. Трайбализм и проблемы развития Кыргызстана // Центральная Азия и Кавказ, 2000, № 3 (9). С. 146—155;

Демек, аталган окумуштуулардын эмгектеринде белгиленгендей, Кыргызстан эгемендүүлүккө ээ болгон алгачкы жылдарынан тартып, модернизация процесстеринин фонунда орто кылымдардагы архаикалык институттар, иш жүзүндө, кайра жандандырыла баштаган.

СССР мезгилинде кландык башкаруу жабык болгон. Бирок кыргыз улутунун канына сиңген архаикалык түшүнүктөрдү башкаруу системасына пайдалануу өтө этияттык, көмүскө иретинде пайдаланылып келген.

Акаевдик башкаруудан тартып кландык структуралардын ренессансы өткөн доордун салттарына ностальгиянын мотивдеринин өсүшү менен коштолуп, өткөндү ар кандай деңгээлде идеалдаштыруу процесси ачык жүргүзүлө баштаган. Мындай тенденция менен кыргыз коомунун жаңы иденттүүлүгүн жана Кыргызстандын өнүгүүсүндө "өз жолун" издөөгө, уруулук тилектештик культун реабилитациялоого жана мыйзамдаштырууга, аймактык, кландык элиталардын түзүлүшүнө кеңири жол ачкан.

Темиркулов А.А., Капалова А.А. Кланы и родоплеменные связи в Кыргызстане: влияние на государственное управление https://vk.com/wall-45006709_1566; Бородин Е. Клановый характер устройства Киргизской Республики https://cyberleninka.ru/article/n/ klanovyy-harakter-ustroystva-kirgizskoy-respubliki; Атамурзаева Б.М. Роль и значение трайбализма и регионализма в формировании и развитии государственной структуры Кыргызстана https:// cyberleninka.ru/article/n/rol-i-znachenie-traybalizma-i-regionalizma-v-formirovanii-i-razvitii-gosudarstvennoy-struktury-kyrgyzstana

Бара-бара кландык жана уруулук институттар саясий өзүн өзү идентификациялоо функцияларын аткара баштаган. Бул бийлик структураларында тууганчылыктын же кланчылыктын пайда болушу, тууганчылык, меценат-кардар түйүндөрүнүн түзүлүшү, коррупциянын күчөшү сыяктуу терс тенденцияларга алып келген. Аймактык жана кландык элита мамлекеттик курулуш процесстерине ачык таасир этүүгө мүмкүнчүлүк алган. Жыйынтыгында СССР мезгилинде калыптанган туруктуу башкаруу системасын Акаев түп-тамырынан бери жоюп, анын ордуна архаикалык аң-сезимге негизделип, модернизацияланган кыргыз коомунун кландык башкаруу моделин түзгөн.

А.Акаев президенттик кызматка чейин, СССР эл депутаты мезгилинде батыштын цивилизациясынын чакырыктарына таасирленип, горбачевдук башкарууга каршы уюшулган союздук депутаттардын оппозициялык маанайдагы ельцин-диксахаровдук диссиденттер тобун пассивдүү колдогондордун бири болгон.

Президент болуп "такка" отурган соң диссиденттерден алган таасиринин негизинде улуттук менталитетти эске албай, эч кандай план, программасыз өлкөгө батыштын демократиясынын туура эмес моделин таңуулап, кыргыз коомчулугун "батышташтырууга" жасаган аракетинин натыйжасында мамлекет орду толгус өтө оор саясий, социалдык-экономикалык жана маданий кризиске кириптер болгон. Батыштан чакырылган "акылман консультаттар" А.Акаевдин режиминин ийгиликсиз аякташы үчүн атайлап, пландуу түрдө батыштын башкаруу моделдерин таңуулашкан.

Жыйынтыгында батыштын "демократиясы" кыргыз коомчулугун анархияга кабылткан. Келечекке белгисиздик коомду өткөнгө кайрылууга аргасыз кылган. Көчмөн кыргыз коому на эзелтеден бери мүнөздүү болгон корпоративдик аң-сезимдин жана бирикменин, социалдык мобилизациянын (кландык, уруулук, уруктук) салты мамлекеттик бийлик институттарына кландык, меценат-кардарлык тармактарды киргизүүгө мүмкүндүк берген.

Батыш моделдеринин ийгиликсиздигинин натыйжасында пайда болгон идеологиялык бошток байыркы салттар менен толукталган. Ал мадаңияттын, каада-салттардын, тилектештиктин жана уруулук менен уруктук өзгөчөлүктүн нормаларынын негизинде мүмкүн болушунча коомдун биримдигин сактоого мүмкүндүк берген. Анын ичинде жамааттык принцип жеке адамга караганда үстөмдүк кылган. Бул мамлекеттик башкарууда кланчылыкты, жердешчиликти, тууганчылыкты, меценат-кардар байланышын чыңдоону пайда кылган. Батыштык демократиядан жолу болбой калган А.Акаевдин өзү бара-бара деспот башкаруучуга айлана баштаган.

Улуттук салттуулукту кайра жаратуу жана чыңдоо, архаизация процесси, унутта калган каада-салттарга кайрылуу, курултай институтун киргизүү жана кыргыз санжырасын изилдөөнү активдештирүү процесстери жандандырыла башталган. Бул тенденциялар учурдагы бийликти тигил же бул жол менен колдоп жана бекемдөөгө, ошону менен катар элдин биримдигин жана улуттун иденттүүлүгүн, муундардын жолун жолдоочулугун, элдин генети-

калык эс тутумунун негизинде салттуу тарбиялоону өнүктүрүүнү чагылдырууга чакырылган.

Көз карандысыз мамлекет болуп түзүлгөндөн кийин пайда болгон идеологиялык боштукту Акаев улуттун тарыхый миссиясынын негиздемесин толтурууга умтулуп, ага патриархалдык-феодалдык коомдун салттарына кайрылуу толугу менен жооп берген. Акаев түпкүлүктүү калктын өзүн өзү идентификациялоосунун эң маанилүү стимулу жана ошол эле учурда жаңы түзүлгөн мамлекеттерди жетектейм деген аракетинин негизи катары тарыхка кайрылган.

Бирок бара-бара бул тенденция мамлекеттик башкаруунун рычагдарын басып алган саясий үй-бүлөлүк кландын түптөлүшүнүн булагы болуп калган. Жыйынтыгында, Кыргызстанда түптөлгөн акаевдик саясий үй-бүлөлүк клан авторитардык режимди бекемдөөгө салым кошуп, элдин массалык нааразычылыгын жаратып, 2005-жылдагы революциянын бирден бир себеби болгон.

Акаевдик саясий үй-бүлөлүк клан чындыгында республиканын саясий жана социалдык-экономикалык бийлигин толугу менен монополиялап алган. Формалдуу эмес топтордун жетекчилеринин эң жакын кардарлары, эреже катары, областтык губернаторлор болушкан. Алардын таасири 1993-жылдын 5-майындагы Кыргыз Республикасынын Конституциясына өзгөртүүлөр жана толуктоолор (1996-жылдын 10-февралындагы жана 1998-жылдын 17-октябрындагы Конституцияга толуктоолор) киргизилгенден кийин кескин өскөн.

Шайлоо округдарын консолидациялоо үй-бүлөгө жергиликтүү саясий, бюрократиялык аппараттын көзөмөлдөөсүнө кошумча мүмкүнчүлүк берген. Бийлик ресурстарынын дээрлик бардык категориялары кландын лидерлеринин колунда топтолгон. Алар этно-уруулук лоялдуулукту мобилизациялоонун формалдуу эмес механизминен тартып, шайлоо процессине жана жергиликтүү администрацияга толук көзөмөл жүргүзүүгө мүмкүнчүлүк алган. Президенттин жана анын кардарларынын колунда бийликтин топтолушу режимдин деградациясына алып келген.

Саясий кландардын аймактардагы бийликке болгон монополиясы жергиликтүү шайлоолордо көргөзүлдү.

Кыргызстандын саясий элитасына кирген президент Акаевдин жакын туугандарынын кланы туугандык белгиси боюнча жалданган саясий элитанын ири каржы бизнеси менен биригүүсүнүн жашыруун продуктусун камтыган. Мындай көрүнүш "туугандардын экономикасы" ("экономика племянников") деген термин менен аталган.[679]

Мисалы президенттин кызы Б.Акаева 2003-жылдан Ага Хан Фондунун Кыргызстандагы долбоорунун расмий куратор-координатору, 2005-жылы административдик кландын рычагы менен Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына шайланган. Жолдошу А.Тойгонбаев 1997-жылдан бери Кыргызстандын экономикасынын эң маанилүү тармактарын: авиацияны, энергетиканы, тармактык байланышты, ликер-арак өнөр жайынын

679. Кара: Болпонова А. Политические кланы Кыргызстана: история и современность. // Центральная Азии и Кавказ. Т.18. Выпуск 3 – 4, 2015. – С. 57-71. https://cyberleninka.ru/article/n/politicheskie-klany-kyrgyzstana-istoriya-i-sovremennost;

ишканаларын, менчик телевидениени, "Вечерний Бишкек" гезитин контролдоп турган. Акаевдин уулу Айдар 1999-2001-жылдары "Казкоммерцбанк" ААК-сынын Кыргызстандагы өкүлчүлүгүнүн директору, 2001-жылдан республиканын каржы министринин кеңешчиси болгон. 2004-жылы Олимпиада комитетинин төрагалыгына дайындалса, 2005-жылы Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына шайланган.

Президенттин жубайы кан-айым М.Акаеванын айылдаш тууганы Т.Касымов Талас, Ысык-Көл областынын губернатору жана президенттик администрациянын жетекчиси болгон. Кан айымдын бир тууган үч синдиси жана агасы бийлик структураларында саясий же экономикалык тармактарды ээлешпегени менен алар Кыргызстандын майлуу, сүттүү казынасына киреше алып келүүчү тармактарды контролдук кылып турушкан.

Академик Акаев президент болгонго чейин профессорлук маянадан башка үй-бүлөлүк киреше байлыгы болгон эмес. Туура, өздөрү болгон байлыктарын ачыктап, маалымат каражаттарына жарыша жар салып жүрүшкөн "Волга" маркасында автомашинасы жана Токтогул көчөсү менен Дзержинский бульварынын кесилишинеде 4 комнаталуу 5-кабаттагы союздук батири болгон. "...ал дайыма жакырчылыкта жашаганга көнгөн кадимки советтик адам болгон, ошондуктан дайыма эртеңки, ошол эле жардылык күндүн кайра келүүсүнөн корккон, ошол себептен колуна киргендин, өзгөчө бекер келгендердин баарын камдаган. Мунун баары сөзсүз түрдө коррупцияга, күмөндүү бүтүмдөргө

жана келишимдерге алып келген",[680] – деп жазган О.Ибраимов.[681]

Президенттик кызматка киришкенине жыл айланбай Акаевдин үй-бүлөсү эле эмес уруулаш туугандары менен кызматташ шакирттери да май көл, сүт көлдүн үстүндө болушуп, республиканын бюджетин толтуруучу объектилерди эч бир эрөөн-терөөнсүз ээлей баштаган.

Президенттин жубайы, биринчи канайым, профессор М.Акаева өзү уюштурган "Мээрим" фондун өзүнчө, өзгөчө министрликке айландырып, мамлекеттик чиновниктер жана бизнес тармагында иштешкендер канайымдын "каарына" кабылбаш үчүн фондго маал-маалымы менен "налог" төлөшүп турууга милдеттендирилген.

Канайым министрлерге, депутаттарга жана бизнесмендерге телефон чалып, буйрук берип, тынчын алган эмес. Анын көзүнүн агы менен айланган, өтө ишеничтүү, жакын адамдары болуп, алар аркылуу "буйруктар" берилип, иши ашыгы менен

---

680. Ибраимов О. История кыргызского государства. (постсоветский период) – Б.: Улуу тоолор, 2015. – С.65

681. **Ибраимов Осмонакун Ибраимович** (1954) – кыргыздын окумуштуусу жана мамлекеттик ишмери. Филология илимдеринин доктору, профессор. Улуттук илимдер академиясынын академиги. 1993-жылдан Кыргыз Республикасынын Президенттик Администрациясынын бөлүм башчысы, пресс-катчы жана Президенттин 1-жардамчысы, 1993-жылдан Кыргыз Республикасынын Өкмөтүндө вице-премьер министр, 1996–1999-жж. Индиядагы Кыргыз Республикасынын элчилигинде атайын жана толук ыйгарымдуу элчи. 1999–2000-жж. кайрадан Президенттин пресс-катчысы жана 1-жардамчысы, 2000–2005-жж. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик катчысы. 2006-жылдан КРСУнун жана Кыргыз-Түрк Манас университетинин профессору. 1987-жылдан СССР Жазуучулар союзунун мүчөсү. «Манас» орденинин ээси (2003).

аткарылып турган. Канайымдын каарынан өткөн жаза бобосун "налог" төлөөчүлөрдүн бардыгы жакшы билишкен.

Президенттик үй-бүлөнүн жана жакындарынын ээлик кылып, "прихватташтырылган" мамлекеттик мүлктөр маал, маалы менен оппозициялык басылмаларга жарыяланып турган. Мисалы, 2005-жылдын 11-февралында "Моя столица – новости" газетасы акаевдик үй-бүлө мүчөлөрүнүн жана туушкандарынын контролдук кылып, ээлешкен мүлктөрүн жарыялаган. Биз узун тизменин бардыгын жазбай, кыргыз элинин сүйүктүү күйөө баласы Адил Тойгонбаев менен уулу Айдар Акаев контролдук кылышкан мүктөрдү мисалга келтирүүнү туура таптык.

А.Тойгонбаевдин ээлик кылган жана контролдогон мүлктөрү:[682]

Өнөр жай тармагында:

Кант цемент-шифер комбинаты,

Кадамжай сымап комбинаты,

Карабалта кант заводу,

"Манас аэропорту" ААК,

"КыргызАлко" ААК,

"ШНОС" май кууучу станциялардын тармагы

"МИС" ЖЧКсы ("Манас" аэропортундагы күйүүчү-майлоочу майлар жана Ганси а/б),

"Аалам Сервис" "Бишкек-ЭЭА",

682. Павловский Г. О. Киргизский переворот. Март-апрель 2005. Сборник / Сост.: Г. О. Павловский — М.: Издательство «Европа», 2005. - 210 с. https://booksonline.com.ua/view.php?book=14195&page=41; "Моя столица – новости". 11февраль, 2005 г.

Массалык маалымат каражаттарында ал Блумберг жана Мердок -

"KOORT" телеканалы,

"Вечерний Бишкек" газетасы,

"Сүйүү радиосу" радиостанциясы,

"Айрек" жарнамалык агенттиги,

"КыргызИнфо" маалымат агенттиги

"Норус" лыжа базасы,

Ошондой эле "Кыргызтелеком" ААКсын көзөмөлдөөсү.

Эч ким жашырды деп айтпас үчүн, ал баарын ачыкка чыгарып сактаган.

Айдар Акаевдин карамагындагы объектилер:

"Энергобанк"

"NK Alliance" май кууучу станциялар тармагы,

"BITEL" уюлдук тармагы,

"FONEX" уюлдук тармагы,

"Ысык-Көл-Аврора" санаторийи,

"Кыргызское взморье" санаторийдеги аймак,

"Гүлкайыр" пансионаты,

"Silk Way" соода үйү,

"Irish Pub" рестораны,

"FIRST" дискотека клубу,

"STARS" ресторан,

"Народный" супермаркеттер тармагы

"Бишкек" мейманканасы,

"Темир" МК,

"Кумтөр" ААК,

"ЭлКат" ООО

"НБТ" телеканалы,

"Пирамида" телеканалы,

Сулуулук салону,
Токмак айнек заводу "Интергласс"
"Мерседес-Барат" станциясы,
Жалал-Абаддагы пахта заводу
Мындан тышкары, каржылык көзөмөл:
"Түндүк электр" ААКсы,
"ОшЭлектро" ААКсы,
"Кыргыз Газ" ААКсы,
"Кыргызнефтегаз" ААКсы,
"Электр станциялары" ААКсы,
"Кыргызтелеком" ААК

Кыргызстандын бюджетине киреше алып келүүчү, ырыскылуу өндүрүштөрдүн бардыгына "үй-бүлө" мүчөлөрү тарабынан көзөмөл киргизилип, каражаттын белгилүү бир өлчөмдөгү пайызы оболу ич ара бөлүштүрүлүп, андан соң мамлекеттин казынасына түшкөн. Өндүрүштөн түшкөн кирешени бөлүштүргөн мамчиновниктер менен бизнес ээлери өздөрүнүн үлүшүн да кошо чыгарышкан.

Мамлекетке түшүүчү каражаттын коррупциялык схема менен, ишенген кадрлары бөлүштүрүп жатканын "улуу урматуу" президент мырза Акаев толугу менен кабардар болгон. Коррупция Өкмөт Үйүнүн жетинчи кабатына чейин жеткенин 1995-жылы Өкмөттүн кеңейтилген жыйынында Акаев өзү кабарлаган.[683] Өкмөт үйүнүн жетинчи, эң жогорку кабатында өлкөнүн жогорку жетекчилиги, президент баш болгон анын командасы жайгашкан.

683. Исследовательский проект Политический Экстремизм, Терроризм и СМИ в Центральной Азии. Доклад. 15 февраля 2008 года. Бишкек/Копенгаген. (102 с.) с.7

Демек, Ак үйдүн жетинчи кабатына чейин каптаган коррупциялык пирамиданын башында өзү отургандыктан, бизнесмен, мамчиновниктер тарабынан үй-бүлөгө агып жаткан парадан кол жуун калуудан чочулап, "абайлап ал, кармалсаң камаласың" принцибинде мамиле жасалган.

А.Акаев менен үзөнгүлөш болуп анын бийлигинин акыркы күнүнө чейин иштешкен анын соратниги, академик О.Ибраимов орус тилинде "Кыргыз мамлекетинин тарыхы" аттуу китебинде: "Мен үчүн тыгыз кызматташкан Президентти коргоо ар-намыс жана адамдык милдет эле. Албетте, ал биздин алдыбызда да, өлкөбүздүн алдында да таза жана чынчыл экенине мен чын жүрөктөн ишенгем. Мен өлкөдөгү эң ишенчээк (наивный) адам эмесмин, бирок Ак үйдө болгонумдун эң акыркы учуруна чейин анын дарегине коюлган көптөгөн айыптоолорду "кара пиардын" шилтемелери деп эсептечүмүн, ал үчүн шайлоо алдындагы мезгилде ар кандай нерселерди айтып, басып чыгаргысы келгендерге көп акылдын кереги жок, же алар кадимки эле ушак-айың кептер катары каралчу.

"Акаев курган Үй" аттуу ыр саптуу опусу жарык көргөн "МСН" гезитинин номери өзгөчө эсте калды. Газетада ээлери А.Акаевге, анын балдарына жана туугандарына таандык болгон ишканалардын жана фирмалардын узун тизмеси жарыяланган. Бирок Бишкектин престиждүү жеринде курулган жана Акаевдердин үй-бүлөсүнө таандык делген шумдуктуудай роскошь үйдүн (дворец деп айтсак жакшы) сүрөтү мени таң калтырды. Мен эмне деп

ойлошумду да бйлбей калдым. Ушундай үй, ушундай размердеги...” – деп, таң калуу менен жазган.[684]

Чындыгында Акаевдин саясий эрксиздиги жана классикалык конформдуулугу[685] анын жеке керт башын эле жебестен, мамлекеттик башкаруу системасын биротоло талкалап, кландык башкаруунун үрөөнүн сееп кеткен.

Академик-президенттин кайрадан жакырданып, дайыма үнөмдөп жашап калуу коркунучу акырындап органикалык түрдө анын үй-бүлөсүндө гламурга, “көп жылдык көйгөйлөрдү алдын ала чечүүгө” болгон дүйнөкорлук ышкысына айланган. Байлыкка болгон ачкөздүк аны оор түйшүк менен жашоого түртүп, ар кандай таза эмес жолдор менен чогултушкан үй-бүлөлүк дүйнөсүн сактоону, эртең эле кайра кедейчилик келип, коомчулук аны унутуп калбаса экен деген коркуу түшүнүгү менен жашап калган.[686]

Кыргызстандын мамлекеттик кадр саясатында регионалдык-кландык факторлор биринчи жолу 90-жылдардын орто ченинде Кыргызстандын президенти А.Акаевди официалдуу түрдө түрткөнгө аргасыз кылган. Ал мындай позицияны демократиялык өзгөрүүлөр алып келген жаңы реалдуулуктун таасири астында кабыл алууга аргасыз болгон.[687] Шайлоолор, чындыгында демократиянын алгачкы жылдары бизди бириктиргенден көрө

684. Ибраимов О. История кыргызского государства. – С. 255 – 256.

685. Ибраимов О. История кыргызского государства. – С. 65

686. Ибраимов О. История кыргызского государства. – С. 65

687. Политическая элита современного Кыргызстана. https://nomad.su/?a=2-200203091000

бөлүп жарды, регионализмге түрттү. “Санжыра жөнүндө, урук-уруулар жөнүндө сөз көбөйдү, – деп айткан ошол мезгилде вице-премьер болуп иштеген О.Ибраимов, “Эркин Тоо” газетасына берген интервьюсунда.[688]

Кыргызстандын эгемендүүлүгүнүн алгачкы жылдарында модернизация процесстеринин фонунда архаикалык институттар кайра жандана баштаган. Кландык структуралардын кайра жаралуусу, архаикалык каада-салттарга болгон кусалыктын өсүшү жана өткөндү ар кандай деңгээлде идеалдаштыруу менен коштолгон. Бул тенденция ошондой эле кыргыз коомунун жаңы иденттүүлүгүн жана Кыргызстандын өнүгүүсүндө “өз жолун” издөөгө, уруулук тилектештик культун реабилитациялоого жана мыйзамдаштырууга, аймактык, кландык элиталардын түзүлүшүнө алып келген.

Бара-бара кландык, уруулук институттар саясий өзүн өзү тааныу функцияларын аткара баштаган. Бул бийлик структураларында тууганчылыктын же кланчылыктын пайда болушу, непотизм, патрон-кардар тармактарынын түзүлүшү, коррупциянын күчөшү сыяктуу терс тенденцияларга алып келди. Аймактык жана кландык элита мамлекеттик курулуш процесстерине ачык таасир этүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болгон. Ошентип, башкаруучулукту жогорулатуу үчүн архаикалык аң-сезимге негизделген модернизацияланган кыргыз коомунун модели түзүлгөн.

Президенттик таза шайлоо өткөрүү Акаевди дайыма кооптондурган. Ошол себептен региондор-

688. Эркин Тоо, 26 августа 1996.

дун кландык лидерлерин өзүнүн тегерегине кызматка орнотуу менен тартууну кылдаттык менен пайдаланган.

Акаевдик башкаруу мезгилинде мамлекеттик башкаруу системасында Кыргызстандын түндүгүндөгү Сарыбагыш, Кушчу, Солто, Тынай, Саяк, Бугу, Саруу уруулары эң таасирдүү жана келечектүү деп эсептелген. Эң таасирдүү өкүлдөрдүн арасында А.Акаевдин өзү жана анын жакын чөйрөсү болгон. Чүй кланынан бийликте М.Аширкулов, И.Бекболотов, Ч.Баекова, Т.Акматалиев, Ч.Абышкаев, К.Кожоналиев, Ф.Кулов сыяктуу эң таасирдүү өкүлдөр болгон.

Кландын таасир чөйрөсү прокуратурага, укук коргоо органдарына, Коопсуздук кеңешине чейин жайылган. Таластык кландын эң таасирдүү өкүлдөрүнө Т.Касымов, белгилүү жазуучу Ч.Айтматов, анын уулу А.Айтматов, А.Карыпкулов, бир туугандар Нанаевдер менен Сарыгуловдор кирген. М.Акаеванын жакындарынын таасир этүү чөйрөсүнө маалымат каражаттары, банк сектору, укук коргоо органдары кирген.

Нарын кланынан (сарыбагыш, саяк уруктары) бийликте Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин мурдагы биринчи катчысы Т.Усубалиев, Б.Талгарбеков болгон. Нарын кланынын таасир чөйрөсүнө аймактардагы губернаторлук, орто деңгээлдеги саясий элита кирген. Бийликте Ысык-Көл кланы (облустун губернаторлору, Тышкы

иштер министрлиги, илим, маданият, искусство) Бугу уруусу көрсөткөн.[689]

Түштүк Кыргызстанда Ичкилик жана Отуз уул деп аталган эки топ жашайт. Өлкөнүн түштүгүндө калк жыш жайгашкан, анда өзбек жана тажик калкы басымдуулук кылат. Кыргызстандын түштүгүндөгү өзбек коомчулугу шайлоочулардын 30%дан ашыгын түзөт жана шайлоочулардын негизги этникалык тобун түзөт. Орус маданиятынын таасири түндүккө караганда түштүктө алда канча аз сезилет.[690] Анын негизги себеби болуп, орус тилдүү калктын түштүк регионунда ири шаарларда гана отурукташып, кыргыз айылдарында практика жүзүндө жок болгон.

Советтер Союзу мезгилинде орус тилин билүү мамлекеттик бийликтин тепкичтери менен көтөрүлүүдө жергиликтүү кадрлар үчүн эң негизги фактор болуп эсептелген. Кыргызстан Компартиясынын БКнын биринчи катчысы Т.Усубалиевдин жетектеп тарган мезгилинде (1960-1980) кадр саясатында түштүк региондордун өкүлдөрүнүн саясий иерархияга кирүүсүнө шарттар түзгөн эмес.

Түштүктүн кадрлары орус тилин начар билгендиги негизги шылтоо болгон. Ал эми А.Акаевдин башкаруу мезгилинде түштүк облустарынын өкүлдөрү бийликтин жогорку эшелондорунда өтө сейрек,

689. Болпонова А. Политические кланы Кыргызстана: история и современность. // Центральная Азии и Кавказ. Т.18. Выпуск 3 – 4, 2015. – С. 57-71. https://cyberleninka.ru/article/n/politicheskie-klany-kyrgyzstana-istoriya-i-sovremennost; Политическая элита современного Кыргызстана. https://nomad.su/?a=2-200203091000

690. Кара: Жоошбекова А.Р. Этнические аспекты миграции населения юга Кыргызстана. В кн.: Проблемы полиэтнического общества в Центральной Азии: вызовы и возможные решения: Мат. межд. научн. конф. Бишкек, 2013. С. 113—117.

"өз" деп эсептелген, үй-бүлө ишеничин актагандар гана болгон. Президенттик администрациянын жана мамлекеттик органдардын тегерегине таластык жана башка түндүк кландардын өкүлдөрү, айрыкча сарыбагыш уруусунун элитасы жана анын "либералдык-демократиялык" өнөктөштөрү топтолгон.[691]

Мындай бөлүнүүчүлүк түпкүлүгүндө "прогрессивдүү" президент менен "консервативдик" парламенттин ортосундагы үзгүлтүксүз курчуп турган конфликттин негизин түзгөн. Эң чоң тирешүү (1994-жылдын күзүндө) Кумтөр алтын кенинде түзүлгөн коррупциялык схема боюнча "легендарлуу парламентте" түзүлгөн депутаттык комиссиянын жыйынтык материалына байланыштуу болгон.

Тирешүүнүн натыйжасында Акаев башында турган коррупциялык бийлик отставкага кетүү коркунучу жаралган. Бийлик менен байлыктын кумарына "мас" болгон Акаев президенттик укугунан ашыра пайдаланып, озунуу менен депутаттардын Жогорку Кеңештин жыйынына чогулуусуна күч колдонуу менен каршы туруп, кезектеги сессия үзгүлтүккө учурады деген шылтоо менен ЖКти тараткан. Акаев ушул эле жылы (1994-ж., октябрь) жалпы элдик референдум өткөрүү менен президенттин ыйгарым укуктарын эбегейсиз кеңейтип алганга жетишкен.

Аймактык жетекчилерден тышкары кландык структуралардын төмөнкү баскычтары да чоң

691. Болпонова А. Политические кланы Кыргызстана: история и современность. // Центральная Азии и Кавказ. Т.18. Выпуск 3 – 4, 2015. – С. 57-71. https://cyberleninka.ru/article/n/politicheskie-klany-kyrgyzstana-istoriya-i-sovremennost

роль ойнойт. Аларга общиналык-уруулук жана мурдагы номенклатуралык-бюрократиялык элитанын өкүлдөрү менен катар "жаңы плутократия"[692] да кирет.

Башкаруу бийлигинде бюрократиялык аппарат эбегейсиз зор роль ойноп жаткан рынок экономикасында бизнес жаатында эмгектенишкендер жолун таап жашоого мажбур болушкан. Алар жеке жана саясий коопсуздугун камсыздоо үчүн формалдуу статуска жетүүгө кызыкдар болушкан. Ишкерлер тиешелүү экономикалык кызматтардын ордуна мамлекеттик контракттарга жана башка ресурстарга жетүүнү камсыз кылып турган ар кандай даражадагы чиновниктердин жана саясатчылардын колдоосун издешет. Ошол эле учурда бизнесмендер акчанын күчү менен бийликтин кландык иерархиясынынын жогорку тепкичтерине жетүүгө умтулушкан. Бизнестик маселелерин чечүүнүн эң жакшы варианттарынын бири – мамлекеттик органдарда кызматка орношуу.

Акаевдик башкаруу мезгилинде саясий-үй-бүлөлүк "өз" деп эсептелген кландык топтор бардык региондордо саясий жана экономикалык бийлик бутактарын монополиялаганга жетишишкен. Формалдуу эмес топтордун жетекчилеринин эң жакын кардарлары, эреже катары, областтык губернаторлор болгон.

Рекрутировалык системасынын ачыктыгынын жоктугунан бийликтеги үркөрдөй болгон бир группадагы элита эки-үч кландык корпоративдик

692. Плутократия (гр. plutos – байлык + kratos – бийлик, кубаттуулук). Байлардын бийлиги. Мамлекетти бир топтун бай өкүлдөрү башкарган саясий система

топторду өздөрүнө тартуу менен өлкөдөгү болгон бардык ички ресурстарды ич ара бөлүштүрүлүүсү жана алардын айкындалышы Кыргызстандагы элиталардын жердешчилик кландык топторго бөлүнүүсүн күчөтүп, трайбалисттик, регионалдык карама-каршылыктардын, тирешүүлөрдүн ачыкталуусуна алып келген.

Мындай негативдүү процесс акырындап Кыргызстандын саясий элиталарынын кландык-трайбалисттик негизде бир канча группаларга бөлүнүүсүнө алып келгени эч кимге жашыруун сыр болбой калган. 2005-жылга чейин 15 жылга жакын түндүктүк саясий группалар, айрыкча кеминдиктер менен таласстык кландык топтордун үстөмдүгү болгон. 2007-2010-жылдары түштүктүн группировкаларынын үстөмдүгү байкалган бирок, ички атаандашуунун негизинде түштүктүн саясий элиталарынын топторунун биригүү процесси аяктай электиги байкалган. Ал эле эмес, бир областтын ичиндеги группалардын лидерлеринин ынтымагынын жоктугунан ич ара атаандашуусу күчтүү болгон.[693]

Эки, негизги түндүк менен түштүктүн саясий группировкаларынан тышкары кыргыздардын трайбалист саясатчылары улуттун канына сиңген урууга жана урукка бөлүнүп, жарылуучулук процессин апогейине жеткиришти. Саясий күрөштөрдө, айрыкча шайлоо компаниясында журт бузар саясатчылар трайбалисттик-регионалдык бөлүнүүчүлүктү туу тутушуп, утурумдук карьерасы үчүн

693. Кара: Аязбеков А., Ногойбайева Э. Политические элиты Кыргызстана: оценка и анализ //Экономические стратегии – Центральная Азия. 2006. №3.- 62-73-бб.

түндүк менен түштүк кыргыздардын ортосуна "шынаа кагышып, от жагышып", бүлүндүрүүгө салымдарын кошуп келет.

Кыргыз эл акыны Ш.Дүйшеев: "...Кыргыздар жер-жерге бөлүнбөгүлө? Бөлүнүп-жарыла берсеңер, акыры душмандын эмес, өз колуңардан өзүңөр өлөсүңөр. Бириңдин көзүңдү бириң оёсуңар. Бириңдин сөөгүңдү бириң кое албай талаада каласыңар. Кыргыз өлсө бөлөк-бөтөндөн эмес, бөлүнгөндөн өлөт!" деп, тээ байыркы Бакай бабабыздан бери эле: "Бөлүнбө кыргыз бөлүнбө, бөлүнсөң бөлөк элге кеп кетет, бөлүнүп кетти кыргыз деп, бөрүлөр келип жеп кетет" – деген. Же болбосо: "Бөктөргү кушту учкан жейт, бөлүнгөн журтту душман жейт" – деген түбөлүктүү түгөт ойду, улут болуп уюп бүтмөйүн айтыла берчү, жазыла берчү, какшана берчү мүшкүл ойду айткам. Жакында маркум Дооронбек Садырбаев агабыздын "Даанышман" аттуу китебин окуп олтуруп, анын казактын кеменгер уулу Динмухаммед Ахмедович Кунаевге барып жолукканын, кетеринде Кунаев Докеме: "Кыргыздын душманы кыргыз, ушундан сак болгула!" – деген сөздү айтканын эстеп, менин ырымды да, Докемдин биз үчүн жазып келген Кунаевдин бүтүндөй бир кыргыз жери көтөрө алгыс керээз сөзүн да уккан адам болбогонуна жаным сыздап, айнектей бычырап, таштай талкаланып олтурам. Атаганат, мугалим болсом ушул "Бөлүнгөндөн акыры өлөт кыргыз" деген ырымды мектептин ар бир окуучусуна жадыбалдай жаттатат элем..." – деп, каңырыгы түтөп, зар какшап айтканы бар.[694]

694. Дүйшеев Ш, кыргыз эл акыны: "өсөөр эл өзүм дейт, өчөөр эл өзүн жейт". 05.07.2018 https://kyrgyztoday.org/archives/300696

1990-жылы Кыргыз ССРинин Жогорку Советинин XII (акыркы) чакырылышына жана 1995-жылы Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин I чакырылышына депутаттарды шайлоодо шайлоочулар 80 – 90%га чейин активдүү катышкан. Албетте СССР мезгилиндеги элдин бийликке болгон ишеними өтө жогору болгон. Ал мезгилде шайлоочунун добушун сатып алуу жана шайлоонун жыйынтыгына карата бийлик бузукулук иштерди жасайт деген түшүнүк коомчулукта болгон эмес.

Балакеттин баардыгы 1995-жылдагы президенттик жана парламенттик шайлоолордо бийлик өзү баш болуп демонстративдүүлүк менен мыйзамдарды бузуп, "мыйзам – бул мен" принцибинде добуштун жыйынтыгын өз кызыкчылыгына бурмалоодон башталган.

90-жылдары өлкөдө жүргүзүлгөн акаевдик жапайы "прихватташтыруудан" байышкан мамчиновниктер менен криминалдык-бандиттик жолдор менен байышкан "сүткорлордун" басымдуу көпчүлүгү депутаттык мандатка жетүү үчүн, паранын күчү менен бийликтин короосуна киришип, шайлоо комиссиялары менен шайлоочулардын добуштарын сатып алуу процесстери башталып, акыркы жылдары коомчулуктун шайлоолор менен президенттик референдумдарга болгон ишеничи, иш жүзүндө, "0"гө түштү.

Акыркы жылдары шайлоо компаниясына карата коомчулуктун активдүүлүгү кескин төмөндөп, шайлоо участкаларына жарыбаган акчага добушун сатышкан шайлоочулар моралдык карызынан кутулуу үчүн айласыз, мойнунан байлангандай барышканы тарыхый чындык болуп калды. 1995--жылдагы парламанттик шайлоодо шайлоочулардын 76,0% катышса,[695] 2010 – жылы 38%,[696] ал эми 2021-жылы 28-ноябрдагы парламенттик шайлоого тизмеге киргизилген 3 703 420 шайлоочудан добуш берүүгө 1 миллион 264 103 жаран катышып, жалпы шайлоочулардын 34,09%ын түзгөн.[697] Ушул эле жылдын январь айында болуп өткөн президенттик шайлоого 3 563 574 шайлоочудан 1 318 571 адам катышкан же жалпы шайлоочулардын 37% добуш берген.[698] 2021-жылдагы парламенттик шайлоого катышкан 1 264 103 (34,6%) шайлоочунун берген добуштары 21 партияга бөлүштүрүп, 6 партия 5% барьерден өтүшүп мандат алууга жетишишкен. "Ата-Журт Кыргызстан" партиясы 17,11% менен 1-орунга чыгып, 15 мандатка ээ болгон.[699]

Демек, акыркы он жыл ичинде өткөрүлгөн шайлоолорго системалуу түрдө 65%дан ашуун, ал

695.Парламентские_выборы_в_Киргизии_(1995).https://ru.wikipedia.org/wiki/%D0%9F%D0%B0%D1%80%D0%BB%D0%B0%D0%BC%D0%B5%D0%BD%D1%82%D1%81%D0%BA%D0%B8%D0%B5_%D0%B2%D1%8B%D0%B1%D0%BE%D1%80%D1%8B_%D0%B2_%D0%9A%D0%B8%D1%80%D0%B3%D0%B8%D0%B7%D0%B8%D0%B8_(1995)

696. Кара Мурза В.О Киргизии // URL http://www.svobodanews.ru/:content/article/2187381.htm

697. ЛЫМАРЬ Антон. 21:00, 29 ноября 2021, Бишкек - 24.kg, Итоги выборов в Жогорку Кенеш. Что происходит сейчас. https://24.kg/vlast/215309_itogi_vyiborov_vjogorku_kenesh_chto_proishodit_seychas/; Иманкулов 29-Ноябрь, 2021. шайлоонун жыйынтыгын бурмалоого жол берилбей турганын билдирди. https://www.azattyk.org/a/31584527.html

698. Президенттик шайлоого 1 318 571 же шайлоочулардын 37% катышты. 21:09 10 январь 2021. https://www.bbc.com/kyrgyz/live/kyrgyzstan-55584693

699. Ручной подсчет. На 09:03 поступили 99,8% протоколов. Остались данные с 4 УИК. 9:10, 4 декабря 2021. https://kg.akipress.org/news:1748167/?from=portal&place=nowread&b=1

эми 2023-ж. 28-майда Ленин районунда бир мандаттуу шайлоого 86%дан ашуун шайлоочулардын катышпаганынын себептерине мамлекеттик бийлик тынчсызданууу менен көңүл бурбаса, шайлоого катышуучулардын саны катастрофалык абалга жетпейт деп эч ким кепилдик бере албайт. Мына, ага мисал: 2023-жылдын 28-майында, № 26 Бишкек шаарынын Ленин районунун бир мандаттуу шайлоо округу боюнча Жогорку Кеңештин депутаттыгына кезексиз шайлоо өтүп, ага 29 талапкер ат салышкан. Аталган округда тизмеге катталган 124 миң 908 шайлоочудан добуш берүүгө болгону 17 миң 423 адам же шайлоочулардын 13,95%ы гана катышкан.[700]

13,9% шайлоочулардын рекорддук төмөн катышуусуна карабастан, шайлоо өттү деп табылган. Анткени парламенттик жарышты өтпөй калды деп эсептөөгө мыйзамдуу негиздер жок болгон.[701] Ленин районунда шайлоо криминалдык беттешүүлөр түрүндө өткөн. Бул факты боюнча 29-майда Бишкек шаардык ички иштер башкы башкармалыгынын тергөө кызматы тарабынан 196-берене («Добуштарды сатып алуу») боюнча кылмыш иши козголгон. Шектүү катары эки жаран кармалып,

700. Ленин округундагы шайлоодо ким алдыга чыкты? Алгачкы жыйынтык. 20:24, 28-май, 2023. HTTPS://BARAKELDE.ORG/NEWS:522071/?FROM=KGNEWS&PLACE=TRANSLATE

701. Дарья Подольская 24.kg, 20:21, 30 мая 2023. Скандал на выборах. Сотрудники штаба Дамиры Ниязалиевой водворены в ИВС https://24.kg/vlast/266855_skandal_navyiborah_sotrudniki_shtaba_damiryi_niyazalievoy_vodvorenyi_vivs/

ИВСге киргизилген.[702] "30 жылдын ичинде элдерди акча үчүн гана добуш берүүгө биз өзүбүз көндүрдүк" – деп айткан президент С.Жапаров 12-майда талапкерлер менен жолукканда.[703]

Экинчиден, шайлоочулардын 13,95% катышкан шайлоону 100% деп эсептеп, анын көпчүлүк добушуна ээ болушкан президенттер менен депутаттардын жалпы элдин атынан бийлик жүргүзүүсүнүн легитимдүүлүгү күмөндүүлүктү жаратпай койбойт. Биздин оюбузча, республика боюнча шайлоого катышкандардын жалпы санынын жок дегенде 50%дан жогору болуусун жана шайлоого катышкандардын 50%дан жогору добуш алуусун мыйзамдаштыруу акылга сыйарлык иш жана мезгилдин талабы.

Акыркы жылдары президенттик шайлоолорго жалпы шайлоочулардын болгону 30 – 40% катышып, анын 50% добушун алып, шайланган президентке, иш жүзүндө, жалпы шайлоочулардын 80%дан ашуун шайлоочулары добушун берген эмес болуп эсептелет.

Демек, легитимсиз президенттин бийикке келип калуу коркунучу жаралып, юридикалык жана моралдык оор жагдай түзүлгөн. Ушундай эле

702. Борубек Кудаяров 30 мая 2023 20:35. Выборы депутата по Ленинскому округу: возбуждено уголовное дело за подкуп голосов https://kaktus.media/doc/481536_vybory_deputata_po_leninskomy_okrugy:_vozbyjdeno_ygolovnoe_delo_za_podkyp_golosov.html; День 1 Июня: За выборы в Бишкеке взялись силовики 17:41, 1 июня 2023. https://kg.akipress.org/news:1931412?from=portal&place=last

703. Дарья ПОДОЛЬСКАЯ, 14:00, 01 июня 2023, Бишкек - 24.kg, Подкуп — наше все. Что показали досрочные выборы в Ленинском округе. https://24.kg/vlast/266992_podkup_nashe_vse_chto_pokazali_dosrochnyie_vyiboryi_vleninskom_okruge/

көрүнүш ЖКке депутаттарды шайлоолордо да орун алган. Мисалы, 2021-жылдагы парламенттик шайлоого 3 703 420 (100%) жалпы шайлоочулардын санынан 1 281 622 (34,6 %) шайлоого катышып, "Ыйман Нуру" партиясы 79 025 (6,17%)[704] добуш менен, жалпы шайлоочулардын болгону 2,1% добушун түзүп, беш мандатка ээ болуп, кыргыз элинин атынан иш жүргүзүп жатканы акылга сыйбаган көрүнүш.

Биздин пикирибизче, Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндөгү мыйзамынын 64-статьясынын 3-пунктунда көрсөтүлгөн: **"...республика боюнча добуш берүүгө катышкан шайлоочулардын добуштарынын 5 жана андан көп пайызын"[705] эмес, "...республика боюнча жалпы шайлоочулардын добуштарынын 5 жана андан көп пайызын"** алган партиялар деп өзгөртүү киргизүү учурдун талабы.

Демек, шайлоо мыйзамын өзгөртүү боюнча президент; парламент, укук таануучулар, илимпоз-изилдөөчүлөр жана коомдук бирикмелер дүйнөлүк практикаларды эске алуу менен шайлоо аркылуу чыныгы элдик бийликти орнотууга ылайыкталган мыйзамдын кабыл алынуусу милдет деп эсептейбиз. Жалпы Кыргызстандын элинин атынан жок дегенде

704. 2021-жылы 28-ноябрда өткөн Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө маалымат. 31 декабря 2021. HTTPS://SHAILOO.GOV.KG/KG/NEWS/6079/

705. 2021-жылы 28-ноябрда өткөн Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө МААЛЫМАТ. 31 ДЕКАБРЯ 2021. HTTPS://SHAILOO.GOV.KG/ KG/NEWS/6079/

жалпы шайлоочулардын 5% добушун алган партиялардын өкүлдөрүнүн иш жүргүзүүсү акылга сыярлык көрүнүш.

1995-жылдан баштап өткөрүлгөн бардык шайлоолор президенттин жеке контролунда болуп, анын администрациясы тарабынан алдын ала кимдер шайланарынын болжолдуу жыйынтыгы чыгарылып келет. Бийлик шайлоо процесстерин таза, мыйзамдын чегинде уюштурууну камсыз кылуунун ордуна, тескерисинче, президенттик диктовка астында, өтө булганычтуу криминалдашкан-коррупциялык жолдор менен өткөрүлүүсү өлкөдө төңкөрүштүк ситуацияны жаратууда.

Шайлоо процесстеринин өкүмзордук менен өткөрүлүүсүнөн коомчулуктун активдүү жана билимдүү бөлүгүнүн көңүлү "журт көчкөндөй" биротоло калып, шайлоого баруудан акыл-эстүүлүк менен баш тартуусу, албетте, добушка катышкандардын санынын кескин кыскаруусуна алып келген.

КРнын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын мурдагы судьясы, оппозициянын өкүлү К.Сооронкулованын пикири боюнча: "Шайлоого калктын 30 пайызы гана катышат. Алардын 25 пайызы акча үчүн добуш берген туруктуу электорат. Добуш бербегендердин 70 пайызы бийликке жана шайлоого болгон ишенимдин жоктугун ачык көрсөттү. Ал эми шайлоонун жыйынтыгынын ачыктан ачык бурмаланышы жарандардын арасында дагы чоң ишенбөөчүлүктү жаратты".[706]

706. 72% кыргызов не доверяют ново-избранному Парламенту, - опрос от vesti.kg. 11:23. 21.12.2021. https://centrasia.org/newsA.php?st=1640074980

"Vesti.kg" редакциясы шайлоодон кийин, калктын пикирин билүү максатында, шайлоонун жыйынтыгы боюнча атайын социалдык сурамжылоо жүргүзгөндө калктын 72,8%ы парламенттик шайлоонун жыйынтыгына ишенбей турганын билдиришкенин жазган.[707]

Демек, Кыргызстандын саясий системасы түп тамырынан бери реформалануюга муктаж. Кыргызстанда уюшулган криминалдык-бандиттик башкарууга каршы үч жолу бийлик төңкөрүшү болду. Бирок бийлигине чиренишкен, байлыгына манчыркашып, ажыдаарга айланышкан президенттер өлкөдөн куулуп, абакка камалышкандан сабак алышкан жок. 33 жылдан бери мамлекет президенттердин менчигине айланып, элдин тагдыры менен ойноп, каалагандай калчап келишүүсү токтобой келет.

Жаратылышынан таза, билимдүү, тажырыйбалуу, эмгекке такшалган, келечекти көрө билген, башкаруу системасы боюнча кеңири түшүнүккө ээ, улуттук (уруулук эмес) сезими күчтүү, прогрессивдүү көз караштагы акылы тунук, кыргыз эли үчүн жанын курмандыкка чалууга даяр мамлекетчил президент Кыргызстанга али буюрган эмес өңдүү.

Кадимки, улуу акылман Калыгул Бай уулу (1785-1855), эки кылым илгери көрөгөчтүк менен айткан санат ырлары бүгүнкү күнгө арналгандай:

"...Аяк адам баш болор,
Баш адамдар пас болор,

707. 72% кыргызов не доверяют ново-избранному Парламенту, - опрос от vesti.kg. 11:23. 21.12.2021. https://centrasia.org/newsA.php?st=1640074980

Тууганың кас болор,
Ушундай кызык иш болор.
Токол байбиче болор,
Кул бий болор...
Тексиз жерден бий чыгар,
Орой киши баатыр болор...
Улугуң адыл болбосо,
Убара болгон эл карып болор..."[708]

Кадр өлкөнүн алтын фонду. Эл керегине жараган мыкты, билимдүү жана тажрыйбалуу кадр бери дегенде 25-30 жылда араң даяр болот. Мамлекеттин эң негизги байлыгы – анын эли. Мамлекеттин саясий, социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө жана маданий гүлдөп өсүүсүнө түздөн-түз кадрлардын туура даярдалышына, тандалышына, жайгаштырылышына жана алардын аткарышкан эмгектеринин жыйынтыктарына жараша болот. Демек, "кадрлар бардыгын чечет" /Сталин/.

Ошол себептен, мамлекет кадрларга аяр мамиле жасоо менен аларды даярдоо, кайра даярдоо, тандоо жана орноштуруу боюнча стратегиялык программа иштелип чыгуусу зарыл. Тилекке каршы мамлекетти терең кризистен чыгаруучу кыргыздын таланттуу, мыкты жана билимдүү жаштарын пайдаланууга криминалдык-коррупциялашкан бийликтин кызыкчылыгы жоктугуна байланыштуу алар, айласыз өнүккөн чет өлкөлөрдүн экономикасын өнүктүрүүгө салым кошуп, белгилүү ири компанияларында эмгектенүүгө мажбур болуп келишет.

708. Акылман Калыгул : Ырлар, акыл-насаатгар, даректүү баян-дар, илимий-изилдөөлөр. Түз. С.Мусаев, А.Акматалиев. — Б.: Шам, 2000. —272 бет.

Белгилүү америкалык миллиардер, ишкер Илон Масктын терең ишеничинде: "Келечектеги негизги согуш таланттуу адамдар үчүн болот. Интеллектуалдык капитал абдан чоң дефицит ресурска айланат. Чындыгында, Дүйнөлүк экинчи согуш аяктагандан бери дүйнөлүк экономикадагы материалдык жана интеллектуалдык активдердин ортосундагы катыш 30дан 70ке, 65тен 35ке чейин өзгөрүлдү. Мээ өндүргүч күчкө айланат, ал эми инновациялык ой жүгүртүү экономиканын өнүгүшүн камсыздайт", – деген.[709]

Болуп көрбөгөндөй тез өзгөрүп жаткан илимий-техникалык прогресс мектеп окуучуларынын аң-сезимин калыптандырууга тийиш болгон жаңы этиканын пайда болушуна алып келди. Быйыл 1-класска барган балдар 20 жылдан кийин экономикалык чарбаларда иштей башташат, бул мезгил ичинде мектепте алган билими үмүтсүз эскирген болот.

Миллиардер Маск келечекти эске алып, "Ad Astra" ("Жылдыздарга карай") мектеп-фабрикасын эксперименталдык негизде ачкан. Өзүнүн компаниясынын кызматкерлеринин балдарынын ичинен өзгөчө таланттуу 40 баланы конкурстук негизде тандап алган. Мектепте биринчи кезекте окуучулардын жеке өнүгүүсүнө көңүл бурулган. Билим берүү балдардын кызыкчылыктарын өнүктүрүүгө мүмкүндүк берген индивидуалдык курстарга негизделген. Маск заманбап мектептин максаты ар бир окуучунун уникалдуу өзгөчөлүктөрүнө ылайыкташтырылган окуу болушу керек деп эсептейт.[710]

Кыргызстандын келечеги үчүн бардык райондордо жана ири шаарларда өзгөчө тандалган таланттуу балдардын билим алуусу үчүн эң алдынкы президенттик мектеп-фабрикаларын ачуу мезгилдин талабы. Мектептин материалдык-техникалык жана социалдык базасы дүйнөлүк стандарттан кем калбашы абзел. Мектеп-фабрикасында иштешкен мугалимдер менен тарбиячылар да конкурстук негизде, өз кесибинин эң мыкты "профессорлору" болуу менен катар, алган маяналары да жетишерлик жогору болуп, алардын иштөөгө жана жашоого максималдуу шарттар түзүлүш керек.

Жаштар биздин келечегибиз деп айтылат. Күчтүү, бакубат жана өнүккөн мамлекеттин пайдубалын өлкөнүн кесипкөй, билимдүү кадрлары түптөйт. Өзгөчө таланттуу жаш муундардын билим-илимине жана тарбиясына салынган инвестиция миң эселеп кайтарылат.

Азыркы глобалдашкан дүйнөдө атаандаштыкка жөндөмдүү экономиканы түзүүдө жана жогорку нравалык, интеллектуалдык жактан өнүккөн инсанды калыптандырууда билим берүү менен илимдин мааниси теңдешсиз жогору. Илим жана

709. Лесков С. 15 апреля 2018. Наша война и секретная школа Маска// https://storm100.livejournal.com/4882577.html; www.rosbalt.ru/blogs/ 2018/04/14/1696262.html 44. Romeyn K. Details emerge on Elon Musk's super-secret L.A. school // www.hollywoodreporter.com/news/details-emerge-elon-musks-super-sec ret-la-school-1029882 45. Jackson A. Elon Musk launched a secretive LA private school for his kids 4 years ago and there are still almost no details available // www.businessinsider.com/elon-musk-ad-astra-school-2017-11

710. Лесков С. 15 апреля 2018. Наша война и секретная школа Маска// https://storm100.livejournal.com/4882577.html; www.rosbalt.ru/blogs/ 2018/04/14/1696262.html 44.

билим берүү потенциалы – улуттун негизги байлыгы. Мамлекеттин келечегин так ушул илим менен билим түзөт. Билимге жана илимге артыкчылык берип, колдоо мамлекеттин бирден-бир приоритеттүү милдети.

Мамлекеттин экономикасын өнүктүрүү үчүн тийиштүү билимге жана жетишерлик тажрыйбага ээ болгон адис-кадрлар керек. Аларды даярдоо үчүн өлкөдө тиешелүү инфраструктура болуусу абзел. Убакыттын чакырыгына жооп берген күчтүү билим алуу үчүн илим керек. Билим берүүнүн өнүгүшү менен илимий ойдун прогресси түздөн-түз байланыштуу. Ошондуктан билимди илимден бөлүп карооого болбойт, бул бир эле монетанын эки тарабы.

Билим жана илим өнүккөн өлкөлөрдө коомдук жана экономикалык прогресстин негизги факторлору, мындай өлкөлөрдүн негизги капиталы болуп интеллект эсептелет. Экономиканы интеллектештирүү адамдын иш-аракетинин бардык тармактарына, дээрлик бардык продукцияны өндүрүүгө билимдин кириши менен коштолот. Япониялык экономист Т.Сакая: "...биз цивилизациянын жаңы этабына кирип жатабыз, анын кыймылдаткыч күчү билим жана илим менен түзүлгөн баалуулуктар болуп саналат" – деген.[711]

Күчтүү өлкөлөр байыркы замандан бери интеллектуалдык адам капиталына артыкчылык

711. Сакайя, Т. Стоимость, создаваемая знаниями, или История будущего // Новая постиндустриальная волна на Западе: Антология / Под ред. В.Л. Иноземцева. - М.: Academia, 1999. - 640 с. https:// cyberleninka.ru/article/n/rol-obrazovaniya-i-nauki-v-sovremennom-mire

берип келишкен. Азыркы ааламдашуу доорунда мамлекеттин негизги байлыгы анын пайдалуу кендеринин көптүгүндө эмес. Кен байлык түбөлүктүү эмес, түгөнөт. Мамлекеттин арка бели, келечеги болгон интеллектуалдык капиталга инвестициялоону алдыңкы орунга көтөрүү мезгилдин талабы. Билим менен илимге приаритет берилген өлкөлөр эң алыңкы өнүккөн мамлекеттердин катарын толуктап келет. Ар заманда өз мезгилинин алдынкы илимине сугарылган билимдүү, кесипкөй кадрлар өлкөнүн жүгүн көтөрүп келген.

СССР мезгилинде түптөлгөн республиканын билим берүү жана илимий тармактары академик Акаевдин башкаруу мезгилинде жетишерлик көңүл бурулбай, агартуу системасы пайдубалына чейин талкалануурга шарт түзүлүп, отуз жыл ичинде калктын сабаттуулугу өткөн кылымдын элүүнчү жылдарынын деңгээлине түшүп кеткен.

Отуз жыл ичинде илим менен билим системасынын деградацияланууусунун натыйжасында, арыз жазууга жөндөмү жок, жайма базардан байып чыгышкан "сүткорлор", акчанын күчү менен жогорку окуу жайлардын босогосун аттабай, престиждүү кесиптердин дипломдоруна ээ болушкан "кадрлар" "ак үй" менен "көк үйдү" толук ээлегенге жетишип, уюшулган криминал-бандиттер менен бирдикте мамлекеттин байлыгын каректаган деңгээлге жетип калганы – эмне деген шумдук! Коомдук ишмер, мурдагы мамкатчы Дастан Сарыгулов: "Темир Сариевдин билими физкультура мугалими, тажрыйбасы болсо чайкоочулук, анан ал кантип

Кыргызстандын кызыкчылыгын коргойт", – деп айткан.[712]

Жээнбековдук башкаруу мезгилинде КРнын Премьер-министри, Жогорку Кеңештин төрагасы баш болушкан журт жакшыларынын кат жазганга сабаты жетишпегенин массалык маалымат каражаттары дайыма ашкерелеп келет. Мисалы, 2019-жылдын 4-мартында "АКИpress" интернет сайты: "Жогорку Кеңештин төрагасы Дастан Жумабековдун КРнын премьер-министри Мухаммедкалый Абылгазиевге жолдонгон катында грамматикалык одоно каталар болгону чындык, деп билдирди парламенттин басма сөз кызматы. Буга байланыштуу жүргүзүлгөн текшерүү иштери аяктаган. Буга чейин каттын көчүрмөсү социалдык түйүндөргө тарап, талкуу жаралган болчу" – деп билдирген.[713] Төмөндө каттын түп нускасы:

712. Дастан Сарыгулов. Темир Сариев физкультура мугалими, тажрыйбасы болсо чайкоочулук... *Перевод статьи.* https://www.gezitter.org/kumtor/86655/; https://www.gezitter.org/kumtor/86655_video__dastan_saryigulov_temir_sarievdin_bilimi_fizkultura_mugalimi_tajryiybasyi_bolso_chaykoochuluk_anan_al_kyirgyizaltyin_jor_uydu_ishtoto_alabyi_jo_jokpu_kaydan_bilet_ole/original/

713. Бийназар Кайназаров 28 февраля 2019 г. В 18:38 Жогорку Кенештин иш кагазы ушундай болсо, элдин жашоосу оңолобу? HTTPS://WWW.TURMUSH.KG/NEWS:361134/?FROM=KGNEWS&PLACE=TRANSLATE; Жогорку Кенеш рассказал про написанное с ошибками письмо спикера. ПОЛИТИКА. 13:54, 4 марта 2019 (обновлено в 18:27) 37690. https://kg.akipress.org/news:1498718/?from=__kgnews&place=mainimp; «Премьер, санитарды»: Парламенттин төрагасынан жолдонгон каттын чоо-жайы •14:22, 04.03.2019. HTTPS://WWW.TURMUSH.KG/NEWS:361134/?FROM=KGNEWS&PLACE=TRANSLATE.

Бийназар Кайназаров
28 февраля 2019 г. в 18:38 ·

Жогорку Кенештин иш кагазы ушундай болсо, элдин жашоосу оңолобу?


КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ КЕҢЕШИНИН ТӨРАГАСЫ

ТОРАГА ЖОГОРКУ КЕҢЕША КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

Кыргыз Республикасынын Премьер-министри М. Д. Абылгазиевге

Урматтуу Мухаммедкалый Дүйшөкөевич!

Сизгөө конгуңузду Кыргыз Республикасынын Бюджеттик жоболору кодексинин 71 беренесине бурсум келет. Ушул «71 берене. Бекитилбеген жерлерге ташталандарды таштоо, оргтоо:

1. Бекитилбеген жерлерге туруш-тирчилик ташталдарын жана буюмдарын таштоо, оргтоо, ошондой эле тукуруу - 3-категориядагы айып пул салууга алып келет.
2. Бекитилбеген жерлерге ондуруулук ташталдарды жана башка буюмдарды таштоо, оргтоо, ошондой эле жалбырактарды оргтоо - 4-категориядагы айып пул салууга алып келет» - деп белгишенген.

Ушуга байланыштуу ар-бир айыла же ар-бир айыл аймак жалбырактарды жана ташталдарды оргтоого жана ташталган аталык санитардык полигон ачуусу сунушталы.

С уважением, Д. Дакумабеков

008557

Жогорку окуу жайлардын жетекчилери менен жең ичинен келишип эки, үчтөн дипломго ээ болушкан кыргыздын соодагер "атка минерлери", мамлекеттик бийлик структурасынын дээрлик бардык бутактарын ээлеп алганга жетишишти. Айыл башчысынан баштап, президенттик администрациянын кызматкерлерине чейин, республиканын бардык системасында уюшулган паракорлук, трайбализм системасы бекем орнотулганы жашыруун сыр болбой калган. "...Өлкө жетекчилери подхалимдерди, ууруларды, эки жүздүүлөрдү, калпычыларды, коррупционерлерди, шылуундарды колдоп, чоң кызматтарга отургузуп келатат", анан калса "...бийлик өзүн элден өйдө коюп, элди тоготпой, эл менен эсептешпей, элдин кызыкчылыгы үчүн иштебей, элдин эсебинен байып, элдин баарын алдап келет ушул күнгө чейин", – деп айткан коомдук ишмер Д.Сарыгулов.[714]

Мындай көрүнүш отуз жыл ичинде жоюлуунун ордуна, тескерисинче, апогейине жетип, мамлекеттик кызмат орундар кадимки чайкоо базарына айланып калган. Мамлекеттик жетекчи кызмат орундарга негизинен жеке кызыкчылыгын көздөшкөн, баюу үчүн умтулушкан, тыйындуу, чала сабат кадрлар аракеттенишет. Мисалы, жергиликтүү соттордун судьяларынын 19 бош кызмат ордуна 391

714. Дастан Сарыгулов, общественный деятель: "Государством управляют те, кому безразличны кыргызы". 26 декабря 2012. газета "Алиби" №99 от 25.12.12 / стр. 4 и 11 https://www.gezitter.org/interviews/17006_dastan_saryigulov_obschestvennyiy_deyatel_gosudarstvom_upravlyayut_te_komu_bezrazlichnyi_kyirgyizyi/

талапкер арыз берген.[715] Ал эми Тоң райондук сотунда бошогон **бир** орунга 20 талапкер[716] аукционго катышуу үчүн "ортомчу" издешет. Демек "ставка" жогорулайт. Туура тандалып, дайындалат дегенге ким ишенсин?!

Кыргызстанда кадрларды аукциондук "ставкага" карата тандоо жана аларды жайгаштыруу механизми акаевдик башкаруу мезгилинде киргизилип, отуз жыл ичинде инфляцияга жараша рекорддук деңгээлге жеткен.

Мамлекеттин жүгүн көтөрүүчү профессионал, өз ишин мыкты билген, дили таза, билимдүү кадрлар болуп эсептелет. Кадр – бала бакчада, мектепте, жогорку окуу жайда, өндүрүштө, өзү өскөн коомдук чөйрөдө тарбияланып, ак менен караны ажыратып, үзүрлүү эмгеги менен такшалат. "Уядан эмнени көрсөң, учканда ошону аласың" сыңары, болочок кадр алгачкы кадамын коррупциялашкан, кландык, регионализм үстөмдүк кылган, тууганчыл республиканын жетекчилери терең кризиске баткан Кыргыз Республикасын саясий, социалдык-экономикалык жана маданий терең кризистен чыгарып, өнүккөн өлкөлөрдүн катарына кошот деп жакынкы он жылдыктарда үмүт артуу – куру кыял.

715. Кадры, назначения и награды 15:26, 17 октября 2022. Жергиликтүү соттордун судьяларынын 19 бош кызмат ордуна 391 талапкер арыз берген. https://barakelde.org/news:479281/?from=kgnews&place=translate

716. Кадры, назначения и награды. 13:05, 21 октября 2022. Определились 20 кандидатов на вакантную должность судьи Тонского райсуда. Фамилии. https://kg.akipress.org/news:0/?from=kgnews&place=maincats

Кыргыз калкы улут катары али калыптана элек, дале уруучулуктун деңгээли үстөмдүк кылып келет. Жердешчилик менен уруучулукту журт бузар саясатчылар өз кызыкчылыгы үчүн ийкемдүү пайдаланып келишет. Ошол себептен россиялык жана батыштын айрым саясий серепчилери Кыргыз Республикасын али калыптана элек мамлекет катары баалашып, келечекте жок болуучу өлкөлөрдүн катарына кошуп келишет.

АЛГАЧКЫ ДЕМОКРАТИЯЛЫК КЫЙМЫЛДАР ЖАНА САЯСИЙ ПАРТИЯЛАР

СССР мезгилинде горбачевдук башкаруунун акыркы жылдарына чейин өлкөдө КПССтен башка саясий партия болгон эмес жана башка саясий партияларга жол да берилген эмес. Ал эми социалисттик коомдо коомдук-саясий уюмдар, саясий системанын составдык бөлүгү катары, алар коомдун иштерин башкарууга граждандардын катышуусунун маанилүү каналдарынын бири болуп саналган.

Союз мезгилиндеги коомдук бирикмелерди шарттуу түрдө топторго бөлүп кароого болот.

Биринчи топко саясий партиялар кириши керек. СССРдин тарыхында Союз тараганга чейин, албетте, эң ири, жападан жалгыз жана өлкөнү башкаруучу саясий уюм Советтер Союзунун Коммунисттик партиясы болгон.

СССР кулаганга чейин, 1980-жылдардын аягынан баштап, союздун аймагында КПССтен башка, майда партиялар түзүлө баштаган: демократиялык, республикалык, либералдык-демократиялык ж.б. Бирок бул партиялар союздун акыркы жылдарында түзүлүп, алар СССРдин тарыхына олуттуу салым кошууга үлгүрүшкөн эмес, анткени убакыттын жетишсиздиги болгон. Бүгүнкү күндө КМШ өлкөлөрүндө түзүлүп, түптөлгөн партиялар